КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

«Манас» сериясы

# СЕМЕТЕЙ

**Баатырдык эпос**

## ТОГОЛОК МОЛДО – БАЙЫМБЕТ АБДЫРАКМАН УУЛУНУН ВАРИАНТЫНДА

*«Манас» үчилтигинин 2-бөлүгү 2-китеп*

Академик Абдылдажан АКМАТАЛИЕВдин
жалпы редакциясы боюнча

Араб арибинен азыркы кыргыз тамгасына көчүргөн, компютерге
терген, китеп кылып түзгөн жана баш сөзүн, түшүндүрмөлөрүн жазган
Омор СООРОНОВ

«Турар»
Бишкек – 2017

УДК 821.51
ББК 82.3 (2 Ки)
С

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатынын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы (2014-ж., 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомунун (2015-ж., 6-июнь, № 151 б.) негизинде жарык көрдү.

Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңешинин чечими менен сунушталды.

**Редколлегия:**

Акматалиев А. – башкы редактор
Жайнакова А.
Көлбаева М.К.
Кыдырбаева Р.З.
Сооронов О.

«СЕМЕТЕЙ». Баатырдык эпос. «Манас» эпосунун экинчи бөлүгү: 2-китеп/ Т.Молдонун варианты б-ча бас. даяр. О.Сооронов. – Б.: Турар, 2017. – 420 б.

ISBN 978-9967-15-633-3

Жазма акын, жазма манасчы Тоголок Молдо (Байымбет Абдыракман уулу) өткөн кылымдын отузунчу жылдарынан өмүрүнүн аягына чейинки мезгилин «Манас» үчилтигин жазып, Академиянын Кол жазмалар фондусуна өткөрүүгө жумшаган. Улуу эпостун «Семетей», «Сейтек» бөлүктөрүн жазууну 1934-жылдан 1941-жылдын 24-апрелине чейин улантып, 1942-жылы о дүйнөгө кете берген.

Улуу эпостун экинчи бөлүгү болгон «Семетейди» жазууда Тоголок Молдо өмүр бою топтогон ой-корутундуларын, поэтикалык кудуретин б.а. баардык таланьын жумшаган. Ошондуктан «Манас» үчилтигинин 1958-1960-жылдар аралыгында жарык көргөн кыскартылып бириктирилген варианттын «Семетей» бөлүгүнө экинин бири катары пайдаланылган.

Бул басылышта улуу жазма манасчынын вариантындагы «Семетей» менен «Сейтек» баштан-аяк араб арибиндеги кол жазмадан азыркы тамгага көчүрүлүп, биринчи жолу толук бойдон жарыяланып атат.

С 4702300500–17

УДК 821.51
ББК 82.3 (2 Ки)

ISBN 978-9967-15-633-3

© Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, 2017.
© «Турар» басмасы, 2017.
© О. Сооронов, 2017

## ТОГОЛОК МОЛДОНУН АКЫНДЫК, МАНАСЧЫЛЫК – ЖАЛПЫ ЭЛЕ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖҮЗҮ «СЕМЕТЕЙДЕ» КӨРҮНӨТ

### *«Аттиң!» дебеске арга жок*

Тоголок Молдо жазып калтырган Улуу эпосубуздун «Семетей», «Сейитек»[1] бөлүктөрүн араб арибинен азыркы тамгага (кириллицага) көчүрүп чыккандан кийин, «Аттиң!» деген сөздү ичимден эки-үч жолу кайталоого аргасыз болдум. Биринчи «Аттиң!», болгондо да эң негизгиси – улуу жазма акын-манасчынын «Семетейи» менен «Сейитеги» ушул кезге чейин кыргыз окурман журтчулугуна жетпей, анча-мынча бөлүгү жетсе да, башка семетейчилердин варианттарына аралаш жарыяланып, Тоголок Молдонун «Семетейи» бөлүнүп көрүнбөй, андан калса, улуу эпостун бул бөлүгүнө келгенде окурмандар, окумуштуулар, жалпы эле эл Саякбай Каралаевден башка семетейчилерди эске албай, жалаң эле Сакеңи атай берүү модага айланып келгени Тоголок Молдо сыяктуу манасчы, семетейчилерди көмүскөдө калтырып келиптир. Антпесе, 1958-1960-жылдары жарык көргөн «Манас» үчилтигинин «Кириш сөзүндө» улуу окумуштуу, академик Болот Мураталы уулу Юнусвлиев: «Аалы Токомбаев тарабынан бириктирилип кыскартылган вариантта Саякбай Каралаев менен Тоголок Молдонун варианттары негиз кылып алынган.»-деп, Сакең менен тең коюп айтканына карабастан (чынында эле ошондой, араб арибинен кириллицага көчүрүү кезинде салыштырганыбызда, Тоголок Молдонун «Семетейинен» бул бириктирилген вариантка С.Каралаевдикинен да көбүрөөк киргени көрүндү), Тоголок Молдонун варианты эске алынбай келатат. Атүгүл Совет доорунда атайын бөлүнүп белгиленген Кыргыз адабиятынын үч классигинин (Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы) бири болгон Тоголок Молдо Улуу эпосубуздун үч бөлүгүн тең Академиянын Кол жазмалар фондусуна өз колу менен жазып

[1] Сейитек (Сейтек эмес) – Мухаммат пайгамбардын кызы Фатимадан тарагандар Сейит деп аталган. Сейитек ысымы ошондон келип чыккан.

өткөргөн жападаан жалгыз манасчы болгондугун эл биле бербейт. Мунун негизги себеби ошол шурудай тизилип жазылган варианттын тексттери басма бетинее чыкпагандыгында, эл таанышa албай келаткандыгында жатат. Экинчи «Аттиңибиз!» да ушуга байланышат.

«Алтынды дат баспайт.» же «Алтын дат болбойт, жакшы жат болбойт» дейт эмеспи элибиз. Бул негизинен металл алтынга карата айтылса, адамдын рухий дүйнөсүнөн чыгып, сөз аркылуу жасалган алтындарга да бул макалды колдонсо болот, бирок анын колдонулуу учуруна, пайда берүү жагына келгенде бир аз башкачараак касиетке ээ. Кол жазмалар фондусундагы Тоголок Молдо өткөргөн материалдардын датасына караганда, «Манас» үчилтигин кагазга түшүрүүнү 1934-жылы 6-майда «Семетейден» баштап, 1941-жылдын 24-апрелине чейин улантыптыр. Демек, «Турар» басмасынын директору Тилек Тураркулович Мураталиевдин демөөрчүлүгү менен 2013-жылы биз түзүп, басмадан чыгарган «Манас» бөлүгүн эсепке албаганда, Улуу эпостун калган эки бөлүгү (толук түрүндөгү негизги бөлүктөрү) сексен жылдан ашык убакыттар бою талапка ылайык деңгээлде жарык көргөн эмес, эл биле элек деп түшүнсөк болот. Ал эми Тоголок Молдонун өзүнө келсек, 82 жылдк өмүрүндө жаратып, жыйнап, анан бизге калтырып кеткен мурастарын салмактап, ченеп көргөндө мага көптөгөн боз үйлөрдүн ичинен аппак болуп бөлүнүп көрүнгөн кыргыз үйдү чечип, айры өркөчтүү төөгө эч нерсесин калтырбай жүктөп, эң үстүнө чамгаракты (түндүктү) бекем байлап, көч арасында жетелеп бараткандай элестейт. Ал жүктүн бир жагы Тоголок Молдонун биз билген: кошоктор, тамсилдер, сүйүү ырлары, арман ырлары, балдар ырлары жана «Телибай тентек», «Кемчонтой», «Абышка-кемпирдин көмөчү», «Жер жана анын балдары» сыяктуу классикалык жомок-поэмалардан турса, экинчи теңи Улуу эпосубуздун «Манас», «Семетей», «Сейитек» бөлүктөрүнөн турат деп айтар элем. Буга чейин ал артылган жүктүн (мурастын) бир жак теңи менен гана таанышып, ошолордон рухий азык алып келсек, эми мурастын Тоголок Молдо өз колу менен жазып калтырып кеткен экинчи теңи – үчилтиктен турган Улуу эпосубуздун үч бөлүгүн тең окуп, улуу акын-манасчыдан алган рухий байлыгызды эки эселентүүгө шарт түзүлүп атат. Ошону менен бирге, улуу акын-манасчынын кадыр-баркын да ошончолук бийиктикке көтөрүп, өзүнө ылайык баасын берип, паитактысына отургузуп, сыйлап жана сыймыктануу ар бирибиздин милдетибиз экенин кеч болсо да, акыл-туюмуузга салып, эс-тутумубузда сактап, тексттери бизге жеткен манасчылардын экөөнүн бири болбосо да, үчөөнүн бири экендигин моюнга алып, башка улуу манасчыларга (Мисалы, Сагынбай менен Саякбай-

га) жасалган элдик, мамлекеттик маанидеги мамилени Тоголок Молдого да бирдей рангада жасашыбыз керектигин бул жарыяланып жаткан тексттер талап кылат. «Манас» үчилтигине байланышкан илимий иштердин так, даана, абройлуу болушу үчүн да кашанын ичинде аталган эки манасчынын варианттарынын тегерегинде эле айланчыктай бербестен, алардан таптакыр кем турбаган Тоголок Молдонун өз колу менен жазып калтырган вариантын да тең салмакта изилдөөгө милдеттүү экенбиз. Мен муну кыргыз адабиятынын үч классигинин бири, ошондой эле, жогоруда белгилегендей, атактуу үч манасчынын бири болгон Тоголок Молдонун «Семетейи» менен «Сейитегин» кириллицага көчүрүп чыккандан кийин билип атам.

Илимий изилдөөлөрдө, айрыкча «Адабият таануу» илиминде, анын ичинен элдик оозеки чыгармачылыкты изилдөөдө тексттер менен иштөө негизги орунда турушу керектигин биздин адабиятчылардын көпчүлүгү таназар ала беришпейт, кийинки кездерде болсо түп нускага кайрылуу таптакыр эле эстен чыгып калгансыды. Ал эми чет мамлекеттерден келгендер диссертациясына керектүү материалдарды алып окуш үчүн кыргыз тилин үйрөнүп (биздикилер, кыргыздар, канчалаган мурастарыбыз араб арибнде жазылып калган боюнча Кол жазмалар фондусунун түпкүрүнөн чыга албай келатканына карабастан, кандидаттык, докторлук диссертацияларына аба, суудай керек болуп турса да, 28 тамганы үйрөнүп алып, түп нускадан пайдаланганга моюндары кош жакпайт), тексттерди түп нускадан өздөрү окумайынча илимге киришпейт экен. Өзүм билген бир мисалды айта кетейин, Франциядан келген Светлана Якобсон деген француз кызынын диссертациясы канаттуулар жөнүндө экен, атайын Молдо Кылычтын кататтуулар туурасындагы казалдары бар экенин угуп, мага келгенинен тексттерди берсем, ошону окуш үчүн кыргыз тилин үйрөнүп, атүгүл Молдо Кылычтын айылын сурап алып барып (Маркум Сардарбек Рыскуловго кат жазып бердим эле, ал Светлананын өтүнүчтөрүнүн баарын аткарган экен, кийин алкышын айтып жазыптыр), мүрзөсүн сүрөткө тартып кеткен. Ошол диссертациялык эмгеги китеп болуп чыккан экен, оттискасынан Молдо кылычтын казалдарына тиешелүү болгон 221-257-беттерин мага берип жибериптир (Менин архивимде №490). Ичинде жазма акыныбыздын «Бүркүттүн тою» деген казалы толук боюнча транскрипция менен берилиптир. Илим ушундай болуу керек эмеспи! Ал эми биздин илим даражасын алмак болгон улутташтарыбыз даяр турган тексттерди карап койгондон да зеригишет. Мунун баары бир илимий ачылыш жасоонун ордуна даража алууну гана максаттап келишкенине, негизгиси илимий жетекчилердин мажүрөлүгүнөн же талап коё билбегендигинен болуп

атат. Кол жазмаларга байланышкан тигил же бул теманын үстүндө иштеген аспиранттар, же соискалельдер пайдаланган тексттерин азыркы тамгада кол китеп кылып даярдап, Кол жазмалар фондусуна калтырып кетишсе зор адамкерчилик, ошондой эле, жактаган илимий темасын далилдеген жакшы документ да болмок. Илимге жасалган мамиленин ушундай начар абалынан улам Тоголок Молдонун 1934-жылдан баштап, 1941-жылга чейин тынбай отуруп жазган «Манас» эпопеясынын үч бөлүгү тең илим жасоочулардын көз жаздымында калып келет. Ушундай зор көлөмдөгү ишти мамлекеттен да, башка бирөөдөн да бир сом албай, өз алдымча азыркы тамгага көчүрүп чыкандыгымды айтсам, кээ бирөөлөргө мактангандай көрүнөт экен. Мен муну Тоголок Молдонун, жогоруда айтылгандай, бир төөлүк мурасынын жарымын гана көрүп, ичимден беркИ классиктерден төмөнүрөөк санап келгениме уялып жасадым, жашымдын жогорулап кеткени да себеп болду.

Ар кандай текстти шатыратып окуп кете бергенге караганда, көчүрүп жазганда анын маани-маңызы, көркөмдүк бийиктиги алда канча даана көрүнүп, таасири да күчтүү болот. Тоголок Молдонун «Семетейин» көчүрүп чыккандан кийин атактуу акыныбыз Алыкул Осмонов грузиндердин мактаныч акыны Шота Руставелинин «Жолборс терисин жамынган баатыр» аттуу улуу дастанын которуп жарыялагандан (1940-ж.) кийинки чыгармачылык бийиктөөсү, элге алынуусу элестеп кетти. А.Осмонов бул котормого бүткүл акыл парасатындагы, ой-кыялындагы, жүрөк кылдарындагы болгон дүйнөсүн сарп кылган, өзүнүн чыгармачылык өсүшү да ошондон кийин болгон. Тоголок Молдо да бүткүл мыдырын ушул «Семетейге» бергенби деп калдым. Жазма акын-манасчынын вариантындагы «Семетей» сюжеттик түзүлүшү жагынан да, көркөмдүгү жагынан да, тилинин таттуулугу жагынан да, деги бардык жагынан төгөрөгү төп келишкен чыгарма экен. Ошондон улам 1959-жылы жарык көргөн бириктирилген варианттын «Семетей» бөлүгүнө жазма манасчыбыздын тексттери басымдуу пайдаланылган окшойт.

Жазма манасчы-акыныбыз «Семетейди» жазып бүткөн мезгилде Сексен жаштын сересине чыгып, анан калса, бир адамдын эмес, бүткүл ааламдын мурунку, кийинки тарыхын, көркөм дүйнөсүн оп тартканга жөндөмдүү «Манас» эпопеясы менен алектенип жүрүп, ушул куракка келгенин сезбей да калса керек. Бирок, 1937-жылы 3-мартта, эпопеянын «Манас» бөлүгүндөгү «Манастын хан болушу» деген теманы жазып бүткөн жерде жасаган ишинин зор маанисин да, карыганын да, кыйналганын да жашырбастан үч түрмөк ыр жазып кеткен, ал мындай:

«Баатыр Манас төрөнү
Байымбет айтып күтүндүм.
Бала чагын баяндап,
Башынан айтып бүтүрдүм.

Тарых болду билгенге,
Тайдырбай сөзүн илгенге.
Талыкшып калдым карыганда,
Тарыхка муну чийгенде.

Жетимиш жети жашымда,
Жолдошум жок кашымда,
Бел байлап бого олтуруп,
Мээ калбады башымда.»

Бул ыр саптарын комментариялап отурунун деле зарылдыгы жоктой, ошентсе да, «Жолдошум жок кашымда» деген жерде оор жоготуу болгонун боолголосо болот. Адам баласы карыган сайын курбалдаштарынан айрылып отуруп, чер жазып сүйлөшөр кишилер да түгөнө берип, жалгыздык жабыркатары түшүнүктүү дечи, ошого кошумча, «Өлгөндүн үстүнө көмгөн» болуп, Тоголок Молдо байбичесинен да ажырап калган мезгил окшойт, каңырыгы түтөп, кайгырганы байкалып атпайбы. Андан кийинки эки сапка сиңирилген ойлорго байланышту мобуларды айтар элем: «Манас» эпопеясынын көлөмдүүлүгү, сюжетке камтылган бир эле окуянын бир нече варианттарда айтылышы, ал окуялардын бирде реалдуу турмушка жакындап, бирде мифтерге жуурулушуп, дөө, шааларга аралашып отурушу өтө зор мээнетти талап кылаары түшүнүктүү эмеспи. Ошондон улам манасчы «Мээ калбады башымда» деп атат да. Бул улуу жомоктун оң этегин көтөрсөң, сол этеги калат; оң жеңин кийгизсең, сол жеңи калат, дагы башка жактарынын баарын бириктирип, бир мээге чогултуп туруп ой айтуу андан бетер оор иш да. Андан калса, ошол чогултулган ойду чыгармага айландырып айтып гана тим болбостон, кагаз бетине түшүрүү кошумча машакатты талап кылат эмеспи.

Кайгы менен кубаныч кошо жүрөт демекчи, Тоголок Молдо бала кезинен «Манаска» кызыгып, артынан түшүп («Тоголок Молдо» деген кошумча ысымды ыйгарган улуу манасчы Тыныбек Жапый уулунукунда бир жылдай жүрүп калганын эстеп атам), чыгармачыл өмүрүнүн негизги бөлүгүн ушул улуу эпос менен эриш-аркак өткөргөнү текке кетпей, анын жашоосуна туш

келген Совет өкүмөтү сый, урмат, тиричилигине керектүү нерселерден да өксүткөн эмес. Аны жазма-манасчы «Семетейдеги» Коңурбай менен Нескараны Күлчоро өлтүргөн жерин жазып бүткөндөн кийин, мындайча ырга кошкон:

«Байымбет айткан ушу сөз
Байыркынын кеби деп,
Калмак менен кыргыздын
Текестин суусу чеги деп,
Байыркыдан калган сөз
Баатыр Манас жомогу.
Арстан эрдин арбагын
Айтпаганда болобу.

Басмага сөзү жазылып,
Маалым болду кылымга.
Баары журтка дап дайын
Капказ менен Кырымга.

Байымбеттин сөзү деп,
Атак болуп артыма,
**Ак кагазга илинди.**
Өкүмөт сындап кебимди,
Өлчөп, байкап демимди,
Баласындай күкүктүн
Берип турат жемимди.

Сексенге келди жашыбыз,
**Барктуу болду башыбыз.**
Сексен жашты куттуктап,
**Берилип жатат тоюбуз.**
Пейлимди салып Манаска
Мен жомокко күтүндүм.
«Семетей» менен «Санатты»
Бүтүн жазып бүтүрдүм».

*1940-жылдын 5-майы.*

Биз жогоруда окуп чыккан 27 сап ыр да түшүндүрүп отурууну талап этпейт, ошондой болсо да, айрым саптардын алдын сыза кеткеним, варианттын өткөн кылымдын жыйырманчы жылдарында б.а. Совет өкүмөтү жашай баштаган алгачкы он жылдыкта жаздырган улуу манасчы Сагынбай Орозбак уулу айтып аткан тексттеринин арасына кыстара кеткен Кыргыз АССРинин өкүмөт башчыларына, маданият жетекчилерине (Арабаев, Сыдыков, Жанек, Кудайкул, Жусуп Абдракманов, Байтурсунов, Кожонов, Рыскулов, Жандосов) жазган 230 сап ырдан турган эки жолку арыз-катынан айрым ыр түрмөктөрүн мисалга тартып, эки манасчынын ырларынын ички мазмунун салыштырып, «Манас» эпосун жаздырууга болгон мамилелердин барган сайын жакшырып отурганын белгилей кетейин дегем. Анда Сагынбай манасчынын арыз-ырынан мисалдар болсун.

**Биринчи ырдан:**
«Жакшыларга сөзүм бул:
Ак кагазда кири жок,
Адабият жөнүнөн
Айтканыңдын бири жок.
..........................................
Шарга салып доолашка
Сагынбайдын тили жок.»

«Асирет менен турамын,
Ал-абалым начардан,
Жай айтып жардам сурадым.»

«Эски сөздү жазгын деп,
Эшеналы, такыдың.
Эчтемеси тийбеди
Эмгек кылган акымын.»

«Ачкалыктын азабын
Абыдан тарттым быйыл жыл.
Арбактардын акы үчүн
Азаматтар, дуба кыл!?»

**Экинчи ырдан:**
«Өнөрүңдү катпа деп,
Өкүмөттөр асылды.
Өнөрдү билер деп жүрүп,
**Өз дүмүрүм казылды.»**

«Алсырады, арыз айтты,
Сагынбайдай карыңар.
Зардуулардын сөзү деп,
Санааңарга алыңар!»

1922-жылдан 1926-жылга чейин вариантын жаздырган Сагынбай Орозбаков менен 1934-жылдан баштап, 1941-жылдын май айына чейин өз вариантын өзү жазып, Кол жазмалар фондусуна (Азыркы аталышын көрсөтүп атам) өткөрүп турган Тоголок Молодонун эпостун ичине кыстарып койгон арыз-арман ырларын салыштыра окуганда, белгиленген мезгилдерде (жыйырманчы, отузунчу жылдардын ичинде) мамлекет эки манасчыга эки башкача мамле жасап, бирине өйдө, экинчисине төмөн караган экен дегендей түшүнүктө болбош керек. Мунун баары жаңы Советтик түзүлүштүн бутуна турушуна, күчүнө киришине байланыштуу болгон. 1917-жылдын аягында (7-ноябрда) жеңишке жетишкен Октябрь революциясынын кубаты Сагынбай манасчы вариантын жаздырган Жыйырманчы жылдардын биринчи жарымында Ала-Тоо сыяктуу алыскы жерлерге али жакшылап жете элек болучу. Социалисттик мамлекетти бутуна тургузуп кеткен Индустрализация, Коллективизация, НЭП дегендерден кабар жок эле, көчмөндөрдө болсо, уруучулдук менен жерчилдик кадимки күчүндө, тап күрөшү андан да күчөп турган. Андай болгондон кийин, белгилүү фольклор жыйноочу жана манасчы Ыбрайым Абдыракманов кол жазмасында аттарын атап өткөндөрдү күнөөлөгөнгө да акыбыз болбойт. Ы.Абдырахмановдун кол жазмасынан мисал тарталы: «Сагынбай 1930-жылы май айында өлдү. Бул кезде Илим изилдөө институтунда иштеп, билгендерин кылып келген баягы...: Касым Тыныстанов, Шабданов Ажыйман, Карасаев Хусеиндер, баягы Ишеналы Арабаев – баары жыйналган. «Манасты» текшерип окуп, Сагынбайды чакырып текшербестен таштап коюшту. Тыныстанов, Карасаевдер сарбагыштын манасчысы болгон Сагынбайдын жаздырган «Манасын» тамам өрттөп жоготуп, бугудан манасчы таап жаздырыш керек»-деп айтышып, эки уруунун ортосуна от жагууга аракетти күчтүү коюшкан.» Бул жазма Ыбрайым

Абдыракманов тарабынан 1940-жылы жазылган (УИАнын Кол жазмалар фондусу, инв.№275/494, 57-б., дагы «Манас» «Сагынбай энциклопедиясы», Б., «Бийиктик плюс», 2015-ж., 483-б.). Мындай итыркын учурда Сагынбай манасчынын ал-абалынын начарлашынан, ачка калышынан, эмгек акысы тийбегенинен эч кандай күмөн саноого болбойт эле, андай олку-солку учурда эзүүчү таптын өкүлү саналган Ормон хандын тарабында болгон Сагынбай манасчы эмгек акы алмак түгүл, өзү айткандай «өз дүмүрү казылып», жаман жазаларга кабылып кетиши да мүмкүн болучу. Анын атасы Акеше (Ормон ханга келгенден кийин Орозбак аталган) жети бир тууган жетимдердин бири болгону, Сагынбай сарыбагыштан эмес, саяк уруусунан экени эсепке алынган эмес, сарыбагыштын бийи Ормондун карамагында туулуп, өсүп, авасы (атасынын агасы) Орозойдун үй-бүлөсү менен бирге Ормонго кызмат кылганы эстелип, ошондон улам К.Тыныстанов менен Х.Карасаевдер сарыбагыштын манасчысы деп кодулап, ага атаандаш (алтернатива) катары Саякбай Каралаевди табышып, ошону сүрөөгө алышкан да. Касым Тыныстанов саяк уруусунан болгон менен бугуларда туулуп, бугу уруусу менен аралаш-бир жашагандыктан, Сагынбайдын саяктыгына караган эмес, сарыбагышта, болгондо да бугу эли каршылашып калган сарыбагышта жашап, Ормон хандын кызматын кылгандыгын эске алып, Х.Карасаевдерге кошулуп, Сагынбайдын атын өчүрүшкүсү келип атпайбы.

Ал эми Байымбет Абдырахман уулунун абалы таптакыр башка болгон, 1925-жылы эле кедей-кембагалдардын ураанын чакырган «Насыят» деген китебин чыгарып, элдик оозеки чыгармаларды жыйноочу жана акын аталып, билимдүү, илимдүү инсан катары таанылып калган болучу. Тоголок Молдо Совет өкүмөтүнүн экономикасы да оңолуп, Пролетариаттын улуу жазуучусу Максим Горькийдин чакырыгы менен элдик оозеки чыгармаларды жыйноого катуу аракеттер жүрө баштаган Отузунчу жылдарда «Манасты» жазууга киришкен. Ошондуктан өкүмөт «Баласындай бапестеп», 80 жылдык юбилейин да жогорку деңгээлде өткөргөн. Ал эми жогорку ырларындагы арман карылыгына, иштебей тура албаган мээнеткеч «Манасты» жазганда чарчап-чаалыккандыгына байланыштуу айтылган. Жазма акындардын ошол кездеги аты аталгандары: Молдо Кылыч, Токторалы Талканбаев, Ысак Шайбеков, Абылкасым Жутакеев, Абдыкалык Чоробаев сыяктуулар гана болуп, алардын ичинен Молдо Кылыч да манаптын тукуму катары бирде эстелип, бирде түртүлүп турган. Ошондуктан ага теңтайлашкан атаандашы да жок эле. Бирок, жазып өткөргөн «Манас» үчилтигинин тексттери экинин бири катары салмакты ээлеп, 1958-1960-жылдар аралыгында басмадан чыккан

Кыскартылып бириктирилген вариантка кирген менен, кийин ар бир вариантты өзүнчө бөлүп чыгаруу башталганда Тоголок Молдонун тексттери эске алынбай, ушул кезге чейин азыркы кыргыз тамгасына көчүрүлбөстөн Фондуда жата берген.

Буга негизги себеп - өткөн кылымдын жыйырманчы жылдарынан башталган, биз жогоруда чет-бучкагын айтып кеткен, Сарыбагыштын манасчысы делген Сагынбай Орозбаков менен бугу уруусунун манасчысы катары саналган Саякбай Каралаевдин варианттарын басып чыгаруудагы атаандаштык бүгүнкү күнгө чейин уланып, башка варианттарды чыгарууга жол бошобой келатканы бирден бир себеп десек туура болот. Өткөн кылымдын алтымышынчы жылдары окумуштуулардын басымдуу бөлүгүнүн сунушу жана Мамлекет башчыларынын талабы менен Сагынбай Орозбаковдун вариантындагы «Манастын» тексттин Тил жана адабият институтунун кызматкерлери тарабынан 4 китебин басмага даярдоо башталып, 1978-1982-жылдар аралыгында китеп болуп чыкты. Анын артынан Саякбай Каралаевдин варианты боюнча 5 томдук даярдалып, 1984-1991-жылдар аралыгында басмадан чыккан. Андан кийин кайра эле Сагынбай Орозбаковдун 9 томдук Академиялык басылышы мурун чыккан китептердин негизинде башталып, 1995-2014-жылдар аралыгында басылып чыкты. Буга паралел жүргүзүлгөн Саякбай Каралаевдин вариантынын Академиялык басылышы 2017-жылы аягына чыкты. Бул эки варианттын ортосундагы атаандаштык дагы эле улана бериши мүмкүн. Ошондуктан «Турар» басмасынын директору Тилек Тураркулович Мураталиевдин демөөрчүлүгү менен мен Тоголок Молдонун вариантындагы «Манастын» 1-бөлүгүн пландан сырткары даярдап, 2013-жылы китеп кылып чыгардык. Эми ошол Тоголок Молдонун вариантынын калган «Семетей», «Сейтек» бөлүктөрүн (бул дагы Институттун планынан сырткары даярдалды) түп нускадагы араб арибинен көчүрүп, китеп болуп чыгууга даяр болуп, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы тарабынан каржыланганы турат.

## ВАРИАНТТЫН АЙРЫМ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

### 1. «Жазма манасчы» деген түшүнүккө кошумчалар

Тоголок Молдо жазма манасчы болгондугун Улуу эпостун биринчи бөлүгү – «Манасты» жарыкка чыгарганда (2013-ж.) кыскача айтканбыз, эми «Семетей», «Сейитек» бөлүмдөрүн аягына чейин өз кол тамгасы менен жа-

зып чыкканына күбө болуп, тексттин сюжеттик курулушуна, көркөмдүк жагына, маани-маңызына, жалпы эле манасчынын эпос жаратуу жөндөмүнө саресеп салгандан кийин, Тоголок Молдо жазма манасчы экенине биротоло ишендик. Демек, жазма акындар (ырчылар) дегендей эле, Жусуп Мамай менен кошо жазма манасчы деп, тартынбай атай берсек болот. Ыбрайым Абдырахмановду толук маанисиндеги жазма манасчы деш үчүн вариантына редакторлук иш жүргүзүп, жарыкка чыгарышыбыз керек. Басмага даярдоо жазма манасчы же айтма манасчы экенин аныктоого айкын шарттарды түзөт. Ошого байланыштуу текстери Кол жазмалар фондусунда турса да (иликтенип чыкпагандыктан) бул жерде жазма манасчы деп кесе айтып, тизмеге кошо алган жокпуз.

Манасчынын «Манас» айтып атканы кино тасмаларында, теле камераларда, радио ленталарында калбагандан кийин, өз кол тамгасы менен жазган тексттери болбогондон кийин, көзү өтүп кеткен тигил же бул манасчыны жазма манасчы, же айтма манасчы деп кесе айтуу кыйын. Ошондой эле, бир нече адамдардын кол тамгасында жазылган варианттардын да куну бир топ төмөндөй түшөт. Көбүнчө сабатсыз адамдар жазууга катышканда ошентет экен. Мисалы, Жаңыбай Кожековдун «Семетейинин» тексттери менен таанышканда, башка тилдүү татар адамы болсо да, Кайым Мифтаков жазып өткөргөн эпизоддор бир топ сабаттуу, калган 5-6 кол тамгадагы тексттердин сөздөрү, ыр саптары бузулуп жазылгандыктан (Ч.Айтматов атындагы ТАИнин улук илимий кызматкери Сонорк үл Аблабековна Егембердиева латын арибинен көчүрүп, басмага даярдаган тексттерин карап чыккандан кийин айтып атам) варианттын сапаты бир топ төмөндөй түшкөн. Ал эми өз кол тамгасы менен кагазга түшүргөн Тоголок Молдонун варианты комуз кылдарындай зымырайып турат. Демек, жазып алуу талабына жооп бере албаган кишилер жазган варианттардан жазма манасчынын тексттери алда канча жогору турары түшүнүктү болду окшойт.

### 2. Чыгармага киришээр алдындагы сөз

Чыгыш поэзиясына мүнөздүү болгон, чыгармага киришээр алдындагы өз атынан айтылчуу Сөз, көбүнчө жазма акындарга тиешелүү болот. Мисалы, Молдо Кылыч «Казалдарын» баштаарда: «Абалы сөзүм бисмилла, Айта берсек сөз мында» («Зилзала»), «Өзүм молдо баламын, Болот калам аламын» («Көбөй, Султан»), «Молдо Кылыч мен атым, Болжолу жок санатым» («Зар заман»), «Мен айтамын санатты, Каралалап көп жаздым, Канча түрлүү

кагазды»(«Чүй баяны»), «Ак кагазым алдымда, Кара сыя, каламым, Капилеттен сөз келсе, Катка жаза саламын» («Керме-Тоо») ж.б. киришме ыр саптарын колдонсо, Тоголок Молдо 1925-жылы өзүнчө китеп болуп чыккан Насыят» деген ырын:

«Калам алам оң колго,
Кабар берем оң, солго.
Кара таман кедейлер,
Жалпы түшкүн оң жолго!»

–деп баштап, «Семетейди» жазууга келгенде, ушул эле трмөктүн эки сабынан кийин:

«Эртегиден сөз баштап,
Эми түштүм чоң жолго»

– деп, эски окуядан алынган бир чоң чыгармага киришип жатканынан кабар берип, андан ары:

«Эртегинин жомогу,
Эрлерди айтпай болобу?
Байыркынын жомогу,
Манасты айтпай болобу?

Байыркыдан калган сөз,
Ооздон нуска алган сөз.
Биринен бири үйрөнүп,
Бизге нуска калган сөз.»

– деп, андан ары улантып, жыйырма чакты ыр түрмөгүнө чейин жеткирет да, «Семетей» окуяларына киришип кетет. Жомок башы катары пайдаланылган бул Сөздө: Манас өлүп, Семетей жетим калганын; Манастын дүнүйөсүн Абыке, Көбөш тартып алганын; Чыйырды менен Семетейди ээрчитип, Каныкей Темир ханга барганын айта (жаза) турганын билдирет да,

«Көрүп келген адам жок,
Уламадан уккан сөз.
Карыялардын жомогу,
Хан Манас деп чыккан сөз.»

– деп туруп, «Төгүнү, чынын ким билет, Уккан сөздүн калпы көп» экендигин дагы бир жолу бекемдей кетет. Мындай түшүнүү жеке «Семетейге» гана эмес, бүткүл «Манас» үчилтигинин баарына тийешелүү экендигин жакшы түшүнгөн, 1958-1960-жылдар аралыгында чыккан төрт китептен

турган Бириктирилген вариантын башкы редактору Болот Муратали уулу Юнусалиев, түзүүчүлөрү: Кубанычбек Маликов, Аалы Токомбаев, Түгөлбай Сыдыкбековдор туура кабыл алгандыктан, Тоголок Молдонун бул оюн кошумча-алымчасы менен Биринчи бөлүктүн 1-китебинин кылда башына «Жомок башы» деген наам менен кийиришкен. Бул баатырдык эпостун бардык тулку-турушун аныктап, жарыяланган тексттердин өзүнө да көрк берип турат. Аны түшүнгүсү келбеген биздин айрым улутташтарыбыз баатыр Манасты чыгармадан бөлүп алып, укмуштантып, ойкуштантып, бирде пайгамбарга теңеп, бирде Кудай деп жибере жаздап, улуу жомоктун тамырын кууратканга чейин баратышканын билбей жатышат. «Манасты» идеология кылабыз, кыргыздын дини кылабыз дегендер пайда болду, алардан Кудай сактасын! Манастын атын ураан кылып, чыгармадан сырткаркы «бакытты» кубалайбыз деп, чыгармадагы чыныгы байлыкты этегибизден төгүп албасак болду. Муну билип турган бүгүнкү интеллигенция куру кыйкырыктарга каршы туруп, бүгүн түшүндүрбөсө, эртең кеч болуп калышы да мүмкүн.

**3. Тоголок Молдо - улуу санжырачы**

Тоголок Молдонун манасчылык өнөрүндөгү дагы бир өзгөчөлүк – улуу санжырачы, мыкты тарыхчы экендигинде жатат. Ал Улуу эпостун «Манас» бөлүгүндө Манастын түп атасы Түрктөн берки аталарын санаса, Семетейге келгенде, Нук пайгамбардын баласы Йафастан (Жапаш) берки аталарынын баарын катары менен атап чыгат: Түрк. Түрктүн уулу Түтөк хан, Түтөктүн уулу Элче хан, Элченин уулу Баку хан, Бакунун уулу Кийик хан, Кийик хандан Кара хан, Кара хандан Алынча хан, Алынча хандан: 1.Татар, 2.Могол. Могол хандан Угуз хан, Угуз хандан Кыргыз хан, Кыргыз хандан Сапар хан, Сапар хандан Алаш хан, Алаштын уулу Жүз баатыр, Жүз баатырдан үч баатыр: 1.Алак, 2.Рашид, 3.Аналак. Алактан Кайранбек, Кайранбектен Барганбек, Барганбектен Калданбек, Калданбектен Арстанбек, Арстанбектен Кылым хан, Кылым хандан Төлө хан, Төлө хандан Төрө хан, Төрө хандан Барак хан, Барак хандан Бөйөн хан, Бөйөн хандан Чаян хан, Чаян хандан Кара хан, Кара хандан: 1.Ногой, 2. Нойгут. Ногой хандан: 1.Жакып, 2.Көкчөгөз, 3.Көзкаман, 4.Бай. Жакыптын уулу хан Манас, хан Манастан Семетей.

Мына, бул жерде Бакай Семетейдин 30 атасын санап чыкты. Бирок, бул жөн-жай саналган жок, Акшумкарды издеп, Айчүрөккө Үргөнч шаарына бараткаңда, шаарды 6 ай курчап жаткан Чынкожо менен Толтойго – Айчүрөктү тартып алмак болгон душмандарына Семетей жөнөп атканда, отуз

атасынын ар биринин баатырдыгын баса белгилеп, ошолордой жалтанбай кармаш дегендей ураан таштап, эсине салып атат. «Манас» бөлүгүндө болсо, бул санжыра «Чоң казатка» жөнөөр алдында Манастын баатырлыгын баса белгилеп, мекенчилдикке чакыруу урааны менен айтылат. Мындай патриоттук дух берген снжыраны Тоголок Молдо дагы бир топ жерде колдонот.

Маселен, Акун хандын иниси Түлкүнүн уулу Түмөнбай Чынкожо менен тартыша түшкөндө, анын жакын тууганы Ажыбай:

«Түпкү жайым айтайын,
Түп атабыз Тейиш хан.
Тейиш хандын балдары:
Жоодар, Дөөлөт бир тууган.
Наркын бузбай түркмөндүн,
Намыстын жолун бир кууган.

Дөөлөттүн уулу Акун хан.
Акун хан Түлкү бир тууган.
Түлкүнүн уулу Түмөнбай,
Түркмөндөн чыккан бир буудан.

Жоодардын уулу Осмонбек,
Узатып колун созгон бек.
Үргөнчтүн калкын калкалап,
Душмандын жолун тоскон бек.»

– деп, өзү Осмонбектин уулу болорун айтып келип,

«Каршылык кылсаң, Чынкожо,
Кармашамын баатыр чын.
Көп жедигер туйгундун
Гөрүн казып жатырсың!»

– деп коркутуп кирет. Бул Тоголок Молдонун душманга карата пеш салуу ыкмасынын дагы бири болуп саналат.

Сейитек менен Күлчоро Таласка келип, бээ саап жүргөн бир кемпирге жолугуп, «Кара-буурул, кызыл-буурул жылкылар кимдики?»- деп сураганда, ал кемпир жылкынын ээсин санжыра менен түшүндүрөт:

«Түп атасы Түгөл хан.
Түгөл хандан Көгөй хан.

Көгөй хандан Көбөй хан.
Көбөй хандан Төбөй хан.
Төбөй хандан Кара хан.
Кара хандын эки уулу:
Ногой, Нойгут бир тууган.

Кулак угуп, көз көргөн,
Бул Ногойдун жылкысы.
Ногойдон кийин Жакып бай
Баласынын жылкысы.
Бай Жакыптын баласы
Хан Манастын жылкысы.
Манастан кийин бул жылкы
Семетейдин жылкысы.
Эми Семетей өлүп, сес кетип,
Биздин акыл, эс кетип,
Жыргай турган кез кетип,
Азыркы күндө бул жылкы
Канчоро хандын жылкысы.»

Бул санжыралашкан окуяны уккандан кийин, ал кемпир Каныкей экенин билишет. Тоголок Молдо ар бир каарманын тааныштырганда, ушинтип, ата-тегинен бери санап көрсөтүп олтурат. Ага Алмамбеттин тегин, Төштүктүн аталарын, Көкчөнүн тегин санап көрсөткөнү далил болот. Мунун баары анын санжырачылыгына байланышкан. Кыргыз санжырачыларынын ана башында Тоголок Молдо турат десем жаңылышпасам керек? Буга анын КР УИАнын Кол жазмалар фондусундагы: «Кара кыргыз калкынын кыскача санжырасы» (Инв.№1013, 383-392-бб.), «Бул тарых атабыз Түрктөн баштап, кыргыз элин ажырым кылып ажыратып чыгат» (Инв.№1031, 1-26-бб.), «Саяктардын санжырасы» ж.б. мисал болот. Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан кийин кумурскадай жайнап кеткен санжырачылар ушундай жазылып калган санжыраларды чала-моңол угуп алып айта беришет. Жазылып калган тарых, санжыраларды нары жагынан бери карай санай келсек, Сайф ад-дин ибн Дамулла Шах Аббас Аксикентинин (уулу экөөнүн) «Мажму ат- таварих» аттуу тарыхтар жыйнагындагы Кыргыздын Нух пайгамбардан берки тарыхынан, Кудаяр хан 1855-жылы жаздырган «Насаб-наама» аттуу Адам атадан бери өзүнө чейинки санжырадан, жогорда биз сөз кылган Тоголок Молдонун санжыраларынан алып айтып келатышат. Алар айткан санжы-

ралардын өйдө-ылдыйын ушулардын жазма санжыраларына салыштырып ажыратса болот.

Тоголок Молдонун санжыраларынын арасында Манас менен Семетейдин түпкү аталарынын катары алмашып кеткен, аттары башкача болуп калган жерлер да бар, ал ар түрдүү учурларда жазылгандыктан ошентип калышы мүмкүн. Улуу эпостун «Семетей» бөлүгүндөгү санжыраны түп нускадан кайра-кайра карап тактап берүүгө аракет кылдык, ушуга салыштыра карап түздөп алса болот.

**4. Варианттагы мекенчилдикке үндөп, кайтпас кайратка чакырган мотивдер**

Семетей Үргөнчтө Акун хандын ордосундагы Айчүрөк салдырган шаарчада жатканда, экинчи жолу басып келген Чынкожо, Толтойдун аскерине каршы айкашка чыгаарда, жаш чоролорду шыктандырыш үчүн ар бирине кайрылып, баатырдыкка үндөгөн өзгөчө касиеттерин, алар Семетей үчүн, Мекен үчүн өтө керектигин баса белгилеген, кайрат берчүү бийик сөздөр айтат. Ошолордон бир-эки саптан мисалга тартабыз:

«Канчоро менен Күлчоро,
Калкаң тиер кезегиң.
Кара жанды аябай,
Аркаң тиер кезегиң.

Калкамандын Чынасыл
Калка болор кезегиң.

Калдардын уулу Мурадил,
Кайнап турган кезегиң.

Жайнактын уулу Жаш Айдар,
Шакылдатып душманды
Айдап турар кезегиң.

Чубактын уулу Кантурсун,
Чуугa кирер кезегиң.

Кыргын чалдын Орозу
Сан кошунга тартынбай
Жалгыз барар кезегиң.

Сыргактын уулу Зирегим,
Өзүң билгин чунагым,
Пайдаң мага тиерин.

Серектин уулу Тыныстам,
Качпагын чором, кылычтан.

Сейиттин уулу Керкөкүл,
Көп жедигер, нойгуттан
Кегимди алып бер Көкүл!

Ажыбайдын Үрүстөм,
Аянба чором, жүрүштөн!

Мамбеттин уулу Камбарым,
Пайдаң тиер кез ушул,
Бүгүн намыс алганың.

Кошойдун уулу Өмөрүм,
Көрөмүн бүгүн өнөрүң.

Бообектин уулу Жанышым,
Бар болсо сенин намысың…

Сары хандын Калыгым,
Тартынбагын жарыгым!

Бакайдын уулу Сулайман,
Баатырлыгың билгизгин,
Пайдаңды бүгүн тийгизгин!

Мурадилдин Төлөгөн,
Сен дагы чором тартынба.
Атагың калсын артыңда.

Чалыбайдын Жанкара,
Өлгөндөн түптү кайтпагын.
Кайттым деп мага айтпагын.

Акбайдын уулу Байдалым,
Бура тартпай, карагым,
Бул кызматка жарагын.

Арзымдын уулу Курама,
Азгырса шайтан аралжып,
Айтканына ынаба!

Кертөштүн уулу Мусапыр,
Бул казатта шартылда!
Атагың калсын артыңда.»

– деп, Семетей жаш чоролорунун ар бирине кайрылып, атын атап кайрат айтып, жан аябаганга үндөп, өзү да **«Мен да өлүмдү сүйдүм деп»** майданга чыгат. Бул согушта жеңип чыгып, Айчүрөккө үйлөнүп, Таласка келип, ээн-эркин беймарал жатканда, бир күнү Коңурбайдан атасы Манастын кунун алууну чечип,

«Кылымга толгон кыргыздан
Кырылып кеткен жан үчүн,
Атуудан өлгөн кун үчүн,
Казат кылам Бежинге,
Хан Коңурбай бей динге.»

– деп туруп, дагы чоролоруна кайрылган жер бар. Мында да  Семетей, жогорудагыдай, ар бир чоросуна кайрылып: «Сенин атаң кайда өлгөн? Атаңын шейит болгонун билесиңби? Атаңын куну үчүн намысыңа келесиңби?» дегендей  суроолорду берүү менен, аталары үчүн өч алууга чакырат. Кайраттандырып, духун көтөрүүгө аракет кылат. Ошондой эле, чоролорду шердендирүүдө Исламдын газабат ыкмасындагы:

«Чоролор кайда? Камын деп,
Казатка кирер чагың деп.
Өлгөнүбүз шейит деп,
Шейитте жок кейиш деп.
Шейит болуп өлгөн жан
Шексиз болот бейиш деп.»

– деген саптарды да пайдаланат. Кыскасы Тоголок Молдонун варианты согушка үндөө, тактикалык ар түрдүү ыкмаларды пайдалануу жагынан башка варианттардан кыйла эле айрымаланат.

Биз, бүгүнкү кыргыздар, ушундай элди бириктирип, патриоттук дух бере турган варианттарды тандап чыгарып, китеп чыкты деп эле тим болбостон, жалпы элибизге жеткиришибиз керек. Эгемендик алгандан бери эркиндикти өтө эле эркин пайдаланып, «Эл үчүн! Жер үчүн! Ынтымак! Манас!» деп кыйкырып койгонубуз менен, иш жүзүндө уруу-уруу болуп тыркырап, Түндүк-Түштүк болуп бөлүнгөнүбүздү ачык эле айтып калбадыкпы. Атүгүл мектептерде жети атасын сүрүштүргөн сабактар жүрө баштабадыбы. Кээ бир улутташтарым ата салтын карманып атабыз дешээр. Туура, ата салтын сакташ керек. Бирок, качан? Кандай шартта? Кайсынысын сактап, кайсынысын сактабаш керек? Жети атаны саймедиреп айтып, кулакка куюп туруу көчмөн турмушта, уру- уруу болуп көчүп-конуп жүргөндө жоголсо табыш үчүн, ошол уруунун биримдиги үчүн керек болгон. Азыр бизге кыргыз элинин биримдиги, Кыргыз мамлекетинин бекемдиги керек болуп атпайбы. Балага жети атасын үйдө, ата-энеси үйрөтүш керек, ал жети атанын кимиси кандай өткөнүн баланын ата-энеси гана билет. Ошого жараша, алардын кандай иш аткаргандыгына, кылык-жоруктарына жараша ата-эне балдарын тарбиялайт, үлгү болор жагы жогун унчукпай коёт, же паланча атаңдай болбо деп ачык эле айтат. «Көзү өткөндөр сындан сырткары болот» деген да бар эмеспи, кийинки кездерде тегин мактамай геометриялык прогресске айланып, бир эле колоттон оозеки айтылган бир нече баатырлар «чыгып» кетпедиби. Бир нерсени канчалык көтөрө чалып көбүртүп-жабырткан сайын анын мааниси төмөндөй берет эмеспи, тоок уурдаганды деле, жылкы тийгенди деле баатыр деп, өзүбүздөн улуураактын баарын эле ата деп отуруп, баатырыбыз ким экенин, өз атабыз ким экенин айрымалай албаган абалга бараткаңыбызды сезбей атабыз.

Үй жеке менчик болсо, мектеп коомдук менчик, элдик, мамлекеттик маселелерге тарбиялай турган жер. Жети атасын үйдөн үйрөнөт дебедикби, анын ордуна жергеден чыккан жети азаматтын атын үйрөтүп, жасаган иштерин окутканыбыз пайдалуу эмеспи. Дегинкиси, «Манас» үчилтигин мектептерде окутканда эпостун тексттерин жеткире окуп, терең аңдап чыгуу талапка ылайык. Башкы каармандарды бөлүп алып, аларга арналган эпитеттерди кайталап, эки-үч ыр түрмөгүн айтып койгон менен иш бүтпөйт. Алардын оң жагы менен кошо тескери кеткен учурларын да эскертип, андай болбоого чакыруу парз. Маселен, Улуу эпостун экинчи бөлүгүндөгү башкы каарман Семетей атасы Манастын ордун баскандан кийин, жортуулдан келатып,

«Жети-Суугa келгенде,
Жедигер менен урушуп,
Маңдайлашып турушуп,
Калмакка тилчи болдуң деп,
Кабыргалаш кондуң деп,
Эр Багышты өлтүрдү.
Калкына жабыр келтирди.»

– дейт Чынкожо Толтойго, андан ары жедигер элин Ополго көчүргөнүн айтып, ошондуктан «Семетейден атаңдын кунун, элиңдин өчүн ал!» дегендей намысына тийээрлик сөз айтат. Семетей нойгуттарды Аксыдан зордоп көчүргөндө, Шыгай хан элин Кара-Кулжа менен Жазыга түшүргөндөн бир жылдан кийин өлүп, Чынкожо хан болгонун, Семетейде өзүнүн да аябагандай катуу өчү бар экенин туюнтуп, Семетейдин колуктусу Айчүрөктү тартып алыш үчүн, Толтойду Үргөнчтү бирге басып алууга чакырат. Ушул жерде Семетей өз элинен нойгут, жедигер урууларын кууп чыкканы маалым болот. Мындайлар элдик эпикалык чыгармаларда боло берет деп койбостон, мектеп прогрммаларына башкы каармандын элдин ыдырашына жол берген кемчилдиги катары көрсөтүп, ушул эпостун өзүндө:

«Намыс эрди өлтүрөт,
Ынтымак дөөлөт келтирет.
Ынтымактан айрылсаң
Келгениңди кетирет.»

– деп бизге калтырган накылда айтылгандай, элибизди биримдиги үчүн ооз жүзүндө айтып тим болбостон, иш жүзүндө көрсөтүшүбүз зарыл.

Эпикалык оозеки чыгармалардагы окуяларды чыныгы тарых катары кабыл алууга болбой турганы белгилү деңизчи, бирок ошол «Манас» баштаган эпосторубузду угуп, окуп келаткан канчалаган муундар өттү да, ал окуялардын биздин каныбызга сиңип келгенин тана албайбыз да. Өткөн кылымдардагы калмак жапырыгынан Түндүк кыргыздар Түштүккө качып барып, ал жакта көп жылдар жашап, Адигине, Тагаай баштаган канчалаган мыктыларынын сөөктөрү Арстанбаптагы мүрзөгө коюлганы айтылат. «Казак кайың сааганда, кыргыз Ызар көчкөндө» деген тарыхый ылакап сөз да бар. Булар жомок (эпос) эмес, тарыхый чындык. Демек, Түндүктөн барган кыргыздар Түштүк кыргыздарынын, ошондой эле чектеш өзбек, тажик элдеринин арасында жашап келишкени жалган эмес да. Түштүк кыргыздардын санынын көп болуп калышы да Түндүккө көчкөндө калып калгандардын эсебинен көбөйсө керек.

Ал эми кыргыздар Эгемендик алгандан кийинки миграциядан улам түштүктүк кыргыздар Түндүк кыргызстанга келиши уламдан-улам артып баратканы да белгилүү. Бирок, «Семетейде» айтылгандай, жедигер менен нойгутту же башка урууларды кууп жиберген жери жок. Бул да болсо элибиздин түшүнүгү жогорку цивилизациядагы  бүгүнкү элдер менен кошо адымдап келатканынын белгиси. Ошол эле учурда «Манас» аэропортунун капталындагы «Дача-Суу» айылындагы отуз беш адамды бир «Боинг» учагы убайран кылып кеткенин, Москвада 14 кыз отко күйүп өлгөнүн, алардын баары Кыргызстандын Түштүгүнөн экенин белгилеп туруп, болгондо да Медакадемиянын окутуучусу болгон бир айым: «... блин, пусть едут к себе на юг и там живут. Это не кыргызы, это вообще не знаю кто там живёт сарты, блин?» деп табалап, ызырынып интернет аркылу бүткүл дүйнөгө таратканы таң калаарлык болду. Эгемендик алганыбызга чейрек кылымдан ашты. 1991-жылы 31-августта туулган бала быйыл 31-августта 26га чыгат экен. Совет доорунда мындай сөздү жазмак түгүл, ушуга жакын сөздү оюн-чындан ишаара кылган кыргызды кезиктирген эмес элем. Аны териштирип отуруунун деле кажети жок, кеп бир ууч кыргыз ушундай абалга келип кептелип калышына эмнелер себеп болду? Ошону түшүндүрүшүбүз керек.

Менин оюмча, биринчи, сөз эркиндиги дегенди – оозго келгенди оттой берүү деп түшүнүп алсак, экинчи, ай дээр ажолорубуз да, кой дээр кожолорубуз да суунга агып кеткен, б.а., жок болуп атат. Эң негизгиси Эгемендүүлүк келгенден ээрге кыйшык отурган биринчи президентибиз жер бөлүштүрүүдө адилетсиздик кетирген. Совет доорунда тамыбыз турган жерден башкасы мамлекеттин карамагында эле, ошону тоолуктарга да, чөлдүктөргө да, Түндүк, Түштүгүнө карабай, суулуу жерин да, тоолуу жерин да бирдей өлчөмдө бөлүш керек эле. Анткен жок, эл көп жашаган жердегилерге беш сотыхтан тийсе, мелмилдеп жаткан кең аймактагыларга беш гектардан тийди. Ушул адилеттүүлүк болдубу? Жогоруда бузуку сүйлөп аткан айым көп жер алган аймактан болсо керек, түштүктүктөрдүн Түндүккө келип, Россияга барып, Казактарга кор болуп жүргөнү жердин жетишсиздигинен экенин бул айым кайдан билсин. Ошондой эле, калмак жапырыгында ата-бубалары Түштүккө барып баш калкалап, көп жыл жашап, канчалаган чоң ата, чоң бубаларынын сөөгү Арстанбап мүрзөсүндө жатканын да билбейт да. Бул маселеде, биринчи кезекте, илимпоздор менен Мамлекет башындагылар күнөөлүү. Чейрек кылым ашыктан бери Мамлекеттин илим чөйрөсү менен иши болгон жок, мамлекетке керектүү нерсени талаптай да алган жок. Чыныгы илимпоздон жалган илимпоздор көбөйүп, өзүн өзү билип, өтүгүн төргө илип, мекемеге

келип-кетип атышат. Ошонун кесепетинен, башканы коёлу, жер бөлүштүрүү илимий негизде иштелип чыкпай, башаламан жүргөндүктөн кыргыздар көрүнгөн жерде жүрөт. Кыргыздын өткөндөгү жана бүгүнкү тарыхы такталып жазылып, элге жеткирилбей аткандыктан уруулардын сьездери өтүп, Түндүк, Түштүк маселеси, жогорудагы айымдын айткан көз карашындай жол менен тамырлап, огобетер күчөп атат.

**5. Маданият маселесин да кыпчый кетели**

Маданият маселеси болсо, сахнада, той-ашта ырдаган ырчылар менен бүтүүдө. Маданият дегенди эл түшүнбөй, интернеттен көргөндөрү, уккандары менен, оозуна келгенин оттоп, кыйкырып жүргөндөрдүн таасири менен жашап калышты. Аларды кой-ай дей турган интеллигенциябыз жардыланып, суюлуп баратат. Алар айтайын-дейин десе, эл такай көрүп аткан телевизорго жакындай алышпайт, жакындашса да жеткире айттырбай кесип салышат. Ал эми кесиби жазуу болгон жазуучулар, окумуштуулар сыртта калышты. Ырчылардын ырлары (овондуу ырлар, күүлөр) сезимдин талабын гана канааттандырат, ошондо да тарбия-таалим, маданият жагын ырдалып аткан ырдын текстти аткарат, бул жагы аксамак түгүл чолоңдоп калганын жакшы билебиз. Бул маселелерге күн сайын түшүнүк берип, ой айтып турайн десе, Совет доорундагыдай «Кыргызстан Маданияты» сыяктуу гезит жок. Жеке менчик гезиттер күлдү өз көмөчүнө тартат. Элге кызмат кылайын дегендеринин нускасы аз, колоттон чыга албай калып калууда. А, биз болсо бир кезде кыргыздын мамлекети болгон, улуу державага жетишкен дейбиз, ошонун эпкин-сепкини барбы? Биздин каныбызда калганбы? Каныбызда бар болсо, жогорку бийликке жеткен уул, кыздарыбыздын бирөө-жарымы эмнеге ойлонушпайт? Чейрек кылымдан бери мамлекет таануу, адам таануу, жүрүш-туруш адеби, илим маданияты, улут таануу маданияты (милдети), сөз сүйлөө маданияты... ж.б., койчу, маданиятка байланыштырып түшүнгөн бардык маселелер боюнча туңгуюкка кирип, чалды-куйду бир жакка батып баратабыз. Бул маселеде өткөн кылымдын жыйырманчы-отузунчу жылдарында жүргөн сабаттуулукка үйрөткөн «ликбездерди» ачуу, б.а. маданият деген ырдап-чоорлоо менен гана бүтпөсүн элге жеткирүү зарыл болуп турат. Анын алгачкы кадамы, жогоруда айткандай, элдин бардык катмарына, Мекенибиздин бардык булуң-бурчуна алдыңкы ойлорду жеткиргидей басылма аба-суудай керек болуп атат. Мен да «Башканы коюп, Манасты айтпай», маданият маселесин ушерге киргизип ийгенимдин себеби да ошондон, ой айта турган гезиттин жоктугунан болду деп айтмакчымын.

**6. «Көкөтайдын ашындагы» чатак жер маселесинен келип чыккан**

Ал эми сөз кылып келаткан Тоголок Молдонун «Семетейинде» жогортодо айтылган адилетсиздиктин, канкорлуктун кесепетинен кыргыз уруулары тыркырап кеткени (жедигер менен нойгуттун Чыгыш Түркстандагы Опол тоого көчүрүлгөнүн эстеп атам) Семетейдин өзү өлүм тапканы, «Көкөтайдын ашындагы» чатак да жер маселесинен келип чыкканы жөнүндөгү маселелер бар. Сөз куру айтылбас үчүн мисал келтире кетейин: Ашка келген каңгайлар менен калмактар жыйылган жерде

«Хан Коңурбай кеп салды.
Кеп салганда деп салды.
**Жеримде мени кекетип,**
Жети-Суудан кат бердиң.
Желмогуз бурут оңбоссуң
**Жана жериме келип аш бердиң.**

Ашыңды бүгүн таратып,
Бүгүндөн калбай көчкүн деп.
Буруттар мени кордобой
Үйүңдү азыр чечкин деп.

Кылымга калкым толду деп,
Кыйратар кезим болду деп.
Кызыталак Бокмурун
**Жеримди боктоп кондуң деп.»**

– деп чатак салат. Бул вариантта Көкөтайдын ашы Таң атардын Буурул-Түнгө берилет. Ал жерди Коңурбай менин жерим деп жогорку ыр саптарында айтылган опузасын көрсөтүп, бул күнөөң үчүн Мааникерди тартууга бересиң деп талап кылат. Ошондон мусулмандар менен каапырлардын ортосунда согуш чыгат. Ушуга окшогон көркөм фактыларды бүгүнкү күндөгү адамдардын пайдасына пайдаланып, илимий негизде бир топ маселелерди чечсе болот.

**7. Кыргыздар Гиссарга көчкөнбү? же Ызаргабы?**

«Казак кайың сааганда, кыргыз Ызар көчкөндө» деген айтым сөздү айтып калабыз, бирок, бул көчүү ачарчылыктын кесепетинен келип чыкканбы? Же калмак жапырыгынан болгонбу? Илимий негизде түшүндүрүп, ажыратып бере элекбиз. Ошондой эле, «Ызар» деген жер атын да тактабай туруп эле,

кулагыбызга жатыгып калган Гиссар кою угулат да, Тажикстандандагы Гиссар аттуу аталыш эсибизге келет. Тоголок Молдонун вриантындагы «Семетейинде» болсо, Семетейдин көчүрүп жибергенине ызаланган Чынкожо:

**«Ташкен менен Ызарды,**
Самаркан менен Букарды,
Каратып алам колума,
Канкорду салам жолуна.
Кызыталак Семетей
Кыргыздын бүткөн шоруна.»

– деп күпүлдөйт. Дагы бир жеринде Таласка учуп бараткан Айчүрөк алайлык бир карыядан «Алай менен Таластын арасы жакын деп угуп» ,

«Учурашаар күн барбы
Талаада төрөм кезигип?»-
Деп Айчүрөк учту Букарга,
**Самаркан, (анан) Ызарга.»**

– деген саптар бар. Бул шилтемеге алынган ыр түрмөктөрүнө караганда, Ызар Ташкен менен Самаркан тараптагы бир шаар же кыштакбы деген ойго келсе болот. Бирок Ала-Бука районундагы Ызар кыштагынан башка бул чөлкөмдө шаар же айылдын болгону эсимде жок. Ошондуктан калмак жапырыгындагы түндүктүк кыргыздар Тажикстандагы Гиссарга эмес, ушул эле Алабукадагы Ызар тарапка көчүп барганбы деген ой келет. Анткени ушул кыштак жайгашкан жерде Кара-Тоо деген тоо бар экен, ошерде Манас болгон деп айтылат экен. Дагы Сыргак-Дөбө деген болуп, аны казып отуруп жер кылып жиберишиптир. Ошондой эле, Ызар, Көлөп деген эки бир тууган өткөн экен, Ызары зар иштетсе, Көлөбү дыйкан болгон дегендей уламыш айтылат. Ананкалса сүрүлүүгө дуушар болгон нойгут уруусу Аксы менен Чаткал жактан айдалып, Чынкожо ошого жинденип, «Ташкен менен Ызарды, Самаркан менен Букарды Каратып алам колума.»- деп айгай салып атканы да жөн жерден эмес, азыркы Ала-Бука району, андагы Ызар кыштагы турган жер Букар менен Самаркандан бир аз обочороок болсо да, Ташкен менен Чаткалга канаатташ, чектеш болуп атпайбы. Мунун да илимпоздор тарабынан тактала турган зарылдыгы бар.

**8. Тоголок Молдо сөздүк составын жазма булактар аркылуу да байыткан**

Тоголок Молодонун «Семетей», «Сейитек» эпосторунда колдонулган сөздүк составында китептик таасир, Түштүк диалектисинен кирген сөздөр арбын экен. Аралаш боюнча айрым сөздөрдү атап өтсөк болот: калаты, кысса, санжап, тага, турпак, маслат, аста, үкө, көр, шөөла, пайга, азалдан, Алла, жүда, абдыра, камыра, көрпө(жууркан маанисинде), балаа, секин, баагар, мандили, моот, капыя, кам(чийки), ажап, пысып, асти, мажилис, зайпана, зак(сыз), аял кылып, катта(чоң), баяналуу, ашына, партал, пысып, дарайы, асти, паныз ж.б.ж.б. Мында келтирилген сөздөрдүн көпчүлүгү «а» тыбышынын ичкерген тамгасын талап кылып атат. 1924-жылы, андан кийин- мурун реформаланган араб алфабитинде даекче деген бар, сөздүн башына ошону коюп койсо «а» тыбышы «а» болуп ичкерип, сөз туура айтылган. Тоголок Молдо ушул жерин тууралай албай бир топ будоолонгонун байкоого болот. Ошол реформа мезгилинде кыргыздан башка түрк элдери «а» тыбышынын ичкерген тамгасын кабыл алган. Бизде бул маселе эбак бышып жетилсе да, жерчилдиктинби же жаңыдан кирген сөздөр аркылуу эбак бузулган сингармонизимди «байкабай» же байкагыбыз келбей «Сингармонизм!» деп жер тепкилеп турганыбызданбы, айтор, алфабитибизди ондой албай келебиз.

Тоголок Молдо Кыдырды- Кызыр, баркыны-паркы, заматты-заман, Кыргыл чалды-Кыргын чал, ооматты-аамат, бешимдени-бешинде, Чачыкейди-Чачыке деп жазат. Дагы: «кидирбей», «каркы бар», «басалгалуу», «балда», «сардал», «баш камда», «молтолуу», чор» деген сөздөрдү өтө жыш колдонот.

Биз адабий тилде «аял» деп колдонуп жүргөн сөздү башынан аягына чейин «катын» деп жазган, этек жагында эки-үч жерде «зайып» деп айтат. Азыр тескери түшүнүк берген «шумпай», «тастаңдап» деген сөздөрдү оң маанидe колдонот, болгондо да Семетей баштаган оң каармандарды «шумпай» десе, Айчүрөк баштаган аял оң каармандарга «тастаңдап» дегенди колдонот. Ушул маселелерди да тилчи илимпоздор иликтеп, бир жыйынтыкка келишсе жакшы болор эле.

**9. Жаңы арипке өтөбүз дегендерди колдобос элем**

Тоголок Молдонун араб арибиндеги жазмаларынын баарында бир дагы тыныш белги коюлган эмес. Бир дептери (Инв.№12) латын арибинде жазылган, чочугандай бир-эки жерге сууроо белгисин койгону болбосо, баштан-аяк буга да тыныш белгилерди койгон эмес.

Кыргыз тилинин жазылыш тарыхын изилдеген тилчи-окумуштуулар болсо, Молдо Нияз, Осмоналы Сыдыковдордун жазгандарынан кийинки бир этапка Тоголок Молдонун жазгандары кирип, кызыктуу бир фактыларды берет деп ойлоймун. Андан кийинки, 1924, 1928-жылдарда реформаланган жазуулар өзүнчө бир этапты түзсө, андан кийин латын арибиндегилер, кириллицадагы жазуулар болуп, тарыхый бир ыраатты жаратып турат экен. Бул да кызыкттуу жана зарыл изилдөө болот. Тилчи-окумуштуулар ушуга окшогон проблемалу маселелерди изилдешсе болмок, негедир жалтайлашып атат көрүнөт? Бир жазуудан экинчи жазууга өтүү б.а. алфабиттен алфабит которуп отуруу зор машакатка салып, сабатсыздыкка алып барарын Тоголок Молдонун жазуу-сызуу тажрыйбасынан көрдүм. Карыган киши араб жазмасынан латынга өткөндөгү тамга тарткандарын көрсөң, бир жагынан аяп, экинчи жагынан тарткан тамгаларын тааный албай кыжалат болосуң. Ошондуктан жаңы арипке өтөбүз дегендерди колдобос элем.

**10. Тоголок Молдо түрк тилдүү жазма акындар: Низами, Навои, Югнахи, Мактымкули, Абай ж.б. сыяктуу эле бийик ысым менен аталууга татыктуу**

Мен Тоголок Молдонун вариантындагы Улуу эпостун үч бөлүгүн тең кириллицага көчүрүп чыккандан кийин, сөзүмдүн башталышында айткан аттиңимди, өкүнүч менен, дагы бир жолу кайталоого аргасыз кылды. Ушул 2017-жылдын 28-мартында, №13 шаардык китепканада улуу манасчы Сагынбай Орозбаковдун 150 жылдыгына карата болгон конференцияда улуу манасчылар: Сагынбай, Саякбайга кошо Жусуп Мамай аталып, «Манас» эпопеясы боюнча тоодой эмгек калтырып кеткен Тоголок Молдону чыгып сүйлөгөндөрдүн бирөө да оозанбаганы мен үчүн өкүнүчтүү да, түшүнүктүү да болду. Анткени Улуу эпосубуздун 1-бөлүгү – «Манасты» Тилек Тураркулович Мураталиевдин («Турар» басмасынын директору) демилгеси жана демөөрчүлүгү менен 2013-жылы араң чыгарсак, ал эми калган «Семетей», Сейитек» бөлүктөрүн айтып, суранып жүрүп быйлкы (2017-ж.) планга киргиздирип, вариантты эки жылдап, ушул жылдын 4-мартында араң араб арибинен көчүрүп бүтсөм (али басмага бериле элек), анан кантип башкалар билмек эле да, залкар манасчылардын катарына кантип кошмок эле. «Аттиңдердин!» негизи да, жыйынтыгы да ушерде жатат.

Сагынбай Орозбаков менен Саякбай Каралаевдердин варианттарынын баалуулугунда жана бийиктигинде талаш жок. Ал эми Тоголок Молдонун

жазма варианты бардык жагынан (көркөмдүк, мазмундуулук, тили ж.б.) ашса ашат, кем калышпайт. Мен муну варианттагы үч бөлүктү тең тамгалап көчүрүп чыккандан кийин жооптуулук менен айтып атам. Айрымдар Жусуп Мамай Манастын 8-муунуна чейин жазган деп мактап, Тоголок Молдо анткен эмес дешээр. Кеп Манастын уругун муундан-муунга өткөрүп жаза бергенде эмес, бирөө болсо да чыгарма катары бийиктикке жеткендигинде болот. Улуу Сагынбай 1-бөлүктү («Манасты) жаздырууга араң үлгүрсө да биринчи номурдагы манасчы катары баркталып, бааланып атпайбы. Муну жерчилдик, уруучулдуктан чыга албаган айрым пенделерден башка бардык кыргыздар моюндарына алат деп ойлоймун. Ал эми ушул эле Сагынбай менен бирге улуу манасчы Тыныбектин мектебинен чыккан Тоголок Молдо Улуу эпостун үч бөлүгүн тең жогорку көркөмдүктө өз кол тамгасы менен жазып калтырган. Демек, анын варианты, биринчиден, «Манас» үилтигинин үч бөлүгүн тең камтыганы, экинчиден, 1958-1960-жылдар аралыгында жарык көргөн төрт томдон турган бириктирилип, кыскартылган варианттын «Семетей» бөлүгүндө башкы орунду ээлеп, толук «Семетейди» элге жеткирүүдө негизги багытты түзгөнү (буга ишенгилери келбегендер болсо, экинин бири катары бул китепке кирди делип аткан Саякбайдын өзүнчө чыккан эки томдугун толук окуп. Тоголок Молдонун варианты чыгып калса (?), салыштырып окуп көрүшүн өтүнөөр элем), үчүнчүдөн, үч бөлүктүн текстерин тең өз кол тамгасы менен жазып чыкканында турат. Өз колу менен жазды деген – оозеки «Манастын» кагаз бетине түшүшү, ошол айтылып аткан «Манастагы» сөздөрдүн документалдуулука айланышы болсо, манасчынын өзүнүн кол тамгасында жазылышы – ошол сөздөрдүн тагы, даанасы, туурасы болот.

Ал эми, Жусуп Мамай Манастын 8-тукумуна чейин жазган (Манас-Семетей- Сейитек-Кененим-Сеитим-Асылбача,Бекбача-Сомбилек-Чигитей) деп жерге, сууга тийгизбей дүнүнөн мактап аткан Манастын урпактарын Тоголок Молдо 16-урпагына чейин билээрин мындайча жазган: «Манас-Семетей-Сейитек-Жигитек, андан Кененге барат. Алымсарык-Кулансарык-Акас-Обонбай, андан Эртек-Эр Табылдыга барат. Андан Эрменбай-Курманбектен-Сейитбек. Сейитбектен-Шырдакбек. Шырдакбектен-Куланбайга барып, аягы таралып кетет.» (Инв. №13, 1-3-бб.). Тоголок Молдо аталгандардын баарын эле жаза бергенди туура көрбөсө керек, өзү да карып калган эмес беле. Анүстүнө созо бергенде окуялар, баатырдык өзгөчөлүктөр кайталанып, көркөмдүгү да начарлап отураарын «Сейитекке» келгенде эле сезген болуу керек, анткени бул бөлүмдө Сейитектин баатырлыгы эмес, Күлчоро менен Канчоронун баатыр-

лыктары көрсөтүлөт. Семетейди Канчоро өлтүрсө, Кыяз менен Канчорону Күлчоро өлтүрөт. Бакай менен Сейитектер эпостун аягында Күлчорону хан кылып көтөрүшкөнү айтылат.

Улуу эпостун Тоголок Молдо жазып калтырган үч бөлүгү тең жарыкка чыкса, биринчи кезекте, Тоголок Молдо Азарбайжандардын Низами, Өзбектердин Навои, Түркмөндөрдүн Мактымкулисиндей эле жазма мурастары калган акындардын катарында турууга сөзсүз акылуу болот. Жазылып калган «Манас», «Семетей», «Сейитек» үчилтиги, андан башка чыгармалары кош-бирдикте ошондой бийиктикке чыгарууга сөзсүз татыктуу. Биз, кыргыздар, ыкшоолук кылып, анан жерчилдик кылып, анан ичи тардык кылып, айтор бир нерселерден улам, өткөн кылымдын отузунчу жылдары жазылган чыгармаларын бүгүнгө чейин караңгы тамда (Кол жазмалар фондусунда) сактап жата берип, башка элдердин улуу жазма акындарынын катарынан калтырып, атүгүл өзүбүздүн айрым чыгаандарыбыздын катарына да жакшылап кошо албай келатканыбыз өтө өкүнүчтүү.


**11. Тоголок Молдо улуу манасчы Тыныбектин мектебинен чыккан, анын вариантындагы үчилтик «Манастын» толук жарыяланышы – Тыныбек манасчыны дагы бир тепкичке көтөрөрүндө шек жок**

Ушул эле Тоголок Молдонун «Семетей», «Сейитеги» жарык көргөндөн кийин, Сагынбай Орозбаков экөөнүн устаты - улу манасчы **Тыныбек Жапы уулунун** да манасчылык бийиктиги көрүнүп, оозеки улуу манасчы делгендерден айрымаланып, өзү айтып жаздырып кеткен, И.Арабаев 1925-жылы басууга даярдап, «Семетейден бир бөлүм» деген наам менен китеп кылып чыгарган араб арибиндеги тексттери жана шакирттери: Сагынбай Орозбаковдун вариантындагы «Манас», Тоголок Молдонун вариантындагы «Манас», «Семетей», «Сейитек» аркылуу факты жүзүндөгү улуу манасчы болгондугу далилденет жана «Тянь-Шань» мектеби эмес, биз айтып келаткан, **Тыныбектин мектеби** болгондугу даана болот. «Устаттан шакирт өтөт» дегенге кошумча, таасын шакирттер устатын огобетер даңазалай тургандыгын ырастайт. Тоголок Молдонун өзүнүн акындык, манасчылык, жалпы эле чыгармачылык жүзү ушул «Семетей» менен «Сейитекти» окуган соң жаркырап көрүнөт жана өз бийиктигине чыгат.

***Омор СООРОНОВ,***
***Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер,***
***Кыргыз Улуттук университетинин ардактуу профессору.***


# СЕМЕТЕЙ

## ИНВ. №9 (АРАБ АРИБИНДЕ)



Кол китептеги тексттердин мазмуну

## ЖОМОК БАШЫ



Түп нусканын 1-бети

1.
Калем алам мен колго,
Кабар берем оң, солго.
Эртегиден сөз баштап,
Эми түштүм чоң жолго.

Эртегинин жомогу
Эрлерди айтпай болобу.
Байыркынын жомогу
Манасты айтпай болобу.

Байыркыдан калган сөз,
Ооздон нуска алган сөз.
Биринен бири үйрөнүп,
Бизге нуска калган сөз.

Асыл Манас өлгөнүн
Айтып өтөм аяндап,
Аркасынан баласы –
Семетейди баяндап.

Эр Манастын өлгөнүн,
Эл жыйылып көмгөнүн,
Хан Манастын өлгөнүн,
Калк жыйылып көмгөнүн.

Каныкейдин арманын,
Семетей жетим калганын.
Кара-буурул жылкысын
Абыке, Көбөш алганын.

Каныкейге ат берип,
Кан Бакай жолго салганын.

2.
Чыйырдыны ээрчитип,
Семетейди телчитип,
Эрке катын Каныкей
Темир ханга барганын.

Келтирип кебин кыскадан,
Айтып өтөм нускадан.
Сүйлөп өткөн булбулуң
Сөзгө жүйрүк уста адам.

Айтканым жалган болбосо,
Алдам өзү билбесе.
Жалган айтып салбасам,
Жараткан өзү билбесе.

Кудай билет, ким билет,
Кудурет Эгем чын билет.
Төрөнүн кылган жоругун
Төгүнү, чынын ким билет?

Көрүп келген адам жок,
Уламадан уккан сөз.
Карыялардын жомогу
Хан Манас деп чыккан сөз.

Байыркынын алпы көп,
Алпынын чыккан калкы көп.
Төгүнү, чыны ким билет?
Уккан сөздүн калпы көп.

Эр Семетей султандын
Жетим калган жеринен,
Эрке катын Каныкей
Жесир калган жеринен,

Эр Семетей султандын
Эрдигин айтып козгоймун.
Кадыр Алда кечирсин!
Калат сөздөн кошпоймун.

## МАНАСТЫН КӨЗ ЖУМАР АЛДЫНДАГЫ СӨЗҮ (КЕРЭЭЗИ)

3.
Кысса кылдым султандын
Кылып өткөн санатын.
Алда Таала кечирсин,
Айтылган сөздүн калатын!

Кара-Буура, Чаткалда
Кайкалап алаш жатканда,
Калың кыргыз уругу
Карк дөөлөткө батканда.

Барколдун маңдай жагында,
Манастын тиккен багында,
Төрт-Көлдүн төмөн жагында,
Төрөнүн тиккен багында

Кайнардын кара көзүндө,
Как чынардын өзүндө,
Жалпы түрктүн тукуму
Жыргап аткан кезинде,

Коңур хандын дартынан,
Ай балта тийген зарпынан,
Жара оозуна кан катып,
Жарасы ырбап көп жатып,

Кулактын түбү каракуш,
Жарасы мээге тушматуш.
Жарадан Манас жабыркап,
Сабылып жаткан алты ай кыш.

Баатыр Манас султанга
Ай балтанын зарпы өтүп,
Алты ай жаткан үйүндө
Асыл мээге доо кетип.

Жарым жыл жаткан сандалып,
Сабылып Манас саргарып.
Кандай заман болот деп,
Каныкей турган камданып.

4.
Каза жетип, күн бүтүп,
Кара жанга күч келип,
Азалда жазган калемде
Ажал тагдыр туш келип.

Аманат жандан түңүлүп,
Арманын айтты эр Манас.
Казат кылып Каңгайга
Барганын айтты эр Манас.

Армандуу болуп Каңгайдан
Калганын айтты эр Манас.
Ай балта менен Коңурбай
Салганын айтты эр Манас.

Ажал жетип күн бүтүп,
Өлгөнүн айтты эр Манас.
Көзү менен көп журтту
Көргөнүн айтты эр Манас.

Ажалдын болгон себеби –
Каңгайлардын каапырдан,
Хан Коңурбай баатырдан,
Келгенин айтты эр Манас.

Жердеген жери кең Талас
Жергеси бүтүн көп алаш.
Алашым аман болгун деп,
Акырет көчтү эр Манас.

Жалпы журтка керээз кеп
Дайын айтты эр Манас.
Жалгызым жетим калды деп,
Жайын айтты эр Манас.

Балам жетим калды деп,
Баралга жетпей жашында.
Чырымтал жүнү сыртында,
Балапан жүнү башында.

5.
Хан Бакай, сага тапшырдым,
Каралап жүр деп кашында.
Тумшугу жок Бакайсың
Туйгунуңду качырба!

Чыйырдыга кеп айтып,
Чын сөздү Манас эми айтып,
Акырет сапар жол тарттым
Ак сүтүң кечкин деп айтып.

Жакып ханга кеп айтып,
Жайлап сөздү көп айтып,
Атам Жакып, акыңдан
Ыразы болгун деп айтып,

Каныкейге кеп айтып,
Кайрат берип бек айтып,
Жалгыз балаң султанды
Жакшылап баккын деп айтып.

Бакайга керээз кеп айтып,
Баарыңар укун деп айтып,
Жашка толгон алашта
Карылар уккун деп айтып,

Чоролорго кеп айтып,
Кеп айтканда бек айтып,
Ынтымак болуп ичинден
Чогуу тургун деп айтып.

Керээзин айтып келтирип,
Кебин айтып болтуруп,
Кайрат айтып калкына
Келмесин айтып олтуруп,

Эр канаты эки кол
Экөө бирдей суналып,
Эр чырагы эки көз
Экөө бирдей тунарып.

## МАНАСТЫ АКЫРЕТТИК САПАРГА УЗАТУУ

6.
Алагар көзүн алайтып,
Акырет сапар жол тартып,
Кылагар көзүн кылайтып,
Кыямат сапар жол тартып,

Ажал жетип, күн бүтүп,
Иче турган суу бүтүп,
Кара көзү жумулуп,
Хан өлдү деп угулуп,

Асыл тенден жан кетип,
Алаштан Манас хан кетип,
Хан Манас өлгөн кабары
Канчалык журтка даң кетип,

Хан Бакай ыйлап өкүнүп,
Калың алаш өкүрүп,
Чоролор ыйлап чогулуп,
Чоң кайгыга жолугуп.

Чыйырды ыйлап чыңырып,
Каныкей ыйлап кансырап,
Карындашы Кардыгач
Канчалык ыйлап алсырап,

Кайыптын кызы кыз Сайкал
Ургачыда уз Сайкал,
Баатырлыгы Манаска
Бапбарабар туш Сайкал.

Өзү пери кайыбы,
Өзүндө жок айыбы,
Баатыр Манас султандын
Акыреттик зайыбы.

Найзакерде баатыр кыз,
Сөзгө чечен акын кыз.
Баатырлыгы Манаска
Бапбарабар жакын кыз.

7.
Күрөшкөнгө балбан кыз,
Балбандарча чалган кыз.
Дөөлөр менен тогошуп,
Далай намыс алган кыз.

Атышканга мерген кыз,
Алышканды жеңген кыз.
Сөзгө жүйрүк, кызыл тил,
Айтышканды жеңген кыз.

Акыреттик жар болуп,
Манаска сөзүн берген кыз.
Баатыр Манас султандын
Кеселин сурап келген кыз.

Беренимм, төрөм, ханым деп,
Периштелүү жарым деп.
Асылым, төрөм, ханым деп,
Акыреттик жарым деп,
Кыл чачын жайып тул болуп,
Кыз Сайкал ыйлап басылбай,
Кара бет Сайкал кансырап,
Капалыгы жазылбай.

Тулуңду сактап турам деп,
Туйгунга кызмат кылам деп,
Азаңды күтүп турам деп,
Асылга кызмат кылам деп.

Акыреттик жар болсом,
Тилегим кабыл жан болсом,
Алты айдын жүзүн көрбөстөн
Акырет кетип тынам деп.

Кыз Сайкал ыйлап олтурду,
Көзүнө жашын толтурду.
Акырет кеткен Манаска
Арманын айтып болтурду.

8.
Шооруктун кызы Накылай
Сунган бутун тартпастан,
Бу дагы ыйлап олтурду
Сумсайып сырын айтпастан.

Кожонун кызы Билерик
Кылган эмес күнүлүк.
Жаңыдан алган зайыбы
Колуктусу түбөлүк.

Жаш катын ыйлап жалдырап,
Санаса сөөгү шалдырап.
Башык элек жаш катын
Басылбай ыйлайт алдырап.

Канчалык ыйлап жабыркап,
Калың журтка муң болду.
Төрөсү өлүп бейбактар
Төрт катыны тул болду.

## КАНЫКЕЙДИН АРМАНЫ (КОШОГУ)

Каныкей айтат арманын
Бул дүйнөнүн жалганын.
Кара жаны кашайып,
Хан Манастан калганын.

Ар санатын келтирип,
Айтып ыйлайт Каныкей.
Ар жоругун бир санап,
Кайтып ыйлайт Каныкей.

Баласы жалгыз болгонун
Айтып ыйлайт Каныкей.
Бар жоругун ойлонуп,
Кайтып ыйлайт Каныкей.

Жараткан Кудай алды деп,
Жалгыздан жалгыз калды деп,
Жалгыз өлгөн оңорбу,
Жалынга мени салды деп.

9.
Жар жыгылса суу бөгөйт,
Хан өлсө калың чуу бөгөйт.
Кайрыларга канат жок
Жалгызыңды ким жөлөйт?

Жалгыз балаң Семетей
Беш жашка толук кирбеди.
Береним Манас өзүңдү
Атам деп анык билбеди.

Асылдан калган бир жалгыз
Ат жалын тартып минбеди.
Ат жалын тартып мингенче
Асылым Манас жүрбөдү.

Алтыга жашы чыкпады,
Атадан насаат укпады.
Атадан насаат укканча
Асылым Манас уктады.

Асылым өлгөн кезинде,
Ар жорук турат эсимде.
Алмамбет, Чубак болсочу
Мен кара бет жесирге.

Мен кара бет кашкөйгө
Баштагыдай убак жок.
Арманым айтып турарга
Алмамбет менен Чубак жок.

Кашымда карап турарга,
Ал, кадырым сурарга,
Кайсы бирин айтайын,
Ажыбай менен Сыргак жок.

Хан болдуң төрөм башында,
Казат кылдың жашыңда.
Кырктын башы кыраанмы
Же Кыргыл чал болбой кашымда.

10.
Ошол ноёндор өлдү казатта
Кандары күбө жасатта.
Энең кары, балаң жаш
Каныкей калдым азапта.

Казат кылдың калмакка,
Калмактын шаарын алмакка.
Калмак менен кытайды
Анык динге салмакка.

Кытайдын шаарын кыйраттың,
Кыйла жанды ыйлаттың.
Кайрылар тууган сенде жок
Каныкейди куураттың.

Жаңыдан алган жаш чороң,
Жайыңды билбес мас чороң.
Баркыңды билбес падышам,
Баарысы мага кас чороң.

Бирден тарап кетер дейм,
Кетпегенде нетер дейм.
Теңирге жазган Каныкей
Тентип жүрүп өтөр дейм.

Абыке, Көбөш эки иниң
Арамдар сөзгө келбес дейм,
Талаа толгон жылкыңдын
Бир тайдын күчүн бербес дейм.

Мен кара бет Каныкей
Бул кордукка көнбөс дейм.
Жалгызым аман турганда
Жабырдан бейбак өлбөс дейм.

Мен Каныкейге жүк түштү,
Карыган энең бүк түштү.
Жалгыздын жары Кудай деп,
Мага орун болбойт бу жайдан.

11.
Кашкөйлүгүн карматып,
Каныкей кылды кайратты.
Кызыл тилин безетип
Кыйла сөздү сайратты.

Айтып, айтпай пайда жок,
Ажал жеткен өлчү деп.
Жан аманат болгон соң,
Аманат жанды берчү деп.

Аманат дүйнө чиркинде
Ак жазганын көрчү деп.
Кудурет башка салган соң
Пендеси ыйлап көнчү деп.

Жетим жүрүп жетилди,
Жетимге Кудай берчү деп.
Аккан арык кур калбай,
Аккан суу ташып келчү деп.

Артында калган туугану
Өлгөндү жайлап көмчү деп.
Калк жыйылып келчү деп,
Кайратты мыктап берчү деп.

Мусулман пенде өлчү деп,
Калганы муну көмчү деп.
Мусулман пенде болгон соң,
Мүчөнү мыктап берчи деп.

Хан Бакай карап турба деп,
Кайраттан, көңүл бурба деп.
Казына аяп төрөмдөн
Кашкөйдү уят кылба деп.

Баласы жетим жаш калды,
Казына болсо бош калды.
Хан Манасты көмгөнчө
Калкты Бакай башкарды.

12.
Казынаны ачтырып,
Кайратты кабат чачтырып,
Кең-Колдогу мазарга
Келтирип гөрүн каздырып.

Үч кишиге жуудуруп,
Үч жыгачка буудуруп.
Жаназасын окутуп,
Жакшылап атын токутуп,

Жакыпты жайлап алышып,
Бакайга масилат салышып,
Падыша Манас султанды
Мазарга алып барышып,

Кара жерди оюшуп,
Хан Манасты коюшуп,
Катын-калач жесин деп,
Кара ашын мыктап союшуп.

Калк тарады кечинде,
Кечки салкын бешимде.
Анча түрлүү кеп-кеңеш
Каныкейдин эсинде.

Эрке катын Каныкей
Эми карап турбастан,
Кеңеш салып Бакайга
Кеп баштады бир баштан.

Кырк күнү куран түшүртүп,
Кыркын берип таратты.
Каныкейдин акылын
Калың алаш жаратты.

## КАНЫКЕЙ МАНАСКА КҮМБӨЗ САЛДЫРГАНЫ

Эми төрөмө күмбөз кылам деп,
Ташкенден уста алдырды.
Турпагы жакпай Таластын
Анжийанды чалдырды.

13.
Анжиандын нар жагы
Гүлүшөдөн алдырды.
Эки жыл бүтүн иштетип,
Гүлботодон салдырды.

Көк-жашыл сырдан сырдатып,
Көргөндү эстен тандырды.
Көз уялат караса,
Адамды айран калтырды.

Кышка жазуу ойдуруп,
Жазуугa отту койдуруп,
Көөхардан тунук жаркырап,
Көргөндүн көзүн тойдуруп,

Кынап менен кыш коюп,
Кымбат менен бышырып,
Бузулганча кетпес деп,
Күмбөз буга жетпес деп,

Каныкей атын калтырып,
Анык атын салдырып,
Өз атын кашкөй жаздырып,
Кышка мөөр бастырып,

Каныкейдин өз аты –
Темр хан койгон башында
Рабиа айым деп,
Жаңыдан туулган жашында.

Накыш салып ойдуруп,
Алтын сырдан койдуруп,
Манасты жазган башында,
Кырк чоросу  кашында.

Бул сарайга жазган катым деп,
Рабиа атым деп,
Султан Манас айымы
Сарайды салган катын деп.

14.
Эркелетип кашкөйдү
Каныкей койгон эр Манас.
Жердеген жери Чүй, Талас.
Жергеси бүтүн көп алаш.

Эрке катын Каныкей
Устаны алган кылдатып,
Сыпатын байкап билдирип,
Сынчыларга сынатып.

Өзүнчө жыйнап Каныкей
Өнөрлүүнү курдатып,
Кыял салып ойдуруп,
Кыштын баарын сырдатып.

Алты жүз эркеч майына
Кыш бышырып, бек салды.
Алты кылым өткөнчө
Турар бекен деп салды.

Жети жүз эркеч майына
Кыш бышырып, бек салды.
Жети кылым өткөнчө
Турар бекен деп салды.

Аккуласын мингизип,
Жоо жарагын кийгизип,
Асыл төрө султандын
Баатырлыгын билгизип,

Баатыр Манас башында,
Кырк чоросу кашында,
Кан Бакайы жанында,
Алмамбет, Чубак алдында

Баарысын катар тургузуп,
Сүрөтүн тартты сарайга.
Тумшуксуз кашкөй кылганы
Турарсың деп далайга.

15.
Кышка жазып кат койду,
Ак сарай деп ат койду.
Күмбөзгө жазып кат койду,
Көк сарай деп ат койду.

Күмбөздү кылып бүткөндө -
Эки жылга жеткенде.
Сарайды салып бүтүрүп,
Жанынан көчпөй олтуруп,

Сарайды санжап кылдырып,
Санаасын кашкөй тындырып.
Сарайды салып бүткөн соң,
Сарайдын тоюн кылдырып.

Акысын арбын, мол берип,
Усталарды тундуруп,
Усталарды жөнөттү
Жолго салып жылдырып.

Бул эки жылдын ичинде
Сарайын салып болтурду.
Эрке катын Каныкей
Көзүн жашка толтурду.

Бир журтунан көчпөстөн
Атагын сыйлап алаштын,
Арбагын сыйлап Манастын
Аза күтүп олтурду.

Шооруктун кызы Накылай
Эркек жандуу каапыр ай,
Беш ай чыдап турбастан.
Пейлин бузду бир баштан.

16.
Астыртан айтып кеп коюп,
Акым сенде деп коюп,
Көбөшкө айтып кеп коюп,
Көңүлүм сенде деп коюп,

Тийип алган Көбөшкө
Бир жыл чыдап турбастан,
Арбагын сыйлап Манастын
Аз күн сабыр кылбастан.

Сарамжалы бүткөн соң
Сайкал кеткен калкына.
Санжап менен аш өтүп,
Нуска калган артына.

Кожонун кызы Билерик
Кылган эмес күнүлүк.
Баатыр Манас султандын
Колуктусу түбөлүк.

Каза жетип, күн бүтүп,
Манастан кийин бул өлгөн.
Тилеги кабыл болду деп
Манас менен бир көмгөн.

Каныкей калган кайгырып,
Хан Манастан айрылып.
Күкүктөй үнү басылбай
Күйүтүн тартып зар кылып.

Сарайын көргөн даң кылып,
Сарамжалын жам кылып,
Атпай журтка Каныкей
Айтып сөзүн шар кылып.

Төрөмдүн ашын берем деп,
Жалпы журтка жар кылып.
Наркты бузду чиркин деп,
Накылайга ар кылып.

## КАНЫКЕЙ МАНАСКА АШ БЕРГЕНИ

17.
Эрке катын Каныкей
Эми кирди эрмекке,
Эл чакырып келмекке.
Манастын ашын бермекке.

Кайнатам болсо карыды деп,
Далай жашка барды деп.
Баатыр Манас өлгөн соң
Акылдан айнып калды деп.

Өкүл атам Бакай хан
Өзүнчө күйүп чок болуп,
Манасынан айрылып,
Баштагы акыл жок болуп.

Көбөш болсоң хан болдуң,
Көңкү журтка даң болдуң.
Кара жаның баккан соң
Калкаң тийбес жан болдуң.

Абыке болсо бек болдуң,
Алашка сөзүң эп болдуң.
Айткан сөзүм жакпаган
Армандуу бейбак жек болдуң.
Көрсөткөн сөзүм жакпаган
Көбөшкө неден кек болдуң?
Ургачы үйдө турчу дейт,
Ошол сөз менен тең болдуң.

Өзүм зайып, балам жаш,
Көзүмдөн агат мончок жаш.
Манастан кийин алашка
Абыке, Көбөш экөөң баш.

Күмбөзү болсо бүттү деп,
Бүткөнчө кашкөй күттү деп,
Казына даяр көбүнөн
Каражат кылдым түттү деп.

Баркын ойлоп көргүлө
Манас ашсыз калчубу?
Пайгамбар чапкан чоң жолдон
Башка жолго салчубу?

18.
Баштап кеткен Машайык
Баштагы наркты танчубу?
Манас ашсыз калган соң,
Атпай алаш, көп кыргыз,
Абыке, Көбөш иниси
Жакшы деп атак алчубу?
Эки киши сүйлөшсө,
Жанына жакын барчубу.

Бул айтканым калыс кеп,
Бул экөөңө келген намыс деп.
Кара кашка бир сөздү
Каныкей айтат наалыш деп.

Көрбөгүн каршы сөзүмдү,
Ачып кара көзүңдү.
Аш кимдики берүүчү
Көрсөткүн ашта өзүңдү.

Кадимден кыргыз аш берсе
Карысы бийлеп берүүчү.
Кары-жашы кеңешип,
Барып бийлеп берүүчү.

Хандын ашы болгон соң
Калк жыйылып келүүчү.
Катын, бала карынын
Айтканына көнүүчү.

Элет кыргыз болгон соң,
Эркеги бийлеп берүүчү.
Эл жыйылып бул ашка
Эт жейбиз деп келүүчү.

Уялбай ашты башкарып,
Ургаачы качан берүүчү деп
Ургачы кылган кызматтын
Урматын эркек көрүүчү деп

19.
Атаңды алып кашыңа,
Бакайды алып башына,
Абыке, Көбөш камынгын
Агаңар Манас ашына.

Казыйна даяр кенен деп,
Союучу малы белен деп,
Манаска кылган кайраттын
Баарысын таап берем деп.

Каныкей кылды кайратты,
Казыйнасын жайнатты.
Кылымга бүтүн аш бер деп,
Кызыл тилин сайратты.

Жакыпка жайлуу кеп болду,
Бакайга масаат эп болду.
Күүлдөгөн Көбөшкө
Көңүлдөн калгыс кек болду.

Акылман тууган Абыке
Артын ойлоп байкады.
Абышкалар билсин деп,
Алдына түшүп жайкады.

Көбөш турду күрсүлдөп,
Көөдөнү көөп түрсүлдөп.
Темир хандын доолусу
Ашын өзү билсин деп.

Каныкей кылса жардыкты,
Көрсөтүп турса бардыкты,
Кара бет айтып койгон соң,
Кылдым деп буга ардыкты.

Өзү билген шуркуя
Өзү билип берсин деп.
Катын билген бул ашка
Канетип адам келсин деп.

20.
Мен билсем ашты бербейм деп,
Бермек турсун көрбөйм деп.
Катындан жардык кеп угуп,
Хан Көбөш ашка келбейм деп.

Көөлдөгөн көркү бош
Көрсөтүп чырды баштады.
Көңүлү калган Каныкей
Бул чырынан качпады.

Баласынын жашынан
Масилет кеби аксады.
Аксаса да Каныкей
Айтып сөзүн какшады.

Балаңдын ашын бергин деп
Жакыпка жүгүн таштады.
Аксакалдар билсин деп,
Акылдан кашкөй шашпады.

Жакыпка жайлуу кеп болду,
Жарашыктуу эп болду.
Бакайга маслат кеп болду.
Аш бергени эп болду.

Акылга дыйкан Абыке
Айтып сөзүн төндүрүп,
Аксымдык кылган Көбөштү
Аш бергенге көндүрүп,

Бакай, Жакып баш кошуп,
Масилат кеби токтолду.
Карыса да Бакайга
Каш кайтарган жок болду.

Кеңешке берген ашында
Бакай турду башында.
Акыл кошуп Бакайга
Абыке турду кашында.

21.
Алашты бүтүн жыйнатып,
Абышкасын сыйлатып,
Ашка келбей калганды
Абыке уруп кыйратып,

Калкты бүтүн жыйнатып,
Карыларды сыйлатып,
Качып келбей калганды
Хан Бакай уруп кыйратып,

Кеңешке бээ сойдуруп,
Келгендин баарын кондуруп.
Аябай малын сойдуруп,
Алаштын баарын кондуруп.

Кеңеш аш деген ушул деп,
Келгенин майга тойдуруп.
Кеңешинде ат чабып,
Тайбуурул чыкты жаркылдап.

Байдын уулу Бакай хан
Кеп баштады чартылдап.
Баштан-аяк көп алаш
Баарың ук деп шартылдап.

Калың алаш сөзүмдү ук,
Хан Манас өлгөн, уктуңбу?
Кең-Колдогу мазарга
Калкы көмгөн, уктуңбу?

Каралуу катын салдырып,
Сарайы бүткөн, уктуңбу?
Сарамжалын даярдап,
Далайы бүткөн, уктуңбу?

Угулбай жүргөн Манас жок,
Уялбай турган алаш жок.
Жардыгыма көнөсүң,
Жалпы кыргыз, талаш жок.

22.
Манас ашсыз калчубу?
Манасты алаш танчубу?
Көзүн жумуп аш бербей
Көмүлчү жолго салчубу?

Манастын ашын катып жеп,
Жашырып койгон оңчубу.
Кадимден берки наркында
Мындай жорук болчубу?

Хан Манастын ашына
Калкка кабар берчү деп,
Калкка кабар кылган соң,
Калк жыйлып келчү деп.

Эр Манастын ашына
Элге кабар берчү деп,
Элге кабар кылган соң,
Эл жыйылып келчү деп.

Эл жыйылып келгенче
Сарамжалын бүтүрүп,
Даяр болуп турчу деп.
Ашты өткөрүп тынчы деп.

Бутатым жерде Букар бар,
Такыядай Ташкен бар,
Алакандай Анжиан
Кол башындай Кокон бар.

Кокондун беги Сынжыбек,
Ташкендин беги Кайымбек.
Букардын ханы Шамурат
Жанында айыл олтурат.

Буга кабар берүчү,
Чакырса ашка келүчү.
Өзүбек ашка келбесе
Ошондо Манас өлүчү.

23.
Эштек, маңгыт дайны бар,
Алайда көчмөн айлы бар,
Эштектердин Жамгырчы
Хан Жакыптын кайны бар.

Чын Жамгырчы азамат
Чыйырдынын агасы.
Эштектердин Жамгырчы
Эр Манастын тагасы.

Бул эштекке кабар жетүүчү,
Кеңешке эштек келүүчү.
Жамгырчы келбей калганда
Жаңыдан Манас өлүүчү.

Бай тактысы Котондо,
Баатыр Төштүк ошондо.
Башкарган калкы Кашкарда,
Элинин баары баш камда.

Төштүккө кабар берүүчү,
Чакырса ашка келүүчү.
Төштүк келбей калганда
Ошондо Манас өлүүчү.

Айран-Сууда Агыш бар,
Кызыл-Сууда Кожош бар.
Атбашыда Кошой бар,
Айтылуу Кошой ошол бар.

Кошойго кабар берүүчү
Чакырса ашка келүүчү.
Катаган келбей калганда
Хан Манас төрөм өлүүчү.

Чоң-Кеминде калаасы,
Чогол таздын баласы.
Сан кыргыздын сарасы,
Сарбан таздын баласы.

24.
Үрбүгө кабар берүүчү,
Чакырса ашка келүүчү.
Таздын уулу келбесе
Ошондо Манас өлүүчү.

Сары-Арканы жайлаган,
Сан казагын айдаган,
Келиштирип кермеге
Кертөбөлүн байлаган,

Көкчө-Тоону жайлаган,
Көп казагын айдаган,
Көк шиберге чалдырып,
Көкаласын байлаган,

Алты атасы хан болгон,
Адамдан аяр жан болгон,
Алты сан алаш калкында
Арбагы журтка даң болгон.

Адамдын аяр кексеси
Айдаркандын Көкчөсү.
Жайлап тозгон жайлоосу-
Сара-Арканын бөксөсү.

Кечээ аза кылып, бата окуп
Келип кеткен Таласка.
Баркын билип эр Көкчө
Бата кылган Манаска.

Ошол Айдаркандын эр Көкчө
Эр Манастын бажасы.
Көкчөнүн зайыбы Акэркеч
Каныкейдин эжеси.

Мурунураак өзүнөн
Буга кабар берүүчү.
Айдаркандын Көкчөсү
Акэркеч менен келүүчү.

25.
Ашка Көкчө келбесе,
Анык жооп бербесе,
Киши ордуна көрбөсө,
Ошондо Манас өлүүчү.

## АШКА ЧАКЫРУУ

Төрт азамат даяр бол,
Төр тарапка барасың.
Кагаз берем колуңа
Хандарга кабар саласың.

Акбалтанын Сердымак,
Агаң баатыр эр Чубак.
Эр Чубактар бир кызмат
Кылар кези ушул чак.

Сен Көкчөгө баргын деп,
Эрте кабар салгын деп.
Кагазды берип колуна
Ошол казактан тил кат алгын деп.

Ырамандын Ырчысы,
Сөзгө уста сынчысы.
Хан Манасты кубантып,
Кашында сайрап турчусу,

Ат-Башынын сазында,
Чештөбөнүн кашында,
Сен барасың Кошойго
Кошой баатыр ошондо.

Сен барасың алыска,
Тартынбагын барышка.
Чатыр-Көлдө жаткандыр
Кожош менен Агышка.

Алты ай турчу Котондо,
Алты ай турчу Кашкарда,
Алты шаар уйугур
Элинин баары баш камда.

26.
Элемандын эр Төштүк
Кашкарда болду кезеги.
Кашкарга алты ай туруучу,
Өзүмө дайын эсеби.

Эми жүрсөң үч күндө
Эр Кошойго барасың.
Атбашыда Кошойго
Анык кабар саласың.

Агыш менен Кожошту
Чатыр-Көлдөн табасың.
Чатырап жаткан жеринде
Жолуңдан кабар саласың.

Кашкардан барып беш күндө
Хан Төштүктү табасың.
Хан Манастын ашына
Хандарга кабар саласың.

Кагазды берип колуна,
Хандардан тил кат аласың.
Хандардын пейлин текшерип,
Абыдан чалгын чаласың.

Сен Коңгуроолуу байдын кош Абыш,
Манаска жоро дос Абыш.
Манас ашсыз калганда
Баарыбызга чоң намыс.

Сен Үрбүгө барып кел,
Эрте барып алып кел.
Жедигердин Багышка
Жетип кабар салып кел!

Агасынын ашына
Үрбү турсун башына.
Кат тийген заман бат келип,
Кара болсун кашыма.

27.
Келберсиген куу туяк
Келбей Үрбү жатабы?
Манаска кылган кызматын
Үрбү чиркин сатабы?

Көз көргөн таздын баласы
Бизден Үрбү качабы?
Турбай келсин бул ашка
Туугандын чыгат чатагы.

Жетим жүрүп жетилчү
Жергеге баш кошулчу.
Баштакыдай болучу,
Байтагына конучу.

Билбестик кылып ойлонбой
Бизден Үрбү качпасын.
Билеселүү эр болсо
Бул пейилди таштасын.

Аянбай айткын Үрбүгө
Кат тийген заман бат келсин!
Арбакты ойлоп билеби?
Агасына аш берсин.

Сен Чыңыроо байдын Чыңгышы,
Чыкпасын сөзүң кыйгышы.
Атка минип жөнөгүн
Ачылсын көзүң уйкусу.

Сөзүң калыс жан элең,
Төп сүйлөчү бала элең.
Кенже чоро сен элең,
Кебиңди укчу мен элем.

Кагазды алып колуңа,
Казыр түшкүн жолуңа.
Алайдагы Жамгырчы
Атпай эштек даң кылчы.

28.
Эштектердин Жамгырчы
Элине сөзүн шар кылчу,
Манаска келип кызматты
Эр Жамгырчы хан кылчу.

Мурун жетип кабар кыл,
Эр Жамгырчы келсин де.
Жалгыз жээни Манастын
Келип ашын берсин де.

Анжианда Сынжыбек
Атпай журту өзүбек,
Кошоматчы бейилдек
Кобураган сөзү көп,

Ташкендеги Кайымбек
Жалпы журтка дайын бек,
Жаныңда турат жанаша
Өзүң менен айыл бек.

Букардын ханы Шамурат
Жыгатайдын сарасы,
Бай тактысы Самаркан
Жыргал хандын баласы.

Балам Чыңгыш, барасың,
Баарына кабар саласың.
Кагазды берип колуна,
Кайтарып тил кат аласың.

Ашташ, тойлош болгон эл
Артын байкап ойлосун.
Айтып салам кат жаздым,
Ашка келбей койбосун.

Эми кабарчылар аттан деп,
Тез аттанып бат бар деп,
Менин айткан сөзүмдү
Унутпастан жатка ал деп.

29.
Так отуз күн – бир айда
Жерине Жакып конот де.
Алыскы жолго болжодум
Аш мезгили болот де.

Бакай, Жакып – эки хан
Катты мыктап жаздырып,
Аягына келтирип
Жыгалуу мөөрүн бастырып.

Чакырчуну жөнөттү
Чар тарапка баргын деп.
Катка жазган хандардын
Баарына кабар салгын деп.

Бакай, Жакып - эгиз хан
Масилат кеби тегиз хан.
Көңүлү жумшак Абыке.
Көөлдөгөн Көбөш хан.

Калкка кабар салышып,
Калкын жыйнап алышып,
Кээ кеңешчү кыз, келиндер
Каныкейге барышып,
Катын да болсо кашкөйдү
Чоң кеңешке алышып,
Чогулуп кыргыз баш кошуп,
Чечендер сүйлөп жарышып...

## БАКАЙДЫН ЖАРДЫГЫ

Эми Байдын уулу Бакай хан
Сөз баштады шартылдап.
Жалпы журтум уккун деп
Жардык айтып чартылдап.

Бул Манастын барында,
Дөөлөтүнүн шарында,
Киминде калды арманың
Хан Бакай  жүрдүм жанында.

30.
Казына болду ханында
Касиет болду карында.
Касиет тапкан чалдардын
Канчасы турат жанында.

Урмат көрдүң Манастан
Ургачы, эркек баарың да.
Менин айткан сөзүмө
Кары-жашың таарынба!

Карыларың нарк айтып,
Казыларын чалкайтып,
Жыргап жаттың көп кыргыз
Жигиттериң салт айтып.

Сүйгөнүн алып кучактап,
Душманын кармап тузактап,
Сүлөөсүн ичик, кундуз бөрк
Чалдарың сүрдү доорду.

Алтындан кемер курчанып,
Эриксе туйгун, куш салып,
Эрмегине кыз алып,
Балдарың сүрдү доорду.

Желбегей ичик жамынып,
Жел тийбесе камыгып,
Келеңгер чачбак салынып,
Кемпирлер сүрдү доорду.

Дарайы көйнөк, шайы кемсел,
Жарашыктуу тасма бел,
Шурудан тизген чач мончок
Келиндер сүрдү доорду.

Атилес көйнөк булактап,
Аста басып кылактап,
Жаш жигитти кулактап,
Тартып койсо чунактап,

31.
Кемчет бөркү жарашып,
Келтирип чачын тарашып,
Кыйгачтап көзүн карашып,
Кыздарың сүрдү доорду.

Жигитиң жинди мас болуп,
Ичкени чагыр аш болуп,
Ачуусу келсе чалдарың
Арак ичип мас болуп

Туурдугуң киш болду,
Ит аягың мис болду.
Көп журтум, сенин баарыңа
Көрүп өткөн түш болду.

Самооруң алтын мис болду,
Самаган ишиң туш болду.
Аптабаң алтын мис болду,
Айткан ишиң туш болду.

Салганың туйгун, куш болду,
Алганың сулуу кыз болду.
Баарыңды айтам уксун деп,
Бактыңа Манас туш болду.

Атпай алаш угуп тур,
Арманың барбы Манаста?
Манастан пайда көрбөгөн
Адамың барбы алашта?

Манас өлдү, кут кетти,
Туурдан туйгун куш кетти.
Ынтымак болуп турбасаң
Жалгыздан тарап журт кетти.

Намыс эрди өлтүрөт,
Ынтымак дөөлөт келтирет.
Ынтымактан айрылсаң
Келгениңди кетирет.

32.
Батыр Манас өлгөндө,
Баарыбыз ашын бергенде,
Кандай кызмат кыласың
Калк жыйылып келгенде?

Самабарың барылдап,
Кайнап турсун чайларың.
Калы килем, баяндос
Таза болсун жайларың.

Кыйылып каршы сөз айтпай
Кызмат кылсын байларың.
Союлуп турсун мейманга
Кысыр эмди тайларың.

Абдыра оозу ачылсын
Дасторконуң жазылсын.
Кант аралаш жер-жемиш
Каршы-терши чачылсын.

Берекени көргөндө
Меймандын көөнү ачылсын.
Мактанбагын барбайып,
Бала-чака дардайып...

Кыла турган Манаска
Кызматың болсун тымызын.
Кара сабаа көрөңгө
Даяр болсун кымызың.

Пейлиңди салып кызмат кыл,
Бээ калбасын байланбай.
Меймандар суусап калбасын
Бирде-бири жайланбай.

Чайың турсун кайналуу,
Дасторконуң жайналуу.
Мейманга берер тамагың
Даяр болсун жайлалуу.

33.
Кымызың болсун чайкалуу,
Кызматың болсун байкалуу.
Берилип турсун мелтиреп,
Сыр аякка чайпалуу.

Бозоң болсун сүзүлүү,
Арагың болсун асылуу.
Ачкыл тамак ичкенге
Күрүчүң болсун басылуу.

Түштүгүнө кой сойгун,
Түндүгүнө бээ сойгун.
Тапканың семиз тай сойгун,
Талыкпастан май сойгун.

Тай менен бээни таппасаң,
Жылкысы даяр Манастын.
Кызыл-буурул көп жылкы
Бетин бербейт Таластын.

Даяр болсун айтканым,
Даңкы кетсин алаштын.
Аш бергендер бул ашка
Араң жетип жанашсын.

Бул караңкалган жылкыдан
Кармап келип сойгула.
Казынадан жамбы алып,
Каныкейден теңге алып,
Кант менен чайын базардан
Дайар кылып койгула.
Жардыгымды уккун деп,
Жалпы мурза чыккын деп.

Кебелбестен тургун деп,
Келтирип кызмат клгын деп,
Кергеңе шруу азамат
Ашты өткөрүп тынгын деп.

34.
Байдын уулу Бакай хан
Жардыгын айтып уктуруп,
Жалпы алаш калкына
Кеп-кеңешин быктырып.

Абыкеге Көбөштү
Айттырып сөзгө жыктырып,
Азамат эрдин баарысын
Бел байлатып чыктырып.

Согумдарын тандатып,
Соёр малын камдатып,
Көлүгүн сынап тандатып,
Күрүчүн алып камдатып.

Куу токойдон кыйдырып,
Отунун алып жыйдырып,
Жүз кемеге каздырып,
Казанын койду астырып.

Акылын айтып өткөрүп,
Аппак үйдөн көтөрүп,
Кеңешип кебин өткөрүп,
Келтирип үйүн көтөрүп.

Эл келгенче күтүнүп,
Сарамжалын бүтүрүп,
Баштан-аяк жайланып,
Бар жарагын шайланып.

Карап турду камынып,
Калың кыргыз жабылып,
Качан конок келет деп
Жолун тосуп сабылып.

## КАБАРЧЫЛАРДЫН КАТ АЛЫП ЖӨНӨШКӨНҮ

Эми чакырчуунун кеби бар,
Сайрап өтөр эби бар.
Катка салган хан Бакай
Кабар берер эби бар.

35.
Чакырчулар кат алып,
Жакып хандан бата алып,
Кабарчылар кат алып,
Хан Бакайдан бата алып,

Карылардын айтканын
Көңүлүнө жат алып,
Ат чаалыгып калат деп,
Экиден мингич ат алып.

Кош ат алып колуна
Чакырчуу түшкөн жолуна.
Жолго салып каргытып,
Аңгемесин арбытып.

Бет-бетинен барышты
Кабар кылчу элине.
Катка салып хан Бакай
Карал кылган жерине.

Коңгуроолуу байдын кош Абыш,
Манаска жоро дос Абыш
Хан Манастын тушунда
Колу, жолу бош Абыш.

Аңгеме бар кебинде,
Барган эмес тегинге.
Эр Үрбүнүн алдына
Абыш барды Кеминге.

Катын берип Үрбүгө,
Кош Абыш сайрап кеп салды.
Үрбү баатыр, уккун деп,
Кеп салганда деп салды.

Өзүң тууган кыргызсың,
Кыргызда чолпон жылдызсың.
Атпай кыргыз калкынын
Арбагынан жылгыссың.

36.
Эр Манастын ашына
Чакырып, Үрбү, келдим деп,
Келгенимди көрдүң деп.
Эрте жооп бергин деп.

Хан Бакай берген кагазын
Үрбү, сага бердим деп.
Кат алдым деп колума
Кагаз кылып бергин деп.

Жакып агаң кеп айтты,
Жайлап сөздү көп айтты.
Бакай агаң кеп айтты,
Бачым келсин деп айтты.

Каныкей сага кеп айтты,
Казыр келсин деп айтты.
Агасы баатыр Манастын
Ашын берсин деп айтты.

Агаң Манас баатырдын
Ашына келип турсун дейт,
Аш башкарып эр Үрбү
Аңгемени курсун дейт.

Элден мурун келсин дейт,
Эсебин элдин көрсүн дейт,
Агасы баатыр Манастын
Ашын келип берсин дейт.

Бакайга балда жеткен кез,
Баштагы заман кеткен кез.
Карылык каршы келген кез,
Хан Манасы өлгөн кез.

Бакайдын жолу байланган,
Баштагы заман айланган.
Абыке, Көбөш эки иниң
Акмактыкка шайланган.

37.
Эрке катын Каныкей
Күмбөзүн салып болтуруп,
Күмбөзүнүн жанында
Күйүп ыйлап олтуруп,

Сарай бүтүп болгон соң,
Санаасына толтуруп,
Аш берүүгө камынды,
Арманын айтып олтуруп.

Катын да болсо Каныкей
Ашка кылды кайратты.
Кеңешин берип өткөрүп,
Келгендин көөнүн жайлады.

Жакыпты алып жанына,
Бакайды алып башына,
Кашкөй жеңең камында
Хан Манастын ашына.

Сарамжалдуу Каныкей
Салам айтты өзүңө.
Саламын айтып берейин
Сал кулагың сөзүмө.

Агасы Манас өлгөнүн
Алсын деп айтты эсине.
Абыке, Көбөш аз калды
Каныкейди жешине.

Хан жакып, Бакай карыды дейт,
Далай жашка барды дейт.
Жакшы, жаман атак сөз
Үрбү, сага калды дейт.

Каныкей сага кеп айтты,
Кеп айтканда көп айтты.
Үрбү, сенин өзүңдү
Көчүп келсин деп айтты.

38.
Көчүп келген жеринде
Көзүм көрсүн деп айтты.
Ашын келип Манастын
Өзү берсин деп айтты.

Баласы жалгыз жаш болду
Бир атадан аз болду.
Абыке, Көбөш эки иниң
Каныкейге кас болду.

Каралашар эки иттин
Кара боору таш болду.
Кайрылсаң жалгыз жетимге
Өзүң берчү аш болду.

Шооруктун кызы Накылай
Эрге шуттуу каапыр ай.
Жарым жыл чыдап турбастан,
Манаска зыйнат кылбастан,

Уктуң бекен, жок бекен
Тийип кеткен Көбөшкө.
Барар болсоң бул ашка
Бачым камын жөнөшкө.

Каныкейдин кебин ук,
Кайрат кылган демин ук.
Аш берем деп Манаска
Элге кылган эбин ук.

Барсаң даяр жол мына,
Барарыңды өзүң бил,
Карыды деп кордобой,
Хан Бакайды көзүңө ил.

Деп Сарбандын уулу Үрбүдөн
Тил кат алып колуна,
Кат колуна тийген соң
Карабастан соңуна,

39.
Эми түштү кош Абыш
Эр Багыштын жолуна.
Багышка жетип кат берип,
Кат бергенде бат берип,

Ашка Багыш, келгин деп,
Аңгемени көргүн деп.
Кабар берип бир баштан
Кайра тартты турбастан.

Ашка Багыш келер деп,
Аңгемени көрөр деп.
Тил кат алып колуна,
Салды Талас жолуна.

Эми Акбалтанын Сердымак
Агасы баатыр эр Чубак,
Акбалтадан бери жакка
Жакып менен жанаша.

Манас менен байланган,
Баатырлыкка шайланган.
Ар кызматтан тартынып,
Айныган эмес эч качан.

Манаска Кудай берсин деп,
Бата кылган беш убак.
Жетип барды Көкчөгө
Жездем келдүү куу туяк.

Батырлардын ноену
Барды Көкчө кашына.
Кабарчыга келдим деп,
Хан Манастын ашына.

Ашка келип эр Көкчө,
Турсун деди башына.
Баатыр Көкчө келсин деп
Бажасынын ашына.

40.
Өткөн-кеткен кепти айтып,
Өзүнө жаккан эпти айтып.
Көрүп барган кепти айтып,
Көкчөгө жаккан эпти айтып.

Бакай, Жакып - эки хан
Сага берген каты деп,

Отуз күндө куралат
Эр Манастын ашы деп.

Катын берип Көкчөгө,
Кайтарып Тил кат кат алып,
Хан Бакайдын жардыгын
Унутпастан жат айтып.

Катын алып колуна,
Кайрылбастан соңуна,
Кайра тартты Сердымак,
Таласка келчү жолуна.

Ырамандын Ырчысы,
Сөзгө жүйрүк сынчысы,
Кабар тапчуу чалгынчы
Хан Манастын тыңчысы.

Ат-Башынын сазында,
Чеш-Дөбөнүн кашында,
Катагандын хан Кошой,
Калың журтка даң Кошой,

Жаткан экен чебинде,
Алтын-Эмил жеринде.
Карыя Кошой нарк айтып,
Катагандын элинде.

Эр Кошойго кат берип,
Кат бергенде бат берип.
Калган сөздү Ырчыуул
Баарын айтып жат берип

41.
Аштын жайын билдирип,
Аңгеме айтып күлдүрүп.
Элдин жайын билдирип,
Эрмек айтып күлдүрүп.

Манас сага бала эле,
Бактысы артык жан эле.
Жалпы түрктүн үстүнөн
Карап турган хан эле.

Балаң Манас баатырдын
Ашын барып көргүн деп,
Баркын ойлоп балаңдын
Башына өзүң тургун деп.

Балдар барсын дебестен,
Ашына өзүң тургун деп.
Ашка кылчу мөрөйдү
Өзүң билип кылгын деп.

Эр Кошойго кеп айтып,
Кеп айтканда эп айтып,
Эрдик кылып карыя,
Эрте баргын деп айтып.

Агыш менен Кожошко
Алып барып кат берип,
Кат бергенде бат берип,
Калган сөздү жат берип.

Обонбайдын балдары,
Каттан окуп кангын деп.
Ушул ашка баргын деп.
Калың олжо алгын деп.

Койторуңду чапкын деп,
Койбой олжо тапкын деп.
Казкаранды чапкын деп,
Калың олжо тапкын деп.

42.
Мындан жүрүп каргытып,
Мол жүрүшүн арбытып,

Кашкардагы хан Төштүк
Калың журтка даң Төштүк.
Түп атасы Бара хан,
Чоң атасы Кара хан.
Өз атасы Элеман.
Элеманандын Эр Төштүк.

Кашкардагы ханына
Кабар берип баарына.
Ырамандын Ырчыуул
Барды Төштүк жанына.

Барса Төштүк Кашкарда
Калкы жаткан баш камда.
Калк атасы хан Төштүк
Калкын билип жатканда.

Бакайдын жазган каты деп,
Манастын болду ашы деп,
Аш берилбей кечиккен
Баласынын жашы деп.

Семетейди жашсынтып,
Бакайды кары дебестен,
Өлгөн Манас баатырдын
Жүзү нары дебестен,

Баатыр Төштүк, аттанып,
Барып кал деп бул ашка.
Барбай калсаң бул ашка
Баласы жетер кубатка,

Карыганда наркты буздуң деп,
Кааларсың Төштүк, уятка.

Ырамандын Ырчыуулу
Кагазын берип хандарга,
Кабар салып уктуруп,
Канча түрлүү жандарга.

43.
Аябай анык жаздырып,
Алтын мөөрүн бастырып,
Кат алдым деп, Төштүк деп
Кагаз алып колуна,
Кайра тартты Ырчыуул
Таласка барчу жолуна.

Чыңыроо байдын Чыңгышы
Таластан чыгып аттанып,
Колуна жазган катты алып,
Бакайдын сөзүн жатка алып,

Жолдон берип өтөм деп,
Чыңгыш барды Коконго.
Сарттын беги Сынжыбек
Олтуруптур ошондо.

Сынжыбекке кат берип,
Кат бергенде бат берип,
Манастын ашы болот деп,
Баштан-аяк жат берип.

Сартым, ашка баргын деп,
Саратты сынга салгын деп,
Сарат кирсе байгеге
Санап олжо алгын деп.

Кат алдым деп Сынжыдан
Кагаз алып колуна,
Эштектерге бармакка
Эми түштү жолуна.

Күндөп-түндөп каргытып,
Жол жүрүшүн арбытып,

Чыңыроо байдын баласы
Чыңгыш барды Алайга.
Манастын ашы болот деп,
Даңкы кетти далайга.

44.
Эштектердин Жамгырчы
Жетиш хандын баласы,
Чыйырдынын иниси –
Эр Манастын тагасы

Жамгырчыга кеп айтып,
Жайланып ашка баргын деп,
Бакай, Жакып кат берди
Берген катын алгын деп.

Бат кел деди өзүңдү,
Бачым жолго салгын деп.
Аш мезгили аз калды
Аянбай жүрүп баргын деп.

Аш куралып башталды,
Ашка мурун келсин дейт.
Кечикпей келип Жамгырчы
Кеңешин таап берсин дейт.

Бакай жазган катты ал деп,
Бул сөзүмдү жатка ал деп,
Жетиш хандын баласы
Тез аттанып, бат бар деп.

Бакайдын сөзүн эп көр деп,
Акылга туура деп көр деп.
Башында туруп Жамгырчы
Өзүң ашты өткөр деп.

Кат алдым деп колума,
Хан Жамгырчы кат бер деп.
Бакайдын айткан жардыгы
Кат берсең да бат бер деп.

Катын алып колуна,
Карабастан соңуна,
Чыңгыш түштү чыңданып,
Шамурат хандын жолуна.

45.
Букардагы Шамурат
Буурул сакал чал экен.
Касиети башкача
Ханга ылайык жан экен.

Ханга барып кат берип,
Кат бергенде бат берип.
Хан Бакайдын сөзү деп,
Калган сөзүн жат берип.

Хан Шамурат алганың
Хан Бакайдын каты деп.
Казыр жөнөр кезегиң
Манастын болду ашы деп.

Ашка ханым, баргын деп,
Аңгемени салгын деп.
Атың келсе байгеден
Калың олжо алгын деп.

Кат алдым деп дайындап,
Кагаз чийип бергин деп.
Калк жыйылып көп келет
Тамашаны көргүн деп.

Кагаз алып колуна,
Кайрылбастан соңуна,

Чыңгыш түштү шартылдап,
Кайымбектин жолуна.

Ташкендеги Кайымбек
Даңкы журтка дайын бек.
Ташкен Талас жанаша
Жанындагы айыл бек.

Кайта келер жолунда
Келер жолдун оңунда.
Жакын жерге кабарды
Берем деген соңунда.

46.
Чыңырообайдын Чыңгышы
Адамга ысык жылдызы.
Келишимдүү кештелүү
Кийгени кызыл кырмызы.

Атасы  Чыңроо атактуу
Ак калпакта дайындуу.
Алаштын анык кыргызы
Адамда сыпаа турмушу.

Ташкенге келди бегине
Таластын келди жээгине.
Кайымбек, кулак салгын деп,
Хан Бакайдын кебине.

Кайымбекке кеп салды,
Кеп салганда бек салды.
Катын берип колуна
Кабарым ушул деп салды.

Айлыбиз жакын биргелеш,
Кулунубуз ширгелеш.

Кадымдан бери Кайымбек,
Ынтымагың биргелеш.

Ашташ, тойлош айылыбыз
Ашка барар кезегиң.
Эл алдында эртелеп,
Башка барар кезегиң.

Жакын туруп бир кабар
Албай койдуң Кайымбек.
Бата кылып Манаска
Барбай койдуң Кайымбек.

Манастын ашы болот деп,
Барган эл таркап конот деп.
Алыскы элдер келди деп,
Ашты Бакай берди деп.

47.
Ашка барбай калган жан
Көргүлүктү көрдү деп.
Көрмөк турсун Бакайдан
Көзүм жетет өлдү деп.

Кайымбегим, аттан деп,
Тез аттанып, бат бар деп.
Ашка барам дедирип,
Сарамжалын жедирип.

Кагаз алып колуна,
Кайрылбастан соңуна,
Чын Таласка жеттим деп,
Чыңгыш түштү жолуна.

Ашка барган кабарчы
Кабар берип хандарга,

Калк аралап октуруп,
Канча түрлүү жандарга.

Кабарчылар келишип,
Хан бакайга көрүшүп.

Калкка кабар бердик деп,
Кебин айтып беришип.

Айтып сөзүн урганда,
Азыр келип турганда.

## АШКА ҮРБҮ, КОШОЙ, КӨКЧӨНҮН КӨЧҮП КЕЛИШИ

Ал аңгыча болбоду
Сан кыргыздын сарасы,
Сарбан таздын баласы
Чоң keминде калаасы.

Калкын жыйып кеңешип,
Хандар менен эгешип,
Көркөм үйүн чечтирип,
Көп кыргызын көчтүрүп.

Айдап жолго салам деп,
Ашка көчүп барам деп.
Агам Манас ашында
Барып конок алам деп.

48.
Токсон бээни ашына
Толук кылып соём деп,
Калган малды кашына
Токтотуп таштап коём деп.

Манастан аяп калбайм деп,
Мал күтөм деп барбайм деп.

Алда канча даң менен,
Узун аяк мал менен,
Конок күтүп кол байлап,
Кызмат кылчу жан менен,

Үрбү келди бир бетке,
Конуп калды бир четке.

Хан Манастын ашында,
Хан Кошою кашында
Катагандын ноёну
Агыш, Кожош кашында.

Балам Манас ашына,
Бакай жазган катына,
Кантип барбай коём деп,
Барганымда барбайып,
Хан Кошойуң дардайып,
Канетип конок болом деп.

Кадеми каткан Бакайга
Уялбай кантип коном деп.
Чагатай менен Калдаңга
Калган малым болор деп.

Балам Манас ашына
Бара турган чагым деп.
Барбай кантип коёмун
Чагатай, Калдан камын деп.

Эки балам, тургун деп,
Элиңе кеңеш кылгын деп.

Элиң менен кеңешип,
Эрте көчүп жылгын деп.

49.
Токсон беште табында,
Торго түшкөн чагында,
Сакалынын агында
Сапар кетер чагында.

Аппак болуп түлөгөн,
Аябай жаштан жүдөгөн.
Катагандын жаштарын
Кайрат берип бүлөгөн.

Эр Кошойдун Калданы
Катагандын далдалы.
Эли менен кеңешип,
Сарамжалын камдады.

Саачу бээсин айдатып,
Сарамжалын жайлатып,
Кызмат кылчу жигиттен
Кылдап алды шайлатып.

Сойчу бээсин тандатып,
Согумдарын камдатып.
Кысырак семиз байталдан
Кырк байталды айдатып.

Аксакалдар билсин деп,
Айтып сөзүн кечирип,
Чагатай, Калдан камынып,
Катаганын көчүрүп.

Хан Кошойуң даң менен,
Карыганда шар менен,
Убайын качан көрөм деп,
Узун аяк мал менен,

Кошой келди бир бетке,
Конуп калды бир четке.

Анын арка жагынан
Ниетинин агынан,
Айдаркандын эр Көкчө
Эми келди жаңыдан.

50.
Көп казагын самсытып,
Конгон жерин жарсытып,
Акэркечти койкойтуп,
Алдына салып жаркытып.

Жаңыдан атка мингизип,
Үмөтөйүн ээрчитип,
Жалгыз балам барсын деп,
Жаш кулундай телчитип.

Көкаласын каргытып,
Аңгемесин арбытып,
Кертөбөлүн түйүлтүп,
Келиштирип кийинтип.

Акундарын ырдатып,
Аңгемесин ырбатып,
Көчкөн бойдон бу келди
Көп казагын жыргатып.

Тогуз атка тул тартып,
Токсон байтал айдатып,
Берендигин карматып,
Берер малын жайлатып.

Кыз оюнга баргандар
Кылдатып жигит тандатып.
Аты, тонун келтирип,
Азем менен камдатып.

Учан теңиз даң менен,
Узун аяк мал менен.
Көп казагын дүргүтүп,
Көчүп келди шар менен.

Манаска кызмат кылам деп,
Башында өзүм турам деп.

Көкчө келди бир бетке
Конуп калды бир четке.

## КОНОКТОРДУН КЕЛИШИ

51.
Элеман хандын эр Төштүк,
Жоо бөөрүсү шер Төштүк.
Нарымдын баары кызыл деп,
Ашка батам ушул деп.

Толук кылып жайлатып,
Тогуз нарды айдатып,
Калың кыпчак кылкылдап,
Жолго түшүп шылкылдап.

Келди Манас ашына
Кемегенин башына.
Конок болуп бул келип,
Келгенин анык көз көрүп.

Букардын ханы Шамурат,
Ташкендеги Кайымбек,
Анжианда Сынжыбек
Атпай журту өзүбек.

Эр Манастын ашына
Бара турган кези деп,
Барбай калсак уят деп,
Падыша султан өзү деп.

Базардын тонун жыйнатып,
Базбаздарды кыйнатып,
Толтуруп тонун жыйнатып,
Тонпурушту кыйнатып.

Атка жүктөп арттырып,
Аркан менен тарттырып,
Келип калды кербендер
Сатпай чапан бергендер.
Сандыргалуу бектердин
Салтанатын көргөндөр.

Аргымагын кекейтип,
Көк жекесин тепейтип.

52.
Мала селде башында
Матырайта чалынып,
Баатыр Манас ашына
Баштан-аяк камынып.

Келди Манас ашына
Кемегенин башына.
Конок болуп бул келди
Келгенин анык көз көрдү.

Ал аңгыча чыр чыкты
Чырга аралаш сыр чыкты.

Нойгуттун уулу Шыгай хан
Манаска ичи кара экен,
Манаска түйүп сактаган
Башында кеги бар экен.

Баатыр Манас өлгөндө
Келип бата кылбаптыр.
Кеңешин айтып турган деп
Келип карап турбаптыр.

Канкор кул ырас өлдү деп,
Кабагын ачып жыргаптыр.
Бакай, Шыгай ортосу
Ачылып иши ырбаптыр.

Байдын уулу ит бакай
Мага кабар бербейт деп,
Хан шыгайды адам деп,
Калк ордуна көрбөйт деп.

Тим жүрсүн Бакай кордобой,
Эми тирилип Манас келбейт деп.
Зордугуна Бакайдын
Соо турган Шыгай көнбөйт деп.

Барбаймын деп ашына
Бакай кулдун кашына.
Чындап жиним кармаса,
Чыр баштаймын ашына.

53.
Абыке, Көбөш эки иттин
Кылып турган ишин көр.
Аяр чалдын буларга
Жорутуп турган түшүн көр.

Башында ашты пайлабай,
Бакайды мурун жайлабай,
Калк ичине тургузбай
Кара өпкө чалды айдабай!

Ак сарайды салдырбай,
Алыстан турпак алдырбай.
Каныкей салган сарай деп,
Атагын күңгө калтырбай,

Манаска ашты бердирбей,
Баласын мурун өлтүрбөй,
Балекеттүү долунун
Башына балда келтирбей,

Чындап жабыр келтирбей,
Чырагын мурун өлтүрбөй.
Чын Темиркан шаарына
Чыркыратып кетирбей.

Эч нерсе кирбей оюна,
Этиет болбой боюна,
Эми башы кармалды
Манаска берген тоюуна.

Алдап Бакай чаргытып,
Аңгемени арбытып,
Эки итти жолго салыптыр
Эрмек таап алыптыр.

Барбагын деп бул ашка
Шыгай хан ашка келген жок.
Туугандыктын жөнүнөн
Туура сөзгө көнгөн жок.

54.
Башында Манас өлгөндө
Бата кылбай таштаган.
Балекеттүү Шыгай хан
Жаман жорук баштаган.

Манасты гөргө көмдүрүп,
Көбөштү сөзгө көндүрүп,
Манастын малын алмакка
Кеңешин кылган төндүрүп.

Манастын уулу Семетей
Жакшылык бизге кылбайт деп.
Жаш жетимди жайлабай,
Жалпы алаш тынбайт деп.

Семетей өлбөй турганда
Каныкей бизге сыйбайт деп.
Канкорду тартса Семетей
Канетип адам жыргайт деп.

Келтирип сөзүн соктогон,
Кеңеши мурун токтогон.

Эми жедигердин эр Багыш
Элдин арка жагынан,
Эр Манастын ашына
Эми келди жаңыдан.

Айдап келген малы жок,
Кылып келген камы жок.
Аза бата жөнүндө
Ал санаты деги жок.

Келди Манас ашына
Кемегенин башына.
Конок болуп бул келди
Коркойуп Багыш көр келди.

Эштектердин Жамгырчы
Жолу алыс, жете албай.
Асыл Манас султандын
Арбагынан кете албай,

55.
Эми келди Жамгырчы
Элдин кийин артынан.
Басылбастан көп ыйлап,
Манастын өлгөн дартынан.

Жайлоом алыс – Алайда
Көчүп жетем далайда.

Самаркандын бер жагы
Шаарсабиз калаам деп,
Мындай эмес санаам деп,
Келбеске барбы чамам деп.

Бакайды Кудай атпаса,
Айын алыс болжобой,
Алыстан келген жетпейт деп,
Анча-мунча ойлобой,

Катка жазган күнү өтүп,
Отуз бүгүн толду деп.
Ашыккандан бат жүрдүм
Аш мезгили болду деп.

Жерим алыс жете албай,
Арбак сыйлап кете албай,
Бачым келдим деп келдим
Бакай, сенден өтө албай.

Токсон кызыл нар алып,
Токсон жамбы зар алып,
Тогуз атка тул тартып,
Он эки күн жол тартып.

Токсон жамбы, токсон нар
Толук кылып берем деп,
Барбай калсам бул ашка
Бакайды кантип көрөм деп.

Сапар кетер чак болду,
Жашым жетти өлөм деп,
Жакып турса жанында
Жардыгына көнөм деп,

56.
Эштектердин Жамгырчы
Келип калды кечинде.
Кебин жайлап уктуруп,
Кечки салкын бешимде.

Үрбү көчүп келгенде,
Үйө токуп бергенде,
Келип ашка үй тигип,
Кейигенин көргөндө.

Тууган деген ушу деп,
Бул туйгундун кылар иши деп.
Жакын деген ушу деп,
Бул жакшынын кылар иши деп.

Бети менен келди деп,
Келгенин көзүм көрдү деп.

Чакырып алып хан Бакай
Ашты Үрбүнү бил деди.
Сенден башка бийлечү
Аштын ээси ким деди?

Бакай, Жакып карыдык деп,
Далай жашка бардык деп.
Хан Манастан айрылып,
Как талаада калдык деп.

Жөндөн келген сөз болсо,
Жооп айтып тургун деп,
Жан аябай агаңа
Жакшылап кызмат кылгын деп.

Кошой, Төштүк келгенде
Көкчөнүн көзүн көрдүк деп.

Хандарга кеңеш салам деп,
Калыстан жооп алам деп.
Сенден башка күйчү ким?
Өзүң билгин балам деп.

Ал аңгыча эл келип.
Эл келгенде көз көрүп.

57.
Хандарга кеңеш салам деп,
Хан Бакай сайрап сөз берип.

Хан Бакайың шартылдап,
Кошойду алып башына,
Көкчө менен Төштүктү
Чакырып алып кашына

Үрбүнү алып жанына
Масилат салды баарына.
Эр Бакайың кеп салды,
Кеп салганда деп салды.

Конок келип болду деп,
Эл жыйылып толду деп.

Бакай, Жакып карыдык деп,
Өлүүчү жашка бардык деп.
Манас өлүп темселеп,
Баш көтөрбөй калдык деп.

Арбактудан хан келдиң,
Алдаканча жан келдиң.
Кеңеш салчуу хан келдиң,
Кеп сурачу жан келдиң.

Бириң чыгып сүйлө деп,
Ушул ашты бийле деп.
Укпадык деп артында
Ушак кылып жүрбө деп.

Баштан-аяк бар сөзүн
Бакай айтып басылды.
Канетсин Бакай шордуу деп,
Калктын көөнү ачылды.

## АШ БАШКАРГАНГА ҮРБҮНҮН ШАЙЛАНЫШЫ. КОНОК АЛУУ САЛТАНАТЫ

Эми баатыр Кошой баркылдап,
Ак сакалы жаркылдап,
Бакай ырас айтат деп,
Баштады сөздү шартылдап.

58.
Мен болсом да карыдым деп,
Токсон бешке бардым деп.
Манас өлдү деп угуп,
Баштагы эстен тандым деп.

Көкчө, Төштүк, сүйлө деп,
Бириң туруп бийле деп.
Бийлебесең мен айтам
Айып көрүп жүрбө деп.

Чоң кеңешин токтотуп,
Акыл менен кылабыз.
Уят болбой душманга
Ашты өткөрүп тынабыз.

Жаш эмеспи жалка элек
Ашты Үрбү билсин деп.
Пейлин салып бул ашка
Белин чечип кирсин деп.

Катагандан эр Агыш
Каралашып жүрсүн деп.
Түп кеңеши Бакайга
Туюм болуп турсун деп.

Жеңил балдар билсин деп,
Желип-жортуп жүрсүн деп.
Жакшылап жарчы алсын деп,
Жардыкты мыктап салсын деп.

Зарыгып конок калбасын
Уятка бизди салбасын.
Тез аттанып баргын деп,
Конокту бөлүп алгын деп.

Жардык берип Үрбүгө
Жалпы хандар аткарды.
Жанына алып Агышты
Ашты Үрбү башкарды.

59.
Үрбү кылды жардыкты,
Көрсөтөм деп бардыкты.
Элден-журттан эч адам
Кылбасын деп тардыкты.

Камчым тийип калган жан
Хан болмоктон дөө болсун,
Дөөлөргө барып ээ болсун.
Кылбасын деп ардыкты.

Жарчы башы Жалгасын,
Жардыгымды кармасын.
Менин айткан жардыгым
Жанга айтылбай калбасын.

Жалпы журтту башкарган
Ханга айтылбай калбасын.

Менин айткан жардыгым
Көпкө айтылбай калбасын.
Көптүн башын кармаган
Бекке айтылбай калбасын.

Мейман болсоң бөлүн де,
Бет алдымдан көрүн де.
Конок болсоң бөлүн де,
Кош-кошуңдан көрүн де.

Туугa карап бөлүн де,
Туу түбүнөн көрүн де.

Ханга карап бөлүн де.
Хан кашынан көрүн де.

Бекке карап бөлүн де,
Бек кашынан көрүн де.

Жалгыздан конок турбасын,
Жардыгымды тыңдасын.
Жалгыз калган конокту
Жасоолдорум урбасын.

Жалгыз калып темселеп,
Жанына жабыр кылбасын.

60.
Деп Жалгасынды аткарып,
Жар салдырып турганда,
Жалпы  мейман бөлүн деп,
Жардыкты Үрбү кылганда,

Жалпы мейман аттанып,
Жардык угуп шаттанып,
Жалгыз адам турбастан,
Жанынан чочуп сактанып,

Туугa карап бөлүндү,
Туштараптан көрүндү.

Ханга карап бөлүндү,
Как алдынан көрүндү.

Бекке карап бөлүндү,
Бет алдынан көрүндү.

Эми баатыр Үрбү баркылдап,
Жардык айтып чартылдап,
Обонбайдын эр Агыш
Оолугуп сүйлөп шартылдап.

Кырк чоролор кайда деп,
Кызматы бизге пайда деп.
Манастын ашын уктуңбу
Пайдаң ушул жайда деп.

Манастын тузун таттың деп,
Баарың жыргап жаттың деп.
Кыркың келип кырк жерден
Карк дөөлөткө баттың деп.

Бакайды алып башыңа,
Байматты алып кашыңа,
Конок берем бөлүп ал,
Талашпай карап жашыңа.

Букардан келген ханы бар,
Хан Шамурат дагы бар.
Жыгатай менен өзүбек
Жыйылып келген баары бар.

61.
Кокондон келген беги бар,
Бектерде сонун кеби бар.
Кокондон келген Сынжыбек
Конок болор эби бар.

Ташкенден келген беги бар,
Кадырга келген кеби бар.
Кадырга келген Кайымбек
Конок болор эби бар.

Бакайга берип Сынжыны
Башкасын бөлүп алгын деп.
Ханга, бекке бергисиз
Кашкасын бөлүп алгын деп,

Өзбек, сарттан калтырбай
Кыркың бөлүп алгын деп.
Тартынбастан тай союп,
Дасторконго салгын деп.

Тоолуктун жайын билесиң
Кол тартпагын арбын деп.
Эшикте мейман турбасын
Эртелеп алып баргын деп.

Кырк чоронун кырааны,
Кыраан турсун тынары,
Эр Манастын ашына
Кызматын өзү кылаары,

Эски чоро эстүүсү
Коңгуроолуу байдын кош Абыш.
Жаңы чоро жайлуусу
Чыңыроо байдын эр Чыңгыш.

Жалпы чоро келмек деп,
Жайланып ашты бермек деп,
Үрбү менен Агыштын
Жардыгына көнмөк деп.

Жайкап сөзүн билдирип,
Жандын баарын күлдүрүп.

62.
Чоронун баары чогулуп,
Чоң кеңешке жолугуп,
Бул коногуң аз го деп,
Баймат тазың оолугуп.

Баймат тазың бакылдап,
Басылбастан шакылдап.
Азыраак конок берди деп.
Анык көзүм көрдү деп.

Башка чоро тарынба
Конок бер деп зарылба.

Же Бакай алсын баарын деп,
Баркына карап тарын деп.
Же өзүм алам баарын деп,
Өлчөөсүн байкап тарын деп.

Үрпөйүп турган үч сартты
Өзүм жалгыз алам деп.

Миң болмоктон сан болсун
Бир кишидей багам деп.

Баймат конок талашып,
Башка чоро жарашып.

Хан Бакайды алышып,
Калыска сөзүн салышып.

Бакай хан айтып төндүрүп,
Байматты сөзгө көндүрүп.

Жалпы өзүбек, сарттарды
Жайлап алып жөнөдү.
Жалгыз адам Чыфар бай
Айдап алып жөнөдү.

Анжиан менен Коконду
Алып Бакай жөнөдү.
Букар, Ташкен бузулбай
Чорого калды бөлөгү.

Кырк чоронун соңунан
Кыйрама келди оңуна.

63.
Хан Жамгырчы Манастын
Өз айлына жатсын деп.
Каныкей менен сүйлөшүп,
Калган муңун бассын деп.

Абыке, Көбөш айлына
Эр Багышты алсын деп,
Конок токтоп турбасын,
Конуучу жерге барсын деп.

Ойлонуп турган Желдең бар,
Оозунан сөздү чыгарбай,
Конок колго тийген соң
Оолуккан жетим тура албай,

Каныкейдин кашында,
Хан Манас тапкан башында.

Бала болгон Желдеңбай,
Кытайдан алып келген бай.
Баатыр Манас башында
Балам деп жакшы көргөн бай.

Жамгырчы менин тагам деп,
Акылын өзүм табам деп,
Алып Желдең жөнөдү
Тагамды өзүм багам деп.

Олтуруп ишин бүтүрүп,
Туруп сыйын бүтүрүп,
Эрке катын Каныкей
Турган экен күтүнүп.

Абыке,Көбөш Багышты
Алып кетти багам деп.
Жедигерди бакканга
Жетет деп менин чамам деп.

Эми Үрбү чечен кеп салды.
Кеп салганда деп салды.
Жайлашып айтпай Агышка
Жан жолдошун жеп салды.

64.
Катаган менен казакты,
Кашкардан келген кыпчакты
Кошой менен Агышты,
Көкчө менен Төштүктү -

Дөөлөрдү өзүм алам деп,
Төрөлүү журтту багам деп,
Кыл чыгарбай кыргыздан
Акылын өзүм табам деп.

Үрбү айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,

Катагандын ноёну
Хан Кошойдун баласы
Чагатай турду чартылдап,
Таап сүйлөп шартылдап:

Обонбайдын Агышы
Агыштын келип намысы.
Үрбүнүн кана калысы
Өзү конок алышы.

Хандан кандай хан Кошой
Коноктон куру калышы?
Конок жетпей калды деп,
Кор болуп үйгө барышы?

Жеткер таздын баласы,
Бул жоругуң жаман деп.
Ар качандан бир качан
Ойлонгонуң амал деп.

Агыш турду чартылдап,
Айтып сөзүн шартылдап.

Камынып келдим ашка деп,
Кошумча малым башка деп.
Таздын уулу, кантесиң
Бул жорукту ташта деп.

65.
Жандын баарын жамгарып,
Үрбү конок алчубу?
Катагандын хан Кошой
Албай куру калчубу?

Алыстан келген мейман деп,
Арбагы бирге тууган деп.
Алаш болгон жеринде
Намысты бирге кууган деп.

Агыш менен Чагатай
Көкчөнү конок алам деп.
Конок албай бул ашта
Канетип куру калам деп.

Көкчө жүрөт конбойм деп,
Конуп конок болбойм деп.
Манаска конок болгондо
Баатыр Көкчө оңбойм деп.

Мен дагы конок алам деп,
Албай кантип калам деп.
Албасам да казакты
Бүтүн өзүм багам деп.

Буга Агыш болбостон,
Хан Көкчөнү койбостон,
Башчысын Көкчө хан кылып,
Көргөн элге даң кылып,

Сарамжалым даяр деп,
Сан казакты жам кылып.

Агыш сөзгө көнөбү,
Албаганда өлөбү?

Сан казакты самсытып,
Айдап алып жөнөдү.

Үзүр айтып эр Үрбү
Ойлонбой айтып салдым деп.
Карыган Кошой абама
Уят болуп калдым деп.

66.
Кошой конок аларын
Аңдабай айтып салдым деп.
Тарынба Агыш, бул сөзгө
Сөзүмдү өзүм алдым деп.

Үрбү алды Төштүктү
Эр кыпчактын сарасын.
Эрегиш кылбай эл алган
Элеман хандын баласын.

Конок жетпей кордонуп
Комутта калган көп болду.
Коюн союп конокко
Жолукпай калган көп болду.

Манаска кызмат кылбай деп,
Ыйлап жүргөн көп болду.
Конок бер деп Үрбүнү
Кыйнап жргөн көп болду.

Конокту бөлүп таратып,
Сыртынан байкап каратып,
Калың кыргыз тууганын
Хан Үрбү турду жаратып.

Кандай айтсаң макул деп,
Калк ушундай болбойбу?
Хандын ашын бергенде
Калдайып конок конбойбу.

Абыке, Көбөш эки иним
Аш бердим деп ойлойбу?
Агасы Манас өлгөн соң
Аксымдыгын койбойбу.

Конок болсо алынды.
Ашын бүгүн сойбойбу?
Сарамжалын бүткөрүп,
Даяр кылып койбойбу?

67.
Жарчы башы Жалгасын,
Көргөнсүң Манас пайдасын.
Жалпы журтка жар чакыр.
Жанга айтпай калбасын.

Ашты бүгүн соёт деп,
Этин туурап бүтүрүп,
Жети күнгө жеткенче
Даяр кылып коет деп.

Жети күндүн ичинде
Ашка мөөрөй болот деп.
Ашка келген меймандар
Бир ордуна конот деп.

Айрыбаш конок болбойт деп,
Башка жерге конбойт деп.
Өз коногун таанысбай
Адашкан адам оңбойт деп.

Ашка келген меймандар
Жардыгымды уксун деп,
Эртең менен аттанып,
Тамашага чыксын деп.

Күндүз кечке кубанып,
Тамашага батсын деп.

Конок алган жерине
Кеч киргенде жатсын деп.

Конок күткөн адамдар,
Жемиң даяр болсун деп.
Арпа, буудай дебестен
Аты жемге тойсун деп.

Берекелүү байларың
Бээден башка сойбосун.
Талаптуу жигит-мурзалар
Тайдан башка сойбосун.

68.
Агыш менен Үрбүнүн
Айткан сөзүн ойлосун.
Айтып койгон бир сөз деп,
Айып берип койбосун.

Жалгасыным, жар сал деп,
Жалпы журтка шар сал деп,
Мен Бакайга барам деп,
Келтирип кеңеш салам деп.

Үрбү менен эр Агыш
Эр Бакайга барышып,
Жакыпты жаңдап алышып,
Каныкейдин үйүнө
Калдайып басып  барышып,
Кашкөйгө кеңеш салышып.

Үрбү чечен кеп салды,
Кеп салганда бек салды.
Ашыбыз качан союлчу?
Аңдачы муну деп салды.

Төштө түтүн булатып,
Түтүнгө түтүн улатып,
Мал союлчу күн качан?
Бээлерди союп сулатып.

Жакып, Бакай, уккун деп,
Жакшы сөз сенден чыкксын деп.
Карысы кайрат бербесе,
Канетип кеңеш чыксын деп.

Карыдан нарк сөз чыкчу деп,
Жаштары муну укчу деп.
Куран окуп багыштап,
Бээни качан жыкчу деп.

Ашты качан сойчу деп,
Кемегени ойчу деп.
Этин туурап даярлап,
Эл жесин деп койчу деп.

69.
Кара кызмат кылгандар
Казан басып тойчу деп.

Абыке, Көбөш эки иним,
Соёсуң качан ашыңды,
Көпчүлүккө дайындап,
Көрсөтөсүң башыңды?

Жаш эмессиң жайрагыр
Мен билемин жашыңды.
Агыш, Үрбү келтирип
Айтып сөзүн басылды.

## АШКА МАЛ СОЮ.
## КАНЫКЕЙДИН КОШОГУ

Эми ханыңды кашкөй сайрады,
Сайрап сөзүн жайлады.
Абыке, Көбөш эки иниң
Кылганы жүрөт пайданы.

Агаң Манас баатыр деп,
Ак сарайда жатыр деп.
Сөзүмдү укпай койбогун
Калжыраган катын деп.

Абыке, Көбөш аш сойсо
Каныкей карап турчубу.
Бура салып Каныкей
Буйругун эки кылчыбы.

Өзүң туруп башына,
Бакайды алып кашыңа,
Ашын өзүң берип кет,
Ал-жайымды көрүп кет.

Кагазга дайын жазылган,
Кошумча келген малдар бар.
Арбагын сыйлап Манастын
Алып келген хандар бар.

Келгендин баары кур эмес,
Кылар ишиң бул эмес.
Ызатка келген азамат
Атаңдан калган кул эмес.

70.
Азабы болот өлгөндүн,
Алганы болот бергендин.
Кайсы бирин айтайын,
Кеткени болот келгендин.

Милтеси болот мергендин,
Милдети болот бергендин.
Кошчусу болот кербендин,
Колкосу болот бергендин.

Кебимди айып көрбөсөң,
Келгендер куру кайтчубу?
Келгендер түрө кайтканда,
Жакшы деп атак айтчубу?

Арбак конуп эр Манас
Атка минген жашында.
Бакайы жүргөн башында.
Кырк чоросу кашында.

Хан болуп чыкты калкыңдан,
Казына жыйды алтындан.
Казына даяр ачылуу,
Калбасын мөөрөй салтыңдан.

Өргө салып жүрөктү
Өзүң билип кылып тур.
Казына даяр белен деп.
Хан Манас жыйган кенен деп.

Каныкей таап берер деп,
Капа болбой тынып тур.

Арбагы турат алаштын,
Атасы турат Манастын.
Базары турат Таластын.
Бакайы турат Манастын.

Калаасы турат Таластын,
Хандары турат Манастын.

Жергеси турат алаштын
Жетими турат Манастын.

71.
Эсен уул ыйлабас,
Эсептүү дос кыйнабас.
Өспөгөн журттун жаштары
Өз атасын сыйлабас.

Ыйлай турган бала жок.
Калка болор кара жок.
Баласы өлгөн байкушту,
Манасы өлгөн Бакайды,

Чакыртып алып жанына
Чалдарга кеңеш салып тур.
Тарынып хандар калбасын,
Талыкпастан барып тур.

Катын деп менден тартынбай,
Калбасын сөзүң айтылбай.
Алтын, күмүш, ак жамбы
Казынадан алып тур.

Манастын ашы болот деп,
Болбой кантип коёт деп.
Кемегенин башына
Келтирип малды соёт деп.

Келгендер этти туурайт деп,
Бычагы өтпөй муунайт деп.
Бычагы өтпөй калганда
Бирөөдөн бычак сурайт деп.

Мал союучу ак канжар
Баарысы бирдей бап канжар.

Эт туурачу ак бычак
Баарысы күмүш шап бычак.

Арнап уста алдырдым,
Ак болоттон кылдырдым.

Абыке, Көбөш сыртымдан
Айтып жүргөн ушак бар.
Ак болоттон кылдырган
Эки жүз асыл бычак бар.

72.
Ашка малды соёт деп,
Этин кайра коёт деп,

Кырк үй тиктим даярдап,
Кемегенин башында.
Үй кайтарчу кызматкер
Карап турат кашында.

Жүз кемеге каздырдым,
Баарына казан астырдым.
Кемеге сайын бир адам
Келтирип казан бастырдым.

Баласы жалгыз жаш болду,
Бир уядан аз болду.
Ал-жайымды билбестен
Абыке, Көбөш кас болду.

Аш өткөн соң алжырап,
Атасын бузуп алар дейм.
Азапка тууган Каныкей
Азапка мени салар дейм.

Эл кеткен соң элирип,
Энесин бузуп алар дейм,

Эмгекке тууган Каныкей,
Эмгекке мени салар дейм.

Чогулган жыйын кеткенде,
Чорону бузуп алар дейм,
Ар жерден келген ит эле
Чоролор кетип калар дейм.

Азапка тууган бейбакты
Арамдар жолго салар дейм.
Азабы аштай каткан күң
Темир ханга барар дейм.

Деп ар жоругун бир санап,
Айтып ыйлайт Каныкей.
Арманын айтып Үрбүгө
Кайтып ыйлайт Каныкей.

73.
Арманын айтып болтуруп,
Аянбай ыйлап олтуруп,
Көөнү менен көп ыйлап,
Көзүн жашка толтуруп.

Каныкей айтып арманын,
Баласы жетим калганын.
Пендеси анык көрчү деп,
Кудурет башка салганын.

Баласы өлүп мөгдөгөн,
Манасы өлүп куураган,

Чалдарды алып кашыңа,
Хандарды алып башына,
Калк жыйылды мал союп,
Камынгын агаң ашына.

Каралашып жүрөрсүң
Баласынын жашына.
Айтканды мага койгун деп,
Ашыңды Үрбү сойгун деп.

Аман таз байкуш кайда деп,
Жылкыңды бери айда деп.
Абыке менен Көбөштөй
Сен кылганы жүрбө пайда деп.

Кара-буурул жылкыны
Хан Үрбүгө тапшыр деп.
Аман тазым турбастан
Атка минип бастыр деп.

Канча жылкы союлса
Кагазга баарын жаздыр деп.

Жанңдан чыккан жоо койбойт,
Абыке, Көбөш соо койбойт.
Аягында Үрбүнүн
Алтын мөөрүн бастыр деп.
Семизин тандап сойгун деп,
Калганын айдап койгун деп.

74.
Кайрыларга канат жок,
Кантейин жетим жашыңды!
Сойгун деп Үрбү ашыңды
Каныкей сайрап басылды.

Жакшы айтат деп Каныкей
Жакып турду жалдырап.
Балдарым жайсыз болду деп,
Мас болгондой алдырап.

Бакайга маакул кеп болду,
Баарына жаккан эп болуп,
Байкуш Бакай Көбөштөн
Айдалып калган жек болуп.

Балам, мал аяба Манастан,
Пайда жыйбайт талаштан.
Агаңдын ашын өткөрүп,
Арбак алгын алаштан.

Көңүлдөн калбайт мындайда
Өзүңдөй тууган карашкан.
Бакайга несин айтасың
Баштагы эстен адашкан.

Агыш, Үрбү ойлошуп,
Айткан сөзүн болжошуп,

Жакыптан жайлуу кеп угуп,
Жарашыктуу эп угуп.
Жарашыктуу аш болсун,
Жакшылап өткөр деп угуп.

Бакайдан маслат кеп угуп,
Баарына жаккан эп угуп,
Мал аябай Манастан
Балдарым өткөр деп угуп.

Каныкейден кеп угуп,
Какшаган сөздү көп угуп.
Хан Манастын ашына
Казына даяр деп угуп.

75.
Агыш, Үрбү чартылдап,
Айтып сөзүн шартылдап.

Хан Бакай карап турба деп,
Балаңдан көңүл бурба деп.
Жетимиң аман турганда
Жер өбөктөп куруба деп.

Чоролор чогуу тургун деп,
Чоң кеңешти кургун деп.
Пайдаң тиер кези ушул
Манаска кызмат кылгын деп.

Алам деп чоро тынчыңды
Ашта кой деп уйкуңду.
Аман таз туруп аттанып,
Айдап кел деп жылкыңды.

Баймат чирик кайда деп,
Манастан көргөн пайда деп.
Корукчу болгун бул ашка
Пайдаң тийчү жайда деп.

Карап турбай Байматым,
Хан Кошойго барып кел.
Калк атасы хан Кошой
Хан Кошойду алып кел!

Аш союлат бүгүн деп,
Хандарга кабар салып кел!
Карап турсун башында
Хандарды баарын алып кел!

Бата кылып багыштап,
Мал соёбуз Манаска.
Баары кыргыз бул ашта
Билгини менден талашпа.

Хандардан алдым жардыкты,
Көрсөтөм көпкө бардыкты.

Кылайып кыргыз балдары
Кылбагын мага ардыкты.

76.
Камчым тийсе качып тур,
Кара каска шашып тур.
Чыр чыкпасын бул ашта
Өзүңдү өзүң басып тур.

Бейбашты жолго салып тур.
Менден жооп алып тур.
Кимде кимиң тартынбай
Кызматка айтсам барып тур,

Деп айтып Үрбү турганда,
Ушул сөздү урганда,
Жалпы кыргыз калкына
Жардыкты мыктап кылганда.

Кабар салып Кошойго
Хандарды келди жыйнатып,
Кара кошок коштуруп,
Каныкейди ыйлатып.

Башка сөздү койдуруп,
Манастан жүз бээ сойдуруп.

Айдатып келип карматып,
Ашка сойду арнатып.
Чалма салып карматып,
Чар тарапка жардатып.

Мал союучу азамат
Казынага баргын деп.
Казынада бычак көп,
Каныкейден алгын деп.

Эт туурачу азамат
Эрикпей басып баргын деп.
Эрегеде даяр бычак бар
Каныкейден алгын деп.

Шартылдатып сөз айтып,
Жана карап турбады.
Жандын баары Үрбүнүн
Жардыгын эки кылбады.

77.
Мен Манастын ашына
Токсон бээ соём деп,
Кемегенин башына
Келтирип жасоол коём деп.

Сойгондон мен тартынбайм
Агам Манас ашына.
Өзүм келип конгонмун
Каныкейдин кашына.

Согумум даяр байлаган,
Көкойрокту жайлаган.

Таластын жолу алыс деп,
Майы эзилип кетет деп,
Тогуз күндө жетет деп.
Жылдырып аста айдаган.

Бээлерди айдап келгин деп,
Хан Бакайга бергин деп.
Дагы аябайм малымды
Атпай алаш көргүн деп.

Токсон бээни келтирип,
Ашка сойду эр Үрбү.

Өз балдарым сойсун деп
Башка сойду эр Үрбү.

Көйрөңдүк кылып салды деп,
Үрбүнү Кудай алды деп.

Сойбой койчу менби деп,
Мен өзгөдөн кемби деп.
Сарбан таздын баласы
Үрбү мага теңби деп.

Айдаркандын эр Көкчө
Аянып калчу менби деп,
Көкчө кылса марттыкты
Көрбөй калчуу элби деп.

Үрбү менден эрби деп,
Менден мыкты сенби деп.

78.
Тогуз атка тултатып
Жорук кылып мен келдим.
Токсондон байтал кем эмес.
Толук кылып мен келдим.

Жаным Сейит, барсыңбы?
Байталдарды айдат деп.
Кемегеге келтирип,
Баарын союп жайлат деп.

Баатыр Көкчө баркылдап,
Баарын айтып шартылдап.
Күмүш куйрук Көкалат
Күн тийгендей жаркылдап.

Токсон байтал келтирип,
Толук кылып сойдурду.
Калганын эртең сойсун деп,
Хан Кошой айтып койдурду.

Сойгон малды жайлашып,
Казанга этин салсын деп.
Эки-үч күндө эрмектеп,
Эт бышырып алсын деп.

Кемегеге келтирип,
Мен дагы кырк бээ сойдум деп,
Балам Манас ашына
Сойбой кантип койдум деп.

Эр Кошой айтып соктоду.
Мал союлбай токтоду.

Эми Каныкей карап турбады,
Кашкалыгы ырбады.

Эрке катын Каныкей
Мал союлуп болгондо,
Кары-жаштан жан калбай
Калк чатырап толгондо

79.
Каныкей айткан кошогу,
Калат сөз кашкөй кошобу?
Кашкөй айтып турганда
Бекер деп пенде тозобу?

Эрке катын шашпады,
Эшигин кайра таштады.
Эр Манасты жоктойм деп,
Эрдигин айтып баштады.

Тушун түрүп таштады,
Туйгундугун баштады.

Булбулдай үнүн таңшытып,
Муңканып ыйлап какшады.

Асылм төрөм, ноёнум,
Айтпай кантип коёмун.
Кудурет кошкон кошогум
Кошпой кантип коёмун.

Кыраан падыша, султаным
Кырк жети жашта кыйылды.
Кыз алганың кара бет
Кылып калдым сыйыңды.

Таалайы кыска мен бейбак
Тартып калдым ыйыңды.
Сарайың бүтүп, аш берип,
Таласка жыйдым жыйынды.

Көзүм ачпай мен шордуу
Көрүп калдым кыйынды.

Жалгыз балаң жаш калды,
Бир атадан из калды.
Туушканың жогунан
Тумшуксуз бейбак жазганды.

Абыке, Көбөш кас болуп,
Арамдар журтка баш болуп.
Кайрылар тууган жогунан
Кара көзгө жаш толуп.

80.
Кызыл өңүм саз болуп,
Узун боюм пас болуп.
Кыз алганың кара бет
Унчукпас кара таш болуп.

Атаң дүлөй жаңдатып,
Айтып сөзүм аңдатып.
Масилат айтып  жайлатып,
Бакайга башын карматып.

Сарайң бүтүп болгон соң
Сарамжалын камдатып.
Арамдарга ээ болбойт
Аш берем деп жардатып.

Камындым кашкөй ашыңа
Хан Кошой келди башына.
Кашкардагы эр Төштүк
Ала келди кашына.

Кадырың билген хан Кошой
Кабар салып баарына.
Агыш, Кожош инисин
Ала келди жанына.

Эштектердин Жамгырчы
Тагаң келди Алайдан.
Талыкпай адам көп келди
Тамашага далай жан.

Өзбек, сарттан көп  келди
Өзүнчө адам көп келди.
Даңкын угуп ашыңдын
Тамаша көрөм деп келди.

Аталаш жакын тууганың
Туугандан чыгып душманың,
Мен кара бет Каныкей
Ичимде болду бушманым.

81.
Айыл туруп Шыгай хан
Алакан жайып койгон жок.

Абыке, Көбөш эки иниң
Жалгызга калка болгон жок.

Талап алды Шыгай хан
Ташкенден келген сартымды.
Кара бет кимге айтамын
Шыгайдан көргөн дартымды.

Хан Бакай жазган кат көрдү,
Каныкей айткан дарт көрдү.
Карылыкка сүйөнүп,
Хан Кошой келип аш берди.

Масилат берди эр Төштүк,
Башында турду эр Көкчө.
Кайгырып келди Жамгырчы,
Кашыңда турду эр Үрбү.

Хандардан жардык кат алып,
Хан Кошойдон бата алып,
Кашкөйдөн кеңеш кеп угуп,
Каражат даяр деп угуп.

Хан төрөм, сенин ашыңды
Агыш, Үрбү башкарды.
Мен кара бет Каныкей
Өлөрүмө аз каллды.

Энең кары, балаң жаш
Эки иниңдин боору таш.
Атаң кары, балаң жаш,
Абыке, Көбөш боору таш.

Казына толгон зар калды,
Карыган Жакып чал калды.
Талаа толгон мал калды,
Таалайсыз Бакай чал калды.

82.
Казына толгон пул калды
Каныкей бейбак тул калды.
Баккан балаң Желдеңбай
Бактысы жок уул калды.

Ак сарайың бүткөнчө
Ашы-жытың бергенче,
Жылас болгон жамандар
Жыл айланып келгенче,

Ката электе жарасы,
Бата электе карасы,
Эси жок эки иниңдин
Душмандыгын карачы.

Мен кара бет бейбактын
Эми кандай болот чарасы?

Алты айдын жүзүн көрсөтпөй
Арамдар мага кол салды.
Кордук кылып жамандар
Кол салганда мол салды.

Туу көтөрүп баргансып,
Душмандан чалгын чалгансып.
Айлымды келди тепсетип,
Алыстан катын алгансып.

Шооруктун кызы Накылай
Тийип кетти Көбөшкө.
Мен кара бет Каныкей
Аз калды мага жөнөшкө.

Ак сарайы бүтө элек,
Алты айга аза күтө элек.
Төрөмдүн ашын бере элек,
Төрт айдын жүзүн көрө элек.

Азаптуу мага кол салды
Кол салганда мол салды.
Эртели-кечти эрмектеп,
Эшигиме жол салды.

83.
Шыгай хан менен сырдашып,
Убада сөзүн чыңдашып.
Чыр чыгарсак кантет деп,
Сыртымдан байкап тыңдашып.

Ашы-жытын бердирбей,
Азага адам келтирбей.
Кара бет бизге тийбейт деп,
Тийбегенден сүйбөйт деп.
Ашы-жытын бергенче
Айткан тилге кирбейт деп.

Жай айтсам сөзгө болгон жок,
Жамандар дүргүп оңгон жок.
Ак сарайдын жанынан
Алыска кашкөй конгон жок.

Эртели-кечти эрмектеп,
Жылдырып алды жылкыңды.
Кайсы бирин айтайын,
Жыластар алды уйкумду.

Шыгай хан бизди оңдурбайт,
Таласка бир күн кондурбайт.

Жай билбеген жамандар
Жалгызыңды соёт дейм,
Каныкейди какшатып,
Жалгыз таштап коёт дейм.

Абыке менен Көбөштүн
Акылдашы Шыгай хан.
Арамдарды азгырып,
Айдайт дейм мени  бу жайдан.

Каныкей какшап зар айтып,
Жалпы журтка шар айтып,
Күкүктөй үнү басылбай,
Күйүтүн айтса жазылбай.
Булбулдай үнү басылбай,
Муңун айтса жазылбай.

84.
Каныкей какшап жатканда,
Хандарга дартын айтканда.
Ал аңгыча болбоду
Аман таз келди бакылдап.
Арманы көп курган таз
Айтып сөзүн какылдап.

Чыгым болбойм ашка деп,
Менин жөнүм башка деп,
Көбөш барып жылкыдан
Алты бээ кармап алды деп.
Конокко союп берем деп,
Айдап жолго салды деп.

Абыке, Көбөш уялбай
Аман таз айтып келгенде,
Акмактыгын Көбөштүн
Атпай алаш көргөндө.

Хандын, бектин кашында
Хан Кошой бар башында.
Катынга зордук кылды деп,
Хан Манастын ашында.

Акмак Көбөш оңбо деп,
Экирде эки болбо деп.

Уялгандан Абыке
Акмакты Кудай албайт деп.
Жер соргон жаман кантейин
Же өзү басып барбайт деп.

Абыке турду бакылдап,
Айтып сөзүн шакылдап.

Кантейин иттен күйдүм деп,
Кайгысын тартып жүрдүм деп.

Баягы бейбактын кылган иши деп,
Мен жоручу түшү деп.
Шооруктун кызы Накылай
Акылсыз акмак киши деп.

85.
Акылы болсо Накылай
Астыртан сөздү салчубу.
Ашы-жытын бердирбей
Бир акмакка тийип алчубу?

Эки акмак келип баш кошуп,
Бирине бири ат кошуп,
Орток малым дегенсип,
Ошентип бокту жегенсип,

Алып келип сойгондур,
Акмактык кылып койгондур.

Кечээги алган коноктун
Өзүм алам баарысын.
Ишенбесең барып көр,
Хандардан барып калысың.

Конок күтүп, бээ союп,
Кол куушуруп турсачы.
Арбак урган ит чиркин
Же айткан сөзгө сынсачы!

Агасы Манас султанга
Ариет кылып турсачы.
Ариет үчүн сойдум деп,
Анан уят кылсачы!

Өлтүрүп кетсең көпчүлүк,
Өпкө кылар үнүм жок.
Каныкей айтты баары чын,
Жалган деп айтар тилим жок.

Өзүм айтып бергенче,
Каныкей айтып озунду.
Ар качандан бир качан
Акмакка башым кошулду.

Бул Шыгайдын кылган эби деп,
Накылай айткан кеби деп.
Шыгай хандын Манастан
Өлгөнчө калбайт кеги деп.

86.
Ардана турган кеп угам,
Ар кимден кепти көп угам.
«Көбөштү тыйып койбойбу
Абыке акмак»- деп угам.

Менден улуу түгөнгүр
Айтсам албайт тилимди.
Аш бербей катын алгандан
Акмактыгы билинди.

Кесепетин карматып,
Келтирип жүрөт жинимди.
Шыгай менен сүйлөшүп,
Сындырып жүрөт белимди.

Каныкейди алгын деп,
Канчалык айтып чаргытты.
Убалым жетсин Шыгайга
Жазыгымды арбытты.

Каныкейди алгын деп
Канчалык Шыгай кыстады.
Өлгөнүн билип Манастын
Ошондо сөөгүм сыздады.

Чын жерин айтып берейин,
Шыгайдан ичим муздады.

Эмчек сүтүн бербесе
Элик сүт берген энем деп.
Агамдан калган жесир деп,
Албаймын дедим жеңем деп.

Каргыш кылып жүргөнмүн
Каныкей билет сырымды.
Хандарым, сенин алдыңда
Айтайын анык чынымды.

Айткан менен пайда жок,
Алашка чырым угулду.
Каныкей ак деп айтпаса
Хандар укту чырымды.

87.
Арманы көп Абыке
Анык докко жыгылды.
Өлтүрсөң хандар, баш мына,
Өзүңөр тап деп ыгымы

Жаманды арбак урсун деп,
Менин көргөн күнүм курусун деп.
Көп ичинде өлгөн соң
Өлгөн жан кантип турсун деп.

Арманын айтып болтурду,
Абыке ыйлап олтурду.
Эми баатыр Кошой кеп салды
Кеп салганда деп салды.

Абыке айтып турат деп,
Бул кылганы уят деп.
Көөлдөгөн Көбөштү
Көпчүлүк уруп тынат деп.

Көпчүлүк муну тыйбаса,
Ушул сөз кимге сыят деп.
Элирген жаман бир күнү
Жетимдин башын кыят деп.

Зордук кылса жесирге,
Зомбулук кылса жетимге,
Көбөштүн кылган зордугу
Кандай жанга сыят деп.

Акылың болсо Абыке,
Айып көрбө жан үке!
Көбөшүңдү тыйып кой
Бу сөз сага уят деп.

Жаманы кылып коючу,
Жакшысы уят болучу.

Мындай-мындай бейбашты
Көпчүлүк тыйып салуучу.
Бул жорукту койгун деп,
Жонунан кайыш алуучу.

88.
Жетим, жесир болгон соң
Жергеңде оокат кылабы?
Жерин, суусун жазданып,
Эл ичинде турабы?

Жакып хан, сенин балдарың
Жаман экен сыягы.
Адамдан жөнү башкача
Акмак экен кыялы.

Агыш, Үрбү баргын деп,
Аябай башка салгын деп.
Соё элек болсо бул иттен
Бээлерди тартып алгын деп.

Союп салса бул иттен
Казанын чагып сындырып,
Бирин эки кылдырып,
Жылкыга кошкун жылдырып.

Атадан жаман тууган соң,
Андан башка кеп жок деп.
Каяша айтса бул итке
Камчыдан башка эп жок деп.

Жесир менен жетимди
Калганы сыйлап багуучу.
Эби келсе жесирин
Ызат менен алуучу.

Зордук кылган оңчубу,
Мындай жорук болчубу?

Агыш, Үрбү баргын деп,
Акмактан бээни алгын деп.
Аштын жүзүн көрсөтпөй
Айдап жолго салгын деп.

Эр Кошойдон кеп угуп,
Эби ушундай деп угуп.

89.
Агыш, Үрбү шартылдап,
Көр Көбөшкө барышты.
Көп сөз айтпай Көбөшкө
Келтирип башка салышты.

Берендигин карматып,
Бээлерди тартып алышты.

Жооп бербей жаттың деп,
Жоону кайдан таптың деп,
Жорток жортуп жол баспай
Жаш жетимди чаптың деп.

Алган зайыбың жарашты,
Аянбай жатып укта деп.
Аш өткөнчө көрүнүп,
Атка минип чыкпа деп.

Бул кара бет Накылай
Сөзү суук каапыр ай!

Төрт ай арбак сыйлабай,
Төрөмө төрт ай ыйлабай,
Беш ай арбак сыйлабай,
Беренге беш ай ыйлабай,

Бул кара бет, арсыз күң
Сыйлабай Манас арбагын,
Эки көзү төрт болуп,
Эрге тийип алганын,
Эрге тийип соо турбай,
Элирип бузук салганын.

Эл бар, журт бар дебестен
Карматып бээни алганын,
Кара жолтой долунун
Салып турган жаңжалын.

Келдиң Көбөш кезиме,
Тийип койдуң безиме.

Энеси жаман кысталак
Эрегиш кылба өзүмө.

90.
Эл бар, журт бар, хан бар деп,
Менден мыкты жан бар деп.
Салып койдум эсиңе,
Көрүнбө деп көзүмө.

Аш өткөн соң алдырып,
Шыгайың менен соём деп.
Сырымды Көбөш билесиң
Тынчытып таштап коём деп.

Ачуум келсе Манастын
Байгесине саям деп.
Акмакты сайса байгеге
Далай малга аян деп.

Айтып койгон сөзүм деп,
Кан Үрбү кантип таям деп.
Аты келген алсын деп,
Айдап жолго салам деп.

Эсиң болсо ойлонуп,
Эрегиш кылба, балам, деп.
Энеси жаман ит чиркин
Бул мүнөзүң жаман деп.

Көбөштү көргө киргизип,
Көөдөктүгүн билгизип.
Агыш, Үрбү чартылдап,
Айтып сөзүн шартылдап.

Кайра салып ноёндор
Хандардын келди кашына.
Катуу жардык салдырып,
Хан Манастын ашына.

## АШТЫН ШААН-ШӨКӨТТӨРҮ

Ашка кылчу тамаша
Бүгүндөн баштап болот деп,
Ашка келген меймандар -
Аңгемеге тургандар
Кеч киргенде кайрылып,
Өз ордуна конот деп.

91.
Баатыр Үрбү шар айтып,
Жалгасыны жар айтып.

Агыш, Үрбү кеңешип,
Балбан бешөө болсун деп.

Сайыш төртөө болсун деп,
Эңиш экөө болсун деп.

Бул мөөрөйдүн тышында
Угуп турсун ушунда.

Эңиш, сайыш күрөш деп,
Үч мөөрөй катын алсын деп.
Күлгөнсүбөй түгөнгүр
Күчтүү катын салсын деп.

Мындан башка мөөрөйдү
Талапкер чыгып алсын деп,

Таап алган олжом деп,
Айдап жолго салсын деп.

Канча чыксаң анча чык,
Талапкердин жолу ачык.
Алып турат байгесин
Ашка бергендин колу ачык.

Төө чечкенге жылаңач
Катын болсоң чыккын деп.
Сүзүштүргүн аянбай
Тазың болсо чыккын деп.

Тартынбастан сүзүшкөн
Машың болсо чыккын деп.
Балбан тазың жыккын деп,
Байгени алып чыккын деп.

Жыпжылаңач чабышка
Бел байлап кирген намыска,
Баатырлык кылып жегени
Байгеси даяр алышка.

Чыдамкайың чыккын деп,
Чын сөз ушул уккун деп.

92.
Бир балбандын байгеси
Он алты жылкы, эки төө.
Он сегиз кылып берилсин.
Анык көзгө көрүлсүн.

Катка жазып дайындап,
Жарык кылып берилсин.
Ар балбанга он сегиз
Анык кылып берилсин.

Үч төөсү бар башында
Сексен жылкы кашында,
Беш балбандын алары
Айдап жолго салары.

Эр эңиштин байгеси
Экиден тогуз ат болсун.
Эр Кошойдун алдында
Анык жазган кат болсун.

Эки сапар эңишет,
Эрегиш кылып жеңишет.
Эңип салган баатыры
Эр Үрбүгө келишет.

Эңген эки эр болсун,
Отуз алты ат алат.
Эңгенинде олжо көп
Эңдиргени кур калат.

Ар баатырдын байгеси
Экиден тогуз нар болот.
Он сегиз нардын үстүнө
Он жамбы күмүш зар болот.

Төрт баатырга дайындап
Бергенде Үрбү бар болот.
Төрт баатырдын байгсси,
Жетимиш эки төө болот.
Кырк жамбысы дагы бар
Баатырлар буга ээ болот.

Үч мөөрөй келген катынга,
Катындан чыккан баатырга,
Күрөш, сайыш, эңиштин
Баарына бирдей болсун деп.

Байгенин башы төө болсун
Тогуздан байге алсын деп.

93.
Үч мөөрөйгө үч тогуз
Катындар мөөрөй алсын деп.
Жыкканы байге алсын деп,
Жыгылган куру калсын деп.

Эңгени байге алсын деп,
Эңдирген куру калсын деп.
Сайганы байге алсын деп,
Сайдырганы куру калсын леп.

Эми төө чечкендин байгеси
Тогуз төө даяр багылуу.
Тогуз төөнүн үстүндө
Тогуз кымкап жабылуу.

Сүзүшкөн таздын байгеси
Тогуз бука байлалуу.
Таздар чыгып сүзүшсө,
Байгеси даяр жайлалуу.

Жылаңач чабыш байгеси
Төө баштаган тогуз мал.
Сегизи жылкы, бири төө
Бул сөзүмө кулак сал.

Жеңгениң тогуз байгени ал.
Жеңдиргениң куру кал.

Эми элге-журтка көрсөтүп,
Жамбынын ордун жайлатып,
Чоң жамбыдан тогузду
Жыгач асып байлатып.

Кош карагай улатып,
Усталарга кынатып.
Аябай бийик кылдырып,
Жерге орнотуп чыңатып.

Мергендер атып алсын деп,
Береке таап калсын деп.
Мылтыккеч атып алсын деп,
Бир жолу байып калсын деп.

94.
Тогуз жамбы күмүштү
Толук кылып жайлатып.
Карагайдын башына
Кыл аркан менен байлатып.

Даяр болуп турсун деп,
Жамбыны куруп таштады.
Мөөрөйдүн башы балбан деп,
Балбандан мөөрөй баштады.

Өзбек, кыргыз беттеш деп,
Өз ичиңден эптеш деп,
Жыгылса, жыкса өз балаң
Тышка байге кетпес деп.

Шамурат, Кайым, Сынжыбек
Сандаган журтуң өзүбек.
Кошой  менен чендешип,
Кол салышар кези деп.

Айткан сөзүм уксун деп,
Күчү бар балбан чыксын деп.
Бештен, бештен он балбан
Сарт, кыргыздан чыксын деп.

Анын арка жагынан
Майдан болот жаңыдан.

Экиден төрт эр беттешип,
Эңиш болот абыдан.

Өзүбек менен кыргыздан
Экиден төрт эр чыксын деп,
Ат үстүнөн тартышып,
Азамат эри жыксын деп.

Эңгени байге алсын деп,
Эңдирген куру калсын деп.
Даяр болуп тургун деп.

Анын арка жагынан
Төрттөн сегиз эр чыгып,
Сайыш болот абыдан,

95.
Жардыгымды уксун деп.
Сарт, кыргыздан чыксын деп.
Сайганы байге алсын деп,
Сайдырган куру калсын деп.

Жана мөөрөй башталат
Катындарга жаңыдан.
Катындардын мөөрөйү
Кызык болот абыдан.

Камынып турсун катындар
Күрөш, сайыш, эңиш бар.
Эки тарап беттешип,
Бирин бири жеңиш бар.

Байгеси даяр жазылуу,
Кошойдун мөөрү басылуу.

Жана мөөрөй дагы бар
Катындардын жагынан.

Бел байлаган катынга
Бекер олжо абыдан.

Кийимин дырдай чечинип,
Ит жегири тешилип,
Эт жегирден түшкөндөй
Ичеги карды эшилип.

Жыпжылаңач төө чечет,
Атка минбей жөө чечет.

Байгесине тогуз төө
Баарына кымкап жаптырган.
Эт жибектен эштирип,
Жибектен буйла тактырган.

Тоңкоюп туруп чечсин деп,
Кара жандан кечсин деп.

Көрсөтүп туруп калыска,
Байлатып салды алыска.
Катындан чыкчу жан барбы
Бул байгени алышка?

96.
Эми мөөрөй аз калды,
Сүзүшө турган таз калды.

Чымын чакты чычайган,
Чымындуу тазың чыкпа деп,
Чыны аяктан суу ичкен
Сырдуу тазың чыкпа деп.

Куртка жууп кайтарган
Залым тазың чыкпа деп.
Кара жанын аябас
Калың тазың чыккын деп.

Тогуз бука байгеси
Толук кылып алгын деп.
Баштан тапкан байгем деп,
Айдап жолго салгын деп.

Чабышка келген азамат
Тасмадан камчы аласың.
Жыпжылаңач тартайып,
Тартынбастан барасың.

Башка көзгө карабай,
Парсылдатып саласың.
Төө баштаган бир тогуз
Жеңгениң байге аласың.

Аштан тапкан олжом деп,
Айдап жолго саласың.
Катарың менен угуздум,
Камынып тур деп мөөрөйгө.
Хан Үрбү жардык кылган соң,
Каршылык кылып серейбе.

Жалпы хандан жаздырып,
Жардык алган колуна.
Жар чакырып уктуруп,
Жалгасын түштү жолуна.

97.
Жалгасынды аткарып,
Жар чакырып башкарып,
Тамашага кирищти
Мөөрөй бирден башталып.

## БАЛБАН КҮРӨШ

Бештен-бештен он балбан
Баары тегиз чыксын деп.
Жар чакырткан эр Үрбү
Жардыгымды уксун деп.

Жалгасынга салдырган
Жардыгын угуп чындашып,
Баатырларын чыңдашып.
Балбандарын тыңдашып.

Башка-көзгө салышып,
Калбасын деп чырдашып.
Эрегиш чыгып кетпесин
Эл ичинен ырбашып.
Масилат кылып мыктылар
Баары олтуруп курдашып.
Масилатин токтотуп,
Баштан-аяк сырдатып.
Өзбек, кыргыз олтуруп,
Тамашага жыргашып.

Этиет болсун эрлер деп,
Элге, журтка уктуруп.
Башка, көзгө сайба деп,
Масилат сөзүн быктырып.

Сарт, кыргыздан шаңданып
Бештен балбан камданып.
Калк жыйылып балбанды
Карап турду таңданып.

Ичкертен келген балбан деп,
Далай намыс алган деп.
Далай-далай балбанды
Чалкасынан салган деп.

98.
Өзбек, сарттар өзүнчө
Балбандарын макташып.
Салкын тамак беришип,
Сарттан чыкты беш балбан

Бешөө бирдей дөө балбан.
Саратанда таптаган.
Сарысар болгон жөө балбан.

Кыргыздан чыкты беш балбан.
Бешөө бирдей эр балбан.
Табың  менен иши жок,
Тартынбаган шер балбан.

Теке шымын кийишип,
Багалегин түрүшүп,
Калктан бата алышып,
Балбандар чыкты камынып.
Нар, буурадай чамынып,
Желбегей чапан жамынып.

Билек салып киришип,
Билдирбей күчүн билишип.
Өөдө-төмөн сүрүшүп.
Өз чамасын билишип.

Багалектен алышып,
Майданды мыктап салышып.

Бура тартып булкушуп,
Булчуң эттен жулкушуп.

Ал аңгыча болбоду
Төштүк салган бир балбан,
Жолборс жүрөк эр балбан,
Тартынбаган шер балбан

Чаба кармап жиберип,
Ичтен чалып имерип.

99.
Эрдик кылып шашпады,
Сонун жорук баштады.
Элге, журтка дайындап,
Чалып кайра таштады.

Балбан көтөр кылышып,
Байгесин алып колуна.
Алаштап ураан чакырып,
Кыпчак Төштүк жолуна.

Анын арка жагынан
Майдан болду абыдан.

Эки балбан эр Багыш
Элинен берген чыгарып.
Экөө бирдей жыгылып,
Олтурду көзү тунарып.

Сарт балбаның шашпады,
Сонун жоорук баштады.
Так көтөрүп, так таштап,
Таамай жыгып таштады.

Балбаны жыгып тынышып,
Балбан көтөр кылышып.

«Азирет!» деп бакырып,
Аянбай ураан чакырып.

Өзүбек калды мактанып,
Байгесин алып шаттанып.

Эми кезек Көкчөдө
Балбаны бар күрөштө.
Камынып турат казактар
Балбаны жыкса сүрөшкө.

Эки балбан эр Көкчө
Элинен берген чакырып.
Этиет болгун балам деп,
Айтып сөзүн тапшырып.

Өөдө-төмөн көп жүрүп,
Өзбек, сартты көп сүрүп.

100.
Чамам келсе чалсам деп,
Чалкасынан салсам деп.
Көпчүлүктүн ичинде
Көрсөтүп намыс алсам деп.

Ал аңгыча болбоду
Керсоолукту баштады.
Ичтен чалып имерип,
Келтирип кайра таштады.

Баатыр Көкчө бакылдап,
Басылбастан шакылдап.
Урааным менин алаш деп,
Байгемде жок талаш деп.

Балбаным жыгып салды деп,
Балдарым намыс алды деп.
Эки балам бир жыгып
Эрдик кылып салды деп.

Балбан көтөр кылышып,
Казак түштү жолуна.
Мактанышып көйрөң журт
Байгесин алып колуна.

## ЭР ЭҢИШ

Анын арка жагынан
Эңиш болду тартынбай.
Эр Үрбү жардык салганда
Калган эмес айтылбай.

Даяр болуп турган эл,
Тамашаны курган эл.

Өзүбек менен кыргыздан
Экиден төрт эр беттешип,
Талап кылып түшкөн эл
Тартынбады четтешип.

Жан аябай барышып,
Жакасынан алышып.
Аябай майдан салышып,
Ат үстүндө алышып.

101.
Көк бөрү десе өлгөн сарт,
Көк бөрүгө көнгөн сарт.

Улак десе өлгөн сарт,
Улакка чаап көнгөн сарт.

Айсал-буйсал кылбастан,
Анча-мунча турбастан,
Алам деп келген азамат
Алмайынча тынбастан.

Эрдик клып шашпады,
Эрдикти сонун баштады.
Жампа салып жалпайтып,
Экөөн тең эңип таштады.

Баатырыбыз эңди деп,
Эңмек турсун жеңди деп,
Отуз алты кур атты
Үрбү санап берди деп.

Шакалдак уруп шаңкылдап,
Сарттар күлүп даңкылдап.

Аянбай ураан чакырып,
«Азирет!» деп бакырып.

Байгесин алып колуна,
Сарттар түштү жолуна.

Эми баатыр Кошой кеп салат,
Кеп салганда деп салат.

Өзбеке, сартың өргөмсүп,
Сүйрөтүп кетти балдарды.
Кошой Кошой болгону
Көрбөдүм мындай жандарды.

Айсал-буйсал кылбастан,
Алып кеткен балбанды.
Аттан тартып алганда
Дардайтып сүйрөп салганды.
Бул журтка келген уят деп,
Уят сөз кайда сыят деп.

## ЭР САЙЫШ

102.
Эми төрттөн чыгып эки элден
Сегиз баатыр сайышат.
Тыгы болот сыр найза
Чарайнага майышат.

Башка, көзгө сайышса,
Майып болуп калат деп.
Карап турган калың журт
Кабыргасы кайышат.

Буга кимиң барасың?
Бурулбай намыс аласың.

Адам болсо  бул сөздү
Айтпаса укпайбы?
Журт намысы болгон соң
Баатыр жигит чыкпайбы?

Менин иним эр Агыш
Айтып өтөм бир калыс.
Агыш карап турчубу
Журтка келсе чоң намыс.

Эр Төштүктүн элинде
Кочкордун уулу Байсары
Балдардан чыккан баатыр деп,
Байсарыга айталы.

Журтка келген намыздан
Барбаймын деп кайтабы?

Эр Үрбүнүн элинде,
Эки-Кемин жеринде,
Өзү теңдүү балдардан
Болбоптур баатыр теңинде.

Алтайдын уулу Адучу
Адучуну салучу.
Баатыр жигит баш тартпай,
Батынып намыс алуучу.

Балан деп жооп айтпастан,
Журт айткан соң баруучу.

103.
Сан казактын чегинде,
Сары-Арканын жеринде,
Эстүү бала деп уктум
Эр Көкчөнүн элинде.

Кудаштын уулу Кулчунбай
Ак болоттун курчундай.
Калбасын сага айтылбай,
Түшкүн балам, тартынбай!

Өзүң теңдүү балдардан
Баатыр бала деп уктум,
Туугандыгы Көкчөгө
Жакын бала деп уктум.

Ушул төрт баатырды салуучу,
Тартынбастан баруучу.
Катынып үйдө жатканча
Калк намысын алуучу.

Ат жакшысын танда деп,
Ар жарагын камда деп.
Үйдөй болгон сарт түшөт,
Үрбүм, өзүң жанда деп.

Эр Кошойдон кеп угуп,
Эл намысы деп угуп.
Хан Кошойдон кеп угуп,
Калк намысы деп угуп.

Көрсөтүп айтты Кошой деп,
Көкчө, Төштүк ат кошуп.
Тартынбастан баатырлар
Төрт азамат баш кошуп.

Ат жакшысын жактырып,
Аянбай элден таптырып.
Куйругун кучак түйдүрүп,
Көкүлүн көккө шүйдүрүп.

Соот кийип суйсалып,
Муздай темир курчанып.

104.
Чарайна төшкө чапташып,
Карыпчын колго капташып.
Азамат эрлер тандалып,
Ар жарагын камданып.

Ак карагай сыр найза
Алып чыкты шаңданып.

Кандагайын шымданып,
Жоо көргөндөй чыңданып.
Батасын алып Кошойдун
Бастырып чыкты тыңданып.

Өзбек, сарттын кеби бар,
Өзүнчө айтар эби бар.
Сынжыбектин кеби бар,
Сыпатка алар эби бар.

Баатыр Сынжы мактанып,
Калбаймын деп шаттанып.

Эки эр салдым эңишке,
Эрлерим эңип салды деп,
Чабандестик кылгандан
Эңип мөөрөй алды деп.

Башында ушул санаам деп,
Баатырды эми салам деп.
Жетимиш төө, кырк жамбы
Жергеси менен алам деп.

Атка минсе нык болгон,
Аргымакка жык толгон.

Быжыгыр кара сакалдуу
Тепме кара чапандуу.

Кең көкүрөк, жабык төш
Карасур келген өңү саз.

Айтып сөзүн шар кылып,
Төртөөн бирдей пар кылып.
Төмөнтөн келген баатыр деп,
Атпай журтка жар кылып.

105.
Тоодой болгон төрт сартты
Алып чыкты баатыр деп.
Тең келбейсиң кыргыздан
Чениң менен катыл деп.

Аргымагын кекейтип,
Көкжекесин тепейтип.
Аргымакка миндирип,
Алып чыкты өпөйтүп.

Соот кийип суйсалып,
Сом темирден курчанып.

Чарайна төшкө чапташып,
Карыпчын колго капташып,
Баштан-аяк өзүбек
Баатырларын макташып.

Сарттарды көрүп таңданып,
Карагай найза камданып.
Кыргыздан чыккан төрт баатыр
Кыршыгы келип шаңданып.

Кочкордун уулу Байсары,
Кудаштын уулу Кулчунбай,
Алтайдын уулу Адуучу,
Обонбайдын Агышы

Сынжынын айткан сөзүнө
Агыштын келип намысы,

Обонбайдын эр Агыш
Жолдошуна кеп айтып.
Кеп айтканда бек айтып.
Аянбай сайгын деп айтып.

Эки сайбай бир сай деп,
Аста сайбай бек сай деп.
Жаным аман турганда
Жайладым кулду деп сай деп.

Эки баатыр беттешип,
Тартынбастан четтешип.

106.
Карыганда хан Кошой
Карап турду бир калып.
Карагай найза сундуруп,
Качырып кирди эр Агыш.

Кандай каалап сайган соң
Алалык деп бир намыс.

Жаза сайбай баатырлар
Сайган жерде кулатты.
Төмөнтөн келген төрт сартты
Тоодой кылып сулатты.

Баатыр Агыш баштады,
Балдары чочуп шашпады.
Бир сайгандан чыгарбай
Мыктап сайып таштады.

Баатырлар сайып салды деп,
Ариет, намыс алды деп.

Алаштап ураан чакырып,
Алып келди баатырын.
Баатырлар алды байгесин
Кошойго салып акылын.

Анын арка жагынан
Экиден төө учкашып.
Ит жегири тушташып.
Бирин бири мушташып.

Апай көтөк! Не дейсиң?
Балбанды мыктап салыш деп.
Жыкса мөөрөй алыш деп,
Чыкпаса куру калыш деп.

Эки башка бөлүнүп,
Эл көзүнө көрүнүп.
Балбандарын камдашып,
Баатырларын тандашып,

Өз алдынан камданып
Өзүнөн балбан табылып.

107.
Катын келген бир бетке,
Карап турган бир четте.

Бизге нөөбөт келди деп,
Катындан балбан салышып.
Чыкканы байге алышып.
Чыкпаган куру калышып.

Эңишке катын салышып,
Эрбейгенсип барышып.
Эңген менен иши жок
Чачтарынан алышып.

Чалкасынан салышып,
Байгесин барып алышып.

Сайышка катын салышып,
Найзага колу карышып.
Найзаны таштап жиберип,
Жакасынан алышып.

Айыккандан бек кармап,
Аябай колу карышып.
Күлкүлүү жорук башташып,
Күчтүүсү алып ташташып.

Байгесин алып колуна
Катындар түштү жолуна.

## ТӨӨ ЧЕЧМЕЙ

Анын арка жагынан
Мөөрөй болду абыдан.
Төө чечкендин ирети
Эми келди жаңыдан.

Ороңгу менин эжем деп,
Төө чечкен эжем нечен деп.
Байтал чаап, төө чечкен
Башынан болгон кесел деп.

Ороңгунун сиңдиси
Ордокан төөнү чечем деп,
Олжом калың болгон соң
Уятыңдан кечем деп.

108.
Элинен келген камданып,
Төө чечем деп шаңданып.
Карап турган калың журт
Калсын деп баары таңданып.

Көрдүм Манас ашын деп,
Отуз беште жашым деп.
Көпчүлүктүн ичинде
Көрүнүп калсын башым деп.

Тогуз кымкап, тогуз төө
Толук байге турбайбы.
Уялдым деп кур калса,
Ордокан анда жыргайбы.

Келген жолум алыс деп,
Бул айтканым калыс деп.
Катынга келген намыс деп,
Уялбай байге алыш деп.

Жедигерден жел кийип,
Төө чечкени келдим деп.
Ит жегирди ырсайтып,
Жөө чечкени келдим деп.

Кийимин тирдей чечинип,
Ит жегири тешилип.
Ит жегирден түшкөндөй
Ичек карды эшилип.

Май куйрукка келтирип,
Чачбак байлап чачына,
Көзүн жумбай түгөнгүр
Барды төөнүн кашына.

Шайырсынган каапырың
Шапалактап такымын:

«Менин эжем Ороңгу
Өзүмдө жок коромжу.
Бул байгени албасам
Мен Ордокан боломбу?»

109.
Уялдым деп шашпайм деп,
Уялып бетим баспайм деп.
Тогуз кымкап, тогуз төө
Бул байгеден качпайм деп.

Тоңкоюп туруп төө чечип,
Тойбогурду карачы.

Түрү суук түгөттүн
Жаман жерде жарасы.

Ыштаны жок ырсайып,
Эки буттун арасы.

Мээнет кылып бел байлап,
Төөнү чечип жөнөдү.
Бети ачылган түгөнгүр
Кой деген сөзгө көнөбү.

## ТАЗ СҮЗҮШ

Анын арка жагынан,
Кызык болду абыдан.

Талапкерге куралып,
Таз жыйылып алыптыр.
Эки-экиден сүзүшүп,
Тамашаны салыптыр.

Жылма таздан жети таз,
Чоку таздан тогуз таз

Он алты таз ортого
Оюн баштап алыптыр.
Аркасына колдорун
Бекем байлап салыптыр.

Намыстанып өлүшүп,
Таз букадай челишип,
Көзү-бети көгөрүп,
Көрбөгөндү көрүшүп.

Буттарын жерге мадашып,
Баштары ооруп жадашып.
Ою менен сүзүшүп,
Оозу, мурду канашып.

110.
Аянбастан желишип,
Сегиз таз сүрүп жеңишип.
Жеңген таздар жээлигип,
Эр Үрбүгө келишип.

Сегиз тазы байге алып,
Сегиз тазы кур калып,

Жетимиш эки бука алып,
Жеңген таздар кетишти.
Бай болдук деп дардайып,
Максатына жетишти.

## ЖЫЛАҢАЧ ЧАБЫШУУ

Таздын арка жагынан
Мөөрөй болду жаңыдан.
Аянбастан жабышып,
Кызык болду абыдан.

Эки өжөр беттешип,
Башына калыс алышып,
Жыпжылаңач чабышып.
Камчыга эти жабышып.

Чыдабай камчы зарпына,
Карабастн артына
Бири качты чычайып,
Кайрылбастан кылчайып.

Жеңген өжөр байгесин
Санап алып колуна,
Өчөшкөндөй чабышып,
Өжөр түштү жолуна.

## ЖАМБЫ АТЫШ

Эми жамбы байлап дар курган
Жамбы ырааты келди деп.
Жамбы атуучу жайыкты
Жандын баары көрдү деп.

Ок, даарысын камдашып,
Кисесин белге байлашып.
Кара мылтык камдашып,
Бараң мылтык майлашып,

111.
Мылтык андес мерген деп,
Бар жарагын жайлатып.
Четине адам тургузбай,
Арка жакка айдатып.

Тоого теке тургузбай
Тергениң болсо келгин деп.
Ак жамбы атып алуучу
Мергениң болсо келгин деп.

Чаап өтүп аткын деп,
Чалкалай түшүп тарткын деп.

Жөнгө салып мергенди
Бирден чубап аттырып.
Талапкердин баарысын
Тамашага баттырып.

Аянбай мерген атышып,
Аңгемеге батышып.
Жандын баары атышып,
Жадады атып жатышып.

Ок, даарысын түгөтүп,
Оозун кармап турушуп.
Ойрон болгур тийбейт деп,
Мылтыгы менен урушуп.

Чарчап турган кезинде,
Жамбы атыш мунун эсинде.
Жетип келди эр Агыш
Кечки салкын бешимде.

Өзү адис мерген кул,
Тоодон теке терген кул.
Айтышканды жеңген кул
Алышканды эңген кул.

Тиктегенин жеңген кул,
Тилеги кабыл келген кул.

Сайышканды сайган кул,
Заарын бетке жайган кул.

112.
Күрөшкөнгө балбан кул,
Кол жеткенде чалган кул.
Чалкасынан салган кул.
Далай намыз алган кул.

Мен баятан келип жамбы атпай,
Талаа-түздү чаңдатып,
Берип турган кезинде
Мергендигим аңдатпай!

Агыш атып алды деп,
Арбагымды даңдатып,
Жамбы атып Агыш алды деп,
Жалпы журтка жардатып.

Кечигип келип калдым деп,
Кербездик кылып салдым деп.
Буйруса Кудай бактыма
Бул жамбыны алдым деп.

Кошой ашка бээ союп,
Кол бошобой жаттым деп.
Кошомат кылып абама
Кызмат кылып жаттым деп.

Калк атасы хан Кошой,
Кыраан чал кырк бээ сойду деп.
Эр Манастын ашына
Кызмат кылып койду деп.

Эми келдим жамбыга
Өзүм атып салам деп.
Мергендигим белгилүү,
Атып жамбы алам деп

Абам Кошой ханым деп,
Алдына алып барам деп.

Суркийигин чайпалтып,
Жоргосуна кондуруп.
Атчан чаап атканга
Алган мурун көндүрүп.

113.
Алмабашын зор мелжеп,
Келтирип Агыш бир атты.
Бир атканда эр Агыш
Кыл арканды кыя атты.

Экинчи атып өткөндө
Карагайды сыя атты.

Жамбы түштү салактап,
Жанындагы жигити
Жамбыны алып далктап,
Кошойго барды алаптап.

Тогуз асыл жамбы деп,
Бирин Үрбү алды деп.
Сегиз жамбы бактыңа
Хан Кошой, бизге калды деп.

Балам жамбы аттың деп,
Агышым олжо таптың деп.
Жамбыны алды эр Кошой
Бул дагы менин бактым деп.

Көкчө, Төштүк барышып,
Капыя сөзгө салышып.

Жамбыны атып алдың деп,
Жайкалып Агыш калдың деп.
Бир туугансып билдирбей,
Кошойго алып бардың деп.

## АКЫН, ШАЙЫР, ЫРЧЫЛАРДЫН ӨНӨРҮ

Ал аңгыча болбоду
Баатыр Үрбү жар салды.
Наамачылды келсин деп,
Жалпы журтка шар салды.

Най үмүт пенде кетпе деп,
Уятты койбо бетке деп.
Жалпы казак калкынан
Акының болсо келгин де.
Ашта, тойдо олжого
Жакының болсо келгин де.

114.
Жалпы өзбек калкынан
Шайырың болсо келгин деп.
Шайырлыгың ашкере
Дайының болсо келгин деп.

Жалпы кыргыз калкынан
Ырчың болсо келгин деп.
Сөздөн бутак чыгарган
Сынчың болсо келгин деп.

Сурнай, кыяк, комузчу
Бир нерсе айткан добушчу

Бириң келбей койбо деп,
Бул сөзүмдү ойло деп.
Кур кетсең айтып кетерсиң
Бекер келдик тойго деп.

Наамачыны эр Үрбү
Чакырып алып кашына.
Талап кылып келдиң деп,
Эр Манастын ашына.

Калктын баарын курдатып,
Кары, жашты тыңдатып.
Хан Манастын ашында
Калктын баарын жыргатып.

Акындарды ырдатып,
Аңгемени ырбатып.

Шайырларды ырдатып,
Шарапатка жыргатып.

Ырчыларды ырдатып,
Жандын баарын жыргатып.

Бириң ашык алба деп,
Бириң куру калба деп.

Беши дилде, он жамбы
Санап берди колуна.
Өзүң бөлүп алгын деп
Ырчыны салды жолуна.

115.
Эми жар чакырды эрҮрбү
Жалгасыным аттан деп,
Жалпы журтка жар сал деп
Жар салганда шар сал деп.

Он күн конок күттүк деп,
Эми мөөрөй бүттү деп.
Калк ушундай болбойбу
Конокко кыргыз түттү деп.

Эт тууралып болду деп,
Күрүчү даяр бышты деп.

Эртенден баштап эт берем,
Эки күн этим тартылыт.
Ат чапкандын жардыгы
Үчүнчү күндө айтылат.

Ат чабылып болгон соң,
Анан мейман кайтылат.

Деп Үрбү салды жардыкты,
Көрсөтөм деп бардыкты.
Кыргыз уулу алаштан
Кылган жок эч ким ардыкты.

## ТАМАК ТАРТУУ

Эми Каныкей айтар кеби бар,
Калтырбай айтар эби бар.
Атпай алаш эли бар,
Айтылуу Талас жери бар.

Баркы жандан башкача
Падыша Манас эри бар.
Хан Манастын тушунда
Неменеден кеми бар.

Жакып хан менен Чыйырды
Жашы жетти өлөт деп.
Өлгөндөн соң өкүрүп
Атпай алаш көмөт деп.

Кемпир, чалга эр Манас
Келтирип ашын берет деп.

116.
Хан Жакыптын ашына
Калк жыйылып келет деп.
Сарамжалы кем болсо
Төрөм менден көрөт деп.

Мурунтан ойлоп күтүнүп,
Табагын кырып бүтүрүп,

Миң табакты даярдап,
Баарын тегиз сырдатып,
Казынага коюптур,
Сарамжалын чыңдатып.

Карысы өлбөй жашы өлүп,
Аягы өлбөй башы өлүп.
Өлөт деген Жакып хан
Манаска калып аш берип.

Ажалды Кудай берди деп,
Асылым Манас өлдү деп.
Хан Манастын ашына
Калк жыйылып келди деп.

Эрке катын Каныкей
Агыш менен Үрбүнү
Чакырып алып кашына,
Бакайды алып башына,

Кеңешип экөөң сырдаш деп,
Кемчилик табак кылбас деп.

Миң табакты Каныкей
Үрбүнүн берди колуна.
Агыш, Үрбү таң калып,
Акылынын молуна.

Табагы даяр болду деп,
Миңге табак толду деп.

Эт жасачу азамат
Эрте туруп күтүн деп.
Эл чогулуп келгенче
Этиңди жасап бүтүр деп.

117.
Табагы толук болсун деп,
Баймат туруп башында,
Баарын тегиз жасатты,
Эр Манастын ашында.

Баймат тазың уктабай,
Жантайып жерге ыктабай,

Төрөмө кызмат кылам деп,
Кылбай кантип турам деп,

Эрте туруп камынып,
Эт жасатып тынам деп.

Эрте туруп күтүнүп,
Этин жасап бүтүрүп.
Күрүчүн шөөла май кылып,
Сарамжалын жай кылып.

Карап турган кезинде
Үрбү келди чартылдап.
Айтып сөзүн уктуруп,
Агыш келди шартылдап.

Жалгасын жарды салгын деп,
Жан аябай баргын деп.
Өзүбек мурун жесин деп,
Бектер мурун келсин деп.

Өзүбек, сартты келтирип,
Кечке табак тарттырып.
Эл башкарган эр Үрбү
Аземин журттан арттырып.

Өзүбек, сартка эт тартып,
Суу куйдуруп колуна.
Сандыргалуу эр Үрбү
Сартты салды жолуна.

Өзүбек, сарттын соңунан
Карыя калктын агасы,
Эштектердин Жамгырчы
Хан Манастын тагасы,

118.
Эр Жамгырчы келсин деп,
Эштекке этти берсин деп,

Жалпы журтка жай айтып,
Агыш өзү башкарды.
Жамгырчыга эт тартып,
Жайын айтып аткарды.

Жамгырчынын соңунан
Ашты Кошой берди деп,
Эр Кошойдун өзүнө
Эми кезек келди деп.

Эр Кошойго эт берип,
Катаганды түшүрүп,
Хан Кошойдун калкына
Этин тартып бүтүрүп.

Кыпчак журттун беги деп,
Хан Төштүктүн эли деп,

Төштүккө кезек келди деп,
Эт тартты кыпчак калкына.
Хан Манастын ашы деп,
Калсын деп нуска артында.

Эми алаштын төрө агасы.
Сан казактын сарасы,
Көкчөгө кезек келди деп,
Айдаркандын баласы.

Сан казакты самсытып,
Табак тийбей жарсытып.
Көп казакты башкарды
Көкчөгө тартып аткарды.

Эми жедигердин эр Багыш
Жергеси бүтүн бир калыс.

Жедигерди түшүр деп,
Жергеси менен келсин деп,
Эр Багышты түшүрүп,
Ырааты менен берсин деп.

119.
Эр Багышка эт тартып,
Жедигерди аткарып.
Этин тартып бүтүрүп,
Баштан-аяк башкарып.

Жалгасын жардык айткын деп,
Катынга этти тарткын деп.

Баатыр Үрбү кеп баштап,
Кеп баштаса деп баштап.

Калың кыргыз калкың ук!
Бириң эмес жалпың ук.
Кадимден кыргыз атаңдын
Кылып келген салтын ук.

Кеңешин өзү жечү деп,
Кеңеш аш деп берчү деп.

Кеңештен кийин кеп баштап,
Эл чакырып келчү деп.
Кемеге казып аш берген
Келгенге этин берчү деп.

Кылайып бириң тарынып,
Менден чыгар көт жок деп.
Өзүңүн ашың болгон соң
Кыргыз сага эт жок деп.

Аш этине тарынсаң
Тарынган жанда бет жок деп.

Айткан сөзүм эп көр деп,
Катындарга эт бер деп.

Баркың менен иш кылып,
Манастын ашын өткөр деп.

Кемегенин башына
Катындар келди калкылдап,

Бар тапканын кийинип,
Башайы кийип жаркылдап.

Келбей кантип коём деп,
Кемпирлер сүйлөп балкылдап,
Кембагалдын катыны
Бу дагы жүрөт салпылдап.

120.
Катынды текши келтирип,
Баштан-аяк баарысын
Байбичелер жесин деп,
Башына алып карысын.

Боткосун арбын-көп салып,
Болжолу жок эт салып,

Кабагын ачып кетсин деп,
Катынга тартып кетирди.
Эми келген элге эт жок деп
Кемегеге өкүрдү.

## АТ ЧАБЫШ

Баатыр Үрбү чартылдап,
Баштагыдан шартылдап,
Саяпкерлер камын деп,
Билесиң аттын табын деп.

Эртең эрте айдатып,
Коного атты чабам деп,
Конгон жерде жем да бар
Аттарды өзүм багам деп,

Бүгүн түндө тегиздеп,
Байгесин бөлүп алам деп.
Эртең туруп айдатып,
Аттарды жолго салам деп.

Ак-Суугa жетип айдатып,
Ат менен бирге барам деп.
Ат айдатып жиберип,
Ак-Суугa туруп калам деп.

Хан Манастын үйүнө,
Каныкейдин жанына,

Хандарды жыйнап келтирип,
Кошойду алып башына,
Хан Жамгырчы. Эр Төштүк
Көкчөнү алып кашына,

Жакып хан менен Бакайды
Чакырып алып жанына,

121.
Кебин айтып карыга,
Кеңешин салып баарына,

Эр Манастын үйүндө
Кеңешти Үрбү баштады.
Байгеси кандай болот деп,
Баарына айтып таштады.

Эми хан Кошой ыйлап басылбай,
Капалыгы жазылбай,

Канетейин арман күн,
Көкөтөйгө жетпейт деп,
Карылар өлбөй жүргөнү
Көкөйүмдөн кетпей деп.

Манас тирүү чагында
Бакай өлбөй жүргөнү,
Башы, көзү калтылдап,
Кошой өлбөй жүргөнү.

Кулагы укпай жаңдатып,
Курулай табак камдатып,
Жаның менен куруп кал
Жакып өлбөй жүргөнү.

Манастан мурун Жакып хан
Жаман дүлөй өлгөндө,
Жакыптын ашын жайлатып
Манас өзү бергенде,
Көрөт элең сонунду
Калк жыйылып келгенде.

Балам Үрбү, рахмат!
Тууганды к кылдың Манаска,
Эл чогулттуң Таласка.
Абийирди таптың алашка.

Агаң Манас баатырдын
Ашын жакшы өткөрдүң.
Өлгөнүм жок эр Кошой
Башында туруп көз көрдүм.

122.
Кыянатсыз иштеген
Кызматыңды текшердим.
Кызматың таксыз болгон соң
Кылганыңды эп көрдүм.

Аянбай кызмат кылгыла,
Агыш, Үрбү баш кошуп.
Келтирип кеңеш кеп тапкын
Көкчө, Төштүк ат кошуп.

Бакайды алып кеңешке
Жаштар билип сайгын деп.
Катын дебей башына
Каныкейди алгын деп.

Кептин түбү келинде,
Келинге кеңеш салгын деп.
Эр Кошой айтып турганда,
Ушул сөдү урганда,

Каныкей туруп кеп баштап,
Кеп баштаса деп баштап.
Хан Кошой маакул алды деп,
Карылар айтып салды деп.

Аяшым Төштүк, дем байла.
Аянбастан бел байла.
Жездем Көкчө, дем байла,
Тартынбастан бел байла.

Агыш, Үрбү кайнилер,
Аянбастан шер байла.

Катынды билди дебеңер,
Казына оозун ачасын.
Хан төрөмдүн ашына
Карк алтындан чачасын.

Чын төрөмдүн ашына
Чын казына ачасын.

Чылк күмүштөн чачасын,
Чачып көңүл ачасын.

123.
Өзүм зайып, балам жаш,
Абыке, Көбөш болду кас.
Чын сырымды айтайын.
Кимге ыраа тартайын.

Береним төрө, падыша
Бежинге казат барганда,
Беш капкалуу Бежиндин
Казынасын алганда,

Беш жыл сурап Бежинге
Бек төрөм булук салганда,

Алмамбетти хан кылып,
Алты жыл сурап турганда,
Азиз хандын Алмамбет
Алты жыл сурак кылганда,

Жүз качырга жүктөтүп,
Ар жылы алман келуүчү.
Каңгайлардын Хан Коңур
Хан төрөмө беруүчү.

Ар жылына бир жүздөн
Алты жүз качыр-эшекке
Артып келген жайы бар.
Жамбы баккан жанында

Алтымыш үйлүү сарты бар.
Армандуу бейбак дарты бар.

Кечээ Индинин шаарын алганда,
Индиге булук салганда,

Падыша төрө, султаным
Индистанга барганда,

Жүз нарга төрөм жүктөтүп,
Алып келген алтын бар.
Бул алтынды укпаган
Алашта кайсы калкың бар?

Хандын, бектин барында
Казатка барган жалпың бар.

124.
Казына баккан жанында
Кырк үйлүү кара калча бар.
Кайсы бирин айтайын,
Казына толгон парча бар.

Кагазда баары жазылуу,
Билбеймин муну канча бар?

Капкасы темир, болот кулуп
Казына толгон зар калды.
Кара буурул көп жылкы
Талас толгон мал калды.

Айры төөдөн башкача
Алты миң кызыл нар калды.

Кызыл кымкап, киш ичик
Кымбаттан канча бул калды.
Кытай менен калчадан
Алып келген кул калды.

Кыз алган жары кара бет
Каныкей бейбак тул калды.
Кулдарга кимим ээ болор?
Кулдардан сайсаң кээ болор.

Байгеге кулдан барбасын,
Баламды каргап салбасын.
Аш берем деп кара бет
Балакетке калбасын.

Калмак менен калчага
Хан төрөм кылган казат деп,
Казатта келген кулдардын
Баарынын башы азат деп.

Адамдан сайсам байгеге
Акыретте азап деп.
Акыретке барганда
Азабын кашкөй тартат деп.

Бул соол эмес, убал деп
Ким дагы болсо айтат деп.

125.
Катын да болсом долбор деп,
Каныкей айтып берейин.
Кайнилерим, жазып тур
Казына чаркын көрөйүн.

Биринчи атка миң жамбы
Тогуз миң дилде зар болсун.
Токсон кызыл нар болсун.
Баарысы окшош пар болсун.

Экинчи атка байгеси
Токсон жамбы дагы бар,
Сегиз жүз дилде зар болсун.

Үчүнчү аттын байгеси
Сегиз жүз жамбы чылк күмүш
Жети миң дилде карк алтын
Жетимиш окшош кызыл нар.

Төртүнчү аттын байгеси
Жети жүз жамбы дагы бар,
Алты миң дилде зары бар.
Алтмыш кызыл нары бар.

Бешинчи аттын байгеси
Алты жүз элүү акчасы,
Беш миң дилде сары алтын,
Элүү беш кызыл нары бар.

Алтынчы аттын байгеси
Алты жүз жамбы дагы бар.
Төрт миң дилде зары бар.
Кырк атан жана нары бар.

Жетинчи аттын байгеси
Беш жүз жамбы дагы бар.
Үч миң дилде зары бар.
Отуз беш кызыл нары бар.

126.
Сегизинчи аттын байгеси
Төрт жүз жамбы дагы бар.
Эки миң дилде зары бар.
Отуз кызыл нары бар.

Тогузунчу аттын байгеси
Үч жүз жамбы чылк күмүш
Бир миң беш жүз сары алтын
Отуз нар төө атан бар.

Онунчу аттын байгеси
Эки жүз жамбы, миң дилде,
Жыйрма беш кызыл нар.
Болбос мындай эч кимде.

Он бир ат менен отуз ат
Ортосунда келген ат.

Талашы жок, чыры жок
Тандырбай адам көргөн ат.

Жыйырма аттын байгеси
Барысы бирдей тең болсун.
Ашыгы жок, кеми жок.
Мындан башка эби жок.

Эки жүз дилде, кырк жамбы,
Он кызыл нар кошогу.
Катындык кылып аз айтсам,
Үстүнө барбы кошору?

Азбы байге, көппү деп,
Бул айтканым эппи деп.
Абийир тапсак болду деп,
Айтып сөзүн жаркылдап.

Эр Төштүк туруп кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты.

127.
Манас досум барында
Байбиче болуп жыргадың.
Урматын сыйлап олтуруп,
Уруулуу журтту жыйнадың.

Отуз аттын байгесин
Баштан-аяк сындадым.
Баарысын жазып ылгадым.
Ургачылык кылбадың.

Жетим, жесир болгон соң.
Аз эмес байге көп болду.
Аяшым ишиң эп болду.
Адам укчуу кеп болду.

Байге кемчил болбойт деп
Кем деген адам оңбойт деп.

Баатыр Кошой башында,
Баарысы айтып олтурду.
Хан Жамгырчы, эр Кошой
Карысы айтып олтурду.
Каныкейдин жооругун
Көңүлүнө толтурду.

Эми эрке катын Каныкей
Сарамжалын билгизип,
Хандардын баарын ээрчитип,
Казынага киргизип,

Кашкөйлүгүн карматып,
Хан Үрбүгө тандатып,
Хан Кошойду баш кылып,
Тогуздан ичик кийгизип.

Аярлыгын карматып,
Аябады малдарын.
Ургачы мындай болбойт деп,
Айран калды хандарың.

Санатып алып зарларын,
Байлатып алып нарларын.

128.
Байгенин баарын Үрбүгө
Санап берди колуна.
Эми атыңды чапкын деп,
Үрбүнү салды жолуна.

Байгенин баары камдалып,
Баатыр Үрбү шаттанып,
Атыңды эрте чубат деп,
Ат чабам деп аттанып

Эркек мындай кылбайт деп,
Элге, журтка мактанып,
Казына колго тийген соң
Калбаймын деп сактанып.

Жалгасын, элге жар сал деп,
Жалпы журтка шар сал деп.
Атыңды алып келгин деп,
Аңгемени көргүн деп.

Элге, журтка билдирип,
Эгиз кара ат көлүгүн,
Куйругун кучак түйдүрүп,
Көкүлүн көккө шүйдүрүп.

Көпчүлүктү тегиздеп,
Көчө тартып тургузду.
Бейбаш жүргөн адамды
Бетине келсе ургузуп.

Ат чубатып көчөгө
Эсебин дайын алдырып.
Эки жүз атты дайындап,
Ак кагазга салдырп.

Ат айдачу азамат
Хандардан калыс алсын деп,
Чыңроо байдын Чыңгышы
Башчы болуп барсын деп.

Аты-жөнүн дайындап,
Ак кагазга жазсын деп.

129.
Аягына Кошойдун
Алтын мөөрүн бассын деп.

Ойлосун журттун пайдасын,
Отуз киши айдасын.
Ат айдачу адамды
Хандар билип шайласын.

Тешкендин туура тушунда,
Азирет султан ушунда.

Түркстандан ат кайтсын,
Султанга барып түнөсүн.
Жоболоң баштап балдарың
Жолдон качып жүрбөсүн.

Сөзүмдү салдым калыска,
Айдаймын атты алыска.
Жолдон качкан ат болсо
Атыңды алам айыпка.

Деп баатыр Үрбү чартылдап,
Баштагыдан шартылдап.

Чыңроо байдын Чыңгышы,
Атты өзүң айда деп,
Бир кызматка келтирип,
Белиңди бекем байла деп.

Хандардан алып калыстан
Отузуң ат айдап,
Башчы болуп эр Чыңгыш
Ат айдаса да бат айдап.

Мен дагы бирге барам деп,
Жарым жолдо калам деп.
Жолдон кошкон ат болсо
Айпка атын алам деп.

Баатыр Үрбү шартылдап,
Бадана кийип жаркылдап.

Чандан күлүк кошулуп,
Чаң асманга созулуп.

230.
Кең Таласты керелеп,
Чаткал ылдый чаңдатып.
Күркүрөөнү кечирип,
Чакмактын белин ашырып.

Ак-Суудан атты өткөзүп,
Калбасын ат деп бекинип.

Ак-Сууда калды эр Үрбү
Эртең эрте кайтар деп.
Ат кечигип калбасын
Кайтканын балдар айтар деп.

Эми ат айдап алыс кетти деп,
Далай жерге жетти деп.

Азаматтар ат чапкан
Ат сүрөөгө барчу деп.
Аты келсе пайгеге
Алтын, күмүш алчу деп.

Эр Кошойго барышып,
Кошойдон жооп алышып,

Жарым жолго жакындап,
Чакмакка келип жатышты.
Төлгө тартып төп айт деп,
Аңгемеге батышты.

Ат айдаган эр Чыңгыш
Ат айдаган күнү өтүп,
Жемин, чөбүн жедирип,
Түркстанга түнөтүп,

Кан Кошойдун мөөрү деп,
Кагаз берип колуна,
Таң кашкайып сүргөндө
Балдарды салды жолуна.

Дүрбү салып эр Үрбү
Карап турган кезинде.
Кандай буудан келет деп,
Самап турган кезинде.

131.
Ал аңгыча чаң көрдү,
Чаңга аралаш ат келди.

Үрбүнүн кичи кара аты
Кашкая чыгып алыптыр,
Аркаснан Тайбуурул
Аянбай кууп калыптыр.

Үчүнчү болуп Чалкуйрук
Салгар жолго салыптыр.
Карт мегесин карматып,
Табына келип калыптыр.

Каратты сүрөп эр Үрбү
Кайра тартты уят деп.
Тайбуурулду сүрөдү
Ушул жетимдин аты чыгат деп.

Чыкты деп кулак угат деп,
Манастын туусун жыгат деп.

Тайбуурулдун чыкканын
Укмак турсун көз көрүп.
Тайбуурул турсун шум карат
Чалкуйрукту өткөрөт.

Үч ат болуп барат деп.
Өлчөлүү жерин алат деп.

Анын арка жагынан
Ачбуудан өттү закымдап.
Ачбуудандын артынан
Көкала өттү такымдап.

Эр Кошойдуш Жүрөкер
Алты ат болуп алыптыр.
Көкаланы такымдап,
Аянбай кууп калыптыр.

Эр Агыштын Казкара
Жети ат болуп закымдап,
Ажыбайдын Карткүрөң
Аркасынан такымдап,

132.
Анын арка жагынан
Жамгырчынын Бууданкөк.
Бууданкөктүн соңунан
Сынжыбектин Аргымак,

Аргымактын артынан
Таз жетимдин Таркара
Таркаранын артынан
Эр Үрбүнүн Чоңкара

Чоңкаранын соңунан
Эр Көкчөнүн Кертөбөл

Анын арка жагынан
Эр Багыштын Калдуукөк.
Секиргени бүргөдөй
Куландай тайкы жалдуу көк.

Чандан чыгып бөлүнүп,
Он төрт ат жолго салыптыр.
Жакын жерде көрүнбөйт,
Башка аттар алыс калыптыр.

Коокту аттар өттү деп,
Баарысы өтүп кетти деп.
Эмдигиче буудандар
Сүрөөчүгө жетти деп.

Жөнөп калды эр Үрбү
Жолго салып каргытып.
Артына түшүп аттардын
Аңгемесин арбытып.

Чаң-тополоң болушуп,
Чапкан балдар соолушуп,
Ал аңгыча ат келди,
Ат келгенде бат келди.

Сүрөөчүлөр сүрөшүп,
Кара жанды үрөшүп.
Жакасын кармап жалынып,
Жараткандан тилешип.

133.
Байдын уулу Бакай хан
Байгесин сайып жардатып,
Ак күмбөздүн жанына
Манастын туусун карматып.

Карап турган кезинде
Чаң көрүндү алыстан.
Хан ордого кирет деп,
Аты чыккан жарыштан.

Атты санап турам деп,
Жолдош алып калыстан

Жаңжал, чырсыз болсун деп,
Хан Кошойу башында,
Байдын уулу Бакай хан
Санап турду кашында.

Жаңыдан алыс бөлүнүп,
Тайбуурул чыгып алыптыр.
Чатагы жок, чыры жок
Тазбаймат жолго салыптыр.

Тайбуурулду көргөндө
Бакай ыйлап баркырап,
Баламдын аты келди деп,
Байкуш чалың даркырап.

Сакалы ылдый жаш кетип,
Жакасына тамчылап.

Анын арка жагынан
Чалкуйрук өттү закымдап.
Үрбүнүн Кыйдыкарасы
Үч ат болуп такымдап.

Төртүнчү болуп Ачбуудан
Аккула менен бир tууган.

Кош арыктан түйүлсө,
Кош куюшкан шакылдап.
Манастап ураан чакырып,
Бласы өттү какылдап.

134.
Жан аябай камынып,
Санына куйрук жабылып.

Эр Көкчөнүн Көкала
Беш болуп өттү чамынып.

Эр Төштүктүн Жоорукер
Алты ат болуп бул келди.
Картаңым келип калды деп,
Эр Кошой санап өткөрдү.

Эр Агыштын Казкара
Элирип жолго салыптыр.
Картаңкерди кубалап,
Жети ат болуп алыптыр.

Ажыбайдын Карткүрөң
Аянбай чуркап алыптыр.
Манастап ураан чакырып,
Баласы жолго салыптыр.

Сегиз болуп бул келди.
Келгенин анык көз көрдү.

Тогуз болуп бул өттү
Жамгырчынын Бууданкөк.
Чоң-Алайда тууган Көк,
Салкын жерде сууган Көк

Он ат болуп бул өттү –
Сынжыбектин Аргымак,
Салкын жерде таптаса,
Далай аттан каргымак.

Он бир болуп бул өттү –
Таз жетимдин Тайкара.
Он эки ат болуп бул өттү –
Эр Үрбүнүн чоң Кара.

Он үчүнчү ат болду
Эр Багыштын Калдуукөк

Жараганы сүмбөдөй
Куландай тайкы Жалдуукөк

135.
Ордобектин Чаңжетпес,
Он төрт болуп бул келди.
Бектин аты келди деп,
Бакай санап үлгүрдү.

Он жети болуп закымдап,
Кайымбектин Актелки
Малдан сыны башкача
Келишимдүү как телки.

Анын арка жагынан
Эр Көкчөнүн Кертөбөл
Кертөбөлдүн артынан
Шамурат хандын Суркийик

Суркийиктин артынан
Хан Бакайдын Бозбуудан
Он тогуз болуп бул келди –
Эр Кожоштун Койтору.
Чапса кетет шамалдай,
Малдан аяр жой тору.

Мындан кийин он бир ат
Баатыр Бакай каттады.
Чымын какты тап өткөн
Өзбек, сарттын аттары

Кагазда дайын жазылуу,
Байгесин алып колуна,
Ат келгенде эл тарап,
Коноктор түштү жолуна.

Алыстан келген меймандар
Аш тарады, эл кетип,
Хандар келип кайткан соң,
Арадан алты күн өтүп.

## ЫРЧЫУУЛ МЕНЕН БОЗУУЛДУН КАНЫКЕЙГЕ АРАЧЫГА БАРГАНЫ

Жетинчи күн кечинде,
Кечки салкын бешимде,
Кандай заман болот деп
Каныкейдин эсинде

136.
Көбөш туруп кеп баштап,
Өзүнө жаккан эп баштап,
Абыкеге кашкөйдү
Алып берем деп баштап.

Жакып ханга кеп айтып,
Жайланып сөздү эми айтып,
Чоролорго кеп айтып,
Чогулуп уккун деп айтып.

Азалдан ага өлчү деп,
Алданын жазуун көрчү деп.

Калкка кеңеш салчу деп,
Катынга кабар барчу деп,

Жесирим деп оозунган
Жеңени кайни алчу деп.

Агамдан калган чоросуң,
Айтканымдай болосуң.

Өлсө Манас өзү өлдү
Сөзү калды өлгөн жок.
Манастан калган жар-жоро
Көргөндө сени көөнү ток.

Абыкеге тийгенге
Каныкейдин көөнү жок.

Деп чоролорду чогултуп,
Хан Жакып менен кеңешип,
Канетип тийбей коет деп,
Каныкей менен эгешип.

Абыке албайм деп айтса,
Жамандын көрчү сөзүн деп,
Сен албасаң мен алам
Катын алчу өзүм деп.

Садага кеткин катындан
Салпайган жаман жогол деп.
Жоголбосоң ит чиркин
Сөзгө кирип оңол деп.

137.
Бакай келип бузат деп,
Чалды шайтан кысат деп,
Жеткер чал тийбе жиниме
Жегенин Бакай кусат деп.

Бакайдан башкаң баш кошуп,
Масилет-кеңеш кургун деп,
Абыкеге кашкөйдү
Алып берип тынгын деп.

Иш чоролор сенде деп,
Илесин тапмак менде деп.
Жеңени кайни алуучу
Эски салтың элде деп.

Манастан калган кырк чоро
Мага чоро болосуң.
Мага чоро болбосоң
Кайда барып коносуң?

Турамын десең жер мына,
Бийлеймин десең эл мына.
Атпай алаш төрөсү
Абыке, Көбөш эр мына.

Жакшы болсоң мал мына,
Мал турсун кара жан мына.
Чоро болсоң чогулуп,
Көрдүңбү Көбөш хан мына.

Көбөш менен Абыке
Эр Манастын иниси.
Атпай алаш калкында
Башка деп айтчуу кимиси?

Көбөштү тууган Бакдөөлөт.
Манасты тууган Чыйырды.
Бул карабет Каныкей
Кайдан тапты кыйырды.

138.
Эми айтайын сырымды
Көрөсүң менин чырымды.

Чоролор, бириң баргын деп,
Кашкөйдөн жооп алгын деп.
Кара бет кандай кеп айтат
Сөзүнөн чалгын чалгын деп.

Сөзгө жүйрүк устасың
Билесиң сөздүн нускасын.

Ырамандын Ырчыуул,
Ырыска шерик сынчы кул.
Ботобайдын Бозуул,
Өзүмө чоро дос уул,

Өкөөң барып келгин деп,
Сөзүн тартып көргүн деп.
Сөзгө кашкөй келбесе,
Эрте жооп бергин деп.

Ырчыуул менен Бозуулду
Арачы кылды Каньшка.
Андай-мындай дебесин
Абыке даяр алышка.

Кетпесин иши намыска,
Өзүм даяр барышка.
Жиниме тийсе кашкөйдү
Айдап жолго салышка.

Кошун менен барам деп,
Баласын алып калам деп.
Темир хандын долусун
Айдап жолго салам деп.

Сыйы менен тийбесе
Жылбас кылып жабам деп,
Элирип турган долунун
Эсебин өзүм табам деп.

Жиним келсе турбастан
Жилигин ташка чабам деп.

139.
Айыкканча кашкөйдү
Атала берип багам деп.
Ал карабет кашкөйгө
Азыр келет чамам деп.

Каныкей менен сырдашсың
Сырдаш турсун курдашсын.
Эки чоро баргын деп,
Эрте жооп алгын деп.

Көөлдөгөн көр Көбөш
Көрсөтүп айтып токтоду.
Абыкеге кашкөйдү
Алып бер деп соктоду.

Абыке албайм деп айтса
Аябастан боктоду.

Эми Ботобайдын Бозуул
Сөз баштады шартылдап.
Баштан-аяк кырк чоро
Баарың ук деп чартылдап.

Көбөш хан акыл кеп айтат,
Көңүлгө жаккан эп айтат.
Өз жесири болгон соң
Абыке алсын деп айтат.

Абыке, Көбөш өзүңө
Айта турган кеп калды.
Эр Манастын артында
Абыке, Көбөш бек калды.

Кырк чородо не жазык
Абыке, Көбөш деп калды.
Манас өлсө өзү өлдү
Кеби жерде калган жок.
Эки иниси бийледи,
Эли жерде калган жок.

Атан өлсө тайлак бар,
Жүгү жерде калган жок.
Агасы өлсө ини бар,
Журту жерде калган жок.

140.
Ажалы жетип, күн бүтсө,
Азалдан пенде өлүүчү.
Агадан калган жеңени
Иниге алып берүүчү.

Эстүү ургачы сыр бербей,
Эл айтканда көнүүчү.

Кырк чоро, сага эл жакшы
Өсүп-өнгөн жер жакшы.
Эр Манастын иниси
Абыке, Көбөш бек жакшы.

Канчалык мыкты болсо да
Каныкейге эр жакшы.
Кургакта бака күн көрбөйт,
Бакага балыр, көл жакшы.

Кадыр тапкан азамат
Кары-жашка тең жакшы.
Аганын ордун баскан соң
Абыке, Көбөш сен жакшы.

Агаңдан калган кырк чоро
Баркымды билсең мен жакшы.

Каныкей бекер кеп айтат
Катындык кылып көп айтат.

Сарыгып аккан булактан
Сасык да болсо көл жакшы.
Алтын баштуу катындан
Бака баштуу эр жакшы.

Ырамандын Ырчыуул
Ыраман атаң ырчы кул.
Жазыгың жок өзүңдө
Жандан аяр сынчы кул.

Хан Көбөш жардык кылган соң
Каныкейге баралык.
Эрке катын кашкөйдөн
Эптеп жооп алалык.

141.
Алдыма түшүп башта деп,
Айткан сөздөн жазба деп.
Айтар сөзүң ойлонуп.
Акылыңдан шашпа деп.
Каракаска кылчактап,
Каныкейден качпа деп.

Эки чоро элеңдеп,
Айтар сөзүн белендеп.
Эрте барып келем деп,
Эркенин барды кашына.

Замана түшүп зар ыйлп,
Каныкейдин башына.
Адам чыдап тургусуз
Көздөн аккан жашына.

Чоролор бекер келбейт деп,
Оң сөз айтып бербейт деп.

Чородон суук сөз укса,
Каныкей кантип өлбөйт деп.

Ар жоорукту бир санап,
Арманын айтып Каныкей,
Асыл Манас султндан
Калганын айтып Каныкей.

Баласынын жаштыгын,
Баштап айтып Каныкей.
Баштан-аяк жооругун
Какшап айтып каныкей.

Кыркың кырк жерден келген ит элең
Кырк чоро кайсы киши элең.


Ырчыуул, Бозуул, тыңдап тур!
Айткан сөзүм сындап тур.
Айтып турган сөзүмдө
Арамы барбы ылгап тур.


Ханга, бекке жыргапсың
Чоролор, барып жыргап тур.

142.
Бозуул, кайсы киши элең
Адамга сыяр эбиң жок.
Кырк чоронун ортосун
Бузгандан башка кебиң жок.

Абыке менен Көбөшкө
Айткан жерде көнгөн соң,
Алды каткан Ырчыны
Алдап алып келгенсиң.

Мен кара бет бейбакка
Каралайт эле арбакка,


Түп нуска боюнча 142-бет



Бек төрөм Манас өлгөндө
Берен чором калсачы.
Чоролордон алдына
Кашкөйдү Кудай алсачы.

Алмамбет менен Чубак жок,
Ажыбай менен Сыргак жок.
Кайсы бирин айтайын
Мен арзымды айтар убак жок.

Кырктын башы Кыргын жок,
Кыркында көпкөн дыңгыл жок.
Кыргын чал аман болгондо
Бул ордумдан жылгым жок.

Кырк чоронун сарасы
Кылымдын уулу Мурадил
Эсерде эки айтпаган
Айткан сөзү бек далил.

Мурадил аман болгондо,
Көрөт белем көп жабыр.
Бозуул, Ырчыуул туз ургур
Болот белем мусапыр.

Калкаман, Жайнак, Калдарым
Каңгайдын шаарын алганым.
Бек төрөм менен бел байлап,
Бежинге кошо барганым.

143.
Акбай, Мамбет, Сейитим
Казатта өлгөн шейитим.
Мен кара бет кашкөйгө
Эми түштү кейишиң.

Кошой, Бообек, Серегим
Кошомат эмес, береним.

Мен кара бет кашкөйгө
Эми тийди керегиң.

Арзым менен Курама
Азамат чоро ноёнум.
Армандуу болгон кара бет
Айтпай кантип коёмун.

Төлгөчү Каратөлөгүм
Эрлик жандан бөлөгүм.
Төлөгүм аман болсочу
Жаныма күйчү жөлөгүм.

Түшчү менин Жорубум
Түш көргөндө жорурум
Айлыма душман келтирбей
Арамдардан корурум.

Акайдын уулу Борумчум,
Агыдай далы көрүүчүм,
Беренім чором болсочу
Менден мурун өлүүчүм.

Көйкашка чором баары өлүп,
Көрдүңбү кашкөй көнүшүн.
Азамат чором казатта
Армандуу болуп өлүшүн,

Кара башка күн түшүп,
Каныкей жабыр көрүшүн.

Жар чором аман болгондо
Жаш жетимге каралап,
Абыке менен Көбөштүн
Басат эле көбүшүн.

144.
Ботобайдын Бозуул,
Көбөш менен дос уул.
Ырамандын Ырчыуул,
Ыраман атаң ырчы кул.

Айтпасаң да мен билдим
Арбак урган эки кул.
Манастын тузун ойлонбой
Бул келгениң чеки кул.

Армандуу болбой айтып өл.
Айт сөзүңдү тартынбай!
Каргашалуу Бозуул
Калбасын сөзүң айтылбай.

Канчалык сөздү ойлонуп,
Каныкейге жойлонуп,

Бозуул карап турбастан,
Башка сөздү урбастан,
Хан Көбөштүн айтканын
Айтып өттү бир баштан.

Жамандык кантип санайын,
Сал кулагың кеп айтам.
Орго салба көөнүңдү
Өзүңө жаккан эп айтам.

Эркебиз айым Каныкей,
Эркектин сөзүн алып жүр.
Эч болбосо ойлонуп,
Кулагыңа салып жүр.

Өлгөндөр жатат, тирүү бар,
Өлмөк нуска элде бар.

Жетимдик арман менде бар,
Жесирлик арман сенде бар.

Эр Манастан айрылып,
Чоролоруң жетим деп,
Абыке менен Көбөштүн
Араң көрдүк бетин деп.

145.
Хан төрөңдөн айрылып,
Каныкей, болдуң жесир деп,
Арамга тийбейм дегениң
Айтып турган пешиң деп,

Эр жеткенче Семетей
Эрге тиер кезиң деп,
Кайниңе тийбейм дегениң
Каныкей сага кесир деп.

Ургачылык кылбагын,
Ушунчалык эсир деп.

Биз айтпасак ким айтат,
Абыке эстүү бала экен.
Жалгыз балаң жетимге
Арка болчу жан экен.
Бакдөөлөт тууду дебесең
Манаска жакын бар экен.
Арам деп айтып кордобо
Абыке сага ак экен.

Бир айгырдын кулуну,
Бир адамдын уругу.
Жакып хандын баласы,
Эр Манастын иниси.

Арам деп айтар жөнүң жок,
Абыкеге көөнүң жок.
Каныкей сенин өзүңдө
Мындан башка оозуң жок.

Өлгөндөн жесир калуучу,
Өрнөктүү жолго салуучу.
Өз жесирим алам деп,
Кайниси каалап алуучу.

Кайниси каалап турганда
Качканда кайда баруучу?

Жактырбай койбо сөзүмдү,
Жаман көрбө өзүмдү!

146.
Биз айтпасак ким айтат?
Айткалы келдик өзүңө.
Кашкөйлүгүң карматып,
Каршылык кылба сөзүмө!

Айтпай алаш эп кылды,
Айткан сөзгө киресиң.
Адамдын жайын билесиң.
Абыкеге тиесиң.

Айткан сөзгө көнөсүң,
Анык жооп бересиң!
Тийбеймин деген сөз чыкса,
Хан Көбөштөн өлөсүң.
Өлбөсөң да Каныкей,
Көргүлүктү көрөсүң.
Темир хандын шаарына
Анык деп ойло жөнөшүң.

Инисин алып калам дейт,
Бул өзүмдүн балам дейт.
Каңшылатып канчыкты
Айдап жолго салам дейт.

Ушул сөздү укканда
Каныкей карап турбады.
Чындап жаны кашайып,
Чымындай сабыр кылбады.

Тузум урган иттердин
Айтып турган кебин көр.
Атпай алаш айтат деп,
Кылып келген эбин көр.

Хан Көбөш кармап соёт деп,
Кара каска демин көр.
Тамтыгы жок эки иттин
Таап келген эрин көр.
Таалайы жок бейбакты
Тапшыра турган жерин көр!

147.
Адамы болуп сөз айтар
Өкөөңөн башка эл жокпу?
Кара бет болуп эри өлгөн
Калкында мендей кем жокпу?

Кечээ падыша төрөм ашында.
Баатыр Кошой башында,
Агыш, Үрбү, Жамгырчы,
Көкчө, Төштүк кашында

Аш тарады кечинде,
Кечки салкын бешимде.
Акылы болсо өзүндө,
Бар бекен бул сөз эсинде?

Качпастан бир түн меймандан,
Хандарга акыл салбайбы?
Касиеттүү жан болсо,
Кадырлап жесир албайбы.

Ханга, бекке эп келсе,
Каныкей тийсин деп келсе,
Кара жолтой Каныкей
Бар деген жерге барбайбы.

Уурдап алчу катын жок.
Урушпай чапчу баатыр жок.
Элге сөзүн эп кылбай
Бул эки арамда акыл жок.

Баркыма жетпейт, тийбеймин,
Баатыр да болсо сүйбөймүн.
Барк билбеген эки акмак,
Сен айткан тилге кирбеймин.

Чамам келсе тийбеймин,
Чаркым келсе сүйбөймүн.
Манастын тузу урган кул.
Сен жүргөн жолго жүрбөймүн.

Сүйбөсө нике болбойт деп,
Зордуктун түбү оңбойт деп,

148.
Шарапат жолдон чыкканды
Шариат урбай койбойт деп.

Баары журтка дайын деп,
Пайгамбар чапкан жол ушул.
Баркы жок акмак сен турсун
Манасты сайган кол ушул.

Жалпы журтка дайын деп,
Чарйар чапкан жол ушул.
Чамасы чак сен турсун
Төрөмдү сайган кол ушул.

Падыша жорткон жол ушул,
Манасты сайган кол ушул.
Сулайман жорткон жол ушул,
Султанды сайган кол ушул.

Мен кара бет Каныкей
Тартынбаймын өлгөндөн,
Уялсаңчы эки акмак
Арага, иттер, келгенден.

Мен Каныкей кашка деп,
Чоролор, оюң башка деп.
Баатыр болсоң качпа деп.
Катындан качып шашпа деп,

Ак албарстан кылдырган,
Канжарым батат ташка деп.

Эки акмак сени соём деп,
Сойбой кантип коём деп.

Болоттон соккон Ак канжар
Кармай алып сабынан,
Сымбатын бузуп кумсарып,
Суурup алды кабынан.

Эрке катын Каныкей
Ыргытып урду келтирип,
Арбак урган эки итти
Тынайын деп өлтүрүп.

149.
Чочуганда эрдик жок,
Чоюлганда кеңдик жок.
Каныкей канжар урганда
Качып калды теңдик жок.

Ырчыуул, Бозуул турбастан
Качып калды закымдап.
Ыргытып урган Ак канжар
Жандап өттү жакындап.

Ойлонуп кашкөй өлөм деп,
Оюна албайт залалды.
Алыс кетип Ак канжар
Каалгага кадалды.

Чаң-тополоң болушуп,
Чоролор качты турбастан.
Атка минип каргытып,
Аттын башын бурбастан.

Абыке менен Көбөшкө
Айтты сөзүн бир баштан.
Арбагын сыйлап Манастын
Азыраак сабыр кылбастан.

Баягы кашкөй оңбоптур,
Оң пейилде болбоптур.
Пейилин бузган кара бет
Аксымдыгын койбоптур.

Айткан сөздү укпастан,
Жакшы сөз мындан чыкпастан,
Адам уккус кеп айтып,
Арамга тийбейм деп айтып.

Бейгам чапкан жолум деп,
Кармай алып сабынан,
Темир хандын кер канчык
Суурup алды кабынан.

150.
Кепке-сөзгө келбестен,
Мындай жоорук баштады.

Аябастан кара бет
Келтирип шилтеп таштады.

Качып берип кутулдук,
Өлтүрүп коё жаздады.
Соо өлбөгөн кара бет
Жаман жоорук баштады.
Кайсы бирин айтайын
Союп коё жаздады.

Камчы калды алынбай,
Качып бердик закымдап.
Үстүбүздөн Ак канжар
Жандап өттү жакындап.

Деп Ырчыуул , Бозуул аянбай
Ырбатты сөздүн аягын.
Колуна кармап турат деп,
Манасты сайган жарагын.

Өлүп кала жаздадык
Өзүң байкап карагын.
Не кылсаң, Көбөш, өзүң бил
Темир хандын жалабын.

Чородон мындай кеп угуп,
Кеп укканда бек угуп,
Адам уккус кеп айтып,
Арамга тийбейм деп айтып,
Ак канжар менен кара бет
Өлтүрө жазды деп угуп.

Жакып хан турду күрсүлдөп,
Жалапты барып сойгун деп.
Жаш жетимден айырып,
Жалгыз таштап койгун деп.

Эби келсе кашкөйдүн
Эки көзүн ойгун деп.

151.
Манас да менин балам деп,
Айткан жок муну арам деп.
Абыке, Көбөш балам деп,
Айтыптыр муну арам деп.

Анык балам, Көбөшүм
Алал балам Абыкем.
Кашкөйдүн айткан сөзүнө
Канетип өлбөй калам деп.

Көбөш балам, баргын деп,
Малын талап алгын деп.
Темир хандын долусун
Айдап жолго салгын деп.

## КАНЫКЕЙДИН КӨБӨШ ХАНДАН ЧАБЫЛГАНЫ

Чородон Көбөш кеп угуп,
Кеп укканда бек угуп.
Жакыптан Көбөш кеп угуп,
Жанына батып бек угуп.

Алапайын таба албай
Ачуусу келип Көбөштүн
Кашкөйдү чаап алам деп,
Акылын ойлоп жөнөштүн

Кепке, сөзгө келбестен,
Абыке айтса көнбөстөн,
Алаптаган жинди кул
Ачуусун жанга бербестен,

Мен дегениң аттан деп,
Олжо таап берем деп.
Манастан калган казына
Баарыңа жетет кенен деп.

Семетейин соём деп,
Союп таштап коём деп.

Баштан-аяк баарың ук
Баарыңа тегиз айтам деп.
Кашкөйгө кылган шертимди
Канетип кылбай кайтам деп.

152.
Колго тийсе жетимин
Колун үзүп кайырып,
Жалгызынан айырып,
Көк бөрү кылып тартам деп.

Кашкөйгө жаза кылам деп,
Кылбай кантип тынам деп.
Катындан кордук көргөн соң
Хан болуп кантип турам деп.
Колумдан келсе долуга
Кордукту мыктап кылам деп.

Көрдөй Көбөш аттанып,
Көпчүлүккө мактанып.

Манастын айлын чаңдатып,
Басып калды кол менен.
Алыстан душман тапкансып,
Азгына эмес мол менен

Ал аңгыча Каныкей
Көбөштү көрүп күтүнүп,
Соо койбойт деп баламды
Сарамжалын бүтүрүп,

Келерин билип ойлонуп,
Кейип ыйлап кордонуп,

Жалгызымдан айрылсам
Жаныма жабыр жетет деп.
Эшикти карап тургун деп,
Эл келсе кабар кылгын деп.

Каратып коюп күңүнө
Көр Көбөштү эшиктен,
Көчөр кулдун баласын
Каныкей чечип бешиктен,

Аярлык кылып Каныкей
Акылынан шашпады.
Күң баласы ордуна
Султанды бөлөп таштады.

153.
Очор кулдун баласын
Сыр бешикке бөлөдү.
Семетейди Каныкей
Кул бешикке бөлөдү.

Бет алып Көбөш кирет деп,
Бешиктен байкап билет деп,

Төрдө турган бешикти
Арамдар келип алат деп,
Семетейди алдык деп
Айдап жолго салат деп.

Мурун кашкөй камынып,
Жанынан душман табылып,
Этиет болуп баласын
Карап турган сабылып.

Алаңгыча эл келди,
Эл келгенин көз көрдү.
Көбөш келди бакылдап.
Көзүн ой деп шакылдап.

Баркымды билбейт кара бет
Байкабайт өзү чамасын.
Кесепеттүү канчык деп,
Талкалаймын калаасын.

Мени менен басташып,
Тирилип келбейт Манасы.
Көк бөрү тартам алып чык
Көзүнчө союп баласын.

Манасын кантип ойлойм деп,
Баласын сойбой койбойм деп.
Башыма келген хандыкты
Бала союп тойлойм деп.

Ушул сөздү урганда
Бакылдап Көбөш турганда,
Жетимин алып чыккын деп,
Кулдарга буйрук кылганда.

154.
Хан Көбөш жардык кылды деп,
Кулдары карап турбастан,
Көөлдөгөн Көбөштүн
Жардыгын жалган кылбастан.

Сыр бешикте баланы
Тартып алып жөнөдү.
Кара бет жайың кандай деп,
Айтып алып жөнөдү.

Кутурган кулдар баланы
Көк бөрү тартып кетишти.

Каныкейдин алдынан
Чыркыратып баланы
Колу, бутун үзүшүп,
Жандай салып өтүштү.
Семетейди тарттык деп,
Тилегине жетишти.

Жана карап турбастан,
Талап кирди бир баштан.

Каникейди сындырып.
Хан Көбөш жанын тындырып.
Кара буурул жылкыны
Айдатып алды жылдырып.

Төрт түлүктүү мал койбой,
Төгөрөккө жан койбой,
Соёруна мал койбой,
Ичерине дан койбой

Такалуудан тай койбой,
Тамгалуудан кой койбой,
Калка кылар там койбой,
Сая кылар тал койбой,

Саап ичер мал койбой,
Жалгыз жарым жан койбой,
Жанына эрмек болгонго
Жатып ичер чал койбой.

155.
Жакшылык көрөр жай койбой,
Жанына жакын бай койбой.
Үстүнө тиккен үй койбой,
Үлгү айтып берер бий койбой,

Тамтыгын тарудай кетирип,
Таза чаап жөнөдү.

Эч нерсесин калтырбай
Каза чаап жөнөдү.

Кытайдан келген Желдеңбай
Эр Манас алып келген бай.
Падыша Манас жактырып,
Балам деп жакшы көргөн бай.

Кытайдан келип ушул кул
Кыргызга ээ болчубу.
Кытайды малга ээ кылса
Анда Көбөш оңчубу?

Желдеңбай кулду карма деп,
Эки колун байла деп,
Сүйрөтүп жүрүп өлтүрүп,
Ушул кулду жайла деп.

Желдеңбайды көр Көбөш
Карматып алып камчылап,
Карап турду Каныкей
Көзүнөн жашы тамчылап.

Мойнунан байлап сүйрөтүп,
Желдеңбайды өлтүрдү.
Жанга батчу иш кылып,
Далай жабыр келтирди.

Кара көңүл көр Көбөш
Карабады ушунда.
Каныш айым Каныкей
Хан Манастын тушунда.

Каныкей менен Чыйырды
Какшап калды журтунда.

156.
Көөлдөгөн көр Көбөш
Көзү туюк жер Көбөш
Калмакты барып чапкансып,
Калың олжо тапкансып,
Кытайды барып чапкансып,
Кызык олжо тапкансып,

Чыйырдыны чыңыртып.
Каныкейди какшатып,
Казынаны бүлдүрүп,
Канчалык ишин аксатып,

Калдайтып талап мал алып,
Казына талап зар алып,
Кызыл куйрук нар алып,
Кызыл дилде зар алып.

Ак ордону чечтирип,
Аманат жандан кечтирип,
Желмаянды чөгөртүп,
Жез казанды көмөртүп,

Калтырбай алып жөнөдү,
Кайчы, тулга, казанын.
Талап алып жөнөдү,
Кайнардагы базарын.

Кашкөйдү барып чаптым деп,
Карк олжого баттым деп.
Абыке кайда кара жер
Немене кылып жаттың деп.

Абыке менен Жакыпка
Айдаган бойдон келишти.
Хан жакыптын алдында
Үч энчи кылып бөлүштү.

Казынаны алгын деп,
Хан Жакыпка беришти.

Ак ордону алгын деп.
Абыкеге беришти.

157.
Кара малды тең бөлүп,
Абыке, Көбөш алышты.
Кара буурул жылкыны
Өрүшкө айдап салышты.

Хан Жакыптын алдында
Калыска ишин салышты.
Жоо жарагы сегиз мүлк
Муну да бөлүп алышты.

Капканга түшпөй жем жеген
Капканга түштү төлгөм деп,
Ак соот менен Ак добул
Жакып хан алды мүлкүм деп.

Кашкөйдү чаап келгенге,
Жаш жайрагыр өлгөнгө,
Жалпы алаш көргөнгө,
Жаңыдан келди күлкүм деп,

Ак олпок менен Келтени,
Ак карагай найзаны,
Алтымыш үйлүү калчаны,
Андан башка канчаны

Көбөш алды мүлкүм деп,
Эми келди күлкүм деп.
Бир катынга тең болбой
Абыке акмак жүрсүн деп.

Айбалта, шымын, кылычын
Абыке акмак алсын деп.
Албайм десе ит чиркин
Өзүм алам, калсын деп.

Жаман адам боорукер,
Боору ачып жүрөт кара жер.
Катынга башын аттатып,
Канетип чыдайт карагөр.

Карабайт жанын тууган деп,
Кара көңүл мендей эр.

158.
Абыке акмак, билбейсиң,
Айткан тилге кирбейсиң.
Ар качандан бир качан
Менин акылым менен жүрбөйсүң.

Ургачыга чандырдың,
Уруулуу намыс алдырдың.
Ургачыга тең болбой,
Уятка мени калтырдың.

Жетимди бекер сойдуң деп,
Кара көздү ойдуң деп,
Хан Манаста тукум жок
Какшатып таштап койдуң деп.

Абыке акмак ойлонбой
Айтып турган кебин көр.
Ардыгы жок бул иттин
Өзүнчө кылган эбин көр.

Кара бетти какшатып,
Жалгызын жайлап таштадым.
Сооп кылдым кашкөйгө
Сонун жоорук баштадым.

Катындын кылган чырынан
Хан Көбөш коркуп качпадым.
Катындыгын билсин деп,
Как талаага таштадым.

Деп Абыкени көр Көбөш
Аябай жатып тилдеди.
Акмак Көбөш ойлонуп,
Артын байкап билбеди.

Акылга дыйкан Абыке
Айтканына кирбеди.
Семетейге зыркырап
Чебер чендүү күйбөдү.

Көбөштүн кылган жооругун
Эр Абыке сүйбөдү.

159.
Сүйбөгөндөн Көбөшкө
Арманын айтып сүйлөдү:

Акмак Көбөш, акыл жок,
Манастан башка жакын жок.
Чаап алдың бүлдүрүп,
Жарым тыйын акың жок.

Өз тууганын өлтүргөн
Акмакта сендей каапыр жок.

Көп ичинде бир жалгыз
Көрүп койсом көөнүм ток.
Көкөйдөн калгыс иш кылып,
Көкүрөккө салдың чок.

Жалгызды жайлап таштапсың
Жаман жоорук баштапсың.
Күйөрүмдү өлтүрүп,
Күйүткө салып таштапсың.

Күйө турган өзүңө
Жалгыздан башка жакын жок.
Жаш жетимди жайлапсың
Жалгыз тыйын акың жок.

Сүйсө катын тийүүчү,
Сүйлөшсө ийге кирүүчү.

Сүйбөгөн кезде зордук жок
Мындай жаман кордук жок.
Медер кылып баласын
Эл ичинде жүрүүчү.

Өлөйүн десем жан таттуу,
Кирейин десем жер каттуу.

Манастан калган жалгызды
Адамдар жайлап салды дээр.
Каныкейди какшатып.
Малын талап алды дээр.

Уруулуу журтка дүң болуп,
Убалына калды дээр.

160.
Адам болуп бастырып,
Ат башын кантип бурам деп,
Жалпы алаш ичинде
Жайланып кантип турам деп,

Жаман Көбөш билбейсиң,
Билген тилге кирбейсиң.
Манастан тукум калган жок,
Канетип оокат кылам деп.

Каникей каран калды деп,
Кайгыны Көбөш салды деп.
Баласын акмак өлтүрүп,
Малын тартып алды деп.

Абыке айтты арманын
Акмакты Кудай алды деп.
Жаныма күйөр бир чырак
Жалгызды жайлап салды деп.

Өлдү деп ыйлап өкүнүп,
Өбөктөп жатып өкүрүп.
Арманын айтып өкүнүп,
Азабын тартып өкүрүп.
Манасты санап өкүнүп,
Баш көтөрбөй өкүрүп.

Каныкей кантип турат деп,
Кандай оокат кылат деп.
Карыганда Чыйырды
Кимге барып сыят деп.
Каражолтой ит чиркин,
Бул кылганың уят деп.

Абыке арбак сыйлады,
Арманын айтып ыйлады.
Көөлдөгөн ит чиркин
Көбөштү мээнет чырмады.

Чыйырдыны энем деп,
Каныкейди жеңем деп,

161.
Семетейди иним деп,
Эч жакшылык кылбады.
Акылы жок Көбөштүн
Кылган чыры ырбады.

Эми эр Бакайдын кеби бар,
Эрикпей айтар эби бар.
Арка кылар Бакай да
Атпай алаш эли бар.

Манастан калган бир жалгыз
Семетейдин деми бар.

Каныкейдин кеби бар,
Калтырбай айтар эби бар.
Калка болор кашкөйгө
Хан Темирдин эли бар.
Кайрат кылар эркеге
Жетиминин деми бар.

Каныкей караан калганда,
Хан Көбөш чаап алганда.
Таза чаап талкалап,
Журтка таштап салганда.

Байдын уулу Бакай хан
Ак сакалын жайкалтып,
Аста секин жүрбөстөн
Бозбууданын чайпалтып.

Жетимди барып көрөм деп,
Учурашып келем деп.
Чыйырды менен эркеге
Чындап кайрат берем деп.

Келе жатса Кең-Колго,
Каран калган Кайнарга,

Чаңы асманга чыгыптыр,
Жан көрүнбөйт көзүнө.
Жакын жерде жайылган
Мал көрүнбөйт көзүнө.

162.
Карсылдаган хан Бакай
Кайрат берип өзүнө,
Аман-эсен барбы деп,
Жетимин алып эсине.

Серепчилеп көз салып,
Секин сүйлөп сөз салып.

Карап турса Кайнарга,
Каран калган Кең-Колго,
Туман десе, закымдай,
Закым десе тумандай.

Түнөргөн туман көрүндү,
Көргөндө көөнү бөлүндү.

Калктан бири калбаптыр,
Хан Бакай байкап караса,
Абыке, Көбөш эки кул
Кылганбы деп каргаша?

Каныкейди алам деп,
Келгенби деп жармаша,
Болжолу жок тилерден
Болгонбу деп тамаша.

Карап турган кезинде,
Эрбең-сербең эткенсип,
Эки караан көрүндү.
Журтта олтурат жанаша.

Карга десе кузгундай,
Канат жасап учкундай.

Жоркоюп журтта олтурган
Жору десе адамдай.
Адам десе сербейип,
Көрүнөт көзгө карандай.

Эрбең-сербең эткенсип,
Эки караан көрүндү.
Көргөн жерде Бакайдын
Көңүлү башка бөлүндү.

163.
Көр Көбөш чаап кетти деп,
Чаппаганда нетти деп,
Чапканын Бакай туюнуп,
Сакалдан жашы куюлуп.

Жетип келсе эр Бакай
Каныкей какшап олтурат.
Чындап ыйлап Чыйырды
Көзүнө жашты толтурат.

Адамдар айтса оңбо деп,
Эгерде эки болбо деп.

Жетимин алып Чыйырды
Сербейип журтта олтурат.
Көзүнүн жашын көл кылып,
Көшөрүп ыйлап олтурат.
Семетейди сербейтип,
Көтөрүп ыйлап олтурат.

Таза чаап талкалап,
Алганын Бакай көргөндө,
Каныкей какшап журтунда
Калганын Бакай көргөндө,

Бакай ыйлап зыркырап,
Басылбастан буркурап,
Чыйырды менен Каныкей
Чындап ыйлап чыркырап,

Карыганда хан Бакай
Какшап ыйлап басылбай,
Капалыгы жазылбай,
Кардыгып үнү ачылбай,

Хан Бакай айтты арманын –
Манастан кийин калганын.

Каныкейди какшатып,
Көр Көбөш тартып алганын.

Карылыктын айынан,
Жалгыздыктын жайынан,

164.
Эки арамдын барганын,
Элине бүлүк салганын,
Каныкей менен Чыйырды
Какшап журтта калганын.

Атаңа арман дүнүйө
Канетейин арман күн!
Калк ичинде бир далай
Биздей какшап калган көп.

Сакалымдын агында
Сапар кетер чагымда,
Мурун Бакай өлбөдүм
Манастын тирүү чагында.

Аргымак минип, куш салып,
Аркырап жүргөн чагымда,
Ак сакалым жайкалтып,
Жаркырап жүргөн чагымда,

Буудан минип, куш салып,
Буркурап жүргөн чагымда,
Кошомат кылып кырк чоро
Чуркурап жүргөн чагында,

Алтын менен күмүшкө
Бөлөнүп жүргөн чагымда,
Асыл Манас султанга
Жөлөнүп жүргөн чагымда,

Маңдайга келген багымда,
Бакайың турган тагында.
Ошондо өлбөй арман күн
Манастын тирүү чагында.

Дөө болуп турган кезимде,
Дөөлөттүнүн шарында.
Алмамбет, Чубак жанымда,
Ажыбай, Сыргак кашымда.

Ошондо өлбөй арман күн!
Падышам Манас барында.

165.
Карылыктын айынан
Качып чыктым четине.
Абыке менен Көбөштүн
Бара албадым бетине.

Каныкей балам, кайгырып,
Жаш албагын көзүңө.
Жетимиң аман эр жетсе,
Кеткениң келет өзүңө.

Темир ханга эптеп жет,
Жетимди кармап бетиңе.
Хан Бакай кантип жүрөт деп,
Алып жүргүн эсиңе.

Кулак салып тилимди ал,
Ушул айткан сөзүмө.
Эсен болсо жалгызың
Эки арам келер кезиңе.

Темир ханга, балам, кет.
Балам, кетсең бачым кет.
Ак батамды берейин
Айткан жерге аман жет.

Чыркыратып ыйлатпай
Чыйырдыны ала кет.
Төкпөй-чачпай сөзүмдү
Кулагыңа сала кет.

Деп хан Бакай ыйлап басылды,
Капалыгы жазылды.
Бакайдан кайрат кеп угуп,
Эркенин көөнү ачылды.

Эми Каныкей сайрап кеп салды,
Хан Бакайга эп салды.
Кайрат айтып Бакайга
Хан баласы деп салды.

Өзөнгө кырчын тал бүтөр,
Өлбөгөн жанга мал бүтөр.

166.
Манастан калган бир жетим
Эсен болсо эр жетер.
Эр жеткенче эс кетер.
Эшикке келген дос кетер.
Эсен уул ыйласа,
Эптеп-септеп күн өтөр.

Капа болбо, хан аба,
Кайратың жетим бала бар.
Манастан калган белек бар,
Баш көтөрөр жөлөк бар.
Балаң аман турганда
Баландан сага жөлөк бар.

Өлбөсөм Чаткал жайлармын,
Чатка бээ байлармын.
Көлөкөм аман турганда
Көбөштү мен да айдармын.
Доңуз ханды жалмармын.
Абыкени аймармын.
Көбөштү көргө киргизип,
Көпчүлүктөн айдармын.

Алайын, ава, тилинди
Азык-түлүк камдап бер!
Арыбай турган буудандан
Эки жакшы ат тандап бер.

Деп Каныкей какшап турганда,
Ушул сөздү урганда.

Хан Бакайың шартылдап,
Кадимкидей жаркылдап,
Боз бууданын чайпалтып,
Ак сакалы жаркылдап,

Кайра салып жылкыдан
Эки буудан тандатып,
Эр Бакайың турбастан,
Жылкычыга карматып,

167.
Тайторуну токутуп,
Айтып өзүн окутуп,
Ой кулунум Каныкей,
Арстандан жалгыз Семетей.
Жетимдин кийимин кийгизбе!
Жетимдин ашын ичирбе!
Мойнуна тумар тага көр,
Эркелетип бага көр!

Барар жолу алыс деп,
Сапар жолго арнатып,
Ээр, токум токутуп,
Азык-түлүк камдатып,

Жолун өзү билет деп,
Отуз күндө жетет деп.
Адашып жолдон кетпесе,
Жетмек турсун өтөт деп.

Эт бышырып кой союп,
Ак куржунга салдырып,
Наны, чайы бир башка
Аябай азык алдырып,
Акыл айтып хан Бакай
Абыдан сөзгө кандырып.

Жол менен жүрүп барат деп,
Балам жолдон калат деп,
Эл жок, суу жок талаада
Эркенин тынчын алат деп.

Сарамжалын бүт берип,
Чаначка куюп сүт берип,
Эки семиз ат берип,
Хан Темирге кат берип,

Хан Бакайың жөнөттү,
Каныкейди жолуна.
Хан Темирге бергин деп,
Кагазын берип колуна.

Басылбай ыйлап баркырап.
Баласын өөп бетинен,
Баатыр Бакай кайрылды
Өз элинин четинен.

## КЫРЫМГА БАРАТКАН ЖОЛДО

Каныкей менен Чыйырды
Жолго чыкты турбастан.
Батасын алып Бакайдын
Башка сөздү урбастан.

168.
Кырымдын жолу алыс деп,
Турбастан жүрүп барышты.
Хан Темирдин калкынан
Кабарды жетип алышты.

Өзү көргөн жол менен,
Өзүбек жаткан чөл менен,
Араба жүргөн бел менен,
Өрдөк жаткан көл менен,

Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Аз кана эмес мол жүрүп,

Кырымга жакын барганда,
Үч күндүк жол калганда,

Азык-түлк түгөнүп,
Ат баспады арыктап,
Чыйырдыга Каныкей
Эми чынын айтты аныктап.

Ат болсо баспай калды деп,
Азапты башка салды деп,
Хан Темирдин шаарына
Каныкей кантип барды деп.

Атам деп буга барбаймын,
Темирден оокат албаймын.
Жетим калган жалгыздын
Убалына калбаймын.

Падышам Манас өлгөнү,
Каныкей жабыр көргөлү,

Алакан жайып, бата окуп,
Ат бастырып келген жок.
Атасы бата кылбайт деп,
Арданып кашкөй өлгөн жок.

Баркым болсо атага
Бастырып келип көргөн жок.
Башкасын айтып нетейин.
Мени Манаска бекер берген жок.

169.
Айдап-айдап мал берип,
Айры өркөчтүү нар берип,
Аянбай алтын, зар берип,
Марттык кылган балаңыз.

Берген малга тойбостон,
Балам деп ойлоп койбостон,
Бата кылып келбестен,
Сарттык кылган кудаңыз.

Мен кудаңа барбайм деп,
Барам деп көңүл салбайм деп.
Бакыл ханга барам деп,
Убалыңа калбайм деп.

Мен Урумга өтүп кетем деп,
Кетпегенде нетем деп,
Урумдун ханы халифа
Учурашып өтөм деп.

Арбакты султан сыйласа,
Алдына кашкөй ыйласа,
Өзүмдүн шаарым кенен деп,
Казынасы белен деп,
Абыке, Көбөш арамдан
Кегимди алып берер деп.

Семетейди көтөрүп,
Чыйырдыны ээрчитип,

Атын таштап турбастан,
Жолго түшүп жөнөдү.
Каныкей кайрат кылбаса
Как талаада өлөбү.

Мурун басып көрбөгөн,
Мындай иш башка келбеген.
Каламда жазган тагдырды
Көрөт экен өлбөгөн.

Айтып сөзүн өткөрүп,
Семетейди көтөрүп,

170.
Этегин кайра кыстарып,
Ээрдин кесе тиштенип.
Кантээр айла таба албай
Кара жанга күч келип.

Каныкей басты чамданып,
Шамдагайлап шаңданып.

Кемпир келет бөжөңдөп,
Кайсы жерде өлөм деп.
Өлбөсөм бир күн сенделип,
Хан Темирди көрөм деп.

Күнү-түнү алты күн
Аянбай басты оолугуп.

Жетинчи күн болгондо
Жатып калды зоругуп.

Талаада жүрүп тентиреп,
Таманы шишип мөлтүрөп.
Баса албай жүрдү тентиреп,
Балтыры шишип мөлтүрөп.

Таман эти союлуп,
Союлган жери оюлуп.
Кантер айла таба албай
Кара көзү коюлуп.

Ичейин десе тамак жок,
Илгери басар дарман жок.
Каныкей менен Чыйырды
Ыйлап турду амал жок.

Каныкей менен Чыйырды
Ыйлап турган кезинде,
Кара жаны кашайып,
Кыйнап турган кезинде,

Дөөлөтүнөн мээнети
Ырбап турган кезинде,
Кандай заман болот деп,
Тыңдап турган кезинде,

171.
Темир ханга барбайм деп,
Кемпирдин тилин албайм деп,
Эрке катын Каныкей
Чындап турган кезинде,

Каныкей кайда барат деп,
Кандай көйгө салат деп,
Каныкейди Чыйырды
Сындап турган кезинде,

Жабыр көрүп Каныкей
Какшап турган кезинде,
Таманы жооруп, буту ооруп,
Аксап турган кезинде,

Темир хандын шаарына
Жетип калган кези экен.
Каныкей билет дайынын
Как Кырымдын өзү экен.

Мурун келип көрбөгөн
Кайдан билсин Чыйырды.
Таманы жооруп, буту ооруп,
Чыйырды басты кыйырды.

Жабыркап ыйлап турганда,
Замана түшүп башына.
Ал аңгыча бир адам
Жетип келди кашына.
Айран калды көргөн жан
Көздөн аккан жашына.

Келген адам кеп салды,
Байбичелер, жол болсун!
Кайдан келген адамсың?
Жол болгондо мол болсун.

Талабың бар жолуңда,
Таягың бар колуңда.
Чарыгың бар бутуңуда
Кайдан келдиң ушунда?

172.
Муңу бар адам көрбөдүм
Хан Темирдин тушунда.
Зарлуу адам жок эле,
Татар, ногой журтунда.

Ортоңордо бир бала
Эрмегиңер көрүнөт.
Кудай сүйүп бактыңа
Бергениңер көрүнөт.

Менин ханым Темир хан
Жоомарттыгы дайындуу.
Буруу-терүү ойлонбойт
Мусаапырга кайырлуу.

Карарган шаар калың бак
Хан Темирдин калаасы.
Сандыргалуу Темир хан
Татар, ногой сарасы.

Хандык колдон кетпеген
Кара хандын баласы.
Ханга жеттиң энеке
Жакын калды арасы.

Хан көрсө сени кетирбейт,
Эне кылып алам деп.
Балдарыңды кетирбейт,
Багып алат балам деп.

Келген адам бар сөзүн
Айтып турган кезинде,
Хан Темирдин кабары
Чыйырдынын эсинде.

Хан Темир деп укканда,
Кабары жакын чыкканда,

Хан Темирдин кабарын
Уккан заман сүйүнүп,
Сүйүнгөндөн Чыйырды
Ыргып турду түйүлүп.

173.
Оозуңа май, балам, деп,
Басылды эми санаам деп.
Издеген кишим Темир хан
Темир ханга барам деп.

Келгениң, балам, пайда деп,
Хан Темириң кайда деп?
Кабар бергин ханыңа
Хан турсун ногой баарына.

Балам, кулак салып тур!
Айткан сөздү алып тур.

Уктуң бекен Манас деп,
Манастын эли алаш деп.
Жердеген жери Жети-Суу,
Жери Кең-Кол, Талас деп.

Манас өлүп кут кетип,
Колумдан таркап журт кетип.
Бактысы жок бейбакка
Башыма мындай иш жетип.

Безилдеген бейбак күң
Мен Манастын энеси.
Өзүңдүн эжең Каныкей
Бул Манастын зайыбы.
Хан Манастын барында
Хандын сүйгөн айымы.
Айтып турган сөзүмдө
Барбы балам, айыбы?

Кара бет эжең Каныкей
Хан Темирдин кызы деп,
Хан Манастан айрылып,
Көргөн күнү ушул деп.

Кармап турган жаш балам
Манастан калган белек деп.
Барып айткын Темирге
Кудагыйың келет деп.

174.
Кайсы бирин айтайын,
Толуп жаткан кебим бар.
Кабар айткын Темирге
Кебимди угар эбиң бар.

Бачым жөнөп баргын деп,
Барып кабар салгын деп.
Чыйырды айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,

Каныкей какшап кеп салды,
Кеп салганда деп салды.

Энеке, бекер айтасың
Мен барбаймын кудаңа.
Барамын деп Темирге
Байбиче, болбо убара.

Тескери айтып темселеп,
Каныкей турду какылдап.
Хан Темирдин калкына
Барбаймын деп жакындап.

Чыйырды чындап чыр баштап,
Чыр баштаса чын баштап.
Айып көрбө, балам, деп,
Анык айтып сыр баштап.

Каныке, сенин айтканың
Атпай журтка эп эмес.
Сөзүң менен куруп кал
Адам угар кеп эмес.

Кайда барсаң анда бар,
Мен Темирге кеттим деп.
Жалгызымды көтөрүп,
Жай алчу жерге жеттим деп.

Баргын балам, Темирге
Кудагыйың келди де.
Каныкейиң кашында
Анык көзүм көрдү де.

175.
Азыр жетип барбасаң
Ачкасынан өлдү де.
Өлбөсө да Чыйырды
Көргүлүктү көрдү де.

Жалгыз жээни Семетей
Алып келдим Чыйырды.
Жаны курсун темселеп,
Далай бастым кыйырды.
Кыйыр басып кыйналып,
Көрүп келдим кыйынды.

Баргын балам, Темирге
Алдымдан тосуп алсын деп.
Хандыгын мага көрсөтпөй
Арбак сыйлап салсын деп.

Чыйырдыдан кеп угуп,
Кеп укканда эп угуп.
Темир ханга тезинен
Кабар бергин деп угуп.

Салган бойдон жөнөдү,
Хан Темирге барам деп.
Каныкейдин кабарын
Ханга кабар салам деп.

Барса Темир башында,
Обозкерлер кашында.
Олтуруптур тагында
Обозкерлер жанында.

Барып карап турбастан,
Башка сөздү урбастан,
Чыйырдынын чын сөзүн
Айтып өттү бир баштан.

Кемпирдин аты Чыйырды
Энеси дейт Манастын.
Катындын аты Каныкей
Эркеси дейт алаштын.

176.
Эрке катын Каныкей
Чын Темирдин кызы дейт.
Атпай алаш калкында
Анык эрке ушу дейт.

Сандыргалуу хан Темир,
Сал кулагың сөзүмө.
Салпайган кемпир Чыйырды
Айткын деди өзүңө.

Олтурупсуң хан Темир,
Ордого куруп жыйынды.
Жаш баласын көтөрүп,
Жаныңа келди Чыйырды.
Эрке балаң Каныкей
Көрүп келди кыйынды.

Таластан чыгып, жөө басып,
Буттары шишип кетиптир.
Өлбөгөн жан темселеп
Эл четине жетиптир.

Чыйырды айтат келем деп,
Келген жерим белен деп.
Хан Темирдин колунда
Казам жетсе өлөм деп.

Каныкей айтат келбейм деп,
Атам деп жүзүн көрбөйм деп.
Арбак сыйлап койгон жок
Айтканына көнбөйм деп.

Тарынып жүргөн чени бар,
Сактап жүргөн кеби бар.
Алдынан тозуп чыкпасаң
Алыска кетер эби бар.

Кайсы бирин айтайын,
Хан Темир өзүң баргын деп,
Ачуусун өзүң таркатып,
Алдынан тосуп алгын деп.

177.
Чыйырдыдан сөз угуп,
Ханга келген кабарчы
Кабарын айтып жөнөдү
Эркеден келген кабарчы.

Ушул сөздү укканда
Хан Темир калды алдырап.
Кандай заман болгон деп,
Эки көзү жалдырап.

Кейичүү сөздү уктум деп,
Жалпы журтум уккун деп.
Каныкей келип калыптыр
Алдынан тосуп чыккын деп.

Келери мында жалган бейм,
Тарынып балам калган бейм.

Кудагыйым Чыйырды
Ичи толгон арман бейм.
Арманын айтып зарылып,
Мага кабар салган бейм.

Айлык жолдон жөө басып,
Келген адам оңчубу.
Жакыпты Кудай албаса
Мындай жорук болчубу.

Азар тартып калган бейм,
Ардактуу эрке балам деп.
Тарынып калса Каныкей
Тартууга өзүм барам деп.

Өзүмдү тартуу албаса,
Ак тулпарды тартам деп.
Ичтен чыккан байталман
Арыз-арманым айтам деп.

Ашыккандай камынып,
Алдаканча сабылып,
Калаасына жан койбой,
Жашка толгон чал койбой.

178.
Жөнөп калды хан Темир
Чыйырдыга барам деп.
Капалыгы таркар деп,
Каныкей менин балам деп.

Хан Темир келди жол менен,
Азгана эмес мол менен.
Атпай Кырым калаасы
Алда канча кол менен.

Келсе эрке ыйлаган,
Кемдин жанын кыйнаган.

Чыйырды менен көрүшүп,
Чын сөзгө Темир келишип.

Күнөөмдү, балам кечкин деп,
Күрмөгөн жибиң чечкин деп.

Атадан калган айтуу деп.
Ак тулпарым тартуу деп.
Ак тулпарды албасаң
Алтын башым тартуу деп.

Аманат дүйнө жалгандыр,
Акыры түбү армандыр.
Алтымышта Темир хан
Акылдан айнып калгандыр.

Азасына Манастын
Бала-чака баргандыр.
Атам не үчүн келбейт деп,
Ак батасын бербейт деп,
Аны үчүн эрке тарынып,
Көңүлүнө алгандыр.

Бул айып менин мойнумда,
Көзүңдүн жашы койнумда.

Өткөн заман өтүүч,
Өткөн бойдон кетүүчү.
Өткөн ишти көторуп,
Кууганда кайдан жетүүчү.

179.
Тарынып болбойт мындайга.
Тарыныч жетпейт Кудайга.
Жаш жетимин көтөрүп,
Чыйырды келди бу жайга.
Манастан белги калган соң,
Шүкүрлүк кылгын Кудайга.

Карылык каршы келди деп,
Караным Манас өлдү деп.
Кагылайын Каныкей,
Канчалык жабыр көрдү деп.

Каптагайды жибердим
Аза кылып келгин деп.
Каныкейге көрүнүп,
Бата кылып келгин деп.

Бир тууганы барганга
Айып көрүп калган бейм.
Атам не үчүн келбейт деп,
Көңүлүнө алган бейм.

Ушул өткөн айыбыма
Ак тулпарым тартуу деп.
Арзыбаса тулпарга
Алтын башым тартуу деп.

Түрк баласы болгон соң,
Тартууну анык айтуу деп.
Тарынып калган жан болсо
Тарынчысы кайтуу деп.

Ак тулпарын жетелеп,
Мойнуна курун салынып,
Каныкейге хан Темир
Какшап турду жалынып.

Хан Темир какшап турганда,
Эркенин көөнү ачылды.
Тарынчысы жазылып,
Капалыгы басылды.

Хан Темириң шаттанып,
Хандыгын калкка билгизип,
Чын буудандан тандатып,
Чыйырдыны мингизип.
Желбеген жорго тандатып,
Каныкейди мингизип

Шартылдатып Темир хан
Жөнөп калды ордого.
Каныкей минип жоргого
Келип түштү ордого.

Каныкейдин энеси
Барпыжан ыйлап басылбай,
Каныкейди көргөндө
Капалыгы жазылбай

Каныкей кантип калган деп,
Ичи толгон арман деп.
Күнү катып балдары
Күйдүрүп малын алган деп.

Темир ханга кеп айтып,
Кеп айтканда эп айтып.
Баламдын башын куттуктап,
Той кылгын ханым деп айтып,

Ордого келип түшкөндө
Ойлонуп жакшы ой кылып.
Эркем аман келди деп,
Он күнү Темир той кылып,

Чыйырды менен Каныкей
Сунган бутун тартпастан,
Капасы таркап ичинен
Адамга сырын айтпастан,

Жатып калды жыргашып,
Кайын эне, келин сырдашып,
Күндө үйүндө кошомат
Кырымдын калкы курдашып.

## СЕМЕТЕЙДИН БАЛА ЧАГЫ

181.
Семетейди Барпыжан
Багып алды балам деп.
Баламды багып алам деп,
Басылды эми санаам деп.

Манастын жайын билгизбей,
Башка сөзгө жүргүзбөй,
Жайын-көйүн билгизбей,
Жаман сөзгө киргизбей

Таенеси Барпыжан
Акылынын молунан.
Чыйырды менен эркеден
Баланы алды колунан.

Алты жашка чыкканда
Молдого берип окутту.
Адам билчү арипти
Акылына токутту.

Калам кармап, кат жаз деп,
Кармап берди молдого.
Эртели-кечти ойнотуп,
Эрмек кылды ордого.

Он үч жашка чыкканда
Калам жазып, кат окуп,
Кат окуса бат окуп,
Бат окуса жат окуп.

Эр Семетей жетимди
Жетим жүрүп жетилди.
Акылга жетим кенелди,
Мударисқа теңелди.

Молдо болуп чыккан соң,
Молдолугун уккан соң,

Темир хан бир күн ойлонуп,
Ак тулпарын токуду.
Эр Семетей султанга
Айтып сөзүн окуду.

182.
Семетей балам, зериктиң
Окуп жүрүп эриктиң.
Саякат кылып келгин деп,
Тамашаны көргүн деп,

Ак тулпарды миндирип,
Ак туйгунду кондуруп,

Куш салып балам, баргын деп,
Тамашага кангын деп,
Ак туйгундун алганын
Куржунуңа салгын деп.

Обозгери Кертөштүк
Баласы эле Мусапыр,
Атасы Кертөш акылман
Акылга дыйкан бир баатыр.

Мусапыр бекер кур эмес,
Жөн адамдын уулу эмес.
Атасы мыкты обозгер
Арзан бала бул эмес.

Семетей менен бир жүрүп,
Бир Мактепти окуган.
Семетейден кем эмес
Мусапырың окуудан.

Мусапыр бирге барсын деп,
Темир хан кошту султанга.
Эсине албай жүрсүн деп,
Эли башка шумпайга.

Эки бала аттанып,
Сүйүнгөндөн шаттанып,
Айдың-Көлгө куш салып,
Ала тамак соно алып.

Андан салып илдирип,
Мындан салып илдирип,
Канжыгасын жаш балдар
Каз, өрдөккө билдирип.

183.
Алаңгыча эр Семең
Эрикпеген эр немең.

Мен токойго барам деп,
Ак туйгунду салам деп,
Томолотуп кыргоолдон
Бир нечесин алам деп,

Жөнөп калды турбастан,
Аттын башын бурбастан.
Жанындагы Мусапыр
Жардыгын эки кылбастан.

Барса токой четинен,
Аянт жагы бетинен.
Кыргоол учту барпырап,
Кыя тартып жаркырап.

Колундагы туйгунун
Шилтеп калды эр Семең,
Тап этинде кушум деп,
Тартынбаган эр немең.

Кушту жаза серптирип,
Кыргоол качып кутулду.
Жаза серпип Ак туйгун
Талга конуп олтурду.

Ак туйгунду эр Семең
Боууласа келбеди.
Шакка конуп комсунуп,
Боуусуна көнбөдү.

Ал аңгыча болбоду,
Казынага иштеген,
Калыбынан айныбай
Карыган сайын күчөгөн.

Чыгып келди токойдон
Чоо чокой көздүү Сарытаз.
Жабыр көрүп карыган
Жашка толгон кары таз.

184.
Көмүр өчүрүп көө болгон,
Көлүк минбей жөө болгон,
Көмүрчүнүн үстүнөн
Бир токойго ээ болгон.

Чоң балтасы колунда,
Чом чапаны жонунда,

Тери шымы көтүндө,
Тер куюлган бетинде,
Турган экен дардайып,
Чоң токойдун четинде.

Чоо чокой көздүү Сары таз
Сүйлөгөн сөзү даары таз.
Кара жаак тынбаган
Каржалбаган кары таз.

Семетей тазга кеп айтты,
Кеп айтканда бек айтты.
Кушуму алып бергин деп,
Кууураган тазым деп айтты.

Бери басып келгин деп,
Мен экеним көргүн деп.
Куулжуган четкер таз,
Кушумду алып бергин деп.

Эр Семең айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,
Тартынбаган эр Семең
Тазга буйрук кылганда.

Сарытаз турду чартылдап,
Айтып сөзүн шартылдап.

Айтышканды жеңген таз,
Алышканды эңген таз,
Темир ханга калыңга
Баймурзадан келген таз.

Байдын уулу Баймурза
Темир ханга берген таз.

185.
Эшикме эшик кыдырып,
Далай жабыр көргөн таз.
Өзүндө кайрат деми бар,
Намыс үчүн өлгөн таз.

Сарытаз турду оолугуп,
Жаш балага жолугуп,
Айта турган кеп келди,
Айтса сөзү эп келди.

Бул Кудайдын кордугу,
Семетейдин зордугу.

Тентип келген бир жетим
Теңтуш болуп кеп айтат,
Сарытаз менин кушумду
Алып бергин деп айтат.

Атым Сары, башым таз,
Таз деп мени кордобо,
Тентип келген бир жетим
Өзүңдү өзүң зордобо.

Куш алып берчү мен эмес,
Куш алдырчу сен эмес.
Жаныңда турган Сарытаз
Семетей, сенден кем эмес.

Хан Темирдин колуна
Калыңга келген мен кулмун.
Калың алаш калкынан
Качып келген сен кулсуң.

Баймурзадан калыңга
Бастырып келген мен кулмун,
Атпай алаш калкына
Батпай келген сен кулсуң.

Бирөөнүн атын мингенсиң,
Бирөөнүн тонун кийгенсиң.
Бирөөнүн кушун салгансың,
Жаныңа жолдош алгансың.

186.
Айтып турган кебин көр,
Кылып жүргөн демин көр!

Атадан уул туубай кал,
Акмакта сендей жан болбос.
Атаң Манас баатырдай
Адамда мындай хан болбос.

Тентип келген бир жетим
Теңтуш болуп турганын!
Кушумду алып бергин деп,
Жетимдин көрдүк кылганын.

Бул айтканың кесир деп,
Чениң менен эсир деп.
Ойносо Темир уулусуң,
Ойлосом сен да кулусуң.

Жериң кайда? Таласта,
Элиң кайда алашта.
Элсиз, күнсүз бир жетим
Эрдикти менден талашпа.

Салпайып кушту салгансып,
Сары абаң менен жанашпа.
Баркын билсең атаңдын
Бата кылгын Манаска.

Эки энеңди ээрчитип,
Көчүп кеткин Таласка.

Атаң Манас өлгөн соң,
Ашы-жытын берген соң,

Абыке, Көбөш эки акмак
Талап алган элиңди.
Кайсы бирин айтайын,
Казына толгон зарыңды.

Чыйырды сенин чоң энең,
Каныкей сенин өз энең.

Абыке, Көбөш эки агаң
Калааңды алган талкалап,
Качып келген Темирге
Кара жанын калкалап.

187.
Алды каткан эки энең
Семетей сени аркалап,

Сенин энең Каныкей
Хан Темирдин кызы деп.
Калат сөздү айтпаймын
Анык жери ушу деп.

Колундагы Ак туйгун
Темир хандын кушу деп,
Темир хандын элинен
Башыңа тиер мушу деп,

Сары таз айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,

Сандыргалуу эр Семең
Сабагын окуп эр немең,
Манас менен иши жок,
Манас кирер түшү жок.

Атам деп жүргөн Темирди,
Энем деп жүргөн Барпыны.
Эч нерсени ойлобой,
Эжем деп жүргөн Эркени.

Сандыргалуу чунагың
Сары таздан кеп угуп,
Санаасына мүлк түштү.
Кеп укканда бек угуп,

Атаң Манас деп угуп,
Элиң алаш деп угуп,
Тентип келген бир кулсуң
Жериң Талас деп угуп.

Күйбөгөн жери күл болуп,
Көңүлүнө зил толуп,

Манастын уулу эр Семең
Тартынбаган эр немең.

Сары тазга кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты.

188.
Айланайын Сары аба,
Айткан сөзүң даары аба.
Арманды салдың ичиме
Ак сакалдуу карыя.

Анык атам Манаспы?
Ата журтум алашпы?
Жердеген жерим Жети-Суу,
Жерим Кең-Кол, Таласпы?

Айланайын Сары ава,
Айткан сөзүң чын болсо,
Айтып турган Манасың
Алаштан чыккан тың болсо,
Мен элиме барармын,
Элимди таап алармын.
Ушул айткан сөзүңдү
Көңүлүмө салармын.

Элимди айтып бердиң деп,
Эрлигиңди көрдүм деп.
Тентибесем Кырымга
Семетей кайдан келдим деп.

Аман-эсен жер тапсам,
Алашка барып эл кылсам.
Карыганда алашка
Хан кылам, ава, өзүңдү.
Кагылайын Сары ава,
Кабыл кылгын сөзүмдү!

Калган-каткан сөз болсо,
Апамдан угуп алам деп,
Токтобоймун бул жерге
Сапар жолго салам деп.
Мен Таласка барам деп,
Алашты таап алам деп.

Мусапырын ээрчитип,
Жаш кулундай телчитип,

Кушун алып колуна,
Семетей түштү жолуна.
Артын байка, султан деп,
Акылынын молуна.

Мусаапырга кеп айтып,
Кеп айтканда бек айтып.
Сары таз палан деди деп,
Жанга айтпагын деп айтып.

Үйгө келип эр Семең,
Акылга дыйкан эр немең.
Ак тулпарын агытып,
Ак туйгунун учуруп,

189.
Кагадак ээр, как токум,
Каныкей кылган көк тердик

Как жамбашка салынып,
Жатып калды сабылып.

Калкын санап сагынып,
Каныкейге тарынып.
Кандай заман болду деп.
Каныкей келди жалынып.

Ачылып сырын айтпастан,
Ачкамын деп айтпастан,
Берендигин карматып,
Бир сөзүнөн кайтпастан.

Күнү-түнү – эки күн
Берсе тамак ичкен жок.
Жалгызым ачка болду деп,
Эркенин ичи күйгөн чок.

Кандай заман болду деп,
Капалык ичке толду деп,
Кара жаны кашайып,
Каныкей турат кашында.
Чындап жаны кашайып,
Чыйырды турат башында.

Кагылайын балам деп,
Хан Темир келди жанына.
Кара көңүл куу туяк
Карабайт Семең ханына.

Барпыжан келди башына,
Баласынын кашына.
Адам чыдап тургусуз
Көздөн аккан жашына.

Чыйырды турат чыңырып,
Чыңырган үнү угулуп.
Кесепет менде барбы деп,
Кемпирдин өңү кубулуп.

190.
Каныкей турду кансырап,
Кантейин деп алсырап.
Жалгызым тамак ичпейт деп,
Жанында турду жалдырап.

Сөзгө Семең келбеди,
Бирине жооп бербеди.

Үчүнчү күн болгондо
Семетей башын көтөрдү.
Баштан-аяк бар сөзүн
Эркеге айтып өткөрдү.

Айланайын энеке,
Айта турган арзым бар.
Арзым менен аралаш
Ичим толгон дартым бар.

Кабарын уктум жаңыдан
Атпай алаш калкым бар.

Калкымды айтып бересиң,
Айткан сөзгө көнөсүң.
Алты сан алаш калкыма
Анык деп ойло жөнөшүм.

Ар кимден кабар кеп угам,
Армандуу сөздү көп угам.
Качып келген жетимсиң
Каныкей энең деп угам.

Атаң Манас деп угам,
Жериң Талас деп угам.
Чын сырыңды айтып бер,
Элиң алаш деп угам.

Темир хан менин тайатам,
Баатыр Манас өз атам.
Барпыжан менин тайенем,
Чыйырды менин чоң энем.
Калп айтпаймын баары чын,
Каныкей менин өз энем.

191.
Элимдин жайын айтып бер!
Энелигиң билинди.
Кеп-сөзүңдү жашырып,
Келтирбе менин жинимди.

Атпай алаш эл жатса,
Атам Манас эр жатса,
Жети-Суу, Талас жер жатса,
Элкимдигим билинди.

Элсиз, журтсуз бул жерде
Кантип көрөм күнүмдү.
Элирип келген бир жетим
Элим деп айтам киминди?

Карчыга деген кыраан куш
Кайрылып конот жем үчүн.
Калкым алаш болгон соң
Казакка барам эл үчүн.

Казактан барып мен өлсөм,
Кайгырбагын мен үчүн
Кагылайын энеке,
Кайрылбаймын сен үчүн.

Кыргыек деген кыраан куш
Кылчайып конот жем үчүн,
Кыргыз калкым болгон соң
Кыргызга барам эл үчүн.

Кыргыздан барып мен өлсөм,
Кылайбагын мен үчүн.
Кызыл тумшук бир жетим
Кылчайбаймын сен үчүн.

Анык энем сен болсоң,
Армандуу жетим мен болсом,
Тууган энем сен болсоң,
Тумшуксуз жетим мен болсом.

Атпай алаш калкымдан
Азып келген кем болсом.

192.
Жесир энем сен болсоң,
Жетим балаң мен болсом.
Канетип турам бу жерде
Калкымдан азган кем болсом.

Элдүү киши эл табат,
Жердүү киши жер табат.
Элимдин жайын айтып бер,
Жеримдин жайын айтып бер!.

Айтпасаң да мен уктум
Армандан угуп мен чыктым.
Мен кетемин элиме,
Кең-Кол, Талас жериме.

Каран калган Кең-Колду
Катып калар кебиң жок.
Каргаша кылып жолума
Каршылык айтар эбиң жок.

Мен кетемин Таласка
Атпай кыргыз алашка.
Баласы анык болгон соң
Бата кылам Манаска.

Таятамдан, энеке,
Ак тулпр күчүн алып бер!
Армандуу сөзүң калтырбай
Көңүлүмө салып бер!

Эрте айтып, тез бол деп,
Энтелетип кеп сурап.
Атамдын калкы алаш деп,
Айтып бергин деп сурап.

Ителгидей көзүнөн
Ирмебестен жаш кетип,
Бөдөнөдөй көзүнөн
Бөлөк-бөлөк жаш кетип.

Айтып тозду арманын,
Атадан жетим калганын.

## КАНЫКЕЙ СЕМЕТЕЙГЕ ЭЛИН, ЖЕРИН, ТЕГИН, ЧЕГИН ЖАНА МАНАСКА ТИЕШЕЛҮҮ МҮЛКТӨРҮН АЙТКАНЫ

193.
Семетейден кеп угуп,
Кеп укканда бек угуп,
Атамдын калкы алашты
Айтып бергин деп угуп.

Эрке катын Каныкей
Эми кирди эрмекке.
Айтпасам да кетет деп,
Аныгын айтып бермекке.

Кара  оозуң кан толгур
Кандай неме айтты деп,
Кара тумшук жетимге
Кайрылчуу жерим тартты деп,

Айланайын болпогум,
Боз ала туйгун чолпонум.
Туйгунум, сенин жашыңдан
Душманыңдан коркомун.

Аныгын угуп алыпсың,
Айтпасам да кетесиң.
Айланайын кулунум,
Кетпегенде нетесиң.

Боортко жүнүң бооруңда,
Чырымтал жүнүң сыртыңда,
Аттанар кезиң боло элек
Он бешке жашың толо элек.

Жашка толсун жалгыз деп
Сактап жүрдүм сырымды.
Айланайын кулунум,
Эми айтайын чынымды.

Падыша болгон өз атаң,
Манастын жайын айтайын.
Алты санга жык толгон
Алаштын жайын айтайын.
Аягы Талас, башы Чүй
Таластын жайын айтайын.

194.
Аягы Талас, башы Чүй,
Кеминдин жайын айтайын.

Атпай кыргыз көп алаш
Элиңдин жайын айтайын.
Кемминдеги эр Үрбү
Бегиңдин жайын айтайын.

Атаң Манас ашында
Хан Кошой туруп башында,
Үрбү келип аш берди,
Көкчө, Төштүк кашында.

Үрбү сенин тууганың,
Туугандан чыккан бууданың.
Кайрылар тууган өзүңө
Кашкайып намыс кууганың.

Казыларын чалкайтып,
Карылары нарк айтып,
Калың журтка салт айтып,
Сүлөөсүн ичик, кундуз бөрк
Сүйлөсө сөзү ширелүү
Чалдары сыпаа алаштын.

Алтындан кемер курчанып,
Айдай бети нур чалып,
Күмүш жабдык, бото көз
Балдары мурза алаштын.

Желбегей ичик жамынып,
Келеңкер чачпак салынып,
Келиндей кийип камынып,
Кемпири каныш алаштын.

Дарайы көйнөк, тасма бел,
Жарашыктуу шай кемсел,
Шурудан тизген чач мончок
Келбети жандан башкача,
Келишимдүү кымча бел
Келини ханша алаштын.

195.
Кызыл кемсел күрмөлүү
Күмүштөн кылган түймөлүү,
Кемчет бөркү жарашкан,
Кулачтап чачын тарашкан,
Кыйгачтап көзүн карашкан,
Кыздары ханша алаштын.

Алтындан кемер курчанып,
Айдай бети нур чалып,
Эриксе туйгун куш салып,
Эрмегине кыз алып,
Жыйырмага жык толуп,
Жигити мурза алаштын.

Шалдыркан кисе байланып,
Сарамжалын шайланып,
Тынгандан көөнү жайланып,
Сыпаалыкка айланып,
Күмүш кие, бото кур
Кулдары мурза алаштын.

Күмүштөн чачпак жаркылдап,
Күлүп сүйлөп шартылдап,
Саябан кармап салкындап,
Күңдөрү каныш алаштын.

Телегейи теptегиз
Жери жакшы Таластын.
Эч армансыз жыргаган
Эли жакшы алаштын.

Атпай алаш, көп кыргыз
Атаңдан калган эл ушу.
Алтай менен Жети-Суу
Алаштын турган жери ушу.
Атаңдан калган эл ушу.
Алтай менен Жети-Суу
Алаштын турган жери ушу.


Атаң Манас султандын
Арбагы жүргөн дайындуу,
Кайнарга калаа салдырган
Чарбагы журтка дайындуу.

196.
Сенин атаң эр Манас
Кечпей көлдү толкуткан,
Атпай түрктүн балдарын
Кеби менен коркуткан.

Кытайды чаап кыйраткан,
Кыйла жанды ыйлаткан.
Калмакты чаап какшаткан
Касташканын пастаткан,
Канча жанды аксаткан.

Иңгилис менен бараңды
Өз колуна караткан.
Инди менен калчаны
Түтүнгө бөлүп тараткан.
Ойротту чаап олжо алган,
Оруска барып кол салган.
Кайсы бирин айтайын
Кол салганда мол салган.

Жети кыям кыраанды
Жергеси менен караткан,



Жеринде жатып кайыга
Манастын ишин жараткан.


Таласка барып турам деп,
Кытайга казат кылам деп,
Кызыл чоктуу дозоктон
Жанымды азат кылам деп.

Калаа салган Таласка
Арбак конгон Манаска.
Кайсы бирин айтайын
Дөөлөт келген алашка.

Алтайдан көчүп келгенде,
Айкожом бата бергенде,


Мусулманга жол ачкан,
Жол ачканда мол ачкан.

197.
Айланайын кулунум,
Манас сенин атаң деп,
Баатыр болгон атаңдын
Азабын тартып жатам деп




9-инвентардын аягы

**Инв.№10 244-б. 19-сап**



Кол китептин 1-бети

244.



Сенин атаң эр Манас
Жердеген жери Чүй, Талас.
Жеринде жыргап жаткандыр,
Жергеси менен көп алаш.

Атаңдын жери Таласта,
Атпай кыргыз алашта.
Кыргыздын жайын айтайын
Кылайып менден талашпа.

Жигити жыргап, кыз алып,
Колуна туйгун куш алып,
Кыз-Кечүүдөн той союп,
Мойнун кайрып кой союп,
Токмок салды, кыз оюн

Толуп жатат ар жерде.
Талыкпастан тамаша
Болуп жатат ар жерде.

Ата Журтуң кыргыздын
Ак бөкөндөн кою көп.
Айылы сайын аңгеме,
Айт, арапа тою көп.

245.
Отор малдан жылкы көп,
Ойноп жаткан тынчы көп.
Сом темирден курчу көп,
Соолуп жаткан уйку көп.

Жакасынан сырты көп,
Жашыгынан курчу көп,
Жан жыргаткан тынчы көп.
Жайкалып жаткан журту көп.

Кошунга минер аты көп,
Колунда жардык каты көп.
Элинде жүргөн сарты көп,
Эсепсиз берген марты көп.
Арам мага көрсөткөн
Алда канча дарты көп.

Кара малдан төө көп,
Карды салык бээ көп.
Адамында мээ көп,
Акыл тапкан жүйө көп.

Айры төөдөн нары көп,
Алтын, күмүш, зары көп.
Сагынсаң чунак жетерсиң
Самаган иштин бары көп.

Соолук койдон ирик көп,
Чарба малдан мүлкү көп.
Боз коёндон түлкү көп,
Ыйлагандан күлкү көп.

Жылкысынан кулан көп,
Кулун, тайдан кунан көп.
Жылмаңдаган жубан көп,
Жыргап жаткан улан көп.

Сары жезден алтын көп,
Сагынсаң алаш калкың көп.
Калың кыргыз көчмөн журт
Калкыңда нуска салтың көп.

Кеткенинен келген көп,
Базарынан кербен көп.
Бараң аткан мерген көп,
Марттык кылып берген көп.

246.
Кара эгинден күрүч көп,
Калайынан күмүш көп.
Толуп жаткан калкыңда
Той-тамаша, үлүш көп.

Ай балтадан кылыч көп,
Айранынан кымыз көп.
Атаңдын калкы кыргыздын
Адамында ырыс көп.

Адеп сактап тартынып,
Шар айткан сөздөн шыбың көп.
Шурусунан бермет көп,
Суусаганга шербет көп.
Сатпай берген бекер көп.

Карагай, кайың чери көп,
Кабылан, жолборс шери көп.
Малга залал кылбастан
Басып жүргөн бөөрү көп.

Ак матадан манат көп,
Атадан калган санат көп.
Бозосунан арак көп,
Боз балдарда жарак көп.

Жүз жанбаган баатыр көп,
Баатырды тапкан катын көп.
Жыпарынан атыр көп,
Сыпатка тиккен катыр көп.

Жабагыдан тайы көп,
Жардысынан байы көп.
Кытайдан алган чайы көп,
Кызыл жибек шайы көп.

Кара куштан туйгун көп,
Каз, торгойдон булбул көп.
Карчыгадан тунжур көп.
Кулалыдан кыргый көп.

247.
Башайыдан барча көп,
Азатынан галча көп.
Кайсы бирин айтайын,
Айтылбаган канча көп.

Өзөндөн аккан суусу көп,
Өрдөк, чүрөк куусу көп.
Жигитти жиндей эсирткен
Жыргалдуу жердин буусу көп.

Кашкулактан калтар көп,
Жыргап жаткан султан көп.
Жигиттердин колунда
Жылдырып салган шумкар көп.

Куш салуучу өзөн көп,
Айтылбаган нечен көп.
Таңдайы таңшып жарылган
Жарышта чыккан чечен көп.

Адырынан тегиз көп,
Арыгынан семиз көп.
Жалкысынан эгиз көп,
Жапан чыккан жемиш көп.

Буйгасында бугу көп,
Азатынан кулу көп.
Кылымга толгон кыргыздын
Кыз балдардан уулу көп.

Токойунда арал көп,
Батпай жүргөн марал көп.
Марал атып майын жеп,
Жыргап жаткан адам көп.

Тектиринде теке көп,
Курбусунда кулжа көп.
Адырында аркар көп,
Адамында даркан көп.

Коргошундун көптүгү
Коло менен чоюндай.
Аркар, кулжа, ак бөкөн
Байлардын баккан коюндай.

248.
Жаш балдардын шернеси
Жакшы кыздын тоюндай.
Атаң Манас тушунда
Дөөлөт келген ушундай.

Адыр-адыр жер келет,
Ашуусу бийик бел келет.
Аркары жүрөт куюлуп,
Адыр чөбү суюлуп,

Арыздуу пенде наалыбайт,
Аркары адам таанабайт.
Аркардын бутун сыя атып,
Аркарды кууп кетерсиң.
Аркарды куусаң жетерсиң,
Арманы көп экенсиң.
Хан Темирдин шаарында
Какшап жүрүп өтөрсүң.

Буруу-буруу жер келет,
Бурулуп өтчү эл келет.
Бугусу жүрөт куюлуп,
Будур чөбү суюлуп.

Муңдуу пенде наалыбайт,
Бугусу адам таанабайт
Бугунун бутун сына атып,
Бугуну кууп кетерсиң.

Бугуну куусаң жетерсиң,
Муңдуу болгон экенсиң.
Темир хандын шаарында
Тентип жүрүп өтөрсүң.

Айланайын кулунум,
Айткан сөзүм унутпа!
Унутуп коюп сөзүмдү
Эки энеңди курутпа.

Жана айтайын жериңди
Сагынсаң тапкын элиңди.
Ойлонуп эстен чыгарба
Оозумдан чыккан кебимди.

Өлөңүн көр да, сазын көр,
Өрдөк, чүрөк, казын көр.
Тулаңын көр да, сазын көр.
Тоодагын көр да, казын көр.

249.
Жакырын көр да, байын көр,
Малынын семиз майын көр.
Бей-бечара жерлерге
Эгин эккен жайын көр.

Көдөөсүн көр да, чийин көр,
Көркөм кылган үйүн көр.
Жарды байы белгииз
Жардысын көр да, бийин көр.

Бетеге, беде аралаш
Жерине чыккан чөбүн көр.
Кара, тору аралаш
Кедейин көр да, бегин көр.

Жылкы, койго жарашкан
Жылтыркан менен шыбагы.
Шыбагынын түбүндө
Уктап жатат улагы.
Колот сайын кур эмес,
Жылып аккан булагы.

Көк шиберди көйкөлтө
Сарымсагы жайкалып,
Гүлкайырдын ак гүлү
Көк шайынын түрүндөй.
Кызгалдактын кызыл гүл
Кымкаптын нуска гүлүндөй.
Жыргап жатат көп кыргыз
Жарды, байы билинбей.

Алабата, шоролуу
Тоонун жери кең Талас.
Бетеге белден жошулган
Бээнин жери кең Талас.
Жайлоосу жакын жанында
Жөөнун жери кең Талас.

Жылтыркан таргыл аралаш
Койдун жери кең Талас.
Кара суусу жанында
Бойдун жери кең Талас.

250.
Тамашага ылайык
Тойдун жери кең Талас.
Тамаша менен таң аткан
Күлкү менен күн баткан
Талас өңдүү жер барбы?
Алаш өңдүү эл барбы?
Жыргап жатат дуулдап,
Жыргалында чен барбы.

Атилеси буулумдай.
Ак көрпөсү толкундай.
Аргымагы дулдулдай,
Боз торгою булбулдай.
Чаркы келсе ар адам
Таласка барып тургундай.

Кара андызы жылгындай,
Кара кушу туйгундай.
Кадырын билген Таласка
Качып барып тургундай.

Алмадай болуп кызарып,
Ат бою болуп узарып,
Ырыстуу Талас жериндин
Ышкыны чыгып ыргалып,
Адамдар айдап чыгарды
Ырыстуу Талас жыргал да.

Адыры жайык тегиздей,
Аюлары өгүздөй,
Бүлдүркөнү мейиздей,
Карагаты жемиштей.

Өрүктөрү муштумдай,
Көк каргасы кузгундай.
Алмалары аяктай,
Кымыздыгы таяктай.

Короолусу короздой,
Короздору көнөктөй.
Коон менен дарбызы
Жерде жатат челектей.

251.
Балтыркаы билектей,
Маралдары инектей.
Баарысын айтып кетейин
Пактасы сонун жибектей.

Чымындары чымчыктай,
Чылмердени мылтыктай.
Чымчыктары бүркүттөй,
Бүркүттөрү үзүктөй.

Кумурскасы күчүктөй,
Чычкандары коёндой.
Коёндору кийиктей,
Козулары ириктей.

Сыпатын бузбай сын түзөп,
Абышкасы жигиттей.

Туулгасы калкандай,
Карылары даркандай.
Кескелдирик, жыланы
Келтирип эшкен аркандай.

Булбулу сайрап таңшыган
Булагы агып ташынан,
Булбулдун үнүн укканда
Муңдуу пенде жашыган.

Күкүгү сайрап таңшыган,
Кудугу агып ташынан,
Күкүктүн үнүн укканда
Күйүттүү пенде жашыган.

Торгою сайрайт көгүндө,
Бакасы чардайт көлүндө.
Аркар, бөкөн, ак кийик
Эгин салчу чөлүндө.

Булбул сайрайт талында,
Төрт-Көлдүн төмөн жагында.
Алма, өрүк, жер-жемиш
Атаңдын тиккен багында.

Алмасы гүлдөп ачылган,
Жемиши жерде чачылган.
Өрүгү гүлдөп ачылган,
Өзөнгө жемиш чачылган.

252.
Жапан чыккан алма, өрүк
Талаада толуп көп жатат.
Алма менен өрүктү
Аюлар сактап жеп жатат.

Алмасы чирип дөң болгон,
Өрүгү чирип көң болгон.
Алма менен өрүгү
Аюларга жем болгон.

Атаң Манас баатырга
Кандай пенде тең болгон?
Барсаң балам көрөсүң
Падыша атаң жаткан жер
Калың кыргыз уругу.
Карк дөөлөткө баткан жер.

Атаңа дөөлөт келгенде,
Ооматты Кудай бергенде.
Даңкы кетсин деп кылдым,
Жалпы кыргыз көргөнгө.
Үй жасадым оңдотуп
Уугун талдан сомдотуп,
Атилестен ичтетип,
Кийизин аппак бордотуп,
Келтирип эрке бүтүрдүм.
Кезегинде күтүндүм,
Жыгачын жакшы копшоттум.
Келтирип үйдү окшоттум.

Кызыл сыр менен сырдаттым,
Кыйла жанга сындаттым.
Келишимдүү чоң кылдым,
Келбетин артык оң кылдым.

Атпай кыргыз калкына
Айтып сөзүм эп кылдым.
Асыл Манас төрөмдүн
Атагы калсын деп кылдым.

Бир жагында көп кыргыз
Оюн ойноп жаткандай.
Бир жагында кыз-келин
Оюн баштап жаткандай.

Ортосуна кырк чоро
Ордо салып аткандай.

253.
Эшигинен Ак кула
Ээри менен баткандай.

Чындап кирсе Ак ордо
Төрт киши баткандай
Төрөсү менен Каныкей
Төрдө сулап жаткандай.

Абыке кулдун колунда,
Алсаң балам, жолуңда.
Асылың атаң өткөндө,
Туурумдан туйгун кеткенде,
Армандуу бейбак кантейин,
Башыма балда жеткенде,

Масылат айтып кеп кылдым,
Бакайга сөзүм эп кылдым.
Атаң Манас султандын
Атагы калсын деп кылдым.

Анжианды чалдырдым,
Аныктап уста алдырдым.
Гүлүшөгө чалдырдым,
Күлботону алдырдым.

Таластагы ак турпак
Талкалатып элетип,
Чарага салып жуурутуп,
Күлботого теңетип,
Кыймап менен кыш куюп,
Кымбат менен бышырып,
Алты жүз эркеч майына
Кыш бышырып, бек салдым.
Алты кылым өткөнчө
Турар бекен деп салдым.

Жети жүз эркеч майына
Кыш бышырып бек салдым.
Жети кылым өткөнчө
Турар бекен деп салдым.

Ургачылык кылбадым,
Усталарды жыйнадым.

254.
Кара бет энең Каныкей
Кара жанды кыйнадым.

Окуу салып койдурдум,
Кышка мөөр ойдурдум.
Атаң Манас башында,
Алмамбет, Чубак кашында,
Ажыбай, Сыргак алдында,
Кырк чоросу жанында
Ак күмбөзгө келтирип,
Сүрөтүн жазып койгомун.

Айланайын кулунум,
Бул сөзүмдү ойлогун.
Саадагы турат илилүү,
Сарамжалы билилүү.
Сайганынын баарысы
Сарайында чийилүү.

Кылычы турат илилүү,
Кылганы дайын билилүү.
Кылып өткөн санаты
Күмбөзүндө чийилүү.

Саадагында мөөрү жок,
Сайганында өөнү жок.

Сапарга кеткен атаңдын
Кайрылып келер көөнү жок.

Кылычында мөөрү жок,
Кылганында өөнү жок.
Кыямат кеткен атаңдын
Кылчайып келер көөнү жок.

Айланайын кулунум,
Алашка бүгүн жөнөрсүң,
Атаң Манас баатырды
Ак күмбөздөн көрөрсүң.

Арбын айтып нетейин,
Азыраак айтып өтөйүн.
Шыгай хандын кордугун,
Эки арамдын зордугун.

255.
Шыгайдан шыкак кеп угуп,
Кеп укканда эп угуп,
Манастан калган жетимдин
Башын алгын деп угуп.

Эртели-кечти эрмектеп,
Долуга жаза бермек деп,
Жалгызын жайлап өлтүрүп,
Эркелигин көрмөк деп,

Манастын сыйын кылдырбай,
Энеңдин жанын тындырбай,
Жылдырып алды жылкыңды
Жыластар алды уйкумду.

Жүрөктөн алды курчумду,
Жүргүзбөй алды тынчымды.
Ташкенден алды сартымды,
Кимге айтайын арзымды.

Семетей, сенин жашыңдан
Ала албадым дартымды.
Кең-Колдон алды көчүмдү,
Арамдар укпай сөзүмдү.
Семетей сенин жашыңдан
Ала албадым өчүмдү.

Атаң Манас баатырдын
Ашын берип таратып,
Каныкейдин кызматын
Калың кыргыз жаратып.

Аш тарады, кечинде,
Кечки салкын бешимде,
Эки арамдын кордугу
Кеткен жок, менин эсимде.

Ала качып кутулдум,
Кулунум сани жашында.
Арамдар кордук кылганда
Абаң Бакай кашымда.

Арадан алты күн өтүп,
Арамдар келди алам деп.
Тийбейм десе долуну
Айдап жолго салам деп.

256.
Семетейди соём деп,
Кара көзүн оём деп,
Жаш жетимди өлтүрүп,
Жалгыз таштап коём деп.

Кара бет энең шашпадым,
Сонун жорук баштадым.
Эбин таап кара бет
Энекең таптым жарасын.

Бешигиңе бөлөдүм
Очор кулдун баласын.
Эки арамдын кордугу
Ниетинин карасын...

Алтайган жүктүн бурчуна
Коюп койдум баланы.
Эртеңки күнү эки арам
Энеңе жабар жалааны.

Кагылайын кулунум,
Катып калдым өзүңдү.
Эмгекке тууган кара бет
Энеңден уккун сөзүмдү.

Арамдар келди айланып,
Албарс кылыч байланып.
Катып коюп өзүңдү
Карап турдум жайланып.

Бешиктеги баланы
Тартып алып жөнөдү.
Мен кара бет Каныкей
Бул жорукка көнөбү?

Тилегине жетишти –
Көк бөрү тартып кетишти.
Чыркыратып баланы
Алдымдан алып өтүштү.

Анын арка жагынан
Аябады абыдан.
Бакма балам Желдеңбай
Бактыма Кудай берген бай.
Падыша Манас султаным
Кытайдан алып келген бай.

257.
Эмчегимди эмизип,
Балам деп жакшы көргөн бай.
Каражолтой арамдар
Желдеңбайды өлтүрдү.
Жалгызым сенин жашыңдан
Далай жабыр келтирди.

Кең-Колдон чапты калаамды,
Кетирди иттер чарамды.
Ала качып кутулдум
Армандуу жетим баламды.

Эки семиз ат берип,
Эки чанач сүт берип,
Куржунга салып эт берип,
Арамдардан өткөрүп,
Эл четине чыгарып,
Эр Бакай келип жөнөттү.

Эки арамдын жоругу
Эсимден калбайт, көп өттү.
Падыша Бакай абаңдын
Союп берген боругу,
Эки адамдын, кулунум,
Эсимден кетпейт жоругу.

Азгана эмес, мол жүрүп,
Аянбастан жол жүрүп,
Үч күндүк жол калганда
Атыбыз чарчап, баскан жок.
Кара бет энең кантейин,
Азаптан бейбак качкан жок.
Армандуу дүйнө, кантейин!
Алдага мендей жазган жок.

258.
Мен кара бет Каныкей
Жалгызым, сени көтөрүп,
Аркама түштү чоң энең.
Ак өпкө кемпир жөтөлүп,
Эмгектүү бейбак кантейин,
Энем кары, балам жаш
Элиртип элден чыгарды.
Эки арамдын боору таш.

Көрбөгөн мындай кордукту
Көзүмдөн агат мончок жаш.
Талаада жүрдүм тентиреп,
Таман этим мөлтүрөп.

Баса албай жүрдүм тентиреп,
Балтырым шишип мөлтүрөп.
Басып жүрүп темселеп
Согончогум жоруду.
Өрттөнгөн Көбөш өзүңдү
Өлтүрөм деп тооруду.

Абыке, Көбөш арамдан
Көңүлүм жаман ооруду.
Ала-Тоонун нар жагы
Аркарлар жаткан чоң төрдөн,
Аркама салып көтөрүп,
Алып келдим Кең-Колдон.

Будурмак тоонун нар жагы
Бугулар жүргөн кең төрдөн,
Көрөр күнүм бир жалгыз
Көтөрүп келдим Кең-Колдон.

Кечейин дедим жанымдан,
Өлөйүн дедим арымдан.
Өлө албадым, кулунум,
Семетей сенин барыңдан.

Эки энеңди какшатып,
Элиңе кетип барасың.
Эки арамдын колунан
Ээликти кантип алсың?

Каныкейди какшатып,
Калкыңа кетип барасың.
Хан Көбөштүн колунан
Калкыңды кантип аласың?

259.
Чырымтал жүнүң түшө элек,
Чымчыктай жалгыз баласың.
Арамдар сени аябайт,
Азапка мени саласың.
Арамдардын колунан
Армандуу өлүп каласың.

Алты бөөрү бир койду
Таласа тарпын коёбу?
Арамдар экөө, сен жалгыз
Атышса сени коёбу?

Жети бөөрү бир койду
Жегенде тарпын коёбу?
Арамдар экөө сен жалгыз
Жеңишсе сени коёбу.

Элиңдин четин көргөндө
Эки энең түшсүн оюңа.
Эки арамдан, кулунум,
Этиет болгун боюңа.

Айланайын кулунум,
Айткан сөзүм унутпа!
Арамдардын колунан
Өлүп калып курутпа!

Манастан калган бир жалгыз
Байкап тургун сөзүмө.
Бакайдын жайын билдирип,
Салайын сенин эсиңе.

Бакайдай адам кайда бар,
Бакайдан сага пайда бар.
Акылы толук, мээси көп,
Абаңдан жанга айла бар.

Байдын уулу эр Бакай
Жакын тууган Манаска.
Барганда, балам, табарсың
Баатыр Бакай Таласта.

Агасынын баласы,
Алыс эмес арасы.
Сандыргалуу эр Бакай
Сан кыргыздын сарасы.

260.
Бакайды тапсаң өлбөйсүң,
Эч жамандык көрбөйсүң.
Абыке, Көбөш арамдын
Зордугуна көнбөйсүң.

Боз бууданын чайпалтып,
Ак сакалын жайкалтып,
Сынын бузбай салт айтып,
Сыпатын бузбай нарк айтып,
Күмүш-Тоодо жаткандыр,
Күйүткө Бакай баткандыр.

Семетей жетим, сен уккун,
Бакайдын көзү каткандыр,
Арамдар кууп салгандыр.
Айылын талап алгандыр.

Жетилсе жетим келер деп,
Ичи толо армандыр.

Күмүш-Тоонун оюнан,
Кең-Кол ата боюнан,
Эки Кең-Кол чатынан,
Кең Таластын башынан,
Атаң Манас баатырдын
Күмбөзүнүн кашынан,
Бакайга, балам, барарсың,
Бакайды таап аларсың.

Абыке менен Көбөштү
Айдап жолго саларсың.
Салбасаң жайкап чиркинди
Тууган кылып аларсың.

Армандуу бейбак жашырбай
Айта турган кебим бар.
Кебимдин жайын айтайын,
Келтирип угар эбиң бар.

Казак, кыргыз калкыңда
Каныкейде ушак бар.
Бура салып качкысыз
Бутума түшкөн тузак бар.
Төркүнүмдүн төрүндө
Төрөмө тийген бычак бар.

261.
Төркүнүң ушак кеп айтар,
Кеп айтканда бек айтар.
Сенин энең Каныкей
Төрөсүн сайган деп айтар.

Ага-иниң ушак кеп айтар,
Айнытчуу сөздөн көп айтар.

Сенин энең Каныкей
Арыстанын сайган деп айтар.

Сенин атаң эр Манас
Куда болуп кайындап,
Кырк чоросун ээрчитип,
Элге, журтка дайындып.

Айдап-айдап мал берип,
Айры өркөчтүү нар берип.
Сүрүп-сүрүп мал берип,
Сүйрү өркөчтүү нар берип.

Аянбастан мал берип,
Алтын, күмүш зар берип.
Келип калды кайындап,
Кебин журтка дайындап.

Хан Темир менен Барпыжан
Кадырлап баккан өзүмдү.
Мен кара бет энеңден
Эрикпей уккун сөзүмдү.

Энекең бейбак Каныкей
Эпсиз кылган кесирди.
Эркелетип хан Темир
Шам чырак коюп кашыма,
Арууркап балам калат деп,
Амайыл коюп башыма,
Эркелетип энекем
Бой тумар коюп кашыма,
Элирме аруу кармайт деп,
Ак тинте сайып башыма,

Уктаганым бир азап.
Урулуу дүбөк болчу эле.
Армандуу энең башына
Ак тинте салып койчу эле.

262.
Атакемдин үйүндө,
Энекемдин төрүндө,
Ак мамыктын үстүндө,
Алкайган жүктүн бурчунда
Жатат элем чоюлуп,
Алмадай бетим оюлуп.
Эч нерсени ойлобой,
Аркардай көзүм коюлуп.

Күйөөнүн жайын ким билет,
Күйөөнү көзгө ким илет.
Төрөнүн жайын ким билет,
Төрөнү көзгө ким илет.

Ныксырап жаткан жеримде,
Атакемдин төрүндө,
Колуктуга барам деп,
Кол салып жооп алам деп,
Келген экен падышам
Келтирип сөзгө канам деп.

Мен кара бет Каныкей
Мурун күйөө көрбөгөн.
Күйөө келип кол салып
Бура салып көнбөгөн,
Билбестиктен энекең
Мындай жорук баштадым:
Кол салганда чоочуркап,
Колун шилтеп таштадым.

Байкап көрсөм болжолун,
Падыша төрөм оң колун

Сайып койгон башымда,
Азаптуу бейбак кашымда,
Ак тинтеге жаныптыр.
Азапка бейбак калыптыр.
Арыстанымдын билегин
Шалбыратып салыптыр.
Билегинен төрөмдүн
Шаркырап каны агыптыр.
Адепсиз шилтеп салыпмын,
Азапка бейбак калыпмын.

Төрө султан атакең
Төрөлүгүн карматып,
Төгөрөк журтка жардатып,
Каныкейди зарлатып,

263.
Келишимдүү жеке өтүк,
Маасы менен эки өтүк.
Кабыргага сыйлады,
Кош кабыргам кыйрады.
Төрөдөн кордук көргөн соң
Төшөктө бейбак ыйлады.

Сенин атаң эр Манас
Адамдан башка көк болчу.
Өжөрлүгүн карматып,
Өз кылганы эп болчу.

Темир Хандын кер канчык
Капшытына балалап,
Колумду каап салды деп,
Баласына каралап.
Кер канчык капты колум деп,
Көрүп келдим сонун деп.

Кетемин, чоро, ат току
Кетүүгө даяр жолум деп.

Көктүгүн атаң карматып,
Көңкү журтка жардатып.

Падыша султан атакең
Баатырлыгын карматып,
Каныкей сайып салды деп,
Калың журтка жардатып.

Атпай алаш калкына
Угулуп калган кеби бар.
Мен кара бет энеңдин
Уят болгон жери бар.

Мунун арка жагынан
Кулак салгын абыдан.
Айланайын кулунум,
Атаңдын жайын айтайын.

Атаңдан калган Буурулду
Азгана айтып кайтайын.
Кечээ жаңыдан асый чагында
Атаң Манас ашында,
Баатыр Кошой башында,
Көкчө, Төштүк кашында.

264.
Карабайыр казанат
Калбыр өпкө жез канат.
Атаңдан калган Буурул ат
Кылып салды бир санат.

Буттап алтын зар берип,
Бууданды мындай ким табат.
Тулпар чалыш Буурул ат
Сонун жорук баштады.

Туйгун атаң Манастын
Туусун жыгып таштады.

Айланайын чырагым,
Арманым айтып турамын.

Атаң Манас баатырдын
Сараласы сандан көп,
Сан деп айтып нетейин
Сарала буурул андан көп.

Сенин атаң Манастын
Көкаласы сандан көп.
Самсып жатат Кең-Колдо
Көк буурулу андан көп.

Кара буурул канча бар,
Кызыл буурул кыйла бар.
Коён окшош көп жылкы
Баштан-аяк санча бар.

Өз колумдан кеткен соң
Билбеймин эми канча бар.
Атаңдан калган Буурулду
Айтпаса кантип билесиң.
Армандуу жетим, кантейин.
Канетип таап минесиң?

Кыз Сайкал берген буурулдан
Кызыгын чунак айтайын,
Кыз Сайкалдан Манастын
Алганын айтып кайтайын.

Кечээ Текеликтин сеңирде
Теминишкен жеринде,
Олжого келген Тайбуурул
Олуя чалдын үйүндө.

265.
Кыз Сайкал, Манас касташып,
Бирине бири наздашып,
Балакеттүү баатыр кыз
Манас менен басташып,

Сайкалды Манас алам деп,
Албай кантип калам деп,
Эрегишкен долуну
Салбар кылып салам деп.

Кыз Сайкал менен Манастын
Сайышкан жери Текелик.
Тыгы болот Сырнайза
Майышкан жери Текелик.

Бирине бири боору ачып,
Кайышкан жери Текелик.
Акыреттик жар болуп,
Табышкан жери Текелик.

Айтышып сөзгө жыргашып,
Калышкан жери Текелик.
Тайбуурулду тартууга
Алышкан жери Текелик.

Тайбуурулду кыз Сайкал
Берген эмес тартууга.
Билбеген эл сыртынан
Тартуу деп калган айтууга.

Кыз Сайкал айткан Манаска
Бактыңа, Манас, көндүм деп,
Акыреттик жар болуп,
Алдыңа, Манас, келдим деп.

Жалгыз балаң султанга
Буурулду энчи бердим деп.
Эсен болсо Буурулду
Жалгыз балаң минсин деп.

Тайбуурулду мингенде
Эстесе мени билсин деп,
Энем деп өлсөм бата окуп,
Эсине алып жүрсүн деп.

266.
Тайында берген кыз Сайкал
Тайбуурулду энчиге.
Тайбуурулду сураган
Кулагым тунган кулунум.

Кат көтөрүп алыстан
Хандардан келген элчиге

Кызыл-буурул бээ эле
Тайбуурулдун энеси.
Атаңдан калган Буурул ат
Кыз Сайкал берген керээзи.

Энеси малдан башкача
Кебечин карын, кең курсак.
Кең көкүрөк, жайык төш,
Аркар шыйрак,кең соору,

Күмүш куйрук, коён жон
Айтылуу буудан ноёндун.
Тайкы жал келген, марал баш
Мындай жылкы жаралбас.

Жаралса да тукуму
Элге, журтка таралбас.
Эти көшмөр болсун деп,
Эрки менен толсун деп,

Кысыр эмди чагында
Кошуп берген энесин.
Эсен барсаң кулунум,
Энеси менен көрөсүң.

Кулун да эмип, тай да эмген,
Кунан жашта үйрөткөн.
Быштысында быштырган
Жибектен нокто сыздырган.

Самындатып жуудуруп,
Дарайы менен жыштырган.
Жалын тарап бөлдүргөн.
Жакшы сылап көндүргөн.

Тулу толо болот деп
Колот жерге үйрөткөн.
Алты кулач ала аркан
Жибектен эшип сүйрөткөн.

267.
Буту буруу болот деп
Буйга жерге үйрөткөн.
Бура тартып көндүрүп.
Бугудан чылбыр сүйрөткөн.

Ачылсын деп аягы
Аңгекке салып түнөткөн.
Аркардай колун сайылтып,
Адырмакка жүгүрткөн.

Башы чайпоо болот деп,
Кайыштан нокто каттырган.
Ноктосуна келтирип.
Бугудан чылбыр тактырган.

Санаама Буурул толду деп,
Саяпкерге бактырган.
Урууда мындай болбойт деп,
Урумдун ханы жактырган.

Аземдетип атынды
Абайы үртүк жаптырган.

Ак арпа жесе аш кылган.
Адырмакка маш кылган.

Арпаны жесе чайнаган,
Айнектей көзү жайнаган.
Буудайды жесе чайнаган,
Бугудай көзү жайнаган.

Келишимдүү маңкайган,
Кең соорусу даңкайган,
Ар мүчөсү келишкен
Кызыл-буурул чаңкайган.

Көкүлү көзгө жабылган,
Көрбөсө адам сагынган.
Атаң Манас ашында
Айтылуу Буурул чабылган.

Чыгып келген жалтылдап,
Семетей сенин багыңдан.
Балам сенин бактыңа
Башында Буурул табылган.

268.
Сөөлөткө минсе жалтылдап,
Оозунан көбүк бураган.
Бут атымдай аң келсе,
Бура тартпай чураган.

Буттап алтын, зар берип,
Букардын ханы сураган.
Тайкы жал келген чоң Буурул
Жарашыктуу сом Буурул.

Аркар шыйрак, кулан жал,
Айбандан туубайт мындай мал.
Кулжа моюн, кең соору
Элик жаак, аркар төш.

Бар мүчөсү теп тегиз,
Балбылдаган бото көз.
Боору жазы, сырты түз,
Болот туяк, коён жон.

Бастырып кетсе жоргодой,
Жорголугу шамалдай.
Армандуу пенде көп болгон
Буурулдай буудан таба албай.

Муңканган адам андан көп,
Пул берип сатып ала албай.
Желгенине жел жетпейт,
Жебелеп кетсе чаң жетпейт.

Жез темгелүү буудангa
Жер үстүнөн мал жетпейт.
Жото жилик жонгондой,
Жону бийик коргондой.

Соорусунун үстүнө
Жоломо тоо конгондой.
Кары жилик каккандай.
Кашка тиши капкандай.

Карчытынын үстүнө
Төшөк салып жаткандай.
Жүгүргөнү шамалдай,
Жүнү тайкы макмалдай.

Жорголотуп кеткени
Чоң байгеге чапкандай.

269.
Азуусун кайра сайгандай,
Ар мүчөсү тайгандай.
Жал, куйругу жалтылдап
Асаба желек жайгандай.

Кара тили бүлөөдөй,
Жөн желгени сүрөөдөй.
Кулактары куйгандай,
Куу чокусу кумгандай.

Куюндан бүтүп туугандай,
Чыныгы асыл буудандай.
Сыпаты башка жылкыдан
Сыртына тартып суугандай.

Жалы тайкы келептей,
Каңылжаары желектей.
Күмүш куйрук, кулан жал
Туулбайт мындай буудандан.

Каргып түшөт Тайбуурул
Алты пакса дубалдан.
Жоон саны бир кучак
Чакмак эти чарадай.
Сынын көргөн таңданып,
Адам өтпөйт карабай.

Чапса кетет закымдай,
Чаткайагы колоттой.
Төрт туягы сом темир
Сомдоп койгон болоттой.

Семиргени кийиктей,
Секиргени эликтей.
Атаңдан калган Буурулду
Айтып өттүм кемитпей.

Бастырса кетет даңданып,
Башын чайкап шаңданып.
Карап калат көргөн жан
Калктын баары таңданып.

Астыңкы ээрдин албайтып,
Үстүңкү ээрдин далбайтып,
Тиш чыгарган сай салып,
Азуу сайган аркайтып.

270.
Айбанда мындай болбойт деп
Ак сакалдар нарк айтып,
Жаралбайт мындай буудан деп,
Жалпы кыргыз калк айтып.

Мактабаймын баары чын
Манастан калган Тайбуурул.
Бала эмесмин Каныкей.
Кулунум, сага калп айтып.

Алты ай сапар жол жүрсөң
Асыл Буурул арыбай,
Алтымыш асый болгончо
Тишин сөйкөп карыбай.

Абыке, Көбөш арытса,
Арамдар түптү жарыбас.
Эми атаңдан калган сегиз мүлк
Жоо жарагы тегиз мүлк.

Мүлкүңдүн жайын айтайын,
Жайын айтып кайтайын.
Кыл терисин каптаган,
Сары желим чаптаган.

Чымын тийсе зың эткен,
Чертип койсо дыңк эткен.
Камчы менен чапканда
Койчагырдай заңк эткен.

Жылкы тийип, куш салсаң
Атаңдан калган жарагың,

Доңуз хандын колунда
Чамасына карагын.

Берүүчү болсо муну алгын.
Алуучу болсоң мына ошол
Айтууга алтын анык жез,
Ак бадана торгой көз,
Барандын огу батпаган,
Батмак турсун өтпөгөн,
Каранын огун кармаган,
Сурабай адам калбаган.

271.
Урумда согуп бүтүрүп,
Уруулуу журтка жардаган.
Калыйпа султан кылдырып,
Хан Манаска арнаган.

Орчун Кокон, Кожантта
Ордобек сурап, бербеген.
Казатка атаң кийгенде
Касташкан душман жеңбеген.

Атаңдан калган Бадана
Доңуз хандын колунда.
Арамдарга барганда
Алып өтчү жолунда.

Берүүчү болсо муну алгын.
Алуучу болсоң мүлк ушул.
Жеркектин сары талаада
Жезиттер турган калаада.

Жети жүз салдат, кырк төрө
Жер жесеген жеринде.
Тартып алган Ак келте
Жезиттердин элинде.

Оозу орустун уруму,
Түбү кытай кырымы.
Кезегинде Келтени
Келтирип уста кылымы.

Сыртын көк жал өгөгөн,
Сыртына күмүш бөлөгөн.
Кароолуна келтирип.
Калкытып алтын чөгөргөн.

Сайын салып келтирген,
Аткан журтун өлтүргөн.
Кундагын сары сырдаткан
Көргөн жанга сындаткан.

Таңуусу бекем болсун деп,
Сары алтын зымдан чырматкан.
Баскан жерде парс эткен,
Машадан мурун тарс эткен.

Түтүндөн мурун ок жеткен,
Ажалдан мурун  жан кеткен.

272.
Ыраак, жуук ылгабас,
Ыңгайды туура тандабас.
Болоттон соккон Аккелте
Өзү жөкөр, алма баш.

Бежинге казат кылганда
Бейдаарат адам кармабас.
Ойноп атса Очогор,
Кооп атса Койчагыр.

Жакын атса Жазайыл,
Алыс атса замбирек.
Атаңдан калган Аккелте
Айтып, айтпай не керек.

Асынып жүрсө Аккелте
Айдалынын көркү эле.
Кара башка күн түшсө,
Калаалуу коргон бөрк эле.

Көр Көбөштүн колунда.
Алып өтчү жолунда.
Берүүчү болсо муну алгын,
Алуучу болсоң мүлк ошол.

Саратанда кыйдырган
Салкын жерге жыйдырган.
Жумуру кылып чаптырган,
Душман жоого бактырган.

Колдон тайып кетет деп,
Кош бүлдүрке тактырган
Кол көтөргүс Сырнайза
Кокондун беги жактырган.

Тарамыш менен каптаткан,
Сары желим чаптаткан.
Сандыргасын келтирип,
Сан кыргызга мактаткан.

Колго жылуу болсун деп,
Кой макмал менен каптаткан.
Кызыл сыр менен сырдаткан,
Кыйла жанга сындаткан.

Колодон шакек чырматкан,
Сайган жерин ырбаткан.
Сапарда тийип пайдасы
Сан кыргызды жыргаткан.

273.
Уңгусу болот, учу курч,
Учуна салган кара куруч.
Кара куручтан тык кылган,
Тыгын өткүр курч кылган.

Атаңдан калган Сырнайза
Тийген жери чыр найза.
Көбөш кулдун колунда
Алып өтчү жолунда.

Берүүчү болсо муну алгын,
Алуучу болсоң мүлк ушул.
Алтымыш ирик тандатып,
Орто Кең-Кол жайлатып,

Келишимдүү семиртип,
Кербендерге айдатып,
Баарын семиз бактырып,
Маргаланга саттырып,
Ак була сатып алдырган,
Ак олпокко салдырган.
Келишимдүү бурдурган,
Келеби менен урдурган.

Ортосуна буласын
Коргошун өгөп тундурган.
Атагы Олпок ак чопкут
Азем менен кылдырган.

Анек кашкөй башында,
Арууке сиңдим кашымда.
Шырыгына чыдабай
Келиндер качкан безилдеп.

Кол жарааты оюлуп,
Каныкей кылды кесир деп,
Ойлосом кетпейт эсимден,
Оймоктун баары тешилген.

Келишимдүү керме каш
Келиндин баары жадаган.
Кызыл көйнөк кымча бел
Кыздын баары жадаган.

Уруудан чыккан жез оймок
Уздун баары жадаган.

274.
Каранын огун кайтарган,
Барандын огун майтарган,
Болоттон найза өтпөгөн
Олпок буга жетпеген.

Этеги чолок, жеңи жок,
Эч жеринде кеми жок.
Энең шордуу бүтүргөн
Айтканда өлчөр чени жок.

Көр Көбөштүн колунда
Алып өтчү жолунда.
Беруучу болсо муну алгын.
Алуучу болсоң мүлк ушул.

Көмүрүнө чыдабай,
Көп токойлор жоюлган.
Сугатына чыдабай,
Суук булак соолуган.

Өгөөсүнө чыдабай,
Элүү шекит ноюган.
Кылып берген акына
Кырк кулундуу бээ берген.

Кылып келип тартканда
Ботолуу инген төө берген.
Бөлөкбайга кылдырган,
Чапкан жерин сындырган.

Кара устага чарктаткан,
Как ыргайга саптаткан.
Күмүш менен актаткан
Көргөн жанга мактаткан.

Күркүрөөнүн күндө чарк
Булоосуна бүлөгөн.
Кыямына келгенде
Кытайдын канын тилеген.

Атаңдан калган Айбалта
Эшик эндүү чоң балта
Абыкенин колунда.
Алып өтчү жолунда.

Беруучу болсо муну алгын,
Алуучу болсоң мүлк ушу.

275.
Ак албарстан кураган
Алты ай бүтүн чыңаган.

Кылымын жакшы келтирип,
Кынга салып кынаган.
Кыйбатын берип алам деп,
Урумдун ханы сураган.

Жайы-кышы олтуруп,
Бөлөкбай иштеп чыгарган.
Пилдин сөөгүн сап кылган,
Сары алтындан кап кылган.

Ак тасмадан ийлетип,
Бүлдүргөсүн тактырган.
Көз уялат караса
Көргөндүн баары жактырган.

Караңгыда сууруса,
Оттой болуп кызарган.
Калмакка төрөм шилтесе
Алда канча узарган.

Балдагын алтын чоң кылган,
Баарысын тегиз сом кылган.
Кылып берген акына
Кырк ботолуу төө берген.

Чарасы оор болсун деп,
Заардан чылап сугарган.
Кылып келип тартканда
Он кулундуу бээ берген.

Балдагы алтын Акалбарс
Абыке кулдун колунда.
Айланайн кулунум,
Алып өтчү жолунда.

Берүүчү болсо муну алгын.
Алуучу болсоң мүлк ушул.

Анжианды чалдырган,
Алма кабык алдырган.
Отуз теке терисин
Жылытып жүнүн алдырган.
Чоң челекке салдырган.
Ашаткысын кандырган.

276.
Малмага беш ай жаткырган,
Башына туруп бактырган.
Муну кылган энеңди
Баатыр Кошой жактырган.

Сары кылып боёткон
Абыдан канган боёктон.
Иштегенин Каныкей
Кой макмал менен иштеген.

Тиштегенин Жезбилек
Хан Бакайдын келини,
Кожонун кызы Оюлфур
Коно жатып тиштеген.

Жылан боор бүктүргөн,
Жымырайтып тиктирген.
Жэ кайыганы билинбейт,
Жэ сайганы билинбейт.

Эч жеринде табы жок,
Ийне өткөргөн жердин тагы жок.
Түр жибектен алдырган
Түйшүктү арбын салдырган.

Багалегин кайрыган,
Басма кылып сайдырган.
Мылтык атса ок өтпөйт.
Отко салса чок өтпөйт.

Тартып койсо чоюлган,
Коёо берсе жыйылган.
Кандагай деп аталган,
Калган эмес катардан.
Муну кылган Каныкей
Хан Кошойдон бата алган.

Батадан бүткөн баламсын
Бакайга, балам, барарсың.
Абаң менен кеңешип,
Арамдардан аларсың.

277.
Атаңдан калган Кандагай
Абыке кулдун колунда.
Айланайын кулунум!
Алып өтчү жолуңда.

Берүүчү болсо муну алгын,
Алуучу болсоң мүлк ушул.

Айланайын кулунум,
Аттанарга аз калды.
Калган сөздү карабет
Айткандан бейбак жазгандым.

Азыраак айтар кебим бар,
Кебимди угар эбиң бар.
Атаңдан калган Акшумкар
Кушуңдун жайын айтайын.

Арамдардан жей турган
Мушуңдун жайын айтайын.
Атаңды көргөн эр Бакай
Кишиңдин жайын айтайын.
Боло турган ар түрлүү
Ишиңдин жайын айтайын.

Кечээ кең Арканын башынан,
Чырмаштын кара тоосунан,
Энеси чайкап куш кылган,
Эр Манаска туш кылган.

Алтын Эмел жеринде
Салкын тоонун чегинде,
Саятчы Төлөн кармаган
Хан Кошойдун элинде.

Ак көгүчкөн дыр коюп,
Ак жибектен тор коюп,
Саятчы Төлөн кармаган,
Кармаган жерде арнаган.
Хан Манаска берем деп,
Калың журтка жардаган.

278.
Карыган Кошой абакең
Катаганга хан эле.
Калың журттун жонунан
Кадыр тапкан жан эле.

Чакырып алып Төлөндү
Шумкарды сынап олтуруп,
Дөөлөт куш деген ушул деп,
Көңүлүнө толтуруп

Балам, Төлөн тилимди ал,
Бул сөзүмө кулак сал.
Шумкарыңды сынадык
Сынап жайын сурадык.

Эби келсе шумкарың
Эр Манаска ылайык.
Качырганын куткарбас
Кара кушта Буудайык.

Падыша Манас хан деген
Манаска алып бар деген.
Тартуусуна Манастын
Өз бергенин ал деген.

Акшумкарды кондуруп,
Төлөн келген Таласка.
Атбай журттун султаны
Атаң баатыр Манаска

Шумкарга Манас той берген,
Атпай кыргыз алашка.

Алып келген Төлөнгө
Айры өркөчтүү төө берген.

Он кулундуу бээ берген,
Жүз козулуу кой берген.
Байкагын атаң мартына,
Калың кыргыз калкына
Нуска кылып артына,
Ат чаптырып той берген.

Алты ай бүтүн Төлөнгө
Ак шумкарды бактырган.
Айнытпай табын тапшырган,
Алтындан жагоо тактырган.

279.
Күмүштөн туур кактырган,
Жалпы кыргыз жактырган.
Добул кагып үйрөтүп,
Айланмага көндүргөн.
Тобу менен учканды
Бириндетип бөлдүргөн.

Атаңдан калган шумкардын
Кыраандык жайын айтайын.
Серпкенин колдон кетирбес
Тынарлык жайын айтайын.

Боздон алган тоодакты
Боздотуп алган оолакты.
Көлдөн алган кууларды,
Тоодон алган уларды.

Чалкалап учуп зыпылдап,
Чабыт кылган шуларды.
Саздан өрдөк, каз алган,
Салган сайын маш алган.

Түпкү жайын айтайын
Түлөгөн сайын жашарган.
Кара кунас, каркыра
Кара суудa  көл бука
Илекилек, көк кытан
Кара карга, чөкө таан,
Ала карга, сагызган,
Кара боор, көгүчкөн
Тартынбады Акшумкар
Көз көргөндү алыштан.

Жонго тээп түшүрдү
Жоркойуп учкан жоруну.
Качырып тепти кажырды,
Кубалап тепти кузгунду.
Куткарбады Акшумкар
Көрүнгөндөн учкулду.

Кыргоолду алып кыйратты,
Кызыгына жыргатты.
Армандуу дүйнө, кантейин,
Арамдар бакпай кууратты.

280.
Арамдын бири алгандыр,
Айнытып байлап салгандыр.
Сары жүнүн түшүрбөй
Табынан айнып калгандыр.

Жандырып айтар кебим бар,
Жалгызым, угар эбиң бар.
Калың кыргыз элиң бар,
Калкыңды табар эбиң бар.

Эркин тоо, Талас жериң бар,
Элет кыргыз элиң бар.
Кара бет энең шордууну

Какшатып таштап кетерсиң.
Кагылайын кулунум,
Калкыңа аман жетерсиң.

Адыр-адыр жер келет,
Ашуусу бийик бел келет.
Алдыңдан каршы көл келет,
Кулан жүргүс кум келет.
Кузгун жүргүс чөл келет.
Ташыган дайра суу келет.
Сайга толгон сел келет.
Тартиби башка эл келет.

Элирип жалгыз аттандың
Эл сонунун көрөсүң.
Жети-Сууга жеткенде
Жер сонунун көрөсүң.

Аттанып калсаң тил албай
Салгар жолго саларсың.
Сандыргалуу чунагым,
Самарды басып барарсың.

Кара мүртөз куучунак,
Каршыккан чунак кетерсиң.
Казанды басып өтөрсүң,
Орумборго жетерсиң.

281.
Оолуккан чунак кетерсиң,
Оролду басып өтөсүң.
Токтобосоң кетерсиң
Торгойду басып өтөрсүң.

Орто жолго саларсың,
Орумборго барарсың.
Аянбай жолго саларсың
Астарканга барарсың.

Орумбордун сыртында,
Астаркандын үстүндө,
Ак-Дөбө менен Самар бар.
Эдил менен Жайык бар.

Маңгыштор менен Кыян бар
Кыянда далай зыян бар.
Шамал, куюн ойногон,
Бөөрү, түлкү жойлогон,
Каракчы, ууру көп жүргөн,
Катарлуу адам көп кирген
Тогуз жолдун тоому бар,
Отуз жолдун оозу бар.

Бөөрү, койдун чаркы бар,
Катарлуу жолдун салты бар.
Көкөтай хандын калкы бар,
Калкында көчмөн наркы бар.

Орол менен Торгойдо,
Эдил менен Жайыкта,
Эсил менен Нурада,
Сары-Арка менен Семейде
Сардал кыргыз тунугу,
Жалпы казак уругу,
Айдаркандын баласы
Баатыр Көкчө улугу
Эр Көкчөнүн калкы бар.
Элинде жакшы салты бар.
Кара-тору аралаш
Казактын калкы жалпы бар.

282.
Сасык-Көлдүн тушунда,
Ташкендин кыям тышында.
Жети-Суу менен Таласта
Сенин элиң ушунда.

Отуз жолдун оозунан,
Тогуз жолдун тоомунан,
Ууру, бөөрү көп жүргөн
Бөөрү, койдун чаркынан
Жолдун баары бөлүнөт,
Анык көзгө көрүнөт.
Жолду байкап жүргөндөн
Бир акмак адам эринет.

Күн жүрүш карап бөлүнгөн
Көзгө жылуу көрүнгөн,
Араба, чана көп жүргөн
Аңгыраган Каракол
Анжиан, Ташкен баруучу
Айнектей тегиз сара жол.

Ага да кирбе, чунагым.
Айланайын чырагым!
Арманым, жетим, жаштыгың,
Кандай айла кыламын!

Анын төмөн жагынан
Ажырап чыгат жаңыдан
Айланайын кулунум,
Угуп алгын абыдан.

Букарга кетчү буйга жол
Бурулуп кетет жылга жол.
Кебилге кетчү кербен жол
Кербендер чубап кеткен жол.
Деңизди бойлоп жол менен
Кирген жан жабыр көргөн жол.

Ага да кирбе чунагым!
Айланайын чырагым,
Алда сенин жаштыгың
Кандай арга кылайын!

283.
Омбуга кетчү орто жол,
Орускa кетчү кара жол,
Орус сага душман деп,
Атаң Манас кыскан деп,
Ага да кирбе чунагым!
Айланайын чырагым,
Армандуу жетим, жаштыгың
Кандай арга кылайын!

Күн чыгышка беттенип,
Кирээчи жанга эптелип,
Адашып кирип кетпегин
Кытайдын жолу кез келип.

Кытайдын жолу кызык жол
Кыянаттуу бузук жол.
Адашып кирип кетпегин,
Азабы кыйын узун жол.
Буга да кирбе, чунагым!
Муңумду айтып турамын.
Семетей, сенин жаштыгың,
Кандай арга кыламын!

Алтайга кетчү алыш жол
Адырдын баары жалпы жол.
Жети-Суу кетчү жети жол
Чет жагында тасма жол.
Жети жолдон бөлүнүп,
Ажырап чыгат башка жол.
Адашпай тапсаң, кулунум,
Таласка барчу кашка жол.

Кашка жол барат Таласка,
Кашка жолдон адашпа.
Барарсың, балам, алашка
Бата кылгын Манаска.

Айланайын кулунум,
Айткан сөзүм унутпа.
Таластын жолун таба албай
Адашып кетип курутпа.

Журтта калган күчүктөй
Эки энеңди унутпа.

284.
Айланайын эрмегим,
Бактыма Кудай бергеним.
Падыша Манас төрөмдөн
Жалгыз туяк көргөнүм.

Жалгызым сенин жаштыгың –
Бир уядан аздыгың.
Сапар жүрүп, жол көрүп,
Таркай элек мастыгың.

Этият болгун кулунум,
Эки арам койбос кастыгын.
Элиңдин четин көргөндө
Эки энең түшсүн оюңа.
Эки арамдан сактанып,
Этият болгун боюңа.

Эрке катын Каныкей
Баласына кеп айтып,
Эсиңден чыгып кетпесин
Эки энең айткан деп айтып.

Баласынын жаштыгын
Баштап айтты Каныкей.
Баштан-аяк бар сөзүн
Какшап айтты Каныкей.

Балам, сенин өзүңө
Кулак салгын сөзүмө!

Кайсы бирин айтайын,
Айтар сөзүм калган жок.
Балам, сенин жаштыгың
Бакайды тапсаң арман жок.

Он бешке жашың толгончо,
Аттанар кезиң болгончо,
Эки жыл сабыр кылгын деп,
Эрмек болуп тургун деп,

Каныкей турду какылдап,
Сайрады сөзүн шакылдап.
Кара мүртөз чунагың
Кайтарбайт жооп жакындап.

285.
Эр Семетей султаның
Эркенин тилин албады.
Каныкей какшап, токто деп,
Айтпаган сөзү калбады.

Элиме кетем, тоспо деп,
Бир сөзүнөн жанбады.
Кетерин анык билген соң,
Кеп кулагына кирген соң,

Апта туруп аяндап,
Айтып сөзүн баяндап,
Атасынын тулпарын
Токуюн деп аярлап.

Астыңкы кашы карк алтын,
Көткү кашы чылк күмүш,
Эки каптал эн темир,
Эрибеген сом темир.

Арнап кылган Ак каңкы
Ак тулпарга чак каңкы.

Булгары желдик, көк тердик
Кой макмалдан көрпөчө.

Келтирип Эрке токуду,
Келишими өзгөчө.
Актулпарды токуду
Айтып сөзүн окуду.

Бууданды Эрке токуду,
Булбулдай сайрап окуду.
Эми хан Темирдин кеби бар,
Калтырбай айтар эби бар.

Карарган шаар Кырымда
Калың ногой эли бар.
Темир хан келип кеп айтты
Сабыр кыл, балам деп айтты.

Акылга дыйкан хан Темир
Аянбастан көп айтты.
Үч күн сабыр кылгын деп,
Жөнөдүм деп тургун деп.

286.
Сабыр кыл, балам, токто деп,
Айткан сөзүм тыңда деп.
Хан Темирди карартып,
Калкыма уят кылба деп.

Уккан, көргөн айтпайбы
Темирди Кудай алсын деп.
Албаса да ит чиркин
Өзү басып барсын деп.

Жолдош кошуп бербейт деп,
Бала ордуна көрбөйт деп.
Уяты жок ит экен
Уялгандан өлбөйт деп.

Калың кыргыз айтпайбы,
Менден дили кайтпайбы.
Үч күнгө балам, көнбөсөң
Бир күн сабыр кылып тур!

Билеселүү кулунум,
Жөнөдүм деп тынып тур!
Аскерим даяр кенен деп,
Бар шайманы белен деп.

Айланайын Семетей,
Аскер кошуп берем деп.
Темир хан ыйлап басылбай,
Капалыгы жазылбай,
Сабыр кыл, бир күн токто деп,
Жан калбады асылбай.

Хан Темирдей ханына,
Калың ногой баарына,
Эр Семетей кеп салды,
Кеп салганда бек салды.
Жалпы алаш калкыма
Жалгыз барам деп салды.

287.
Жалгыздыгым – аздыгым,
Жамандыгым жаштыгым.
Калың кыргыз калкыма
Тыйындай жок кастыгым.

Уруулуу кыргыз калкыма
Урушуп келген эмесмин.
Эр өлтүрүп, үй чабып
Куушуп келген эмесмин.

Атпай алаш калкыма
Алышып келген эмесмин.

Айылын чаап жылкы алып,
Салышып келген эмесмин.

Жалгыз келген баламын
Жалгыз өзүм барамын.
Жакшы, жаман сөз болсо
Жайлашып жооп аламын.

Жалпы кыргыз калкыма
Жайланып тынып каламын.
Жалгыз барып жайлашып,
Учурашып келем деп,
Жамандык кылган жан болсо,
Учурунда көрөм деп.

Ошончо кыргыз эл болсо,
Таршып жаткан көл болсо,
Басташканын пастатып,
Баарына Манас бел болсо.

Бири мага душман деп,
Бири мага тууган деп,
Жакшылык көргөн жан барбы
Жамандык ишти курган деп.

Семетей айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,
Кара чаар жолборсуң
Кайратты кабат кылганда.

288.
Семетейден кеп угуп,
Кеп укканда эп угуп.
Жалгыз барып элиме
Жайлашып келем деп угуп.

Чыйырды турду чыңкылдап,
Сөз баштады шыңкылдап.

Апай көтөк! Кеп ушул
Боло тургун эби ушул.

Атпай алаш көп кыргыз
Атаңдан калган эл ушул.
Кайрат берип султанга
Чоң энеси кеп айтты:

Сербейген жалгыз кулунум,
Секетиң кетсем деп айтты.
Эркек козу тууганда
Курмандыкка жараткан.
Эркек бала тууганда
Намысдыкка жараткан.
Бири тууган, бири дос
Балам кетип бараткан.
Бекер ылайт Каныкей
Сактагуучу Жараткан.

Семетей, сенин жашыңда
Сенин атаң эр Манас
Карсылдашып урушуп,
Калмактын калкын караткан.
Долу десе Каныкей
Арданасың эсиң жок.
Барбагын деп баланды
Башкара турган кезиң жок.

Баламдын мизин кайтарып,
Батырып айтар сөзүң жок.
Канетейин арман көп
Каныкей сендей кесир жок.

189.
Ат көтөргүс уулуңду
Аяйсың долу эсирип,
Баятан бери олтурдум
Бар сөзүңдү кечирип.

Каргаша кылдың жолуна,
Балам калды кечигип.
Аман болсоң келерсиң
Арамдын атын өчүрүп.

Кондурарсың калкыңды
Өз ордуна көчүрүп.
Энеңден уккун кебимди
Айтайын балам, тегиңди.

Карыганда Чыйырды
Канетип айтам төгүндү.
Сенин атаң эр Манас
Тогузунда тоо жыккан.
Алаштап ураан чакырып,
Аркасынан чуу чыккан.

Он жашка Манас келгенде
Кайып эрлер колдогон.
Кадыр Алда жараткан
Манастын ишин оңдогон.
Калмак менен кытайды
Кол жеткенде сомдогон.

Он бир жашка келгенде
Ордо талап, жылкы алган.
Калмак менен Каканга
Качпай кирип чыр салган.

Он эки жашка келгенде
Кошуну толгон он миңге.
Зардал Манас атанып,
Зарылган эмес эч кимге.

Кабарын угуп хан Кошой
Кашкардан келген үч күндө.

290.
Он эки жашка келгенде
Баатыр Манас атанган.
Кызыр Иляс, кырк чилтен,
Айкожомдон бата алган.

Алты келме, жети ыйман
Көкүрөккө жат алган.
Кабылан (эр) Манасым
Калган эмес катардан.

Каңгай менен салышып,
Качкан эмес сапардан.
Калмакты салып ак динге
Ак жаралган азалдан.

Дин талашкан казатта
Ак жаралган жасатта.
Хан Манастан айрылып,
Мен карыганда калдым азапка.

Талап кылсаң атаңдай
Тартынбагын душмандан.
Атаң жалгыз, сен жалгыз
Бир уядан учкандан.

Жалгызга Кудай жар деген,
Жамандын жолу тар деген.
Баатыр болчу жигиттин
Баш күндөн жолу шар деген.

Жолуңда Кызыр, кырк чилтен
Жолдошуң, балам, бар деген.
Кайып Кызыр, кырк чилтен
Жөлөмөлөп жүрүүчү.

Көк жал бөөрү сыртынан
Көзөмөлөп жүрүүчү.

Кара чаар кабылан
Карамалап жүрүүчү.
Кайыптар колдоп атаңды
Жандамалап жүрүүчү.

Он үчкө чыктың жаштык жок
Азамат эрге аздык жок.
Эки арам кастык кылбаса,
Кыргыздан сага кастык жок.

291.
Жалгызмын деп ойлобо
Жараткан жолдош өзүңө.
Жалгыздан калган бир туяк
Кулак салгын сөзүмө.

Энемдин айткан сөзү деп,
Алып жүр, балам, эсиңе.
Атаңдан калган кайыпты
Келтирер Кудай кезиңе.

Жолдошуң даяр жолуңда,
Кошунуң даяр колуңда.
Жолуңдан Кызыр жолукса
Жолугарсың сонунга.

Кол берген пириң Ак эшен,
Колдогонуң кырк чилтен.
Айкожом алар колуңдан
Адаштырбас жолуңдан.

Адашсаң, балам, жолуңдан,
Ал дагы менин шорумдан.
Жөнөгүн, балам, аттан деп,
Кечикпей, балам, бат бар деп.

Менин айткан сөзүмдү
Төкпөй-чачпай жатка ал деп.
Семетей, сенин жашыңдан
Көрдүк далай кыйынды.

Бастык деп далай кыйырды
Каныкей, кой деп ыйңды.
Балам, колуң жайгын деп,
Батасын берди Чыйырды.

## СЕМЕТЕЙДИН ТАЛАСКА КЕЛИШИ

Манастын уулу эр Семең
Басалгалуу эр немең.
Хан Темирден кат алып,
Чыйырдыдан бата алып,
Каныкейдин айтканын
Төкпөй, чачпай жат алып,
Олпогун алып кийинип,
Оолуккан чунак сүйүнүп,

292.
Ак жөкөрүн асынып,
Аттанып калды ашыгып.
Сыр найзасын комдонуп,
Сыпатын түзөп оңдонуп.

Бадана кийип жаркылдап,
Бастырып чыкты шартылдап.

Атка минип даңданып,
Асыл төрөң шаңданып,
Баштан-аяк көп ногой
Бата берди жарданып.
Карап калды ногойдун
Кыз, келини таңданып.

Манастын уулу эр Семең
Басалгалуу эр немең.
Кара шаар калың бак
Жөнөп чыкты Кырымдан.

Сандыргалуу чунагың
Санга толгон кылымдан.
Самар менен Уфадан,
Дагстан менен Капказдан
Сагынып калган өз элин
Жөнөп калды жатпастан.

Кеңешин таап оңойдон,
Кетте дайра Дунайдан,
Алты шаар Кырымдан,
Аттанып чыкты ногойдон.

Жолго түшүп каргытып,
Жол жүрүшүн арбытып.
Ак тулпарга камчы уруп,
Аябастан шарт уруп,

Оолуккандай чунагың
Оңдоп, солдоп каршы уруп.
Эңкейиште октолтуп,
Эликтей боюн токтолтуп.

Адырмакта октолтуп,
Аркардай боюн токтолтуп.
Жал, куйругун жайылтып,
Аркардай колун сайылтып.

293.
Чаткаяктан чаң чыгып,
Тар колтуктан тер чыгып.
Чакмак эттен суу чыгып,
Таноосунан буу чыгып.

Күндүзү куйкум жыттанып,
Качкан телки буттанып,
Деңизди бойлоп закымдап,
Жетейин деп жакындап.

Адырмакта түйүлтүп,
Кош куюшкан шакылдап.
Айлык жолду Ак тулпар
Начарлык кылып салбастан,
Анык тулпар болгон соң,
Бир жүрүштөн талбастан,
Отуз күндүк Таласка
Он беш күндө Ак тулпар
Канткенде тулпар барбас деп,
Кара чунак Семетей
Кайратынан жанбастан,
Чарчап жолдо калбастан,
Жолго түшүп жылжытып,
Көкүлүн көккө ыргытып,
Тоңкочуктап чулгутуп,
Туягын жерге мылгытып,
Аста жүрсө жылжытып,
Катуу жүрсө каргытып,
Кара чунак эр Семең
Аңгемесин арбытып.

Жөн сураган адамга
Жөнүн айтпай чаргытып.
Басып өттү Балгарды
Байкап өттү газалды.

Көрүп өттү Казанды,
Жандап өттү деңизди.
Аралап өттү Оролду,
Аңдап өттү Торгойду.

Орумборго келгенде,
Астарканды көргөндө,

294.
Көкөтөй менен Көкчөнүн
Айрым кылган чегинде,
Айдаркандын баласы
Эр Көкчөнүн жеринде,

Эдил менен Жайыкта,
Эсил менен Нурада
Шамал куюн ойногон,
Бөрү, түлкү жойлогон,
Отуз жолдун оозуна,
Тогуз жолдун тоомуна,
Ууру, бөрү көп жүргөн
Бөрү, койдун чаркына,
Айдаркандын баласы
Эр Көкчөнүн калкына.
Жетип келди эр Семең.
Эрикпеген эр немең.

Күн жүрүш карап бөлүнгөн,
Күзгүдөй көзгө көрүнгөн,
Араба, чана көп жүргөн
Аңгыраган кара жол.
Анжийан, Ташкен баруучу
Айнектей тегиз сара жол.
Аны да көрдү эр Семең.
Аянбаган эр немең.

Букарга кетчү буйга жол,
Бурулбай өтчү кетте жол,
Кебилге кетчү кербен жол,
Кербендер чубап келген жол.
Муну да көрдү эр Семең.
Муңканбаган эр немең.

Омбуга кетчү орто жол,
Оруска кетчү ара жол,
Араба, чана көп жүргөн
Аңгыраган кара жол.
Аны да көрдү эр Семең.
Аянбаган эр немең.

Күн чыгышка беттенип,
Бөлүнүп чыккан четтенип,
Бежиндин жолу беш араан
Барар жери Жети-Арал.
Аны да көрдү эр Семең.
Аянбаган эр немең.

295.
Алтайга кетчү алты жол,
Адырдын баары жалпы жол.
Жети-Суу кетчү жети жол,
Четтеп чыккан тасма жол.

Жети-Суугу бөлүнүп,
Ажырап чыккан башка жол.
Жандай салып бөлүнгөн
Таласка барчу кашка жол.

Жолун көрдү эр Семең,
Жоругу жакшы эр немең.
Таластын жолун таптым деп,
Тамашага баттым деп...

Кашка жол менен каргытып,
Жол жүрүшүн арбытып.

Жөн сураган адамга
Жөнүн айтпай чаргытып.

Эр Көкчөнүн элинде,
Эдил, Жайык жеринде,
Эдилди бойлоп кыркындап,
Жолго түшүп шылкылдап.

Бөксө менен алкымдап,
Жайлоо менен салкындап,
Жолго түшүп эр Семең,
Жоо бөрүсү эр немең.

Эртишке келди каргытып,
Аңгемесин арбытып.
Басалгалуу чунагың
Баскан жолун чаргытып.

Кар бузулуп, сел болуп,
Калкылдап агып көл болуп.
Эртиштин суусу ташыптыр
Тал башынан ашыптыр.

Кечерге бенде зар болуп,
Тартып кирип жатыптыр.
Сурнай тартып жез найдан,
Суу акпаган кур сайдан.

Керней тартып жез найдан,
Келишимдүү кең сайдан.
Баштан-аяк сел болуп,
Башынан мөңгү бузулуп,

Туурасынан шаркырап,
Кандуу суулар кошулуп,
Тоо өркөч болуп тозулуп,
Көзгө сырдуу көрүнүп.

296.
Боз ала чамбыл бок агып,
Бош карагай дагы агып,
Калкылдап көбүк кар агып,
Карагай, кайың тал агып.

Түрүлүп көбүк, кар агып,
Түбү менен сал агып.
Көз жеткисиз күрпүлдөп,
Көз көргөндүн баары агып.

Эки чети шарпылдап,
Орто жери шар агып.
Кыяндан келген боз чалма
Кыл Эртишке жуурулуп.

Түптөн чыккан терек, тал
Түбү менен суурулуп.
Кечейин деген адамдын
Заманасы куурулуп.

Чыбырын түлкү жойлобой,
Чыбыкка салса бойлобой.
Чындап кирген дайрадан
Кечейин (деген) пендезат
Өлбөймүн деп ойлобой.
Эртиш менен ойнобой.

Адырын түлкү жойлобой,
Аркан салса бойлобой,
Агыны катуу дайрадан
Кечейин деген пендезат
Өлбөймүн деп ойлобой.
Эртиш менен ойнобой.

Ак көбүктөп тар болуп,
Орто жери шар болуп.

Бурулуп тийген жерлери
Найза бою жар болуп,
Жаткан экен чоң Эртиш
Кечерге пенде зар болуп.

Манастын уулу эр Семең,
Баатырсынган эр немең.
Кыдырата санабай,
Кылча жанын аябай,
Кылчайып артын карабай.
Өлөмүн деп ойлобой,
Үзөңгүдөн бут чечпей,
Кечүү чалып суу кечпей,

297.
Ат жайдактап салбастан,
Таназарга албастан,
Эр Семетей султаның
Тандап кечүү чалбастан,

Актулпарын каргытып,
Аңгемесин арбытып,
Сууга кирген жери ушул,
Султан төрө эр ушул.

Кирген жерде чөмүлүп,
Тулпардын жүнү көрүнүп,
Сүзүп калды доңкоңдоп,
Сырнайза колдо калкылдап.

Ээрден көчүк кылтылдап,
Этеги сууга чылкылдап,
Чочуганда эрдик жок,
Чоюлганда кеңдик жок.

Чочуп калды эр Семең
Сокур кутта теңдик жок.
Ыйык жалдан бек кармап,
«Сакта Кудай!»- деп кармап.

Ыйык жалга асылып,
Белинен сууга жашынып.
Алдындагы тулпардын
Соорусунан ашырып.

Он үчкө султан чыкканча,
Ойлонуп акыл укканча.
Эркелик кылып эсирип,
Эгем ишин кечирип,

Ардактык кылып эсирип,
Алдам ишин кечирип.
Алла менен иши жок,
Алде кирген түшү жок.

Айбатынан корккондон
Айтып койгон киши жок.
Тобо менен иши жок,
Тобо кирген түшү жок.
Тобо кылып жүргүн деп,
Тосуп койгон киши жок.

298.
Ойлонбогон жаштыктан,
Ойноп жүргөн мастыктан,
Эшен менен кожого
Эрегишкен кастыктан,

Кожону көрсө айдаган,
Колу, бутун байлаган.
Эшенди көрсө айдаган,
Эки колун байлаган.

Кожону көрсө урчу эле,
Кордук кылып турчу эле.
Кара чунак Семетей
Качан тобо кылчы эле?

Эшенди көрсө урчу эле,
Эрегиш кылып турчу эле.
Эсирген жетим ойлонуп,
Качан тобо кылчы эле?

Тобо келип оозуна,
Топук келип өзүнө.
Күрпүлдөгөн дайрадан
Көрүндү жаны көзүнө.

Жараткан жалгыз Кудай деп,
Жаңыдан алды эсине.
Алда, Кудай, Алда деп,
Атам Манас колдо деп.
Колдо Кудай! Колдо деп,
Кожо Асан пирим жолдо деп.

Колдогонум бир Кудай,
Кол бергеним Ак эшен.
Жөлөгөнүм бир Кудай
Жөн бергеним Ак эшен.

Кыянат жолдо колдо деп,
Кызыр Иляс, кырк чилтен!
Бала төрө эр Семең
Бар Кудай деп бакырып,
Кызыр Иляс, Айкожом
Кырк чилтенин чакырып.
Семетей айтып турганда,
Ушул сөздү урганда.
Жаратканга жалынып,
Жаңыдан тобо кылганда,

299.
Жараткан эгем жар болду.
Жанында Кызыр бар болду.
Жүдөп турган кезинде
Жүргөн жолу шар болду.

Азирет Кызыр, Айкожом,
Азыр болду кырк чилтен.
Колун алды кожо Асан,
Колдоп калды Айкожо.

Көсөө куйрук көк бөрү,
Кызыл-чаар көк жолборс,
Кара-чаар кабылан,
Жетип келди жаңыдан.

Жөн бергени Айкожо
Жөлөп калды жанынан.
Кайып эрлер султанды
Кармап калды абыдан.

Кайып эрлер келгени
Семетейдин багына.
Чылбырынан алышып,
Чындап сүйрөп калышып.

Олоңунан алышып,
Оңдоп сүйрөп калышып,
Султан тууган чунагың
Суудан чыкты шаңданып.

Кайыптарын көргөндө
Кабылан төрө таңданып,
Булгары желдик, көк тердик
Бурчунан суусу шорголоп.

Актулпары жебелеп,
Аянбастан жорголоп.
Адырмакта каргытып,
Аңгемесин арбытып.

Талаа-түздө каргытып,
Тамашасын арбытып,

Жети-Суугa келгенде,
Жерин султан көргөндө,
Жердеп жаткан көп кыргыз
Элин султан көргөндө.

300.
Көзүнө жакшы көрүнүп,
Көңүлү өсүп семирип.
Табына келген Актулпар
Оoздугун кемирип.

Башын чайкап маңкаңдап,
Кең соорусу даңкаңдап,
Өз жериме келдим деп,
Өлбөсөм элди көрдүм деп.

Жараткан жалгыз Кудаа деп,
Тилегимди бердиң деп.
Адыр-адыр жер келет,
Адырмакта бел келет.

Адыр чөбү суюлуп,
Аркары жүрөт куюлуп.
Арыздуу пенде наалыбайт,
Аркары адам таанбайт.

Мылтык андес чунагың
Аркар атып мыктады.
Аса байлап тулпарын
Аянбастан уктады.

Будур-будур жер келет,
Будурмакта бел келет.
Бугусу жүрөт куюлуп,
Будур чөбү суюлуп.
Мылтык андес чунагың
Бугу атып мыктады.
Аса байлап тулпарын
Муңканбастан уктады.

Таң кашкайып сөгүлүп,
Жылдыз тарап бөлүнүп.
Талдын башшы шоодурап,
Чөптүн башы шуудурап.

Жылдыз тарап тыркырап,
Торгой сайрап чуркурап.
Таң саргарып атканда
Жылдыз тарап батканда.
Эр Семетей султаның,
Эрикпеген шумпайың

301.
Таң атканга сүйүнүп,
Даарат алып жүгүрүп.
Келтирип белин эр Семең
Кемер менен буунуп,

Таң намазын окуду.
Эки сүннөт, эки парз
Пендесинин мойнуна
Кудурет салган бүтүн карыз.

Окуду султан намазды,
Оюна алды Манасты.
Сары-Өзөн-Чүйдү кыркындап,
Жалпы көрдү Таласты.

Окуп билген ыйманды,
Шариатка сыйганды,
Намаздан кийин окуду
Айаталкүрсү куранды.

Куран окуп, кол жайып,
Алаканын мол жайып.

Бата кылды арыштап,
Манаска окуп багыштап.

Оstation

Оздугун чыгарып,
Агын суугa сугарып,
Ойлонбогон султаның
Отко койду тулпарын.

Отко коюп олтуруп,
Тас кардын чөпкө толтуруп,
Астыңкы кашы карк алтын,
Көткү кашы чылк күмүш,
Эки капталы эн темир,
Эрикпей кылган сом темир.

Каныкей кылган көк тердик,
Булгарыдан чоң желдик.
Кой махмалдан көрпөчө
Көркөмдүгү өзгөчө.

Токуду атын эр Семең,
Токтолголуу эр немең.
Атка минди шаңданып,
Бастырып чыкты даңданып.
Баштан-аяк Таластын
Баарын көрдү таңданып.

302.
Сары-Өзөн-Чүйдү кыркындап,
Жолго түшүп шылкылдап,
Аягы Талас башы Чүй
Жерин көрдү эр Семең.

Атпай алаш, көп кыргыз
Элин көрдү эр Семең.
Атка минсе даңкайып,
Казылары чалкайып,
Ак сакалы чалкайып,
Муруттары калкайып,
Калың кыргыз калкымдын
Карысы мурза турбайбы.
Кайсы бирин айтайын
Баарысы мурза турбайбы.

Орто жаштар чогулуп,
Ордо салып атышкан,
Жылкынын семиз тайын жеп,
Жыргап-куунап жатышкан,
Калың кыргыз калкымдын
Калкы мурза турбайбы.
Кадимден бери келаткан
Салты мурза турбайбы.
Баштан-аяк баарысы
Жалпы мурза турбайбы.

Жигиттери жыргаган,
Шербет ичип ырдаган,
Шерне курган жеринде
Келин, кыздар курдаган,
Баштан-аяк көп кыргыз
Башынан мурза турбайбы.
Магдыр болуп жыргаган
Ашынан мурза турбайбы.

Кемпирлери сүлкүлдөп,
Керилип басып үлпүлдөп,
Абышкага назданып,
Аста сүйлөп бүлкүлдөп,

303.
Келе жаткан салтынын
Түбү алыс турбайбы.
Салтын бузбай назданып,
Кемпири ханша турбайбы.

Бетинде жок көшөгө,
Боюн салып көчөгө.
Эрегиш менен кийишип,
Келиндер эркин ойношуп,
Кумардан чыгып күлүшүп,
Башы бостон болгон соң,
Баскан адам жыргайбы?
Баштагы салтын таштабай
Келини каныш турбайбы.

Кызгалдактай кийинип,
Кымбаттыгы билинип,
Кыз кийбесе уят деп,
Уят сөз кайда сыят деп,
Беш күндүк мейман үйүндө
Мейман болуп турат деп,
Кыз балдар бизге мейман деп
Кийимин таза кийгизип.
Кызды бакса жыргайбы?
Кылып келген салтында
Кыздары каныш турбайбы.

Баласындай кийгизип,
Пайдасын артык тийгизип,
Кубанычы артык болсун деп,
Кулдарга ишин билгизип,

304.
Башында алган табышып,
Бала ордуна багышып,
Бала кылып алам деп,
Байбичесин жылгызып,
Караны төрө кылган соң
Кара жаның жыргайбы?
Кубаныч кылып жыргаган
Кулдары мурза турбайбы.

Келиндей болуп багылып,
Келишкен дөөлөт табылып,
Келеңгер чачбак салынып,
Күндөрү каныш турбайбы.

Жыргал жакшы жол экен,
Жыргап жаткан эл экен.
Жыргалдуу жерден айрылган
Жалгыз шордуу мен экем.

Жайлоосун көр да, чөлүн көр,
Жайкалып чыккан чөбүн көр.
Жалпы кыргыз элин көр
Сары-Өзөн, Талас жерин көр.

Карысын көр да, жашын көр,
Аягын көр да, башын көр.
Телегейи теп тегиз
Шербетин көр да, ашын көр.

Каргасын көр да, кушун көр,
Жайлоосун көр да, кышын көр.
Келбети жандан башкача
Келинин көр да, кызын көр.

Өлөңүн көр да, сазын көр,
Өрдөгүн көр да, казын көр.
Тулаңын көр да, сазын көр
Чүрөгүн көр да, казын көр.

Тоодон түшкөн суусун көр,
Тоодагын көр да, куусун көр.
Өзөндөп аккан суусун көр.
Өрдөк, чүрөк, куусун көр.

305.
Бөксөсүн көр да, оюн көр
Бөкөнүн көр да, коюн көр.

Айыл сайын тамаша
Айт, арапа, тоюн көр.

Адырын көр да, оюн көр,
Аркарын көр да, коюн көр.
Болжоп көрсөм чети жок
Болуп жаткан тоюн көр.

Көдөөсүн көр да, чийин көр,
Көркөм кылган үйүн көр.
Келишими башкача
Кедейин көр да, бийин көр.

Жакырын көр да, байын көр,
Малынын семиз жайын көр.
Бейбечара жердээрге
Эгин эгер жайын көр.

Аягы Талас, башы Чүй
Жер соорусу турбайбы.
Жергесинин ичинде
Жердеген адам тунбайбы.

Жерине көчүп келбесе,
Жетимди Кудай урбайбы.
Темир хандын шаарына
Тентип барган өзүм деп.
Элимдин четин көргөндө
Эми толду көөнүм деп.

Ак-Суу менен Таласты,
Атпай кыргыз алашты.
Кара-Буура, Чаткалды,
Кайнар менен Кең-Колду,

306.
Төш жагында Төрткүлдү,
Төмөн жагы Мазарды,

Аны да көрдү эр Семең.
Аянбаган эр немең.

Каныкей айткан баары чын,
Карап турду эр Семең.
Капалыгы жазылып,
Калкын көрүп эр немең.

Каныкей кылган Ак сарай,
Касиети бир далай.
Айга баккан Ак сарай
Аңгемеси бир далай.

Күнгө баккан Көк сарай
Күйүтү өткөн бир далай.
Муну да көрдү эр Семең.
Муңканбаган эр немең.

Армандуу жетим канетсин
Не кыларын биле албай,
Өткөн ишке өкүнүп,
Өбөктөп жатып өкүрүп.

Оң бөйрөгүн таянып,
Ойронум атам деп ыйлап.
Ойлонуп өткөн заманын
Андан бетер бек ыйлап.

Сол бөйрөгүн таянып,
Султаным атам деп ыйлап,
Күйүтүн жетим басалбай
Күйгөнүнөн көп ыйлап.

Капалыгы жазылбай,
Кардыгып үнү ачылбай.
Хан атам көрбөй калдым деп,
Какшап ыйлап басылбай

307.
Кыямат кеткен атамдын
Кызматын көрүп жыргабай.
Кылча жаным аябай
Кызыгында ыйлабай.

Ашын өзүм таратып,
Арбагын жакшы сыйлабай.
Арманын айтып Семетей
Өксүп жатты бир далай.

Кантейин тагдыр ушул деп,
Капалыгы жазылды.
Өткөн ишти ойлонуп,
Өкүрүп Семең басылды.

Сарайын көрдү таңданып,
Сарамжалга таң калып.
Сарайын көрсө эр Семең
Сандырганын баары бар.

Баш жагында падыша
Баатыр Манас ханы бар.
Бажырайып алдында
Падыша Бакай кары бар.
Кылымды билген султандын
Кырк чоросу дагы бар.

Аккуласын мингизип,
Ак олпогун кийгизип,
Асыл Манас султандын
Арбагын журтка билгизип.

Алмамбет, Чубак алдында.
Ажыбай, Сыргак жанында.
Кыргын чалы башында,
Кырк чоросу кашында.

308.
Сүрөтү турат, өзү жок,
Сүйлөшүп айтар сөзү жок.
Кыямат кеткен Манастын
Кылчайып келер кези жок.

Кылычы турат, кыны жок,
Кылганы турат, өзү жок.
Саадагы турат, кыны жок,
Сайганы турат, өзү жок.

Кылычында мөөрү жок,
Кылганында өөнү жок.
Кыямат кеткен эр Манас
Кылчайып келер көөнү жок.

Саадагында мөөрү жок,
Сайганында өөнү жок.
Сапарга кеткен Манастын
Саятка келер көөнү жок.

Сүрөтүн көрүп кубанып,
Сымбатын көрүп жактырып.
Чоросун көрүп кубанып,
Бакайын көрүп жактырып.

Санжап менен Каныкей
Койгон экен жаздырып.
Күмбөзүн көрүп таңданып,
Энекем асыл киши деп.
Азапта менин жаштыгым
Алланын кылган иши деп.

Капалыгы жазылып,
Кардыккан үнү ачылып,
Хан баласы Семетей
Кайрат кылды басылып.

309.
Өкүрүгү басылып,
Умачтай көзү ачылып.
Кантейин тагдыр ушул деп,
Капалыгы жазылып.

Бала төрө эр Семең
Басалгалуу эр немең.
Карабастан ордого,
Кайрылбастан жоргого,
Сандыргалуу хан Темир
Кармап берген молдого.

Алты жашта кат окуп,
Кат окуса бат окуп.
Тартынбастан дарс окуп,
Дарс окуса жат окуп.

Талап кылып жашында
Тартынбастан окуган.
Сабагын сайрап үйрөнүп,
Сабаты чыккан окуудан.

Кубаныч кылып Таласка,
Куран окуп Манаска.
Сагындым, келдим калкыма
Жалпы кыргыз алашка.

Улугу элге урматтуу,
Ургачысы сымбаттуу.
Карысы калкка кадырман
Калкынын баары даанышман.

Жигиттери сыпаттуу.
Уландары уяттуу,
Келиндери келбеттүү.
Кемпирлери сөөлөттүү

310.
Кыз балдары кыялдуу,
Боз балдары борумдуу.
Айткан сөзү орундуу.
Алаштан көрдүм сонунду.

Болуп келген түбүнөн,
Наркы жакшы турбайбы.
Боруму менен жыргаган
Салты жакшы турбайбы.

Жыргап жаткан көп кыргыз
Калкы жакшы турбайбы.
Кулун, бийин билгисиз
Жалпы жакшы турбайбы.

Жумуру баштуу калкынын
Жүргөнү калыс турбайбы.
Байбичеси сымбаттуу,
Күндөрү каныш турбайбы.

Калкынын баарын жыргаткан
Атам жакшы турбайбы.
Жалпы кыргыз тууганым
Катар жакшы турбайбы.

Жети-Суу, Талас, Эркин-Тоо
Жери жакшы турбайбы.
Элет кыргыз көчмөндүү
Эли жакшы турбайбы.

Эр Семетей султаның
Элин көрүп кубанып,
Жетиммин деп ойлобой
Жерин көрүп сүйүнүп.

Эми Бакайды таап алам деп,
Абама кеңеш салам деп.

Арамдардын колунан
Калкымды кайрып алам деп,
Бастырып чыкты даңданып,
Бала төрө шаңданып.

311.
Жолго салып эр Семең,
Келе жаткан кезинде,
Башка нерсе ойлобой
Баатыр Бакай эсинде.

Семетейдин жолунда
Жалгыз кызыл нар турат.
Кызыл тармал койкойгон
Кырка сонун мал турат.

Кара малдан бек сонун
Кандай жандын төөсү деп,
Калың кыргыз калкымдыр
Кызыл нардын ээси деп.

Айдап алды эр Семең
Аянбаган эр немең.

312.
Кызыл куйрук нар айдап,
Акырын аста жай айдап,
Келе жатса султаның
Кенебеген шумпайың.

Байдын уулу эр Бакай
Камкатайдан кеп угуп,
Бастырып чык деп жолунан
Балаң келет деп угуп.

Сүйүнүп жүрөк болкулдап
Бүткөн бою солкулдап.

Тосуп жүрүп султанды
Ырдап коёт коңкулдап.

Жалгызым аман келер деп,
Тилекти Кудай берер деп,

313.
Манастан калган жалгызым
Өлбөсө Бакай көрөр деп.
Боз бууданын чайпалтып,
Ак сакалын жайкалтып.

Боз бууданы шалкылдап,
Ак сакалы жаркылдап.

Төөсүн айдап шылкылдап,
Аста жүрүп былкылдап.
Арманын айтып эр Бакай
Анда-санда кыңкылдап.

Жетимчем келип калар деп,
Жолун тосуп кыркырлап.

Карап жүргөн кезинде,
Эр Семетей эсинде.

314.
Алыстан көрүп караанын
Карап турган кезинде.
Алда-кандай адам деп,
Саанап турган кезинде.

Манастын уулу эр Семең
Басалгалуу эр немең.

Бакай эмей кимсиң деп,
Байкап алды жонунан.

Баатыр Бакай кез болуп,
Каршы чыкты жолунан.

Баатыр Бакай абам деп,
Бала туйгун султаның.
Баштан-аяк Бакайдын
Баркын билген шумпайың.

315.
Сандыргалуу эр Семең
Салам айтты оозунуп.
Хан Бакайды таптым деп,
Как алдымдан кошулуп.

Алик алды эр Бакай
Олурайып бек карап.
Душманбы деп, элби деп,
Бир карабай көп карап.

Балам, кайдан келдиң деп,
Мага салам бердиң деп.
Баатыр Бакай кеп салды.
Кеп салганда деп салды.

Алда кандай адамсың,
Айдан келген бламсың?

316.
Атың чарчап ыргайдай,
Өзүң чарчап торгойдой.
Алыстан келген баламсың,
Балам, кайда барасың?

Бакай шору каткалы
Шору катып жаткалы.

Баатырым Манас өткөлү
Баркым журтка кеткели,
Манасымдан айрылып,
Башыма балаа жеткели.

Жатуучу элем жабыркап,
Жалгыз адам көрбөстөн.
Алды каткан Бакайдын
Алдына адам келбестен.

Көргөн күнүм курусун,
Көп жашадым өлбөстөн.

317.
Туш-тушуңдан караймын,
Туйгунбу деп санаймын.

Туйгун куштай сының бар,
Туйгунум болор ыгың бар.
Айланайын чырагым,
Айтып берер чының бар.

Жан-жаныңдан караймын,
Жаркыным деп санаймын.

Жагалмай куштай сының бар,
Жаркыным болор ыгың бар.
Жабыр көргөн Бакайга
Жашырбай айтар чының бар.

318.
Өткөн түнү байбичем
Түндө жатып түш көргөн.
Жалгызың келип калды деп,
Түшүндө аян иш көргөн.

Сүйүндү эле жүрөгүм
Берер деп Кудай тилегим.
Жалгызым келип калар деп,
Жолун тосуп жүрөмүн.

Тентип кеткен жалгызым,
Он үчкө жашы толду эле.

319.
Атасын тарткан эр болсо,
Келер кези болду эле.
Окшоштурам көзүңдү
Оозуңдан чыккан сөзүңдү.

Секетиң кетип калайын
Семетей чыкпайт эсимден.
Семетей эмей кимсиң деп,
Ойлонуп турам өзүңдөн.

Карылыгым айнытып,
Кара көздү кал баскан.
Азабым аштай каткандан
Ак сакалым чаң баскан.

320.
Чырагым болуп жүрбөгүн,
Чыныңды айтып бергин деп.
Чырагым жалгыз сен болсоң
Чын сөзүңдү көрдүм деп.

Жалгызым, сени көрсөм деп,
Сагынып жүрүп өлдүм деп.
Садагаң кетип калайын
Самаган кезде келдиң деп.

Байкадым балам, сыныңды,
Айтып бергин чыныңды.
Айтып берсең чыныңды
Кандырасың кыбымды.

321.
Мен тумшугу жок Бакаймын,
Туйгунга жаным атаймын.
Жалгызга карасам
Канетем Бакай жашаймын.

Деп ботодой үнү басылбай
Боздоп кирди эр Бакай.
Болуп өткөн заманын
Козгоп турду эр Бакай.

Бакайдан бул сөз чыкканда,
Бакырган үнүн укканда,

322.
Эр Семетей кеп салды,
Кеп салганда деп салды.

Кара көзүң калбайып,
Какшап жүрсөң мен үчүн,
Ак сакалың чаң басып,
Азап тартсаң мен үчүн,

Айланайын абаке,
Арзып келдим сен үчүн.

223.
Атпай алаш эл үчүн,
Ак-Суу, Талас жер үчүн,
Арзып келдим Кырымдан
Абаке Бакай, сен үчүн.

Качып кеткен жалгызың
Кайрылып келдим калкыңа.
Калың кыргыз уругу
Бийиң эмес жалпыңа.

Кара жаным өлбөсө
Кара болом артыңа.

324.
Чын Семетей келдим деп,
Чырагың сенин кашыңа.
Чындап жаным кашайды
Көздөн аккан жашыңа.

Эргидим элге келдим деп,
Эр Бакай сенин кашыңа.
Аябай жаным кашайды
Көздөн аккан жашыңа.

325.
Каныкейден кабарың
Угуп келдим деп айтты.
Хан Темирдин калкынан
Чыгып келдим деп айтты.

Чыйырдыдан кабарың
Угуп келдим деп айтты.
Чын Темирдин калкынан
Чыгып келдим деп айтты.

Семеңден бул сөз чыкканда,
Баатыр Бакай укканда,
Аңгемеси арбыды,
Бозбуудандан каргыды.

Кучактап алып көрүшүп,
Коргошундай эришип,
Аябай арман айтышып,
Арманын айтып эр Бакай,

Хан Манастан айрылып,
Калганын айтып эр Бакай,
Каныкей менен Чыйырды
Семетейди көтөрүп,
Хан Темирдин шаарына
Барганын айтып эр Бакай,

Шүкүр, балам, келдиң деп,
Нур жүзүңдү көрдүм деп.
Айланайын кулунум,
Маңдайымда маанайым

Алда Таала кудурет
Бүтүп берген таалайым.
Найзадан калган желегим,
Баатырдан калган белегим.

Баркымды билген падыша
Манастан калган жөлөгүм.
Сооттон калган кыягым
Манастан калган туягым.

Каныкей аман барбы деп,
Кагылайын чырагым.

326.
Жакамда кемчет кундузум.
Төбөмдө чолпон жылдызым.
Атпай кыргыз калкыма
Ата болор жалгызым.

Семетей, сенин жашыңдан
Толуп жатат арманым.
Кайсы бирин айтайын,
Айтармын кийин калганын.

Төө курусун турсун деп,
Төө болсо. балам, турар деп.
Көргөн жерде келбейт деп,
Эрте кабар бербейт деп,

Сагынып калган Камкатай
Байбичем уят кылар деп.
Байбичем уят кылган соң
Бакайдын шагы сынар деп.

Айыл жакын бу жерде
Аркамдан балам келерсиң.
Сагынып турган Камкатай
Апаңдын жүзүн көрөрсүң.

Үч күн болду жол карайт
Үшкүрүп сени көп санайт.
Сүйүнчүгө барам деп,
Сүйгөнгө кабар салам деп,

Байбичеме барам деп,
Балдарга кабар салам деп,
Элечегин кемпирдин
Башынан жулуп алам деп.

Бакай кетти каргытып,
Аңгемесин арбытып.
Тебетейин колго алып,
Этеги кеткен жайылып.

Арбытып буудан жоргосун
Аягы жерге сайылып,
Бакай келет бакырып,
«Байтайлак» деп чакырып.

327.
Бакырыкты уккан соң,
Бакайдын үнү чыккан соң,
Жоо келди деп дүргүшүп,
Анча-мунча үркүшүп.

Алда-кандай душманга
Калганбы деп кабылып.
Айыл-апа чогулуп,
Алдынан чыкты жабылып.

Кейип жүргөн андан көп,
Кетебиз деп жабылып,
Бозбууданын жулкунтуп,
Туягын жерге мылгытып,

Сүйүнчү деп көп айтып,
Түшүнсүн деп бек айтып.
Бакай келди чартылдап,
Басылбастан шартылдап.

Көздөн жашы куюлуп,
Ак сакалы жаркылдап.
Сүйүнчүмдү берсин деп,
Сүйүнгөндү көрсүн деп.

Жандап өтүп эр Бакай
Камкатайдын кашынан,
Элечегин кемпирдин
Жулуп алды башынан.

Кеткенимдин керээзи
Эр Манастын мурасы.
Эрмегим жалгыз келди деп,
Келгенин көзүм көрдү деп.

Арманы көп Бакайга
Анык Кудай берди деп.
Бакайдан бул сөз чыкканда,
Сүйүнчү кабар укканда.

Жалгыз жетим келди деп,
Жандын баары сүйүнүп,
Элдин ээси келди деп,
Элдин баары сүйүнүп,

Сүйүнгөндөн ыйлашып,
Жандын баары жыргашып,

328.
Карылар ыйлап буркурап,
Катын-бала чыркырап,

Калктын баары хан Манас
Жаңы өлгөндөй чуркурап.

Абышка ыйлап аяндап,
Арманын айтып баяндап.
Кемпирлер ыйлап кемшиңдеп,
Жалгыз жетим келсин деп.

Жалпы журттун ээси
Жалгызга Кудай берсин деп.
Сүйүнгөндөн кубанып,
Жыргап жүргөн андан көп.

Кубанганга чыдабай
Ыйлап жүргөн андан көп.
Байтайлак чаап алдынан
Баштап келди султанды.

Келди жалгыз болду деп,
Кемпирлер ыйлап муңканды.
Камкатай турган камынып,
Жалгызым деп жалынып,

Карматып келип сойдуруп,
Караторпок кестирип,
Кара улак союп кактырып,
Өпкөсүн алып чаптырып.

Ак боз бээ алдырып,
Азыр түлөө чалдырып,
Кожонун кызы Жезбилек
Байтайлактын зайыбы.

Сарамжалы башкача
Өзүндө жок айыбы.
Ачкыл жандуу чунак деп,
Ачкылга чунак ынак деп.

Суусун жандуу чунак деп,
Суусунга султан ынак деп.

329.
Алтын ооз аркыттан
Арак куюп сундуруп.
Жолдоп келген жетим деп,
Аябай берип тундуруп.

Самабарга чай коюп,
Тамак-ашын жай коюп.
Казы кертип, жал коюп,
Кант аралаш бал коюп,

Сарамжалын күчөтүп,
Дасторконун түзөтүп,
Кожонун кызы Жезбилек
Конокту жакшы күзөтүп.

Дабан ашып, таш басып,
Чарчап келген султан деп,
Медиан чөлдө чаң жутуп,
Чаңкап келген султан деп

Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Жол жүргөндө мол жүрүп,
Атта чарчап келгендир.
Уктап уйку алсын деп,

Чарчап келген жетимдин
Уйкусу мыктап кансын деп.
Төшөк салып жаткызып,
Шам жандырып башына,

Таң атканча Жезбилек
Карап турду кашына.
Таң саргарып атканда
Тараза жылдыз батканда,

Соопко белин байлаган,
Сопулар азан айтканда,
Кожонун кызы намазкан
Даарат алып жуунуп,

Шайыдан кылган ак жоолук
Келтирип башын буунуп,

330.
Төрт ирекет намазын
Түгөл окуп, кол жайып,
Бата кылды Жезбилек
Алаканын мол жайып.

Анын арка жагынан
Манастын уулу эр Семең
Даарат алып жуунуп,
Намазга кирди эр немең.

Намазын окуп болгон соң,
Бата кылып койгон соң,
Саамал ичип чайланып,
Тамак ичип жайланып,

Баатыр Бакай кеп салды,
Кеп салганда эп салды.
Айланайын кулунум,
Кебимдин түбү узак деп,

Эки арам кууп элиңден
Бутума түшкөн тузак деп.
Падышам Манас өлгөндөн
Бакайга жабыр келген деп,

Карылыктын айынан,
Жалгыздыктын жайынан,
Хан Темирдин калкына
Качып кеткен сен болдуң.

Калка кылар Манас жок
Кадемсиз Бакай мен болдум.
Темир хандын шаарына
Тентип кеткен сен болдуң.

Теңдигимден айрылып,
Телмирген Бакай мен болдум.
Айланайын кулунум,
Айрылдым Бакай элимен.

Нары-бери өткөндө
Арамдар басат белимден.
Армандуу Бакай кантейин
Ажырап калдым жеримден.

331.
Манастан мурун мен өлбөй,
Же Алмамбет менен тең өлбөй,
Чубактан мурун мен өлбөй,
Же Сыргак менен тең өлбөй.

Кечээ казатка төрөм барганда,
Каңгайга бүлүк салганда.
Хан Коңурбай төрөмдү
Айбалта менен салганда,

Манаска ажал жеткенде,
Бакайдан дөөлөт кеткенде,
Аккула окко учканда,
Алмамбет шейит кеткенде,

Шейит болгон казатта
Хандары күбө жасатка.
Шейиттер менен тең өлбөй
Хан Бакай калдым азапка.

Шейит болгон казатта
Чороңдун жайын айтайын.

Чородон калган топ жетим
Жороңдун жайын айтайын.

Алмамбет менен Чубагым,
Ажыбай менен Сыргагым,
Армандуу дүйнө, кантейин
Адамдан башка ынагым!

Кырктын башы Кыргыным,
Кыркында көпкөн дыңгылым.
Калкаман менен Мурадил,
Калдар менен Жайнагым,

Акбай, Мамбет, Сейитим
Жоодон өлгөн шейитим,
Ак күмбөздүн жанынан
Көрсөтөм, балам, бейитин.

Кошой, Бообек, Серегим
Кол тартпаган берeним.

332.
Арзым менен Чалыбай,
Жоруп, Төлөк, Боручум
Төрөм Манас барында
Бир туугандай көрүчүм

Казатка барып кан төгүп,
Өлгөн чороң мына ушул.
Кең-Колдогу мазарга
Көмгөн чороң мына ушул.

Чородон калган топ жетим
Балдарын айтып берейин.
Өлгөндөр өлдү арман көп,
Калганын айтып берейин.

Арамдардын жанында
Алмамбеттин Мажик бар.
Тим айткан сөзү уруштай
Тил албаган тежик бар.

Көбөш келип капканда,
Манастын айлын чапканда,
Көбөштөн коркуп озунган
Кырк чорого кошулган.

Башкасы менин колумда,
Балдарды багып жаттым деп,
Жетимдерди багам деп,
Азабым аштай каттым деп,

Топ жетим мында келгин деп,
Төрөңдүн жүзүн көргүн деп.
Көрсөттү Бакай баарысын,
Көрком кылып багышын.

Балдарды султан көргөндө
Бакайдын билди калысын.
Бул атаңдан калган чороң деп,
Армандуу жетим жороң деп.

Баарысын байкап алгын деп,
Башкарып жолго салгын деп,
Айланайын кулунум,
Бул Чубактын уулу Турсунбек.

Чубактын уулу өзүндөн
Канетип көңүл бурсун деп.

333.
Бул Серектин уулу Тыныстам
Качпас деп балам кылычтан.
Манастап ураан чакырып,
Башын тартпас уруштан.

Бул Ажыбайдын Үрүстөм
Айныбас балам жүрүштөн.
Башын тартпас өлөм деп
Майданга чунак кириштен.

Бул Кыргынчалдын Орозу
Кырк чоронун корозу.
Балам, сенин өзүңө
Жолдош болчу чоро ушу.

Бул Сыргактын уулу Зирегиң
Сен үчүн багып жүрөмүн.
Атасы Сыргак эр эле
Анык жайын билемин.

Бул Калкамандын Чынасыл
Чынардай болгон бир асыл.
Бул Калдардын уулу Мурадил
Калк ичинде бир адил.

Акылга дыйкан даанышман
Айткан сөзү бек далил.
Бул Жайнактын уулу Жашайдар
Жайлаган сөзгө маш Айдар.

Жаманчылык күн түшсө
Жан аябай бел байлар.
Бул Сейиттин уулу Керкөкүл
Тартынбаган эр Көкүл.

Казатта тиер пайдасы
Кара чаар шер Көкүл.
Бул Бообектин уулу Жанышың
Айткан сөзгө калысың.

Көп казатка киргенде
Көрөрсүң мунун намысын.

334.
Бул Кошойдун уулу Өмүрүң
Колдосун балам, Теңириң.
Оёндон калган жетимче
Оорутпас, балам, көңүлүң.

Бул Мамбеттин уулу Камбарың
Басалгалуу далдалың.
Кайраты бар көрөрсүң
Казатта намыс алганын.

Бул Чалыбайдын уулу Жанкара
Жан аябас эр бала.
Сыпаты башка адамдан
Сынга толук бир сара.

Бул Арзымдын уулу Курама
Өзү молдо улама.
Баркын билсең чунагым
Баатырлыгын сураба.

Бул Акбайдын уулу Байдалы
Адамдан башка айлалуу.
Байдалыдан көрөрсүң
Семетей балам пайданы.

Бул Мурадилдин Төлөгөн
Батасын алган төрөдөн.
Кыйладан бери буларды
Кызыр бабам жөлөгөн.

Айланайын кулунум,
Баатыр болчу чороң бул.
Тосурайган топ жетим
Манастан калган жороң бул.

Калкыңды көрдүң арман жок
Капалык сенде калган жок.

Элиңди көрдүң арман жок,
Эч арманың калган жок.

335.
Калкын аман көргөн соң,
Капалык ойдо калчу эмес.
Капалыкты эр жигит
Капарына алчу эмес.

Элин аман көргөн соң,
Эч арманы болчу эмес.
Эр азамат өткөндү
Эсине алып койчу эмес.

Абакең Бакай эр турат,
Атпай кыргыз эл турат.
Жергеси менен жыргаган
Жети-Суу, Талас жер турат.

Атаң өлсө өзү өлдү
Сөзү жерде калган жок.
Элиңдин ээси сен келдиң
Эли жерде калган жок.

Элиңди алган эки агаң,
Башка киши алган жок.
Абакең Бакай шордуунун
Айтканында жалган жок.

Айланайын кулунум,
Арманың жок өзүңдө.
Абакең Бакай кантейин
Айып барбы сөзүмдө?

Падыша Манас султандын
Арбагы турат эсимде.
Арбактуу атаң төрө деп,
Төрө атаң журтка сере деп.

Арбагына мал соём
Ак сарайга жөнө деп.
Бата кылып багыштап,
Мал соём деп Манаска.
Элди, журтту чогултуп,
Эт берем деп алашка.

336.
Жан калба деп үйүңдө
Жар чакырып, чартылдап,
Айтып өттү элине
Баатыр Бакай шартылдап.

Семетейди ээрчитип,
Жаш жетимди телчитип,
Бээ коштотуп, кой айдап,
Барды Бакай сарайга.

Эр Семетей келди деп,
Даңкы кетти далайга.
Барса күмбөз башында,
Ак сарайдын кашында,

Манастан калган «чал» буура.
Жашка толгон шал буура.
Манастан калган куу иңген,
Тууттан калган туу иңген,

Асыйы кыркка барыптыр,
Аябай ылжып карыптыр.
Ак сарайдын жанына
Чөгүп жатып калыптыр.

Манастан калган чал буура,
Малдан асыл куу иңген,
Манаска мени сойсун деп,
Багыштап союп койсун деп.

Жараткан Кудай бергенин!
Жаныбардын келгенин!
Деп баатыр Бакай сүйүндү
Тилегим кабыл болду деп.

Манастан калган бир жалгыз
Улутуна конор деп,
Баатыр Бакай кеп айтып,
Кеп айтканда деп айтып,

Башынан бери өзүмдүн
Болуп жүргөн өнөм деп.
Семетей балам келгенге
Кылып жаткан түлөм деп

337.
Падышам Манас султанга
Багыштаган малым деп.
Малым турсун Манаска
Азыр даяр жаным деп.

Келтирип Бакай мазарга
Кемегени ойдуруп,
Чалбуура менен иңгенди
Манаска атап сойдуруп.

Айры өркөчтөн төө союп,
Ай туяктан бээ союп,
Эчкини коюп, кой союп,
Семетейге той союп.

Кебин айтып өткөрүп,
Келген элге эт берип.
Батасын алып баарынан,
Жашка толгон карыдан,

Эми баатыр Бакай кеп салды.
Кеп салганда деп салды:

Семетей балам, угуп тур,
Секин айтар кебим бар.

Секетиң кетип калайын
Кебимди угар эбиң бар.
Чоң атаң менен эки агаң
Чогоолдугу бар эле.

Кечээ чоң Манастын тушунда
Даркан өскөн жан эле.
Арага адам жибербей
Үстүнө баса баралы.

Өң көргөндө жүз таят,
Өзүнөн жооп алалы.
Хан Жакып болсо карыган
Баштагы пейли тарыган.

Илгерки сотту ойлобой,
Иттей жаман алжыган.

338
Көбөш болсо көр эле,
Көр турсун кара жер эле.
Абыкеде айып жок,
Абыке жөнгө салар деп.

Семетейди ээрчитип,
Бакай жолду баштады.

Бакайдан масаат кеп угуп,
Баатыр Семең шашпады.
Жолго түшүп каргытып,
Жол жүрүшүн арбытып,

Жакып хандын айлына
Жакын калган кезинде,

Жайын билген Бакайдын
Жана бир сөз эсинде.

Мен Жакыпка барам деп,
Барып кабар салам деп.
Дүлөй чалды дүргүтүп,
Сүйүнчүлөп барам деп.

Сүйүнчү берсе дүлөйдөн
Сүйгөнүмдү алам деп,
Сүйүнбөсө ит чиркин
Сөзүнөн чалгын чалам деп.

Аста секин аяндап,
Аркамдан келгин балам деп.
Барайын деп чиркинге
Бакай кетти каргытып.

Алдынан барып өтөм деп,
Аярлыгын арбытып,
Барса Жакып керсейип
Олтуруптур үйүндө.

Малакай бөркү башында,
Бакдөөлөтү кашында.

339.
Бакай барды жаркылдап,
Баштагыдан шартылдап.
Сүйүнчү Жакып ханым деп,
Сүйүнө турган чагың деп.

Сүйүнчүлөп кеп айтып,
Дүлөй чалга бек айтып.
Кечээ тентип кеткен чырагың
Семетей келди деп айтып.

Жакып менен Бакдөөлөт
Сүйүнө турган кезиң деп.
Сүйүнчүмдү бат бергин
Тартынасың несин деп.

Бакай айтып турганда
Ушул сөздү урганда,
Жакып хан пикир ойлонуп,
Тескери карап толгонуп,

Канча түрлүү ойлонуп,
Кара кашка жойлонуп,
Карсылдап Жакып күлгөн соң
Хан Бакайды сүйгөн соң,

Жакыпка жакпай сүйүнчү
«Болсун Бакай, болсун!»- деп,
Баламды бачым алып кел,
Көрүп көзүм толсун деп.

Мындан кийин дос, душман
Айткан сөзүн койсун деп.
Бачым Бакай, баргын деп,
Сүйгөн балам келиптир.
Сүйүнгөнүм көрсүн деп.

Эр Бакайды жөнөтүп,
Эми Жакып кеп салды.
Чоң байбичем Бакдөөлөт
Сөзүмдү уккун деп салды.

Кулагы жок дүлөй чал
Сөз баштады октолуп.
Сөзүн угуп эр Бакай
Тыңшап калды токтолуп.

340.
Дүлөй чалың дүкүлдөп,
Сөз баштады күпүлдөп.
Кулагы дүлөй бек айтып,
Бек айтканда деп айтып.

Жойпуланган чубут кул
Кеттиби Бакай, байбиче,
Кетсе Бакай сөзүмдү ук,
Кеп айтайын билгизе.

Секин жүрүп билинбей,
Семетей келип калыптыр.
Башынан бузук ит Бакай
Баланы колго алыптыр.

Балаң келди дегенсип,
Мага кабар салыптыр.
Бул кара тумшук жайрагыр
Каныкейден кеп уккан.

Хан Жакыптын тукуму
Жакшылык кылбайт деп уккан.
Бул узабагыр өлбөсө,
Уят кылат балдарды.

Колу жетсе кор кылат,
Үйдө жаткан чалдарды.
Ушул сөздү билбеген
Акылы жок жан барбы.

Өжөр жетим соо турбайт.
Өлмөйүнчө тынбайт деп,
Абыке менен Көбөшкө
Эч жакшылык кылбайт деп.

Тилимди алгын байбиче,
Тийгизип айттым билгизе.
Каныкей какшап жетимге
Айткандыр сөзүн күйгүзө.

Жаш жайрагыр жетилген
Жакшылык келбейт жетимден.
Каныкей долу азгырган
Каршы чыгат бетимден.

341.
Мен бура салган бузуктун
Жоготкомун далайын.
Таза аарчыган пияздай
Тукумун үзүп салайын.

Култуңдаган Бакайдан
Кутулуп жатып калайын.
Баягы өзүм иччүүдөн
Ит Бакайга бал бергин.

Аракка чылап аябай
Семетейге уу бергин.
Бал ичип Бакай кубансын,
Уу ичип жетим куласын.

Кутулайын бир жолу
Узунунан суласын.
Байбичем, бачым тургун деп,
Ушул ишти кылгын деп,

Бакай жезит келгенче
Даяр кылып тургун деп.
Жакыптан бул сөз чыкканда
Бакдөөлөт муну укканда,

Секирип кетти «көтөк!» деп,
Жеткир чал түпкө жетет деп.
Алдына салып балдарды
Айдаган бойдон кетет деп.

Өз баланды өлтүрсөң
Өжөрдө сендей хан болбойт.
Келгенди кетип жоготсоң,
Кесепет сендей чал болбойт.

Ууңду, Жакып, чылабайм,
Айтканыңа ынабайм.
Чыласаң өзүң чылагын
Мен чылаганга чыдабайм.

Кесириң тиет балдарга,
Жаңы өспүрүн жандарга.

342.
Кабарың кетет хандарга,
Канча түрлүү жандарга,
Карыган кезде соолбой
Каргашаң тиет балдарга.

Ушак сөзүң угулат,
Өзүң теңдүү чалдарга.
Бул сөзүңдү койгун деп,
Бакдөөлөт айтып турганда

Кесепет сенде Жакып деп,
Ушу сөздү урганда,
Келгендер калса кетилип,
Кетпейт деп ишиң жетилип.

Кейип ыйлап өкүнүп,
Бакдөөлөт ыйлап турганда,
Кылычын кындан суурул,
Бакдөөлөттү кууруп,

Жакып турду шартылдап,
Бакдөөлөткө чартылдап.
Азыр сени соём деп,
Союп таштап коём деп.

Сенден өчүм алам деп,
Күңдү жайлап салам деп.
Кара тумшук кан кускур
Качан менин балам деп?

Кылычын алып колуна
Оолугуп Жакып турганда,
Күңдү жайлап таштайм деп
Ушул сөздү урганда.

Чыдай албай Бакдөөлөт
Айтканына ынады.
Өлтүрөм деп турганда
Ургачы кантип чыдады?

Аябастан келтирип,
Аракка ууну чылады.

343.
Баатыр Бакай пайпастап,
Жакып ханды сынады.
Жалгызыма Жакыптын
Анык деп муну кылары.

Угуп турган эр Бакай
Эми түштү жолуна.
Каргашалуу Жакыптын
Түшпөсмүн деп торуна.

Жолдон тосуп султанга
Кайтып барды эр Бакай.
Уккан көргөн жоругун
Айтып барды эр Бакай.

Атаң Жакып жеткен чал
Акыл эси кеткен чал.
Балам, сага түз эмес
Башына балда жеткен чал.

Уялбастан айтканын
Угуп турдум эшиктен.
Жакып ханда жок экен
Кенедей болгон кешик деп.

Канетер айла таба албай
Капа болуп кансырап,
Айтып өттү далай сөз.
Атаң Жакып алсырап.

Мен ичүүчү беркиден
Мага койду бал чылап,
Өлтүрсөм дейт өзүңдү
Кара жанын камчылап.

Ыйлап турдум укканда
Көздөн жашым тамчылап.
Балам, сага берем деп,
Уу чылады келтирип,

Тим жүрбөгөн жетимди
Тынамын деди өлтүрүп.

344.
Сөзүмдү алгын оюңа,
Этиет болгун боюңа.
Мага куюп бал берет.
Балам, сага уу берет.

Бакайың жолду баштаймын,
Балын ичип таштаймын.
Ичпегин балам, бергенин
Ичсең балам өлгөнүң.

Кесепеттүү Жакыптан
Көргүлүктү көргөнүң.
Жакыпка сунгун ата деп,
Атамдан алам бата деп.
Атамдан мурун ичкеним
Шариаттаката деп.

Энеңе сунгун апа деп,
Апамдан алам бата деп.
Апамдан мурун ичкеним
Шариатта ката деп.

Кагылайын кулунум,
Калбасын сөзүм айтылбай!
Кемпир, чалга келтирип,
Бергенин сунгун тартынбай!

Экөө тең ичпейт сунганда,
Эңилип сунуп турганда,
Атаң ичпейт алдырап,
Энең ичпейт эндиреп.

Манастан баштап бир сөздү
Айтып турар жалдырап.
Айтканымды ойлогун
Ага да макул болбогун.

Ичпеген соң ата, энең
Итке куюп бергин деп.
Соо өлбөгөн Жакыптын
Шумдугун, балам, көргүн деп.

345.
Жаш жетимди телчитип,
Жайын айтып ээрчитип,
Хан Жакыптын үйүнө
Бакай келди чартылдап.

Балаң келди Жакып деп,
Айтып сөзүн шартылдап.

Салам айтып эр Семең,
Тартынбаган эр немең,

«Аманбы?»- деп, ата-энем,
Эр Семетей келгенде,
Шүкүр, балам, шүкүр деп,
Султанды Жакып көргөндө

Бакдөөлөт менен Жакып хан
Басып калды балам деп.
Балам келип калат деп
Бар беле менин санаам деп,

Кара каска кууланып,
Камсыгып ыйлап өкүрүп,
Жашында сүйбөй калдым деп,
Жакып хан ыйлап өкүнүп,

Каныкейге чок таштап,
Кашкөйдүн кылган иши деп,
Эрмегим жалгыз Семетей
Энең жайсыз киши деп.

Жетимчемди сүйдүрбөй,
Чебер чендүү күйдүрбөй,
Жалгызымды сүйдүрбөй,
Жанымды чендүү күйдүрбөй,

Долулугун карматып,
Качып кетти Кырымга.
Каныкейдин жоругу
Дайын болгон кылымга.

Каныкей долу башында
Карматкан сырын жашында.
Хан Темирдин төрүндө.
346.
Оозумду ачып өпкөнүм,
Көзүмдү ачып көргөнүм.
Бала деп ыйлап жүргөндө
Бактыма Кудай бергеним.

Төркүнүндө аябай
Төрө деп муну санабай,
Кашкөйлүгүн карматып,
Сайып салган Манасты.

Уруулуу журтка угулуп,
Уят кылган алашты.
Манас балам өлгөн соң
Чыйырды эстен адашты.

Каныкейге кошулуп,
Чындап бетбак жанашты.
Качып кетти тил албай
Талак коюп Таласты.

Кайсы бирин айтайын,
Көрдүм, балам, көзүңдү.
Агаларың сагынып,
Тосуп жүрөт өзүңдү.

Келдиң, балам, болду деп,
Кеткеним келип конду деп.
Туйгунум келдиң болду деп,
Туурума туйгун конду деп,

Атадан калган туурга
Баласы учуп конду деп.
Атасы Манас жашынан
Ачкыл жандуу болуучу.

Балам келди, Бакдөөлөт,
Арак-шербет куйгун деп,
Суусап келген балама
Бачым куюп сунгун деп.

Копол токол корсойбой,
Адеп менен тургун деп.
Бакайым келди барпайып,
Аябай кызмат кылгын деп.

347.
Өзүм иччү шербеттен
Эр Бакайга бергин деп,
Мен өлсөм Бакай сени алат
Көзүң менен көргүн деп..

Бакайдан башка эриң жок
Тапшыра турган жерим жок.
Соору керек ата өлсө,
Жеңе керек ага өлсө.

Бакдөөлөтүм, билбейсиң
Бакайдан башка кишим жок.
Байкап жүргүн Бакдөөлөт
Баркыңды билер иним жок.

Бакдөөлөтүм тургун деп,
Бакайга мурун куйгун деп.
Баркыңды билчү кайниңе
Басып келип сунгун деп.

Кумарадан Бакдөөлөт,
Куюп сунду шербетти.
Ойлонуп Бакай ар кепти
Көңүлүндө бар кепти.

Ичип алды эр Бакай
Колуна тийген шербетти.

Бакайдын арка жагынан
Аңгеме чыгат абыдан.

Алтын ооз аркыттан
Ууну сунду султанга.
Бакай хандан эшитип,
Байкап калган шумпайга.

Алып келип сунганда
Кесени алды колуна.
Атага кызмат кылбасам
Адаштым деп жолуман.

Угуп келдим ар сөздү,
Шариаттын молунан.

348.
Атадан мурун бала ичсе,
Тамак эмес залал деп,
Шариаттын өзүндө
Залал турсун арам деп,

Шариатка кул болсоң
Ичпешке жок чараң деп,
Жакыпка сунду Семетей
Атамдан бата алам деп.

Тура калып бүгүлүп,
Сунуп калды эңилип.
Ызатка сунган аягым
Ичип бергин ата деп.

Сизден мурун ичкеним
Шариаттаката деп.
Жакып хан сөздү баштады
Жайын айтып какшады.

Жакыпка сунуп аракты
Эр Семетей шашпады.
Ичесиң ата, мурун деп,
Ичимдеги сырым деп,

Көңүлүм калат атадан
Көрөсүң менин чырым деп.
Жакып хан калды жалдырап,
Акылдан айнып алдырап.
Ичейин десе чуусу бар,
Ичине салган уусу бар.

Алда канча чуусу бар
Аракка кошкон уусу бар.
Өзүм казган чуңкурга
Өзүм түшүп өлөм деп,

Билинип калган шекилди
Бир балакет көрөм деп.
Ойлонуп калды өлөрүн,
Өзүнүн кылган өнөрүн.

Байкап калды туюнуп,
Башына балда келерин.

349.
Чырагым, ук деп чынымды
Ичимдеги сырымды.
Кечээ Манас балам өлгөндө
Башыма балда жеткенде,

Элден ушак кеп угуп,
Кеп укканда көп угуп,
Бакдөөлөт менен Жакып хан
Кудайдан коркпойт деп угуп,

Көңкү журттун баарынан
Көңүлдөн калгыс кеп угуп.
Манасты Жакып ойлобой
Көөп кетти деп угуп.

Бакдөөлөт менен Жакып хан
Арак ичип жүрөт деп,
Жашка толгон кезинде
Арам ичип жүрөт деп,

Кулагыма угулду,
Бул сөзгө Жакып жыгылды.
Менден мурун Бакдөөлөт
Таштап койгон аракты.

Айланайын кулунум,
Канетип айтам калатты.
Капа болдум хан Жакып
Катын таштап койгон соң,

Карыга арак эп эмес,
Хан Жакып атаң ойлонсом.
Касам окуп ант кылып,
Аракты таштап койгонмун.

Кагылайын кулунум,
Бул сөзүмдү ойлонгун.
Кара сакал ак болуп,
Кайта турган чак болуп,

Сакалымдын агында
Сапар кетер чагымда,
Мурутумдун агында
Бузулбай кетер чагымда.

350.
Кыстаба балам ичкин деп,
Кыямат кетер чагымда!
Кызыл чоктуу дозокту
Аралап өтөр чагымда.

Ичпеймин арак ашыңды
Тиледим балам, жашыңды.
Манастан калган бир жанды
Көрсөттү Кудай башыңды.

Молдолор айтып жүрбөйбү
Арам деп арак чалдарга.
Ичип жибер кулунум,
Ылайык тамак балдарга.

Башынан Жакып келтирип,
Бакдөөлөттү коргоду.
Бакдөөлөт ичпейт дегенге
Ага да Семең болбоду.

Атам арак ичпесе,
Энем ичип берет деп,
Тентип келген жетимин
Бала ордуна көрөт деп.

Бакдөөлөткө Семетей
Сунуп калды аягын.
Балам деп сүйүп Бакдөөлөт
Өзүнүн берген тамагын.

Энеке, ичип бергин деп,
Колундагы арагын.
Семетейди Жакып хан
Өлтүрө турган жарагын.

Ичейин десе чуусу бар,
Испиртке кошкон уусу бар.
Алайын десе чуусу бар,
Аракка кошкон уусу бар.

Күңгүрөнүп Бакдөөлөт
Түгөт чал түпкө жетмек деп.
Түбүм менен соолутуп,
Түгөтүп таштап кетмек деп.

351.
Айланайын кулунум,
Кечээ балам Манас барында,
Бакдөөлөт энең дөөлөткө
Балкып турган чагында,

Байбичелик доорду
Сүрүп турган чагында,
Башымдагы дөөлөтүм
Жүрүп турган чагымда.

Ачкыл ичип жыргадым,
Арак ичип куунадым.
Балам Манас өлгөндө,
Башыма балда келгенде,

Келиндер ушак кеп айтты,
Кеп айтканда көп айтты.
Кемпир, чал арак ичкен соң
Кесири тиет деп айтты.

Манаска күйбөй магдырап,
Арак ичип жүрөт деп,
Башын жерден көтөрбөй
Манаска качан күйөт деп,

Эл оозунда элек жок,
Элден ушак кеп чыкты.
Күнүлүк кылып Бакдөөлөт
Күйбөй койду деп чыкты.

Жалгызга өмүр берсин деп,
Аракты таштап койгонмун.
Айланайын кулунум,
Айтканымды ойлонгун.

Өрнөктүү жолду баштадым,
Өмүрүң тилеп таштадым.
Балам, сени көрсөм деп
Кудайдан тилеп какшадым.

Арakты, балам, ичпейм деп,
Ант кылганмын ошондо.
Эстен чыккан ачкылды
Ичкин деп балам, көтөрбө!

352.
Ичпеймин, балам, кыстаба
Арак деген ашыңды!
Алла Таала кудурет
Узун кылсын жашыңды.

Абыке, Көбөш – эки агаң
Анда-санда келгенде,
Барктагансып чиркиндер
Жакыпка салам бергенде,

Ичип кетчү арагы,
Эки агаңдын тамагы.
Ичип жибер, кулунум,
Эки агаң ичкен арак деп.

Ылайык эмес карыга
Жаш балдар иччү тамак деп,
Бакдөөлөт айтып турганда,
Ушул сөздү урганда.

Манастын уулу эр Семең
Басалгалуу эр немең.
Эми кирди эрмекке.
Итке куюп бермекке.

Чоң атасы Жакыптын
Чочколугун көрмөккө.

Атам, энем ичпесе
Арагын кантип ичем деп,

Арак эмес балакет
Тамагын кантип ичем деп,
Ата, энеме тарындым
Айтканыма ишен деп.

Аракка кошуп уу берип,
Жакыптын билип кыларын.
Ирегеде чылапчын
Куя салды чунагың.

Итке куюп берем деп,
Илесин чалдын көрөм деп,

353.
Жез чылапчын ичинде
Кайнап жуурат арагы.
Ашып-ташып төгүлүп,
Жайнап жуурат арагы.

Маңгыт, Даңгыт – эки ити
Башын салып жалады.
Тумшугу тийди сулады.
Эки дөбөт кулады.
Эки ит өлүп калган соң
Эр Бакайга ынады.

Жаш да болсо Семетей
Жакыптын жайын сынады.
Жашырган иши чыккан соң
Жакып калды алдырап.

Эч айласын таба албай
Эки көзү жалдырап.
Эрикпеген эр Семең
Эсирбеген эр немең.

Бакдөөлөткө кеп айтып,
Кеп айтканда эп айтып,
Атамдан калган мүлкүмдү
Алып бергин деп айтып.

Бадана мүлкүм кайда деп?
Баданам мага пайда деп.
Ак добулум кайда деп?
Алганым мага пайда деп.

Бакдөөлөткө алдырып,
Баданасын бөктөрүп,
Ак добулун байланып,
Айтып сөзүн өткөрүп.

Абам Бакай, башта деп,
Акылыңдан шашпа деп.
Абыке менен Көбөштүн
Эми түштү жолуна.

Ак добул менен сооту
Азыр тийип колуна.

354.
Эми хан Бакай сабыр кеп баштап,
Кеп баштаса деп баштап.
Атам мындай кылды деп,
Кек кылба, балам, ичиңе!

Зыңкыйып балам, тура бер,
Сыр айтпагын кишиге.
Айланайын кулунум,
Атаң жайсыз киши деп.

Адам шайтан азыткы
Азгырган шайтан иши деп.
Садагаң кетип калайын,
Сабыр кылгын шашылбай!

Сабыры бар адамга
Самаган калбайт табылбай.
Арыбчы шайтан азгырса
Адам калбайт жаңылбай.

Жаңылып калган Жакыпка
Кетелик, балам, тарынбай.
Иттигин көрчү Жакыптын
Ичинен кири арылбай.

Жүрөгүнө муз катып
Жүрүптүр сени сагынбай.
Буга тарынганың бекер деп,
Тарынчы кантип өтөр деп.

Бирөөнүн ичи алал деп,
Бирөөнүн ичи арам деп,
Баса барып үстүнө
Өзүнөн жооп алам деп.

Туугандан чыккан душманга
Туйгузбай баса барчу деп.
Айланайын кулунум,
Анык сырын алчу деп.

Айыл-апа баарынан
Аябай сөзгө канчу деп,

355.
Мен Абыкеге барам деп,
Айылынан чалгын чалам деп.
Айылынан кабар кеп угуп,
Анык сырын табам деп.

Хан Көбөшкө барам деп,
Калкынан чалгын чалам деп,
Калкынан кабар кеп угуп,
Абыдан сөзгө канам деп.

Аяна турган жөнүм жок,
Алдына өзүм барам деп.
Адамдардын өзүнөн
Аныктап кабар алам деп.

Аркамдан түшүп аяндап,
Аста келгин балам деп.
Ак сакалын жайкалтып,
Боз бууданын чайпалтып,

Бакай кетти каргытып,
Аңгемесин арбытып.
Барса Бакай чайкалып,
Ак сакалы жайкалып,

Учурунда эр Бакай
Учурап калды сонунга.
Манастан калган Ак ордо
Абыкенин колунда.

Келтирип эрке бүтүргөн
Кезегинде күтүнгөн.
Жыгачын жакшы сырдаткан,
Далай жанга сындаткан.

Кийизин аппак бордоткон,
Азем менен оңдоткон.
Келишимдүү чоң кылган
Кызыл жезден кол кылган.

Муну кылган Каныкей
Кылымга сөзүн эп кылган.
Асыл Манас баатырдын
Атагы калсын деп кылган.

356.
Бир жагында көп кыргыз
Оюн ойноп жатканда.
Бир жагында келин, кыз
Оюн баштап жатканда.

Ортосунда кырк чоро
Ордо салып атканда,
Эшигинен Ак кула
Ээри менен батканда.

Чындап кирсе Ак ордо
Төрт жүз киши баткандай.
Төрөсү менен Каныкей
Төрдө сулап жаткандай.

Ак ордону көргөндө
Бакай ыйлап тура албай,
Ээси келди алар деп
Не кыларын биле албай.

Абыкенин айлында,
Ак ордонун ичинде,
Хан Көбөшү башында.
Абыкеси кашында

Кыянаттуу ит чиркин
Кырк чоронун баарысы,
Хан Шыгайдын жигити
Эртиш бузук дагы бар.

Жандын баары барыптыр,
Шерне куруп салыптыр.
Бээге кошуп тай союп
Казы кесип, жал койду.

Камырага бал койду,
Самабарга чай койду.
Кантка жууруп бышырган
Канча түрлүү нан койду.

Дасторконун жайдырып,
Абдырасын ачтырып.
Кант аралаш өрүктү
Каршы-терши чачтырып,

357.
Ырчыуулду ырдатып,
Жаткан экен жыргашып.
Кызыл көйнөк шайы кемсел
Кыз, келинди тыңдатып

Абыкени жактатып,
Көр Көбөштү мактатып,
Шатыра шатман болушуп,
Шаңкылдашып күлүшүп.

Хан Жакыптын баласы
Хан Көбөштүн доору деп,
Чечендер келсе четинен
Канетип алат доону деп.

Баатырлар келип катылса
Жобонбу келген жообу деп,
Абыке, Көбөш өрүүдө
Арак ичип жатыптыр.

Арманы жок жыргашып,
Аңгемеге батыптыр.
Бакай кирип эшиктен
Семетейден кеп салды.

Баатыр Бакай чартылдап,
Кеп салганда деп салды.
Эр Абыке, бегим деп,
Эшиткин менин кебим деп.

Агаң Бакай силерге
Айтпаймын сөздү тегин деп,
Сүйүнчү Көбөш ханым деп,
Сүйүнө турган чагың деп.

Кызмат көргөн Манастан
Кырк чоро, уккун баарың деп,

358.
Кечээ кеткенден калган кереэзиң
Манастан калган мурасың,
Семетей келди сүйүнчү
Кары, жашың турасың.

Тентип кеткен бир жетим
Семетей келди жериңе.
Абыке, Көбөш бегиңе,
Атпай кыргыз элиңе.

Сүйүнчү келдим ханыңа,
Сүйүнсө деп баарыңа,
Хандын, бектин кашында
Кадыр тапкан карыңа.

Деп Эр Бакай айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,
Көбөш турду күпүлдөп,
Көрсөтүп айтып дүпүлдөп.

Жезит чалым оңбойсуң,
Келсе канте коём деп?
Семетейи келгенче
Жеткер чалды соём деп.

Жолго салып жөнөтүп,
Жоготкун Бакай, өзүң деп.
Жойбур чалдын темселеп
Айтып турган сөзүн деп.

Коё калып көр Көбөш
Кополдук кылып чыр салды,
Бакайды башка келтирип,
Кол бакан менен бир салды.

Кол бакан тийди корок деп,
Жыгылды Бакай сорок деп.
Чочуп калды турган эл
Бул алда кандай домок деп.

359.
Бакайдын башы жарылып,
Көр Көбөшкө кабылып,
Кан куюлуп шаркырап,
Жатып калды сабылып.

Ак сакалы кан болуп,
Атпай журтка даң болуп.
Кызыл-жаян кан болуп,
Кыйла журтка даң болуп.

Абыке турду алдырап,
Айласы кетип жалдырап.
Тунарып көзү темселеп,
Тура калды энтелеп.

Чын тийгенби Көбөш деп,
Бакайдын башын жөлөш деп.
Чоролор турду чуркурап,
Чогулуп ыйлап буркурап.

Көбөшкө неден жазган деп,
Көргөн жан ыйлап зыркырап,
Акылман тууган Абыке
Арманын айтып өткөрүп,

Балакет башка түштү деп.
Бакайдын башын көтөрүп,

Хан Бакайдын башынан
Кан куюлуп шаркырап.

Карыш жери жарылып,
Кашкайып сөөгү жаркырап,
Бакайдын башын көргөндө
Абыке калды алсырап.

Кан басылып токтолуп,
Кайгырбаган жок болуп,
Жарасын таза жуудуруп,
Даары салып буудуруп,

Арманын айтып Абыке
Эр Бакайга какшады.
Аркасы калың эр Бакай
Акылынан шашпады.

360.
Эр Бакайга арманын
Абыке айтып пастады.
Абыке айтты арманын
Азапка Көбөш салганын.

Балакеттүү Көбөштөн
Баш жарылып калганын,
Алды-артына карабай,
Иштин артын санабай,

Карыганда абамдын
Башын жарып салды деп,
Арбак урган көр Көбөш
Акмакты Кудай алды деп.

Армандуу дүйнө кантейин,
Иш бузулуп калды деп,
Абаке Бакай, сабыр кыл
Азапка мени салды деп.

Баш айрылса жабылуу,
Бөрк ичинде болот деп,
Кополдордон кол сынса
Жең ичинде болот деп.

Тумшугу жок Көбөштү
Туйгунум султан соёт деп,
Кабарын укса бул итти
Кантип тирүү коёт деп.

Абыке Бакай, арзымды ук,
Ичим толгон дартымды ук.
Менин кеткеним келсе кетилип,
Жетимим келсе жетилип,

Айланайын абаке,
Сүйүнбөй кантип коёмун.
Кетип калган бир жалгыз
Келип турса ноёнум.

Сүйүнчүлөп келдиң деп,
Сүйүнчү кабар бердиң деп.

361.
Башты жарса талкалап,
Басып жүрсө чалкалап.
Абыке мындан таза деп,
Ким калат мени калкалап?

Деп Абыке ыйлап буркурап,
Арманын айтып зыркырап,
Көбөшкө Бакай не жазган
Көрсөтүп айтып берсин деп,

Көрүп турган көп кыргыз
Киши өлгөндөй чуркурап,
Эр Семетей келди деп,
Бакайга Кудай берди деп,

Бакай турсун кыргызга
Баштагы дөөлөт келди деп,
Сүйгөн адам жандан көп.
Сүйүнүп жүргөн андан көп.

Кудай берип салды деп,
Семетей келип калды деп,
Бирине бири шыбырап
Жүгүрүп жүргөн андан көп.

Эр Абыке жалынып,
Эси чыгып камынып,
Бакайга масат салышып,
Жарылган башын таңышып,

Айбыңды кечкин ава деп,
Бакайды жайлап алышып,
Эр Абыке кеп салды.
Кеп салганда деп салды.

Абаке Бакай, арзымды ук!
Түгөнбөй турган дартымды ук!
Болжолу жок дүнүйөдө
Мойнумдагы карызымды ук!

Арманым катуу, дартым зор,
Көбөштөн күйүп болдум кор.
Энелеш болуп калганым
Маңдайымда калың шор.

362.
Күйгөнүмдү тыңда деп,
Күнөөмдү ава ылга деп,
Жазык барбы өзүмдө
Жакшылап ава сында деп.

Жетимчем келсе жетилип,
Көтөрүп аттан алам деп.

Манастан калган эл, журтун
Өз колуна салам деп.

Көбөштүн кылган жоругун
Көтөрбөс барбы чарам деп.
Көр Көбөштөн коркомун
Бир балага калам деп.

Билесиң ава, сырымды
Мени да жүргүн балам деп!
Каныкей анык айтыптыр
Бул кайышкан итти арам деп.

Абыке айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,
Бакай турду октолуп,
Баш көтөрүп козголуп,

Кейиген менен иши жок,
Кебин айтты токтолуп.
Аганы ини урчу деп
Урган ини куручу деп.

Мындай-мындай иштерге
Бакайың сабыр кылчу деп.
Бакайдын жайын билесиң,
Кечтим деп балам, күнөөсүн.

Камынып тургун Абыке
Иниңди алып келем деп.
Качырган Бакай мен болсом,
Өз колуңа берем деп.

Айтып сөзүн чартылдап,
Ак сакалы жаркылдап,
Семетейге жөнөдү
Жолго түшүп шартылдап.

363.
Бакай барды султанга,
Басалгалуу шумпайга.
Барса Семең токтобой
Эригип турган кези экен.

Көп олтуруп калды деп,
Теригип турган кези экен.
Арамдар кордук кылды деп,
Авамдын шагы сынды деп,

Кара жаны кашайып,
Карап турган кези экен.
Кандай жорук болду деп,
Санап турган кези экен.

Келген заман кеп салды,
Кеп салганда эп салды.
Кесепеттүү мен үчүн
Кейидиң ава деп салды.

Айланайын абаке,
Барган жериң баккан жок.
Көзүңдө турат тирише
Көңүлүңө жаккан жок.

Кечигип келдиң кебиңди айт!
Кылып келген эбиңди айт.
Карарып турган жиниңди айт!
Көрүп келген сырыңды айт!

Сый көрбөсөң абаке,
Ыйлап келген ыйыңды айт!
Деп Семетей айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,

Байдын уулу эр Бакай
Сөз баштады башынан.

Көөлдөгөн ит Көбөш
Айныптыр, балам, ашынан.

Ар качандан бир качан
Келтек кетпейт башымдан.
Абакең кордук көп көрдүм
Семетей сенин жашыңан.

364.
Барган заман турбастан,
Чендүү уят кылбастан,
Семетей деп айтты деп,
Ажалы чалдын тартты деп,

Кобо калып ит Көбөш
Кол бакан менен бир салды.
Акмактыгын карматып,
Аябаган чыр салды.

Балакет Көбөш баштады,
Башымды жарып таштады.
Кан куюлуп мойнума
Толуп кетти койнума.

Абыке ыйлап буркурап,
Чоролор ыйлап чуркурап.
Карап турган калың журт
Канчалык ыйлап зыркырап.

Башымды таңып жөнөттү,
Көбөштүн дарты көп өттү.
Деп хан Бакай башын көрсөтүп.
Капа болуп турганда,

Кор болдум деп Көбөштөн
Ушул сөздү урганда.
Эми эр Семетей кеп айтты
Кеп айтканда деп айтты.

Айланайын абаке,
Арамдар түбү оңбой тур.
Чебер чендүү жарылбайт
Чендүү кордук болбой тур.

Кор болорун билбестен
Кол бакан менен сомдоп тур.
Карыш жери жарылып,
Кан куюлган турбайбы.
Кастыкка өчтүк албаса,
Семеңди Кудай урбайбы.

Жергеге башы кошулуп,
Семетей анда жыргайбы.

365.
Сабырдын түбү сары алтын,
Сабырлуу иштин баары алтын.
Сабырдын түбү оң болор,
Ишиңдин арты оңдолор.

Башыңды жарган көр Көбөш
Колуңа түшүп кор болор.
Акылы жок ит акмак
Ак болот менен сомдолор.

Акылыңдан шашпа деп.
Абаке, жолду башта деп,
Асылет жарак тийгенче
Армандуу сөздү ташта деп,

Баштап алып баласын
Бакай келди чартылдап.
Жанга сырын алдырбай
Жайлап айтып шартылдап.

Баатыр Бакай келгенде,
Семеңдин жүзүн көргөндө,

Тосуп турган Абыке
Аттан алды көтөрүп.

Амандык, соолук сурашып,
Айтып сөзүн өткөрүп,
Эр Семетей султанга
Абыке сөздү баштады.

Аял кылып турбастан
Арманын айтып какшады.
Чымчыктай болгон бир жалгыз
Чырагым аман келдиңби?

Чырпыктан өсүп жетилген,
Чынарым аман келдиңби?
Туйгундан калган туурумда
Тынарым аман келдиңби?

Манастан калган бактыма
Мунарым аман клдиңби?

366.
Келгениң жакшы кеп болду,
Эси бар жанга эп болду.
Эси жок Көбөш агаңа
Эп турсун итке кек болду.

Эркектей таап кеңешин
Эптеп багып энесин,
Жай кылып Кырым калаасын
Жакшылап багып баласын,

Жерин, суусун сагынар
Жеңем аман жүрөбү?
Жериме жетип өлсөм деп,
Туугандан турпак көрсөм деп,
Сексендеги Чыйырды
Энем аман жүрөбү?
Калкын сурап тагында
Темир хан аман жатабы?

Байбичеси Темирдин
Барпыжан аман жүрөбү?
Хан Темирдин баласы
Каптагай аман жүрөбү?

Алты шаар кырымда
Көп ногой аман жатабы?
Кырымга тентип кеткениң
Көр Көбөштүн чатагы.

Канетейин арман күч.
Жаман болду атагы.
Кара жолтой Көбөштүн
Кастыгы мага артылды.

Абыке мындан акпы деп,
Карасы бетке так болду.
Айланайын чырагым,
Кандай айла кылайын?

Азыраак айтып өтөйүн
Ичимдеги дартымды.
Кыянаттуу ит үчүн
Кимге айтамын арзымды?

367.
Кара жолтой ит чиркин
Хан болуп алды серейип.
Хандыгына мас болуп,
Семирип алды челейип.

Менден улуу түгөнгүр
Айтсам албайт тилимди.
Кагылайын Семетей,
Карап кылды күнүмдү.

Кечээ, падышам Манас өткөндө
Башыма балда жеткенде,
Калың кыргыз калкыңдын
Касиет, куту кеткенде,

Иттигин көрчү Көбөштүн
Каныкей менен касташты.
Уят менен иши жок
Ургачы менен пасташты.

Үч айга бүтүн толтурбай,
Үлгүгө карап отурбай,
Беш айга бүтүн толтурбай,
Белгиге карап олтурбай,

Ашы-жытын бердирбей,
Азага адам келтирбей,
Армандуу дүйнө, кантейин,
Чебер-чендүү өлтүрбөй.

Астыртан айтып, кеп коюп,
Аламын сени деп коюп.
Накылай деген энеңди
Алып койду ит чиркин.

Учан теңиз уятты
Салып койду ит чиркин.
Албаймын десем болбостон
Акмак Көбөш оңбосун,

Актанды деп ойлобо,
Акмактыгын койбостон,

368.
Адам уккус кеп айтып,
Аянбастан бек айтып,

Абыкеге эркени
Алып берем деп айтып,
Кайсы бирин айтайын,
Аябай чырды баштады.

Манастын айылын көр агаң
Бүлдүрүп чаап таштады.
Балтырдан дөбөт капканда
Дөбөттү Кудай атканда,

Балакет баскан ит Көбөш
Манастын айылын чапканда,
Көбөштүн салган чырында,
Каныкей кеткен Кырымга.

Каныкей тентип кеткени,
Дайын болгон кылымга.
Копол агаң Көбөштөн
Кордук көргөн Каныкей.

Кошомат эмес, чын сөзүм
Зордук көргөн Каныкей.
Эсен, аман эр жетип,
Жалгызым келдиң болду деп,

Тулпардан калган бир туяк
Туурума туйгун кондуң деп.
Атпай алаш көп кыргыз
Эл сеники Семетей.

Алтай, Талас, Жети-Суу
Жер сеники Семетей.
Аягы Талас, Сары-Өзөн

Чүй сеники Семетей.
Мажилис курган чоң ордо
Үй сеники Семетей.

369.
Жайылып жаткан сан кара
Мал сеники Семетей.
Жалпы кыргыз тууганың
Жан сеники Семетей.

Жонунан коргон чеп болгон
Чоң уруктан түркүң бар,
Атаңдан калган аманат
Жоого кийчү мүлкүң бар.

Атаңдан калган атың бар,
Айкожом берген катың бар.
Айланайын чырагым,
Атпай алаш калкың бар.

Казына баккан жанында
Алтымыш үйлүү сартың бар.
Хан Шыгай менен Көбөштөн
Калтырбай алар дартың бар.

Карыя Бакай ханың бар,
Кадырың билген карың бар.
Казыр короп кете элек
Казына толо зарың бар.

Казына баккан жанында
Кырк үйлүү кара калчаң бар.
Кайсы бирин айтайын
Казына толо парчаң бар.

Каныкей билет анығын
Мен эсебин билбейм канчаң бар.
Деп Абыке айтып буркурап,
Арманын айтып зыркырап,

Абыке анык айтты деп,
Атпай кыргыз чуркурап,
Эми эр Семетей кеп салды.
Кеп салганда деп салды.

370.
Абыке агам ак экен
Ыразы болдум сөзүнө.
Энемде экен кежирлик
Көрүндү анык көзүмө.

Айтып өткөн сөзүмдү
Алып жүр ага, эсиңе!
Карыса да жеңеңди
Алып берем өзүңө.

Атамдын ордун бастырып,
Ата кылып алам деп,
Адөлөт мындай жан болбос
Абыке менин агам деп.

Көбөш болсо бир адам
Эл ичинде жүрчү деп.
Эс-акылы аз болсо
Эсирткен сөзгө кирчү деп.

Жеңеси тийбейм деген соң,
Жээликпей Көбөш канетсин.
Ургачынын сөзүнө
Терикпей Көбөш канетсин.

Барыңды жайлап алам деп,
Баштагы салтка салам деп,
Абыке ага, угуп кой,
Семетей сенин балаң деп.

Мен кастарымды тиккен соң
Каныкей айтпайт палан деп.
Сен дагы албайм дебегин
Албаска жок чараң деп

Бала төрө султаның
Басалгалуу шумпайың,
Ушул сөздү урганда,
Семетей айтып турганда.

Аман жүрсүн жалгыз деп,
Абыке ыйлап буркурап,
Балам аман жүрсүн деп,
Бакай хан ыйлап зыркырап.

Бата берди көп кыргыз
Баарысы ыйлап чуркурап.

371.
Эр Семетей султандын
Элине жакты калысы.
Баштан-аяк калың журт
Батасын берди баарысы.

Арбактар жардам болсун деп,
Атаңдын бакты консун деп.
Бата берди кыргыздын
Жашка толгон карысы.

Эми эштектердин Жамгырчы
Эрлигин журту даң кылчу,
Жамгырчынын кеби бар,
Жайлап өтөр эби бар.

Шыгай хандын Көбөшкө
Түйүп жүргөн кеги бар.
Шыгайдын шыкак зарпынан,
Көр Көбөштүн дартынан,

Каныкей менен Чыйырды
Кетти деп кыргыз калкынан,
Барып кабар албадым
Чыйырдынын артынан.

Семетейди көтөрүп,
Чыйырдыны ээрчитип,
Хан Темирдин шаарына
Каныкей тентип кетти деп,
Кабарын угам ар кимден
Аман, эсен жетти деп.

Бир тууганы курусун
Тумшугу жок Чыйырды,
Жашка толгон кезинде
Көрдү деп далай кыйынды.

Эр Жамгырчы жиберген
Шайымбет балам, баргын деп.
Абыке менен Көбөштүн
Сөзүнөн чалгын чалгын деп.

Манастан калган бир жалгыз
Семетей аман бар бекен?
Семетей аман бар болсо
Адам болчу жан бекен?

372.
Атасын тарткан эр болсо,
Келер кези болду деп,
Ушу быйыл Семетей
Он үчкө жашы толду деп.

Эр Бакайга барып кел,
Менден кабар салып кел.
Семетейдин кабарын
Эр Бакайдан алып кел.

Жакыпка жайлап кеп айткын
Өзүнө жаккан эп айткын.
Абыке менен Көбөштү
Анык жээним деп айткын.

Сыр алдырбай душманга
Сөз менен жайкап келгин деп,
Семетейдин кабарын
Сыртынан байкап келгин деп.

Шайымбет келген түнүндө,
Абыкенин үйүндө,
Учурап калды ниети ак
Семетей келген күнүндө.

Мажилистин ичинде
Байкап турду жонунан.
Кемчилик жок эр экен,
Келди деп иши оңунан.

Сөз ортого келгенде,
Абыке жооп бергенде,
Атпай алаш кыргызды
Семеңдин сөзү жеңгенде,

Шамурат басты шаңданып,
Айтар сөзүн камданып,
Тагасы жээнин тапты деп,
Тамашага батты деп.

Кара, төрө калың журт
Карап калды таңданып.
Семетейди жетелеп,
Шайымбет басты чалкалап,
Кесир эмес иттерди
Кетебиз деп талкалап.

Кермекке салган аттарды
Бетине салып калкалап,

373.
Жайын айтып билдирип,
Семетейди күлдүрүп,
Шайымбет сайрап кеп салды,
Кеп салганда деп салды.

Мен Жамгырчы хандын баласы
Тагаң болом Семетей.
Жашым улуу өзүңдөн
Агаң болом Семетей.

Эр Шайымбет өзүм деп,
Угуп тургун сөзүм деп.
Сенден кабар алам деп,
Келип турган кезим деп.

Алдымдан Кудай кез кылды,
Аянамын несин деп.
Эрикпей аман жүрдүңбү,
Элиңдей доор сүрдүңбү?

Кайгырбай аман жүрдүңбү?
Калкыңдай доор сүрдүңбү?
Карыганда Чыйырды
Энең аман жүрөбү?

Шоруң каткан Чыйырды
Эжем аман жүрөбү?
Шорго тууган Каныкей
Апаң аман жүрөбү?

Аркалап барган хан Темир
Атаң аман жүрөбү?
Деп Шайымбет айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,

Эми эр Семетей кеп салды,
Кеп салганда деп салды.
Шайымбет тагам келгенин,
Кудай мага бергенин,

Самап барчу өзүңдү
Жакын жерден көргөнүм.
Жалпы эштек калың журт
Элиң аман жатабы?
Эр Жамгырчы тай акем
Белиң аман жатабы?

374.
Жалпы жайык эштектер
Жаның аман жатабы?
Эштектердин Жамгырчы
Ханың аман жатабы?

Деп эр Шайымбет, Семетей
Эсендик, соолук сурашты.
Эрикпестен сүйлөшүп,
Эзилип боору бурашып,
Тартынбастан сүйлөшүп,
Убада сөзүн чылашып.
Аянбастан муңдашып,
Айтып сөзүн тыңдашып,
Сактап жүргөн оюнда
Ички сырын сырдашып.

Мен турбай кетем Кырымга
Тагама салам айткын деп,
Кош! Аман бол Шайымбет,
Ушул жерден кайткын деп.

Эми Эр Семетей султаның
Абыкеге кеп салды.
Абыке ага, сөзүңө
Ыразы болдум деп салды.

Мен сагынып келдим элимди,
Самап келдим жеримди.
Арзып келдим элимди,
Абыке, Көбөш белимди.

Абыке, Көбөш эки ага,
Угуп тургун кебимди.
Алды каткан Чыйырды,
Азапка тууган Каныкей
Жерине жетим барды деп,
Жерин таап алды деп.

Элине жетим барды деп,
Элин таап алды деп.
Азапка тууган бир шордуу
Эсинен чыгып калды деп.

375.
Чыйырды менен Каныкей
Чыңырып ыйлап жүргөндүр.
Бир күндө жолду үч карап.
Мен үчүн ыйлап күйгөндүр.

Эби келсе Кырымга
Эртелеп жөнөп кетейин.
Элирип ыйлап жүргөндүр
Эки энеме жетейин.

Эки энемди эрчитип
Элине алып келейин.
Абыке, Бакай өзүң бил
Өз колуңа берейин.

Айтканым айып болбосо
Агалар сага кебим бар.
Абыке, Көбөш эки ага
Кебимди угар эбиң бар.

Атамдан калган жалгыз ат
Тайбуурулум кайда деп?
Абыке сага эп болсо,
Алганым мага пайда деп,

Атамдан калган кыраан куш
Акшумкарым кайда деп?
Атамдын кушу болгон соң
Алганым мага пайда деп.

Атамдан калган сегиз мүлк
Жоо-жарагым кайда деп?
Эби келсе агалар,
Бергениң мага пайда деп.

Ак добул менен соотту
Чоң атамдан алдым деп,
Атам менен энеме
Сүйлөшүп сөзгө кандым деп.

376.
Калганын берген жан болсо
Ала турган кезим деп,
Айыбы болсо сөзүмдө
Абыке ага, кечир деп.

Семетей айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,
Абыке турду чартылдап,
Айтып сөзүн шартылдап.

Айланайын Семетей,
Алганың жакшы мүлкүңдү.
Абыке агаң ыразы
Ачып кеттиң күлкүмдү.

Тайбуурул болсо жылкыда.
Жан адамдын иши жок.
Кайыптан бүткөн бууданды
Кармап минген киши жок.

Акшумкар менин колумда.
Алып өтчү жолунда.
Айбалта, кылыч, кандагай
Каттырып койдум менде деп.

Аккелте, Олпок, Сырнайза
Агаң Көбөш көрдө деп,
Айбалта, шымын, кылычын
Абыке берди колуна.

Атаңдын мүлкүн алгының
Жакшы деп жетим жолуңа.
Ак шумкарың мына деп,
Кушун да берди колуна.

Абыке шордуу агаңа
Тарынба деп жан үке.
Эми Көбөшкө кирди баарысы
Көрсөтүп айтып калысы.

Атанын мүлкүн Семетей
Эби бар деп алышка.

377.
Көбөш турду бербейм деп,
Ынтымакка келбейм деп.
Ак келте менен Ак олпок,
Атагы чыккан Сырнайза

Агамдан калган мүлкүм деп,
Айтпасын муну чиркин деп.
Абыке бергин дегенде
Аябай келди күлкүм деп.

Өлбөй туруп жаракты
Өзүм кантип берем деп,
Семетейден келгенди
Нак төбөмдөн көрөм деп.

Көбөш айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,
Эми калктын баары жабырап,
Карылар турду дабырап.

Бул алдакандай кордук деп,
Жетимге кылган зордук деп.
Мындай шумдук бар беле
Ээсине малын бербеген.
Балекеттүү шумдукту
Көрөт экен өлбөгөн.

Ээси көнсө теңдикке
Зордукчу теңге көнбөгөн,
Кара ниет Көбөшүң
Хан болмоктон дөө болсун,

Семетейдин мүлкүнө
Канетип Көбөш ээ болсун.
Абыке сага не болгон
Алып берип кутул деп.

Бакдөөлөттүн балдары
Чениң менен кутур деп.
Калың кыргыз жабырап,
Каршы сөз айтып турганда.

Карынын баары нарк айтып,
Ушул сөздү урганда,

378.
Абыке турду оолугуп,
Акмакты Кудай албайт деп,
Арбак урган бул иттин
Ит мүнөзү калбайт деп.

Манастан калган жарагын
Семетей кантип албайт деп.
Көөлдөгөн Көбөштүн
Көрсөтүп айтып көзүнө,

Көбөштүн салып эсине.
Көндүрүп айткан сөзүнө.
Манастан калган жарагы:
Ак келте, олпок, найзасын

Алып берди Абыке
Семетейдин өзүнө.
Эми Манастын уулу эр Семең
Басалгалуу эр немең

Жарагым колго тийди деп,
Жалпы журтум сүйдү деп,
Арбагын сыйлап Манастын
Абыке колго кирди деп.

Калың кыргыз тууганым
Кадырымды билди деп.
Эми Бууруллдун жайын билмек деп,
Тайбуурулду минмек деп,

Анан казынага кирмек деп.
Казына жайын билмек деп.
Зарыгып калды эки энем
Таластан чыгып жүрмөк деп.

Эр Семетей шаттанып,
Эр Бакай кошо аттанып,
Абыке түшүп алдында,
Баатыр Бакай артында,

Эр Семетей султаның
Тайбуурулдун дартында.

379.
Сан жылкыны аралап,
Сай бууданын саралап,
Кызыл буурул, көк буурул
Кулун, тайы белгисиз.

Коёндон  окшош көп жылкы
Ичине душман кирбеген.
Душман келип аралап,
Суук көз адам жүргүсүз.

Каныкей айткан баары чын,
Калтар буурул турбайбы.
Жылкычысы Аман таз
Жандан куудул турбайбы.

Аягы Талас, башы Чүй
Жерим жыргал турбайбы.
Атпай алаш көп кыргыз
Элим жыргал турбайбы.

Таласка көчүп келбесе
Жетимди Кудай урбайбы.
Хан Темирдин калкына
Качып барган өөнүм деп,

Калкымды көрүп Таластан
Эми толду көөнүм деп,
Тайбуурулу эсинде
Карап турган кезинде,

Кызыл буурул чаңкайган
Кең соорусу даңкайган.
Турган экен Тайбуурул
Чоң желенин башында.

Эркин өскөн жаныбар
Энесинин кашында.
Каныкей айткан баары чын
Сыпаты малдан башка деп.

Анык Буурул мына ушул
Абаке Бакай, шашыл деп.
Качып кетип жүрбөсүн
Шамалдан бүткөн бууданы

Семиз малды эзилип,
Ылайык эмес кууганы.

380.
Аста кармап алалык,
Абайы үртүк жабалык.
Эзилип майы кетпесин
Этиет кылып багалык.

Деп Семетей айтып турганда,
Ушул сөздү урганда.
Бакай сүйлөп баркылдап,
Баштагыдан шартылдап.

Кардыкпай үнү шаңкылдап.
Кадимкидей чартылдап.
Кондурганың Акшумкар
Колуңа тийди кушуң деп,

Таанидың балам так өзүн
Тайбуурулуң ушу деп.
Аман тазга карматып,
Сапар жолго арнатып,

Куттуу болсун атың деп,
Сан кыргызга жардатып,
Коштоп алып Буурулду
Казынага жөнөдү.

Казынадан билинбейт
Каныкейдин өнөрү.
Казына баккан жанында,
Хан Манастын барында,

Каныкей айтып кондурган
Алтымыш үйлүү сарты бар.
Абыке менен Көбөштүн
Ичи толгон дарты бар.

Алтымыш сартка аралаш
Кырк үйлүү кара калча бар.
Калчанын дарты ичинде
Кабат-кабат канча бар.

Семетей келди деп угуп,
Түйүнүп турган кези экен.
Сыр чыгарбай адамга
Сүйүнүп турган кези экен.

Семетей, Бакай, Абыке
Казынага келишип,
Казына баккан сартына
Эр Семетей көрүшүп.

381.
Эр Семетей көрөм деп,
Казынаны ачтырып,
Койгон экен Каныкей
Эсебин дайын жаздырып.

Энесинин кылганын
Эр Семетей жактырып,
Эрке катын Каныкей
Сарамжалын шайлаптыр.

Алтын менен күмүштү
Сандыкка салып жайлаптыр.
Буулум менен бутаны,
Башайы менен барчаны,

Кымкап менен тубарды,
Киш ичик менен булгунду,
Сүлөөсүн ичик, түлкүнү
Асылдардын баарысын

Бөлөк-бөлөк санжаптап,
Эсебин дайын алыптыр.
Камыкса чирип кетет деп,
Барысын илип салыптыр.

Эр Манастын кийими
Баш жагында асылуу.
Кырк чоронун кийими
Башка-башка жазылуу.

Айбалта, кылыч, найза бар,
Ак баракта канча бар.
Эр жарагы бир далай
Эрикпей адам көргөндөй.

Ат жарагы бир далай
Аянбай адам көргөндөй.
Кокон ээр, там бузар,
Котоз тери басмайыл,

382.
Көк көрпөчө, баяндос,
Көк кийизден чоң тердик,
Булгарыдан кылдырган
Кырк чорого куп желдик

Баарысы турат илилүү,
Сарамжалы билилүү.
Санжап менен дайындап.
Ак кагазга чийилүү.

Баарын көрүп эр Семең
Басалгалуу эр немең
Баарысын тапкан атам деп,
Бактыма көрүп жатам деп.

Сарамжалын келтирген,
Энемдин кылган иши деп.
Эрке катын Каныкей
Энекем асыл киши деп.

Сарамжалын эркенин
Сан кыргызга билгизип.
Киш ичиктен Бакайга
Бирди алып кийгизип.

Абыкени эр Семең
Казынага киргизип,
Түлкү ичиктен бирди алып,
Абыкеге кийгизип.

Урумдан келген суп чепкен
Өзү кийди бирди алып.
Казынасын текшерип,
Карап турду ыргалып.

Көңүлү тоюп мүлкүнө,
Семетей кирип күлкүгө,
Бакай хан чыкты магдырап,
Абыке жыргап түлкүгө.

Эми Буурулду токуп минем деп,
Буудандыгын билем деп,
Казынадан жактырып,
Бар шайманын тактырып,

383.
Кокон ээр, там бузар,
Котоз тери басмайыл,
Булгары желдик, көк тердик,
Кой макмалдан көрпөчө

Алтындан кылган ат жабдык
Асыл жүгөн, куюшкан,
Тайбуурулдун ноктосу
Амадана кайыштан,

Бугу чылбыр бурмалуу
Тоңолуку куймалу.
Алып чыгып эр Семең
Тайбуурулду токуду.

Талабына жеткен соң,
Манаска куран окуду.
Эми эр Семетей кеп салды.
Кеп салганда деп салды.

Хан Бакай мении абам деп,
Абыке менин агам деп,
Эстен чыгып кетчүбү
Эки энеме барам деп.

Казына болсо кенен деп
Бар шайманым белен деп.
Эби келсе силерге
Энемди алып келем деп.

Семетей айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,
Баатыр Бакай чартылдап,
Сөз баштады шартылдап.

Барганың жакшы, балам деп,
Барбаска барбы чараң деп.
Баланын кылган кызматы
Ата-энеге алал деп.

Келбесин деп кеп айтар,
Көпчүлүктүн ичинде
Чыйырды менен эркеден
Көргөнүң барбы залал деп.

384.
Шору каткан Чыйырды,
Шорго тууган Каныкей,
Азапка тууган эки энең
Ыйлап жүргөн чагы деп.

Манастан туяк калганың
Байкуштардын багы деп.
Семетей балам, аттан деп,
Тез аттанып, бат бар деп.

Унутпай сөзүм жатка ал деп,
Темирге жазган катты ал деп.
Отор менен Очорду
Жолдош кылып алгын деп.

Өзүң көргөн жол менен
Салгар жолго салгын деп.

Эсиң болсо эртелеп,
Эки энеңе баргын деп.
Эр Бакайдан (сөз) чыкты
Кара сакал Оторду
Тайбуурулдун тапчысы
Манастан калган учуру.
Абакеси эр Бакай
Кошуп берди жанына.

Хан Темирге кат берди
Көп ногойдун ханына.
Чыйырды менен эркеге
Салам айтып койгун деп.

Сагындырбай бат келгин.
Саламат балам, болгун деп.

Отор менен Очордун
Минген атын жактырып,
Залкар буудан асылдан
Сан жылкыдан таптырып,

Бир атка бартал тарттырып,
Барталга тамак арттырып,
Эр Семетей султанды
Бакай салды жолуна.

Абаке, багып тургун деп,
Аянбай кызмат кылгын деп.

385.
Кушун берди Семетей
Эр Бакайдын колуна.
Айран калды көп кыргыз
Сабырынын молуна.

Эми Манастын уулу султаның
Басалгалуу шумпайың
Бакайга берип шумкарын,
Баса минди тулпарын.

Хан Бакайдан бата алып,
Хан Темирге кат алып,
Бакайдын айткан бар сөзүн
Төкпөй-чачпай жат алып,

Ак тулпарды коштотуп,
Алыскы жолго боштотуп,
Эки жолдош ээрчитип,
Эрмек кылып алам деп,
Хан Темирдин шаарында
Эки энеме барам деп.

Жоо-жарагын шайланып,
Кылычын кыя байланып,
Атка минди койкойуп,
Сыр найза колдо коркоюп.
Эки үзөңгү күмүштөн
Накери бутта чойкойуп,

Кылычы белде кыңгырап,
Айбалта жанда шыңгырап,
Манастын уулу эр Семең
Мас болгондой зыңгырап.

Асаба колдо калкылдап,
Аккелте жондо жаркылдап,
Батасын алып Бакайдын
Бастырып чыкты шартылдап.

Абыке, Бакай жөнөтүп,
Эл четине чыгарып,
Жоо бөрүсү эр Семең
Жолго түштү чыңалып.

386.
Оторун салып алдына,
Очорун салып артына,
Жөнөп калды эр Семең
Хан Темирдин калкына.

Жолго түшүп каргытып,
Жол жүрүшүн арбытып,
Жөн сураган адамга
Жөнүн айтпай чаргытып,

Өзү көргөн жол менен,
Ашуусу бийик тоо менен,
Агыны катуу суу менен,
Алда канча буу менен,

Дабан ашып, таш ашып,
Түзү качып түн катып,
Сүрү кетип суу кечип,
Арадан нече күн өтүп,

Азгана эмес мол жүрүп,
Бир ай бүтүн жол жүрүп,
Темир хандын Кырымга
Санга толгон кылымга

Жетип келди эр Семең.
Эрикпеген эр немең.
Отору бар жанында,
Очору бар кашында,

Актулпарды коштотуп,
Аяп келген боштотуп.
Тайбуурулду каргытып,
Аңгемесин арбытып,

Кырымга кирди кылкылдап,
Мас болгондой шылкылдап,
Хан Темирдин ордого
Келип түштү эр Семең.

Кең пейилдүү бир ноён
Кечиримдүү эр ноён.
Семетей келип калды деп,
Калктын баары сүйүнүп

387.
Катын, бала калбастан
Баары келди үйүлүп.

## СЕМЕТЕЙДИН ТАЛАСКА КӨЧҮП КЕЛИШИ

Чын жетимчем келди деп,
Чындап Кудай берди деп,
Чыңырып ыйлап буркурап,
Чыйырды турду түйүлүп.

Кашкөй көрүп сүйүнүп,
Каршы алдынан жүгүрүп,
Калган экен келбейт деп,
Семетейден түңүлүп.

Хан Темир менен Барпыжан
Какшап жүргөн артынан.
Каныкей ыйлап турганда
Баласынын дартынан.

Сүйүнбөй адам калган жок,
Хан Темирдин калкынан.
Эр Семетей султаның,
Эрикпеген шумпайың,

Хан Темирдин колуна
Эр Бакай жазган кат берди.
Салам айтты Бакай деп,
Салам катын бат берди.

Баштан-аяк көргөнүн,
Бастырып жолго жүргөнүн,
Баарын айтты эр Семең
Басалгалуу эр немең.

Сандыргалуу эр Бакай
Салам айтты өзүңө.
Саламын айтып берейин
Сал кулагың сөзүмө.

Катты берип колуна
Хан Темирге айт деди.
Хан Темир угар кеп болсо,
Бакайдын сөзү эп болсо,
Көрөр күнүм Семетей
Көп кечикпей кайт деди.

388.
Абакем Бакай кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты.
Бачым келгин балам деп,
Бир айтпастан көп айтты.

Талыктырбай бат жөнөт,
Тайата, элге кетем деп,
Бакайдын сөзү эки эмес,
Кетпегенде нетем деп,

Семетей айтып турганда,
Ушул сөздү урганда.
Эми Каныкейдин кеби бар.
Калкын сурар эби бар.

Чыйырдынын кеби бар,
Элин сурар эби бар.
Чакырып алып Оторду,
Жанына алып Очорду
Каныкей сайрап кеп салды,
Кеп салганда деп салды.

Кара сакал жайкаган,
Хан Бакай сөзүн байкаган,
Аракка оозун чайкаган
Оторум, аман жүрдүңбү?

Манастан калган бала элең.
Баркымды билген жан элең.
Эки арамдан кор болбой
Очорум, аман жүрдүңбү?

Өкүл атам хан Бакай,
Өкүл энем Камкатай,
Жанындагы карасы
Жалгыз уулу Байтайлак,
Байтайлактын зайыбы
Кожонун кызы Жезбилек,
Жашка толгон Хан Бакай
Карың аман жатабы?
Жалпы жайык саламат
Баары аман жатабы?

389.
Жети-Сууну жердеген
Калкың аман жатабы?
Жергеси менен көп кыргыз
Жалпы аман жатабы?

Деп эрке катын Каныкей
Элин сурап турганы.
Отор менен Очорго
Ушул сөздү урганы.

Эми Отор кирди эрмекке
Оюнда бар өрмөккө.
Каныкейге келтирип,
Калкын айтып бермекке.

Семетей мындан барганча,
Сергитип чалды салганча,
Өкүл атаң эр Бакай
Ак сакалы ыш болуп,
Саратан жайлуу кыш болуп.
Абыке, Көбөш төш болуп,
Камалып Бакай жатуучу.
Бакайдын шору катуучу.

Семетей барып сестенип,
Кеткен дөөлөт кез келип,
Ак сакалын жайкалтып,
Боз бууданын чайпалтып,

Балам аман келди деп,
Тилекти Кудай берди деп,
Өкүл атаң хан Бакай,
Өкүл энең Камкатай,
Байтайлак менен Жезбилек
Берди деп Кудай бир тилек.
Кадырың билген хан Бакай
Карың аман, Каныкей,
Бала-чака саламат
Баарың аман, Каныкей.
Кайсы бирин айтайын
Калкың аман, Каныкей.
Таластагы тууганың
Жалпы аман, Каныкей.

390.
Хан баласы, Каныкей,
Эр Бакай сага кеп айтты.
Эркеге салам айтып кой
Эртелеп келсин деп айтты.

Төрөм Манас өлгөндөн
Төркүнгө келип турдуң деп,
Көп кечикпей, Каныкей,
Көчтүн жайын кылгын деп.

Кара сакал Оторуң
Кайрылып сөздү көп айтты.

Хан Бакай эрте кел деди.
Камынгын Эрке, деп айтты.

Эми Каныкейдин кеби бар,
Калтырбай айтар эби бар.
Ойлонуп жүргөн башынан
Оюнда түрлүү кеби бар.

Жалгыз балам эр жетип,
Эсен-аман эл тапсам,
Талапка Кудай жеткирсе,
Таласка барып жер тапсам.

Манастан (калган) Ак ордо
Арамдар тигип алгандыр.
Катыны жаман баркы жок
Аябай жыртып салгандыр.

Керегe кетип кейпинен,
Кеби турсун көркүнөн,
Уугу кетип учунан,
Түндүк кетип көзүнөн,

Туурдук кетип тушунан,
Үзүк кетип үстүнөн,
Арамдын бири алгандыр,
Аябай жыртып салганыр.

Үлгүгө өзүм салам деп,
Үй жасап эне алам деп,
Мен Таласка барганда
Үйсүз кантип барам деп,

Эрке катын Каныкей
Барпыжанга кеп кылып.
Баштан-аяк бар сонун
Энесине эп кылып,

391.
Кырымдан уста кылдатып,
Кыйла устаны жыйнатып,
Сынына кашкөй толтуруп,
Жыгачыны сындатып,

Кызыл талдан кыйдырып,
Кыялына сыйдырып,
Керегесин Каныкей
Келтирип төрт көз кылдырып,

Керегесин копшотуп,
Келишимин окшотуп,
Уугун жакшы копшотуп,
Учурунда окшотуп,

Түндүгүн кайың сом кылып,
Түзөтүп ишин оң кылып,
Элден, журттан башкача
Эсепсиз үйүн чоң кылып.

Жыгачтын баарын сырдатып,
Аңгемесин ырбатып,
Акысын арбын көп берип,
Усталарды жыргатып,

Аппак койдон кырктырып,
Таза жерге жыктырып,
Уз катындан жыйдырып,
Кийизин жакшы кылдырып,

Азем менен оңдотуп,
Аппак кылып пордотуп,
Ак кийизден тыштатып,
Атилес менен ичтетип,

Манат менен макмалдан
Жабык башын ойдуруп,

Ортосуна оюунун
Актан милте койдуруп,

Кемчет, кундуз карматып,
Келишимин жардатып,
Жалгызымдын үйү деп,
Семетейге арнатып,

392.
Эрке катын Каныкей
Үч жыл мурун күтүнүп,
Семетейдин үйү деп,
Үй жасаган бүтүрүп.

Эми хан баласы Каныкей
Хан Темирге кеп айтты.
Камынып туруп жетимди
Калкына жөнөт деп айтты.

Саналуу он күн ичинде
Ат кыныгып сергисин,
Сапардан келген жол жүрүп,
Семетей балаң өргүсүн.

Он күндөн кийин көчөм деп,
Жетимдин үйүн чечем деп.
Капа болбой кетиргин
Мен Таласка кетем деп.

Эркелигим чын болсо
Эркелейм ата өзүңө.
Кубаныч кылып кулак сал
Каныкей айткан сөзүнө.

Эркелеп айткан сөзүмдү
Эртелеп алгын эсиңе.
Карк алтындан казынаң
Толуп жатат сөөлөтүң.

Бекер эмес бергениң
Белгилүү журтка сөөлөтүң.
Кырымда калып калбасын
Жетимге кылган мээнетиң.

Атпай алаш кыргызга
Алдым деп кетем атамдан.
Энчиме отуз төө бергин
Жүк көтөрчү атандан.

Отуз күндүк сапарга
Ноюбаган лөктөрдөн.
Эркелигим чын болсо
Айткан сөзүм эп болсо,

393.
Жетимдин үйүн бүктөйм деп,
Жериме жете жүктөйм деп.
Барар жолум алыста
Баланын үйүн алыш деп.

Калдайып көчмөн калк болуп,
Калкына көчүп барыш деп.
Каныкей айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,

Каныкейден кеп угуп,
Кеп укканда эп угуп.
Эби келсе элиме
Эрте жөнөт деп угуп.

Эми хан Темир турду чартылдап,
Ак сакалы жаркылдап.
Баламдан малды аябайм,
Баарын ал деп шартылдап.

Эркем, жакшы кеп айттың
Кеп айтканда эп айттың.

Эркелигиң карматып,
Энчимди бергин деп айттың.

Хан Темирге эп болду,
Адам укчу кеп болду.
Айтса айтпаса төгүнбү
Энчисин эрке алсын деп.

Эли-журтун сагынды
Эртелеп жолго салсын деп,
Балага кылган арынап
Алып кетсин өргөөсүн.

Каныкейдин энчисин
Канетип Темир бербесин.
Сарбандарым кайда деп,
Төөлөрдү бери айда деп.

Сарбанга төөсүн айдатып,
Сапар жолго арнатып,
Отуз төөнү тандатып,
Сарбандарга карматып.

394.
Сандыргалуу хан Темир
Эркенин берди колуна.
Сагындың балам элиңди
Эми түш деп жолуңа.

Эми Семетейдин кеби бар,
Секин айтар эби бар.
Көчтү ойлонбой жатканы
Энесинин деми бар.

Каныкей үйүн чечкенде,
Семетей жатат ойгонбой.
Мусапыры койнунда
Эч нерсени ойлонбой.

Каныкейге ишенип,
Уктап жаткан кезинде.
Элиме ала кетсем деп,
Мусапыры эсинде.

Алифти бирге окуган.
Аянбаган окуудан.
Аттанып чыкса куш салып,
Атын бирге токуган.
Жатса бирге жатышкан,
Жайланып сырын ачышкан.
Таласка бирге кетмекке
Убада сөзү чатышкан.

Энекең көчүп кетти деп,
Далай жерге жетти деп,
Эр Семетей султанды
Ойготту келип Каптагай.

Эки энең жөнөп кеткени
Болду деп, султан, бир далай.
Мыктылыгың көрсөтүп,
Алп уйкуңду салдың деп.
Көч кеткели көп болду
Өзүң жалгыз калдың деп.

395.
Хан Темир бар башында,
Калктын баары кашында.
Учурашып калам деп,
Уруулуу ногой турат деп,

Көч үстүндө кулпу көп.
Уктаганың уят деп.
Семетей сенин бул уйкуң
Кай пендеге сыят деп.

Мусапыр(ы) койнунда
Бирге жатып алыптыр.
Эки азамат эринбей
Чоң уйкуну салыптыр.

Эр Семетей ойгонуп,
Эрикпей акыл ойлонуп,
Канетип алып кетем деп,
Мусапырга толгонуп.

Туруп кийимин кийинип,
Топчуларын түйүнүп.
Көч жөнөп кетти дегенге
Көгөргөн жетим сүйүнүп.

Эми хан Темирге кеп айтты
Кеп айтканда деп айтты.
Тай ата Темир, ханым ук.
Жашка толгон карың ук.

Жайымды айтып берейин
Жалпы ногой баарың ук.
Атпай кыргыз алашка,
Кең-Кол менен Таласка

Жалгыз кантип кетем деп,
Кетпегенде нетем деп.
Элимден жолдош албаймын
Ээлигип кантип жетем деп.

Тагалар, айып болбосо,
Таптым жолду өзүм деп,
Улуу-кичүү көп ногой,
Угуп тургун сөзүм деп.

396.
Жан жолдошум Мусапыр
Сабакты бирге окуштум.
Уктасам бирге жатыштым.
Эриксем ашык атыштым.

Элимден жалгыз жүргөндө
Мусапыр менен катыштым.
Кертөштүн уулу Мусапыр
Жолдош болот Кырымдан.

Сыныма жакты бир бала
Саны толгон кылымдан.
Мусапырды кошуп бер,
Жеткирип келсин жериме!

Колу менен тапшырып,
Кошуп келсин элиме.
Деп Семетей айтып турганда
Ушул сөздү урганда,

Хан Темири башында,
Кары-жашы кашында.
Калың ногой жабырап,
Кары-жашы дабырап,

Бала барып келсин деп,
Манастын элин көрсүн деп,
Ханга ылайык кеп болуп,
Калың журтка эп болуп,

«Кертөш, сабыр кылгын!» деп,
Кейибей карап тургун деп.
Мусапырды тапшырып,
Батасын берип барысы.

Балдарым, аман баргын деп,
Жашка толгон карысы.
Эми хан Темирдин кеби бар,
Калтырбай айтар эби бар.

Жана карап турбастан
Сарамжал(ын) бир баштан,
Кыйып турган көп ногой
Буйругун эки кылбастан.

397.
Аты, тонун келтирип,
Кырк азамат камдады.
Кылымды билген Хан Темир
Эр жигиттен тандады.

Жеткирип кел деп жерине,
Семетейди элине,
Даяр кылып бүтүптүр,
Муну да берди колуна.

Элдүү киши эл тапчу
Жөнө деп, балам, жолуңа.
Эми Каныкей карап турган жок,
Кара жаны тынган жок.

Чет жакасы айтылды
Чендүү кызмат кылган жок.
Ак ордосун бүктөтүп,
Атандарга жүктөтүп,

Отуз төөнү чомдотуп,
Чомун жакшы оңдотуп,
Кереге менен уугун
Келтирип жакшы комдотуп.

Башайы парча мүлкүнөн
Аябай Барпы көп берип,
Эл-журтуна көрүнсүн
Эркем алсын деп берип,

Отуз төөгө арттырып,
Кулдарга аркан тарттырып,
Эркем минип кетсин деп,
Элине аман жетсин деп.

Чыйырды менен Эркеге
Эки жорго токуду.
Аларың болсо дагы ал деп,
Айтып сөзүн окуду.

Кемпирлер сүйлөп кедеңдеп,
«Апай көтөк!» кеп ушул.
Хан Темирдин эркеге
Кыла турган эби ушул.

398.
Көчүргөн кыздай жөнөттү,
Кылымда мындай болбойт деп.
Кемчилик жок иш кылды
Кемтиктен адам оңбойт деп.

Эми Чыйырды турду чыңкылдап,
Айтып сөзүн шыңкылдап.
Хан Темир берген малына
Көзү тоюп кылкылдап.

Алдык, болдук, бүттү деп,
Он жыл Темир күттү деп.
Эми да берди аябай
Бизге Темир түттү деп.

Балдарым, жолду башта деп,
Өмүр берсин жашка деп.
Мындан кийин, Каныкей,
Ач көздүгүң ташта деп.

Жөнөп калды Чыйырды
Чаңдатып Темир ордосун.
Карыган кезде миндим деп,
Хан Темирдин жоргосун.

Хан Темирдин калкынан
Каныкей чыкты шаңданып,
Катында мындай болбойт деп
Катып жүргөн камданып,

Калың ногой Кырымда
Карап калды таңданып.
Жөнөтүп чыкты хан Темир
Каныкейди жол менен

Алда канча кол менен
Азгана эмес мол менен
Шаардан алыс чыгарып,
Балдарым, аман баргын деп.

Карыганда Темирди
Кадырыңа алгын деп.

399.
Амандашып, коштошуп,
Хан Темир кайтты ордого.
Хан кашында Обозгер
Баарысы минген жоргого.

Кара, төрө көп ногой
Карысы кайтты үйүнө.
Амандашып, коштошуп,
Баарысы кайтты үйүнө.

Эми эр Семетей султанын
Эрикпеген шумпайың.
Жолго түшүп каргытып,
Аңгемесин арбытып,

Көчүн салып чоң жолго,
Барамын деп Кең-Колго.
Семетей менен Мусапыр,
Каныкей менен Чыйырды,

Кара сакал Отору,
Манастан калган Очору,
Алты киши ичкиси
Темир хан кошкон кырк киши.

Кырымдан чыккан Таласка,
Так кырк алты жан болуп,
Көчү көркөм жалтылдап,
Көргөн жанга даң болуп,

Эл аралап кетем деп,
Эртелеп элге жетем деп,
Көчтү Семең башкарды
Бөктөр жолду таштады.

Акылга дыйкан эр Семең
Акылынан шашпады.
Түнөчү жерге кондуруп,
Ою менен болтуруп,

Беш күн жүрүп, бир күнү
Көч көлүгүн өргүтүп,
Басалгалуу эр Семең
Мал өргүтүп, сергитип,

400.
Өзү көргөн жер менен,
Өзүбек жаткан жол менен,
Өрдөк жаткан көл менен,
Араба жүргөн бел менен,

Калк аралап эл менен,
Калаа салган жер менен,

Сайылып түшкөн сай менен,
Шаар салган жай менен,

Кулан жаткан кум менен,
Куркурап аккан суу менен
Манастын уулу келди деп,
Алда канча дуу менен.

Аянбастан жол жүрүп,
Азгана эмес мол жүрүп,
Көчүн салып чоң жолго,
Өзү баштап оң жолго.

Сандыргалуу эр Семең
Келип түштү Кең-Колго.
Эми Каныкей сайрап кеп салды
Кеп салганда эп салды.

Келем деп оюм бар беле,
Кең эмей Талас тар беле?
Каран калган Кең-Колго
Хан төрөм турган Таласка,

Арбагы азыр Манаска,
Атпай кыргыз алашка,
Калаа салган Кайнарга
Касиеттүү жайларга,

Келемин деген түшүм жок,
Бакайдан башка кишим жок.
Бул Кудайдын бергени -
Кең-Колго көчүм келгени.

Жалгызым сенин барлыгың
Таласты кашкөй көргөнү.

401.
Аман жеттим бу жайга.
Арманым жок Кудайга.

Береги төрт булуң болуп бүр
жыттанган,
Бул төрөмдүн кылган көлү деп.
Кырк чоро менен олтуруп,
Кеңеш кылган жери деп,

Бул алма, өрүк – жер-жемиш
Төрөмдүн тиккен багы деп,
Төрөсү менен Каныкей
Жыргап турган чагы деп,

Жыргалдуу жерге жеткирген
Ниетимдин агы деп.
Береги төрт булуң келген кең жайык
Төрөмдүн курган тагы деп,

Оңдоду Кудай ишимди,
Келтирди Кудай түшүмдү.
Түшүм туура келди деп,
Каныкей көчүн түшүрдү.

Эми эр Бакайдын кеби бар.
Кебин айтар эби бар.
Серепчилеп көз салып,
Карап жүргөн эр Бакай.
Семетей келип калат деп,
Санап жүргөн эр Бакай.

Кайнарга калың көч келип,
Токтогонун көргөндө,
Нары-бери удургуп,
Топтогонун көргөндө,

Жетимдин көчү келди деп,
Анык Кудай берди деп,
Камкатай аттан, жан калбай
Келгенин көзүм көрдү деп.

402.
Эр Бакай айтып келгенде
Элине кабар бергенде,
Хан Бакай айтып келгенде,
Калкына кабар бергенде,

Калктын баары жабырап,
Барабыз деп дабырап,
Азыр кармап ат токуп.
Ат токуса, бат токуп,

Сүйүнгөндөн жан калбай,
Жатып ичер чал калбай,
Бакайдын уулу Байтайлак
Минген аты Кержайдак.

Камкатай минген Кержорго
Жезбилек минген Суржорго
Айылынан адам калтырбай
Бакай салып оң жолго.

Жетип келди эр Бакай
Жергеси менен шартылдап,
Жебелей түшүп жорголоп
Бозбууданы шалкылдап,

Чыйырды аман барбы деп,
Чын көрүүгө зарбы деп,
Каныкей аман барбы деп,
Калк көрүүгө зарбы деп.

Бакай келди баркылдап,
Ак сакалы жаркылдап.
Чыйырды менен көрүшүп,
Чындап Бакай эришип,

Каныкей менен көрүшүп,
Каймак майдай эришип.
Байтайлак ыйлап болкулдап,
Жезбилек ыйлап солкулдап.

Бакай ыйлап буркурап,
Камкатай ыйлап зыркырап.
Энебиз аман келди деп,
Жетимдер ыйлап чыркырап.

Карап туруп көз көргөн,
Киши өлгөндөй чуркурап.

403.
Чыйырды ыйлап чыңырып
Бакайды баса жыгылып,
Каныкей ыйлап камсыгып,
Кетпейт деп неден жан чыгып.

Сүйүнгөндөн ыйлашып,
Кадырын салбай сыйлашып.
Ый басылып күлүшүп,
Күлкү баштап жыргашып,

Эми эрке катын Каныкей
Камкатайга кеп салды.
Жетимчендин өргөсүн
Тигелик эне, деп салды.

Менин ойлотуп жүргөн кебим бар
Кебимди угар эбиң бар.
Ойлонгон кебим кеп болсо,
Семетейге эп болсо,

Бул караң калган кандуу журт,
Манастан калган жаңдуу журт.
Падышам Манас өлгөн журт,
Башыма балда келген журт.

Төрт түлүк малдан айрылып,
Төркүнүн кашкөй көргөн журт.
Баатырым Манас өткөн журт,
Башыма балда жеткен журт.
Кайын энемди эрчитип,
Каныкей тентип кеткен журт.

Айтканым айып болбосо,
Журт которуп тигейин.
Жалгызымды ээрчитип,
Журтуңда эне жүрөйүн.

Жетимге сөзүм эп болсо,
Жер которуп тигейин.
Жетимчемди ээрчитип,
Жергенде аман жүрөйүн.

Деп Каныкей айтып турганда,
Ушул сөздү урганда.
Эр Семетей кеп салды,
Кеп салганда деп салды.

404.
Айланайын энеке,
Акыл-эсиң канаке?
Арка кылган Кырымда
Абакем Бакай мынаке.

Абакем сөздү тыңдасын,
Анык жерин ылгасын.
Бул туруп айткан сөзүмдү
Болор жерин сындасын.

Бул айтканың эп эмес,
Адам укчу кеп эмес.
Атамдын журтун сагынып,
Көчүп келдим Кырымдан.

Менин атам Манастын
Жактырган журту кылымдан
Жыргаган журтуң ушул журт.
Чыкпасын эне сыныңдан.

Кейиген менен пайда жок,
Келерсиң эне, чыныңдан,
Бул Манас конгон майлуу журт,
Манаска жаккан жайлуу журт.

Кудайым берген кундуу журт,
Сагынып келдим жыттуу журт.
Каныкей мени тууган журт,
Как киримди жууган журт.

Кайрылып келип конгондо
Душмандын дили сууган журт.
Киндигимди кескен журт.
Кийимимди жууп эзген журт.

Атпай журтка хан болуп,
Атам Манас өткөн журт.
Аягы Талас башы Чүй
Атпай алаш өскөн журт.

Жамандык кылган душманы
Жанына келбей безген журт.
Падыша султан болгон журт
Бакты, дөөлөт конгон журт.
Атагы чыгып дөө болуп,
Атам Манас оңгон журт.

405.
Ушул журтка тиккин деп,
Семетей айтып турганда,
Тартынбаган чунагың
Ушул сөздү урганда,

Бакайга маакул кеп болуп,
Каныкейге эп болуп,
Жандырып айтар адам жок
Жандын баары тел болуп.

Каныкей менен Камкатай,
Кожонун кызы Жезбилек
Керегесин жайдырып,
Кыз, келинди курдатып,

Келишимдүү ордонун
Келбетин журтка сындатып,
Түндүгүн бийик көтөртүп,
Ууктарын улатып,

Балаңдын үйү кандай деп.
Бакай ханга сынатып,
Сарамжалын шайлатып,
Ордону тикти жайлатып.

Күрөкенин белинен
Келтирип аркан байлатып,
Аппак болуп чаңкайып,
Ак дөбөдөй даңкайып,

Эч жеринде өөнү жок,
Келтирип эрке кылган үй.
Башынан акыл тундуруп,
Масилатин кылган үй.

Эр Манастын үйүнөн
Эки көлөм чоң болду.
Эр Бакай турат кубанып,
Эркем, ишиң оң болду.

Деп Ак ордону көргөндө
Бакай жазды капасын.
Ыраазы болдум, балам, деп,
Эркеге берди батасын.

406.
Эми баатыр Бакай кеп салды,
Кеп салганда деп салды.
Үй болсо тигип болду деп,
Журтуна балам конду деп.

Байтайлак, бачым аттан деп,
Тез аттанып бат бар деп.
Бир айтып койгон атым бар.
Атадан калган наркым бар.

Семетей аман келсе деп,
Тилекти Кудай берсе деп,
Ай туяктан ат айтып,
Ат айтканда бат айтып.

Кыргыздын уулу болгон соң
Кылып жүргөн салтым бар.
Алып келгин ал атты
Абакең кылат санатты.

Канетип кылбай коём деп,
Атадан калган адатты.
Чыйырды менен эркеге
Өрүлүк кылып соём деп.

Хан Бакай азыр өлгөн жок
Канетип сойбой коём деп.
Байтайлакты жиберип,
Алдырып Бакай ал атын

Өрүлүк кылып сойдурду,
Карматып Бакай адатын.
Ат союлуп эт болду
Айтар сөзү эп болду.

Чыйырды менен Эркени
Көрбөгөнү көп болду.
Дартын айтып муңдашып,
Айтып сөзүн тыңдашып,

Арманы көп муңдуулар
Арманын айтып сырдашып.
Өткөн иш өтүп кетти деп,
Өз алдынан жыргашып.

Эрке катын Каныкей
Келгендин баарын сылатып,
Тууган деген ушул деп,
Кеби менен жыргатып.

Чородон калган топ жетим
Каныкейди курдатып,

407.
Энем аман келди деп,
Эзилген жетим ыйлашып.
Тегеректеп алышып,
Телмирген жетим жыргашып.

Эрке катын Каныкей
Отордон анык кеп угуп,
Темир хандын шаарында
Кеп укканда эп угуп.

Чородон калган топ жетим
Баштан-аяк сагынып,
Бакай хандын колунда
Баарысы аман деп угуп,

Он жети жетим шордуулга
Баарына кийим кылдырган.
Баштан-аяк кийимин
Баарысын кылып тындырган.

Жетимдер кийип алсын деп,
Кийиттен сергип калсын деп.
Жеринен келген кийимди
Жетимдерге кийгизип,

Санжап менен Каныкей
Сарамжалын билгизип,
Баарыңар менин балам деп,
Семетей сенин агаң деп.

Өлбөй жүрсөм, балдарым,
Өзүм багып алам деп.
Сербейип атка мингенде
Жетимге болор караң деп.

Бар арманын Каныкей
Бакайга айтып угузуп,
Кемчилик жок жашатып,
Келген элге эт берип.

Каныкей менен Чыйырды
Үй тикти келип Таласка.
Эр Семетей султаның
Куран окуп Манаска.

Тууганга келдим болду деп,
Туйгун эр келди алашка.

408.
Элин көрүп эрдемсип,
Жерин көрүп кубанып,
Кыймалуу калпак, теке шым
Кыргызын көрүп жубанып,

Бакайга султан кеп салды.
Кеп салганда деп салды.
Ак калпактуу кыргызым
Көрүндү ысык жылдызың.

Байлыгы журттан башкача
Чарба малга жылкысын…
Актан калпак кийинип,
Аңгеме сөздү сүйлөшүп.

Душман келип кол салса,
Туш тараптан киришип,
Баатырлары ылгалып
Теке шымын шымданып.

Баатыр болчу эл экен
Жоо-жарагын чыңданып.
Карылары нарк айтып,
Казыларын чалкайтып,

Жигиттери шамдагай
Шым кийими – кандагай.
Токтоп турар жөнү жок,
Душмандын башын кандабай.

Атамдын журту көп кыргыз
Баатыр болчу жан экен.
Басташкан жоонун арстаны
Баарына Манас хан экен.

Атпай алаш көп кыргыз
Элимди көрүп кубандым.
Эркин-Тоо, Талас, Жети-Суу
Жеримди көрүп кубандым.

409.
Деп Манастын эр Семең
Басалгалуу эр немең.
Ушул сөздү урду ошол.
Бакайга айтып турду ошол.

Эми Абыкенин кеби бар,
Аянбай угар эби бар.

Жакып хандын кеби бар,
Жакшылап угар эби бар.

Хан Көбөштүн кеби бар,
Калтырбай угар эби бар.
Кара жолтой Көбөштүн
Каныкейде кеги бар.

Семетейди Таласка
Келтирбейм деген деми бар.
Кара-Буура, Чаткалда
Хан Көбөш жыргап жатканда.

Хан Жакыптын айылы
Маңдай жагы Баткалда.
Абыке асты жагында
Жакыптын тиккен багында.

Алыс эмес арасы
Көр Көбөштүн жанында.
Акылга дыйкан Абыке
Малчылардан кеп угуп,

Кеп укканда эп угуп
Манастын журту Кең-Колго
Бадырайган Ак ордо
Үй конуп калды деп угуп,

Уккан заман Абыке
Семетей көчүп келди деп,
Тиктегеним бир жалгыз
Тилекти Кудай берди деп.

Жакыпка кабар салмак деп,
Көбөштү күтүп алмак деп,
Байбичеге Жакыпты
Баштап алып бармак деп.

410.
Хан Манастын ордуна
Кандай пенде конот деп,
Келип конгон конушка
Семетей султан болот деп.

Бадырайган Ак ордо
Каныкей кылган ордо деп,
Тилегеним жалгызды
Келтирди Кудай оңго деп.

Семетейге бармак деп,
Барып тосуп алмак деп.
Барып тосуп албасак
Ыразы болбойт арбак деп.

Актелкини каргытып,
Аңгемени арбытып,
Абыке келди Көбөшкө.
Семетей көчүп келди деп.

Иттигиңди карматпа!
Анык Кудай берди деп.
Аттангын Көбөш атка деп,
Бекер карап жатпа деп.

Убалга Көбөш каласың
Жиниңдин баарын ташта деп.
Акмактык кылып элирип,
Акылыңдан шашпа деп.

Жамандык албай оюңа
Жакшы жолго башта деп.
Чыйырды менен Эркеге
Учурашып келмек деп.

Карыганда энемдин
Барып жүзүн көрөм деп.
Бүгүн жүзүн көрбөсөк,
Бизге даяр өлмөк деп.

Мен Жакыпка барам деп,
Барып кабар салам деп.
Хан Жакыпты кемпирдин
Алдына алып барам деп.

411.
Көбөш, бачым аттан деп,
Тез аттанып, бат бар деп.
Кайкаңдабай Накылай
Хан Көбөштү аткар деп.

Бура салып дыргытып,
Актелкисин жулунтуп,
Абыке барып Жакыпка
Салам айтып, кеп салды.

Сандыргалуу Абыке
Кеп салганда деп салды.
Манастан калган жалгызың
Семетей көчүп келиптир
Сүйүнчү, ата, сөзүмдү ук!
Семетейдин келгенин
Малчылар барып көрүптүр.

Кегиңди, ата, кечиргин,
Ичтеги кирди кетиргин!
Жаныңда жүрөм Абыке
Жазыгы жок жетимдин.

Ата-бала касташкан
Алашта мындай укум жок.
Семетей балаң болбосо
Чын жери бизден тукум жок.

Убалга ата калбагын
Бул сөзүмдү кармагын.
Тумшугу жок киши элең
Тукумду үзүп салбагын!

Ойлонбостон башында
Ойрон кылдың чарбагын.
Ойлонгун Манас арбагын,
Оозуңду кармап калбагын.

412.
Байбиченин алдына
Бакдөөлөттү ээрчитип,
Бала-чака калдайып,
Баарыбыз барып түшөлүк.

Бакдөөлөт менен хан Жакып,
Карыбыз барып түшөлүк.
Хан Жакыптан тараган
Жаныбыз барып түшөлүк.

Билген жанга бир далай
Бизде айып көп болгон.
Чыңырган үнү басылбай
Чыйырдыга эп болгон.

Чын жерин айтып бересиң,
Каныкейге кек болгон.
Деп Абыке айтып турганда,
Ушул сөздү урганда.

Хан Жакып турду күпүлдөп,
Каршы сүйлөп зүкүлдөп.
Бул Абыке акмак оңбойт деп,
Оң ниетте болбойт деп.

Ар качандан бир качан
Акмактыгын койбойт деп.
Намыс кылсам бул итке
Коркутам деп ойлойт деп.

Бул жээктен чыккан жетимди
Тууган кылып алам деп,
Тумшугу жок бачагар
Туура жолго салам деп.

413.
Семетей тууган болчу эмес,
Муну тууган деген оңчу эмес.
Душмандыгын Семетей
Өлмөйүнчө койчу эмес.

Эл аралап алган соң,
Элирип мындан кеп чыгат.
Эси жок акмак билбейсиң,
Эл меники деп чыгат.

Калк аралап алган соң,
Калк ичинен кеп чыгат.
Кара тумшук жайрагыр
Калк меники деп чыгат.

Кадыры болот бетинде,
Калк айланат жетимге.
Кара тумшук Абыке,
Каласың калктын четинде.

Ажары болот бетинде
Журт айланат жетимге.
Тумшугу жок Абыке,
Жүрөсүң журттун четинде.

Эки күн өтпөй эсирип,
Эл меники деп айтат.
Энеси бейбак үйрөткөн,
Жер меники деп чыгат.

Жалпы жайык, калың журт
Жан меники деп айтат.
Жайылып жаткан сан кара
Мал меники деп айтат.

Абыке акмак, билбейсиң,
Айткан тилге кирбейсиң.
Эч болбосо ит чиркин
Көтүңдү кысып жүрбөйсүң.

414.
Көбөш балам кайда деп,
Жетимден келбейт пайда деп,
Кара тумшук жетимге
Камындырбай барчу деп,
Как төбөгө бир салып,
Айдап жолго салчу деп.

Көбөшүм кайда балам деп,
Жетимге өзүм барам деп.
Жерди, сууну боктотпой
Жетимдин башын алам деп.

Желмогузду жоготуп,
Жеримде тынып калам деп.
Элирген эки жалапты
Айдап жолго салам деп.

Баладан мурун өлтүрүп,
Бакайдын башын алам деп.
Жалпы журтум уккун деп,
Жалпы аттанып чыккын деп.

Жардык айтып калкына
Жакып хан турду чартылдап,
Калкын айдап хан Жакып
Жөнөп калды карсылдап.

Жакыптын арка жагынан
Көбөш түштү шартылдап.
Асаба желек кылкылдап,
Аянбастан шылкылдап,

Азгана эмес мол менен,
Алда канча кол менен,
Жакып хан менен көр Көбөш
Жөнөп калды жол менен.

Эми Абыке айтып кеп салды,
Кеп салганда деп салды.
Жалынып ыйлап Жакыпка
Жандырып айтып көп салды.

415.
Айланайын атаке,
Айтсам тилим албайсың.
Ар качандан бир качан
Ак ниетке жанбайсың.

Азапка тууган курган жан
Арам өлсөк кандайсың.
Коркок деп мени ойлорсуң
Кой десем тилим албайсың.

Кор болоруң билбейсиң,
Бир пейлиңден жанбайсың.
Колу тийип жетимдин
Кокустан өлсөк кандайсың?

Айланайын атаке,
Абыкең акмак караңгы.
Көбөшүңдөн көрөсүң
Көз алдымда залалды.

Жаның тенде турганда
Жайкап алгын караңды.

Жайлап алгын хан Жакып
Адам болчу балаңды.

Карыганда какайып,
Таштай катып чакайып,
Бир балаага каласың,
Тукумду үзүп саласың.

Айып эмес айтканым
Бул пейлиңден жангын деп,
Береке табар жөнүң жок
Менин тилим алгын деп.

Чыйырдынын алдына
Чын жери ыйлап баргын деп,
Айланайын атаке,
Армансыз болуп калгын деп.

Абыке айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,

416.
Жалынса Жакып болбостон,
Жардыгын Көбөш койбостон,
Жакып хан менен көр Көбөш
Күүлөнгөн бойдон токтобой,
Кандай заман болот деп,
Иштин артын соктобой,

Семетейдин айылын
Тегеректеп кол менен,
Семетей кетсин деп келди,
Жерди, сууну боктобой.

Келген заман турбастан,
Аттын башын бурбастан,
Чындап пейил карарып,
Чыр баштады бир баштан.

Кепке, сөзгө келгин деп,
Абыке айтып какшады.
Кепке, сөзгө келбестен
Сөзгө жооп бербестен,

Жакып хан чырды баштады,
Жардык айтып көр Көбөш
Семетейдин айлына
Чабуул коюп  таштады.

Сабыры бар Семетей
Акылынан шашпады.
Тууган деген ушул деп,
Бул чырынан качпады.

Чыйырды турду чыңырып,
Чыңырган үнү угулуп.
Арбак уруп салды деп,
Арамдар келип калды деп,

Коркуп калган чоң кемпир
Бет алдынан жыгылып.
Каныкей турду кансырап,
Кантейин деп алсырап.

Жалгызга Кудай жардам деп
Жайын айтып алдырап.

417.
Бакай турду баркылдап,
Баштап сөзүн шартылдап.

Балам, аттан Семетей,
Тартынба деп чартылдап.
Манастын уулу эр Семең
Басалгалуу эр немең

Ата мындай болбойт деп,
Атамдын арты оңбойт деп.
Атам турса чыр баштап,
Айлыбыз жакын конбойт деп.

Тууган мындай болбойт деп,
Туугандарым оңбойт деп.
Тигинтип жүргөн ит чиркин
Тынчытып мени койбойт деп.

Тумшугу жок курган жан
Тууган дан душман чыкканда,
Адам уккус чоң кордук
Алыстан адам укканга,

Алыстан адам кеп айтар
Кеп айтканда көп айтар,
Атасы менен сайышып,
Алышып жатат деп айтар.

Бул кордугу уят деп,
Кордугу өтүп турат деп.
Бул кара жолтой Көбөштү
Кандай пенде тыят деп.

Тыючу пенде өзүм деп,
Ачайын мунун көзүн деп.
Кесепеттүү чиркиндин
Келтирди Кудай кезин деп.

Айылыма чабуул келгенде
Аянамын несин деп.
Чындап жаны карарып,
Атка минди шаңданып.

Жоо бөрүсү чунагың
Жоо-жарагын камданып.

418.
Кылычын кыя байланып,
Бар жарагын шайланып.
Жамандар ишти бузду деп,
Чап жагына айланып.

Каныкей менен хан Бакай
Какшадың уктум зарың деп.
Жалган эмес кордукту
Өзүм да көрдүм барын деп.

Өзөгүмө өрт түшүп,
Өрттөнүп күйдү жаным деп.
Сыр найзаны колго алып,
Качырып кирди эр Семең.
Тартынбады тууган деп,
Талыкпаган эр немең.

Кирген жерде сүрүлтүп,
Кара жандан түңүлтүп,
Аттан сайып түшүрдү
Көр Көбөштү бүгүлтүп.

Алды султан колуна
Абыкени карматып,
Агалар колго түштү деп,
Айтып сөзүн шардатып.

Бул пейилден жанар деп,
Мусулман болуп калар деп.
Көр Көбөштүн жоругун
Көңкү журтка жардатып,
Абыке менен Көбөштү
Орго салды зарлатып.

Калган элди токтотуп,
Канчасын уруп боктотуп.

Аттан, тондон айырып,
Аябай сайды окшотуп.

Калктын баары чуркурап,
Какшап ыйлап буркурап.
Хан Жакып айдап келди деп
Карганып ыйлап зыркырап.

419.
Жандын баары чыркырап,
Жашын төгүп буркурап.
Көбөштөн коркуп келдик деп,
Көрсөтүп айтып зыркырап.

Жакыптан коркуп келдик деп,
Жанга жабыр көрдүк деп,
Жазыгы жок курган жан
Жан аманат өлдүк деп.

Көбөштөн коркуп келдик деп,
Көргүлүктү көрдүк деп.
Көрүнөө ажал келбестен
Көзүбүз жетти өлдүк деп.

Хан айдады келдик деп,
Каза жетип өлдүк деп.
Кара жолтой Көбөштөн
Көргүлүктү көрдүк деп.

Бул Жакып хандын зордугун,
Жанга баткан кордугун,
Бул Көбөш хандын зордугун,
Көрсөтүп кылган кордугун,

Атаң Манас хан эле
Кечиримдүү жан эле.
Кечирсең балам, өзүң бил
Кечирбесең өзүң бил.

Семетей балам, жан соога!
Жазык жок жалпы калкыңда.
Баш көтөрөр дарман жок
Манастын калдык артында.

Атпай алаш, көп кыргыз
Атаңдын салган салтында,
Деп калк чуркурап турганда,
Ушул сөздү урганда,

Эр Семетей султаның
Элге, журтка кеп салды.
Кечиримдүү чунагың
Кеп салганда деп салды.

420.
Айтса айтпаса төгүнбү,
Хандары буйрук кылчу деп,
Хандары жардык кылган соң,
Кара аламан букара
Амиринде турчу деп.
Ур дегенди урчу деп.

Жалпы журтум жайлан деп,
Жакшылыкка айлан деп.
Баласы жетим мен турсун,
Манаска тийген пайдаң деп.

Кара аламан букара,
Калкым, сенде жазык жок.
Калың алаш, көп кыргыз
Журтум сенде жазык жок.

Жалпы журтум, тынгын деп,
Жайланып оокат кылгын деп.
Эки күндө, бир күндө
Чоролор келип тургун деп.

Баатыр Манас салтындай
Башкарып кеңеш кургун деп.

Атамдан калган кырк чором,
Сен дагы көрдүң жабырды.
Армандуу жетим Семетей
Мен дагы көрдүм жабырды.
Эр Манастан айрылып,
Эл дагы көрдү жабырды.

Атамдан калган кырк чором,
Акылыңдан шашпа деп,
Манасың келди тирилип,
Чоролор жолду башта деп.

Ичиңде пикир калбасын
Пикириңди мен үчүн,
Мен болбосом эл үчүн
Ичиңден алып ташта деп.
Чоролорго кеп айтып,
Чогулуп уккун деп айтып.

421.
Калкын байлап тындырып,
Ушул сөздү урганда,
Манастын уулу эр Семең
Байкап карап турганда.

Бакай менен Жакып жок,
Турган элдин ичинде.
Мажилис баштап, чоң кеңеш
Курган элдин ичинде.

Манастын уулу султаның
Басалгалуу шумпайың,
Абакем Бакай кайда деп,
Көрүнбөйт деп көзүмө,
Басалгалуу чунагың
Бакайды алып эсине,
Бакайды издеп эр Семең
Жөнөп калды каргытып.

Аңгемени арбытып,
Калың журтун дарбытып,
Алда кандай болду деп.
Абыкенин дартынан
Сандыргалуу эр Семең
Салып жетсе артынан.

Бир туюк колот башында,
Жан адам жок кашында,
Жакыпка Бакай жармашып,
Жан аябай кармашып.
Ал-кубатын аңдашып,
Аянбастан кармашып,

Колдорунда жарак жок
Кой деп койгон адам жок.
Асынган кылыч, жарак жок.
Ажыраткан адам жок.

Аттын башын бош таштап,
Аянбастан тармашып,
Алыска кетип калыптыр
Жан аябай жармашып.

422.
Аттан тартып эңишип,
Абышкалар жеңишип,
Жакыпты Бакай талпайтып,
Аттан сүйрөп салыптыр.
Чалкасынан жаткырып,
Төшүнө минип алыптыр.

Манастан калган Кең-Колдо
Кырк кулач казган ору бар.
Түртсө кетет түбүнө
Түшкөн жандын шору бар.
Алпарып орго салсам деп,
Эр Бакайдын ою бар.

Ал аңгыча болбоду
Калк жыйылып келгенде,
Сербейип минген Буурулга
Семетейди көргөндө,
Баатыр Бакай эрдемсип,
Баласы жыгып бергенсип,
Байдын уулу эр Бакай
Хан Жакыпты байлатып,
Казыналык жигиттин
Алдына салып айдатып,
Абыке менен Көбөштүн
Айдап келди үстүнө.

Орго салды жайлатып,
Жакыптын шорун кайнатып,
Ор кайтарчу муршапты
Дайындап койду башына.

Кеп айтам деп ким да ким
Келбесин деп кашына.
Ачкадан өлүп калбасын
Зындан башы муршабым,
Аш-тамакты мол берип,
Карап тур деп ашына.

Көбөштөн көргөн кардыкты
Кылып жүргөн ар убак,
Тилекти Кудай берди деп,
Бакай кылды жардыкты.

423.
Жакып болсо жайланды,
Көбөштүн жолу байланды.
Алды каткан Абыке
Ак, карасы билинбей
Карага иши айланды.
Кастыгы жок кармалды.

Калган журтум, угуп тур,
Хан Бакай айтар кебим бар.
Боло турган оокаттын
Жайын айтар эбим бар.

Жалпы журтум, угуп тур,
Жардык айтам алашка.
Атпай кыргыз калың журт,
Арманың барбы Манаска?

Манастан калган бир жалгыз
Жаңыдан конду Таласка.
Эсиң болсо көп кыргыз,
Эрдикти мындан талашпа.

Жакып хан менен Көбөшкө
Жакын барып жанашпа.
Манастан калган кырк чоро
Баарыңа жаккан кеп айтам.

Башчы болгон Бозуул
Карыңа жаккан эп айтам.
Манастан калган жетимге
Баарыңар ага деп айтам.

Адашпай пенде калчу эмес,
Адашкан жолго барчу эмес.

Адашкан жолдон баш тартпай,
Азапка өзүн салчу эмес.

Манастан калган жетимге
Чоро болуп алгын деп.
Кеңешин таап жетимди
Келтирип жолго салгын деп.

Пейлиңди чечип кырк чоро
Менин тилим алгын деп.

424.
Семетей көчүп келгенге,
Тилекти кудай бергенге,
Элирип кеткен бир жетим
Элин, журтун көргөнгө.

Атпай кыргыз баарың кел
Үлгү баштап ой болот.
Кең-Колго жетим келгенге
Үч күндөн кийин той болот.

Келбей калган бул тойго
Кесирлүү адам кор болот.
Деп эр Бакай аке кеп айтып,
Кеп айтканда эп айтып.

Жалпы журтум, үч күндө
Даяр бол тойго деп айтып.
Элди Бакай таратты.
Өз колуна каратты.

Бакайдын айткан кеңешин
Эси бар адам жаратты.
Бошогонго сүйүнүп
Эл тарады кечинде.
Хан Бакайдын жардыгы
Калың журттун эсинде.

## КАЛМАККА КАЧКАН ЧОРОЛОРДУ СЕМЕТЕЙДИН КЫРГАНЫ

Эми кырк чоронун кеби бар,
Кебин айтар эби бар.
Чорону шайтан айдады
Чогулуп кеңеш байлады.

Биринен бири көрүшүп,
Ажал жетти өлдүк деп,
Өлбөсөк да канкордон
Көргүлүктү көрдүк деп.

Атасын кармап алды деп,
Агасын орго салды деп.
Билген жан ойлоп көргөндө
Бизге кезек калды деп.

425.
Чоролор ыйлап чуркурап,
Чогулуп ыйлап буркурап.
Бозуулдун кылган иши деп,
Катын, бала чыркырап.

Баймат таз ыйлап бакылдап,
Сөз баштады шакылдап.
Семетейге уялбай
Барабыз кантип жакындап?

Көбөшкө мурун баш катып,
Каныкейди какшатып,
Кара жолтой ит чиркин
Канчалык ишин аксатып,

Элден, журттан кубалап,
Эркенин ишин пастатып.
Ырчыуул менен Бозуул
Ырбаткан ишти башында.

Жанга кеңеш салбастан,
Көбөштүн Бозуул кашында.
Кеп-кеңешин салбастан
Адамдын тилин албастан,

Кырк чоро бизден чыкпайт деп,
Экөөң кирдиң Көбөшкө.
Мен кетемин, турбаймын
Жолум даяр жөнөшкө.

Каныкей менен беттешип,
Канетип мында турам деп,
Калмактын журту боорукер
Калмакка кетип тынам деп.

Калмакка кетип тынбасам
Кандай арга кылам деп.
Баймат тазың бакылдап,
Убалга Бозуул калдың деп.

Баштан-аяк чоронун
Баарысы ыйлап какылдап.

426.
Бозуулга жүктөп убалын
Чоролор качты жайсаңга.
Кой чоролор, кетпе деп,
Адам жок жайлап айтарга.

Малга, жанга карабай,
Катын, бала буркурап,
Бир күн өтүп кеткенде
Экинчи күнгө жеткенде,

Семетей кабар-кеп угуп,
Кеп укканда эп угуп,
Чоролор чогуу калмакка
Качып кетти деп угуп,

Чоролор бүгүн келет деп,
Чоюлуп жаткан эр Семең.
Чоролор качты дегенде
Чочуп калды эр немең.

Бул кара жолтой чоролор
Качан кылдым зордук деп,
Калмакка кирип кетем деп,
Качканы мага кордук деп,

Келгеним беш күн боло элек
Келгеним айыл коно элек,
Ай деп койгон жерим жок,
Жаман айткан кебим жок.

Чоролор менден жатыркап,
Чочуп качар эби жок.
Кыянат кылып кетем деп,
Кырк чоро качпа калмакка!

Колум тийген жери жок,
Койдум деп итти арбакка.
Кырк чорого барам деп,
Токтотуп алып калам деп,

Жакшы сөзгө келтирип,
Чоро кылып алам деп.

427.
Хан Бакайга кеп айтып,
Кабарлап тургун деп айтып,
Манастын уулу эр Семең,
Басалгалуу эр немең.

Буурулду минип булактап,
Олпокту кийип кылактап,
Жоо-жарагын шайланып,
Кылычын кыя байланып,

Ак келтесин асынып,
Атка минди ашыгып.
Сыр найзасын таянып,
Калбаймын деп аянып.

Бакай хандан бата алып,
Бастырып чыкты шаңданып,
Бала төрө Семетей
Бар жарагын камданып,

Эр Семетей султаның
Бара турсун жолуна.
Кебелбеген чунагың
Келер деп ишим оңуна.

* * *

Көбөш менен Жакыпты
Манастын салган оруна,
Куюккан тайга ит кошок
Көбөшкө кошо кармалып,
Абыке түшкөн шоруна.

Чыйырды менен Эркенин
Чындап түштү колуна.
Семетей болсо кетти деп,
Далай жерге жетти деп,

Бул колго түшкөн иттердин
Кордугу бизге өттү деп.
Кайын эне, келин кеңешип,
Хан Жакып менен эгешип,

Көбөш менен алышып,
Көңүлү мыктап калышып,

428.
Көңүлү калган Көбөштөн,
Жан кашайган Жакыптан,
Бакайга масаат салбастан
Башканын тилин албастан,

Кылып жүргөн шегинен
Кылайып Эрке жанбастан,
Чындап жаны караргaн
Чыйырды шертин танбастан.

Семетей кайта келгенче
Доңуз ханды соймок деп,
Көбөштү көргө киргизип,
Союп таштап коймок деп.

Оторду алып башына,
Очорду алып кашына,
Жан аябай чыкты деп,
Жанына Эрке көп алып,

Жакып хан менен Көбөштү
Жайлап бергин деп алып,
Каныкей менен Чыйырды
Орго келип турушуп,

Доңуз ханды чыгар деп,
Муршапка буйрук кылышты.
Чыгарып бер деп Жакыпты
Чыйырды айтып турганда,

Чындап жаны кашайып,
Ушул сөздү урганда.

Муршаптар карап турбастан,
Буйругун эки кылбастан.
Соо койбостон Каныкей
Соймок болду бир баштан.

Жакыпты ордон чыгарып,
Чыйырдыга тапшырды.
Хан Жакыпты Чыйырды
Кабыргасын капшырды.

Желдетке Эрке буюруп,
Кара жерге жапшырды.

429.
Кепке-сөзгө келбестен,
Чыйырды чырды баштады.
Желдеттер желин чыгарып,
Жакыпты жайлап таштады.

Жакып хандын соңунан
Жайладык деп чоңунан,
Келберсиген Каныкей
Келди деп ишим оңунан,

Жакып хандын артынан,
Көбөштөн күйгөн дартынан,
Көбөштүн канын ичсем деп,
Каныкей турган камынып.

Кара жаны кашайып,
Карап турган сабылып.
Желдеттерге буюруп
Көр Көбөштү сойсом деп,
Абыкени бошотуп,
Азат кылып койсом деп,
Көбөштү ордон чыгарып,
Колу, бутун байлатты.
Желдеттерге тапшырып,
Көз алдында жайлатты.

Жаны күйгөн Чыйырды
Жакып жапаа келтирип,
Жакып менен Көбөштү
Экөөнү бирдей өлтүрүп.

Эми Абыкени чыгар деп,
Жайланып сөзгө сынар деп,
Абыке өлсө кокустан
Хан Бакай уят кылар деп,

Абыкени алдырып,
Каныкей сөздү баштады.
Баштан-аяк бар сөзүн
Баарын айтып таштады.

Хан Жакып менен Көбөштөн
Кадырынын калганын,
Каныкей айтып арманын
Абыкеге какшады.

430.
Атаң болсо өлдү деп,
Ажалдуу пенде көндү деп.
Көбөш болсо өлдү деп,
Көргүлүктү көрдү деп.

Жазыктуу пенде өлчү деп,
Жазыгын өзү көрчү деп,
Кылмыштуу пенде өлчү деп,
Кылмышын өзү көрчү деп.

Күйгөнүм дайын өзүңө,
Кулак салгын сөзүмө!
Капа болбо атаңа,
Кайгырбагын агаңа.

Эр Абыке бегим деп,
Эшиткин менин кебим деп.
Алсаң даяр Каныкей
Өзүм табам эбин деп.

Алар болсоң кез келди
Каныкей айтпайт тегин деп.
Жалгызыңды ээрчитип,
Арка болор кезегиң.
Карысам да Кашкөйгө
Калка болор кезегиң.

Алар болсоң Абыке,
Табамын өзүм эсебин.
Деп Каныкей айтып турганда,
Ушу сөздү урганда,

Абыке айтты албайм деп,
Азапка жалгыз калбайм деп.
Мени да өлтүр Каныкей
Мен үйүмө барбайм деп.

Бул эки акмакты алган жок,
Бул сөзүмдө жалган жок.
Каныкей, дайын өзүңө
Айтпаган сөзүм калган жок.

Атам өлүп, мен калып,
Агам өлүп сандалып,
Калк ичинде уялбай
Канетип жүрөм жан багып?

Деп Абыке айтып турганда,
Ушул сөздү урганда.

431.
Эми Чыйырды турду чаңкылдап,
Чындап айтып даңкылдап.

Бул Кашкөйдүн айткан кебин деп,
Жанынан тапкан бегин деп,
Кыйгыштаган жалаптын
Таап алган эрин деп.

Кечээ качып кеткен жоругун
Каныкей кашкөй ойлойбу?
Абыке алал болгондо
Жолбун ит мага жойлойбу?

Эч болбосо Көбөштөн
Арачалап койбойбу?

432.
Жакып, Көбөш кысканда
Арача көздөн учканда,
Арачачы болбойбу
Айлымдан чыккан душманга.

Каныкей, кандай билбейсиң?
Кандай сөздү сүйлөйсүң?

Кара жолтой хан Жакып
Менин касташканым кары жоо.
Хан Жакыптын тукуму
Абыке, Көбөш сары жоо.

Салпайтып муну не кылам,
Сары жоонун баары жоо.

433.
Ойкуштаган кара бет
Бул кебиңди койгун деп,
Желдеттерим турбастан
Абыке кулду сойгун деп.
Тукумун үзүп койгун деп.

Каныкейге ээ кылбай,
Чыйырды чырды баштады.
Кадыры калган Чыйырды
Бул чырынан качпады.

Абыкени өлтүрүп.
Аны да жайлап таштады.

434.
Карлык көргөн Чыйырды
Кайратынан шашпады.
Бакдөөлөттүн балдарын
Баарын кырып таштады.

Жакыпты жайлап өлтүрүп,
Жанына жабыр келтирип.
Көбөштү көргө киргизип,
Көөсарлыгын билгизип.

Абыкени аксатып,
Бакдөөлөттү баштатып,
Накылайды келтирип,
Муну да жайлап өлтүрүп,
Касташкандын баарысын
Каныкей турду какшатып.

435.
Касташканын союшуп,
Кара жерди оюшуп,
Хан Жакыпты баш кылып,
Казып көргө коюшуп.

Каныкей менен Чыйырды
Кошулдук деп алашка.
Арамдарды өлтүрүп,
Кондук деп келип Таласка.

Келдик деп Талас жыргалга
Кошулдук деп тууганга,
Кызык жорук кылдык деп,
Кыянаттуу кулдарга.

* * *

Эми Семетейдин кеби бар,
Секин айтар эби бар.

436.
Чоролор качкан чогулуп,
Калың кыргыз калкынан.
Эр Семетей султаның
Эрикпей түшкөн артынан.

Тайбуурулду каргытып,
Тамашасын арбытып,
Ала-Бел ашып каргытып,
Аңгемесин арбытып,

Тура калып из карап,
Бир карабай үч карап.

Суусамыр бойлоп кыркындап,
Жолго түшүп шылкылдап,

437.
Сары изине чөп салып,
Сая кууп эр Семең.
Сапар жолдон аянып,
Тартынбаган эр немең.

Кара-Көлдүн башында,
Сандык-Тармал сазында,
Чоронун жетти артынан,
Жалпак-Таштын кашында.

Жеткен заман Семетей
Кырк чорого кеп айтты.
Кылайтып менин сөзүмдөн
Кине таппа деп айтты.

438.
Чоролорум, тургун деп,
Чогулуп кеңеш кургун деп.
Менден айып иш өтсө
Кечирип сабыр кылгын деп.

Кечээ келдим калкыңа
Алаш, кыргыз жалпыңа.
Чоролор, качып чочуттуң
Бүгүн түштүм артыңа.

Айып өтсө өзүмдөн,
Айтып турган сөзүмдөн,

Айланайын кырк чором,
Тайбуурулум тартуу деп,
Тай буурулга болбосоң
Кара башым тартуу деп.

439.
Түрк баласы кадымдан
Алдына тартуу айтуу деп,
Тартуу тармак болгон соң
Көңүлдөн кири кайтуу деп.

Туура тартып алдынан
Тартып калды бууданды.
Айып көрбө ардактап,
Артыңан жетим кууганды.

Таштап кетер жөнүң жок
Жалпы кыргыз тууганды.

Калмак болсо кара дин
Качпагын чором калмакка.
Калың кыргыз калкыңа
Учурарсың арбакка.

440.
Асыл динден айрылып,
Каапыр болуп кетерсиң.
Бар оокаттан айрылып,
Бакыр болуп кетерсиң.

Жат элдин жайын биле албай,
Жакыр болуп кетерсиң.
Алымсынбай калмакка
Армандуу болуп өтөрсүң.

Айткан тилди албасаң
Алашка уят келтирдиң.
Таштап кетсең бул жерди
Таласка уят келтирдиң.

Кечээ шай колдогон падыша
Манаска уят келтирдиң.
Манастан калган мен шордуу
Семетейди өлтүрдүң.

441.
Хан Манаска душман-жоо
Калмактын калкы кеп айтар,
Кастык менен ушактан
Кеп айтканда көп айтар.

Манастын уулу кыскандан,
Күйүп отко бышкандан,
Өзүнөн чыккан душмандан
Чоросу качкан деп айтар.

Кыргыздын калкы өзүмө
Кылчайгысыз кеп айтар.
Кылымга сөзүм угулса,
Кылымдын калкы көп айтар.

Семетей канкор кыскандан.
Кыскандан күйүп душмандан,
Жек көрүнүп кырк чоро
Жеринен качты деп айтар.

Убалга чором каларсың
Уятты бетке саларсың.
Тирүүлөй мени өлтүрүп,
Калмакка качып бараарсың.

442.
Айланайын кырк чором,
Атамдан калган жан чором,

Кеткениң кайтып келгенде
Тилекти Кудай бергенде.
Качып кеткен жалгызың
Кайрылып калкын көргөндө,

Айланайын кырк чоро,
Бул сөз барбы эсиңде?

Деп Семетей муну айтып,
Кара жанды муңайтып,
Жашын төгүп зар ыйлап,
Жалпы эмес, чын айтып.

443.
Токто чором, токто деп,
Тосуп туруп кеп айтып,
Торгоп сөздү көп айтып,
Токто чором, деп айтып.

Тогуз жерде ат тартып,
Тосуп турду эр Семең.
Жазыгым болсо кечир деп,
Жайын айтып эр немең.

Эми чоролор чогуу кеп салды,
Кеп салганда деп салды.
Манастын уулу уккун деп,
Баатыр болсоң чыккын деп.

Кайрылып кантип бардык деп,
Барганыбыз ардык деп,
Уялбай бизге не келдиң
Укпайбыз сенден жардык деп.

444.
Балам, тапкын жолуңду,
Көрбөйбүз кыргыз элиңди.
Койгун бизге кебиңди,
Моюнга алдык өлүмдү.

Биз барбайбыз кыргызга,
Бекер бизге тырмышпа.
Биз кетебиз, турбайбыз
Жылдыз менен Кундузга.

Тарынгансып Семетей
Тапшырарсың арбакка.
Тарынсаң мейли, кетебиз
Тамаша салып калмакка.

Токтото турган көтүң жок,
Токто деп айтар сөзүң жок.
Качканды кууган уялбай,
Семетей, сенде бетиң жок.

445.
Аянбастан бел байлап,
Атышып туруп кетебиз.
Кызыл канга бир жолу
Батышып туруп кетебиз.

Ажал жетсе өлмөк чын,
Аянып сенден нетебиз.
Аянбастан атышып,
Ажырап сенден кетебиз.

Деп Кара-Көлдүн боюнда,
Капка таштын оюнда,

Кара жолтой кырк чоро
Кайрылбады тозушка.
Ок жаадырып мылтыктап,
Качырып кирди урушка.

Чындап жаны карарды,
Чычты деп чоро ырыска.

446.
Жолун тосуп эр Семең
Тосуп турган кезинде.
Кандай кылып кетсем деп,
Козуп турган кезинде,

Бараң мылтык барсылдап,
Кара мылтык тарсылдап,
Чоролор чырды баштады,
Ок жаадырып тарсылдап.

Учурунда чоролор
Убада сөзүн бек кылып,
Атып тосту кырк чоро
Семетейди чеп кылып.

Мылтыктын огу тийгенде
Чарайна, соот чакылдап.
Чарайнага ок тийсе
От асманга жаркылдап.

447.
Аянбай чырды баштады.
Асыл төрөң шашпады.
Буулуккандай чунагың
Бул чырынан качпады.

Айлансам чоро болбойт деп,
Мени аламын деп ойлойт деп.
Тартуу тартсам болбойт деп,
Тамаша деп ойлойт деп.

Кара мүртөз чунагың
Капалык ичке толгон деп.
Канчалык ыйлап жалынса,
Кайрылбай чоро койгон деп.

Кара чунак Семетей
Кара жандан тойгон деп,
Кантейин деп иттерди
Канча түрлүү ойлонгон.

448.
Атаңа арман жаштыгым,
Бир атадан аздыгым.
Жашымда жетим калганда,
Мен жакындан көрдүм кастыгын.

Армандуу дүйнө кантейин,
Ар кимден көрдүм кордукту.
Эрегиш кылып энеме
Эки агам кылды зордукту.

Чогоолдугум карманып,
Чоң атам кылды зордукту.
Чогулуп качып калмакка
Чоролор кылды кордукту.

Кечээ падыша болуп турганда
Максатын кабыл кылганда.
Атам Манас падыша
Чоң дөөлөттө турганда.

449.
Чоңдугун Манас көрсөтүп,
Чорого кылган жардыкты.
Кылымды билген кезинде
Кырк чоро көргөн бардыкты.
Кылчайып карап койгун деп
Кыйкырып үнүм кардыкты.

Кылчайып мага карабай,
Кырк чоро кылды тардыкты.
Кылча жаным аябай
Кылдым деп буга ардыкты.

Арманын айтып Семетей
Аманат жандан тойдум деп,
Армандуу дүйнө кантейин
Арбакка иттер койдум деп.

Ак келтесин дүрмөттөп,
Аянбай Семең он атты.
Он чорону кулатты.
Онун бирдей сулатты.

450.
Канкор бизди койбойт деп,
Кара канга тойбойт деп.
Чочуп калды, корккондон
Чоронун баары сойлойт деп.

Тим турбай буга катылдык,
Тирүүлөй жанды койбойт деп,
Качып калды калганы
Кара-Көл ылдый кыркындап.
Кантсе мындан өлдүк деп,
Мууну кетип шылкылдап.

Манастын уулу эр Семең
Басалгалуу эр немең

Кара-Кочкор жериң деп,
Калың кыргыз элим деп.
Сарбан таздын эр Үрбү
Сандыргалуу бегиң деп.

451.
Жалпы кыргыз тууганым,
Угуп тургун сөзүмдү.
Баштан-аяк дайындап,
Билдирейин өзүмдү.

Мен Манастын уулу Семетей,
Баарыбыз кыргыз тууган деп,
Тумшугу жок курган жан
Туугандан дилим сууган жан.

Кең-Кол, Талас жеримден,
Кепке-сөзгө келбестен,
Калмакка кирип кеттим деп,
Кайрылып жооп бербестен,

Кырк чором качты жеримден,
Кыялын бузуп кылчайбай.
Кууп келдим артынан
Кара жаным тынч албай.

452.
Эч айласын таба албай,
Ыйлап турган кезинде,
Эт жүрөгү токтобой
Туйлап турган кезинде,

Аткан огу кур кетпей,
Кыйрап турган кезинде.
Алты жашар Күлчоро
Ар жорук бар эсинде.

Акмак чоро, өлдүң деп,
Акыретти көрдүң деп.
Алтын ордо Таластан
Ажал айдап келдиң деп.

Чорого Күлүс кеп айтты,
Чогулуп өлдүң деп айтты.
Чоң жолборско катылып,
Баарың өлдүң деп айтты.

453.
Кырк чорого кеп айтты.
Кысылып өлдүң деп айтты.
Манастын тузу ургандан
Бузулуп өлдүң деп айтты.

Атаңа арман жаштыгым
Атам Мажик баштыгың,
Манастын уулу султанга
Бар беле сенин кастыгың?

Алмамбеттен туубай кал,
Мажикте биттей акыл жок.
Акылы болсо Мажикте
Манастан башка жакын жок.

Жакынга байлап кеп айтпай,
Жарашыктуу эп айтпай.
Алмамбеттен туубай кал
Жайым мындай деп айтпай.

454.
Акмак Мажик өлдү деп,
Өлгөнүн көзүм көрдү деп.
Чоронун баары өлдү деп,
Чогултуп көргө көмдү деп,

Катын, бала калганга
Катар бизге келди деп,
Эрегиш кылган чорону
Эр Семетей жеңди деп.

Уялбай жолго салдың деп,
Убалга чоро калдың деп.
Кара жаның каркыттап
Калмакка кантип бардың деп.

Өлдүң жаның тынды деп,
Эр Семетей кырды деп.
Акмак чоро оңбогун
Адамдын шагы сынды деп.

455.
Жаш бала сайрап турганда,
Ушул сөздү урганда.

Кырк чорону кырганда,
Кырып жаны тынганда.

Катын, бала калтырбай
Баарын кырып салганда.
Эрегиш кылдым, сойдум деп,
Эр Семең кирди арманга.

Эрегиш кылды чоролор
Эт жүрөгүм жанды деп,
Эмгегим сая кетти деп,
Эки бала калды деп.

Манастын уулу эр Семең
Басалгалуу эр немең.

Атамдан калган кырк чоро
Ажалы менден болду деп.
Калмакка качып кайрылбай,
Катары менден болду деп.

556.
Эрегиш кылып  кырк чоро
Эмгекке мени салды деп.
Эрмек кылып алайын
Эки бала калды деп.

Уруулуу чоро кырылды,
Уятка мени салды деп.
Урматтап багып алайын
Эки бала калды деп.

Алты сан алаш калкына
Укум калсын деп айтып,
Алмамбет менен Камбардан
Тукум калсын деп айтып.

Кылымга толгон кыргызга
Укум калсын деп айтып,
Кырк чоронун экөөнөн
Тукум калсын деп айтып.

457.
Алып калган балдарым,
Аман болсун жандарың.
Эки чоро балдарым,
Эсен болсун жандарың.

Камбардын уулу чунагым,
Канчоро болсун атың деп.
Кагылайын Канчором,
Кайраттуу болгун баатыр деп.

Алмамбеттин ардагы
Адамга тиер жардамы.
Айланайын чырагым,
Асылдан туяк калганы.

Күлчоро болсун атың деп,
Күлчором болор баатыр деп.

Эми эр Семетей султаның
Эрикпеген шумпайың.
Сөз баштады өрмөккө
Кырк чорону көммөккө.

458.
Кочкордун калкын жыйдырып,
Кол алдына сыйдырып.
Кыргыздын калкын жыйдырып,
Кызматына сыйдырып.

Жердин бетин ачтырып,
Көрүн терең каздырып.
Кара жерди ойдуруп,
Кара ашын мыктап сойдуруп,

Келген элдин баарысын
Этке, майга тойдуруп.

Кырк чоронун бейитин
Эки жерге койдуруп.

Уруулуу журтун сындатып,
Усталарды кылдатып,
Чорого күмбөз кылам деп,
Кылбай кантип тынам деп.

459.
Аянбай уста алдырып,
Ашарлатып салдырып.

Эрикпеген чунагың
Эки ай жатып күтүнүп,
Кырк чорого кырк күмбөз
Кылдырып баарын бүтүрүп.

Акысына устанын
Айры өркөчтөн нар берип,
Алда канча мал берип.
Алтын, күмүш зар берип.

Сандыргалуу эр Семең
Кайтмак болду Таласка.
Уялбай кантип барам деп,
Учан Теңир алашка.

Кырк чором болсо кырылды.
Кыргыздар угар чырымды.
Кырк чоросун кырды деп
Кылымга сөзүм угулду.

Кылымга толгон кыргыздан
Кимге айтамын сырымды?
Армандуу дүйнө, кантейин,
Айыпка башым жыгылды.

460.
Кой деп койгон адам жок,
Карыя Бакай абам жок.
Кандай жорук баштадым?
Каргаша кылып таштадым..

Аксымдыгым карматып,
Айрылып калдым чоромдон.
Армандуу дүнүйө ушу экен
Атамдан калган чором деп.

Эки бала эрмегим
Бактыма Кудай бергеним.

Миндирсем атка мына бу
Сапардын жайын билеби?
Алыскы сапар жол болсо,
Атка минип жүрөбү?

461.
Атамдан калган кош жетим
Атка минбе бош жетим.
Атасы мага кас жетим.
Атка минсе жаш жетим.

Азабын тартып турам деп,
Айласын кандай кылам деп.

Кара чунак Семетей
Капага көөнү айланды.
Куржунга салып байланды.

Капа болуп камсыгып,
Камчы кармап капшырып,
Кантейин өлсө өлдү деп,
Канжыгага тапшырып.

Өлсө өлүп калар деп,
Өлбөсө аман барар деп.
Канжыгага бек байлап,
Кантейин өлсө деп байлап.


462.
Арманын айтып бир баштан,
Аттын башын бурбастан,
Манастын уулу эр Семең
Жөнөп калды турбастан.

Кара-Көл ашып каргытып,
Жол жүрүшүн арбытып,
Суусамырга турбастан
Буурулдун башын бурбастан,
Тайбуурулду каргытып,
Таласка жетпей тынбастан,

Манастын уулу эр Семең
Басалгалуу эр немең


Келди Кең-Кол жерине.
Кең-Колдогу элине.
Кеңешин таап берүүчү
Баатыр Бакай бегине.


*1936-ж. 28-апрель*



№ 10 инвентардын акыркы бети

**Инв.№11 (араб арибнде)**




Инв. №11 – кол китептин 1-бети

# СЕМЕТЕЙ

1.
Сөздүн башы «бисмалла»
Бисмалла бүткөн миң жылда.
Сөз чыгардым жакында,
Сүйлөп тилим шакылда,
Илгеркинин Манасы
Ибарат болгон акынга.

Туйгун эрдин санаты
Туура келди акынга.
Баатыр Манас башында,
Кырк чоросу кашында,
Кылымды билип эр болуп,
Чыккан Манас жашында.

Айкожомдон бата алып,
Баатыр Манас атанып,
Баатырлыктан эр Манас
Падыша болгон кылымга.
Пайгамбардын эсеби
1 үч жүз элү жылында.

Хан Жакыптын Манасы
Казаттын жүргөн чырында.
Кат жиберип караткан
Калыйпа султан Урумга.
Маалим болгон ушул сөз
Акындардын ырында.

Кат жиберип эр Манас
Урумдун калкын караткан.
Калыйпа Урум султаны
Манастын ишин жараткан.
Манас деген бир баатыр
Чыкты деп уккан алашта.
Атагын угуп алыстан
Баарысы корккон Манастан.

2.
Ыстамбулдун улугу
Имамдардын тунугу.
Патимадан тараган
Пайгамбардын уругу.
Баттал казы баласы
Сары Салтак тушунда
Хан Жакыптан туулуп,
Чыккан Манас ушунда.

Туулган жери Алтайда,
Турган жери Жайсанда.
Алтайда Манас туулган
Туулбас мында уулдан.
Кара калмак кытайга
Хан Манас салган чуулган.

Түп уругу түрктөн
Колдогону кырк чилтен.
Кол бергени Айкожо
Мекедеги Ак эшен.
Юунус болсун деп,
Манаска кожом ат койгон.

Баласыз жүргөн хан Жакып
Тоюна калың мал сойгон.
Илгеркинин жомогу
Айтсам келер оролу.
Төгүнү, чынын ким билет
Төрөнүн кылган жоругун.

Кылып өткөн жоругун
Айтсам жөнү болобу?
Байыркынын Манасы
Жери: Кең-Кол, Таласы.
Таласка келип жай салып,
Жайсанда калган калаасы.

3.
Ак калпактуу кыргызга
Айрым болгон арасы.
Падыша Манас султаның
Баатыр түрктүн сарасы.
Сандыргалуу эр Манас
Сардал кыргыз баласы.

Билбегенден Манасты
Биздин кыргыз татар дейт.
Келишимдүү бир баатыр
Кең Таласта жатар дейт.
Ит агытып, куш салып,
Тамашага батар дейт.

Татар эмес моголдон
Сөзүмдү өткөн соолдон
Жазуучу адам жок болуп,
Сажырасы жоголгон.
Зардал Манас султандын
Сапардашы оңолгон.

Түп атасы орногон
Түпкү жайы Самаркан.
Түркүк болгон калкына
Түп уругу түркүстан.
Орчун баатыр болгондо
Орун алган Таластан.

Илгеркинин сөзү чын
Ибарат уккун Манастан.
Ак калпак кыргыз, казакта
Ашып чыккан алаштан.
Батырмын деп Манаска
Кандай пенде жанашкан?

Түп атасы  Өгүз хан,
Өгүз хандан Кыргыз хан.
Баатыр Манас султаның
Баштап чыккан кыргыздан.
Наркы атасы Төлө хан,
Төлө хандан Төрө хан.

Төрө хандан Бара хан
Бара хандан Бөйөн хан.
Бөйөн хандан Чаян хан
Чаян хандан Кара хан
Кара хандан Ногой хан,
Ногой, нойгут бир тууган.

Ногой хандан Жакып хан
Нойгут хандан Шыгай хан.
Нойгут хандын балдары
Акбалта, Шыгай бир тууган.
Ногой, нойгут аталып,
Атагы кеткен калкына.

Хан атагы калк болуп,
Нуска калган артына.
Карылардан уккан сөз
Көзүм жетпейт калкына.
Жакыптын уулу жаш Манас
Кырк чорого баш Манас.

Кылычынан кан тамган,
Кытай, калмак кас Манас.
Жүздөн чыккан Эр Манас,
Жүргөн жери Чүй, Талас.
Хан Манастын калкыбыз
Казак, кыргыз көп алаш.

Эр Семетей султаның
Баатыр Манас баласы.

Сандыргалуу эр Семең
Сан кыргыздын сарасы.

4.
Жетим калган кезинде
Баары жүргөн эсинде.

Кайрылбады балам деп,
Падыша Жакып баласы.
Ар убак сыйлап баккан жок
Абыке, Көбөш агасы.
Темир ханды калкалап,
Семетейди аркалап,
Каныкей менен Чыйырды
Качып барган чамасы.
Эки семиз ат берип,
Эки чанач сүт берип,
Жолго салып жөнөткөн
Баатыр Бакай абасы.

Жетим калган Манастан,
Жерсиз калган Таластан,
Хан Темирди аркалап,
Качып кеткен алаштан.
Тентип барып чоң болуп,
Кылган иши оң болуп.

Жетим жүрүп жетилип,
Жергеге башы кошулуп,
Таласка кайтып келгенде,
Талаткан журтун көргөндө
Каңырыгы бек түтөп,
Кайгыга көңүл бөлгөндө.

Жакып ханды жалмады,
Абыкени аймады.
Калың түрктүн тукумун
Кадыры менен кармады.
Көбөштү көргө кийирди,
Көп кыргызды ийирди.

Бала төрө султандын
Баатырлыгы билинди.
Туугандары кас болуп,
Тузагына айланды.
Кыларына келгенде
Кырк чоросун жайлаган.

Кызыл желек, ак түпөк
Канга найза майлаган.
Каршылык кылган душманды
Карсылдатып айдаган.
Жин ургандай оолугуп,
Жипсиз колун байлаган.

Ак каным чалган болбосо,
Аллам өзү билбесе,
Жалган айтып салбасам,
Жараткан Эгем билбесе,
Кудай билет, ким билет?
Кудурет Эгем чын билет.

Карылардан эшиттим
Хан Манастын өзү чын.
Казак, кыргыз – алашка
Кадимден дайын сөзү чын.
Хан Жакыптын Манасы
Кара-Буура, Таласы.

Кара-Буура, Чаткалдын
Кайнарында калаасы.
Эр Семетей султаның

Баатыр Манас баласы.
Казак, кыргыз алаштын
Ханга ылайык сарасы.

Манастын уулу Эр Семең,
Эрикпеген эр немең.
Кара-Буура, Чаткалда
Хан дөөлөткө батканда.

5.
Түркстан бүтүн колунда,
Түрк уулу жыргап жатканда,
Кайнардын кара көзүндө,
Как Чынардын өзүндө
Кабылан төрө эр Семең
Жыйырма беште кезинде.

Жаткан экен жайын жеп,
Жылкы азоо тайын жеп.
Сары казы, кыйма жал
Самаган малдын (майын) жеп.
Дасторконун жаздырып,
Абдырасын ачтырып,
Өрүк менен мейизди
Кант аралаш чачтырып.

Самаварга чай коюп,
Тамак-ашын жай коюп.
Казы кертип, жал коюп,
Камырага бал коюп,
Кантка жууруп бышырган
Канча түрлүү нан коюп.

Кантын кардай кемирип,
Каймак, майын томоруп,
Самаварга демдеген
Сары чайын шимирип,
Калың алаш калкына
Кадыр салып кеп уруп.

Жаткан экен Таласта
Күлчорого дем уруп.
Кармаганы калың түрк
Казак, кыргыз алашы.
Жери Алтай, жети-Суу,
Кең-Кол менен Таласы.

Алмамбет менен Камбардан
Асыл тууган баласы.
Дөөлөтүнө жарашкан
Чоролорун карачы.
Көк сулуусун кундуз бөрк
Жарашыктуу башында.

Бала төрө Семетей
Жыйырма беште жашында.
Канчоро менен Күлчоро
Султаныңдын кашында.
Алган зайып Чачыке
Ургачыда уз болуп,
Учурунда жолугуп,
Урматтуу эрке туш болуп,
Кызмат кылат кыпылдап,
Кыргый куштай зыпылдап.
Кыбылжыган Чачыке
Кыңшылап сүйлөп кыз болуп,

Абасы Бакай улугу
Асыл кыргыз тунугу.
Кеңешин тапкан Бакай хан
Кең Таласта туругу.
Кыялы жакшы ширин сөз
Кыраан чалдын кылыгы.


Акылга дыйкан, даанышман,
Сөзү жумшак, бийлиги
Бар дөөлөтү шай болуп,
Бала султан жатканда,
Кайгысы жок калкында
Хан дөөлөткө батканда.

Бала төрө султанга
Бакай хан баштап сөз салды.
Манастын айткан бул сөзүн
Балам, уккун деп салды.

6.
Атаң Манас султандын
Айтып кеткен кеби деп,
Жалпы Түрктүн балдары
Кыла турган эби деп.
Атаң Манас башында
Айрым кылган чеги деп.
Кош Түркүстан Эркин-Тоо
Атаңдын алган жери деп.
Жалпы түрктүн балдары
Жамгарып кеткен эли деп.

Жериндин башы Жайпаңда,
Жети-Суу менен Алтайда.
Аягы Урум, Мисирде,
Аян берген түшүңдө.
Айтамын деп бул сөздү
Сактап жүрдүм ичимде.

Түрк баласын колго алып,
Баарысын Манас кармаган.
Жалгызмын деп ойлонбой,
Жардам тилеп Алладан,
Жалпы Түрктүн балдары
Алтайда тур деп арнаган.


Инв. №11дин 6-бети

Кетпесин Алтай колуңдан
Кебимди ук деп зарлаган.
Казак, кыргыз, уккун деп,
Калкына Манас жардаган.
Баатыр Манас атаңдын
Барбаган жери калбаган.

Баатырлык кылып басташып,
Албаган жери калбаган.
Муңдуу Бакай абаңдын
Бул сөзүндө жалган жок.
Манастын кебин ойлонсоң,
Балам, сенден арман жок.

Балам, сенин башында
Манастан калган жериң бар.
Алты кылым кырандан
Айрым болгон чегиң бар.
Арманды ичке сактабай
Айтып өтөр кебим бар.

Баатыр болсоң, Семетей,
Баарын алар эбиң бар.
Бараң менен басташкан
Кегинин жайын айтайын.
Аңгилис, орус, кытайдын
Чегинин жайын айтайын.

Карматып кеткен атаңдын
Элинин жайын айтайын.
Манас болгон башында
Жеринин жайын айтайын.
Келишимдүү султандын
Кебинин жайын айтайын.


Балам, султан Семетей,
Бай такты ордуң талаш деп.
Манастан тууган жан болсоң
Баатырлар менен жанаш деп,
Кытайдын чеги Үрүмчү
Атагын койгон Манас деп.

Кытайдан чыкса чыр-чатак
Бежинге чейин талаш деп.
Ойлонсоң, балам, сөзүмдү
Орустун чеги Омбу деп.
Ойлонбой жатып алганың
Семетей балам, жолбу деп?

7.
Түрк баласы баш кошуп,
Жайланып жатар орду деп,
Убадага турбастан
Бузулса орус жүрүшү,
Жалпы түрктүн балдары
Жаныңа батар күйүтү.
Баатыр Манас султандын
Башында айткан үйүтү.

Маскөгө чейин бар деген
Бай тактысын ал деген.
Өткүр Түрктүн балдары
Өлбөгөн жерде кал деген.
Омбу, Капказ чек болгон,
Убада сөзү бек болгон.
Манастын кылган бүтүмү
Баары журтка эп болгон.

Англис менен Параңдын
Айрым кылган чеги деп,
Нил дайранын көлү деп.
Кербаланын жолу деп.
Асан, Үсөн эки имам
Шейит болгон жери деп.



Инв. №11дин 7-бети

Шейиттердин жасатын
Мазар кылган гөрү деп.

Индистандын шаарында
Инди менен калча деп,
Индиден чыкса чыр-чатак
Кармашар күчү канча деп.
Падыша атаң Манас деп,
Пай такты ордоң Талас деп.
Ушул мазарды Параң бербесе
Парсыга чейин талаш деп.
Татар, моңол, түрк деген
Түрккө калчу мүлк деген.
Айтып сөзүн эп кылган,
Айланасын чек кылган.
Баатыр Манас султаным
Убада сөзүн бек кылган.
Жалпы Түрктүн балдары,
Дайындап кеткен чегим деп,
Айрылбагын чегиңден
Айтып кеткен кебимден.

Чегимдин башы Алтай деп,
Алтайда жүрүп картай деп.
Алтай кетсе колуңдан
Өлүп көргө жантай деп.
Айрым кылып ачтырып,
Ак кагазга жаздырып,
Беш падшанын мөөрүн
Аягына бастыр деп.
Жалпы Түрктүн балдары
Татар, моңол калкыңа,
Бириң эмес жалпыңа
Мүлк болсун деп артыңа,
Асыл Манас султандын
Айрым кылган чек ушул.

Атаңдан калган эл ушул.
Алып берген жер ушул.
Акылдуусу билсин деп,
Айтып кеткен кеби ушул.

Барын уккун, балам, деп,
Баатыр Бакай баркылдап,
Баштан-аяк султанга
Барын айтып шартылдап.
Айтып сөзүн өткөрдү
Ак сакалы жаркылдап.

8.
Бакай хандан кеп угуп,
Манас айткан деп угуп,
Эсинде жүрчү чын сөздү
Эр Семетей эми угуп,
Манастын уулу эр Семең
Жата турсун Таласка.
Өкүмөтүн жүргүзүп,
Атпай кыргыз алашка,
Татар менен түркмөнгө
Жалпы өзүбек, сарттарга.
Уйгурдун тукуму
Кулжа менен Кашкарга.
Масилат угуп Бакайдан
Маш үйрөтүп жаштарга.

## ЧЫНКОЖОНУН СЕМЕТЕЙДЕН АТ СУРАТКАНЫ. ЭРТИШ МЕНЕН ТОКОНУН КҮЛЧОРО МЕНЕН КАНЧОРОДОН ТАЯК ЖЕП КАЙТКАНЫ

Эми Чынкожонун кеби бар,
Чындап айтар эби бар.
Хан Шыгайдын баласы
Кай жеринде кеми бар?
Шыгайдын уулу Чынкожо
Чыныгы баатыр чың ошо.

Жалпы нойгут баштыгы,
Кармашкан жоого маштыгы,
Семетейди жашсынтып,
Болуп жүргөн кастыгы.
Чынкожону эсирткен
Семетейдин жаштыгы.

Эр чынкожо ойлонуп,
Ок жыландай толгонуп,
Эртиш, Токо чоросу
Экөө менен кеңешип.
Семетей менен эгешип,
Баатырлыгын теңешип.

Семетей десе дардайып,
Уктап жатат барбайып.
Эси жок наадан, жаш болуп,
Этке, майга мас болуп.
Эсепсиз ишти кылгандан
Жалпы нойгут кас болуп.

Мындай наадан туубайт деп,
Адамдын дили суубайт деп,
Карыш турган Кытайдан
Манастын кунун куубайт деп.
Акун ханга барбайт деп,
Аныктап кабар салбайт деп.
Арнап койгон жесири
Айчүрөктү албайт деп.

Мынтип жүрсө бул итти
Түбүндө Кудай каргайт деп.
Кара тумшук ит кулду
Кантип Кудай жалгайт деп.
Айчүрөктөн айрылса
Арманын айтып зарлайт деп.
Тайбуурулдан айрылса
Жанында адам калбайт деп.
Кесепеттүү канкорду
Ким келсе уруп, байлайт деп.
Ошкудого басылбай
Үйүнөн алыс барбайт деп.
Талас, Чүйдү чапкан соң
Айчүрөк бизди тандайт деп.

9.
Айчүрөктү алгандын
Эч арманы калбайт деп.
Эби келсе Эртишим,
Буурулду сурап баралык.
Тайбуурулду алалык,
Тай буурул колго тийген соң,
Семетей колго кирген соң,
Тамашаны салалык.
Талас, Чүйдү чабалык.
Олжону мыктап табалык.
Абыдан көңүл тынган соң
Акун ханга баралык.
Перинин кызы Чүрөктү
Берсе Кудай алалык.
Аягы Букар, Самаркан,
Орчун Кокон, Маргалан
Туурасы Ташкен, Наманган,
Жети шаар Анжиан
Бүтүн колго каратып,
Букара кылып салалык.

Жан жолдошум эр Токо.
Жаныма күйчү эр ошо.
Кезегинде эр Током
Керегиң тиер жер ошо.
Элемандын Эртиши
Тартынбаган эр киши.
Элчиге барган тартынбай
Эр кишинин белгиси.

Семетейге барганда
Аста секин кеп айткын.
Чынкожо агаң жиберди
Ат сурап келгин деп айткын.
Буруу-терүү санабай,
Мал көзүнө карабай,
Туугандыктын жөнү үчүн,
Чынкожонун көөнү үчүн,
Мунайым жумшак кеп айткын,
Буурулду бергин деп айткын.

Айткан сөзгө кирбесе,
Кадырыңды билбесе,
Буурул атты бергин де,
Бул сөзүмө көнгүн де.

Буурул атты бербесең
Бул сөзүмө көнбөсөң,
Көргүлүктү көрдүң де.
Чынкожодон өлдүң де.

Тайбуурулга келдим де,
Тартынбастан бергин де.
Тай буурулду бербесең,
Тамашаны көрдүң де.
Чындап жетсе ажалың
Чынкожодон өлдүң де.

Семетейге барып кел.
Буурулду берсе алып кел.
Абыдан сөзгө каныл кел.
Менден кабар салып кел.
Тайбуурулду бербесе,
Таластын жолун чалып кел.

Капарыма алганда
Камап туруп аламын.
Кайнардагы калаасын
Талап туруп аламын.
Калжыраган жетимди
Сабап туруп аламын.

Таласынан чыгарбай
Кордук кылып аламын.
Тайбуурулду бербесе,
Зордук кылып аламын.

10.
Чаап алам Таласын,
Талап алам калаасын.
Чакырып келбейт Семетей
Өлүп калган Манасын.

Кара таман кул кылам,
Казак, кыргыз – алашын.

Ногой менен нойгуттун
Ачып коём арасын.
Манастын уулу Семетей
Ойлоп көрсүн чамасын.
Чынкожо бар деп ойлонсун
Шыгай хандын баласын.

Тайбуурулду бербесе,
Аскер менен барамын.
Талас, Чүйүн чабамын,
Айласын өзүм табамын.
Сураса бербес Буурулду
Олжо кылып аламын.
Баш көтөртпөй жетимди
Молдо кылып аламын.
Кайнардагы калаасын
Ордо кылып аламын.
Жортогунан көндүрүп,
Жорго кылып аламын.

Аянбастан кеп айткын
Тартынбастан бек айткын.
Тайбуурулду бергин деп
Талыкпастан көп айткын.
Деп Эртиш менен Токону
Семетейге жиберди.

Өзүм баатыр, эрмин деп,
Ойлобостон бөлөктү.
Айтып сөзүн соктошуп,
Алабыз деп чоттошуп.
Баштан-аяк кеңешип,
Масилатин токтотуп.

Оюна келген сөздү айтып,
Оозу менен оттошуп.
Жетишпеген жетим деп,
Семетейди боктошуп.
Бербесе тартып алам деп,
Пейлин бузду окшотуп.

Семетей атын береби?
Зордугуна көнөбү?
Кордук кылып алууга
Колунан султан келеби?
Тайбуурулду алмакка,
Тамашаны салмакка,
Эртиш менен эр Токо
Адырандап жөнөдү.
Чынкожо буйрук кылган соң
Барбаганда өлөбү.

Анжиандин башынан,
Кара-Кулжа, Жазыдан
Чындап бата алышып,
Чынкожонун кашынан.
Жөнөп чыкты аттанып,
Жүргөн жолун катка алып.

Тайбуурулду алам деп,
Тамашага шаттанып,
Барсак Буурул алдык деп,
Баштан-аяк мактанып.
Колунан келсе эки кул
Коркуш жок мында сактанып.
Чыны менен чыйралып,
Чынкожого актанып.

11.
Дабан ашып, таш басып,
Күнү катып, түн катып,
Суру кетип суу кечип,
Арадан эки күн өтүп,
Сапар кылып чоң жолго
Жетип барды Кең-Колго.

Эртиш менен эр Токо
Карабады оң, солго.
Чынкожо буйрук кылган соң,
Чымындай жанды аябай,
Өркөмү өскөн эки кул
Өлгөнүнө карабай.

Өздөрү баатыр болгон соң,
Өлөмүн деп санабай.
Таласты көздөп таңданып,
Алашты көздөп шаңданып,
Атпай кыргыз алашка
Айтар сөзүн камданып,

Талас жакшы жер экен,
Татары кандай эл экен?
Ак-Суусу жакшы жер экен,
Алашы кандай эл экен?-
Деп серепчилеп көз салып,
Секин сүйлөп сөз салып,

Карап турган кезинде,
Түш кынтайган бешимде,
Калың жылкы көрүндү
Төрт-Көлдөн туура өзүндө.
Эми эр Токо туруп кеп айтты,
Эртишим, уккун деп айтты.

Чаткалды ашып Таластан
Жан көрүнбөй турганда,
Жайкап сөздү укканга,
Бир чал көрүнбөй турганда.

Асман ачык булут жок,
Чаң көрүнбөй турганда.
Жайлоодон көчүп эл кетип,
Мал көрүнбөй турганда.

Таластын башы бөксөдөн
Калың жылкы көрүндү.
Жылкы эмес колбу деп,
Азгана(бы), молбу деп,
Корkконубуз жолбу деп,
Көңүлүм башка бөлүндү.
Чынкожо агам турганда
Ойлонбоймун өлүмдү.
Сүйлөбөймүн тегинди.
Эртишим, уккун кебимди.
Жолугуп калдык шекилди
Жылкы эмес кошунга.
Жолуң болгон Эртишим,
Жоо деп мындан чочунба.
Жайылып жаткан көп кара
Көзүңдү ачып бек кара.
Адыры жок, тоосу жок,
Айнектей тегиз көп талаа.
Уктуңбу Эртиш, сөзүмдү,
Ачып кара көзүңдү.
Аскер деп мындан коркпостон
Абыдан жыйна эсиңди.
Кең көкүрөк ит элең
Кетирбегин бешиңди.

12.
Деп акылга дыйкан эр Токо
Айтып тура калды ошо.
Эртиш туруп кеп айтты
Кеп айтканда нени айтты?
Жай билбеген кополум,
Жакшы айтасың деп айтты.

Жайылып жаткан жылкыны
Курулган кошун, колбу деп,
Жаза көргөн сен болсоң,
Жаныңда турган мен болсом,
Калтыс көргөн сен болсоң,
Кашыңда турган мен болсом.

Баатырлыгың билинди,
Байкап сүйлө тилиңди.
Кейитпе Токо, дилиңди.
Келтирбегин жиниңди.
Ак-Суу, Чүйдү аралап,
Таласты көргөн мен болсом.
Алты санга жык толгон
Алашты көргөн мен болсом.
Атпай журтту коркуткан
Манасты көргөн мен болсом.
Жети-Сууну аралап,
Жердеп жүргөн мен болсом.
Жетимдиктен жетишпей
Үйдө жаткан сен болсоң.

Эки Алматы, Талгардан
Чалгын чалган мен болсом,
Иледен өтүп, Семейге
Жалгыз барган мен болсом.
Агыяс менен Текестен
Чалгын чалган мен болсом.
Жылдыз менен Кундуздан
Жылкыны алган мен болсом.
Жылас болуп көмүлүп,
Үйдө жаткан сен болсоң.

Кечээ, Шыгай абам тушунда,
Жыргап жүргөн мен болсом.
Элчи барып хандарга
Тынбай жүргөн мен болсом.

Дос, душмандан сөз угуп,
Сынбай жүргөн мен болсом.

Үйдөн чыкпай көз жумуп,
Уктап жаткан сен болсоң.
Бул Кудайдын иши экен
Токо, менден эр болсоң.

Уккун Токо, сөзүмдү
Ачып кара көзүңдү.
Өпкөң көөп мактанбай,
Өзүң жыйна эсиңди.
Таластын башы Кең-Колду
Каптап жаткан көп жылкы.
Адырга каркап жык толуп,
Саптап жаткан көп жылкы
Кара-Суугa, Чаткалга
Батпай жаткан көп жылкы,
Оюн салып чаңдатып,
Ойноп жаткан көп жылкы,
Кең Таласты өзөндөп,
Бойлоп жаткан көп жылкы,

Манастан калган бул жылкы
Баарысы тулпар шум жылкы.
Кара буурул көп жылкы
Минилбеген күр жылкы.
Жылкыга Током, баралык,
Кылбагын Током, балалык.

13.
Жылкычыдан сөз угуп,
Абдан сөзгө каналык.
Семетей үйдө бар болсо,
Калың журтка хан болсо,
Атпай журтка даң болсо.
Айтканынча бар болсо,
Кабарды мыктап алалык.
Кайнарды көздөй салалык.

Канетип сөздөн жаналык,
Канкорго бүгүн баралык.
Сурап келген Буурулдун
Жобобун бүгүн алалык.
Деп Эртиш, Токо жарышып,
Тизгин колдо калышып.

Төрт-Күлдөгү жылкыга
Салган бойдон барышып,
Эртиш, Токо эки кул
Издеп келген эл ушул.
Жазы менен Өзгөндөн
Издеп келген жери ушул.

Көп жылкыны аралап,
Көйкашкалар саралап,
Ойлонбоду эрмин деп,
Өз кубатын чамалап.
Аттын башын бурбастан,
Аял кылып турбастан,
Чынкожонун тапшырган
Буйругун эки кылбастан.

Аттын башын тартпастан,
Ачылып сырын айтпастан.
Биз дагы баатыр эрбиз деп,
Бир сөзүнөн кайтпастан,
Жетип барды отоого
Эрсинип салам айтпастан.

Отоо башы Аман таз
Ойлонгон сөзү жаман таз,
Чыргайлыгы кармаса,
Чалып салчу каман таз.

Жылкычылар жыйылып,
Бул сөзүнө туюнуп,
Баба Камбар пирине
Баштан-аяк сыйынып.

Башчы болгон Амандын
Манжырасы куюлуп.
Баса калып урмакка
Баарынын каны суюлуп.

Баштан-аяк жылкычы
Баарысы басып барышты.
Бул алда кандай адам деп,
Олурайып алышты.
Аста секин сүйлөшүп,
Шыбырлашып калышты.

Мусулман десек, салам жок,
Душман десек жарак жок.
Мас болгон десек арак жок,
Кайратында санак жок.
Каршылык кылган биз жактан
Кара кылдай залал жок.

Көрдүңбү балдар, мүнөзүн
Көңүлүндө алал жок.
Бул хандардан келген элчиби?
Же душмандан келген ченчиби?
Калк аралап сөз тартып,
Ханына кабар берчүбү?

14.
Секин-секин кеп айтат,
Семетей кайда деп айтат.
Акырын, аста кеп айтат,
Арстаның кайда деп айтат.

Кабагын түйүп сурданып,
Өзүнөн өзү ыңгранып.
Санаасында бир кеп бар
Салам айтпай айың деп?

Деп жылкычылар жыйналып,
Өз боюна чыңданып,
Отоо башы Аман таз
Ойлонгон сөзү амал таз.
Чыргайлыгы кармаса,
Жайлап салчу жаман таз.
Амантайың айкырды.
Аянбастан бакырды.
Канчоро менен Күлчоро
Жоо келди деп бакырды.

Камбардын уулу Канчоро,
Алмамбеттин Күлчоро
Эки чоро шаттанып,
Жылкыны келген көрмөккө.
Кийик атып, аң уулап,
Жыргайбыз деп эрмекке.

«Амандын үнүн уккан соң
Ыргып турдук уйкудан.
Кандай душман алды деп,
Кара-буурул жылкыдан.
Жыргап жаткан тынчыман,
Айрыды Аман уйкудан.
Кандай душман коркпогон,
Кара-болот кылычыман?» -

Деп эки чоро элеңдеп,
«Жоо кайда?»- деп сереңдеп.
Жоо-жарагын белендеп,
Тумшугу жок Аман таз

Туткабы бар жаман таз,
Душманың кайда? Көрөм деп,
Айылга келген жоо болсо,
Аманат жаным соо болсо,
Атышып жатып өлөм деп,
Ак жазганын көрөм деп.
Абакем аман турганда
Жазасын колго берем деп.
Жетип келди Аманга,
Желигип турган шамалга.
Желкесинен ириң, кан
Куюлуп жүргөн жаманга.

Келсе Аман башында,
Жылкычылар кашында.
Каарланып сөз айтып
Кайраты мол тазында.
Аман тазың бакылдап,
Айтып сөзүн шакылдап.
Эртиш менен Токого
Барган экен жакындап.

Талас, Талас болгону,
Таласка алаш конгону,
Семетей султан болгону,
Төрт-Көлгө жылкы толгону,
Кайнарга калаа салгалы,
Калкты султан алгалы,

15.
Калган жок журтта арманы.
Сөзүмдө жок жалганы.
Мен Манастан калган таз элем
Мал багууга маш элем.
Жылкы багып оторлоп,
Кең-Колго жылкы салгалы,
Кең-Кол турсун, мал багып,
Суусамырга баргалы.
Өрүшүмдү аралап,
Өткөн жок адам табалап.
Деп Эртиш менен Токону
Алган экен камалап.

Канчорого кеп айтты:
Карачы колду деп айтты.
Күлчорого кеп айтты:
Күйдүргү кулду деп айтты.
Сумбатына карасам
Суук адам көрүнөт.
Душмандыгын билген соң,
Сактадым ичке кегимди.
Сайрадым билген кебимди.

Канчоро менен Күлчоро
Чакырдым эки бегимди.
Беклериме айтарсың
Эртиш, Токо кебиңди.
Чын сөзүңдү айтпасаң
Табамын сенин эбиңди.

Деп айтып сөзүн урду ошол.
Аман тазың турду ошол.
Камбардын уулу Канчоро,
Алмамбеттин Күлчоро
Эртиш менен Токону
Көргөн заман тааныды.
Агама азар бердиң деп,
Аман тазга наалыды.

Эртиш, Токо-эки ага
Эсен-аман болдуңбу?
Эрикпей аман жүрдүңбү?
Эстегенде келдиңби?
Сак-саламат болдуңбу?

Сагынбай эсен жүрдүңбү?
Санааңа алып тууганды
Сагынганда келдиңби?

Эртиш, Токо ага деп,
Алдына басып келишип,
Айтып салам беришип,
Амандашып көрүшүп,
Ат үстүнөн алышып,
Алдына төшөк салышып.
Айтып сөзгө канышып,
Аңгеме сөзгө барышып,

Кымыз куюп сунушуп,
Абыдан ичип тоюшуп.
Айлыбыз алыс болду деп,
Арманын айтып турушуп,
Агама азар бердиң деп,
Аман таз менен урушуп.

Аксыдан көчкөн көп нойгут
Тууган аман жатабы?
Шыгайдын уулу Чынкожо
Буудан аман жатабы?

16.
Жалпы нойгут саламат
Элиң аман жатабы?
Шыгайдын уулу Чынкожо
Бегиң аман жатабы?

Ак сакалдуу карыя
Чалдар аман жатабы?
Ашык атып ойногон
Балдар аман ждатабы?

Эйпендешип сүйлөшүп,
Энелер аман жатабы?
Жерин, суусун сагынбай
Жеңелер аман жатабы?

Аксыдан нойгут көчкөндө
Алты жашта бар элек.
Эч нерсени билбеген
Ат чабуучу бала элек.
Жаш да болсок ар ишти
Байкап жүргөн бала элек.

Алаш, нойгут аралаш
Бирге жаткан эл эле.
Баш күндөн бери Шыгай хан
Баарысына бек эле.
Казак, кыргыз, нойгутка
Кара коргон чеп эле.
Ак сакалдык жөнүнөн
Айткан сөзү эп эле.

Абам султан жаштыктан,
Арак ичкен мастыктан,
Акыл-эсин жыйнабай,
Айткан сөзүн тыңдабай,
Ак сакалдуу абам деп,
Атамды көргөн агам деп,
Мен дагы сенин балаң деп,
Шыгай ханды сыйлабай,
Алаш, нойгут аралаш
Айыл жүрүп жыргабай...

Кечээги сөздү танды деп,
Кебимди кайрып салды деп,
Келе жаткан жол менен
Кербенчимди алды деп.
Жылкысын алды жылдырып,
Шыгай ханды сындырып.

Болор-болбос иш үчүн
Болжолсуз ишти кылдырып.
Агам Шыгай камыгып,
Азыраак сөзгө тарынып,
Көчүп калган көп нойгут
Анжианга жамынып.

Көп нойгутка баш болуп,
Көчүп кеткен Шыгай хан.
Көңүлү калып тургандан.
Көңтөрүлүп бу жайдан.
Эртиш, Токо - эки ага
Тарынып болбойт мындайдан.
Жакшылык менен жамандык
Тагдырда жазган Кудайдан.

Аксыдан көчтү турбастан,
Аттын башын бурбастан,
Аял кылып тынбастан,
Артына сабыр кылбастан.
Шыгай хан Абам турбастан,
Чындап сабыр кылбастан,
Көчүп калды көп нойгут
Күндөп-түндөп тынбастан

17.
Алаш менен нойгуттун
Ажырап көчкөн жери ушул.
Ага-тууган тарынып,
Айрым болгон чеги ушул.

Аял кылып турбастан
Айтып өттүм бир баштан.
Келгениң жакшы кеп болду,
Ичке кине кылбастан.

Көчүп барып Шыгай хан
Конуш алды деп уктук.
Кара-Кулжа, Жасыдан
Өрүш алды деп уктук.

Кара-Кулжа, Тар жайлап,
Үч-Сеитке бээ байлап,
Кара түпөк, сыр найза
Ыргап турат деп уктук.
Калың нойгут Жасыда
Жыргап турат деп уктук.

Бир жылдан кийин Шыгай хан
Абам өлдү деп уктук.
Каламда жазган тагдырдан
Каза келди деп уктук.

Шыгайдан кийин Чынкожо
Баатыр болду деп уктук.
Каттоосу бизден Кашкарга
Жакын болду деп уктук.
Сырды бойлоп Чынкожо
Түптүз салат деп уктук.

Өзгөндөгү сарттардан
Алман алат деп уктук.
Кара атын минип Чынкожо
Кашкар барат деп уктук.
Кашкардын сартын какшатып,
Кырач алат деп уктук.

Тамда жаткан сарттарга
Кыраан чалат деп уктук.

Оштун шаарын корготуп,
Алман алат деп уктук.
Жолдун баарын бекитип,
Кармап алат деп уктук.

Эртиш, Токо – эки ага,
Уккан сөзүм чын бекен?
Шыгайдын уулу Чынкожо
Ушунчалык тың бекен?
Нойгуттун калкын кайтарып,
Өз боюна тың бекен?
Кара таман кашкарлык
Чынкожого кул бекен?

Эртиш, Токо эки ага,
Эми сизге кеп келди.
Агалар аман көрүштүк,
Айтсаң сөзүң эп келди.
Эки чоро айткын деп
Элчилерге кеп берди.

Эламандын Эртиши
Эрикпеген эр киши,
Сөзүн айткан тартынбай
Эр кишинин белгиси.
Сураган созгө тартынбай
Жооп берди эр Токо

18.
Чынкожодон элчиге
Чындап келген эр ошо.
Баштан-аяк бар сөзүн
Айтып калган жери ошо.
Канчоро менен Күлчоро
Ырас айттың, иним деп,
Сүйлөй турган тилим деп.
Көрө турган күнүм деп.

Аксыдан нойгут көчкөндө,
Ашыгып үйүн чечкенде,
Калың нойгут тууганың
Кара жандан кечкенде.
Жоргонун белин ашканда.
Намангнди басканда,
Күдөрүн үзүп туугандан
Күндөп-түндөп качканда.
Канчоро менен Күлчоро
Алты жашта бар элең.
Ат чабуучу бала элең.
Акылга дыйкан жан элең.

Эртиш, Токо – эки агаң
Жыйырма жашта бар элек.
Жыйында жүрчү жан элек.
Жыкчу сөзгө шар элек.
Ыйлап көчтүк көчкөндө,
Чындап үйдү чечкенде,
Көчкөнүбүз билинбей
Жыргап калдык Өзгөндө.

Аксыдан барып Өзгөнгө
Калаа салдык, бу да чын.
Кара атты минип Кашкарга
Кыран чалдык, бу да чын.
Кашкарлыкты какшатып,
Кырач алдык, бу да чын.

Сурак сурап алты айга
Жатып алдык, бу да чын.
Сулуудан тандап бир-бирден
Катын алдык, бу да чын.

Ошту сурап, олжону
Мыктап алдык, бу да чын.
Оштун сарты корккондон
Ыктап калды, бу да чын.
Корккконунан көз жумуп,
Уктап калды, бу да чын.

Каза жетип, күн бүтүп,
Шыгай хан өлдү, бу да чын.
Аксыдан барып Өзгөнгө
Нойгут көндү, бу да чын.

Шыгайдын уулу Чынкожо
Баатыр болду, бу да чын.
Таластан Кашкар нойгутка
Жакын болду, бу да чын.

Желектүү найза колго алып,
Ыргаганы бу да чын.
Жеринен кеткен көп нойгут
Жыргаганы, бу да чын.
Казатка барып Чынкожо
Тынбаганы, бу да чын.
Калмакты талап, олжо алып
Турбаганы, бу да чын.
Кашында жүрүп эр Токо
Ырдаганы, бу да чын

19.
Кара-Кулжа, Чоң-Тарга
Эл жайлаган, бу да чын.
Үч-Сеитке оторлоп,
Бээ байлаган, бу да чын.

Калмакты чаап, көп жылкы
Айдаганы, бу да чын.
Сары казы, кыйма жал
Чайнаганы, бу да чын.
Карсылдатып душманын
Айдаганы, бу да чын.
Душмандын жолун бекитип,
Кармаганы, бу да чын.

Сырды бойлоп туйгун куш
Салган жери, бу да чын.
Туйгун кушу каз, өрдөк
Алган жери, бу да чын.
Кашкар турсун Кулжага
Барган жери, бу да чын.

Аксыдан барып Өзгөнгө
Атпай нойгут жай салдык.
Кара-Кулжа, Жазыдан
Калың нойгут жай алдык.
Ошту сурап шайы алдык,
Кашкарды сурап чай алдык.

Хан Шыгайдан башкасы
Калың нойгут амандык.
Эртиш, Токо эки агаң
Мурун көрдүк жамандык.
Жамандык деп кек кылбай
Бул келгеним алалдык.
Кылбас бекен Семетей
Тайбуурулга сараңдык?

Ат аяган жер карайт.
Куш аяган көк карайт.
Кас тууганы дос болсо,
Кандай пенде мал аяйт?

Чынкожо агаң жиберди
Көрүп кел деп силерди.
Кастыгыңды ойлонбой
Кайтып боору имерди.
Таластагы тууганга
Барып кел деп жиберди.
Сүйлөшүп сөзгө абыдан
Канып кел деп жиберди.
Семетей берсе Буурулду
Алып кел деп жиберди.

Кыргыз, нойгут ортосун
Кынап кел деп жиберди.
Убада сөздү бек кылып,
Чыңап кел деп жиберди.
Семетейдин марттыгын
Сынап кел деп жиберди.
Тайбуурулду султандан
Сурап кел деп жиберди.
Колкосуна Буурулдун
Чыдап кел деп жиберди.

Берип салса Буурулду
Минип кел деп жиберди.
Амандыгын султандын
Билип кел деп жиберди.
Сагынышкан тууганга
Жүрүп кел деп жиберди.

20.
Атын берсе туугандан
Көлүп кел деп жиберди.
Агасынын мүнөзүн
Билип кел деп жиберди. –

Деп Эртиш менен Эр Токо
Айтып сөзүн билгизди.
Баштан аяк максатын
Барын айтып тийгизди.
Тайбуурул деген жеринде
Күлчорону күйгүздү.
Күйүт салып ичине
Көңүлүнө туйгузду.

Канчоро менен Күлчоро
Ачуусу келип арбайып,
Айткан сөзү кандай деп,
Ант ичкендей саргайып.
Бурулган мурут тик чыгып,
Жаагын жарып түк чыгып,
Күлчоро туруп кеп айтты.
Күйдүргү Токо деп айтты.
Ачуусу келип чунагың
Аянбастан бек айтты.

Элемандын Эртишсиң
Эси жок наадан эртесиң.
Тайбуурул сурап эки кул
Талаада жүрүп серпиштиң.
Жарчы башчы Токомсуң
Жарылдаган кополсуң.
Тайбуурул сурап келгениң
Жай билбеген осолсуң.

Буурулду бергин дегениң,
Бууданың өлсүн дегениң.
Асырап сактап чоң кылган
Тууганың өлсүн дегениң.
Атыңды бергин дегениң,
Абамды өлсүн дегениң.
Ардактап баккан Канчоро
Агамды өлсүн дегениң.

Күлүктү бергин дегениң
Күлүшүң өлсүн дегениң.
Буурулду сурап келгениң
Бул немене дегениң?
Бузук кулдар сөз эмес
Мындай бокту жегениң.

Шыгайдын уулу Чынкожо
Айталбай жүргөн кеби бар.
Атасы кордук көргөн кул
Алалбай жүргөн кеги бар.
Тай буурулдан айрысам

Жайлаймын деген чени бар.
Кара жолтой ит Токо,
Мунун кай жеринде эби бар?

Падыша абам Семетей
Басып турса кылымды.
Аман тазча ойлонуп,
Билбеймин сенин сырыңды.
Башыңды чагып талкалап,
Басайын сенин чырыңды.
Маскара болуп нойгутка
Айтып баргын чыныңды.
Чынкожонун алдында
Сайрагын көргөн ырыңды.

21.
Кастыгың мага билинди,
Кагайын сенин жиниңди.
Баатырсынган эки кул
Басайын сенин үнүңдү. -

Деп Канчоро менен Күлчоро
Жакасынан алышып,
Эртиш менен Токону
Чалкасынан салышып,
Жылкычылар жыйылып,
Уруп колу талышып,
Тебе-тепке алышып.
Өлбөгөндө калышып.

Куйкасын тилип мурч салып,
Куйругун тилип туз салып.
Далысын тилип чок салып,
Таманын тилип кок салып.

Чынкожо бегиң көрсүн деп.
Тамга салды бетине.
Каршы-терши чаптырып,
Камчы салды этине.
Мындан кийин нойгуттан
Көрүнбө деп көзүмө.
Көргөнүңдү эки кул
Алып жүр деп эсиңе,
Өлбөсөң иттер жеткин деп
Беш күндө нойгут четине. -

Деп эки чоро элеңдеп,
Айтар сөзүн белендеп,
Атка минип жарышып,
Тизгин колдо карышып.
Кайнардагы ордого
Салган бойдон барышып,
Канчоро менен Күлчоро
Кайратына күлүшүп.
Кандай жорук кылдык деп,
Артында ойлоп билишип.
Абасынын үстүнө
Салам айтып киришип.

Абасына кеп айтты.
Кеп айтканда нени айтты.
Чынкожо кулдун кастыгы
Кете элек экен деп айтты.
Жылкыга барып үч күнү
Жыргап жаттык тай союп.
Казы кертип, жал коюп
Камырага бал куюп.

Төртүнчү күн кечинде,
Кечки салкын бешимде,
Тамак ичип жайланып,
Уктап калдык байланып.
Биз уктап жаткан мезгилде
Кара жолу чайланып,

Эртиш, Токо - эки кул
Келген экен шайланып.

Жылкыны көрүп каралап,
Өз кубатын чамалап,
Келген экен эки кул
Сөз тартууга каралап.

Салам айтса алик жок,
Алик алса салам жок.
Өлчөп келип түшүптүр
Өзүнөн башка адам жок.

22.
Аман таз билип мындайын
Абыдан жаңжал салыптыр.
Текши туруп жылкычы
Тегеректеп алыптыр.
Өжөр тазың оолугуп,
Өлбөгөндө калыптыр.

Абыдан ойлоп акылды,
Аман таз бизди чакырды.
Жылас болгон чунактар
Жоо келди деп бакырды.

Уйкудан чочуп ойгонуп,
Ок жыландай толгонуп,
Алдырып коюп жылкыны,
Абыдан сыйлап уйкуну,
Абама кантип бардык деп,
Бул сөз бизге ардык деп.

Ушунчалык ойлонуп
Уялгандан кор болуп.
Аман таз, душман кайда деп,
Келгени бизге пайда деп.

Айылга келген жоо болсо
Абыдан уруп байла деп.
Башын чагып жайла деп.
Абамды көздөй айда деп.

Тааныдык барып көргөндө
Эртиш, Токо – эки кул.
Мээнет баскан иттердин
Жүргөн иши чеки кул.
Барган заман тааныдык
Байкушка бекер кылдың деп,
Бу кордугуң шылдың деп,
Аман тазга наалыдык.

Эсендик, соолук сурашып,
Эзилип боор бурашып,
Анжиангa Аксыдан
Кеткенин сурап олтурдук.
Өзгөн менен Жазыга
Жеткенин сурап олтурдук.

Катын-бала жайланып
Калганын сурап олтурдук.
Кара атын минип Кашкарга
Барганын сурап олтурдук.
Кашкардан кырач Чынкожо
Алганын сурап олтурдук.
Ак сакалдуу карыя
Чалдарын сурап олтурдук.
Ашык атып ойногон
Балдарын сурап олтурдук.

Ажал жетип Шыгай хан
Өлгөнүн сурап олтурдук.
Өкүрүп жатып көп нойгут
Көмгөнүн сурап олтурдук.
Жаңы журтка жайланып,

Көнгөнүн сурап олтурдук.
Не жумушка келдиң деп.
Келгенин сурап олтурдук.

Чынкожонун чыйралып,
Эр болгонун сурадык.
Өзгөн, Жазы нойгутка
Жер болгонун сурадык.
Тамак ичип чайланып,
Абыдан көөнү жайланып
Эртиш, Токо кеп салды.
Кеп салган жерде деп салды.

23.
Тайбуурулду абаңдан
Сурап келдик деп салды.

Үзүлгөндү ортодон
Улагалы келдик дейт.
Убада сөздү бек кылып,
Чыңагалы келдик дейт.
Эки журттун арасын
Кынагалы келдик дейт.
Тайбуурулду султандан
Сурагалы келдик дейт.
Колкосуна Буурулдун
Чыдагалы келдик дейт.

Кыйла кызык кеп айтты.
Кыянат сөздөн көп айтты.
Жалгыз атка сараңдык
Кылбасын абаң деп айтты.

Өз агасы Чынкожо
Сурады атын чың ошо.
Асыл болсо Семетей
Айткан сөзгө көнөт дейт,
Алдындагы Буурулду
Агасына берет дейт.
Атын бизге бербесе
Агасы өзү келет дейт.

Буурулду берсе минем дейт.
Жоомарттыгын билем дейт.
Талтаңдатып Буурулду
Таластан минип жүрөм дейт.

Атын берсе алам дейт,
Чынкожого барам дейт.
Тай буурулду бербесе
Семетей агаң сараң дейт.

Ушул иттердин айткан сөзүнө
Ичибизге от түштү.
Жалындап күйүп жүрөккө
Жайнаган кызыл чок түштү.

Буурулду сурап келгениң
Бузукта күнөөң бар дедик.
Тайбуурулду абамдан
Алың жетсе ал дедик.
Билимсиз кулдар, ойлоп көр
Биз дагы сендей жан дедик.
Душмандык менен сурадың
Ичиңде пикир бар дедик.

Карматып алып камчылап,
Куйкасын тилдик каршылап.
Ботодой кулдар боздоду
Мойнунан каны тамчылап.
Куйкасын тилип мурч салдык,
Куйругун тилип туз салдык.
Далысын тилип чок салдык,
Таманын тилип кок салдык.

Чынкожо бегиң көрсүн деп,
Тамга салдык бетине.
Каршы-терши жаткырып,
Камчы салдык этине.
Көргөнүңдү эки кул,
Алып жүр деп эсиңе,
Жолго салып жөнөттүк
Көрүнүп кулдун көзүнө.
Өлбөсөң кулдар, баргын деп,
Беш күндө нойгут четине.

24.
Пикирин билип кыйнадык.
Өлтүрүүгө кыйбадык.
Арбак урган кулдарды
Абыдан уруп сыйладык.
Канчоро менен Күлчоро
Айтып турду авам деп.
Арбак урган кулдардын
Айласын өзүм табам деп.

Экинчи көзгө көрүнсө
Жилигин ташка чагам деп.
Айыкканча иттерди
Атала берип багам деп.
Эки чоро султанга
Айтып турган жери ушу.

Эрлигин душман билсин деп,
Эсине алып жүрсүн деп,
Санатты кылган эр ушу.
Сандыргалуу бек ушу.
Эр Семетей кеп айтты,
Эрмегим чором деп айтты.
Экөөңдү Кудай бактыма
Бергеним чором деп айтты.

Семетей султан кеп айтты,
Секетиң болсом деп айтты.
Сардалың султан кеп айтты,
Садагаң болсом деп айтты.
Эки чором инимсиң
Башымда таажы гүлүмсүң.

Кас санаган душмандын
Как чокусу тилинсин.
Бала туйгун эки иним
Баатырлыгың билинсин.
Энемдин сүтүн эмизип,
Эр болот деп бакканмын.

Эки чором эр жетип,
Шер болот деп бакканмын.
Жалгыздыгым билдирбей
Бел болот деп бакканмын.
Айткан сөзүм экөөңө
Эм болот деп бакканмын.
Жума сайын садага
Эчкиден улак какканмын.
Душмандын көзү тиет деп,
Эшенден тумар такканмын.

Бир тууган кылып алам деп,
Бир чети баккан балам деп,
Энемдин сүтүн эмиздим.
Эркин тамак жегиздим.
Эр Семетей  султандын
Эки иниси дегиздим.

Күлүктү бердим минсин деп,
Күрөөкө бердим кийсин деп.
Буурулду бердим минсин деп,
Муңканбай ойноп жүрсүн деп.

Атпай кыргыз алашты
Аман жүрсө билсин деп.
Көзүңдү ачып үйрөттүм,
Көргөндө жоого тийсин деп.
Жүрөгүң майлуу сактадым
Тартынбай жоого кирсин деп.

Ичиркенип калат деп,
Колун силкип салат деп,
Колуна сууну куйгандын
Кокустан башын алат деп.

25.
Эки чором, колуңду
Жылуу суу менен жуудурдум.
Жүрөгүң майлуу болсун деп
Качкан жоону куудурдум.

Сары алтындан кылдырып,
Накыш салып тундуруп,
Алтындын бетин ойдуруп,
Кызыл жакут койдуруп,
Эки чором, белиңди
Кемер менен буудурдум.
Каршылык кылба буга деп,
Калктын дилин суудурдум.

Ат жакшысын мингиздим,
Асылдан кийим кийгиздим.
Ат жалын тартып мингели
Эркиң менен жүргүздүм.
Кылымга толгон калкымды
Чоролор, сага билгиздим.
Кайраты кабат болсун деп,
Качкан жоого киргиздим.

Аман болгун, эки иним,
Акылды өзүң таап жүр.
Бууданды минип чаап жүр.
Кирген суудай агып жүр.
Элге, журтка жагып жүр.
Калкыңды өзүң багып жүр.
Душманга чениң алдырбай,
Келтирбестен кагып жүр.
Эртиш менен Токодон
Келсе башын чагып жүр.

Акылыңды жыйнап жүр,
Агайыныңды сыйлап жүр.
Алдырбастан сырыңды
Азоо тайдай туйлап жүр.
Каршылык кылган душманды
Кармап алып кыйнап жүр.

Айткан сөзгө каныл жүр.
Алыстан кабар алып жүр.
Ак шумкарды салып жүр.
Душманыңды жарып жүр.
Сары хан, Бакай абаңдан
Батаны мыктап алып жүр.
Менин батам мына ушул
Аман-эсен карып жүр.

Сан сөздү айтып нетейин,
Садагаң болуп кетейин.
Көп сөздү айтып нетейин,
Көрүнө секет кетейин.
Кадырым билген Канчором,
Кагылайын Күлчором,
Акылга дыйкан Канчором,
Айланайын Күлчором,

Айткан сөзүм билип ал,
Атамдан калган жан чором.

Айлансам болот атыңдан,
Атка минген затыңдан.
Көхардан тунук көзүңдөн
Айтып келген сөзүңдөн
Ушул иттерди уруп кетирген
Эки иним сенин эсиңден.
Ылайык ишти кылгандан
Ыразы болдум өзүңдөн.

26.
Деп эр Семетей султаның
Эрикпеген шумпайың.
Мыктап берди батасын,
Чоролор жазды капасын.
Алла Таала кечирсин
Айткан сөздүн катасын.

Эки чоро ээрчитип,
Жаш кулундай телчитип.
Эр Семетей султаның
Жата турсун Таласта.
Жардык айтып алашка.
Бата кылып Манаска.

Эр Токонун кеби бар,
Эртишти айтар эби бар.
Кара-Кулжа, Жазыдан
Калың нойгут эли бар.
Аман, эсен нойгутка
Жетсек деген деми бар.

Камчыны мыктап жеген кул,
Кайталык үйгө деген кул.
Куйкасын тилген мурчу бар,
Куйругун тилген тузу бар.
Жүрөгүндө курчу бар,
Мунун кай жеринде тынчы бар?

Казандай кара эти бар,
Камчы тийген бети бар.
Болжолсуз кордук көргөн кул,
Болор-болбос эси бар.

Атка минер жери жок,
Азапты көргөн чени жок.
Башын жөлөп суу берер
Калың нойгут эли жок.
Кадимкидей бели жок.
Кайрат кылар деми жок.
Өлбөй тирүү нойгутка
Жеткенден башка кеби жок.

Бети, колун жуушуп,
Белин бекем буушуп.
Азапты ашык көргөн кул,
Алаштан дили суушуп.
Шымын кийип, шымданып,
Кайрат кылып чыңданып.
Тула боюн чырманып,
Атка минип ыргалып.
Бүткөн боюн чырмашып,
Кара жанды кыйнашып.
Кабыргасы кыйрашып,
Кан жөткүрүп ыйлашып.

Канчоро сенин дартың деп,
Какшатып урган зарпың деп.
Күлчоро сенин дартың деп,
Күйдүрүп урган зарпың деп.
Жетимдер сенин дартың деп,
Жетербиз бир күн артың деп

Аскер алып келербиз,
Атпай нойгут калкымдан.
Өлбөсөк бир күн жетербиз
Жетпегенде нетербиз.
Өлүп кетсек арман көп
Өксөп, боздоп өтөрбүз.

27.
Өлбөсөк элди көрөрбүз,
Кошун менен келербиз.
Кең Таласын чабарбыз,
Кетирбей кекти аларбыз.
Чынкожо аман турганда
Чыбыкты биз да саларбыз.
Чыйраксынган кулдардан
Чындап кекти аларбыз.

Деп көңүлү калып алаштан,
Жөнөп чыкты Таластан.
Акырын аста жол жүрүп
Азгана эмес мол жүрүп,
Жетип барды нойгутка
Беш күн бүтүн жол жүрүп.

Чынкожонун алдына
Чыңырып түштү ыйлашып.
Атың менен куруп кал
Асыл жанды кыйнатып,
Кабырганы кыйратып,
Канчорону сыйлатып,
Күнү-түнү ыйлатып,
Күлчорого сыйлатып.

Калган экен эки иттин
Кайраты кара таш жарып.
Кармап алып какшатты
Камчылап уруп баш жарып.

Эки күн жүрүп Чаткалдан
Ашып түштүк Таласка,
Арбак урган кызталак
Атпай кыргыз алашка.

Чаткалдан чыксак чатында
Калың жылкы көрүндү.
Жетип бардык жылкыга
Ойлонбостон өлүмдү.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Айтпайбыз сага тегинди.
Чынкожо, уккун кебимди!
Эки чороң жеңилди.
Эсиңди жыйнап ойлонуп
Өзүң тапкын эбиңди.

Эки күн сапар жол жүрүп,
Түш кылтайган кечинде.
Жетип бардык Таласка
Кечки салкын бешимде.
Жылкыга барып жолуктук
Аман таз деген кесирге.
Сурду суулук салганбыз
Сунбатты бузуп алганбыз.
Ойлонбостон эки иниң
Отоого жетип барганбыз.

Эңилип салам айтпадык,
Эрлик сөздөн кайтпадык.
Чочугандан Аман таз
Чоролорду чакырды.
Канчоро менен Күлчоро
Жоо келди деп бакырды.

Эки чоро элеңдеп,
Жоо кайда деп серендеп,
Жетип келди энтелеп,
Жоо кайда деп темселеп.

Келгенде бизди тааныды.
Агама азар бердиң деп,
Аман тазга наалыды.
Анча-мынча каарыды.

28.
Эки чоро келишип,
Тула бою эришип,
Эңилип салам беришип,
Кучакташып көрүшүп.
Баштан-аяк нойгуттун
Баарысын сурап олтурду.
Баладан тартып ак сакал
Карысын сурап олтурду.

Калың нойгут калкыңдын
Элин сурап олтурду.
Өзгөн, Жазы, Үч-Сеит
Жерин сурап олтурду.

Бала-чака – баарынын
Аманын сурап олтурду.
Башка келген ар түрлүү
Заманын сурап олтурду.

Эр Чынкожо Кашкарга
Барганын сурап олтурду.
Алман, кырач Кашкардан
Алганын сурап олтурду.

Кеп сурамак келбеттен,
Сөз сурамак сунбаттан.
Эртиш, Токо – эки иниң
Жооп бермек милдеттен.

Деп баштан-аяк сырыңды,
Айтып бер деп чыныңды,
Сурап калды эки кул.
Кылар иши мына ушул.

Баштан-аяк бар сөздү
Айтып калдык арман жок.
Эртиш менен эр Токо
Таласка тегин барган жок,
Бул сөзүмдө жалган жок.
Айтпаган сөзүм калган жок.
Атышып жүрүп окко учуп,
Өлүп кетсек арман жок.

Аягында сөзүмдүн
Акырын, аста кеп айттым.
Тайбуурулду төрөңдөн
Сурап келдик деп айттым.

Чынкожо агаң жиберди
Көрүп кел деп силерди.
Тайбуурулду төрөңдөн
Сурап кел деп жиберди.
Алаш, нойгут арасын
Кынап кел деп жиберди.
Колкосуна Буурулдун
Чыдап кел деп жиберди.

Сагынышкан тууганга
Жүрүп кел деп жиберди.
Берип салса Буурулду
Минип кел деп жиберди.
Ойноп, жыргап тууганга
Күлүп кел деп жиберди.
Жоомарттыгын султандын
Билип кел деп жиберди.

Агаң болсо Чынкожо
Анык баатыр чын ошо.

Атын төрөң бербесе
Айткан сөзгө келбесе,
Далайдан далай кеп айттык,
Сараңдыгы деп айттык.
Ичинен кек кете элек
Арамдыгы деп айттык.

29.
Берип салса Буурулду
Алалдыгы деп айттык.
Аянбастан көп айттык.
Тартынбастан бек айттык.

Канчоро менен Күлчоро
Тайбуурулду айтканда,
Ачуусу келди арбайып,
Ант ичкендей саргайып.

Бербейбиз деп Буурулду
Касам ичип карганып.
Кара жолтой эки кул
Кармашууга камданып,
Атамдан калган бир атты
Алып жүрсөк карманып.
Чынкожо бизден артыкпы? -
Деп эки чоро арданып.
Жылкычылар жыйылып,
Тура калды жарданып.

Эки чоро кеп айтты,
Эртиш, уккун деп айтты.
Күлчоро туруп кеп айтты,
Күйдүргү Токо, деп айтты.

Буурулду сурап келгениң
Мурунтан барбы бергениң?
Бул немене дегениң?
Муздаган бокту жегениң.

Атыңды бергин дегениң
Абамды өлсүн дегениң.
Ардактаган Канчоро
Агамды өлсүн дегениң.

Күлүктү берсин дегениң,
Күлүстү өлсүн дегениң.
Тулпарды берсин дегениң,
Тууганың өлсүн дегениң.
Асырап баккан Семетей
Бууданың өлсүн дегениң.

Кара-буурул көп жылкы
Хан абамдын жылкысы.
Жылкы баккан отордо
Жетимиш эки жылкычы.
Эки кулда убал жок
Сөзүнөн чыкты кыйгышы.

«Карма кулду! Сойгун!»- деп,
Кансыратып койгун деп.
Эки чоро баш болуп,
Эзелден бизге кас болуп.
Чалкабыздан салышты.
Тебетепке алышты.

Ажал жетпей эки иниң
Биз атка минип алышпай,
Абыдан майдан салышпай.
Арбак урган иттерден
Армансыз болуп калышпай.

Бастырып салдык иттерге
Балтырды жеген биттерге.

Куйканы тилип мурч салды.
Куйрукту тилип туз салды.
Далыны тилип чок салды.
Таманды тилип кок салды.
Тартынбаган эки кул
Тамга салды бетиме,
Чалкабыздан жаткырып,
Чыбык салды этиме.

30.
Ойлосоң кулдар баргын деп,
Көп нойгуттун четине.
Кулак сал деп сөзүмө.
Көрүнбө деп көзүмө.
Мындан кийин ойлонуп,
Алып жүр деп эсиңе.

Айланайын Чынкожо,
Канчоро менен Күлчоро
Арбак конуп калыптыр.
Анык баатыр чың ошо.
Эртиш менен Токондун
Көргөн күнү мына ошо.

Баштан-аяк көргөнүн
Баарын айтты безилдеп.
Канчоро менен Күлчоро
Кара жолтой кесир деп,
Айланайын Чынкожо,
Эки иттен сактан өзүң деп.

Айтып сөзүн билгизди.
Аянбай айтып тийгизди.
Шыгай хандын баласы
Чынкожону күйгүздү.

Чынкожо туруп кеп айтты.
Чыңырба Токо, деп айтты.
Эр Чынкожо кеп айтты
Эртишим, уккун деп айтты.

Бармактай болгон балдардан
Бастырып таяк жегениң,
Башымды тилип салды деп,
Өлбөй тирүү келгениң,
Муздатты менин ичимди.

Бул немене дегениң?
Душманың муну укпасын,
Оозуңдан бул сөз чыкпасын.
Бул кебиңди уккан соң
Кемпир-чал кайдан уктасын.

Параңдан алган Кара атым.
Кара атым күүлөп канатын,
Чынкожонун көрөрсүң
Алашка кылган санатын.

Көп нойгутту көчүрүп,
Опол тоого барбасам.
Жедигердин Толтойду
Жолдош кылып албасам.

Эр Багыштын баласын
Эки колдоп кармасам.
Толтой менен дос болуп,
Таласын тартып албасам.
Талаткан малым кайта алып,
Алашка бүлүк салбасам.
Менин Чынкожо атым курусун,
Кыргызга кыран чалбасам.
Аянбастан атышып,
Өлбөгөн жерде калбасам.

Өкөөңдөн мага жардам жок,
Ушинтип кегим албасам.

Укпаймын иттер кебиңди,
Чыгарбагын демиңди.
Өзөгүмө от салдың,
Өзүм табам эбиңди.
Талас турсун талкалайм,
Чүй менен эки Кеминди.

31.
Козу-Башы-Кокону
Кордук кылам ошону.
Кемпир, чалды кейитип,
Жугузба, иттер, жошону.
Боздотуп чабам Илени,
Мойнуна коём күнөөнү.

Атамдын малын алган соң
Анан айтам жүйөнү.
Эртиш, Токо - эки шал
Айтканыңа күйөмбү.
Чындап согуш салбастан
Чынкожо өлбөй жүрөбү?

Үч-Алматы, Талгарды
Үстүндө турган жандарды.
Баарын чабам талкалап,
Башын катат калкалап.
Мээнет кылбай алгандай
Бекер жаткан мал барбы?

Эрлигимди укпаган
Жер үстүндө жан барбы?
Жеткрсе Кудай зарыңды
Челек менен Чарынды.
Олжо кылып өтөмүн
Ат-Башы менен Нарынды.

Тойгузамын көп нойгут,
Олжого сенин баарыңды.

Бийик-Көл менен Бууганды,
Кочкор менен Жумгалды
Талап алсам көп нойгут,
Көрсөтөмүн жыргалды.

Жаркент менен Капалды,
Шаардан талап чапанды,
Таза чаап бүтүрүп,
Сылап турсак сакалды.
Акмоло менен Семейди
Алаш бизге серейди.

Казак, кыргыз болгонсуп,
Каршылык кылган кедейди,
Сары-Арка менен Омбуну
Ойлоп кара соңкуну.
Таратамын булдүрүп,
Жалпы кыргыз шордууну.

Ташкен менен Ызарды,
Самаркан менен Букарды,
Каратып алам колума
Канкорду салам жолуна.
Кызыталак Семетей
Кыргыздын бүткөн шоруна.

Баатырлыгым билгизием
Пайдамды калкка тийгизем.
Сага кордук кылган иттерди
Колума түшсө күйгүзөм.

Жарылган жара катуучу,
Жанга жабыр батуучу.
Акылы бар азамат
Артын ойлоп жатуучу.

## ЧЫНКОЖО НОЙГУТ ЭЛИН ОПОЛ ТООГО КӨЧҮРҮП БАРЫП, ЖЕДИГЕРДИН ЭР ТОЛТОЙ МЕНЕН ДОС БОЛГОНУ

Деп Шыгайдын уулу Чынкожо
Чымырканып чың ошо.
Кабар салды калкына
Ойлонуп сөздүн артына.
Аксыдан айдап көчүргөн
Семетейдин зарпына.
Эртиш менен Токого
Чоролор кылган дартына.

32.
Калың нойгут жыйыл деп,
Арбактарга сыйын деп.
Манастын уулу Семетей
Каршыккан душман кыйын деп.
Көп нойгутту жыйышып,
Масилат-кеңеш кылышып.
Баштан-аяк нойгуттун
Масилати тынышып.
Көчмөк болду жан калбай
Ополду көздөй жылышып.

Сыр чыгарбай кополго,
Көчүп калды Ополго.
Баштан-аяк баарысы
Барабыз деп ошондо.
Парганaнын башынан,
Кара-Кулжа, Жасыдан.
Өзгөн менен Кайнардан,
Үч-Сеит менен Ак-Жардан
Эч бир адам калган жок
Ажыке менен Чоң-Тардан.
Жардам тилеп Кудайдан
Жалпак-Таш менен Ылайдан
Кубалашып жүргөнчө
Кутулсак деп бу жайдан.

Күлүшө менен Куршаптан,
Ала-Жууку, Үч-Таштан,
Көгарт менен Чаңгеттен
Көчтү нойгут бир баштан.
Бөкөйдүн бөксө жол менен
Бөлүнүп көчтү турбастан.
Аял кылып токтолуп,
Артына кылчаң кылбастан.
Күдөрүн үзүп туугандан
Күндөп-түндөп тынбастан.

Кой, козу маарап чуркурап,
Катындар ыйлап буркурап.
Кайран жер калды Өзгөн деп,
Карылар ыйлап буркурап.

Уйлар мөөрөп адашып,
Жандын баары жадашып.
Токтоп турган адам жок,
Бирине бири карашып,

Тополоң көчкө жолугуп.
Кулундар сүткө боругуп.
Күндөп-түндөп көчкөндөн
Малдын баары зоругуп.

Иттер улуп уңулдап,
Балдар ыйлап кыңылдап.
Алда кандай заман деп,
Бирине бири шыбырап.

Төөлөр баспай жоюлуп,
Тамандары оюлуп.
Чыдай албай ардыкка
Чынкожо кылган жардыкка.
Алайды басып өтөм деп,
Көчтү салды Талдыкка.
Катын-бала ыйлаган
Карабады зарлыкка.

Чынкожо көчүп калды деп,
Чындап Кудай алды деп.
Урушар жоосу Семетей,
Тескери жолго салдык деп.
Даңкы кеткен далайга
Ашып түштү Алайга.

33.
Алайга аяр кылбастан,
Мал үркүтүп тынбастан,
Чынкожонун жардыгын
Бир нойгут эки кылбастан.
Карабастан Кең-Колго,
Кайрылбастан Сар-Колго
Сандыргалуу Чынкожо
Көчүн салды чоң жолго.
Төөнүн комун чечпестен,
Бир күн өргүп көчпөстөн
Көчүп жетти Ополго.
Токтотту көчүн ошондо.
Шыгайдын уулу Чынкожо
Жүргөн жолун чаргытып,
Кара атын минип каргытып.
Көкүлүн көккө ыргытып,
Туягын жерге мылгытып.
Опол тоого келдик деп,
Бура тартты чулгутуп.
Көчтүн баарын теңшерип,
Бирден санап өткөрүп.
Калкын жайлап кондуруп,
Кара атын минип болдуруп.
Конуп калды Ополго
Жайланып нойгут ошондо.

Эр Толтойдун кеби бар,
Эрикпей айтар эби бар.
Көп жедигер эли бар.
Бир кишидей деми бар.
Жесек коюп, жол кармап,
Душман менен кеги бар.

Жоонун жолун тоздуруп,
Кылып койгон чеги бар.
Жедигердин эр Толтой
Жердеген жери Опол тоо.
Туйгундуктан кармашып,
Туш тараптын баары жоо.

Кармап жолун күзөтүп,
Жазайылын түтөтүп,
Жаткан экен эр Толтой
Баатырлыгын күчөтүп.
Жолдун баарын карматып,
Жоонун баарын зарлатып,
Сыртынан коюп жесекти
Жигиттер көрбөй төшөктү.
Аларбыз деп ойлонуп,
Семетей кылган кезекти.

Аты-жөнүн жаздырып,
Ак кагазга салдырып.
Жесекчинин сыртынан
Аябай чалгын чалдырып.
Ар тараптан жол чалып,
Аныктап кабар алдырып.

Кароол койгон ар жолго
Кырк кишиден чыгарып.
Жаткан экен Ополдо
Өз боюна чыңалып.

Кароолчусун жиберип,
Калкын койдой имерип.
Баатырлык кылып жол тосуп,
Башка калкка кол созуп,

34.
Жаткан экен Ополдо,
Жайланып Толтой ошондо.

Жедигердин көп күчүн
Жесекчи көрүп алыстан.
Сымбатын байкап кандай жан
Масилат кылып барысы,
Тартынбады барыштан.
Аскерби деп кабар албастан
Кеткенибиз эппи деп.

Кербендин келер жолу деп,
Кебез тоонун бою деп.
Болжол менен жүргөн кербенби,
Жолугуп бизге келгенби?
Кудай бизге бргенби?
Же аскерин салып алдыга
Атышуучу мергенби?
Ажал айдап келгенби?

Деп жолго коюп кырк сакчы
Серепчилеп көз салып,
Бул алда кандай адам деп,
Секин сүйлөп сөз салып,
Карап турган кезинде.
Түш кылтайган бешинде.

Жесекти алып бетине,
Жедигердин четине.
Имере тартып ноктолоп,
Илгери жүргөн жокпу деп.

Санжап болуп бөлүндү,
Конгондой болуп көрүндү.
Конуп калды кербен деп,
Кудай бизге берген деп.
Жатып калды кербен деп,
Жараткан бизге берген деп.
Кубалашып ойношуп,
Кудай айдап келген деп.

Кетте жолго салчу деп,
Кеңеш менен барчу деп.
Келтирсе Кудай бактыга
Кербенден алман алчу деп.

Салгар жолго салчу деп,
Салган бойдон барчу деп.
Көп нойгуттун көчүнө
Аралашып калчу деп.

Абыдан сөзгө канышты,
Аныктап кабар алышты.
Шыгайдын уулу Чынкожо
Чыныгы баатыр чың ошо.
Кара атын минип чалкалап,
Нойгутту келген калкалап.
Кас санаган душманын
Алармын деп талкалап.

Калкынын баарын кондуруп,
Карап турган кезинде,
Кандай заман болот деп
Санап турган кезинде.

Эр Толтойду көрсөм деп,
Самап турган кезинде,

35.
Ал аңгыча болбоду,
Жол тосорлор жарышып,
Тизгин колдо карышып,
Чынкожого барышып,
Салган бойдон келишти.
Жалпы салам беришти.
Чыйрак сайган Таканак
Чынкожого көрүштү.

Эр Чынкожо кеп салды,
Кеп салганда деп салды.
Кебез тоодо керилген,
Сөз сүйлөөдөн эринген,
Опол тоодо ойногон,
Кумары канбай ордодон.
Таалим алган молдодон,
Минген аты Суркоён
Билеселүү бир оён
Толтоюң аман жатабы?
Сак саламат жедигер
Элиң аман жатабы?
Багыштын уулу эр Толтой
Бегиң аман жатабы?

Кайрат айтып жаштарга
Карың аман жатабы?
Баштан-аяк жедигер
Баарың аман жатабы?
Бала-чака саламат
Жаның аман жатабы?
Өрүш алып көбөйүп,
Малың аман жатабы?
Багыштын уулу эр Толтой
Ханың аман жатабы?
Акыл айткан жаштарга
Чалың аман жатабы?

Атка чаап ойногон
Балдарың аман жатабы?
Кызыл белде сыр найза
Баатырлар аман жатабы?
Кыз, келиндер саламат
Катындар аман жатабы?

Урмат кылып карысын
Уландар аман жатабы?
Жалпы жайык жедигер
Туугандар аман жатабы?
Намыстын жолун душмандан
Куугандар аман жатабы?
Казатка белин байлаган
Буудандар аман жатабы?

Деп эр Чынкожо баатырың
Кондуруп көчүн Ополго,
Таканакка бар сөзүн
Сайрап турду ошондо.

Сарбаздын уулу Таканак
Сайрады сөзүн такалап:
Шыгайдын уулу Чынкожо
Аман, эсен келгениң,
Көрүшкөнүм көргөнүм.
Тоодой бизге бергенин
Эр Чынкожо эрмегим,
Атышканда мергеним,
Алышканда эңгеним,
Атышканда жеңгеним.
Тик баскан пенде ичинде
Тилеги кабыл келгеним,

36.
Болоттон сокон коргонум,
Дөөлөтү гар кап толгонум.
Тың баскан пенде ичинде
Тилеги кабыл болгонум.
Кубаныч болду келгениң.
Куттуу болсун конгонуң.

Эр Чынкожо баатырым,
Адамдан ашык акылың.
Жайланып оокат кылганга
Жакшы болду жакының.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Баатырым, аман келдиңби?
Туйгунуң Толтой баатырга
Жакыным аман келдиңби?
Айткан сөзүң даанышман
Акунум аман келдиңби?
Масилат сөздүн ачкычы
Акылым аман келдиңби?

Жалпы жайык көп нойгут
Калкың аман келдиңби?
Сагынышкан туугандар,
Жалпың аман келдиңби?
Сагынган агаң Таканак
Алдыңдан тосуп келдимби?
Айнектей болгон жүзүңдү а
Аман-эсен көрдүмбү?

Бул Кудайдын бергенин,
Эр Чынкожо келгенин,
Толтойго барып Таканак
Айтып берсин көргөнүн.

Деп айтып сзүн урду ошо.
Таканак сүйлөп турду ошо.

Эми эр Чынкожо кеп айтты,
Кеп айтканда нени айтты?
Эрмектешип жатууга,
Тамашага батууга,
Эриккенден Толтойго
Көчө келдим деп айтты.

Эр Толтойго кабар бер
Чынкожо көчүп келди де.
Чынкожонун келгенин
Анык көзүм көрдү де.
Балгындыга конууда
Барар кезиң болду де.

Бар сөзүмдү Толтойго
Айтармын өзүм баш кошуп.
Кашымда Татам турарсың
Сүйлөшкөн сөзгө ат кошуп. –

Деп Шыгайдын уулу Чынкожо
Таканакты жөнөттү.
Оюна албайт Чынкожо
Эр Толтойдон бөлөктү.

Сүйлөп сөзүн такалап,
Жөнөп калды Таканак.
Кебез тоону бакалап,
Опол тоону жакалап.

Салгар жолго слышты.
Жолго салып барышты.
Эр Толтойдун алдына
Салган бойдон барышты.
Толтойго барып кеп айтты.
Кеп айтканда деп айтты:

Жедигердин эр Толтой
Айткан сөзүм уккун деп,

Чынкожо досуң келиптир
Алдынан тосуп чыккын деп.

37.
Кол кармашып бир жүрүп,
Душманыңды жыккын деп,
Эр Толтойго кеп айтып,
Эрикпестен көп айтып.
Эр Чынкожо келиптир
Барганың жакшы деп айтып.
Шарбаздын уулу Таканак
Сайрады сөзүн такалап.

Мен жол тосуп жаткан кезимде,
Түш кынтайган бешимде,
Жедигердин четинде,
Кебез тоонун өзүндө
Алыстан калың чаң көрдүм.
Чаң көргөндө таң көрдүм.
Аскердей болуп түрүлгөн
Алда канча жан көрдүм.

Кебез тоонун оюна,
Балгындынын боюна,
Токтоп калды аялдап.
Конуп калды жайланып.

Конуп калды кербен деп.
Кудай айдап келген деп.
Алман алык алалык,
Кудай бизге берген деп.
Салып бардык турбастан,
Аттын башын бурбастан.

Барсак нойгут көчү экен.
Эр Чынкожо өзү экен.
Өзү түгүл айтайын
Как караган көзү экен.

Көргөн заман баатыр деп,
Чынкожого көрүштүк.
Аңгемеден сөз баштап,
Айтып сөзгө эриштик.
Сандыргалуу эр Толтой
Сал кулагың сөзүмө!
Сагынып келген Чынкожо
Салам айтты өзүңө. -

Деп сайрап өттү Таканак,
Таап сүйлөп такалап.
Жедигердин эр Толтой
Сүйүнгөндөн шатырап,
Келип калса Чынкожо
Баралык деп аттанып.
Ырас айттың Такам деп,
Атамдан калган сакам деп.
Алал кызмат кылгандан
Кылган иши жаккан деп.
Чынкожо келди дегенде
Таркап калды капам деп.

Суркоёнду жылжытып,
Туягын жерге мылгытып,
Адырмакта каргытып.
Анда-санда чулгутуп.
Таканак менен бешөөнү
Жолдош алып жанына.
Минген аты Суркоён
Камчы салды санына.
Эр Чынкожо баатырдын
Жетип барды жанына.
Салам айтып көрүштү
Көп нойгуттун ханына.

38.
Келишимдүү эр Толтой
Келип салам беришип,
Салам айтып көрүшүп,
Сагынгандан ээришип.
Кучакташып көрүшүп,
Кубангандан эришип.
Амандык, соолук сурашып,
Айтып сөзгө келишип.
Баатыр Толтой, Чынкожо
Масилат сөзгө киришип.
Оюна келген сөздү айтып,
Ойноп, жыргап күлүшүп.

Эми эр Чынкожо кеп айтты.
Эрикпестен көп айтты.
Менин айткан арызымды
Уккун Толтой деп айтты.

Менин айта турган кебим бар.
Сенин уга турган эбиң бар.
Сөзүмдөн мурун арызым бар,
Ичим толгон дартым бар.
Өлүмдөн кыйын жүктөлгөн
Өз мойнумда карызым бар.

Арызымдан мурун дос болом,
Анан дартымды айтып козголом.
Карызымдын түбү терең сөз,
Айтпай кантип токтолом.

Калем шериф чоң Куран
Көкүрөккө урабыз.
Өлүүчү касам кылабыз.
Дос болуп Толтой тынабыз.
Жедигер, нойгут баш кошуп,
Опол тоого турабыз.
Оюн эмес, чын сөзүм
Анан оокатты бирге кылабыз.

Мен көчүп келдим жамынып,
Эр Толтой, сени сагынып.
Док урунуп өзүңө
Дос болом деп камынып.

Достукта көөнүң бар болсо,
Айткан сөзүң шар болсо.
Эки кайыш – бир тизгин
Узунунан тилип тур.
Жедигер менен нойгутту
Жалгыз өзүң билип тур.
Багыштын уулу эр Толтой,
Бул сөзүмө кирип тур!

Деп Чынкожо айтып турду ошол.
Чындап сөздү урду ошол.
Эми эр Толтой туруп кеп айтты.
Эрикпей сөздү эми айтты.
Эр Шыгайдын баласы
Бул сөзүң ырас деп айтты.

Мен достуктан кантип качайын
Дос болуп көөнүң басайын.
Дос болом деп алыстан
Көчүп келсең атайын.
Калем шериф чоң Куран
Кудайдын жазган каты дейт.
Дос Кудайдын аты дейт.
Адамдын өлчү анты дейт.
Андан тайган адамдын
Жаман болот арты дейт.
Азамат шерттен кайткан соң,
Айыкпай турган дарты дейт.

39.
Азиреил келет дейт,
Ант урган пенде өлөт дейт.
Аманат жанды берет дейт.
Акыретти көрөт дейт.

Ырысы тайкы кетет дейт,
Ыйманы жок өтөт дейт.
Жети дозок түбүнө
Чымындай жаны жетет дейт.

Акыретке барганда
Аксак сары ат минет дейт.
Айрылып досуң ыймандан
Арманын айтып жүрөт дейт.

Жедигер, нойгут калкыңдан,
Жергеси менен жалпыңдан,
Хан болом деп кубанбайм,
Коркконум ушул антымдан.

Антка опа кылалык.
Айныбай шертте туралык.
Дос болуп азыр тыналык,
Арызыңды кийин угалык.

Деп айтып сөзүн урду ошол,
Эр Толтой айтып турду ошол.
Кубангандан Чынкожо
Ыргып тура калды ошол.
Калем шариф чоң Куран
Оң колуна алды ошол.

Жедигердин эр Толтой
Көңүлүм сенден толду деп,
Аралаш айыл конду деп,
Тилегим кабыл болду деп.

Калем шариф чоң Куран
Ортосуна коюшуп,
Толтой менен Чынкожо
Айтып сөзгө тоюшуп.
Кополдук кылып салбайлык

Кол Кудайдын мөөрү деп,
Алла Таала Кудайдын
Мөөрүндө жок өөнү деп.
Кол кармашып турушуп,
Антты бекем кылышып,
Аягында Куранды
Алып төшкө урушуп,
Батаны мыктап кылышып.
Баштан-аяк тынышып.

Аянбай шертти кылган соң,
Абыдан көөнү тынган соң,
Эми Чынкожо туруп кеп айтты.
Чындап сөздү эми айтты.
Баштан-аяк көргөнүн
Басылбастан көп айтты:

Жедигердин эр Толтой, досум,
Мен арыз айтамын угуп тур, досум!
Атка минип чыгып тур, досум.
Душманыңды жыгып тур, досум.(?)

Аксыдан келдим Өзгөнгө, досум,
Көнүп калдым көчкөнгө, досум.
Кайрат кылып койгонмун, досум,
Кара жандан кечкенге, досум.
Өзгөндөн келдим Ополго, досум.
Сөзүмдүн түбүн которбо, досум.
Сөзүмдүн түбүн которсоң, досум,
Арманым кыйын ошондо досум.

40.
Шыгай хан атам кары эле,
Бир кишиче бар эле,
Билеселүү жан эле.
Нойгутка Шыгай хан эле.
Бул Семетейдин зордугу,
Кылып турган кордугу.
Кесепеттүү Семетей
Кебимди кайрып салды деп,
Келе жаткан жол менен
Кербенимди алды деп.
Жылдырып алды чыгымды,
Жылас кул алды тынчымды.
Өзөгүмө от салып,
Өжөр кул алды тынчымды.
Аксыдан айдап көчүрдү.
Күйгөн отум өчүрдү.
Семетейге бир барып,
Ала албадым өчүмдү.
Карып кылды калкымды.
Кайырлуу кылсын артымды.
Канкор кулга бир барып,
Ала албадым дартымды.

Жетишпеген жетим кул
Жакшылык жорук баштабай,
Жалпы жайык нойгутка
Жалгыз жылкы таштабай,
Буурулду минип каргытып,
Оозунан көбүк баргытып,
Манастын уулу Семетей
Эшигимден кеткен жок.
Эшек минген Чынкожо
Семетейге жеткен жок.
Бул арманым мындан көп.
Эсимден бул иш кеткен жок.
Күндө талап алгандан
Күйгөндөн ичим чок болду.
Кабыргама кадалган
Канкор кул мага ок болду.
Жалпы жайык нойгутта
Жалгызчылык жок болду.

Жалпы нойгут үй чечип,
Баштан-аяк жоо күчөп,
Колубуз кыска болгон соң
Кордук менен күн кечип.
Өлбөгөн жан кантейин.
Өзгөнгө келдик жөө чубап.
Бирөөдөн алдык төө сурап,
Бирөөдөн алдык бээ сурап.
Оокат кылдык көп нойгут
Өлбөгөн жан мал курап.

Карыган атам Шыгай бар
Хан Шыгай ыйлап жоо басты.
Бул арманым мындан күч
Канкор кулга Кудай бар.
Тайбуурулдай бир тулпар
Тандап таап алсам деп,
Табылса тулпар бактыма
Таласка чалгын чалсам деп.
Семетейге барсам деп,
Талаткан малым алсам деп.
Таласка барып согушуп,
Тамашаны салсам деп,

41.
Ичиме пикир сактадым.
Жарамдуу буудан таппадым.
Буурулдай буудан тапсам деп
Муңканып ыйлап какшадым.

Жардылыктын жайынан,
Жалгыз аттын айынан,
Келгендерден кеп уктум.
Кербендерден көп уктум.
Кебилдин аты чарчабас
Керектүү тулпар деп уктум.

Баргандардан кеп уктум,
Базарчыдан көп уктум.
Бараңдын аты канаттуу
Баш күндөн тулпар деп уктум.

Уккандардан кеп уктум,
Уламадан көп уктум.
Урумдун аты канаттуу
Учма тулпар деп уктум.

Ушул үч падышанын жылкысы
Кайып тулпар деп уктум.
Маалым болгон баары элге
Анык тулпар деп уктум.

Самандун деген бир дөө
Тапкан тулпар деп уктум.
Так Сулайман падыша
Баккан тулпар деп уктум.
Сулайманга бул жылкы
Жаккан тулпар деп уктум.

Дүөөлөр кармап асмандан
Алган жылкы деп уктум.
Үч падышада тукуму
Калган жылкы деп уктум.

Канаттуу буудан тулпарды
Кармаган жайын айтайын.
Хан Сулайман падышага
Арнаган жайын айтайын.

Кармай албай калың дөө
Зарлаган жайын айтайын.
Сулайманга дөө айткан
Учкан жылкы көрдүм деп.
Так Сулайман пайгамбар
Сизге айткалы келдик деп,
Азгана эмес көп жылкы.
Арзан эмес бек жылкы.

Бул аттарды асмандан
Самандун дөө кармайт деп,
Самандундан башка дөө
Жанына жакын барбайт деп.

Самандун туруп кеп айткан,
Кеп айтканда нени айткан.
Так Сулайман падышага
Кармашы арзан деп айткан.

Бала күндөн бери жакка
Баш күндөн жайын билем деп,
Балакеттүү аттарды
Сыртынан байкап жүрөм деп.

Турган жери асманда,
Жорголоп кетип басканда,
Учуп кетет качканда.
Канаттуу буудан аттарды
Хан Сулайман пайгамбар
Кармайбыз кантип шашканда.
Оттогон тоосу Жабулка.
Ойногон тоосу Жабулса.

42.
Суу ичкен жери Шар-Булак
Жер жүзүндө бар булак.
Жыты жыпар атырдай,
Балдан таттуу бал булак.
Алла Таала жараткан
Асыл малга жай булак.
Бир ичсе кырк күн суусабайт.

Бир жерге тынчып жуушабайт.
Канаттуу тулпар жаныбар
Башка суудан ууртабайт.
Сары булакты көл кылып,
Аракты арбын куябыз.
Жашырынып көрүнбөй
Жакын барып турабыз.
Касиеттүү тулпарды
Кармап берип тынабыз.
Касиети барынан
Канаттуу кылып жаратты.
Кырк күнү суусап келген соң
Аянбай ичет аракты.
Арак ичип мас болсо,
Жыя албай калат канатты.

Тура албай жаткан кезинде
Мойнуна салсак танапты,
Бекем басып калабыз,
Берсе Кудай Таалабыз,
Чалманы мыктап салабыз.
Жыга тартып алабыз.
Берсе Кудай бир бирден
Бекем басып калабыз.
Алдыңызга аттарды
Тартуу кылып барабыз. –
Деп Так Сулайман падышага
Самандун айткан кеби ушу.
Канаттуу тулпар бууданды
Кармай турган эби ушу.

Так Сулайман падыша
Самандундан кеп угуп,
Арак менен мас кылып,
Алабыз кармап деп угуп,
Жардык айткан элине.
Кулак сал деп кебиме.
Дөө менен периге
Беш күндө арак көл кылсаң
Киргениң деп эбине.
Бул кызматтан качканың
Жолобо деп чегиме,
Хан Сулайман пайгамбар
Катуу кылды жардыкты.
Көп жыйылып бүтүрүп
Көрсөттү деп бардыкты.
Кылчайып карап сөз кайрып,
Кылган жок эч ким ардыкты.
Букара моюн бурбастан,
Буйругун эки кылбастан,
Көп жыйылып бүтүргөн
Күндөп-түндөп тынбастан.
Арактан арбын көл кылган,
Аягын аккан сел кылган.

43.
Арзып айтпай эч кимге
Арак көл кылган беш күндө.
Болжолдуу күнү болгон соң
Буудандар келген сугатка.
Калк жыйылып жашынып,
Карап турган бул атка.

Качып кетсе карматпай
Калабыз деп уятка.

Эки жагын карабай,
Эч нерсени санабай,
Суусап келген жаныбар
Аянбай ичкен арактан.
Абыдан ичип мас болуп,
Айрылып калган канаттан.

Мас болуп жаткан кезинде
Сексенди кармап алышкан.
Төрт аягын бекитип,
Башына нокто салышкан.
Так Сулайман падышага
Тартуу кылып барышкан.

Учуп кеткен калганы,
Бул сөздө жок жалганы.
Чынкожонун сага айтар
Толуп жатат арманы.

Минип турган Кара атым
Кара аттын уктуң санатын.
Кайып аттын тукуму
Таппайсың мындан калатын.
Хан Сулайман пайгамбар
Карматкан аттын баласын.

Канаттуу тулпар тукуму,
Сөзүмдө жок чаласы.
Кара атымдын канатын
Көзүңдү ачып карачы!
Жедигердин эр Толтой,
Сөзүмдө жок калаты.
Семетейден мен көргөн
Кордугумду саначы.

Жалгыз аттын дартынан,
Семетейдин зарпынан,
Алты жылы жоголдум
Айрылып нойгут калкыман.

Урумга бардым тентиреп,
Учкан тулпар алам деп.
Бараңга бардым тентиреп.
Канаттуу тулпар табам деп.

Мен бараңдан таптым Каратты,
Угуп тур Толтой, санатты.
Калам Кудай бул атты
Канаттуу кылып жаратты.
Касиеттүү тулпардан
Калкка тукум таратты.

Кадимден мага кас болду
Кара жолтой тууганым.
Уктуңбу Толтой, өзүмдөн
Тууганымдын кууганын.

Балтаматтын аты экен
Канаттуу кара бууданым.
Кара ат тийип колума
Абийримди жууганым.
Бараңдын ханы Балтамат
Багып турган мал экен
Балтаматтын өзүнө
Жагып турган мал экен.

44.
Көз тиет деп көз мончок
Тагып турган мал экен.
Кымкаптан кийим кылдырып,
Жаап турган мал экен.

Үстүндөгү жабуусу
Баары жибек жээктүү,
Топчулугу жибектен
Топчусу күмүш тиектүү,

Башындагы ноктосу
Амадана кайыштан.
Сүйгөн малым Караттын
Сүрөтүн көрдүм алыстан.
Кордук көрүп калам деп,
Коркомун жакын барыштан.

Каратты көрүп таң калдым,
Кайгысын тартып зарладым.
Эбин таап алмактын
Акылын ойлоп камдандым.
Эки жылы Бараңга
Ат бакчу болуп жалдандым.
Элимден кетип кор болуп,
Ушунчалык сандалдым.

Эки жылдын ичинде
Тааныш болдум ханына.
Кашып, тырмап, жем берип,
Караттын бардым жанына.

Ишенген соң Балтамат
Барданке берди аткын деп.
Ойноп-жыргап Чынкожо,
Тамашага баткын деп.
Кашып, сылап жакшылап,
Каратты өзүң баккын деп.
Кашынан алыс кетпестен
Каратты багып жаткын деп.

Алты атар мылтык бардаңке
Асып койду ийниме.
Ат багуучу муракир
Баарысы калды кийниме.

Каратка үйүр болгон соң,
Касиет башка конгон соң,
Хан Чынкожо досуңдун
Айткан сөзүн ойлонсоң.

Бардаңкени асынып,
Балтаматтан жашынып,
Каратты минип каргытып,
Асман менен чаргытып,

Качып келдим калкыма
Каратым жетти баркыма.
Багыштын уулу эр Толтой,
Түшүнсөң сөздүн салтына,
Жоо-жарагын камданып,
Түшөлүк душман артына.
Канетип чыдап жүрөмүн
Семетей иттин дартына.

Каратым колго тийгенде
Калк колума киргенде,
Анжианды айланып,
Жалгыз өзүм билгенде.

Мурунку сөздү улатып,
Буурул атты суратып,
Эртиш менен Токону
Элчи кылып жибердим.
Сөзүн тартып келүүгө
Ченчи кылып жибердим.

45.
Канчоро менен Күлчоро
Каршы чыгып жолунан.

Кара тумшук жетимдер
Кармап алып колунан,
Бул кордугу мындан күч
Кайыш алды жонунан.

Куйкасын тилип мурч салды.
Куйругун тилип туз салды.
Таманын тилип чок салды.
Далысын тилип кок салды.
Манастын уулу Семетей
Бир сөзүнө турган жок.
Жабырлыкты көрсөтүп,
Жалгыз мага кылган жок.

Жедигердин эр Толтой,
Угуп тур досум кебимди.
Сага айтпаймын тегинди.
Табарсың өзүң эбиңди.

Жети-Сууну жердеген,
Душманга намыс бербеген,
Сенин атаң эр Багыш
Жедигерде эрдеген.
Эрдигин угуп алыстан
Элине душман келбеген.
Айтышып чечен жеңбеген.
Алышып душман эңбеген.

Бу да мыкты эр эле,
Көп жедигер эли эле.
Көлдүн башы Кулусун
Эр Багыштын жери эле.

Калмак менен жайлашып,
Убада сөзүн байлашып,
Жедигерин тынчытып,
Жыргап жаткан кезинде,
Багыштын уулу эр Толтой,
Бул сөз барбы эсиңде?

## СЕМЕТЕЙДЕН ӨЧ АЛУУ МАКСАТЫНДА ЧЫНКОЖО МЕНЕН ТОЛТОЙ КЕҢЕШИП, АХУН ХАН КЫЗЫ АЙЧҮРӨКТҮ ТАРТЫП АЛМАК БОЛУШКАНЫ

Манастын уулу Семетей
Калмакка казат кылам деп,
Хан Манасты өлтүртүп,
Кантип чыдап турам деп.

Текестен чалгын чалам деп,
Теңдигимди алам деп,
Катын, кызын ыйлатып,
Калмакка бүлүк салам деп,
Каңкор кулдун кыйгышын
Калмактын алды жылкысын.
Катын, кызын ыйлатып,
Калкынын алды уйкусун.
Олжосу калың болгон кул.
Калмактын канын соргон кул.

Жети-Сууга келгенде
Жедигер менен урушуп,

Маңдайлашып турушуп,
Майданды бирге кылышып.
Калмакка тилчи болдуң деп,
Кабыргалаш кондуң деп,
Эр Багышты өлтүрдү.
Калкына жабыр келтирди.

Көчүрдү Көлдүн башынан,
Көп кыргыздын кашынан.
Көп жедигер көчкөндө
Көл болгон көздөн жашынан

46.
Сен дагы мендей кор болуп,
Качып келдиң Ополго.
Жедигердин эр Толтой,
Сөздүн түбүн которбо.
Сөздүн түбүн которсоң
Күйүтү кыйын ошондо.

Эркек бала тууганда
Намыстыкка бараткан.
Эркек козу тууганда
Курбандыкка жараткан.
Бу жай билбеген канкордон
Намысты кантип алабыз?
Чалгынды кандай чалабыз?
Таласка кандай барабыз?

Жедигердин эр Толтой,
Менин ойлоп жүргөн кебим бар.
Өлсөм кетпейт оюмдан,
Ичим толгон кегим бар.
Кулак салып эр Толтой,
Кебимди угар эбиң бар.

Угуучу сөдүн дайны бар,
Үргеничте шаар, айылы бар.
Акундун кызы Айчүрөк
Арнап койгон кайны бар.
Арбак урган канкордун
Ала турган зайыбы бар.

Сандыргалуу эр Толтой,
Сал кулагың сөзүмө.
Самаган ишке жеткирип,
Келтирсе Кудай кезиме,
Акундун кызы Чүрөктү
Алып берем өзүңө.

Бул каргашалуу Семетей
Кайным деп буга барган жок.
Карыш турган Үргенчтен
Айчүрөгүн алган жок.
Угуп тургун эр Толтой,
Бул сөзүмдө жалган жок.
Канкор кулду какшатып,
Катын алсак арман жок.

Айткан сөзүм эп көрсөң,
Акылга туура деп көрсөң
Жедигер, нойгут жыйналып,
Намыс үчүн чыйралып,
Хан Багыштын куну үчүн
Канча түрлүү кыйналып,
Жалгыз жарым жан калбай,
Жайытында мал калбай,
Көчсөк кантет эр Толтой?

Жатып ичер чал калбай
Жалпы жайык көпчүлүк
Жайланып үйдү чечелик.
Буруу-терүү санабай
Бул оокаттан кечелик.

Хан Акунга баралык,
Үргенчти талап чабалык.
Элине булук салалык.
Чүрөктү минтип алалык.

Акун ханга барбасак,
Айчүрөктү албасак,
Канткенде намыс алабыз?
Как талаада калабыз.
Армандуу болуп өлгөнчө
Айыкпайт биздин жарабыз.

47.
Деп Шыгайдын уулу Чынкожо
Айтып сөзүн урду ошо.
Айтып сөзүн уктуруп,
Аял кылып турду ошо.

Толтой туруп кеп айтты,
Торгоп сөздү көп айтты:
Манастын уулу Семетей
Жесирин бербейт деп айтты.

Эр Чынкожо баатырсың
Элирип сүйлөп жатырсың.
Хан Манастан туулган.
Кандай пенде катылсын.

Акундун кызы Айчүрөк
Семетейдин жесири
Жалпы нойгут, жедигер
Элиңе тиет кесири.

Пайда кылбайт адамга
Баркын билбей эсирүү.
Кандай болот Чынкожо,
Калкты жыйнап көчүрүү?

Катындан алсаң өчүңдү,
Токтотпоймун көчүңдү.
Ачып кара көзүңдү.
Абыдан уккун сөзүмдү,

Жалгыз баатыр сен эмес,
Толтой сенден кем эмес.
Семетей сага тең эмес.
Адамга өлчү эр эмес.
Жесирин бизге берчү эмес.
Айчүрөк бизге келчү эмес.
Каршылык кылган канкорго
Кайрылып үйүн көрчү эмес.
Кой, Чынкожо, бул сөздү,
Бир кыз үчүн өлчү эмес.
Алдырып коюп катынын
Семетей жатып алчу эмес.
Андай жорук көрчү эмес.
Ал жорукка көнчү эмес.
Алсаң менин кебимди
Айтпаймын сага тегинди.
Жылас кул менен журт болуп,
Жыргаталык элиңди.
Семетей бизге бала эмес,
Жеңил-желпи жан эмес.
Кыянат сөздү ойлонуп,
Кылар ишиң ал эмес.
Арага киши салалык
Абыдан сөзгө каналык.
Журттук менен сүйлөшүп,
Аянбай шертке каналык.
Антка, шертке ишенсең
Семетейге баралык.
Тартып алган мал болсо,
Талоонго түшкөн мал болсо,
Өлгөн жанга кун болсо,
Таланып кеткен пул болсо,

Бул пейилден жаналык.
Журттук менен алалык.
Корккондумдан айтпаймын,
Кылган шерттен кайтпаймын.
Өжөрлүгүм кармаса
Өлгөндөн башым тартпаймын.

48.
Көч десең көчүп барамын,
Шертимден кантип жанамын.
Өзүм Толтой баатырмын
Өлбөгөн жерде каламын.

Шыгайдын уулу Чынкожо,
Айткан сөзгө кулак сал.
Албаймын чырдуу кызыңды,
Айчүрөктү өзүң ал.
Акылың болсо ойлонуп,
Айтып турган сөзүмү ал.

Шертимди түптү танбаймын,
Убада сөздү кармаймын.
Буруу-терүү сөз айтып,
Бул шертимден чанбаймын.

Тандап тапкан досуңмун,
Тартынып сенден калбаймын.
Айчүрөктү өзүң ал.
Мен азаптуу кызды албаймын.

Сөз айтамын калыстан.
Пайда чыкпас намыстан.
Жалпы нойгут, жедигер
Көчүп барсак алыстан,
Калк бүлүнүп жок болор,
Канткенде кеңеш токтолор.
Кабыргага кадалган
Канкор кул бизге ок болор.

Бар десең көчүп бармакмын,
Чалгынды бирге чалмакмын.
Жаным аман турганда
Намысты бирге алмакмын.

Танбаймын досум, антыңды.
Калбаймын, досум, артыңдан.
Кеңеш салып, кеп сура
Жедигер, нойгут калкыңдан.
Деп айтты Толтой эр ошол.
Айтып турган жери ошол.

Эми эр Чынкожо кеп айтты,
Элим, уккун деп айтты.
Хан Чынкожо кеп айтты
Калкым, уккун деп айтты.
Карап турган калың журт,
Жалпы уккун деп айтты.

Багыштын уулу эр Толтой,
Бегим уккун деп айтты.
Жалпы нойгут, жедигер
Элим уккун деп айтты.

Акыл салып кеңешкен
Көчүм уккун деп айтты.
Жедигер, нойгут баш кошуп,
Калкым уккун деп айтты.
Баштан-аяк чогулуп,
Жалпы уккун деп айтты.
Чынкожо, Толтой дос болгон
Антын уккун деп айтты.

Толтой досум, угуп тур,
Атка минип чыгып тур.
Коркок болсоң корголоп,
Семетейден ыгып тур.

Семетей менден эр эмес,
Эр турсун мага тең эмес.
Кашында турган Чынкожо
Семетейден кем эмес.
Коркуучу адам мен эмес.
Кол тартчу адам сен эмес.

49.
Жедигердин эр Толтой,
Бул айтканың эп эмес.
Жүрөктүн курчун майтарып,
Оозго алчу кеп эмес.

Айнычу сөздөн козгодуң
Айнычу адам окшодуң.
Антка, шертке турбасаң
Алдымдан торгоп турбагын.

Жедигердин эр Толтой,
Калктын мизин кайтардың.
Кара жолтой канкордон
Кандайлыктан жалтандың?
Бул сапардан айнысаң
Касам ичип, ант алдың.

Багыштын уулу эр Толтой,
Барбасаң айнып калагой,
Убада сөздөн жанагой.
Анты, шертиң алагой.

Мен жанбаймын сөзүм деп,
Сөзүмдү уккун өзүм деп.
Кечээки кылган шерт сөзүң
Чыктыбы, Толтой, эсиңден?
Алдымда турса Кара атым
Кара аттын күүлөп канатын,
Чынкожону көрөрсүң
Канкорго кылган санатын.

Жанымда турса Кара атым
Жалгыз өзүм жарамын.
Үргөнчкө бүлүк саламын.
Өлбөгөн жерде каламын.
Перинин кызы Чүрөктү
Албасаң өзүм аламын.

Эр Толтой айтып калды деп,
Антымды кантип танамын.
Өлө турган шерт кылдым
Шертимден кантип жанамын.

Барсаң Толтой Үргөнчкө
Учурайсың бир кенчке.
Жедигердин эр Толтой
Бул сөзүмө кулак сал.
Перинин кызы Чүрөктү
Пейлиңди бузбай барып ал.

Айткан сөзүм уктуңбу
Ага-ини, калайык?
Айчүрөктү алганы
Эр Толтойго ылайык.

Акун кызы Чүрөктү
Албаймын деп качпагын.
Бул жорукту таштагын.
Жакшылап жорук баштагын.

Семетейден жашынып,
Үйүңдө коркуп шашпагын.
Өлсөм өлүп калганым,
Өлбөсөм Үргөнч барганым.

Жакшы болот эр Толтой.
Айчүрөктү алганың.
Айчүрөктү алган соң
Ичинде калбайт арманың.

Калың нойгут, жедигер
Аябас бизден жардамын.
Чынкожонун арманын
Чындап уккун калганын.

50.
Өзгө жалган, өлмөк чын
Өлүмдү бир күн көрмөк чын.
Ажал жетип, күн бүтсө,
Аманат жанды бермек чын.

Ажал жетсе өлөрбүз,
Ак жазганын көрөрбүз.
Ажал жетип өлбөсөк,
Абийир таап келербиз.
Айныбасаң жөнөрбүз.
Ар качандан бир качан
Кордугуна канкордун
Кантип чыдап көнөрбүз?

Жерден айрып, кор кылып,
Шыгай ханды чаптырсак,
Жолбун итке каптырсак,
Эр Багышты өлтүрсө,
Жанга жабыр келтирсе,
Жети-Суудан көчүрсө,
Менин чыдай турган жөнүм жок.
Бу сөзүмдө өөнүм жок.
Жедигердин эр Толтой,
Сенин не себептен көөнүң жок?

Деп шыгайдын уулу Чынкожо
Айтып сөзүн билдирди.
Көп жедигер, нойгуттун
Көңүлүнө түйдүрдү.
Аябастан сөз айтып,
Абыдан ичин күйдүрдү.

Эми калктын баары дабырап,
Жалпы сүйлөп бабырап,
Кордук көрүп турбайбыз,
Мындан моюн бурбайбыз.
Эр Чынкожо баатырдын
Буйругун эки кылбайбыз.

Бул сапардан кайтпайбыз.
Башка сөздү айтпайбыз.
Ырас айтат Чынкожо
Мындан башты тартпайбыз.

Ажал жетсе өлөбүз,
Ак жазганын көрөбүз.
Эр Чынкожо баатырдын
Айтканына көнөбүз.

Жалпы көчүп барабыз,
Чалгынды бирге чалабыз.
Намысты бирге алабыз.
Өлбөгөн жерде калабыз.

Жедигер, нойгут баш кошуп,
Көчүп сапар кылабыз.
Малдан, жандан бир жолу
Безип сапар кылабыз.
Кара жандан түңүлүп,
Кечип сапар кылабыз.

Чынкожонун сөзүнө
Көнүп сапар кылабыз.
Бу кордуктан бир жолу
Өлүп сапар кылабыз.
Өлбөгөн жан канкордон
Кантип тынчып турабыз.
Опол тоону жер кылып,
Кантип чыдап турабыз.
Чынкожо чындап айткан соң
Кантип моюн бурабыз.

51.
Деп Таканак турду такылдап,
Сайрап сөзүн шакылдап.
Баштан-аяк калың журт
Баарысы сүйлөп бакылдап.
Толтойдун кебин эп көрбөй,
Тосуп сүйлөп өткөрбөй.
Убада кылды көчмөккө,
Бир айда үйүн чечмекке,
Абыдан сөзүн бекитти,
Аманат жандан кечмекке.

Сарамжал кылып бир айда
Жол азыгын камдайлык.
Ушул сөздөн жанбайлык.
Убада сөздөн танбайлык.
Буруу-терүү ойлонуп,
Бул сапардан калбайлык.

Деп калың нойгут, жедигер
Ушул сөздү жат кылып,
Убада кагаз кат кылып,
Өлө турган ант кылып,
Үч айлык сапар жол болсо
Азгана эмес, мол болсо,
Айылы менен аттанып,
Көчүп жүргөн кол болсо,
Кочкорлор короп, кой кууса
Кор болобуз кой тууса.
Сапарда жүрүп мал тууса
Сандалабыз жол бууса.

Деп айгырды бычып ат кылып,
Кочкорду бычып ирик кылып,
Семетейдин кордугун
Көңүлүнө мүлк кылып,
Убада кылган ай өтүп,
Саратан жайлуу жай өтүп,
Жедигер, нойгут жыйналып,
Намысы үчүн чыйралып,
Көчүп калды турбастан,
Көңүлүн башка бурбастан.
Чынкожо, Толтой баатырдын
Жардыгын эки кылбастан.

Суркоёнду жылжытып,
Туягын жерге мылгытып,
Көкүлүн көккө ыргытып,
Андасанда чулгутуп,
Таканакты кошчу алып,
Көчтү Толтой башкарды.

Эрлик кылып шашпады,
Бул сапардан качпады.
Шыгайдын уулу Чынкожо
Чыныгы баатыр чың ошо.
Каратын минип каргытып,
Оозунан көбүк баргытып,
Андасанда учуруп,
Баскан изин жаркытып,
Эртиш менен Токону

Жолдош алып кашына.
Калктын баары башкарып,
Өзү турду башында.

Белин бекем байлады,
Көңүлүн мыктап жайлады.
Көңүлү тынып Чынкожо
Көчтүн артын айдады.

52.
Четке бала чыгарбай,
Көчүн бада чыгарбай,
Жайытына мал койбой,
Жатып ичер чал койбой.

Жалпы көчтү жөнөттү,
Жалгыз-жарым жан койбой.
Сары-Кол ылдый самсытып,
Тайган, итин каңшытып.

Бүркүт, кушун шаңшытып,
Конгон жерин  жарсытып,
Аста көчүп жылдырып,
Абыдан акыл тундуруп,
Үч күн көчүп бир күнү
Мал өргүтүп тындырып,
Саналуу үч ай бүткөн соң
Көчүп жетти Кыйбага.

Чынкожо, Толтой келди деп,
Даңкы кетти кыйлага.

Үргөнч, Кыйба аралаш
Абдан сонун калаа экен.
Адамдын баары таңданып,
Айтканынча бар экен.

Үргөнч менен Кыйбага,
Балк, Бадакшан, Кебилге
Барына Акун хан экен.
Касиеттүү жан экен.

Толук жашты жашаган
Токсонго чыккан кары экен.
Жаш кезинде Акун хан
Бир кишиче бар экен.

Калың нойгут жарданып,
Калааны көрүп таңданып,
Көп жедигер жарданып,
Көчөнү көрүп таңданып,
Чоң Үргөнчтүн оюна,
Кан арыктын боюна,
Кашка жолдун учуна,
Калаадан алыс тышына
Конуп калды айланып,
Жатып калды жайланып.

## ЧЫНКОЖО МЕНЕН ТОЛТОЙДУН ЗОРДУГУ.

Эми Чынкожо, Толтой кеңешип,
Баатырлыгын теңешип.
Айчүрөктү алам деп,
Семетей менен эгешип,

Убада кылган бир кезде
Өлбөй тирүү жүрбөскө.
Эрке кызды алам деп,
Көчүп келди Үргөнчкө.

Жалпы нойгут, жедигер
Баштан-аяк турушуп,
Толтой менен Чынкожо
Масилат-кеңеш кылышып,
Ат тыныгып өргүтпөй,
Эр тыныгып сергитпей,
Камындырбай барам деп,
Калаага бүлүк салам деп,
Перинин кызы Чүрөктү
Берсе Кудай алам деп.

Ат жакшысын тандашып,
Азамат эрди жамдашып,
Батырлыгын карматып,
Бар жарагын камдатып,
Азгана эмес мол менен,
Кырк миң кошун кол менен.

53.
Желпилдеген тоо менен,
Жер майышкан кол менен,
Үлпүлдөгөн тоо менен,
Үпчүн кийген эр менен,
Кара, жашыл туу менен,
Калкан кийген эр менен,
Алдаканча туу менен
Айгайлаган чуу менен,
Мылтыккечти бир бөлүп,
Алдына салып алышты.
Айгайлаган чуу менен
Аянбастан барышты.

Желпилдетип желекти
Оюна албай бөлөктү,
Анын арка жагынан
Найзакерди жөнөттү.
Калың нойгут, жедигер
Кайрат кылып козголду.

Аркасынан жөнөдү
Кара келтек чочморлуу.
Эр азамат бел байлап,
Илгери чаап октолду.
Кайра тартып жүз жанып,
Качкан адам жок болду.
Хан Чынкожо, Эр Толтой
Кайрат кылды окшоду.

Чынкожолоп бакырып,
Чындап ураан чакырып,
Замбирек атып, топ коюп,
Жазайылга от коюп,
Аянбастан барышты,
Абыдан согуш салышты.
Акундун шаары Үргөнчтү
Тегеректеп алышты.

Четке бала чыгарбай,
Тышка бада чыгарбай,
Дыйканга эгин айдатпай,
Чарбага жайлоо жайлатпай,
Шаардын тышын бүлдүрдү.
Салкынга бээ байлатпай,
Элчи салбай арага,
Камап салды калаага.

Эми Акун кандын кеби бар,
Абыдан айтар эби бар.
Кары да болсо кайраттуу
Бир кишидей деми бар.

Түмөнбайдын кеби бар,
Түзөп айтар эби бар.
Дарбазасы болоттон
Замбирек өтпөс чеби бар.
Кадимден жоонун бөрүсү
Калың түркмен эли бар.
Хан Акундун корккондой
Кай жеринде кеми бар?

Уйкудан чочуп ойгонуп,
Ар нерсени ойлонуп,
Түн ортосу мезгилде,
Эл уктаган кезинде,
Акундун шаары Үргөнчтүн
Тегерете четинде
Кулак салып тыңдаса,
Чыккан чууну сындаса,
Чыңылдаган дуу чыгат.
«Чынкожолоп» чуу чыгат.

54.
Айгайлаган дуу чыгат,
«Эр толтойлоп» чуу чыгат.
Чилмерден үнү бек чыгат,
Чынкожо үнү көп чыгат.
Басылбастан көп чыгат.
«Баатырым Толтой!» деп чыгат.

Добул кагып карсылдап,
Жазайыл үнү тарсылдап,
Асман менен ок учуп,
Чагылгандай жаркылдап,
Баатыр Толтой, Чынкожо
Басылбастан баркылдап.
Кардыгып үнү каркылдап,
Кадимкидей шартылдап.
Калың аскер кол менен,
Колду баштап жол менен,
Кыргыйлаган чуу менен,
Кызыл желек туу менен,
Акундун шаары Үргөнчтү
Тегеректеп калыптыр.
Четке адам чыгарбай
Тегеректеп алыптыр.
Шаардын тышын бүлдүрүп,
Таза чаап салыптыр.

Элдин баары ойгонуп,
Ок жыландай толгонуп,
Бул алда кандай душман деп,
Ар канчалык ойлонуп,
Көчөгө адам жык толуп,
Карап турган кезинде,
Кандай заман болот деп,
Санап турган кезинде,
Түмөнбай качан келет деп,
Самап турган кезинде,
Түлкүнүн уулу Түмөнбай
Түлкүдөй кызыл ат минип,
Түркмөндө окуп кат билип,

Түшүндө окуп жат билип,
Кашканын уулу Каманбай.
Ала байтал Ажыбай
Үч азамат баш кошуп,
Көчө менен жарышып,
Калың журтум. Уккун деп,
Калкка кабар салышып.
Кабар салды элине,
Кара, төрө, бегине.

Баштан-аяк калың журт,
Кулак сал деп кебиме.
Чынкожо, Толтой келди деп,
Келгенин көзүм көрдү деп.
Бизге Кудай берди деп.
Ажал айдап келди деп.

Эр, азамат ат мин деп,
Эринбестен бат мин деп.
Жоо-жарагың шайлан деп,
Кылычың кыя байлан деп.

Алдынан тосуп атышам,
Аңгемеге батышам.
Атка минип шайлан деп,
Ал дагы сенин пайдаң деп.

Көчө менен жарышты
Элге кабар салышты.
Акун хандын алдына
Салган бойдон барышты.

55.
Ордого аскер жык толуп,
Жайнап турган кези экен.
Казат десе бук болуп,
Кайнап турган кези экен.
Кайрат берип Акун хан
Жайлап турган кези экен.

Калк жыйылып топтолуп,
Масилет-кеңеш токтолуп,
Баары келген кези экен.
Түмөнбай турду октолуп,
Абаке, Акун ханым деп,
Көкүрөктө жаным деп.
Ак сакалдар уксун деп,
Айтып турган зарым деп.
Абакемдин алдында
Ук сөзүмдү баарың деп.

Чынкожо, Толтой деген жоо
Чындап бокту жеген жоо.
Атышуучу мерген жоо,
Алдыбызга келген жоо.
Колубуздан өлгөн жоо,
Кудай бизге берген жоо.

Абам, сөзүм эп болсо,
Адам укчу кеп болсо,
Кантип чыдап турамын,
Аскерим андан көп болсо.

Эки кулдун көпкөнүн
Элчиге адам киргизбей,
Каракчыдай катылды,
Эч кабарын билгизбей.
Шыгайдын уулу Чынкожо
Түндө келип басканын,
Адисинен ашканын,
Акылынан шашканын,
Жедигердин Толтойду
Анык шайтан басканын,
Баатыр тркмөн балдары

Көрбөдүм жоодон качканын.
Чынкожо менен Толтойго
Билбеймин түркмөн жазганын!

Камынып атка баарың мин,
Качырган жоонун арстаны.
Көйкашкалар баарың жүр,
Көңүлгө албай башканы.
Азаматтар аттангын
Атпай журттун дастаны.
Деп Түлкүнүн уулу Түмөнбай
Айтып тура калды ошол.

Абакеси Акун хан
Айтканын кабыл алды ошол.
Сандыргалуу Акун хан
Жалпы журтка кеп айтты.
Кеп айтканда нени айтты?
Сайрап сөзүн эми айтты:
Өзбек, түркмөн калкыңа
Бириң эмес жалпыңа,
Бул сапардан тартынба.
Ибарат калсын артыңда.

Ук сөзүмдү калың журт,
Жеткен болсоң паркыма.
Чынкожо менен Толтойдун
Жедигер, нойгут эли бар.
Жети-Сууда жери бар.
Жете албай жүргөн кеби бар.

56.
Жеринен сүрүп таштаган
Семетейде кеги бар.
Семетейге жете албай
Мында келген чени бар.
Айчүрөктү алам деп,
Айтып келген деми бар.
Менин балам Чүрөктүн
Арнап койгон жери бар.
Асыл балам Чүрөктүн
Ала турган теңи бар.

Калың журтум, угуп тур
Мунун кай жеринде эби бар?
Көпкөндүктөн Чынкожо,
Көйрөңдүктөн эр Толтой
Акун ханга барам деп,
Айлына бүлүк салам деп,
Алжып калган бир чалдан
Айчүрөктү алам деп,
Айтып келген кеби бар.
Кылып келген деми бар.

Кары да болсо Акун хан
Калың түркмөн эли бар.
Кагылайын Түмөнбай,
Муну кандай кылар эби бар?

Эр Багыштын элинен
Эр өлтүрүп салбасам,
Эрегиштен эр өлүп,
Эски доого калбасам.

Хан Шыгайдын калкынан
Хан өлтүрүп салбасам,
Кагылыштан хан өлүп,
Кара доого калбасам.

Чынкожо менен Толтойдун
Жылкысын тийип албасам,
Жылкы бөлүп жоголуп
Жыгылар доого калбасам.

Чочугандан ишимди
Чоң калыска салбасам.
Чырактай болгон баламды
Чыңыртып кантип беремин.
Чынкожо кулдан келгенди
Нак төбөмдөн көрөмүн.

Эрке Чүрөк баламды
Эркек деп кантип беремин?
Эр Толтойдон келгенди
Нак төбөмдөн көрөмүн.

Кайратымдын барында,
Кадимки толук чагымда
Жалпы өзбек, түркмөндү
Бийлеп турган чагымда,
Түркмөн турсун Ooганга
Сүйлөп турган чагымда,
Угуп тургун кебимди,
Айтпаймын журтум, тегинди.

Билип турдум хан болуп,
Балк, Бадакшан, Кебилди.
Үргөнч менен Кыйбаны,
Бийлеп турдум кыйланы.
Ашкабат менен Марыны
Жыргатып койдум жардыны.

Кайратымдын барында
Хан Манас менен дос болдум.
Үргөнчүмдү алдырып,
Жеримден качан козголдум?

57.
Толтой турсун эр Багыш
Эшигиме келген жок.
Чынкожо турсун Шыгай хан
Үргөнчүмдү көргөн жок.
Бул кордуктан Түмөнбай,
Арданып абаң өлгөн жок.
Токсонго чыгып токтолдум,
Топурак болуп жок болдум.

Карыдым, өлдүм, жоголдум,
Карыган чал кайдан оңолдум.
Үргөнч, Кыйба, Чамбыл-Бел
Жер сеники, Түмөнбай.
Ooган, түркмөн калың журт
Эл сеники, Түмөнбай.
Бадакшан, Мары, Ашкабат,
Балк сеники Түмөнбай.
Ушул жерди жердеген
Калк сеники, Түмөнбай.
Атаң Түлкү бир тууган,
Кичи энемдин баласы.
Угуп тургун, Түмөнбай,
Калбасын сөздө чаласы.
Ага-ининин баласы
Алыс болбойт арасы.
Менин балам Айчүрөк
Сөзүмдү ойлоп карачы!
Түлкүнүн уулу өзүңсүң,
Көрө турган көзүмсүң.
Кагылайын Түмөнбай,
Сүйлөй турган сөзүмсүң.
Менден жалгыз кыз болуп,
Бул мээнетке туш болуп,
Жалпы Түркмөн калкымдын
Башына тийген муш болуп,
Карылык каршы келген кез,
Хан абаң Акун өлгөн кез.
Өкүрбөй туруп көп түркмөн
Кара жерге көмгөн кез.

Кеп эмес менин хандыгым,
Кимге өтөт менин жардыгым?
Ордумду куру таштабай,
Түмөнбай сенин бардыгың.
Калкыңды жыйып өткөрөм,
Хан болуп ал, Түмөнбай.
Хандыгың калкка билинип,
Даң болуп ал, Түмөнбай.
Кайрат кылсаң душманга
Эр болуп ал, Түмөнбай.
Калың түркмөн калкыңа
Бел болуп ал, Түмөнбай.
Карындашың Айчүрөк
Кыз сеники, Түмөнбай.
Башыңа тийчү Толтойдон
Муш сеники, Түмөнбай.
Кайсы бирин айтайын
Мал сеники, Түмөнбай.
Казынага жыйылган
Зар сеники, Түмөнбай.
Жалпы түркмөн уругу
Жан сеники, Түмөнбай.
Жандын баарын бийлеген
Хан сеники, Түмөнбай.
Чынкожого алдырсаң
Ар сеники, Түмөнбай.

58.
Атты минсең сен миндиң,
Кайсы адамдан кем миндиң?
Тонду кийсең сен кийдиң,
Кайсы адамдан кем кийдиң

Акун хан менен Түлкүнүн
Ортосунда бала элең.
Берген Кудай бактыма
Медер кылган жан элең.

Кары да болсом Акун хан
Кайрат берем өзүм деп,
Кагылайын, Түмөнбай,
Кайрат кылар кезиң деп.

Акун хан абаң алдында,
Аскериң даяр артыңда.
Чынкожо, Толтой келиптир
Айчүрөктүн дартында.

Чынкожо менен Толтойдун
Анык сыры билинди.
Кебин уктум ар кимден
Келтирди иттер жинимди.

Карындашың Чүрөктүн
Айыкпай турган иши бар.
Аламын деп башында
Куда болгон киши бар.

Угуп тургун Түмөнбай,
Чүрөктүн жайын айтайын.
Түгөнбөй турган бир жолу
Дүбөктүн жайын айтайын.

Алты санга жык толгон
Алаштын жайын айтайын.
Аягы Ташкен, башы Чүй
Таластын жайын айтайын.
Атпай журтту коркуткан
Манастын жайын айтайын.

Жердеген жери Чүй, Талас,
Жергеси бүтүн көп алаш.
Жеринде жатып коркуткан
Атпай журтту эр Манас.

Иңгилис, орус, Бараңды
Өз колуна караткан.
Инди менен калчаны
Түтүнгө бөлүп тараткан.
Эрегишкен душманды
Эрлик менен жадаткан.
Баатыр Манас султанды
Башында артык жараткан.
Чынкожо, Толтой чыйралып,
Чыгып келди каяктан?

Үйүндө жатып эр Манас
Кат жиберген кылымга.
Казан менен Кырымга,
Ыстамбул менен Урумга,
Багдат менен Мисирге.
Жалпы түрктүн тукуму
Ынтымак болуп бир турсак
Жетебиз деп тынымга.

Ыстамбул менен Урумду
Кат жиберип караткан.
Манастын жазган кагазын
Калыйпа султан жараткан.
Толтой менен Чынкожо
Чыгып келди каяктан!?

59.
Жайпаңдан Манас келди деп,
Келгенин көзүм көрдү деп.
Жалпы түрктүн балдары
Амирина көндү деп.
Манас султан болду деп,
Дөөлөтү каркап толду деп.
Самарканды жактырбай,
Таласка келип конду деп.

Кабарын уктук калыстан,
Сөзүн уктук алыстан.
Жалпы түрктүн тукуму
Тартынбады барыштан.
Баш куттуктап келем деп,
Манастын жүзүн көрөм деп,

Хандын баары жыйналып,
Калктын баары чыйралып.
Манастын жүзүн көрмөккө
Баарыбыз бардык кыйналып.

Барсак Манас хан экен
Айтканынча бар экен.
Падышалардан башкача
Бактысы ашык жан экен.
Манасты укпай Чынкожо
Кайдан чыккан бала экен?

Ошондо балам, барганмын,
Олуя-Ата, Таласка.
Казак, кыргыз – алашка.
Бул сөздү менден талашпа.

Дос болгонмун сүйгөндөн
Жакыптын уулу Манаска.
Калкымды берип колума,
Хан Манас салган жолума.

Баш күндөн бери абаңды
Баштаган Кудай оңуна.
Кулак салгын, Түмөнбай,
Айткан сөздүн соңуна.

Манас менен дос болдум
Жалпы түрктүн чоңуна.

Мунун арка жагынан,
Ниетинин агынан,
Бабамдан калган жерим деп
Башкарып койгон элим деп.

Сандыргалуу эр Манас
Саят кылып келем деп,
Жалпы Букар, Самаркан
Тууганымды көрөм деп,
Самарканга келиптир.
Келгенде ичи эриптир.
Акун хан досум келсин деп
Жазып кагаз бериптир.

Кабарын уктум кагаздан,
Кайран досум Манастан.
Жөнөп калдым турбастан,
Аттын башын бурбастан.
Буруу-терүү ойлонуп,
Буйругун эки кылбастан.

Келсем Манас башында,
Кырк чоросу кашында.
Самаркандын оюнда
Чоң дайранын боюнда.
Ит агытып, куш салып,
Кырк чоросун кошчу алып.
Бакай ханды башчы алып.
Жүргөн экен из чалып.

60.
Андан өтүп көрүшүп,
Абыдан дилин эритип,
Кучакташып көрүшүп,
Кубангандан эришип.

Ошондо Манас кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты.
Бел куда болуп алсак деп,
Беренимм Манас бек айтты.

Жүргөн жок эч ким арага
Жыкпаймын, балам, жалаага
Көрөр көзүм, Түмөнбай,
Жалган деп муну санаба.

Акун хан, Манас – эки дос
Өкүндү бирдей бала жок.
Баладан башка санаа жок.
Алладан башка паана жок.
Алланын кылган ишине
Пендесинде чара жок.
Айланайын Түмөнбай,
Бул сөзүмдө кара жок.

Бел куда болуп алсак деп
Пейилди кенен салсак деп,
Ырымга Манас айтыптыр
Ырастап дили тартыптыр.

Манастын айткан жардыгын
Эки деп айтар адам жок.
Манас айтып салган соң.
Баш(ка) көрөр чамам жок.
Эрегиш кылып Манаска
Эки сөз айтар заман жок.
Болсоң баатыр болгун деп,
Мойнумду сундум амал жок.

Оозумдан бул сөз чыккан соң,
Султаным Манас уккан соң.

Тура калып эр Манас
Кулдук кылган жери ошол.
Бараң менен басташкан
Падыша Манас эр ошол.

Кулдугум куру болбойт деп,
Мени курачу адам кордойт деп
Сапардын иши ушу экен
Санаама бул мал толбойт деп.
Аз дебе берген малымды
Артын Кудай оңдойт деп,
Бараңдын ханы Балтамат
Тартууга берген Кыргуутту,
Урумдун ханы Султандан
Белекке келген Аксоотту,
Ушул айткан сөзүмдү
Укканың, журтум, ылайык.
Көк жору тууп ит болгон
Кумга тууган Кумайык –
Ушул үчөөн берген калыңга.
Бакай хан турган жанында.
Айланайын Түмөнбай,
Айыбы барбы малында?
Ойлоп кара бул сөздү
Акылың болсо баарында.
Падыша Манас башында,
Кырк чоросу кашында.
Бата кылып, кол жайып,
Алаканын мол жайып,
Батаны мыктап кылган соң,
Куда болуп тынган соң,

61.
Кетеринде эр Манас
Сүйүнчү айтты өзүмө.
Жалпы түркмөн балдары
Сал кулагың сөзүмө.
Манастын айткан бу сөзүң
Алып жүрөм эсиме.

Падыша Манас кеп айтты,
Кеп айтканда нени айтты:
Кудагыйың Каныкей
Кош бойлуу эле деп айтты.

Ай төрөм Аппак кожомдон
Ак сакалдуу Кошойдун
Батасы кабыл болду деп,
Колума туйгун конду деп,
Сүйүнүп жүрөм ичимде
Жалкы берди түшүмдө.
Сенден башка, Акун хан,
Айтканым жок эч кимге.-

Деп Манастын айткан кеби бар,
Арнап койгон жери бар.
Карындашың Чүрөктү
Семетей алар эби бар.
Толтой менен Чынкожо
Кай жерден тынган деми бар?

Сапарда жүрүп сырдашып,
Алтын жездей чырмашып,
Абыдан ойноп жыргашып,
Убада сөздү чыңдашып,
Куда болуп курчашып,
Кудагыйлар ун чачып,
Куда болдум Манаска.
Манас кетти Таласка.

Акун хан келдим Үргөнчкө.
Учурадым бир кенчке.
Манас үйгө жеткенче
Каныкей эркек төрөптүр.

Жалпы алаш сүйүнүп,
Белин бекем бууптур.
Туйгундан тынар тууду деп,
Душмандын дили сууптур.

Алдынан тозуп бир адам
Сүйүнчүлөп келиптир.
Эркек тууду дегенде
Эр Манас балкып эриптир.
Сүйүнчүгө тогуз ат
Уккан замат бериптир.

Үйгө барып ой кылып,
Үч ай бүтүн той кылып,
Алашты бүтүн жыйнатып,
Абышкасын сыйлатып,
Кыргызды бүтүн жыйнатып,
Кыз, келинин сыйлатып.

Кемпирдин баарын жыйнатып,
Келгендин баарын сыйлатып,
Катындын баарын жыйнатып,
Калктын баарын сыйлатып.

Жигиттин баарын жыйнатып,
Ырамаиды ырдатып,
Калың журтка той берген,
Калктын баарын жыргатып.

Кайыр берген карыпка,
Садага берген жетимге,
Назир берген эшенге.
Тапканын берген чеченге.

62.
Ак дегенге ат берген,
Ку дегенге тон берген.
Азгана эмес мол берген.
Үч ай бүтүн той берген.

Батасын алган баарынан.
Жашка толгон карыдан.
Ушул кылган кызматы
Бир баланын зарынан.

Малды калың сойдурган,
Калктын баарын тойдурган.
Баланын атын эр Манас
Семетей султан койдурган.

Мында Толтой кайда экен?
Чынкожо кайсы жайда экен?
Эрегишкен эки кул
Ушул тойдо бар бекен?

Тойду кылып таратып,
Эки буудан жаратып,
Сүйүнчүгө Таластан
Ажыбайды жиберди.
Хан Акунга баргын деп,
Калкым сыйлап силерди.
Ажыбай келген кат алып,
Айткан сөзүн жат алып.

Ажыбайдан кеп угуп,
Армандан чыгып көп угуп.
Кудагыйың Каныкей
Эркек тууду деп угуп.
Калкты Манас басыптыр,
Кагазга баарын жазыптыр.
Семетейдин тоюна
Казына мүлкүн чачыптыр.
Аягына кагаздын
Алтын мөөрүн басыптыр.

Калкты жыйып, той берип,
Малды калың сойдум деп,
Балаңдын атын, Акун хан,
Семетей султан койдум деп.
Үргөнчтө кудам Акун деп,
Сага жазган катым деп.
Кудай берген балаңдын
Семетей койдум атын деп.
Атпай алаш жактырган,
Ажыбайды чаптырган,
Сүйүнгөндөн жубанып,
Жазган катка кубанып,
Тогуз кымкап, жүз дилде
Санап бердим колуна.
Ажыбайды жөнөттүм,
Таласка кетчү жолуна.
Көзүң жетсин, калың журт,
Эр Манастын дууна.
Бул Манасты кордосок
Учурайбыз коруна.
Акыр бир күн түшөбүз
Семетейдин торуна.

Мунун арка жагынан,
Ниетинин агынан,
Алмамбет келди жаңыдан,
Куда болдук абыдан.

Калың айдап, той алып,
Алты жүз ала жорго алып.
Алыскы жолго бел байлап.
Алмамбет келген кудалап.

63.
Алда канча калың жеп,
Айдап келген малын жеп.
Аксакалдар тоюн жеп.
Артып келген зарын жеп.
Казынага киргизип,
Ою менен жүргүзүп,
Алмамбетти жөнөттүм.
Кийитти катар кийгизип.
Алмамбеттин соңунан
Тиледим тилек оңунан.

Калың айдап, мал берип,
Катарлап чиркеп нар берип.
Казынадан зар берип,
Кайрат айтып жар берип.
Беш жыл күттү эр Манас,
Казак, кыргыз көп алаш.

Бейилине жарашкан
Турган жери Чүй, Талас.
Бул беш жылдын ичинде
Туубай койду байбичем.
Айчүрөктүн жоругун
Анык айтып билгизем.

Жалынып жакам кармадым,
Жанымды аяп калбадым.
Жалгыз Чүрөк кыз үчүн
Жаратканга зарладым.

Хан тактымды таштадым,
Кайгылуу жүрүк баштадым.
Качып бардым бир түнү
Кара таштын кезеңге.
Какшап ыйлап зар кылдым,
Капчыгайдын өзөнгө.

Таажы, тактым таштадым.
Талыбай мындай баштадым.
Таң атканча зар ыйлап,
Бала тилеп какшадым.

Айтамын журтум, сырымды
Абыдан уккан чынымды.
Таң мезгили болгондо
Тилек тилеп олтурсам,
Ыйлаган үнү баланын
Кулагыма угулду.
Жетип бардым жүгүрүп,
Мойнума салып курумду.
Жетип барсам бир бала
Сыр бешикте бөлөлүү,
Турган экен кулунум.
Курбу ташка жөлөлүү.

Эркек эмес, кыз экен,
Эрке Чүрөк ушу экен.
Тууду десем эне жок,
Кашында турган неме жок.
Туудурду десем ата жок,
Бул сөзүмдө ката жок.

Кайыптан бүткөн бала эле,
Касиеттүү жан эле.
Кагылайын Айчүрөк
Айтканымча бар эле.
Периден болгон бала эле.
Периштелүү жан эле.
Менин балам Айчүрөк
Айтканымча бар эле.

64.
Асыл балам Чүрөктү
Алып келдим үйүмө.
Калың түркмөн калкымдын
Билдирбедим бирине.

Байбичем бала тууду деп,
Абийримди жууду деп,
Кабар бердим Үргөнчтүн
Кара, төрө, бийине.

Айчүрөктүн тоюна
Аябай малды сойгонмун.
Атын Чүрөк койгонмун.
Бул сөзүмдү ойлонгун.

Тилегим кабыл келген соң,
Чүрөктү Кудай берген соң,
Балдарым, муну башында
Манаска куда болгонмун.
Кары да болсом калкыма
Капкалуу кара коргонмун.
Бата бузар жөнүм жок,
Манаска атап сойгонмун.
Семетей келсе алар деп.
Аманат сактап койгонмун.

Бактыма Кудай жаратып,
Бала үчүн санаа санатып,
Көргөн балам ушу экен
Көргөнүм Чүрөк кыз экен.

Үйдө олтурса кыз экен,
Учуп кетсе куш экен.
Мен дагы муну билбеймин
Кандай жанга туш экен.

Чүрөктү тууду деп угуп,
Сүйүнчү кабар кеп угуп,
Келинди көрүп келем деп,
Калың малга берем деп,
Токсон буудан жактырып,
Баарын семиз бактырып.
Мойнуна тумар тактырып.
Мовуттан жабуу жаптырып,

Бакай хан келген мал айдап,
Майын бузбай жай айдап.

Ошол жылы, Түмөнбай,
Манас өлгөн шор кайнап.
Жалпы түрктүн сарасы,
Жакып хандын баласы.
Калың түрктүн сарасы,
Хан Жакыптн баласы.
Жашында өлдү арман көп,
Алаштын султан Манасы.
Эли, журту кор болуп,
Ээн калды калаасы.
Кайгырып ыйлап зар кылды
Казак, кыргыз - алашы.

Барганда дөөлөт, базарым
Манас өлдү, арман көп.
Баш көтөрөр адам жок
Алаш «өлдү», арман көп.
Тактысы кулап жыгылып,
Талас «өлдү», арман көп.
Кудагыйым Каныкей
Жесир калды, арман көп.
Күйөө балам Семетей
Жетим калды, арман көп.

65.
Жетимдикке чыдабай,
Жесирликке ынабай,
Каныкей менен Чыйырды
Семетейди калкалап,
Тентип кетти, арман көп,
Темир ханды аркалап.
Абыке, Көбөш – эки кул
Кылар иши мына ушул.
Каныкейди алам деп,
Жаңжал салды, арман көп.
Кара-буурул жылкысын
Талап алды, арман көп.
Жакындан бери кеп уктум
Жалганы жок деп уктум.
Манастын уулу Семетей
Таласка кайтып конду деп.
Талаткан малын кайта алып,
Дөөлөтү каркап толду деп.
Хан тагына конду деп.
Кадимкидей болду деп.

Кайран Манас өткөлү,
Каныкей тентип кеткели,
Менден барган адам жок,
Же андан келген кабар жок.
Карыдым, өлдүм, жоголдум.
Кабар берер чамам жок.

Кереттик кылып Каныкей,
Кейигенден хан Бакай
Акунду арбак урсун деп.
Айчүрөк кайдан турсун деп,
Айтпай койгон кеби бар.
Жашырып жүрөт чени бар.

Кагылайын Түмөнбай,
Муну кандай кылар эби бар?
Кара жолтой Чынкожо,
Кара тумшук эр Толтой
Семетейде кеги бар.
Кай жерден тынган деми бар?

Атагы турат алаштын,
Арбагы турат Манастын.
Чынкожо менен Толтойго
Пайдасы жок Таластын.

Эси болсо эки кул
Алдыма келип жарашсын.
Аскерин койдой кырдырбай,
Аман, эсен тарашсын.
Семетейге Чынкожо
Чени менен жанашсын.

Менин айтпаган сөзүм калган жок.
Бул сөзүмдө жалган жок.
Айланайын Түмөнбай,
Абаңда биттей дарман жок.
Алдыңдан тийип октолсоң
Түмөнбай, сенден арман жок.

Деп сандыргалуу Акун хан
Кайратты кабат мол берип,
Түмөнбайдын колуна
Элүү миң аскер кол берип,
Жалпы түркмөн баш кошуп,
Түмөнбайга жол берип.

66.
Түлкүнүн уулу Түмөнбай
Түлкүдөй кызыл ат минип,
Түркмөндө окуп кат билип,
Түшүндө окуп жат билип.

Хандык жардык кат алып,
Хан Түмөнбай атанып.
Калың аскер кол баштап,
Хан Акундан бата алып,
Аскердин жүрөр тартибин
Абыдан окуп жат алып.
Каманбайды башчы алып,
Ажыбайды кошчу алып.
Аскер баштап Түмөнбай
Жөнөп чыкты аттанып.

Кызыл желек, сыр найза
Кылкылдаган көйкашка.
Калың түркмөн балдары
Кайраты калктан бир башка.
Сап-сап Болуп бөлүнүп,
Тартип менен жөнөдү.
Сайдырып Чүрөк бербесе
Зордугуна көнөбү.

Кара сакал жайкаган,
Кайраты калкты жайпаган,
Айткан сөздү байкаган,
Бир сап болуп жөнөдү.

Кер муруттар керилип,
Жатканбыз деп эригип,
Жоо кайда деп демигип,
Бир сап болуп жөнөдү.

Сакал, мурут чыга элек
Жоодон качып чыга элек,
Жыйырмага жык толгон,
Жоо көрсөк деп бук болгон.
Үйдө жатып дык болгон,
Бир сап болуп жөнөдү.

Түлкүнүн уулу Түмөнбай
Алдына түшүп жол баштап,
«Түркмөн!» деп ураан чакырып,
Эр Түмөнбай жол баштап,
Кашканын уулу Каманбай
Аркасынан эл айдап.
Ала байтал Ажыбай
Азаматың бел байлап,
Жандын баары ат койду
Жан аябай айгайлап.

Айгайлаган чуу менен,
Алтын айчык туу менен.
Кыйгыйлаган чуу менен,
Кызыл айчык туу менен,
Желпилдеген туу менен,
Жерге тартып чуу менен,
Жер майышып турушуп,
Жерге тартып урушуп.
Баш тартпа деп маш берип,
Майданды мыктап кылышып.

Каптап чыкты калкылдап,
Азаматтар шартылдап.
Алтын айчык кызыл туу
Ай тийгендей жаркылдап.

67.
Аскер калды беттешип,
Тартынбады четтешип,
Чаң-тополоң болушуп,
Жан аябай согушуп.
Мылтыккечтер атышып,
Кызыл канга батышып.
Ажал жетип окко учкан
Жерге сулап жатышып.

Найзакерлер сайышып,
Канга найза майышып.
Тартынбады эч адам
Бир бирине кайышып.

Кылыч менен чабышып,
Кыйла согуш салышып.
Чочмор менен чабышып,
Чокудан кандар агызып.
Чапкандан колу талышып.
Жакасынан алышып.

Тартып аттан оодарып,
Чалкасынан салышып.
Өжөрлүгүн карматып,
Өлбөгөн (жерде) калышып.

Туу түбүндө турушуп,
Тулпар минип урушуп.
Күнү-түнү токтолбой
Күндө майдан кылышып.
Перинин кызы Чүрөктү
Бербес болуп тырышып.

Жыртылбаган тон калбай,
Жыгылбаган чоң калбай,
Айрылбаган баш калбай,
Алжайбаган каш калбай.
Кылышпаган маш калбай,
Абышка өлүп, жаш калбай,
Аянбастан согушту
Жандын баары жазганбай.

Толуп жаткан көп кошун
Согуш кылды нечен кыл.
Кан төгүшүп кармашып,
Камашып жатты жарым жыл.

Жарым жыл тамам бүткөн соң,
Саналуу алты ай өткөн соң,
Элчи салып сүйлөшүп,
Убада сөзүн чийешип.

Арага элчи жүргүзүп,
Жети азамат баш кошуп,
Сегиз болуп эр Токо
Чечен сүйлөп ат кошуп,
Толтой менен Чынкожо
Эртиш менен эр Токо,

Сарбаздын уулу Таканак
Бешөө чыкты бир жактан.
Түлкүнүн уулу Түмөнбай.
Кашканын уулу Каманбай.
Ала байтал Ажыбай
Үчөө чыкты бир жактан.

Сегиз ноён сүйлөшүп,
Бирин бири бийлешип,
Өткөн, кеткен сөздү айтып,
Убада сөзүн чийлешип,

68.
Толтой менен Чынкожо
Келгенин айтып олтурду.
Мылтык андес, азамат,
Мергенин айтып олтурду.
Саналуу алты ай согушкан
Эрмегин айтып олтурду.
Бир кыз үчүн кырылып,
Өлгөнүн айтып олтурду.
Өлгөндөрүн көр казып
Көмгөнүн айтып олтурду.

Эби келсе Түмөнбай
Эр Чынкожо баатырга
Карындашы Чүрөктү
Бергенин айтып олтурду.

Чынкожо туруп кеп айтты.
Чындап сөздү эми айтты.
Карындашың Чүрөктүн
Калыңын айткын деп айтты.

Кайнага болчу Каманбай,
Кайраттуу баатыр Түмөнбай,
Айткан сөзүм угуп тур.
Акылга дыйкан Ажыбай
Айчүрөктүн дартынан,
Айткан шерттин зарпынан,
Айрылсам да көрдүм деп,
Жалпы нойгут калкыман
Эр Толтойго жол берип,
Колуна кырк миң кол берип,
Жедигер менен нойгутту
Жергеси менен көчүрдүк.
Күйгөн отун өчүрдүк.
Малдан, жандан кечирдик.
Уруштан пайда таппадык.
Убайым тартып жатпадык.
Адам болсоң Түмөнбай,
Айтканыма көнгүн деп,
Абыдан байкап көргүн деп.
Айчүрөктү бергин деп.
Жылдырып жылкы алгын деп,
Аянбай калың салгын деп.
Калың малды көп алып,
Жыргап жатып калгын деп.

Кайгырбагын келет деп,
Казак, кыргыз алашын.
Тиргизип келбейт Семетей
Өлүп калган Манасын.
Өзүм билем чамасын.
Өлбөсөм табам чарасын.
Көрсөтпөймүн Түмөнбай,
Семетейдин карасын.

Кара атты берем калыңга
Карап турам жанында.
Семетейден коркпогун
Эр Чынкожо барында.

Куда болуп курчашып,
Кудагый алар ун чачын.
Калың берип, той союп,
Мойнун кайрып кой союп,
Куда болуп калабыз.
Сапарга бирге барабыз.
Чалгынды бирге чалабыз.
Намысты бирге алабыз.

69.
Калыңга кабат мал берем.
Кызыл куйрук нар берем.
Тартынбаймын бергенден.
Нарга жүктөп зар берем.

Аянбаймын бергенден
Айчүрөктү көргөнгө.
Айчүрөктү бербесең
Мен даярмын өлгөнгө.
Жалпы нойгут, жедигер
Өкүрүп жатып көмгөндөн.

Берип салсаң Чүрөктү,
Кайыл кылдың тилекти.
Басып койдуң Түмөнбай,
Кан төгүлгөн дүбөктү.

Эки кайыш, бир тизгин
Ортосунан тилесиң.
Жедигер менен нойгутту
Түркмөнгө кошуп билесиң.

Бул сөзүмдө жалган жок,
Менде Чүрөктөн башка арман жок.
Абыдан ойлон Түмөнбай
Айтар сөзүм калган жок.

Деп Чынкожо айтып турду ошол.
Анык сөзүн урду ошол.
Эми Түмөнбай туруп кеп айтты.
Кеп айтканда нени айтты?

Толтой менен Чынкожо,
Сөзүмдү уккун деп айтты.
Карындашым Чүрөктү
Беремин деп айтпаймын.
Беремин деп айткан соң
Убада сөздөн кайтпаймын.

Карындашым Чүрөктүн
Ак жибектен боосу бар.
Куда болгон эр Манас
Семетейдин доосу бар.
Берип койсом Чүрөктү
Бетимден чыгар жоосу бар.

Жесримди бердиң деп
Жетимдин айтар оозу бар.
Арбагы улук Манас бар,
Атпай кыргыз алаш бар.
Ашыкпагын Чынкожо
Бул сөзүңдө талаш бар.

Жеңил-желпи доо эмес.
Семетей тирүү соо эмес.
Семетей тирүү бар болсо
Оңой турган жоо эмес.

Арбагы улук эр Манас
Атасы бар, Чынкожо.
Айчүрөктүн мойнунда
Батасы бар, Чынкожо.
Айтып турган сөзүңдө
Катасы бар Чынкожо.

Жалгыз өзүм берем деп,
Айта албаймын Чынкожо.
Айтып койсом сөзүмдөн
Кайта албаймын Чынкожо.
Сенин айткан сөзүңдү
Кайтарбаймын Чынкожо.
Сенден коркуп баатыр деп,
Жалтанбаймын Чынкожо.

70.
Эр Толтойго эп келсе,
Бул сөзүмдү эп көрсө,
Жайланып жакшы тынышып,
Жалгыз мага кеп келсе.
Үч айга мөөлөт бересиң,
Бул сөзүмө көнөсүң.
Үч убада бүткөн соң,
Куда болуп келесиң.

Элге, журтка масилат
Айтып Чүрөк беремин.
Бербеймин деп калк айтса
Кантип Чүрөк беремин.

Бергеним журтка эп келсе,
Семетейдин батасын
Калың журттун мойнуна
Артып Чүрөк беремин.

Жалпы түркмөн калкыма
Кеңеш салам барысына.
Аскер болчу жашына,
Ак сакалдуу карысына.

Ооган менен түркмөнгө
Кеңешип Чүрөк беремин.
Чынкожо менен Толтойго
Теңешип Чүрөк беремин.

Калың журтка эп келсе,
Жалгыз мага кеп келсе.
Айтканыңа көнөмүн.
Анан Чүрөк беремин.

Деп Түлкүнүн уулу Түмөнбай
Айтып сөзүн өткөрдү.
Баатыр Толтой, Чынкожо
Айткан сөзүн эп көрдү.

Эми Чынкожо турду кулдук деп.
Чын сөздү эми урдук деп.
Эр Түмөнбай кайнага
Сөзүңдө жок шумдук деп.
Үч ай турсун төрт айга
Убада мөлөт кылдык деп.
Сөздүн арты оң болсо.
Жайлашып жакшы тындык деп.

Манастын уулу Семетей
Мында келер жайы жок.
Эрлик кылып биз менен
Эрегишер шайы жок.

Семетей десе дардайып,
Үйүндө жатат барбайып.
Этке, майга мас болуп,
Эси наадан жаш болуп.
Эпсиз ишти кылгандан
Эли, журту кас болуп.

Семетей менин тууганым
Бул эси жок итке тууган жок.

Эрегишип эч кимден
Дилим мындай сууган жок.
Эч болбосо кытайдан
Манастын кунун кууган жок.
Карыш турган Үргөнчкө
Хан Акунга келген жок.
Арнап койгон жесири
Айчүрөктү көргөн жок.
Акмакта мындай жан болбос.
Ажал жетип өлгөн жок.

71.
Үйдө олтурса дардайып,
Өзүнөн башка киши жок.
Акун хан менен иши жок.
Айчүрөк көргөн түшү жок.

Семетейден коркпогун
Ушул сөзгө токтогун.
Боло турган ишиндин
Артын ойлоп соктогун.

Семетей менден эр эмес,
Эр турсун мага тең эмес.
Кашында турган Чынкожо
Семетейден кем эмес.

Кайнага болгун, Түмөнбай,
Бул айтканың кеп эмес.
Алашын бүтүн жыйнасаң
Аскери менден көп эмес.
Манастан баатыр тууду деп
Коркконуң түптө эп эмес.

Деп Чынкожо айтып токтолду.
Сөздүн салтын соктоду.
Баатыр Толтой, Чынкожо,
Эртиш менен эр Токо,
Сарбаздын уулу Таканак
Сандыргалуу эр ошо.

Эр Түмөнбай, Каманбай,
Ала байтал Ажыбай –
Сегиз ноён сүйлөшүп,
Убада сөзүн чийлешип.
Урушпас болуп үч айга
Убада кылып жараштьы.

Абыдан сөзү тынган соң,
Аскердин баары тараштьы.
Толтой менен Чынкожо
Жалган сөзгө байлашты.
Кысыр сөзгө кармалып,
Жата турсун жайланып.

Түмөнбайдын сөзү бар
Сүйлөп өтөр кези бар.
Колуна тийген деси бар,
Бир кишидей эси бар.

Кошун тарап кайтканда,
Кайтып келе жатканда,
Каманбайга кеп айтты,
Кебимди уккун деп айтты.
Ажыбайга кеп айтты,
Абыдан сырын эми айтты.

Чынкожо менен Толтойго
Айчүрөктү бербейм деп,
Манастын уулу султандан
Берип кордук көрбөйм деп.

Чендешип калдым беттешип,
Качканым жок четтешип.

Үч айга чейин Каманбай,
Аскеримди тындырам.
Устанын баарын жыйдырам,
Жоо-жарагын кылдырам.

Аңгеме бар кебимде,
Айтпаймын сөздү тегинге.
Кабар берем, Каманбай,
Балк, Бадакшан, Кебилге.

72.
Кат жиберип чакырам
Ашкабат менен Марыга.
Акундун малын аябай
Ат беремин жардыга.

Үргөнч менен Кыйбага
Кабар салам кыйлага.
Наама жазам Чамбылга,
Найзаны берем камбылга,
Кылычты берем чапканга,
Олжону берем тапканга.

Үч айга чейин жайланып,
Ат семиртип дык кылам.
Сегиз шаар калкымдан
Аскеримди чук кылам

Аскеримди чыңдаймын,
Аянбастан чындаймын.
Кордук көрүп булардан
Колумду тартып турбаймын.

Семетейдин кабарын
Секин жатып тыңдаймын.
Жакшылык көрөр күн тууса,
Жанымды аяп турбаймын.

Алтын жан аман турганда
Айнып кылчаң кылбаймын.
Чынкожо менен Толтойду
Алмайынча тынбаймын.

Аскеримди жайпатам.
Эрлигимди байкатам.
Аскерим мындан көп болсо,
Айткан сөзүм эп болсо,
Кара шаар Үргөнчүм
Калың гүлбак чеп болсо.
Калың түркмөн балдары
Кадимден жүргөн бек болсо.
Урушар Толтой көтүбү,
Уялбас кулдун бетиби.

Чынкожону сындырам
Чындап жанын тындырам.
Жедигер менен нойгутту
Опол тоого жылдырам.

Каманбайым, камданып,
Хандык кылар кезегиң.
Калың журтка кат жазып,
Жардык кылар кезегиң.
Чынкожонун сөзүнө
Ардык кылар кезегиң.

Ажыбайым айныбай
Акыл табар кезегиң.
Ар тарапка кат алып.
Өзүң чабар кезегиң.

Калың түркмөн тууганга
Кабар салар кезегиң.
Кайраттанып намысты
Өзүң алар кезегиң.

Чынкожо менен Толтойду
Жолго салар кезегиң.

Деп Түлкүнүн уулу Түмөнбай
Айтып сөзүн билгизди.
Айткан сөзүм уккун деп,
Ажыбайга тийгизди.
Каманбайдын ичине
Канчалык акыл киргизди.

73.
Эр Түмөнбай, Каманбай,
Акылга дыйкан Ажыбай,
Масилатин токтотуп,
Кылар ишин соктотуп,
Хан Акунга келишти.
Кабарды мыктап беришти.
Калган жан аман келдик деп,
Хан Акунга көрүштү.

Өткөн, кеткен кепти айтып,
Өзүнө жаккан эпти айтып,
Чынкожонун дартынан,
Эр Толтойдун зарпынан,
Туу түбүндө туруштук,
Тулпар минип уруштук.
Алты ай жатып аянбай
Абыдан майдан кылыштык.
Карындашым Чүрөктү
Бербес болуп тырыштык.
Арачы коюп сүйлөшүп,
Үч айга мөөлөт кылыштык.

Үч айга чейин абаке,
Калкка кабар саламын,
Калың түркмөн балдарын
Баарын жыйнап аламын.
Жалпы журтуң бүт келсе,
Өлбөгөндө каламын.
Жан аябай барамын,
Жана согуш саламын.

Ооган, түркмөн келбесе,
Сөзүмдү макул көрбөсө,
Кандай айла кыламын?
Канетип мындан тынамын?
Айчүрөктү берген соң,
Атпай журтка сынамын.
Уруулуу Үргөнч калкына
Уялбай кантип турамын.

Айланайын абаке,
Сөзүмдүн салтын көргүн деп,
Артык ойлоп ишимдин
Акылын таап бергин деп.
Түлкүнүн уулу Түмөнбай
Айтып сөзүн урду ошол.
Акун хандын алдында
Сүйлөп сөзүн турду ошол.

Акун хан туруп кеп айтты,
Аянбай сөздү бек айтты.
Айланайын Түмөнбай,
Аман болгун деп айтты.
Эми каргышын укпа чалдардын,
Канча түрлүү жандардын.
Канына забын болбогун
Жаңы өспүрүн балдардын.

Үч айга мөөлөт убада
Жакшы алыпсың, Түмөнбай.
Карындашың Чүрөккө
Акталыпсың, Түмөнбай.
Абама кеңеш салам деп,

Сактаныпсың, Түмөнбай.
Айчүрөктү бербейм деп,
Какшаныпсың, Түмөнбай.
Чынкожо менен Толтойго
Мактаныпсың, Түмөнбай.

74.
Айткан сөзүм эп келди,
Айчүрөк укчу кеп келди.
Түмөнбай балам жабырды
Чүрөк үчүн көп көрдү.
Чынкожо, Толтой жеринен
Чүрөктү алам деп келди.

Айчүрөк, уккун кебимди,
Өзүң тапкын эбиңди.
Азаптуу Чүрөк сен үчүн
Бүлдүрдү түркмөн элиңди.
Акылың болсо ойлонуп,
Алып келгин теңиңди.
Асыл балам Айчүрөк,
Айтпаймын сага тегиңди.
Чынкожо, Толтой эп болсо,
Ичиңе сакта демиңди.

Перинин кебин кийчи элең,
Бет алган жакка кирчи элең.
Жетимиш эки фурканын
Тилин өзүң билчи элең.

Көрүнүп турган жерлерге
Көк кептер болуп уччу элең.
Көрөр көзүм, Айчүрөк,
Көрүнөө учуп сызчы элең.
Алыскы сапар жол болсо
Аккуу болуп уччу элең.

Айланайын Айчүрөк,
Асман менен сызчу элең.
Каргашалуу кыз белең?
Касиетсиз куш белең?
Чынкожо менен Толтойго
Чырагым Чүрөк, туш белең?

Кагылайын Айчүрөк,
Калкыма салдың көп дүбөк.
Түмөнбай көргөн жабырдан
Түшүмдө сыздайт эт жүрөк.

Асыл балам Түмөнбай,
Айчүрөк сөзүм укпаса,
Чыны менен Айчүрөк
Чынкожого ыктаса,
Үч айга чейин Семетей
Таласынан чыкпаса,
Үч айга сабыр кылсаңчы
Үйүңдө тынып турсаңчы.
Чендеп кайрат кылсаңчы
Чүрөктү берип тынсаңчы.

Деп сөз чыгарып акылдан
Айтып салды Акун хан.
Карылыгы болбосо,
Касиеттүү баатыр хан.

## АЙЧҮРӨКТҮН УЧУШУ

Эми Айчүрөктүн кеби бар,
Арманын айтар эби бар.
Калың алаш журтунда
Хан Семетей эри бар.
Арнап койгон жери бар.
Ала турган теңи бар.
Адеп сактап барууга
Арданып жүргөн чени бар.

Айчүрөк акыл ойлонду,
Ок жыландай толгонду.
Акун хан айткан кебине
Абыдан Чүрөк кордонду.

75.
Мен үчүн жабыр көп көрүп,
Карыган атам кор болду.
Тумшугу жок шордуу .......
Менин бактым шор болду.

Чынкожо менен Толтойго
Атам берем деген соң,
Бел байлаган Түмөнбай
Агам берем деген соң,
Айчүрөк менде күн барбы?
Арманым айтар үн барбы?
Толтойго кантип тийемин?
Дозокту кантип сүйөмүн?

Чынкожого барганча
Чындап жолго киремин.
Ак куу кебим кийемин
Асман менен жүрөмүн.
Абамдын уулу султандын
Амандыгын билемин.
Аташкан жарым Семетей
Алып келип тийемин.

Акун хан атам кеп айтты,
Айчүрөк уксун деп айтты.
Буруу-терүү санаа жок
Бул сөздү мага эп айтты.
Толтойду тандап тиермин,
Же Чынкожону сүйөрмүн.
Семетей келсе бир күнү
Чындап отко күйөрмүн.

Карыш турган Таластан
Хан Семең келер дууланып.
Карап турбайт Семетей
Жесирин берип кур калып.
Канчоро менен Күлчоро
Канча түрлүү чыр салып,
Эки ноён ыргалып,
Иш созулса ырбалып,
Толтой коркуп шашпайбы?
Чынкожо чындап качпайбы?
Акундун кызы Чүрөктү
Анык шайтан баспайбы.

Үргөнчтү талап албайбы
Түркмөнгө булук салбайбы.
Талаткан журтта жазык жок
Убалы мага калбайбы?

Жазык жок деп Чүрөктө
Адамзат пенде актайбы?
Асыл деп мени мактайбы?

Азабым аштай катпайбы.
Канчоро менен Күлчоро
Шыйрагымды жакпайбы.
Чындап кордук көргөнүң
Чыңырып жүрөк жатпайбы.

Абамдын уулу султаным
Акун хандын жүзү деп,
Арбак урган долу деп,
Долу күндүн шору деп,
Кызылдай союп камчылап,
Чачымды кыркып кайчылап,
Бетимди тилип каршылап,
Көзүмдөн жашым тамчылап,

76.
Эсебимди таппайбы,
Эшекке баалап сатпайбы.
Карга шыйрак күң болуп,
Эшикте Чүрөк жатпайбы.
Билсин деп айтты Акун хан
Мынтип шорум катпайбы. –

Деп Акундун кызы Айчүрөк
Бейшембинин күнүндө,
Жуманын кадыр түнүндө,
Кадимки пери сүрүндө,
Гусулу даарат куюнуп,
Кудуретке сыйынып,
Чачын тарап сыланып,
Тал чыбыктай суналып,
Пендеден башка поруму
Перизаттай нуралып,
Пендезаттан башкача
Бетин жууп жаркырап,
Камынды Чүрөк учмакка,
Канатын күүлөп баркырап.

Манастын уулу Семетей
Күйөөң деп кабар кеп уккан.
Жалпы кыргыз көп алаш
Күн чыгышта деп уккан.

Бергин деп Толтой үч келип,
Кара жанга күч келип,
Айчүрөк учуп жөнөдү
Күн чыгышка жүздөнүп.

Канатын жайып калкылдап,
Куйругун жайып жаркылдап.
Тегеренип калкактап,
Тескери учуп чалкактап.

Көтөрүлүп жөндөнүп,
Көрбөй калган өңдөнүп.
Асман менен зыпылдап,
Айчүрөк учту шыпылдап.

Акыл ойлоп асманда,
Азар көрдү шашканда.
Жетермин деп бир күнү,
Азалда тагдыр жазганга.

Семетей баатыр жан болсо,
Айтканын чабар (жан) болсо,
Алашка султан хан болсо,
Арманы журтка даң болсо.
Алып келип тиермин
Акыреттик жар болсо.

Асыл төрө султанды
Алып келсем Үргөнчкө,
Арманым болбос дүйнөдөн
Анык жеттим бир кенчке.

Семетей жайсыз эр болсо,
Чынкожодон кем болсо.
Келбеймин кайтып Кыйбага
Кесирим тиет кыйлага.

Көйкапка учуп кетем деп,
Кетпегенде нетем деп.
Ар нерсени ойлонуп,
Айтып сөзүн бекемдеп.

Акыл ойлоп баш камдап,
Айнектей бети тастандап,
Алланын жазуун көрөм деп,
Айчүрөк учту асмандап.

77.
Айчүрөк учпайт тегинге,
Арманы көп кебинде.
Аралап учту Айчүрөк
Оогандын шаары Кебилге.

Келишимдүү жан болгон,
Кебилге мурун хан болгон.
Буудайык хандын Музбурчак
Муздай саны бир кучак.

Музбурчак уулу Жоодары
Кебилге курган алтын так.
Келишимдүү жан болсо.
Көрөр кезим ушул чак.

Деп Оогандын шаарын аралап,
Өсфүрүнүн саралап,
Оогандардын Жоодары
Ханын көрдү Айчүрөк.
Кебилге курган алтындан
Тагын көрдү Айчүрөк.
Жоодарынын жоругун
Дайын көрдү Айчүрөк.
Бул дагы мага болбойт деп,
Көңүлүмө толбойт деп,
Кайра тартты аралап.
Каратегин Калчаны
Калк аралап Айчүрөк
Көрүп жүрөт канчаны.

Каратегин жеринен,
Калчаны көрдү элинен.
Калчанын журту кор болуп,
Айрылган Жайнак бегинен.
Айныган калча кебинен.
Абыдан тайган эбинен.
Үч ай мурун Семетей
Параңды көздөп өтүптүр.
Калчанын калкын талкалап,
Карып кылып кетиптир.
Хан Жайнагын өлтүрүп,
Калчаны чаап коркутуп,
Параңга кошун өткөндө
Басып өтчү жол кылып.
Мусулманга бактырып,
Мурдуна чүлүк тактырып
Өз кылганын жаратып,
Түтүнгө бөлүп таратып,
Келберсиген султаның
Кеткен экен каратып.

Буга көңүл бурбастан,
Бура тартты турбастан.
Бул жалганда дөөлөрдү
Көрөмүн деп бир баштан.

Эштек менен маңгытты
Бийлеп турган Жамгырчы.

Кезегинде талыкпай
Сүйлөп турган Жамгырчы.

Эрегишкен душманга
Эрлигин журту дaң кылды.
Маңгыт менен эштектин
Шаарсабиз калаасы.
Жайлай турган жайлоосу
Чоң-Алайдын талаасы.
Маңгыттын ханы Шайымбет
Жамгырчы хандын баласы.
Хан Манастын тагасы.
Ханга ылайык (барактын бурчу кыркылган)

78.
Хан болдум деп дөөсүнүп,
Жаткандыр деп чамасы.
Аярлыгын Чүрөктүн
Абыдан байкап карачы.
Султандын жүзүн көрсөм деп,
Семетейде санаасы.

Эштек менен маңгытты
Айчүрөк көрдү аралап.
Эр Шайымбет баатырдын
Эрлигин сынап чамалап,
Кур-Алайдын чатында
Бир коргонго конду каралап.

Акундун кызы Айчүрөк
Куш сүрөтүн калтырып.
Көргөндүн көзүн талдырып,
Эки бети албырып.

Кадимки Чүрөк кашкаңдап,
Айнектей бети тастаңдап.
Адам таап сүйлөшсө.
Айтар сөзүн баш камдап.

Карап турган кезинде
Чоң-Алайдын четинде,
Кур-Алайдын чатында,
Кечки салкын бешимде
Суусамыр деп Алайды
Санап турган кезинде,
Сүйлөшсөм деп бир адам
Самап турган кезинде.

Ал аңгыча болбоду,
Бир бада баккан абышка
Бадасын жайып камышка,
Байталын байлап алыска.
Басып барды Чүрөккө
Бабай чалың тамтайып.
Бар кайраттан айрылып,
Башында калган картайып.
Кайраттан калган кези экен
Картайганда малтайып.

Акундун кызы Айчүрөк
Абышкадан кеп сурап,
Аярлыгын карматып,
Аянбай сөздү көп сурап.
Ушул гүлбак кылган коргондун
Ээси ким, аба? – деп сурап.

Жайлоого салган чеп экен,
Дарбазасы бек экен.
Бул коргонду салган адамдын
Казынасы көп экен.

Кармап турган калкыңдын
Ханы ким аба? -деп айтып,

Кайрат кылган душманга
Жаны ким? –аба, деп айтып.
Аста сурап, бек айтып.
Коргонду салган башында
Ээси ким аба? –деп айтып.

Айткын деп аба сырыңды,
Аянбай айт деп чыныңды,
Айтып сөзүн урду ошол.
Айчүрөк сүйлөп турду ошол.

79.
Бабай чалың бакылдап,
Басылбастан какылдап,
Баштан-аяк билгенин
Айтып калды шакылдап.

Мен бир жалчы кызматкер,
Сыйыр баккан бадачы.
Бар сөзүмдү айтайын
Бакканым байдын бадасы.
Байтал минип мал багып,
Байкуштугум карачы.
Ханымдын аты Шайымбет
Жамгырчы хандын баласы.
Жалпы эштек, маңгыттын
Ханга ылайык сарасы.

Жайлоосу Алай - ушул жер
Шаарсабыз калаасы.
Кайсы бирин айтайын,
Хан Манастын тагасы.

Ордосу Шаарсабызда
Жайлоосу Алай алыста.
Убадасы бегинен
Жамгырчы чыккан калыска.

Манастан башка жан барбы
Маңгыт жерин алышка.
Берен Манас белгилүү
Бел байлаган намыска.
Аракет кылган эр Манас
Алайга коргон салышка.

Карагым, сенин өзүңдү
Ким экениң билбеймин.
Жайымды айтып сүйлөймүн.
Жалган сөзгө жүрбөймүн.

Кашында турган чоң Гүлбак
Хан Манас салган башында.
Байдын уулу Бакай хан
Байкап турган кашында.

Атпай журтка эр Манас
Айтып сөзүн эп кылган.
Азамат эрден жактырып,
Аскерин кумдан көп кылган.
Аңгилийага барганда
Аскер жатчу чеп кылган.

Жердеп турган жериң деп,
Маңгыт, эштек элиң деп,
Эштектердин Жамгырчы
Уккун менин кебим деп,
Жамгырчыны тагам деп,
Жалпы журттан жактырган.
Ушул турган коргонду
Жамгырчыга бактырган.

Беш айга бүтүн толо элек
Алты айдын жүзү боло элек,
Манастын уулу Семетей
Келип кетти Алайга.

Кеп сурасаң карагым,
Аягы кетет далайга.
Аскерин келип кондурду,
Атасы салган сарайга.

Барандын ханын бастатып.
Кайтып кетти элине.
Кошунун келип кондурду
Атасы салган чебине.

80.
Баатырдын баарын саралап,
Бараңга чейин аралап.
Балтаматты өлтүрдү
Башка чаап жаралап.

Каратып кетти көп элди,
Калктын баарын текшерип,
Манастан калган сарайга
Конуп өттү эскерип.
Ошондо көрдүм султанды
Уй баккан чалың кез келип.
Жалган эмес, анык сөз
Айтып турам көз көрүп.

Жамгырчы хандын Шаимбет
Семетейдин тагасы.
Бир тууганлык себептен
Кыйышпады чамасы.

Эр Семетей султаның
Шайымбетке кеп айткан.
Келишимдүү эр Семең
Кеп айтканда деп айткан.
Чыйырды эжең карыды деп
Далай жашка барды деп.
Өлөр кези жетти деп,
Өлбөгөндө нетти деп.
Алыш-бериш алыстап,
Эскирип сөөк кетти деп.

Кайтадан сөөк жаңыртып,
Шайымбетти камынтып,
Бала төрө Семетей
Баштагыдан сагынтып,
Күлчоро деген инисин
Куда болду жаңыдан.

Семетей менен Шайымбет
Куда болуп курчашып,
Кудагыйлар ун чачып,
Калыңга кабат мал берип,
Казынадан бул берип.

Бараңдан кайтып өткөлү
Куда болуп кеткели.
Беш айга толук боло элек,
Кең Таласка жеткели.

Бул коргонду салган ээси
Хан Жакыптын Манасы.
Айтып өткөн Семетей
Эр Манастын баласы.

Жети-Суууда жери бар,
Олуя-Ата, Таласы.
Кара-Буура, Чаткалдын
Кайнарында калаасы.
Кайраты калктан башкача
Казак, кыргыз – алашы.

Алай менен Таластын
Үч күндүк жол арасы.
Хан Манастын сөзүнөн
Калбасын деп чаласы...

Балам, сөзүм бүттү деп,
Бүтпөгөндө нетти деп,
Сайгак кууган уйларым
Далай жерге кетти деп,

81.
Уйларым кетип калды деп,
Уятка мени салды деп,
Сайгак кууган түгөнгүр
Далай жерге барды деп,
Бабай чалың тамтайып,
Башында калган картайып.
Кайгысы көп ичинде
Карыган кезде малтайып.
Балам, аман болгун деп,
Байталын минип жөндү.

Байкуш кедей малы жок,
Бада бакпай өлөбү.
Акундун кызы Айчүрөк
Абышкадан кеп угуп,
Алай менен Таластын
Арасы жакын деп угуп,
Эр Шайымбет эр экен
Семетей буга жээн экен.
Таалайы жок кара бет
Тагама тийди дээр бекен.
Тагалыгы болбосо
Тийип алчу жер экен.

Таласка бүгүн жетем деп,
Жетпегенде нетем деп.
Арбагын таштап абамдын
Тарынып кантип кетем деп,
Таласты көздөй беттенип,
Сүйүнгөндөн сестенип,
Учурашар күн барбы
Талаада төрөм кез келип.

Деп Айчүрөк учту Букарга.
Самаркан, андан Ызарга.
Букардын журтун аралап,
Самарканды саралап,
Бир күн турду Айчүрөк
Букардын калкын каралап.

Букардын ханы Шамурат
Буурул сакал чал экен.
Өзү олуя жан экен.
Жашка толгон кары экен.
Карылыгы болбосо
Бир кишиче бар экен.

Дарс окуткан калкына,
Илимдин жеткен паркына,
Элине илим үйрөтүп,
Ибрат болгон артына,
Чыгатайдын эли экен.
Самаркан, Букар жери экен,
Карылыгы болбосо,
Тийип алчу эр экен.

Деп Букарга Чүрөк турбастан,
Бурулуп көңүл бурбастан,
Парганады бет алып,
Учту Чүрөк тынбастан.

Аралап өттү Абасты,
Аңдабай өттү Таласты.
Басып өттү Абасты
Байкабай өттү Таласты.

Жети шаар Анжиан
Аягы Кожант, чоң Ташкен
Орчун Кокон, Маргалан,
Төрө-Коргон, Наманган

82.
Оштун шаары башында,
Ордосу кетте Анжиан
Анжианда Сынжыбек
Сураган журту өзүбек.
Баштан-аяк Паргана
Баарын көрдү Айчүрөк.

Аралап көрдү баарысын,
Жашка толгон карысын.
Жалпы өзүбек жандарын,
Жаңы өспүрн балдарын.
Сынга толгон Сынжыбек
Сыпаалык кылган хандарын.

Сынжыбек сыпаа жан экен,
Өзүбекке хан экен.
.................................
Өзүбектин калкына
Турбай учту Айчүрөк.

Ала-Тоону кыркындап,
Акылман Чүрөк шыңкылдап,
Ат-Башынын сазында,
Чештөбөнүн кашында,
Катагандын Кошйго
Чүрөк келди ошондо.

Катагандын хан Кошой
Карып калган кези экен.
Далай жашка жабыркап
Барып калган кези экен.
Жаш кезинде жолукса
Айтылуу эрдин өзү экен.

83.
Кайран Кошой хан экен,
Касиеттүү жан экен.
Жалпы журттан аксакал
Жашка толгон кары экен.
Жаш кезинде эр Кошой
Бир кишиче бар экен.

Деп эрке Чүрөк оолугуп,
Эр Кошойго жолугуп,
Кашкарды көздөп жөнөдү
Катагандын калкынан.
Чындап жаны кашайган,
Чынкожонун дартынан.
Издеп чыккан адам жок,
Айчүрөктүн артынан.

Эр Семетей султанды
Табам деп алаш калкынан.
Аста учуп зыпылдап,
Асман менен шыкылдап,
Айчүрөк барды Кашкарга.
Какыраган таштарга.

Султанды бир күн табам деп,
Көңүл бербейт жаштарга.
Жетип барды Айчүрөк
Чоң Кашкардын жерине.
Алты шаар атанган
Уйугурдун элине.
Уйугурду сураган
Баатыр Төштүк бегине.

Асыл кыпчак сарасы,
Элемандын баласы.
Алты шаар уйугур
Сурап турган калаасы.

Сандыргалуу ноёндун
Жайлоосу салкын Ак-Сайда.
Элеман хандын эр Төштүк
Даңкы кеткен капкайда.

Наркы атасы Кара хан,
Чоң атасы Бара хан,
Өз атасы Элеман.
Элеман хандын Эр Төштүк
Бай тактысы Котондо,
Баатыр Төштүк ошондо.

Башкарган калкы Кашкарда.
Элинин бары башкамда.
Алты шаар Кашкардын
Жерин көрдү Айчүрөк.
Жердеп турган уйугур
Элин көрдү Айчүрөк.
Элемандын Эр Төштүк
Бегин көрдү Айчүрөк.

Кашкары какыр жер экен
Кашкарга Төштүк бек экен.
Жардылыкка таянып,
Жабыр көргөн эл экен.

Кашкар менен Турпанды,
Ак-Суу менен Жаркентти,
Хан уюгу Котонду,
Алты шаар Кашкарды
Билип турган жан экен,
Баатыр Төштүк хан экен.

84.
Алтымышты аяндап
Ашып калган жан экен.
Карылыгы болбосо
Бир адамча бар экен.
Жаш кезинде жолукса
Тийип алчу жан экен.

Кашкары гүлбак чеп экен.
Кашкарга Төштүк бек экен.
Карылыгы болбосо
Тийип алчу эр экен.

Алтымыш деген курган жаш.
Адамды кордук кылган жаш.
Ургачы менен эркекке
Аразык салып турган жаш.
Уят болуп катынга
Ургачыга сынган жаш.

Сардал кыпчак сарасы,
Элеман хандын баласы.
Үч атасы Кашкарды
Сураганын карачы.
Карылыгы болбосо
Кай жеринде чаласы?

Уйгур калкы уюптур,
Убайым тартып туруптур.
Алыстан барып Хан сурап,
Абыдан күнү куруптур.
Өзүнөн чыккан ханы жок,
Өпкөсүндө жаны жок,
Коноктон башка даны жок.
Эшектен башка малы жок.
Жабыры көп калк экен,
Жардылык буга дарт экен.

Деп Акундун кызы Айчүрөк
Бежинди көздөп жөнөдү.
Издеген жогун таппаса,
Ийрейген чалга көнөбү?

Аста учуп зыпылдап,
Асман менен шыпылдап,
Алда кандай болом деп,
Эт-жүрөгү зырпылдап.

Пейлине салып көп дүбөк,
Бежинге барды Айчүрөк.
Бежинди барып көргөндө
Чочуп калды эт жүрөк.

Калаанын алыс тышында.
Ак Бежиндин тушунда,
Калың жылкы жатыптыр.
Айчүрөк көрдү ушунда.

Кандай сонун жылкы деп.
Кайрылды Чүрөк каралап.
Баштан-аяк жылкынын
Барысын көрдү аралап.

Мен акылдан айнып аздымбы?
Алыска сапар бастымбы?
Абамдын уулу Султанга
Жетемин деп шаштымбы?
Мээнет баскан шордуу күң
Бежинге чейин качтымбы?
Жаныма жабыр көп келди
Жаратканга жаздымбы?

85.
Кайнатамдын жылкысын
Кара-буурул дечү эле.
Жылкычысы Аман таз
Жандан куудул дечү эле.

Айбандан түрү башкача
Буурул эмес сур жылкы.
Эркин жатып семирген
Минилбеген күр жылкы.

Уктум эле укмуштан,
Каңгайлардын-каапырдын
Жылкысы сурча дечү эле,
Хан Коңурбай баатырдын.

Малдан түрү башкача
Балдактуу кула-сур экен.
Бардыгы сулуу түгөнгүр
Минилбеген күр экен.

Кийими жандан башкача.
Жакалуу кийген чапан жок.
Адамы жандан башкача
Ээгинде сакал жок.

Чапанында жака жок,
Өтүгүндө така жок,
Желең чапан жеңи кең
Бөйрөмчөлүү күрмөсү.
Күрмөсүнө тактырган
Күмүштөн кылган түймөсү.

Сокудай сүйрү башы бар,
Аркасында чачы бар.
Кыр мурундуу Коңурбай
Кытайдын калкы көрүндү.
Кайыр дин калкка келдим деп,
Кападан көөнүм бөлүндү.
Таппай келген ченим бар,
Таалайсыз Чүрөк жөнүмдү.

Карарган шаар, чоң гүлбак
Бежиндин шаары турбайбы.
Кайкалап жаткан калың журт
Кытайдын эли турбайбы.
Кытайга келип кармалса,
Чүрөктү Кудай урбайбы.

Акундун кызы Айчүрөк
Арманын айтып зар кылып,
Алда кандай аздым деп,
Алда канча кайгырып.

Кайгырганым бекер деп,
Бежинди көрүп кетем деп,
Аман болсом султанга
Аз күндө кайса жетем деп.

Бежиндин журтун аралап,
Беш күн турду каралап.
Коргону гүлбак чеп экен,
Адамы кумдан көп экен.
Он эки капка дарбаза
Болоттон кылган бек экен.

Айланасы Бежиндин
Алты айлык сапар жол экен.
Ар дарбаза ортосу
Алты күндүк жол экн.
Адамы жандан башкача,
Азгана эмес мол экен.

86.
Чүрөк Бежин жеринде.
Чин Какандын элинде.
Тайпа-тайпа калкы бар.
Адамдан башка салты бар.
Барып көргөн адам жок,
Уккан сөздө калпы бар.

Баштан-аяк аралап,
Баарын көрду Айчүрөк.
Чоң Бежинди аралап,
Шаарын көрду Айчүрөк.

Кара кытай, манжунун
Калкын көрду Айчүрөк.
Кылып турган ар түрлүү
Салтын көрду Айчүрөк.

Кызыл алтын Каканчин
Тагын көрду Айчүрөк.
Кыр мурундуу Коңурбай
Ханын көрду Айчүрөк.

Хан Коңурбай хан экен,
Калың журтка даң экен.
Ажыдаардай сөзү бар
Адамдан башка жан экен.
Айбаты ашык, өзү чоң
Карын дөөчө бар экен.

Байыркынын алпы көп,
Алпынын жыйган калкы көп.
Көрүп келген адам жок,
Уккан сөздө калпы көп.
Кытайлардын чоң Каңгай,
Кыр мурундуу Коңурбай
Калкын жыйып чогултуп,
Жардык айткан күнү экен.

Калаасында эл калбай,
Кадыр тапкан эр калбай,

Каңгайлардын хан Коңур
Алтын такта олтуруп,
Кара кытай, манжунун
Калкын жыйнап толтуруп.
Бар сөзүмдү уккун деп,
Масилатин болтуруп.

Оң мурутун имерип,
Оң кулакка жиберип,
Сол мурутун имерип,
Сол кулакка жиберип,
Алдында турган увазир,
Ат багуучу муракер,
Айтып жардык кылган соң
Атпай кытай эли азыр.

Хан Коңурбай кеп айтты,
Калкым уккун деп айтты.
Ушул турган калайык
Жалпың уккун деп айтты.

Кайратымдын барында,
Кадимки толук чагымда,
Жабыр көргөн жан барбы
Дөөлөтүмдүн шарында?

Мусулмандын эр Манас
Жүргөн жери чоң Талас.
Кармаган калкы мусулман.
Казак, кыргыз - көп алаш.

87.
Бежинди менден талашып,
Ордо кылам деп айткан.
Мусулмандан хан коюп,
Дорго кылам деп айткан.
Хан Коңурду кестирип,
Молдо кылам деп айткан.

Айткан сөзү эп келип,
Адам укчу кеп келип,
Алты хандан кол жыйып,
Азгана эмес мол жыйып.
Азабым аштай катырды.
Жаныма жабыр батырды.

Уккан жок Манас кебимди,
Кесип салды себилди.
Калың журтум угуп тур.
Канткенде айтам тегинди.

Берекесиз ит бурут
Мээнеттүү заман баштады,
Мени менен урушуп,
Бежинден сүрүп таштады.

Алмамбетти хан кылды,
Арбагын журтка даң кылды.
Алты жыл сурак сурады,
Армандуу журтум куурады.

Бул кордукту көргөн соң,
Хан Коңур карап турабы.
Баштагы дартым козголуп,
Манасты алдап дос болуп,
Кайтарып алдым тактымды,
Казына, дөөлөт бактымды.

Алмамбет менен Манастын
Өкөөн бирдей өлтүрдүм.
Жалпы бурут калкына
Жабырды мен да келтирдим.

Жайладым баатыр Манасты,
Зар какшаттым алашты.

Эр Манасты өлтүрүп,
Ээн койдум Таласты.
Башында Манас Бежинди
Көпкөндүктөн талашты.
Хан Коңурбай баатырга
Манас кайдан жанашты?

Баласы жалгыз Семетей
Манастан кийин күн көрбөй,
Басташып жүргөн эки кул
Абыке, Көбөш жол бербей,
Байбичеси Каныкей,
Баласы жалгыз Семетей
Кырымдын ханы Темирге
Тентип кетти зарпымдан.
Хан Манасты өлтүрүп,
Карып кылган дартымдан.
Укпаган адам барсыңбы,
Ушул турган калкымдан?
Манастан мынтип кутулдум,
Басташып кууган артымдан.

Манастын жолун байладым,
Башын чагып жайладым.
Тентитип катын, баласын
Темир ханга айдадым.

Куук кылчу душманга
Коргон болдум тышыңдан.
Калың журтум, ойлоп жүр,
Касташкан жоом – мусулман.
Хан манасты өлтүрдүм
Кооп кылам ушундан.

88.
Бузулуп жүргөн душманым
Мусулманда бурут деп.
Бурут  тийсе колуңа
Тукумун койбой курут деп.

Баргандардан кеп уктум,
Базарчыдан көп уктум.
Манастын уулу Семетей
Барам деп жүрөт деп уктум.
Манастын кунун Кытайдан
Алам деп жүрөт деп уктум.

Келгендерден кеп уктум,
Кербендерден көп уктум.
Кесепеттүү Семетей
Келем деп жүрөт деп уктум.
Хан Коңурдун колуна
Өлөм деп жүрөт деп уктум.

Манастын уулу Семетей
Оңо турган жоо эмес.
Манастын куну айтылбай
Басылып калчу доо эмес.

Тентип барып Темирден
Таласка келип конду дейт.
Дөөлөтү каркап толду дейт.
Кадимкидей болду дейт.
Чоң атасы Жакыпты
Чокуга чаап сойду дейт.
Чоң атасын өлтүрүп,
Чогоолдук кылып коду дейт.

Көбөштү гөргө кийирип,
Көп алашты ийирип,

Абыкени атты дейт,
Армансыз болуп жатты дейт.
Агаларын өлтүрүп,
Абыдан шору катты дейт.

Кырк чоросун кырды дейт,
Кылымга бузук кылды дейт.
Кыйла жанды өлтүрүп,
Эми жаны тынды дейт.

Казат кылып Бежинге
Барамын деп жүрөт дейт.
Атамдын кунун Кытайдан
Аламын деп жүрөт дейт.

Жыласы болгон Семетей
Жыйырма бешке жык толду.
Казат десе оолугуп,
Кайнап ичи бук болду.
Хан Манастын куну үчүн
Келсе келер ык болду.

Жаңыдан кабар кеп уктум,
Жалганы жок деп уктум.
Жалпы журтум угуп тур,
Жараган сөздү эми уктум.

Үргөнчтүн ханы Акун хан
Семетейдин кайыны эле.
Акундун кызы Айчүрөк
Ала турган зайыбы эле.
Куда болгон эр Манас
Жалпы журтка дайын эле.
Айчүрөктү алам деп,
Абыдан майдан салам деп,
Өжөрлүгүн карматып,
Өлбөгөндө калам деп.

89.
Чынкожо, Толтой чыңданып,
Чыны менен чыйралып,
Өлчөөсү жок иш кылып,
Өз боюна тыңданып,
Аскер алып, кол баштап,
Азгана эмес мол баштап,
Көп жедигер, нойгуттун
Алдына түшүп, жол баштап,
Көчүп барып Үргөнчтү
Камап жатат деп уктум.
Айчүрөктү алам деп,
Самап жатат деп уктум.
Үргөнч менен Кыйбаны
Талап жатат деп уктум.

Хан Акундан кат келип,
Кыйбага кетип калганбы?
Кетип калса Үргөнчкө
Келеди мында жалганып.

Айчүрөктү талашып,
Алда качан барганбы?
Чынкожо менен Толтойго
Чындап бүлүк салганбы? –

Деп сандыргалуу хан Коңур
Салгар сөзүн урду ошол.
Жардык айтып калкына
Сайрап сүйлөп турду ошол.

Хан Акундун Айчүрөк
Хан Коңурдан кеп угуп,
Каршы сөздү эми угуп,
Душманым турут деп угуп,
Өзү аяр молтолуу
Жүрөк майлуу толтолуу.

Учуп жүрүп Айчүрөк
Хан Коңурдан коркобу?
Кереметтүү кашка жан
Кереми журттан башка жан.

Жетимиш эки фурканын
Тилин билген Айчүрөк.
Жети кылым кыран дин
Динин билген Айчүрөк.

Хан Коңурдун бул сөзүн
Кагазга Чүрөк каттады.
Көргөн, уккан жоругун
Көкүрөккө жаттады.

Кырмузунда Коңурбай
Кылымды билген эр экен.
Берекелүү чоң шаар
Бежини жакшы жер экен.
Каапырлыгы болбосо
Тийип алчу неме экен.
Мусулмандан эр таппай
Каапырга тийди дээр бекен?

Кайнатамды өлтүрүп,
Душман болгон жан экен.
Өлтүргөнү өзүнө
Бушман болгон жан экен.
Хан Коңурбай хан экен,
Хандыгы журтка даң экен.
Кайраты калктан башкача
Карындуучу бар экен.
Каапырлыгы болбосо
Тийип алчу жан экен.

90.
Кайнатамды өлтүрсө,
Калкка жабыр келтирсе,
Кайыр диндүү каапырга,
Хан Коңурбай баатырга
Каапырдын жайын билем деп,
Кантип Чүрөк тием деп,
Хан Коңурга тийгенде
Кайгысын тартып жүрөм деп,
Кыяматка барганда
Кызыл отко күйөм деп.

Бурулуп Чүрөк турбастан,
Башка сөздү урбастан,
Хан Акундун тапшырган
Буйругун эки кылбастан,
Кайтып учту Айчүрөк
Күндөп-түндөп тынбастан.

Кара жанга күч келип,
Күн батышты жүздөнүп,
Кейип учту Айчүрөк,
Кетти менин чамам деп.
Кең Таластын боюнан,
Кең-Колду качан табам деп.

Асман менен зыпылдап,
Аста учуп шыпылдап,
Эр Семетей султанды
Эстесе жүрөк зыркырап.

Алтайдын тоосун аралап,
Атпай журтту саралап,
Кастын тоосун кадуулап,
Кайгырып Чүрөк саруулап,

Иленин башы Үч-Арал,
Күрпүлдөктүн Кара-Суу
Үч суу келип кошулган
Көлүн көрдү Айчүрөк.

Жылдыз-Кондур, кең Текес
Жерин көрдү Айчүрөк.
Калмактардын хан Жолой
Бегин көрдү Айчүрөк.
Хан Жолойдун кармаган
Элин көрдү Айчүрөк.
Хан Жолойдун калкынын
Баарын көрдү Айчүрөк.
Кармап турган Чоң Жолой
Ханын көрдү Айчүрөк.

Кара калмак, тыргооттун
Калкын көрдү Айчүрөк.
Кадимден кылып үйрөнгөн
Салтын көрдү Айчүрөк.

Алты ай жатсаң адамга
Абыдан жылуу жер экен.
Арбак урган калмактар
Аргасыз жаман эл экен.
Жылдыз, Кундуз деген жер
Жыргай турган жер экен.
Жылас болгон калмактын
Жыты сасык эл экен.

Деп калмактын калкын жактырбай,
Хан Жолойун тапсынбай,
Калмактын калкын каман деп,
Хан Жолоюн жаман деп,
Баркым кетип эр эстеп,
Башыма түштү заман деп.

91.
Калктын баарын аралап,
Хандын баарын саралап,
Элдин баарын аралап,
Эрдин баарын саралап.
Эрке Чүрөк Жаркенге
Учуп жетти каралап.
Жаркендин калкын сынады
Жайын көрүп чамалап.

Кара чоктуу Борончу
Муздай темир орончу.
Уйугурдун уругу,
Таранчынын тунугу.
Хан Жайнактын баласы,
Кулжа, Жаркен калаасы.

Кулжа менен Жаркендин
Жакын экен арасы.
Уюугурдун ичинде
Хан Борончу сарасы.

Хан Манас сүрүп куугандан,
Көңүлү калган туугандан.
Хан Жайнактын тушунда
Уйгур көпкөн ушунда.
Жер кеңитип алам деп,
Жети-Сууну талашып.
Казак, кыргыз – алаштан
Пайда чыкпайт талаштан.
Үч бөлүнүп уйугур
Кордук көргөн Манастан.
Уйугурду үч бөлүп,
Баатыр Манас тараткан.
Баатырмын деп Манаска
Кандай пенде жанашкан?

Баатыр Манас султандын
Кирген эмес эбине.
Тарынып көчкөн уйугур
Манастын айткан кебине.

Аңгирия бөлүнүп,
Урумдун кеткен жээгине.
Биңгирия артына
Бу да кеткен жерине.
Түп атасы Түрк уулу
Ыстамбулдун элине.

Калганы мындан жай алып,
Кашкарда калган таралып.
Тарап кеткен себептен
Таранчы наам коюлган.
Каршылык кылып уйугур
Хан Манастан союлган.

Хан Жайнак көчүп кор болуп,
Жаркентке келип жай салган.
Жарды кент деп ат коюп,
Жаркент мындан аталган.

Жардылыгы билинип,
Жалгыз малга илинип,
Тууганы менен кас болуп,
Көчүп жүрсө сүрүлүп,
Жайнагың жайсыз хан экен
Борончуң акмак жан экен.
Тогуз шаар Илени,
Алты шаар Кашкарды
Жердеп турган жери экен.
Көрбөгөнү гөр экен,
Бузуктуктан кор болуп,
Букара болгон эл экен.

92.
Буга да Чүрөк турбастан,
Бурулуп көңүл бурбастан,
Илени бойлоп зыпылдап,
Илгери учуп шыпылдап,
Жетип келди Айчүрөк
Жети-Суунун жерине,
Жети-Сууну жердеген
Калың алаш элине.
Айдаркандын баласы
Эр Көкчөнүн чегине.

Алашка Чүрөк келген соң,
Алаштын журтун көргөн соң,
Самап чыккан Үргөнчтөн
Тилегин Кудай берген соң.
Жети-Сууну аралап,
Жерин көрдү алаштын.

Жалпы жайык алаштын
Элин көрдү Айчүрөк.
Кыргыз менен казактын
Чегин көрдү Айчүрөк.

Казак менен кыргызга
Иленин суусу чек экен.
Манас болгон башында
Убадасы бек экен.
Баары бир алаш тууган деп,
Ынтымакта эл экен.

Түп атасы Камбар хан,
Камбаркандан Айдар хан.
Алтын наалы, жез өкчө
Айдар хандын эр Көкчө
Көкчөнүн уулу Үмөтөй
Сары-Арканы жердеген.

Сан казагы колунда,
Душманга намыс бербеген.
Эрегишкен душманы
Эшигине келбеген.
Камбар хандан бери жакка
Касташып душман жеңбеген.

Хан Үмөтөй эр экен.
Калкына сөзү эп экен.
Омбу менен Түмөндү,
Орол мнен Торгойду,
Астаркан менен Эдилди,
Сары-Арка менен Семейди
Көкчөнүн уулу Үмөтөй
Билип турган жан экен.
Башкарып кеткен бабасы
Баарысына хан экен.

Жети-Суу жакшы жер экен
Жергеси бүтүн эл экен.
Аркасы жакшы жер экен.
Алаш жакшы эл экен.
Капалы жакшы жер экен,
Казагы жакшы эл экен.
Казактын калкын бийлеген
Хан Үмөтөй бек экен.
Кайраты жандан башкача
Казактан чыккан эр экен.

Аксакалы сөз бийлеп,
Айткан сөзү эп экен.
Айдаган малга мас болуп,
Баарысы көчмөн эл экен.
Баарысына Семетей
Сыртынан коргон-чеп экен.

93.
Казак, кыргыз бир тууган
Айылы жакын эл болсо,
Баарысын султан Семетей
Башкарып турган эр болсо,
Үмөтөй мени албайт деп,
Албаса да кармайт деп,
Чыны менен Айчүрөк
Үмөтөйгө барбайт деп.
Эр издеген долу деп,
Эли, журтка жардайт деп.
Үмөтөйгө кармалсам
Мынтип шорум кайнайт деп.
Кордук кылып өзүмдү
Колу, бутум байлайт деп.
Тапкан олжом ушу деп
Таласты көздөй айдайт деп.
Акун хандын долусун
Эр издеп жүргөн жеринде
Эптеп кармап келдим деп,
Султанга сөзүн жайлайт деп.
Акыры бул сөз болгон соң,
Семетей мени албайт деп.

Акун хандын чору деп,
Эр издеген долу деп.
Долу күндүн шору деп.
Төрөмдүн кеги калбайт деп.
Талашып жаткан Үргөнчтө
Калың түркмөн зарлайт деп.
Оңолбо деп Айчүрөк
Акун хан атам каргайт деп.

Бар жорукту бир санап,
Айнып учту Айчүрөк.

Асман менен зыпылдап,
Кайкып учту Айчүрөк.

Айчүрөк учту жаркылдап,
Алтындай жүнү жалтылдап.
Сазына конуп салкындап,
Жайлоо менен алкымдап,
Басып өттү Илени.
Байкабай Чүрөк жүрөбү.
Батасы бар Манастын
Башка сөзгө киреби.

Сыртынан көрүп жандарды
Сынап Чүрөк хандарды,
Басып өттү Айчүрөк
Үч Алматы, Талгарды.

Сары-Өзөн-Чүйгө бет келип,
Самаган иши эп келип,
Кайнагасы Үрбүгө
Чоң-Commanding Кеминде кез келип.

Хандардын сардал тунугу
Баатыр кыргыз уругу,
Жалпы журтун жыргатып,
Сары-Өзөн-Чүйдө туругу.

Чоң-Кеминде каласы,
Сан кыргыздын сарасы.
Жайлоосу салкын Көк-Ойрок
Сарбан таздын баласы.

Көк-Ойрокту жайлаган,
Көп кыргызын айдаган.
Эки-Кемин жайлаган,
Эгиз карат байлаган.

Жылдыз менен Кундуздан
Жылдырып жылкы айдаган.

94.
Каршылык кылган калмакты
Карсылдатып айдаган.
Хан Манастын куну үчүн
Калмактын жолун байлаган.

Кара, кула, сур жылкы
Канча кабат айдаган.
Эрегишип душманга
Эки көзү жайнаган.

Жайлоодон кайтса конушу
Кичи-Кемин сорусу.
Калың кыргыз калкынын.
Ханга ылайык турушу.

Башынан бери Үрбүнүн
Манаска жаккан кеңеши.
Эгин жайы Үрбүнүн
Сары-Өзөн-Чүйдүн талаасы.
Жабуу болгон Үрбүгө
Жалпы кыргыз алашы.
Кайрат берген Үрбүгө
Хан Жакыптын Манасы.
Тууганчылык себептен
Жакын болгон арасы.

Баатыр Үрбү чеченге
Манастан башка тууган жок.
Үрбүдөн башка эч адам
Манастын кунун кууган жок.
Кайран Үрбү хан экен
Кайраты далай бар экен.

Кармап калсам султанды,
Кайнага болчу жан экен.

Башы Кемин, Чүй болуп,
Атагы чыгып Таластын,
Аты угулуп алаштын,
Арбагы чыгып Манастын.

Жети-Сууну жер кылып,
Баатырларын бел кылып,
Жарак берип колуна
Жаш жигитин эр кылып.
Жети-Суу, Талас жери экен,
Жыргап жаткан эл экен.
Калка болгон алашка
Хан кайын атам эр экен.

Деп Акундун кызы Айчүрөк
Сары-Өзөн ылдый зыпылдап,
Таласка учуп жөнөдү,
Талыкпастан шыпылдап.
Эми жакын калды деп,
Эстесе жүрөк зырпылдап.

Сары-Өзөн-Чүйдү узун деп,
Барбай кантип кетем деп,
Эми учсам бешимде
Кең Таласка жетем деп.
Түштө учуп, кечинде
Кечки салкын бешимде
Жетип барды Айчүрөк
Кара-Буура, Чаткалга.
Калың кыргыз уругу
Хан дөөлөткө батканга.
Каныкей кылган ак күмбөз
Хан Манас баатыр жатканга.
Канатым күнгө күйдү деп,
Учуп жүрдүм асманда.
Кыянат итке кор болуп,
Кыйбадан Чүрөк качканда

95.
Таласты көрбөй өтүпмүн,
Таалайсыз жүрөк шашканда.
Кайрылбай өтүп кетипмин
Кара шайтан басканда.

Күмбөздү көрүп күйүнүп,
Күйүтү ичке түйүлүп.
Күйөөсү жетип келгенсип,
Күлүмсүрөп сүйүнүп.
Акундун кызы Айчүрөк
Келип конду күмбөзгө.

Падыша султан кайын атам
Бата кылган бир кезде.
Жашында Кудай жараткан
Өлбөй тирүү жүрбөскө.
Кайын атамды жоктойм деп
Канетип чыдап токтойм деп,
Оолугуп келген Айчүрөк
Оттой жанды эт жүрөк.

Көзүнөн жашы төгүлүп,
Көрүп келген көп дүбөк.
Оң бөйрөгүн таянып,
Ойронум абам деп ыйлап,
Арманын айтып Айчүрөк
Аянбастан көп ыйлап.

Сол бөйрөгүн таянып,
Султаным абам деп ыйлап.
Шордуу жүрөк баландын
Арманын ук деп бек ыйлап.

Ак сарайдын ичинде
Армандуу Чүрөк көп ыйлап.
Кайын атам маркум бар болсо,
Хан Чынкожо барабы?
Жедигердин эр Толтой
Калкыма бүлүк салабы?

Деп эр Манастан айрылып,
Калганын айтты Айчүрөк.
Казат кылып Каңгайга
Барганын айтты Айчүрөк.
Бул дүйнөнүн опасыз
Жалганын айтты Айчүрөк.

Каңгайлардын каапырдан
Хан Коңурбай баатырдан
Жашында авам жайланды,
Жалгыз кылга бйаланды.

Кайын атам баатыр жогунан
Канчалык жүрөк зарланды.
Кантип айтам жалганды.
Калк кыдырып сандалды.
Эриштеп Чүрөк жүрөт деп,
Элге, журтка жардалды.
Балаң Чүрөк байкушуң
Ушул сөзгө арданды.
Чындап пейли бузулган
Чынкожого кармалды.
Чынкожонун дартынан
Айтып өттүм арманды.

Кайын атам баатыр бар болсо,
Кайындап султан барбайбы.
Акун кызы Чүрөктү
Алда качан албайбы.
Аламын деп Чынкожо
Айчүрөктү жандайбы.
Каратын баштап берем деп,
Калың малын камдайбы.
Канатын күнгө күйдүрүп,
Кайгырып жүрөк зарлайбы.
Арбагы турса абам деп,
Айчүрөк күйөө тандайбы?

96.
Деп Акундун кызы Айчүрөк
Арманын айтып олтуруп,
Аянбастан көп ыйлап,
Койнуна жашын толтуруп.
Артын ойлоп ар иштин
Айтып сөзүн болтуруп.

Акылман Чүрөк кашкаңдап,
Айнектей бети тастаңдап.
Айтып өттү арманын
Бирден сүйлөп баш камдап.

Жашында көнгөн өрнөгү
Жакшы окуган молдону.
Куран окуп, кол жайып,
Алаканын мол жайып,
Маркум Манас баатырга
Бата кылды багыштап.
Ак сарайды көргөндө
Кете албады алыстап.

Абам маркум баатырдын
Кол бергени Ак эшен,
Кожо Кыдыр Илиас,
Колдогону кырк чилтен.
Казаттан өлгөн шейит деп,

Кара жаны бейиш деп,
Максатка Кудай жеткирер
Пайда кылбас кейиш деп.

Зыярат кылып өтөм деп,
Бүгүн түнөп кетем деп.
Шейит арбак колдосо
Тилгиме жетем деп.
Кирпик ирмеп, көз жумбай,
Зыярат кылды күмбөзгө.

Кыз кылып Кудай жараткан
Эрге тийбей жүрбөскө.
Семетейге жолуксам
Жеткеним деп бир кенчке.
Баштап алып төрөмдү
Кетемин деп Үргөнчкө.

Эрке Чүрөк элирип,
Таң атканча уктабай,
Куран окуп багыштап,
Жантайып жерге ыктабай.

Таң саргарып атканда,
Жылдыз тарап батканда.
Жардам тилеп арбактан
Ак күмбөздө жатканда.

Таласты көрүп таңданып,
Алашты көрүп шаңданып.
Акундун кызы Айчүрөк
Айтар сөзүн камданып,
Алашың жакшы эл экен,
Таласың жакшы жер экен.
Чыккан чөбү ар түрлүү
Чарба малга кен экен.

Калкы чарба көчмөндүү
Самап турат көчкөндү.

Касташкан жоосу калмактан,
Кара кытай өчмөндүү.
Чарба баккан малы бар,
Жапайы чыккан талы бар.
Насыят айтар чалы бар.
Самаган иштин баары бар.

97.
Кымыз ичип, тай союп,
Тартынбастан мал союп,
Казы кертип, жал коюп,
Камырага бал коюп,
Жыргап жаткан калк экен.
Көчүп жүрмөк салт экен.
Конок келсе кой союп,
Кошомат эмес, март экен.

Алтай, Талас, Жети-Суу
Ак калпак казак, кыргыздын
Эли жакшы көрүндү.
Бүтүн Алтай, Жети-Суу
Адамга жайлуу жер экен.
Атпай алаш уругу
Абыдан жакшы эл экен.

Жери жайлоо көчмөндүү,
Чарба малы көп экен.
Алты сан алаш калкына
Эр Семетей бек экен.
Эрегишкен душманга
Кара коргон - чеп экен.

Сүлөөсүн ичик, кундуз бөрк
Чалдары сыпаа көрүндү.

Күмүш жабдык күрмөлүү
Балдары сыпаа көрүндү.

Оң колуна куш алып,
Сол колуна камчы алып,
Айдың-Көлгө куш салып,
Алтын кемер курчанып,
Айдай бети нур чалып,
Жигити сыпаа көрүндү.

Алтындан топчу тагынып,
Киш ичигин жамынып,
Келенгер чачпак салынып,
Кемпири сыпаа көрүндү.

Дүрүйө кемсел, шайы көйнөк,
Шурудан тизген чач мончок.
Келишимдүү керме каш
Келини сыпаа көрүндү.

Кызыл көйнөк, кымча бел
Дарайы көйнөк, шайы кемсел
Кемчет кийген беш көкүл
Кыздары сыпаа көрүндү.

Аягы Талас, башы Чүй
Атанын сонун жер бул деп,
Ак калпак кыргыз көчмөндүү
Атанын сонун эл бул деп,
Акылман Чүрөк кашкайып,
Айнектей бети тастайып,
Алаштын жайын жактырып,
Айтып өттү башкарып.

Эр Семеңге барам деп,
Эрте жооп алам деп,
Келди Чүрөк Кайнарга,
Келишимдүү жайларга.

Канчорого көрүнсөм
Өзүм тапкан олжо дээр.
Өзүм тапкан олжого
Аралжы, ава, болбо дээр.

Күлчорого көрүнсөм,
Өзүм тапкан зайып дээр.
Өзүм тапкан зайыпты
Бербегениң айып дээр.

98.
Бербеймин деп айта албай,
Чоронун көөнүн кайтарбай,
Чорого берип чор кылар,
Элге, журтка кор кылар.
Султаным мени албастан.
Тумшугумду шор кылар.

Ак көйнөгүм кир болор,
Азиз башым кор болор.
Күлүстөн төрөм албаса.
Күйүп жаным күл болор.
Армандуу жанга сүйлөшүп,
Арзымды айтар ким болор?

Күнү да болсо күйөр деп,
Сөзүмдү айтсам сүйөр деп,
Ишенимдүү сөз айтсам
Ички сырым билер деп.
Шатемир кызы Чачыкей
Көрүнсө менин көзүмө,
Кулак салса сөзүмө,
Сөзүмдү айтсам өзүнө.

Деп Кайнар көлдүн жанында.
Манастын тиккен багында,
Күтүп турду Айчүрөк
Күн чыгардын алдында.
Өзү пери порумда,
Чачыкей келди жолунда.

Алтын шакек, билерик
Жарашыктуу колунда.
Өзү аяр молтолуу,
Жүргөн жери жолтолуу.
Перинин кызы болгон соң,
Беттешкенден коркобу?
Чачыке качан турат деп,
Жайланып жооп кылат деп.

Күн тийгенче жатты деп,
Күнөөгө төрөм батты деп.
Аз күндүк жалган дүйнөгө
Акыретти сатты деп.

Эч болбосо Чачыке
Эжем качан турат деп,
Эрегиш кылып эр менен
Бул жатканы уят деп.

Калың бактын ичинен
Карап турган кезинде,
Бар сөзүмдү айтсам деп,
Самап турган кезинде.
Эжем турса, крсөм деп,
Самап турган кезинде.

Шатемир кызы Чачыке
Эр Семеңдин койнунан,
Кучакташып бир жатып,
Кумары канбай ойнунан,
Чукуранып ойгонуп,
Султаныңа жойлонуп.
Түшкө жакын ыңранып,
Аста басып ыргалып,
Киш ичигин жамынып,
Төрөсүнө жагынып,
Кожодон алган бой тумар
Көкүрөккө тагынып.
Эшикке чыгып келгенче
Эстесе төрөң сагынып.
Мамыктай эти былкылдап,
Басып чыкты шылкылдап.
Аптабага суу куй деп,
Аста сүйлөп шыңкылдап.

99.
Алтындан кылган чолпусу
Аркасында шыркылдап.
Бак аралап, гүл үзүп,
Мас болгондой көз сүзүп.
Барып даарат ушатып,
Текеберин кычатып.
Кайта басты буралып,
Тал чыбыктай суналып.
Дарайы көйнөк, шайы кемсел
Тасмадай белге кыналып.

Эми баатыр Манас султаның
Кашкардан уста алдырган
Тай жарышым көл кылып,
Бышык кыштан салдырган.
Калаа салып Кайнарга
Кабылан Манас жер кылган.
Тартип менен салдырып,
Тай жарышым көл кылган.

Басып келип Чачыке
Көлгө колун жууганда.
Бети, колун жуунуп,
Пери ургансып турганда.
Бетин жууп белсенип,
Пери ургандай теңселип,
Бетин сүртүп үлбүрөп,
Аста басып үлдүрөп,
Олуттап көзүн ачканда,
Ордону көздөп басканда.

Акундун кызы Айчүрөк
Аңдыганы көп дүбөк.
Адамдан башка көрүмдүү
Айткан сөзү орундуу.

Айнектей бети тастаңдап,
Айтып сөзүн баш камдап.
Чачыкенин жанында
Сайрап турду кашкаңдап.

Пери заттын поруму
Пенде заттын сонуну.
Акундун кызы Чүрөк деп,
Атак болгон оруну.

Акылга дыйкан даанышман,
Көйкаптан көчүп келген жан.
Семетей үчүн зар ыйлап,
Далай жерди көргөн жан.

Акундун түшүп оюна,
Айчүрөктүн тоюна
Алтымыш бээ сойгон жан.
Атын Чүрөк койгон жан.
Атпай Үргөнч калаасы
Аппак майга тойгон жан.
Хан Акун жатса баккан жан.
Калкына Чүрөк жаккан жан.
Азем менен бактырган
Алтын сарай ордого.
Канчалык илим үйрөткөн,
Кармап берип молдого.
Хан Акун жакшы бактырган.
Калкынын баары жактырган.
Эркелетип ойнуна,
Эрке Чүрөк мойнуна,
Түнүндө жарык болсун деп,
Көхардан тизип тактырган.

100.
Анча-мунча адамды
Чүрөктүн сүрү шаштырган.
Башындагы бөркүнө,
Жарашсын деп көркүнө,
Зумурат менен пахтадан
Окуу салып бастырган.
Өзү молдо даанышман
Айчүрөк атын жаздырган.

Желим кепич жез така,
Кырым мааси зайпана.
Кырмызы жээк пайтама.
Кырсылдатып шуркуя
Дукаба кемсел, шайы көйнөк
Тасмадай белге кыналып.
Аярлыгын карматып,
Аста басып суналып,
Чачыкенин жанына
Басып барды буралып.

Айчүрөктү көргөндө,
Алдына Чүрөк келгенде,
Шатемир кызы Чачыке

Чочуп кетти солк этип.
Аттай туйлап жүрөгү
Чочугандан болк этип,
Чочугандан Чачыке
«Жогол! Жогол!» Кеп айтты.
Чочкосу деп кара бет
Кайдан келдиң деп айтты.

Кара бет сени көргөндө
Кабынан чыкты жүрөгүм.
Майыша түштү билегим.
Баш күндөн кабыл тилегим
Жерден чыккан жексиңби?
Жек желмогуз сенсиңби?
Суудан чыккан суксуңбу?
Сук желмогуз сениңби?

Талаасы Талас болголу,
Таласка султан конголу,
Кабылан төрө султаным
Кайнарга салды ордону.

Кайнардагы чоң калаа
Кайын атамдын коргону.
Кайнарга калаа салгалы,
Калкты султан алгалы,
Карып менен мискинден
Калбады калктын арманы.
Сендей долу көрбөдүм.
Сөзүмдө жок жалганы.

Көрбөдүм сендей ургачы
Көрүнчүдөй жалапты.
Каркылдап учкан казсыңбы?
Карысыңбы, жашсыңбы?
Адамдан башка порумуң
Аярлык сөзгө машсыңбы?
Куркулдап учкан кушсуңбу?
Куркурап аккан суусуңбу?
Бактысы жок кара бет
Барган жериң чуусуңбу?
Мен Чачыке болголу,
Бакты, дөөлөт конголу,
Султанымдын алдында
Күтүп турдум ордону.
Уламаны жыйнатып,
Сыйлап турдум молдону.

101.
Сейилдикке чыкканда
Минип турдум жоргону.

Сен кайдан келген долусуң?
Алда кимдин чорусуң.
Долу күң сени көргөндө,
Бет алдымдан келгенде,
Тула боюм солк этти.
Боконо жүрөк болк этти.
Жакшылык келбейт жамандан
Жан кутулбайт камандан.
Учуп келип түштүңбү
Асмандагы шамалдан.

Мен Чачыке айыммын
Көп алашка дайынмын.
Кара бет долу сен үчүн
Өлгөнүмө кайылмын.

Жылкычымды жыйнатам,
Жылас күң сени кууратам.
Кабыргаңды кыйратам.
Кан жуткуртуп ыйлатам.

Койчуларды жыйнатам,
Корого жыйын кууратам.
Колу, бутуң кыйратам.
Корккону ндан ыйлатам.

Бетиңди тилем каршылап,
Чачыңды кыркам кайчылап.
Көрбөгөндү көрсөтөм
Көзүңдөн жашың тамчылап.
Деп Чачыке айтып турду ошол.

Эми Айчүрөк туруп кеп айтты.
Армандуу сөздү эми айтты:
Айланайын эжеке,
Арзымды уккун деп айтты.

Түбүмдү түрүп сурадың,
Түртүшүп көңүл уладың.
Түпөйүл дартка жолугуп,
Түйшүк тартып куурадым.

Тегимди терип сурадың
Серпишип көңүл уладың.
Теңимди таап тием деп,
Тентип жүрүп куурадым.

Кайын атам баатыр башында,
Кырк чоросу кашында,
Бел куда болуп кетиптир
Туула элек жашымда.

Кайын атам баатыр өлгөндөн
Карыптыкка көнгөндөн.
Падыша авам өлгөндөн,
Баласы жетим көнгөндөн,
Же бизден келген адам жок.
Же мындан барган кабар жок.

Кабарсыз болду калкыбыз
Карып болдук жалпыбыз.
Кагылайын эжеке,
Кайырлуу болсун артыңыз.

Чынкожо, Толтой деген жоо
Чындап бокту жеген жоо,
Султаным менен кас экен,
Мылтык андес маш экен.
Эрегишкен эки кул
Экөө бирдей жаш экен.
Кастык кылып төрөмө
Кара боору таш экен.

102.
Акундун кызын алам деп,
Айдап жолго салам деп.
Айчүрөктү алган соң
Armansыз болуп калам деп.
Анын арка жагынан
Семетейге барам деп.
Тамгалуудан тай койбой,
Калаасын талап алам деп.
Камап салды калааны,
Какшатып урду баланы.
Табалбай качтым Таласка,
Чынкожо кулдан чараны.

Учканым жума түн болду,
Үч ай токсон күн болду.
Үргөнчтөн учуп чыкканым
Уруулуу журтка дүң болду.

Айчүрөктүн Акун хан
Атасы бар эжеке.
Алакан жайган авамдын
Батасы бар эжеке.

Кай жеринде сөзүмдүн
Катасы бар эжеке?

Сабырдын түбү сары алтын
Сабырлуу адам өсөр деп,
Сабыры болсо эжемдин
Султанга мени кошор деп,
Санамдан чыкса жакшылык
Бараткан жолум тосор деп.
Самап келдим өзүңдү
Төрөмө айткын сөзүмдү.

Канчорого көрүнсөм
Өзүм тапкан олжо деп.
Өзүм тапкан олжомо
Аралжы ава болбо деп,

Күлчорого көрүнсөм
Өзүм тапкан зайып деп,
Өзүм тапкан зайыпты
Бербегениң айып деп.

Абамдын уулу султаным
Бербеймин деп айталбай,
Айткан сөздөн кайталбай,
Чоронун көөнүн кайтарбай,
Чорого берер тартынбай.
Арманым калар айтылбай.

Күнү да болсо күйөр деп,
Айтсам сөзүм сүйөр деп,
Кеңешиме кирер деп,
Кебимдин салтын билер деп,
Издеп таптым өзүңдү.
Көрсөттү Кудай көзүңдү.
Айланайын эжеке,
Айныбай жыйна эсиңди.

Бирде бирин калтырбай
Төрөмө айткын сөзүмдү!

Мага эже сен болсоң
Сага синди мен болсом,
Эрегиш кылар жөнүм жок,
Эр издеген кем болсом.

Тамаша менен таң атып,
Күлкү менен күн батып,
Сизге он жатканда султаным,
Мага келип бир жатсын.

Көчкөндө төөң айдайын,
Өрүдө бээң байлайын.
Кызмат кылып алдыңда
Көңүлүңдү жайлайын.

103.
Кололуу кумган колго алып,
Кол жуугучуң болоюн.
Бедерлүү кумган колго алып,
Бет жуугучуң болоюн.

Кызматыңды кылайын,
Кыялым бузбай турайын.
Келеме шариф чоң Куран
Көкүрөккө урайын.
Өлө турган ант кылсам,
Кантип көңүл бурасын?
Деп Акундун кызы Айчүрөк
Айтып турду арманын.

Үч ай, токсон күн учуп,
Бежинге чейин барганын,
Бежиндеги Коңурбай
Бегинен кабар алганын,

Кабар угуп Каңгайдан
Кайтып жолго салганын.

Эми Шатемир кызы Чачыке
Ачуусу келип арбайып,
Арсыз долу не дейт деп,
Ант ичкендей саргарып,
Төрөмдү кантип берем деп,
Төбөлөшүп өлөм деп,
Айчүрөк сенден келгенди
Нак төбөмдөн көрөм деп.
Абдор ойду сыйдырып,
Калктын баарын кыдрып,
Сийериңе жер таппай,
Тийериңе эр таппай
Учуп жүргөн долусуң.
Ургачынын корусуң.
Анык жайың мен билем,
Акун хандын чорусуң.
Жоболоңдуу долусуң
Жолугуп калдың жолумдан,
Карматып алам колуңдан.
Кайыш алам жонуңдан.
Кутулбайсың долу күң.
Кудурет салган шоруңдан
Уктум эле укмуштан
Акундун кызы Айчүрөк
Жолоочу жолун тосту деп.
Жолго казан асты деп.
Жанынан жакын эр таппай
Жаратканга жазды деп.
Кербендин жолун тосту деп,
Кериге казан асты деп.
Түркмөндөн жайлуу эр таппай
Түндөп учуп качты деп.
Абды оройду кыдырп,
Акылынан шашты деп.
Жаратканга жазды деп,
Далай жерди басты деп.

Уккан сөзүм чын болуп,
Учканы жума түн болуп,
Кара бет калктан азгалы
Үч ай токсон күн болуп,
Келген экен кайрылып,
Канатынан айрылып,
Долу күң турар жөнүң жок
Кең Таласты жай кылып.
Канетип долу турасың
Султанымды бай кылып?

104.
Укмуш сөзүм чын экен,
Уятсыз долу бул экен.
Көрмүш сөзүм чын экен,
Көйрөң долу бул экен.
Жайкап сөздү уктуруп,
Жандан ашкан шум экен.

Биздин элдин адаты,
Кылып келген санаты.
Кара бет долу, угуп тур!
Калбасын сөздүн калаты.

Куда болуп, той союп,
Мойнун кайрып кой союп,
Куда болуп курчашып,
Кудагыйлар ун чачып,
Күйөө келип кайындап,
Элге, журтка дайындап.
Эркек издеп баруучу.
Барып кызды алуучу.
Эр издеген сендейди
Айдап жолго салуучу.

Кашка таман камбыл күң,
Туурдук таман дүмбүл күң.
Жолоочу жолун тоскон күң.
Жолго казан аскан күң.

Кербендин жолун тоскон күң,
Кериге казан аскан күң.
Түрү суук сары күң,
Тууттан калган кары күң.

Чачы куудай болгончо,
Тиши буудай болгончо,
Акун хандын үйүндө,
Атасынын төрүндө,
Көп олтуруп зак болгон.
Саамай чачы ак болгон.

Сага окшогон долуну
Менин төрөм алчу эмес.
Алмак турсун сендейдин
Сөзүнө кулак салчу эмес.
Жаман атка коном деп,
Жанына жакын барчу эмес.
Деп Шатемир кызы Чачыке
Сайрап сөзүн урду ошол.
Жаны күйүп карарып,
Жакын барып турду ошол.

Эми Чүрөк кеп айтты,
Кеп айтканда нени айтты.
Ачуусу келип бек айтты.
Аянбастан деп айтты:
Ушул сөзгө чың болсоң,
Ургачыдан тың болсоң,
Айчүрөккө ынанба.
Төрөңдү үйдөн чыгарба.
Төрөңдү үйдөн чыгарсаң,
Карабаймын убалга.
Баштап кетем султанды,
Башың тиет дубалга.

Эски дейсиң, болбойсуң,
Эптеп айтып торгойсуң.
Кары дейсиң, болбойсуң
Кайрып айтып торгойсуң.
Өзүмдүн күйөөм султанды
Менден несин коргойсуң?

105.
Куда болгон кундакта,
Белги салган бешикте.
Бата кылган башында,
Падыша авам жашымда.

Падыша төрө авамдын
Батасы бар, Чачыке.
Ушул айткан сөзүңдүн
Катасы бар, Чачыке.

Кечээ Самаркандын оюнда,
Чоң дайранын боюнда,
Баатыр авам барында,
Бакай ханы жанында,
Кыргын чалы башында,
Кырк чоросу кашында,
Ит агытып, куш салып,
Саят кылган жеринде,
Байкап тургун сөзүмдү,
Мааниси бар кебимде.
Туубай туруп энеден,
Туулбай туруп атадан,
Кайын атабыз чоң баатыр
Бел куда болуп атаган.
Кооп кылып Айчүөк

Коркуп келдим батадан.
Чачыке, сенин айтканың
Шариатсыз катадан.

Анын арка жагынан,
Ниетинин агынан,
Кулдук кылып той союп,
Куда болгон абыдан.
Алмамбет барган кудалап,
Айчүрөктүн багынан.

106.
Алты жүз ала жорго айдап,
Алыскы жолго бел байлап,
Азиз хандын баласы
Алмамбет барган кудага.

Алмамбеттин соңунан,
Ниетинин оңунан,
Чүрөктү тууду деп угуп,
Сүйүнчү кабар кеп угуп,
Токсон буудан жактырып,
Барысын семиз бактырып,
Мойнуна тумар тактырып,
Моуттан жабуу жаптырып,
Келинди көрүп келем деп,
Сүйүнчүгө берем деп,
Бакай хан барган мал айдап.
Майын жуубай жай айдап.

Ошол жылы, Чачыке,
Кайнатам өлгөн шор кайнап.
Жетимдиктен жетишпей,
Бир биринен кетишпей,
Арыз авалын айтышып,
Алдынан барып өтүшпөй,
Кабылан төрө султаным
Кабарымды эшитпей,
Менден мурун Чачыке,
Алды төрөм өзүңдү.
Абыдан уккун сөзүмдү.
Ачарсың бир күн көзүңдү.

Бата кылган башында,
Куда болгон кундакта,
Белги салган бешикте
Эр меники, Чачыке!
Калың кыргыз, көп алаш
Эл меники, Чачыке!

107.
Сен жолдон келген жолбунсуң,
Жобураган кургурсуң.
Алган эриң султанга
Ынак эмес солгунсуң.

Омбу, Орол, Сары-Арка
Жериң кайда, Чачыке?
Сары-Аркада сан казак
Элиң кайда, Чачыке?
Көкчөнүн уулу Үмөтөй
Бегиң кайда, Чачыке?
Көрүнө сени тарттырган
Эриң кайда, Чачыке?

Жатасың айтып эски деп,
Жеринде Чүрөк карыды деп.
Санаа тартып эр таппай
Далай жашка барды деп.

Кубанасың кубулжуп,
Султаным сени алганга.
Угуп тургун сөзүмдү
Кулагың тунат арман(га).

Калмакка казат кылам деп,
Кабыргалаш турам деп,
Чүйдүн башы Кеминге
Султаным көчүп барганда,
Хан Жолойдун калкынан
Какшатып жылкы алганда.
Ичинен коюп жезекти,
Сыртынан кайгуул салганда,
Жанынан жолдош албастан
Жалгыз чалгын чалганда,
Өжөрлүгүн карматып
Өзү жалгыз барганда.
Кичи Кемин башында,
Кийик жүрчү ташында,

108.
Кара-Кыштак белинде,
Хан Үрбүнүн элинде,
Моюн алышып эки аркар
Уктап жаткан жеринде,
Көрө салып эр Семең
Буурулду талга байлаган.
Мылтык андеш чунактын
Эки көзү жайнаган.
Ак келте  менен бир атып,
Эки аркарды жайлаган.

Көкчөнүн уулу Үмөтөй
Өзүн өзү эрсинип,
Эки чоро ээрчитип,
Жаш клундай телчитип,
Жанымсеит жанында,
Тынымсеит кашында,
Көк аласын каргытып,
Үмөтөй эриң башында.
Жин ургандай оолугуп,
Жыйырма жети жашында,
Атып салган аркарды
Ала качып жөнөгөн.
Кандай адам атты деп,
Кабар албай төрөдөн,
Эки аркардын айыбына
Сени берип төлөгөн.

Кайрылып Буурул мингенче,
Кабарын анык билгенче,
Качып кеткен адамдын
Аркасынан жүргөнчө,
Жетип келген Сары аваң
Туучунакты каргытып,

109.
Оозунан көбүк баргытып,
Көкүлүн көккө ыргытып.
Жолго салып булкунтуп,
Туягын жерге мылгытып.

Сары хан менен султаным
Кучакташып көрүшүп,
Сагынышкан тага, жээн
Тула бою ээришип.
Айтып сөзүн улашып,
Амандык, соолук сурашып.
Өткөн-кеткен кепти айтып,
Өзүнө жаккан эпти айтып.
Далай кеңеш козголгон,
Талаада кеңеш токтолгон.
Сары хан менен султаным
Сапарда жүрүп дос болгон.

Акылын жыйнап жам кылган
Атпай журтка даң кылган.
Атпай алаш калкына
Сары авамды хан кылган.

Сандыргалуу султаным
Сары ханга кеп айткан.
Эки аркарын алдырып,
Эр акыш кылып бек айткан.
Колумдан аркар алдырдым,
Кордугу кыйын деп айткан.
Копол кул мага көрсөткөн
Зордугу кыйын деп айткан.

Ким экенин билбеймин
Киши айткан тилге кирбеймин.
Ким да болсо бул итке
Эрегишпей жүрбөймүн.

Көкала аты алдында,
Эки бирдей жаш жигит.
Кызыл-чийкил мас жигит.
Жолдошу бар жанында.

Атып кайра басканда
Ала качып жөнөдү.
Алдырып коюп Семетей
Зордугуна көнөбү?
Деп султаным айткан ханына.
Абыдан баткан жанына.

Сары хан туруп кеп айткан
Кеп айтканда бек айткан.
Көкала минген жаш жигит
Көкчөнүн уулу деп айткан.
Көкала минип каргыткан,
Жүргөн жолун чаргыткан,
Эки аркарды алам деп,
Өз жазасын арбыткан.
Көкчөнүн уулу Үмөтөй
Өзү сенин бөлөң деп,
Бөлөңдөн келген кордукту
Нак төбөмдөн көрөм деп,
Шатемир кызы Чачыке
Ала турган зайыбы деп.
Катынын алып беремин
Эки аркардын айыбы деп.

Шатемирдин төрүнөн
Тартып алган өзүңдү.
Угуп тургун сөзүмдү,
Ачтырамын көзүңдү.

110.
Сенин эриң Үмөтөй
Эки аркардын айыбынан,
Болор-болбос иш үчүн
Айрылып калган зайыбынан.

Ниетиңде агың жок,
Маңдайыңда багың жок.
Мени менен урушар
Чачыке, сенин чагың жок.

Эки аркардын айыбысың
Үмөтөйдүн зайыбысың.
Уяты жок долусуң,
Ургачынын корусуң,
Атпай алаш калкынын
Айыпка келген чорусуң.

Эки аркарга төлөсүң,
Айтканыма көнөсүң.
Айтканыма көнбөсөң
Азапты ашык көрөсүң.

Көкчө-Тоодо көп казак
Элиң кайда, Чачыке?
Көкчөнүн уулу Үмөтөй

Эриң кайда, Чачыке?
Сары-Аркада сан казак
Элиң кайда, Чачыке?
Сан казакты бийлеген
Эриң кайда, Чачыке?
Орол, Торгой, Сары-Арка
Жериң кайда, Чачыке?
Ойноп, күлгөн жашыңда
Эриң кайда Чачыке

Жергеси бүтүн жети-Суу
Жер меники, Чачыке.
Жети-Сууда көп кыргыз
Эл меники, Чачыке.
Аты чыккан Ала-Көл
Көл меники, Чачыке.
Абамдын уулу Семетей
Эр меники, Чачыке.

Эжем десем болбойсуң
Айткан сөзүм торгойсуң.
Өзүмдүн күйөөм султанга
Айттырбай сөзүм коргойсуң.

Убада сөзүң бек болсо,
Ушул сага эп болсо,
Абамдын уулу султанды
Эртең үйдөн чыгарба.
Чыгарсаң үйдөн төрөмдү
Карабаймын убалга.
Кашкаңдаган долу күң
Башың тиет дубалга.

Табына кушум келди деп,
Талапты Кудай берди деп,
Чоролорун кошчу алар,
Султаным, төрөм аттанар.
Ат аябай жол жүрүп,
Ала-Көл барып куш салар.
Кербен жолдун боюна,
Кең Таластын оюна,
Ала-Көл барып куш салчу
Төрөмдүн жүрөр жолуна
Ак була болуп жатамын.
Аңгемеге батамын.
Була да болсо пайда деп,
Мындай олжо кайда деп,

111.
Түшүп алса султаным,
Арзымды мыктап айтамын.
Үйүңдүн жүзүн көрсөтпөй
Үргөнчкө алып кайтамын.

Алып кетем Үргөнчкө,
Учураймын бир кенчке.
Сөзүмдү салбайм, Чачыке,
Сага окшогон тилмечке.

Була деп төрөм албаса,
Булага көңүл салбаса,
Чачыке, сенин шертиңден,
Кылайып төрөм жанбаса,
Көнбөймүн сенин оюңа,
Түшпөймүн сенин жоюңа.
Ак балык болуп турармын
Кара-Суунун боюна.
Кара-Суудан куш салып,
Төрөм өтөр жолуна.

Суудан чыгып кылкылдап,
Сары алтындай жылтылдап.
Калкып суунун четинен
Көрүнөрмүн шылкылдап.

Балык да болсо пайда деп,
Мындай балык кайда деп,
Кара-Сууда балык деп,
Алтындыгы анык деп,
Жаркын көздү уялтат
Жакуттан нуру жарык деп,
Кармап алса султаным
Арманымды айтармын.
Үйүңдүн жүзүн көрсөтпөй,
Үргөнчкө алып кайтармын.

Балык деп төрөм албаса,
Бастырып мага барбаса,
Чымырканып ойлонуп,
Чындап көңүл салбаса,
Ала-Көл барып куш салып,
Өрдөк, чүрөк, каз алып,
Андан салып илдирип.
Мындан салып илдирип,
Канжыгасын чоролор
Каз, өрдөккө билдирип.
Кайтар төрөм кечинде,
Кечки салкын бешимде.

Ала-Көл жолу алыс деп,
Айткан сөзүм калыс деп,
Эрмегиңе батамын
Эки чором жарыш деп,
Жолго салып жөнөөрдө,
Жоругун аттын көрөрдө,
Коколуу көлдүн жээгинде
Балырга башым тыгармын,
Султаныма көрүнүп,
Туура тартып турармын.

Көргөндө төрөм турбастан
Көңүлүн башка бурбастан,
Камчы басып тулпарын
Качырып чыгып султаным,
Саятка султан көнгөн жан
Салып калар шумкарын.

Ак шумкар тийсе колума
Салармын Чүрөк жолума.
Каршылык кылдың,Чачыке,
Карабасмын шоруңа.

112.
Үргөнчкө алып кетермин,
Кетпегенде нетермин.
Тиктегеним бир султан
Тилегиме жетермин.
Ушул иштти кылбасам,
Айчүрөк эмес бекермин.

Деп Чачыкеге бар сөзүн
Айтып учту Айчүрөк.
Султандын жолун тозом деп,
Кайкып учту Айчүрөк.
Тилек тилеп оңунан,
Жетермин деп соңунан,
Тосмок болуп Айчүрөк
Ала-Көлдүн жолунан.

Эми Чачыкенин кеби бар,
Айтып өтөр эби бар.
Алдырбайм деп Чүрөктү
Кылып жүгөн деми бар.

Чүрөктүн сүрү баскандан,
Адисинен ашкандан.
Араң жетти үйүнө
Шамдагайлап баскандан.

Эт жүрөгү болкулдап,
Бүткөн бою солкулдап,
Көңүлү айнып калкылдап,
Жин тийгендей шалкылдап.
Үйгө кирип жыгылды,
Баса албай мууну калтылдап.

Дарманы жок барганда,
Чачыке талып калганда,
Айылдын баары дабырап,
Айтып сөзүн бабырап.
Калктын баары дабырап,
Катындар келди жабырап.
Кемпирлер келди кемшиндеп,
Тилекти Кудай берсин деп.
Эмсек-домсок кары эле
Энелер мында келсин деп.

Эчкиден улак кактырып,
Эшенден тумар тактырып,
Шалкылдаган бакшылар
Шам оротуп жактырып.

Тил тийди деп айымга
Ала жип кылып эштирип,
Кайтарма окуп чештирип.
Кара турпак кечтирип.

Кожо, молдо алдырып,
Окумалга салдырып,
Акбоз бээ келтирип,
Азыр түлөө чалдырып,
Кечки салкын бешимде
Эс алып башын көтөрүп,
Акылын жыйнап Чачыке
Аста секин жөтөлүп.

Кошомат айтчу securities-free

113.
Акмактар жүрөт аластап,
Аптыгып сүйлөп далактап.

Эми эр Семеңдин кеби бар,
Эрикпей угар эби бар.
Канчоро менен Күлчоро
Кашыма жакын келгин деп,
Ала-Көл барып куш салам,
Аңгемемди көргүн деп.
Эртең эрте аттанып,
Ала-Көлгө барам деп,
Атамдан калган шумкарды
Каз, өрдөккө салам деп.

Эртең эрте ат токуп,
Эринбестен бат токуп,
Эки чором камдан деп,
Эрте туруп шайлан деп.
Ала-Көл барып куш салам
Ак добулду байлан деп.
Ак шумкарды аянбай
Тарткыч берип тапта деп.
Ичин артып акта деп.
Талыкшып уктап жатпа деп.

Тескери учуп шумкарың
Эртең шоруң катпа деп.
Чоролорго буюруп,
Таптагын деп шумкарын.
Эрте туруп эринбей
Токугун деп тулпарын,
Керебеттүү тактага
Жатып калды шумпайың.

Эки чоро элеңдеп,
Этин жууп белендеп,
Аганын сөзүн эп көрүп,
Ак жем кылып эт берип,
Таң атканча уктабай,
Тартынып сөзүн ыктабай,
Таң саргарып атканча,
Жылдыз тарап батканча,
Колуна алып тундуруп,
Уйкусун алып бүлдүрүп,
Даарат алып жуунуп,
Таң намазын окуду.
Даяр кылып султанга
Тай буурулду токуду.

Убакты намаз болду деп,
Ойготту Күлүс султанын,
Эрте аттанып барсак деп.
Эки чоро шумпайың.

Чоронун үнүн уккан соң,
Ыргып турду ордунан,
Эр Семетей султаның
Чачыкенин койнунан.

Эрте туруп намазга
Даарат алып жуунуп,
Келтирип белин эр Семең
Кемер менен буунуп,
Таң намазын окушуп,
Тай буурулду токушуп.
Самабар ичип чайланып,
Тамак ичип жайланып.
Эки чоро элеңдеп,
Бар жарагын белендеп,

114.
Эки чоро аттанып,
Атка минип шаттанып,
Ак добулду байланып,
Абыдан күүлүү жайланып.
Баатырга кызмат кылууга
Башында чыккан шайланып.
Айткан сөзүн жатка алып,
Абасын мурун аткарып.

Манастын уулу эр Семең
Эрикпеген эр немең.
Атка минди койкоюп,
Асыл төрө болпоюп.
Ак үзөңгү күмүштөн
Эки бутка жарашып.
Келин, кыз көрүп келбетин
Кызыккандан карашып.
Эки чоро чунагың
Эр Семеңе жанашып,
Ак шумкарды аларда,
Айдап жолго саларда,
Аттанып жолум алыс деп,
Ала-Көлгө барарда.

Ал аңгыча болбоду,
Айтып сөзүн койбоду.
Шатемир кызы Чачыке
Алдынан тосуп торгоду.

Аста басып шылкылдап,
Айтып сөзүн шыңкылдап,
Айнектей бети жылтылдап,
Ак эмчеги былкылдап,
Алтындан кылган чолпусу
Аркасында шыркылдап.

Чылбырынан бек кармап,
Чын сөз айтам деп кармап,
Чачыке туруп кеп айтты.
Чындап сөзүн бек айтты.
Ушу бүгүн куш салып,
Аттанба, төрөм, деп айтты.

Бүгүн күнгө шейшенби
Сапар кылар күн эмес.
Саят кылып, куш салып,
Аттанар күнүң бул эмес.
Үзөңгүң күмүш, жезиң жок.
Үй-мүлкүң жибек, бөзүң жок.
Ушу бүгүн куш салып,
Үйүңдөн чыгар кезиң жок.

Саморуң алтын, жезиң жок,
Дасторкон жибек, бөзүң жок.
Саят кылып, куш салып,
Сапарга чыгар кезиң жок.

Аптабаң алтын, жезиң жок,
Ак шейшеп жибек, бөзүң жок,
Ак шумкар салып шаттанып,
Үйүңөн чыгар кезиң жок.
Шейшенби күнү куш салып,
Султаным, сенин эсиң жок.

Саят кылар күн эмес,
Куш салар күнүң бул эмес.
Эрлигиң бар, эсиң жок,
Эч нерсе менен ишиң жок.
Эки бала эрмегиң
Жакшы санар кишиң жок.

115.
Жылдызга каршы күн деген,
Адам жок жомок сүйлөгөн.
Көктүгүң бар өзүңдө
Айткан тилге кирбеген.

Шейшемби күнү аттанып,
Пайгамбар сапар кылган жок.
Сөзүмдү уккун, султаным,
Падыша үйдөн чыккан жок.
Пасташып душман жоо алчу,
Баатырлар үйдөн чыккан жок.
Кабылан төрөм сөзүмдү
Кандайлыктан уккан жок.

Саятчы кушун салган жок,
Сапарга адам барган жок.
Барган жан олжо алган жок.
Бул сөзүмдө жалган жок.
Асыл төрөм, султаным,
Айтпаган сөзүм калган жок.
Үч күндөн кийин жумада
Кушуңду салгын, арман жок.
Деп Чачыке чындап асылды,
Билбейсиң деп касынды.
Сандыргалуу султанга
Сайрап сөзүн басылды.

Манастын уулу эр Семең
Аянбаган эр немең,
Ачуусу келип арбайып,
Ант ичкендей саргайып,

Хан кармабас тизгинден
Кара бет долу кармадың.
Бек кармабас тизгинден
Бейар долу кармадың.
Хандын баары жыйналып,
Калктын баары чыйралып,
Бектин баары жыйналып,
Берендин баары чыйралып,
Жаныма жакын барган жок.
Бул сөзүмдө жалган жок.
Бирде бири кол салып,
Тизгинимден алган жок.

Калың алаш калкымдан
Бир да каршы чыккан жок.
Эрегиш кылып элимден
Эч бир адам чыккан жок.
Мындай сөздү кор болуп,
Душмандан Семең уккан жок.

Шейшемби жалгыз, мен жалгыз
Экөбүз бирдей тең жалгыз.
Өзүмө жаккан күнүм деп,
Чыгарба долу, үнүң деп.
Каргашалуу катындын
Кантип алам тилин деп.
Уккун долу, өзүм деп,
Уятсыз долу өзүң деп.
Саят кылып, куш салып,
Сапар кылар кезим деп,
Талапты Кудай берген соң
Тартынамын несин деп.

Кыянаттуу долу күң,
Кылган ишиң кесир деп.
Кордук менен бир кезде
Колума түшкөн жесир деп.
Далактаган долу күң
Чениң менен эсир деп.

116.
Эскилигиң билдирдиң,
Эсепсиз жанды күйдүрдүң.
Көйрөңдүгүң карматып,
Көңүлүмө түйдүрдүң.

Кара жан аман турганда
Катындын тилин аламбы.
Катындан султан чыкпайт деп
Капыя сөзгө каламбы.

Асыл жан аман турганда,
Аялдын тилин аламбы.
Жар, теңтуштун ичинде
Аңгеме сөзгө каламбы.

Коёбер долу, тизгинди,
Сураба менден үч күндү.
Деп ачуусу келип султаның
Аянбады шумпайың.
Тарсылдатып сабады
Так түйүлтүп тулпарын.

Асман эркеч терисин.
Тасма кылган булдурсун
Асып өгүз терисин
Өзөк кылган булдурсун.
Самындатып кердирген,
Санжап менен өрдүргөн.
Чапканда тилип кетсин деп,
Сөөгүнө жетсин деп,
Уруксат алып баатырдан
Үч ай керип катырган.
Өзөгүн үч ай кердирген,

Жылан боор өрдүргөн.
Каршылык кылган жан болсо,
Камчы менен көндүргөн.
Как ыргайдан саптаган.
Карыларга мактаган.
Колго жумшак болсун деп,
Кой макмалдан каптаткан.
Алаканын келтирип,
Асыл таштан чөгөргөн.
Тартуу кылган устасы
Тартынган жок өнөрдөн.

Алаканы айнектүү,
Бүлдүргөсү баргектүү,
Кополдук кылган катынды
Кокуйлаткан булдурсун.
Капаша берген катынды
Кайкалаткан булдурсун.
Чапканда эти бөлүнүп,
Мончоктоп каны төгүлүп,
Атилес көйнөк, шайы кемсел
Тигишинен сөгүлүп.
Көйрөңдүк кылып Чачыке
Көзүнө жаны көрүнүп.
Мандили баштан чубалып,
Баса албай көзү тунарып,
Жатып калды суналып.
Манастын уулу эр Семең
Эрикпеген эр немең
Аяшын уруп оңдуруп,
Абыдан уруп бүлдүрүп,
Тарткыч берип ку-кулап,
Ак шумкарын кондуруп.
Табында кушум бүгүн деп,
Көңүлүнө толтуруп.

117.
Буурулдун башын бурбастан,
Бурулуп карап турбастан,
Кондуруп кушун колуна,
Карабастан соңуна,
Жөнөп калды эр Семең
Ала-Көлдүн жолуна.

Ала-Көлгө барам деп,
Ак шумкарды салам деп.
Саят кылып, куш салып,
Тамашага канам деп.

Эки чоро эрчишип,
Жаш кулундай телчишип.
Өркөнү өскөн чунактар
Өзүн өзү эрсишип.

Эр Семең жөнөп кеткен соң,
Эрегиш заман өткөн соң,
Баатырга каршы сөз айтып,
Башына бул иш жеткен соң,
Чачыке акыл ойлонуп,
Өткөн ишти ойго алып,
Аксымдык ыклып салдым деп,
Армандуу болуп калдым деп,
Айчүрөк менен сырдашпай,
Айтып сөзүн тыңдашпай,
Алтын жездей чырмашпай,
Абыдан сырын сындашпай,
Абамдын уулу Төрөмө
Алып берип жыргашпай,
Айып менден өттү деп,
Колумдан бул иш кетти деп.
Паркын билбей Чүрөктүн
Башыма бул иш жетти деп.

Чачыке басты сандалып,
Санаа тартып саргарып.

Күлчорону чакырды
Айтар сөзүн камданып.
Айланайын Күлүсүм,
Атыңдын башын бура тур.
Азыраак сабыр кыла тур.
Алдың жерге тура тур. -
Деп Шатемир кызы Чачыке
Чакырып алып Күлүстү,
Айтмак болду асталап,
Абасын алып жүрүштү.

Чакырган үнүн уккан соң
Бура тартты элеңдеп,
Чакырып турат жеңем деп.
Жеңеме барып келем деп.
Болукшуган чунагың
Аттын башын бурду ошол.
Айт сөзүңдү жеңе, деп,
Аял кылып турду ошол.

Эми Чачыке туруп кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты:
Айланайын Күлүстөн,
Атыңдын жеми күрүчтөн.
Алтын кемер белиңде
Ат жабдыгың күмүштөн.
Сапардын иши ар түрлүү.
Сага сөз айтамын бир иштен.

118.
Атыңдын башын буруп тур,
Сөз айтамын угуп тур.
Эрегишкен душманга
Эрликке жалгыз чыгып тур.
Тулпар минип, туу кармап,
Душманыңды жыгып тур.

Ала-Көл жолу алыс жол,
Азабы кыйын чалыш жол.
Атыңар буудан жетерсиң,
Жеткенче Күлүс, нетерсиң.
Балалык кылып чунагым,
Сөзүмдү таштап кетерсиң.
Кеч барсаң конуп каларсың,
Кеңешип шумкар саларсың.
Айткан сөзүм унутсаң
Азапка мени саларсың.
Падыша султан аваңды,
Баркыңды билген агаңды,
Жолдон була алдырбай,
Ийинге тыгып таштагын.
Буруу-терүү ойлонуп,
Бул кызматтан жазбагын.
Авакең кайрып сураса
Акылыңдан шашпагын.

Суудан балык алдырба,
Куугa кушуң салдырба.
Эмгекке салып жеңеңдин
Эт жүрөгүн жандырба.
Ушул айткан үч иштен
Аваңды аман сактап кел.
Айланайын Күлүш сен
Ичкен тузуң актап кел.
Жеңем деп мени санасаң
Бул кызматка жарап кел.

Кекилик баштуу кер жорго
Эртең минип аттанам.
Сага кызмат кылгандан
Канетип жеңең сактанам.

Шатемир хандын элине
Эртеңден калбай барамын,
Эрке жеңең Чачыке
Элине жардык саламын.
Кыздын баарын жыйдырам,
Кызматыма сыйдырам.

Атасы калкка парктуудан,
Энеси асыл нарктуудан.
Кытаттай кара чачтуудан,
Алгыр тынар баштуудан,
Каламдай кара каштуудан,
Айткан сөзү наздуудан.

Албырган бети панардай,
Эки эмчеги анардай,
Муруну порум мистедей,
Аппак эти чүчтөдөй,
Тиши тизген жакуттай,
Тырмагы аппак акактай,
Колу асыл күмүштөй,
Тиши аппак күрүчтөй,
Шатемир хандын элинен
Кыз жактырып көрөмүн.

Бир күндүк кылган кызматка
Бир кыз алып берем деп,
Чачыке сүйлөп турду ошол.
Сайрап сөзүн урду ошол.

119.
Эрке Күлүш кеп айтып,
Кеп айтканда деп айтып,
Алым келсе авама
Алдырбасмын деп айтып.
Ушул жерде Күлчоро
Убада сөздү бек айтып.

Айттырбасын жараткан
Жалган сөз менен таныкты.
Айтып кетем ишенгин
Ашкере сүйлөп аныкты.
Алдырбаймын жеңе деп,
Ак була менен балыкты.

Эркелигим эп болсо,
Авакем укчу кеп болсо,
Жолдон була алдырбайм,
Кууга кушун салдырбайм.
Айткан сөзүм жандырбайм,
Суудан балык алдырбайм.

Алдырбайм деп үч ишти
Мактанамын жеңе деп.
Тапшырганың үч кызмат
Сактанамын жеңе деп.
Авама жайлап сөз айтып,
Актанамын жеңе деп.

Эр Семеңдин артынан
Жөнөп калды турбастан.
Мурунку айткан султандын
Буйругун эки кылбастан.
Авасына кошулуп,
Ала-Көл жүрдү тынбастан.

Эр Семетей башында,
Эки чоро кашында.
Ак шумкары колунда,
Ала-Көлдүн жолунда,
Жаткан экен ак була
Кең Таластын оюнда.
Була болуп көрүнүп,
Кербен жолдун боюнда.

Көрө салып эр Семең
Тартынбаган эр немең
Жолдо жаткан була деп,
Буланын жайын сура деп.
Пакта десем була экен,
Базардан келген мына кен.
Кебез десем була экен,
Кербенден түшкөн мына кен.

Канчорого кеп айтып,
Кайрылып туруп бек айтып.
Күлчорого кеп айтып,
Күйдүргү чунак деп айтып.

Жетимдер түндө оңбойсуң,
Жесекчи жолго койбойсуң.
Жол менен кербен өтүптүр,
Түндөп өтүп кетиптир.
Түндөп өткөн кербендер
Түшчүлүк жерге жетиптир.

Кебилдик кылып чунактар,
Кеңешип чалгын чалбапсың.
Кетте жолго барбапсың.
Кербенден алман албапсың.
Жол менен өткөн кербенден
Жолугуп үйгө келгенден,
Кур калыпсың чунактар.
Кудай айдап бергенден.

120.
Уктап жатып алыпсың,
Олжодон куру калыпсың.
Кербенден түшүп калыптыр,
Кетте жолго салыптыр.
Качып өткөн кербендер
Түшчүлүк жолго барыптыр.

Кечээ атамдан олпок калганда,
Абыке, Көбөш алганда.
Азары өтүп жаштыктын,
Алыска тентип барганда,
Ашка, тойго көп кийип,
Аябас кийим деп кийип,
Этек, жеңи жыртылып,
Эндей болуп калыптыр.
Жең, жакасы кырчылып,
Желең болуп калыптыр.

Ак буланы алалык,
Алып үйгө баралык.
Кол менен жакшы кылдырып,
Коргошун өгөп тундуруп,
Жаңысы жакшы жарактын,
Жаңыдан була салалык.
Эрке катын энеме
Жаңыртып алып калалык.
Кайратынын барында
Каныкей кылып берчү деп,
Ургачыда энең уз
Өз колунан келчү деп,
Жан жолдошум, Канчором,
Жаныма койчу Күлчором,
Жол кызматка шайлан деп,
Бириң түшүп байлан деп,
Бууруддун башын бурду ошо.
Бура тартып турду ошо.

Күлчоро туруп кеп айтты.
Кеп айтканда нени айтты.
Жолдон тапкан буланды
Албаймын ава, деп айтты.

Жаанга жатып саргарып,
Күнгө жатып кубарып,

Чирип калган була деп,
Булаңдын жүнү мына деп,
Айланайын аваке,
Албаймын була эскирди.
Жолдо жаткан ак була
Жыргатпайт ава, эч кимди.

Кара-буурул жылкыңды
Хан Жакып тартып алганда,
Абыке, Көбөш эки агаң
Айлыңа бүлүк салганда,
Жардылыгың билинип,
Жалгыз атка илинип,
Кырымга тентип барганда,
Кылчайбагын жалганга,
Жардылыктын жабыры
Жаныңа батып калганбы?
Айланайын аваке,
Айткан сөзүм жалганбы?

Кышында борго байлатам,
Орто Кең-Кол жайлатам.
Алтымыш ирик бактырып,
Анжиանга айдатам.

121.
Анжианды чалдырам,
Айдатып жолго салдырам.
Ак буланы базардан
Арнап сатып алдырам.

Базарга ирик киргизем,
Марттыгымды билгизем.
Буланы алып базардан,
Пайдамды сага тийгизем.
Ак олпокко салдырып,
Аваке, сага кийгизем.
Ач көздүгүң кармаса,
Айтып ичиң күйгүзөм.

Көрсөтөйүн булаңды,
Көчүргүн көчөт ырымдап,
Мен билемин сырын деп,
Айтып сага чынын деп.
Жоболоңдуу булаңдын
Көрбөймүн, ава, чырын деп,
Бул ак була эмес, кесир деп,
Айткан сөзүм кечир!-деп.
Ооматың келип турганда
Аянасың несин деп.

Күлчөрө түшүп буудандан,
Мындай жорук баштады.
Бурдап алып буланы
Ийинге тыгып таштады.

Авасын сөзгө азгырды,
Айнытып чунак жазгырды.
Тегирмендей таш менен
Ийиндин оозун бастырды.

Айтып сөзүн чаргытып,
Ак буладан айнытып.
Ала-Көлгө жөнөдү,
Ак шумкар салып каргытып.
Айтып сөзүн шартылдап,
Аңгемесин арбытып,

Кара-Сууну бойлошуп,
Каз, өрдөктү тойлошуп,
Эрмек кылып чунактар
Шумкар салып ойношуп.

Күндө өтүп куш салып,
Көрүп жүргөн жеринде,
Кара-Суунун кечүдөн
Кайнап чыккан көлүндө,
Карыш сөөм ак балык
Жалтылдаган жапжарык,
Көүхар десе жакуттай,
Күмүш десе акактай,
Карышын суудан чыгарып,
Сөөмүн суугa киргизип,
Аярлыгын билгизип,
Абыдан ичти күйгүзүп,
Ыргып түшүп шартылдап,
Жакуттай жону жалтылдап.
Суудан чыгып жылтылдап,
Көрүнчүдөй кылкылдап.

Балыкты көрүп Семеңдин
Эт жүрөгү зырпылдап,
Күлчорого кеп айтты,
Күйдүргү чунак деп айтты.
Башың курган куу туяк,
Балыкты көрчү деп айтты.

122.
Ала-Көлгө көп өттүм,
Ак шумкар салам деп өттүм.
Алтын десем күмүштөй,
Арпа десем күрүчтөй,
Көрбөдүм мындай балыкты
Көүхардан тунук жарыкты.
Көзүңдү ачып түз кара,
Көрсөтөйүн аныкты.
Мындай балык кайда деп,
Балык да болсо пайда деп.
Аста басып аяндап,
Ак балыкты карма деп,
Саяттын иши ушундай
Чабак да болсо чайна деп.
Кармап берип балыкты
Аваңдын көзүн жайла деп.

Балыкты кармап алалык,
Кайнарга кайтып баралык.
Атамдын кылган көлүнө
Ак балыкты салалык.

Күндө көрүп жүргөнгө
Күмүш балык көрүндү.
Көрбөй калган адамга
Күйүт балык көрүндү.
Айда көрүп жүргөнгө
Алтын балык көрүндү.
Алда канча куулган
Жаркын балык көрүндү.
Балыкты чором, карма деп,
Бул кызматтан жанба деп.
Кара-Сууда таптайыз
Кармай турган жайда деп.
Бул буйругум эки кылба деп,
Бура тартып турба деп.
Буурулдун башын бурду ошол.
Буйруп султан турду ошол.

Айт сөзүңдү жана деп,
Аваке, балык кана деп.
Айткан сөзүң экөө эмес,
Арстаның күлүш мына деп.

Аваке, балык кайда деп,
Алсак балык пайда деп.
Кара-Суудан көрүнсө
Кармай турган жайда деп.
Телкүрөңгө камчы уруп,

Тепсетип өттү ылайлап,
Качып балык кетсе деп,
Кармабаска Кудайлап.

Балырлуу сууну баткактап,
Бастырып өттү аткактап.
Көзүн салбай көлчөдө
Көрбөгөнсүп жазгактап,

Кара-сууда балыктын
Кабыргасын кыйратып.
Телкүрөң менен тепсетип,
Канкакшатып ыйлатып.
Акундун кызы Чүрөктү
Азоо тайдай туйлатып.
Алтын туяк жез билек
Телкүрөң менен сыйлатып.
Аянбай Күлүш кыйратып.
Арманын айтып ыйлатып.

Кармап балык ала албай,
Кадимки сөздөн жана албай,
Мойнун салып шылкыйып,
Авасына бара албай

123.
Көрбөй калды көзүм деп,
Көйрөңдүк кылдым өзүм деп.
Кашайбаса кара көз
Кармай турган кезим деп.
Абаке, балык көрүнсө,
Аянамын несин деп.
Авама анык көрүнсө,
Көргөндө көөнү бөлүнсө,
Мага не үчүн көрүнбөйт?
Алда кандай кесир деп.
Чындап ава, уялып,
Чыгып калды эсим деп.
Корконумдан авамдан
Кетип калды пешим деп.
Абама кызмат кылганга
Тартынамын несин деп.
Жайлап сөзүн уктуруп,
Жайкап салды авасын.

Баба Кыдыр колдогон
Баатыр Манас баласын.
Байкап көрүп чамасын,
Басты Күлүс санаасын.

Манастын уулу эр Семең
Кечиримдүү эр немең,
Балалык кылып салдың деп,
Баркын билбей калдың деп,
Берекесиз иш кылып,
Беш жашыңда карыдың деп.
Менин айткан сөзүмө
Бейлиңди салбай алдың деп.
Күлүскө карап кеп айтып,
Күйдүргү чунак деп айтып.

Эки чоро ээрчитип,
Эрмек кылып телчитип.
Ала-Көл барып айланып,
Абыдан көөнү жайланып,
Кол канжыга кайышка
Кош добулун байланып.
Добул кагып үркүтүп,
Өрдөк, казды учуруп.
Келишимдүү султаның
Кең сонорго тушугуп,
Мүлүшкер Төлөн башында
Айланмага көндүргөн.
Тобу менен учканды

Бириндетип бөлдүргөн.
Бириндеп учуп чыкканын
Бир тепкенде өлтүргөн.

Айланмага учуруп,
Асманга шилеп шумкарын.
Тарсылдатып добулун,
Так түйүлтүп тулпарын,
Кубанат шумкар алганга.
Кубулжуган султаның.
Терип жүрөт тепкенин,
Эки чоро шумпайың.

Ала-Көл барып куш салып,
Ала тамак соно алып.
Көл айланып куш салып,
Көкала моюн соно алып,
Саз айланып куш салып,
Жаргак таман каз алып,
Андан салып илдирип,
Мындан салып илдирип,
Канжыгасын чоролор
Каз, өрдөккө билдирип.

124.
Кечке жуук кечинде,
Кечки салкын бешимде.
Кечке чейин куш салып,
Кайта турган кезинде,
Коколуу көлдүн оюнда,
Балырлуу көлдүн боюнда,
Туура тартып жалгыз куу
Турган экен жолунда.
Ак шумкары артында,
Күлчоронун колунда,
Туура тартып чукулап,
Тумшугун жанып кукулап,
Канатын күүлөп каркылдап,
Качпагансып жаркылдап.
Жекендүү көлдүн жээгинде
Турган экен салкындап.

Кууну көрүп султаның
Кубанып кетти шумпайың.
Күлчоросун чакырып,
Бура тартты тулпарын.
Сандыргалуу чунагым,
Салгын деп кууга шумкарын.

Күлчоро туруп кеп айтты,
Күйдүрчү сөздү эми айтты.
Салпайган сасык куу экен
Салбаймын кушту деп айтты.
Канаты менен жер сабайт,
Карып калган куу белем,
Далай жашка жабыркап
Барып калган куу белем.
Куйругу менен кум сабайт,
Куруп калган куу белем.
Уя басып уча албай
Туруп калган куу белем.
Алдырып койсок шумкарга
Жетим калар балдары.
Зая болор жандары.
Башыбызда турбайбы
Жетимдиктин арманы.

Бала энеден айрылса,
Башына жабыр салганы.
Аманат дүйнө чиркинде
Армандуу болот калганы.
Айтып турган сөзүмдө
Аваке, барбы жалганы?

Акылдуу адам билбейби,
Аярдап басып жүрбөйбү.
Балдары жетим калган соң
Кесири бизге тийбейби.
Кууга кушум салбайм деп,
Сал деген тилиң албайм деп,
Кесепеттүү куюндун
Кесирине калбаймын.
Айтып турган сөзүм деп,
Аваке, түптү жанбайм деп,
Айтып турду Күлүсүң,
Жакпайт деп мага бул ишиң.

Эр Семетей кеп айтты.
Кеп айтканда деп айтты.
Ачуусу келип султандын
Аянбастан бек айтты.
Ачуусу  келип арбайып,
Ант ичкендей саргайып,
Бузулуп мурут тик чыгып,
Жаагын жарып түк чыгып,

125.
Жакын көргөн Күлүсүм,
Жакпады мага жүрүшүң.
Жарабады бул ишиң,
Жаныма батты күйүтүң.

Кечир дейсиң, болбойсуң,
Кебимди кайрып торгойсуң.
Келберсиген куу туяк,
Эгирде эки болбойсуң.
Күлүмсүрөп сүйлөгөн
Күйдүргү чунак оңбойсуң.

Мен өжөрлүгүм карматып,
Өз атамды өлтүрдүм.
Жандын баарын какшатып,
Далай жабыр келтирдим.
Жакып ханды жалмадым.
Абыкени аймадым.
Көбөштү гөргө киргиздим.
Көп кыргызды ийредим,
Кыларыма келгенде
Кырк чоромду жайладым.
Кызыл желек,  сыр найза
Кызыл канга майладым.
Каршылык кылган душманды
Карсылдатып айдадым.
Тууган, душман дебестен.
Жипсиз колун байладым.

Эки агамды өлтүрүп,
Өз ишимди ырбаттым.
Карыган энем Бакдөөлөт
Канкакшатып ыйлаттым.
Мурунку кылган ишимден
Мында тийбей кесири,
Каргашалуу кууңдун
Кайдан тийсин кесири.

Каргашалуу кеп айтып,
Кесири тиет деп айтып.
Учуп жүргөн бир куута
Кушумду салбайм деп айтып,
Бул немене кылганың?
Уялбай сүйлөп турганың?

Жаныңда турган Аксыдан
Хан Шыгайды көчүрдүм,
Күйгөн отун өчүрдүм.
Малдан, жандан кечирдим.
Малын алдым талкалап.
Башын кетти калкалап.

Ташкен менен Таласты
Басып калдым чалкалап.
Хан Шыгайды какшаттым,
Кана тийген кесири?
Карып калган кууңдун
Кайдан тийсин кесири.

Уруулуу журтту какшаттым,
Ушунда тийбей кесири
Уя баскан кууңдун
Кайдан тийсин кесири?

Кечээ Каңгайга чалгын чалганда,
Калмакка бүлүк салганда,
Кастын туусун бөксөлөп,
Хан Жолойго барганда,
Хан Жолойдун жылкысын
Какшатып тийип алганда,

126.
Текестин нары бетинде,
Мусулмандын четинде,
Күрпүлдөктүн Кара-Шор
Кара-Шордун сазында,
Иленин башы Үч-Арал
Үч-Аралдын чатында,
Авам Бакай башында,
Баатыр Үрбү кашымда
Ойлонбогон кезимде,
Он сегизде жашымда,
Агыяз менен Алтайда,
Ала-Айгыр менен Сайкалда,
Бакай, Үрбү жол башчым
Аскерим жок аркамда,
Хан-Теңирдин тоосунда,
Үч-Муз-Арттын оозунда,
Олуя-Тоонун бөксөсү
Ополдойду түптөдүм.
Оозунан келме түшпөгөн
Олуя чалды бүктөдүм.
Кара тумшук Күлчоро,
Кана тийген кесири?
Карып калган кууңдун
Кайдан тийсин кесири.

Калың жылкы алдымда
Кайтып келе жатканда,
Хан Жолойдон жылкы алып,
Карк олжого батканда,
Кызыл-Кыя, Саң-Таштан
Кыя салып өткөндө,
Жедигерди аралап,
Ысык-Көлгө жеткенде,
Көлдүн башы Түргөндө
Көп жылкыны сүргөндө,
Ысык-Көлдүн башынан
Ылдый карап киргенде,
Көпкөндүктөн эр Багыш
Көрүнөө чыгып сайшты.
Ажыратып калам деп,
Алда канча кайышты.
Эрегиш болуп бул жерде
Эр Багышты жайладым.
Ысык-Көлгө тургузбай
Опол-Тоого айдадым.
Кара тумшук Күлчоро,
Кана тийген кесири?
Карып калган кууңдун
Кайдан тийсин кесири .

Каарыма алганда
Хандарга салдым каранды.
Балтаматты өлтүрүп,
Басып алдым Бараңды.

Индини чаап ыйлаттым,
Дарбазасын кыйраттым.
Индинин ханы Нескара
Нак өзүгө сылаттым.
Нескараны өлтүрүп,
Кабыргасын кыйраттым.
Калчаны чаап какшаттым,
Хандардын баарын бастаттым.
Хан Жайнагын өлтүрүп,
Канча жанды аксаттым.

127.
Өз колума караттым,
Түтүнгө бөлүп тараттым.
Бул ишиң чеки дебестен
Мында ишим жараттың.

Мурдуна чүлүк тактырдым,
Мусулманга бактырдым.
Бул ишиң чеки дебестен
Мында ишим жактырдың.

Үзүр-мазир сөз айтып,
Үйлөнбөй алдым Ооганды.
Менин колум тийбеген
Орусуң кайдан соо калды.
Жалгыз кууга куш салбай,
Мага тийсе кесири,
Жалгыз мага тийбестен
Сага тийсе кесири,
Бул айтканың уят деп,
Бул сөзүң кайда сыят деп,
Уялбай сөзүм кайтарып,
Ушул ит мени тыят деп,
Ак була тапсам алдырбай,
Ак олпокко салдырбай,
Ийинге тыгып таштадың.
Кандай жорук баштадың?

Кара-Сууда балыкты
Кармап бер деп какшадым.
Качырып кирип тепсетип,
Балырга тыгып таштадың.
Олжомдун баарын алдырбай,
Эми кууга кушум салдырбай,
Мунун айтып турган кебин көр.
Кылып турган эбин көр.

Сага салдырбаймын кушумду,
Билдирбеймин ишимди.
Мындан башка таап ал,
Биле турган кишиңди.
Кылган ишиң ушулбу?
Келе бери кушумду!

Кесепеттүү куу туяк,
Касиреттүү шум чунак.
Каршылык кылды жолума,
Бүткөн экен шорума.
Деп сары жибек узун боо
Үзүп алды колунан.
Кесепеттүү куу туяк,
Келер деп ишим оңунан.
Кууга салып шумкарын,
Карап калды соңунан.

Көтөрүлө бергенче
Шумкар кууну чуттады.
Серпип түшүп бек кармап,
Жерге басып ныктады.
Жанындагы Күлчоро
Уялгандан өлгөн жок,

Авама уят болдум деп,
Өлүп гөрдү көргөн жок.
Телкүрөңгө камчы уруп,
Оңдоп, солдоп каршы уруп,

128.
Темир таман үзөңгү
Теппей ыргып тик түшүп,
Таманы жерге тийгенде
Табактай жерге чик түшүп.
Абама уят болдум деп.
Аянбастан бек түшүп.
Жетим Күлүш жеткенче,
Жетип сермеп кеткенче,
Аярлыгын карматып,
Күлчорону зарлатып,
Ак шумкарды бек кармап,
Ажатым тийди деп кармап.
Оңдонуп Чүрөк шаңданып,
Убада сөзүн карманып,
Алып учту шумкарды
Асман менен айланып.

Жолго салып калкактап,
Жогору учуп чалкактап.
Көтөрүлүп асмандап,
Жүрөр жолун баш камдап.
Акылы болсо билди деп,
Ак шумкар колго тийди деп,
Семетей колго кирди деп,
Айчүрөк учту тастаңдап.

Өзү аяр молтолуу,
Жүрөк майлуу толтолуу.
Асыл султан бегинен,
Арнап койгон жеринен,
Ала тургун эринен
Эрке Чүрөк коркобу?

Семетей жайсыз эр болсо,
Ушунчалык жортобу?
Аярлыгын билгизип,
Абыдан ичти күйгүзүп,
Аркамдан бир күн жетер деп,
Көңүлүнө түйгүзүп.

Өзү жайчы, дубалуу
Окуп билген дубаны.
Кылып жүргөн адатын
Кылбай Чүрөк турабы.
Күндү жайлап тундуруп,
Борошо жамгыр урдуруп,
Бөксөгө мөндүр жаадырып,
Жакага жамгыр куйдуруп,
Борошо жамгыр, муздуу кар
Боройлотуп урдуруп,
Сасык туман салды ошо.
Жан көрүнбөй калды ошо.

Акундун кызы Айчүрөк
Ак шумкарды алды ошо.
Күндүн шары Үргөнчкө
Алып жетип барды ошо.
Манастын уулу эр Семең
Аянбаган эр немең,
Куугa кушун алдырып,
Көзүнө шумкар көрүнсө,
Карай-карай кашталып,
Качырган шумкар көрүнсө,
Күүгүм кирип мунарык,
Жер көрүнбөй тунарып,

129.
Асыл төрө султаның
Арманын айтып олтуруп,
Ак шумкардан айрылып,
Калганын айтып олтуруп,
Эр Семетей кеп айтты.
Кеп айтканда бек айтты:
Эки чунак, сөзүмдү
Эринбей уккун деп айтты.
Куугa кушум алдырдым,
Карап көзүм талдырдым.
Эстесем жүрөк зырпылдап,
Эт жүрөгүм жандырдым.

Ак шумкар дедим зарландым.
Алдырып кушум ардандым.
Атамдан калган куш үчүн
Айтар сөзүм камдандым.

Хан Кошойдун элинен,
Ат-Башы, Арка жеринен,
Кең Арканын башынан,
Чырмаштын Кара ташынан,
Арканын бийик тоосунан,
Адам жүрбөс зоосунан,
Ак жибектен тор коюп,
Ак көгүчкөн тир коюп,
Саятчы Төлөн кармаган,
Кармаган жерде арнаган.
Хан Манаска берем деп,
Жалпы журтка жардаган.

Карыган Кошой абакем
Катаган кан (?) деген.
Калың журтка кадырлуу
Ханга ылайык жан деген.
Балам, Манас баатырга
Шумкарды алып бар деген.
Тартуусуна Манастын
Өз бергенин ал деген.

Эр Кошой айткан Төлөнгө
Шумкар эмес буудайык.
Эрегишер эч ким жок,
Эр Манаска ылайык.

Манаска алып баргын деп,
Бастырып жолго салгын деп,
Марттыгын көрүп Манастын
Өз бергенин алгын деп,
Авам Кошой тапшырып,
Алып келген Манаска.
Ак шумкарды кондуруп,
Төлөн келген Таласка.

Төлөндөн кушту алган соң
Той берген Манас алашка.
Эрегишкен чунактар
Бул сөздү менден талашпа.
Алып келген Төлөнгө
Атандан тогуз төө берген.
Айгырын салып аладан
Он кулундуу бээ берген.
Кочкорун салып карадан
Жүз козулуу кой берген.
Калың алаш калкына
Ат чаптырып той берген.

Калк жыйылып жактырган
Мүлүшкерге бактырган.

130.
Ак шумкардын мойнуна
Алтындан жагоо тактырган.

Аземдетип эр Манас
Күмүштөн туур кактырган.
Нукура күмүш тундурган,
Туурун күмүш кылдырган.
Таманынан өтөт деп,
Табынан айнып кетет деп,
Кой макмалдан тиктирген.
Кош курбу салып төктүргөн.
Томогосу булгары
Булгарынын ылгалы.

Асыл таштан койдуруп,
Аземдетип кылганы.
Сары алтындан чойдурган,
Накыш салып ойдурган.
Зумурат менен жакуттан
Сары алтынга койдурган.
Атакем Манас кылганы,
Ак шумкар жандын жыргалы.
Ак шумкар качып колумдан
Абаңдын бүгүн сынганы.

Атамдан калган шумкардын
Кыраандык жайын айтайын.
Серпкенин колдон чыгарбас,
Тынарлык жагын айтайын.
Боздон алган тоодкты,
Бозортуп алган улакты.
Тоодон алган уларды,
Көлдөн алган кууларды.
Чалкалап учуп зыпылдап,
Чабыт кылган сууларды.

Саздан өрдөк , каз алган,
Салган сайын маш алган.
Түпкү жайын айтайын
Түлөгөн сайын жашарган.
Тобу менен кубалап,
Алдына салып айдаган.
Асмандан тээп түшүрүп,
Айдап жүрүп жайлаган.
Каракунас, каркыра,
Кара-Сууда көлбука,
Илекилек, көк кытан,
Кара карга, чөкө таан,
Кара боор, көгүчкөн,
Ала карга, сагызган
Аябады Ак шумкар
Көз көргөнду алыштан.

Жонго тээп түшүрдү,
Жорпойуп учкан жоруну.
Кармап түштү качырды,
Кубалап тепти кузгунду.
Көз көргөндөн Ак шумкар
Куткарбады учкулду.
Кыргоолду алып кыйратты,
Кызыгына жыргатты.
Канчоро менен Күлчоро,
Бул сөзүмдү бил чоро.

Ак шумкардын алганы,
Барбы сөздө жалганы?
Саят кылып салгандын
Калган жок ичте арманы.
Атамдан калган кушумду
Алдакандай куу алды.
Арданганым ушунча
Аябаган чуу салды.

131.
Ак шумкарым качырып,
Ала-Көлдөн учуруп,
Жеримде мындай жок эле,
Бир желмогуз куyга тушугуп,
Ичиме кайгы от түштү.
Жүрөгүмө чок түштү.
Кайсы бирин айтайын
Хан, дөөлөтүм кушум деп,
Кара тумшук чунактар,
Айрылганым ушул деп.

Күлчорого кеп айтты.
Күйдүргү чунак деп айтты.
Ак шумкарын алдырып,
Аянбастан бек айтты:
Айт сырыңды, Күлүш деп,
Айтар сөзүн эми айтты.
Айланайын Күлчором,
Айткан сөзүм бил чором.

Аянбай сырың айтарсың
Атамдан калган жан чором.
Ак була тапсам алдырбай,
Ак олпокко салдырбай,
Суудан балык алдырбай,
Кууга кушум салдырбай,
Эртелеп айтып сырыңды
Эсен-аман калтырбай,
Жоболоңдо куу туяк
Жолумдан туруп торгодуң.
Ниетиң менен бөлүнүп,
Не себептен коргодуң?

Билдим Чором сырыңды,
Айтып бергин чыныңды.
Айтып берсең кушумду
Абакең сага жыгылды.
Билеселүү чунагым,
Билдирермин кылымды.
Айтып берсең кушумду
Абыдан билгин ишимди.
Кандырарсың кыбымды.
Билерсиң чором, ыгымды.
Абаңдын дилин оорутпай,
Айтып бергин чыныңды!

Көңүлүм улап келесиң
Кушумдун жайын билесиң,
Кууга кушум салдырбай
Билгенден коргоп жүрөсүң.
Бул пейлиңден кайтарсың,
Кушумдун жайын айтарсың.
Айтканыма көнөрсүң,
Ашкере айтып берерсиң.

Анык сөзгө келбесең,
Кушумду айтып бербесең,
Көргүлүктү көрөрсүң.
Аваңдан азыр өлөрсүң.
Же аваңды өлтүрүп,
Ак күмбөзгө көмөрсүң.
Тартышып жүргөн душман көп,
Таластан тентип жөнөрсүң.

Деп султаның айтып турду ошо.
Чорого сөзүн урду ошо.
Бура тартып сурданып,
Бууруулдун башын бурду ошо.

## АКШУМКАРДЫН ДАЙЫНЫ

132.
Күлчоро туруп кеп айтты,
Кеп айтканда эп айтты.
Качып кеткен шумкарга
Кайгырба  ава, деп айтты.
Арыстаның Күлүш кеп айтты,
Аянбай сөздү бек айтты.
Алып кеткен шумкарга
Ардыкпа ава, деп айтты.
Алдырган кушуң табылар
Абийриң ава, жабылар.
Алып кеткен кушуңду
Алдыңдан чыгып кабылар.

Айланайын аваке,
Айткан сөзүң укканда
Ала-Көл көздөй жол тартып,
Аттанып үйдөн чыкканда,
Өз жанында бар элем.
Бир өпкөсү көпкөн бала элем.
Кагылайын аваке,
Качан сага кара элем?
Өзүң менен аттанып,
Келе жаткан кезимде
Бул сөз менин эсимде.
Учурадым кесирге.
Чачыкеге алдаттым,
Айыпка келген жесирге.

Чачыке жеңем чакырды.
Чакырып алып кеп айтты.
Тапшырдым сага үч иш деп,
Тартынбастан бек айтты.
Эсебин таап үч ишке
Этиет болгун деп айтты.

Колумда баккан балапан,
Жеңем деп мени санасаң,
Жетимдер тузга карасаң,
Бул кызматка жарасаң.
Ушу бүгүн аваңды,
Арыстаның султан агаңды,
Ак була жатса алдырба.
Ак куугa кушун салдырба.
Суудан балык алдырбай,
Жеңеңди отко жандырбай,
Аваңды бүгүн сакта деп,
Ичкен тузуң акта деп,
Жетимдер, тузду ойлонуп,
Жеңеңдин сөзүн жакта деп,
Ак була менен балыкты
Авакеңе алдырбай,
Алып келсең саламат
Кууга кушун салдырбай,
Кызматыңды билем деп,
Кер жоргону минем деп,
Шатемир хандын элине
Эртеңден калбай жүрөм деп,
Эсиме муну салам деп,
Эртеңден калбай барам деп.
Эркелигим билгизип,
Элин жыйнап алам деп,
Кыздын баарын жыйдырып,
Кыятыма сыйдырып,
Хан Шатемир элинен
Ханга ылайык бегинен

133.
Атасы калкка барктуу деп,
Энеси асыл нарктуу деп,
Кытаттай кара чачтуудан,
Алгыр тынар баштуудан.
Каламдай кара каштуудан,
Сүйлөгөн сөзү наздуудан
Калк аралап сен үчүн
Кыз жактырып көрөм деп,
Бир күндүк кылган кызматка
Бир кыз алып берем деп,
Чачыке жеңем чаргытты.
Жазыгымды арбытты.

Кыз дегенде кызыгып,
Кыялым кетти бузулуп.
Уят болдум өзүңө
Ушул ишке тутугуп.
Кагылайын аваке,
Капа болбо шумкарга
Каршылык кылдың чором деп
Каршыгып мага муңканба.
Ак шумкардын дайынын
Чачыке жеңем билет деп,
Долу күң жолдон азгырып,
Билгенден айтып жүрөт деп.

Менден мурун жолугуп,
Буланы көргөн Чачыке.
Көрүп туруп Күлүшкө
Кабар берген Чачыке.
Караңгы түндү жаркыткан
Жарыкты көргөн Чачыке.
Кушту салып алдырган
Кууну көргөн Чачыке.
Ушунчалык алаамат
Чууну көргөн Чачыке.

Буланы кайдан мен көрдүм,
Бузган сөзгө мен көндүм.
Буйругун кылбай авамдын
Уялгандан эми өлдүм.

Балыкты кайдан мен көрдүм,
Байкабай сөзгө мен көндүм.
Баркын билбей авамдын
Балалык кылып эми өлдүм.

Аккуну кайдан мен көрдүм,
Азгырган сөзгө мен көндүм.
Авамдын тилин албайм деп,
Ажалдан мурун эми өлдүм.

Шатемирдин чоруна,
Жай билбеген долуга,
Тандырбаймын сөзүн деп,
Табамын кушту өзүм деп,
Авакем аман турганда
Аянамын несин деп,
Күрөңдүн башын бурду ошол.
Күлүсүң сүйлөп турду ошол.

Эр Семетей кеп айтты
Эрлик сөздү эми айтты.
Күлүшүм жакшы сүйүнттүң
Табылды кушум деп айтты.

134.
Эки чором, аттан деп,
Эрте аттанып бат бар деп.
Чачыкеге кеп айткын,
Тартынбастан бек айткын.
Атамдан калган кушумду
Айтып бер долу, деп айткын.

Айткан сөзгө келбесе,
Кушумду айтып бербесе,
Хан Бакай – менин авама айт.
Кадырым сиңген агама айт.
Эрке катын энеме айт.
Эр Сары хан тагама айт.

Камыш башы калам де,
Үчөөнө бирдей салам де.
Ак шумкарын алдырып,
Армандуу болду балаң де.
Каршылык көрсөм катындан
Канетип үйгө барам де.

Кайнарга үчөө келсин де.
Кадырлап сурап көрсүн де.
Шатемирдин долусу
Кушумду айтып берсин де.
Айткан сөзгө көнбөсө,
Кушумду айтып бербесе,
Шатемирдин долуга
Талак катын жаздырып,
Аягына Бакайдын
Алтын мөөрүн бастырып,
Авам Бакай барсын де.
Айтып сөзгө кансын де.
Айткан сөзгө болбосо
Айдап жолго салсын де.

Эки чором, иним, ук,
Бул сөзүмдү билип ук.
Айтып берсе кушумду
Абдан билсин ишимди.
Жоболоңдуу долуга
Жорутайын түшүмү.
Артылтып камчы салбайын,
Артына күнү албайын.

Үйрүлтүп камчы салбайын,
Үстүнө күнү албайын.
Буруу-терүү үйлөнүп,
Бул шертимден жанбайын.

Үчөөнүн тилин албаса,
Бир сөзүнөн жанбаса,
Кушуму долу айтпаса,
Бир сөзүнөн кайтпаса,
Айтып сөзүң уктуруп,
Кер байталды кырктырып,
Жалын кыркып кунан кыл.
Куйругун кыркып кулан кыл.
Шатемирдин долуга
Тартынбастан убал кыл.
Кер байталды мингизгин.
Кементайды кийгизгин.
Шатемирдин үйүнө
Эртеңден калбай киргизгин.
Чачын кырккын түбүнөн,
Жаман кылгын, чоролор,
Шатемирдин базардан
Сатып алган күңүнөн.

135.
Эки бетин бирдей кыл,
Не кылсаң чором, өзүң бил.
Ишенбесе сөзүңө,
Өз убалы өзүнө.
Кушумду айтып бербесе,
Көрсөтпөгүн көзүмө.

Эрте аттанып, бат баргын.
Бул сөзүмдү жатка алгын.
Шатемирдин долусун
Эртеңден калбай аткаргын.

Экөөндөн кабар келгенче,
Мен жантайып жерге жатпаймын.
Ашыкбастан алты күн
Ала-Көлдү сактаймын.
Аш-тамагым түгөнсө
Алты казды кактаймын.
Атамдан калган шумкардын
Арбагын минтип актаймын.

Эки чором баргын деп,
Эртелеп кабар алгын деп.
Жакшы кабар эшитсең
Жан аябай салгын деп.
Оолуккан Семең кушум деп,
Оюна албайт бөлөктү.
Эрте аттанып, бат бар деп,
Эки инисин жөнөттү.

Эки камчы шарт уруш,
Чоролордо не туруш.
Канчоро менен Күлчоро
Атка минип жарышып,
Тизгин колдо карышып,
Үзөңгү бутта кагышып,
Кайнардагы ордого
Салган бойдон барышып,
Оолуккан чунак октолуп,
Ордого келип токтолуп,
Калың алаш калкында
Каш кайтарар жок болуп,
Аттан түшпөй чакырды.
Чачыке жеңе, чыккын деп,
Ала-Көл барып куш салган
Аңгемемди уккун деп.

Бүгүн үч иш тапшырдың,
Алдакандай азгырдың.
Ак шумкарды алдырып,
Авама мени жаздырдың.
Угуп, жеңе, сөзүмдү,
Ачып кара көзүңдү.
Ургачылык кылбастан,
Абыдан жыйна эсиңди.
Кыянат ишти ойлонуп,
Кылба бизге кесирди.

Өзүң айттың, мен уктум
Сөзүңдөн качан мен чыктым.
Ак була жатса алба деп,
Балыкка жакын барба деп,
Кууга кушуң салба деп,
Бир балаага калба деп,
Кызматыңдан качпадым.
Кыя тартып жазбадым.
Абамдын тилин албастан,
Айткан шерттен жанбастан,

136.
Жолдон тапкан буланы
Ийинге тыгып таштадым.
Буруу-терүү ойлонбой,
Мындай жорук баштадым.

Өзүң айткан балыкты
Авам айтты алгын деп.
Кармап алып Күлүшүм,
Кайнарга кайра баргын деп.
Кайнардагы көлүңө
Бул балыкты салгын деп.
Кара-Суунун үстүндө
Калкып чыгып жаркылдап,
Жакуттай болуп жалтылдап,
Ай тийгендей жаркылдап.
Авакем айтты карма деп,
Аянып чором, калба деп.

Авамдын тилин албадым,
Сөзүнө кулак салбадым.
Көрбөгөнсүп жазгактап,
Балырлуу сууну баткактап,
Телкүрөң менен тепсетип,
Кабыргасын кыйраттым.
Кара сууну ылайлап.
Канкакшатып ыйлаттым.
Азабын аштай катырып,
Азоо тайдай туйлаттым.
Балыктан минтип кутулдум.
Жаштык кылып кутурдум.

Кечке жуук кечинде,
Кечки салкын бешимде,
Саят кылып куш салып,
Үйгө кайтар кезинде,
Коколуу көлдүн оюнда,
Балырлуу көлдүн боюнда,
Туура тартып жалгыз куу
Турган экен жолунда.
Туура тартып «ку-кулап»
Тумшугун жанып кукулдап,
Аста басып былкылдап,
Аярлык кылып шылкылдап,
Турган экен жалгыз куу
Жалгыз куу салды далай дуу.

Авакем айтты өзүмө
Ак шумкар кушуң салгын деп,
Ажыратып алгын деп.
Армандан чыгып калгын деп.
Айткан сөзүң кармадым,
Авамдын тилин албадым.
Чачыке жеңе, сен үчүн
Куугa кушун салбадым.

Ачуусу келип авамдын,
Асырап баккан агамдын
Тартып алды кушумду.
Куугa салып учурду.
Ак шумкар коночуктады,
Алып жерге ныктады.
Аттын башын бурбастан,
Аянып карап трбастан,
Телкүрөңгө камчы уруп,
Оңдоп-солдоп каршы уруп,
Алганына сүйүнүп,
Аттан түштүм түйүлүп.
Ажыратып алмакка
Жакын жеттим жүгүрүп.

37.
Кыя тартып комдонуп,
Учуп калды оңдонуп.
Түгөнгүр жаза карматып,
Түйшүккө салды зарлатып.
Алып кетти шумкарды
Авама мени каргатып.

Карматпай кушту куу алды.
Кайгуусу көп чуу салды.
Ак шумкарды алган соң,
Асмандап учуп жөнөдү.
Айтып турсам салба деп,
Авам менден көрөбү,
Көрбөгөндө өлөбү.
Актансам мага көнөбү?
Ала-Көлдүн боюнда
Алдырып койдук шумкарды.
Ак шумкарды алдырып,
Авам мага муңканды.
Кушумду таап бергин деп,
Кутулбай турган чыр салды.

Сандыргалуу султаным
Салам айтты өзүңө.
Шатемир кызы Чачыке,
Сал кулагың сөзүмө.
Авам сага кеп айтты.
Ачуусу келип бек айтты.
Ак шумкардын дайынын
Эрке катын Чачыке
Эрегиш сөздү чыгарбай,
Айтып берсин деп айтты.

Айтып берсе кушумду
Танбаймын айткан сөзүм деп,
Хан Шатемир баласын
Каныш кылам өзүн деп,
Артынан күнү албайм деп,
Артылтып камчы салбайм деп,
Убада сөздөн жанбайм деп,
Бул шертимди танбайм деп,
Билип туруп кушумду
Билбеймин деп айтпаса,
Шатемирдин Чачыке
Бир сөзүнөн кайтпаса,
Кер байталды мингиз деп,
Кементайды кийгиз деп,
Айдап жолго жүргүз деп,
Абыдан жанын күйгүз деп,
Шатемирдин үйүнө
Эртеңден калбай киргиз деп.

Канчоро менен Күлчоро
Эрегишкен эр чоро
Айтып сөзүн билгизип,
Аянбай айтып тийгизип.
Буудандын башын бурушту,
Бура тартып турушту.
Ушул сөздү укканда,
Чородон бул сөз чыкканда
Ачуусу келип Чачыке
Айткан сөзгө тырышты.
Чодурайган жетим деп,
Чоролор менен урушту.

138.
«Айбай-көтөк!» Не дейсиң,?
«Какай-көтөк!» Не дейсиң?
Бул кебиңди ит уксун,
Ит укпаса ким уксун?
Бул кебиңди куш уксун.
Куш укпаса, ким уксун?

Талаада эркек ал болсо,
Үйдө катын мен болсом.
Үйдө олтурган катындын
Ашы менен иши бар.
Талаада жүргөн эркектин
Кушу менен иши бар.
Көлдөн кушун качырып,
Куугa салып учуруп,
Ала-Көлдүн боюнда
Ак кууга өзү тушугуп,
Кушун өзү салдырып,
Кууга кушун алдырып,
Авамдын уулу төрөмдүн
Бул сөзүндө эби жок.
Кушум катын тапсын деп
Айта туган кеби жок.

Оңолбогон Күлүстөн,
Чыкпасын башың күйүттөн.
Чының менен калп айтсаң
Чырмалсын башың балаага.
Чын Шатемир баласы
Жыгылбасмын жалаага.

Буланы качан мен айттым?
Муну да жалган сен айттың.
Балыкты качан мен айттым?
Баарысын жалган сен айттың.
Ак кууну качан мен айттым?
Аны да жалган сен айттың.
Деп Чачыке турду чамынып,
Киш ичигин жамынып.
Эки чунак оңбо деп,
Эрегиш кылып камынып.

Чачыкенин сөзүнө
Эки чоро арданып,
Ал аңгыча болбоду,
Калк жйылды жарданып.
Канчоро менен Күлчоро
Каныкейге кеп айтып,
Ачуусу келген чунактар
Аянбастан бек айтып,
Асыл төрөм авам деп,
Салам айтты балаң деп,
Ак шумкардын качканын
Чачыкеден көрөм деп.
Ак кууга кушун алдырып,
Армандуу болду төрөм деп.

Шатемирдин чорунан,
Таалайы жок долудан.
Эки аркардын айбынан
Үмөтөйдүн зайыбынан
Таптырып тургун кушун деп,
Айткан сөзүм ушул деп.
Сары хан менен Бакайга
Саламын айтып барам деп.
Шатемирдин долусу
Акшумкарды айтпаса,
Бир сөзүнөн кайтпаса,
Айдап жолго салам деп,

139.
Эки чоро жарышып,
Тизгин колдо карышып,
Хан Бакайдын алдына
Салган бойдон барышып,
Салам айтты балаң деп,
Балаңдын пейли жаман деп.
Ак шумкарын качырып,
Башына түштү заман деп.
Ала-Көлдөн келбейм деп,
Авамдын жүзүн көрбөйм деп.
Сагынгандай зарланып,
Салам айтты иниң деп.
Көрө турган күнүң деп,
Сүйлөй турган тилиң деп.
Андан башка аркаңда
Арка кылар кимиң деп.

Сандыргалуу хан Бакай,
Сал кулагың сөзүмө.
Шатемирдин Чачыке
Анык айткан өзүмө.
Жолдон була алба деп,
Кууга кушуң салба деп,
Суудан балык алба деп.
Бир балаага калба деп.
Үч иш мага тапшырган.
Чачыке долу азгырган.
Кууга кушум алдырдым,
Айткан сөзүн тандырдым.
Уят болуп авама
Ургачыга чалдырдым.

Шатемирдин Чачыке
Буланын жайын билет дейт.
Бул ишти менден жашырып,
Бура салып жүрөт дейт.
Балыктын жайын билет дейт,
Башкача сүйлөп жүрөт дейт.
Куунун жайын билет дейт,
Кубалап шайтан жүрөт дейт.
Чачыкеге барсын дейт,
Анык жооп алсын дейт.
Ак шумкарды айтпаса,
Айдап жолго салсын дейт.
Авам Бакай, уккун деп,
Атка минип чыккын деп.

Ак сакалын жайкалтып,
Боз бууданын чайпалтып.
Бакай хан минип жоргого
Бастырып чыкты ордого.

Эки чоро элендеп,
Айтар сөзүн белендеп.
Жолго салып жарышып,
Сары ханга барышып,
Сандыргалуу Сары хан,
Авам салам айтты деп,
Ала-Көлдүн боюнан
Ак шумкары качты деп,
Куугa кушун салды деп,
Кушун бир куу алды деп,
Кушун куугa алдырып,
Ала-Көлдө калды деп.
Үйдөн чыгып жөнөрдө,
Ушул ишти көрөрдө,
Чакырып алып өзүмдү,
Угуп тур деп сөзүмдү,

140.
Чачыке мага кеп айткан,
Жалганы жок деп айткан.
Жолдон була алба деп,
Куугa кушуң салба деп.
Суудан балык алба деп.
Бир балага калба деп.
Ушул айткан үч ишти
Бир да бирин танба деп.

Куугa кушун салдырбай,
Суудан балык алдырбай,
Ак була көрсө алдырбай,
Азапка мени калтырбай,
Келип калса чамаңа,
Этиет бол деп аваңа,
Эркелеткен агаңа.
Эрке Күлүш садага!

Долунун тилин алам деп,
Жыгылдым ава, жалаага.
Алал кылган кызматым
Айланды ава, карага.
Ак шумкарды алдырып,
Күлүшүң калды балага.

Авама була алдырбай,
Ак олпокко салдырбай,
Суудан балык алдырбай,
Куугa кушун салдырбай,
Жеңеме айткан шертимдин
Бир да бирин жандырбай,
Авамдын жолун торгодум,
Чачыке үчүн коргодум.
Кушту куугa алдырып,
Өз жолумду тордодум.

141.
Кечке жуук кечинде,
Кечки салкын бешимде.
Кечке чейин куш салып,
Кайта турган кезинде.
Турган экен жалгыз куу
Коколуу көлдүн жээгинде.
Кууну көрүп кубанып,
Авам калды жубанып.
Кууну шумкар байпайтып,
Аларына ынанып,
Авам айтты салгын деп,
Ушул кууну алгын деп.

Мен айттым ава, салбайм деп.
Ушул кууну албайм деп.
Уя баскан куу экен
Убалына калбайм деп.

Ачуусу келип авамдын
Кушун алды колумдан.
Ак шумкардын качканы
Ал дагы менин шорумдан.
Кууга салып шумкарын
Карап калды артынан.
Ак шумкарды куу алып,
Айланып учкан дартынан
Авам мени жемелеп,
Арбак урган неме деп,
Кубангансып күлдүң деп,
Кушумдун жайын билдиң деп.
Кушум(ду) кууга салдырбай,
Билгенден коргоп жүрдүң деп.
Ачуусу келип арбайып,
Ант ичкендей саргайып,

142.
Авакем мага тарынды,
Укпады айткан зарымды.
Кыялыңды буздуң деп,
Кыйнады кызыл жанымды.
Кушумду таап бергин деп,
Кызылдай сорду канымды.

Абдан эсим чыккандан,
Айтып бердим өзүнө
Чачыке жеңе айткан деп,
Көрсөтүп бердим көзүнө.
Араңдан зорго эс алып,
Анан кирдим эсиме.

Шатемирдин чоруна
Айткан сөзүн тандырдым.
Уят болуп авама
Ургачыга чалдырдым.
Кордук болуп катындан,
Колумдан намыс алдырдым.

Балдызыңыз Чачыке
Куунун жашын билет деп,
Кууга кушуң салба деп,
Билгенден айтып жүрөт деп,
Сары ава, туруп аттан деп,
Тез аттанып, бат бар деп.
Чачыке кушту айтпаса
Барган заман аттан деп.

Хан Сары хан авасы,
Кадырын билген агасы,
Келишимдүү көп жашап,
Кетип калган чамасы.

Токсонго чыккан кары эле,
Толук жашта бар эле.
Атка минер дарман жок,
Алжыраган чал эле.
Жаш кезинде Сары хан
Бир кишиче бар эле.
Алдына коюп оюкту,
Артына коюп жөлөктү,
Айттырып кушту бергин деп,
Сары ханды жөнөттү.

Шатемир менен Кара хан
Бир атадан тараган.
Чачыке менен Канымжан
Эже, сиңди – бир тууган.
Кара хан кызы Канымжан
Сары хандын айымы.
Чачыкеден кеп угуп,
Чүрөк келди деп угуп,
Канымжанга Чүрөктүн
Маалим болгон дайыны.
Айтпай кордук көрөт деп,
Абийри кетип өлөт деп,
Абийрин аштай кетирип,
Анан айтып берет деп.
Желбеген жорго ат минип,
Желең торко тон кийип,
Сары хан менен Канымжан
Жөнөп калды Кайнарга.

Алтын такта курулган
Капиеттү жайларга.
Канчоро менен Күлчоро
Айтып сөзүн билгирип.
Каршы сөздөн көп айтып,
Канымжанга тийгирип.

143.
Эсирген күңдү соём деп,
Эсине салып коём деп,
Кыйратамын чорду деп,
Кызыл манат кийгизип.
Эки чоро жарышып,
Чачыкеге барышып,
Ак шумкарды тапкын деп,
Жана сөзгө алышып.
Ак була кайдан түштү деп,
Билесиң ушул ишти деп.

Балык кайдан келди деп,
Баарысын көзүң көрдү деп.
Кууну кайдан көрдүң деп,
Көзөп айтып бергин деп.
Ак шумкарды айтпасаң
Чачыке долу, өлдүң деп.

Ак ордону ачтырам,
Талак катың жаздырам.
Аягына Бакайдын
Алтын мөөрүн бастырам.
Кер байталды мингизем,
Кементайды кийгизем.
Шатемирдин үйүнө
Бүгүндөн калбай киргизем.
Чачыңды кыркам түбүнөн,
Жаман кылам долу деп,
Шатемирдин базардан
Сатып алган күңүнөн.

Авам бойдок кылган соң,
Абыдан күнөм тынган соң.
Бетиңди каршы тилем деп,
Не кылсам өзүм билем деп.

Айтып туруп Чачыке
Танганына күйөм деп.

Ак шумкарды айткын деп,
Бул бейлиңден кайткын деп.
Ушул сөздү урганда
Чоролор сүйлөп турганда.

Чачыке турду шаңкылдап,
Жаман айтып даңкылдап.
Арбак урган кулдар деп,
Ачуусу келип калтылдап.

Жабыраган чунак деп.
Садага какчу улак деп.
Кара каска доо кылып,
Калп айтканың уят деп.

Тузум урган жетим деп,
Калп айтканың кесир деп.
Чебер чендүү суратып,
Чениң менен эсир деп.
Колуңдан келсе эки кул,
Чачыкени кетир деп.

Кушуңду кайдан мен билем,
Куш салып бирге сен жүрдүң.
Кууга салып кушуңду
Алдырып келген өзүң деп.
Кууланып менин сыртымдан
Жасап келген сөзүң деп.
Эки кул биттен ажырап,
Эсирип турган кезиң деп.
Жазыгым жок кулдарга
Тартынамын несин деп?

144.
Чачыке турду чамынып,
Киш ичигин жамынып.
Долунун айткан сөзүн деп,
Эки чоро сабылып,
Ачуусу келген чоронун
Алдынан чыкты кабылып.
Эки чунак оңбо деп,
Эгирде эки болбо деп.
Айтты сөзүн чаңырып,
Азапты калган сагынып.

Мындай сөздү чоролор
Уккан эмес туугандан.
Чачыкеден уккан соң
Ыргып түштү буудандан.

Тили суук долу деп,
Шатемирдин чору деп,
Эрегиш кылган эр менен
Эси жок күңдүн шору деп,
Аткарам деп долуну
Азыр даяр жолу деп,

Эки чоро кутурган
Эки колдон алышып,
Аябай камчы салышып,
Карсылдатып калышып,
Камчы менен аябай
Карсылдатып урушуп,
Жүн сабаган талпактай
Карсылдатып урушуп.

Пашайы көйнөк сөгүлүп,
Балыктай эти бөлүнүп,
Камчы тийген жеринен

Кашкайып сөөгү көрүнүп.
Каршы-терши тилинип,
Мончоктоп каны төгүлүп.
Каршылык сенде деген күң,
Камчыны мынтип жеген күң.

Эки чунак оңбо деп,
Эгрде эки болбо деп,
Жатып калды суналып,
Мандили баштан чубалып.
Алаңгыча болбоду,
Бакай хан келди бакылдап,
Басылбастан шакылдап.
Бастырып келди жакындап,
Айтсын сырын келин деп,
Жашырбасын кебин деп.
Айтып берсе шумкарын
Өзүм табам эбин деп.

Анын арка жагынан,
Ниетинин агынан,
Сары хан келди бакылдап,
Сайрап сөзүн шакылдап.
Айтсын сырын балдыз деп,
Балдыз сырын айтпаса
Бизден алат каргыш деп.

Келсе келин ыйлаган,
Эки чоро «сыйлаган».
Ак шумкарды тапкын деп,
Аябай уруп кыйнаган.
Бакай хан туруп башында,
Каныкей туруп кашында,
Көктүк кылба, келин деп,
Көшөрүп мындай жашында.

145.
Эр Бакай сөздү эми айтты.
Эсирбе келин, деп айтты.
Чачыке балам, тургун деп,
Жакшылап жооп кылгын деп,
Ак шумкардын дайынын
Айтып берип тынгын деп.

Жеңени кайни урчу деп,
Жер кучактап турчу деп,
Каяша кылган ургачы
Камчы менен тынчу деп.

Жаралган жара катчу деп,
Жанга жабыр батчу деп,
Жакшы ургачы тартынбай,
Анык сырын айтчу деп.

Айткан сөзүн тандырса,
Ак шумкарын алдырса,
Уят болуп балдарым
Ургачыга чалдырса,

Ак шумкарын алдырып,
Ардыгып жатса авасы,
Тамак ичпей коркутуп,
Калаада жатса агасы,
Өлүмдөн качпайт чунактар
Өзүнүн келсе чамасы.

Бурулбайт чоро баш тартып,
Буйрук кылса агасы.
Буйругун эки кылчу эмес,
Бура тартып турчу эмес.
Эч күнөөсүз адамды
Эки чоро урчу эмес.

Чачыке балам, жалтылдап,
Тартынбастан шартылдап,
Айтып бергин сырыңды.
Аянбастан чыныңды.

Ак шумкар кушун айтпасаң,
Ойлонбойт жетим чыгымды.
Баркыңдан, келин, тайдырып,
Таап коёт ыгыңды.
Чачыке турсун чоролор
Хандарды уруп какшатты.
Кара тумшук чунактар
Канча жанды аксатты.
Качан чоро жазганды,
Өлөрүңө аз калды.

Амир кылган чорого
Авасы баатыр киши деп.
Агасы буйрук кылган соң,
Бул ининин кылар иши деп,

Кайрат кылып октолду.
Хан Бакай сүйлөп токтолду.
Бакайдын үнүн уккан соң,
Чачыке сүйлөп козголду.

Айланайын авам деп,
Айтууга келбейт чамам деп.
Эч күнөөсүз камчылап,
Эки кул урду жаман деп.
Талаада качкан шумкарын
Чачыке кайдан табам деп.

Аваке, сөзүм тыңдачы,
Айткан сөзүм сындачы!
Камчыны жесе мен жедим,
Калыстык кылып ылгачы!

Кушун кайдан билем деп,
Үйдө олтурган ургачы.

146.
Үйдө олтурган катындын
Иши менен иши бар.
Талаада жүргөн эркектин
Кушу менен неси бар?

Кушун өзү салдырып,
Кууга кушун алдырып,
Талаада жүрүп кеп жасап,
Чачыке билет деп жасап.
Мойнума күнөө койду деп,
Эки кулга сойдуруп.
Кулдарына кеп айтып,
Кушумду тапсын деп айтып.
Бул немене зордугу?
Кулдардын өттү кордугу.
Кара жан кордук көргөн соң
Канетип басып жүрөм деп,
Талаада кушун качырса,
Үйдөн кантип билем деп.
Алдырган кушу тууралуу
Өзүмдө жок күнөөм деп.
Жашырып ушак кеп айткан
Жалган сөзгө күйөм деп,

Жалган жерден кеп жасап,
Жалааны жаптың деген күң,
Каршы сөз айтып чорого
Камчыны мыктап жеген күң

Хан Бакайга кеп айтып,
Ыйлап турган кезинде.
Камчы менен жазалап,
«Сыйлап» турган кезинде,

Канчоро менен Күлчоро
Кыйнап турган кезинде,

Чачыке камчы жегенге,
Чоролор урду дегенге,
Кара хан кызы Канымжан
Сары хандын канышы.
Бир тууганды̆к жөнүнөн
Келген экен намысы.

Канымжан туруп кеп айтты
Анык сөздү эми айтты.
Билип туруп айтпаган
Өзүңдө айып деп айтты.

Чачыке менин сиңдим деп,
Шумкардын жайын билдим деп,
Ушундай кордук көрмөккө
Жашырып айтпай жүрдүң деп.

Бул ишти мурун сен билдиң,
Сенден угуп мен билдим.
Укканыңды учурбай,
Көргөнүңдү көчүрбөй,
Айтып берип кутулгун.

Бир да бирин жашырбай
Сен айтпасаң мен айтам.
Анык сөздү эми айтам.
Атаңдан калган кушуңду
Айчүрөк алды деп айтам.

Бактаң болсо созорсуң,
Бактың болсо озорсуң.
Мааниси жок жан болсоң
Барган сайын бошоорсуң.

Жатык сөздү билбесең,
Жаманга башың кошоорсуң.
Жаш балдар менен сүзүшүп,
Чачыке сиңдим, осолсуң.

147.
Үч ай токсон күн учкан
Чүрөктүн жайын сен билдиң.
Түгөнбөгөн куш үчүн
Дүбөктүн жайын сен билдиң.
Кербен жолдо кез болгон
Буланын жайын сен билдиң.
Сенден угуп бул сөздү
Баштан аяк мен блдим.

Кара-Сууну как жарган
Балыктын жайын сен билдиң.
Кашыңа келип сүйлөшкөн
Аныктын жайын сен билдиң.
Кушту алып жоголгон
Куунун жайын сен билдиң.
Болуп турган куш үчүн
Чуунун жайын сен билдиң.
Сенден угуп бул сөздү
Чачыке сиңдим, мен билдим.

Мунчалык кордук көрбөстөн
Мурун айтып бербейсиң.
Азап чегип, камчы жеп,
Ажал жетип өлбөпсүң.
Деп Канымжан сүйлөп токтолду.
Канымжандан кеп угуп,
Каталык сенде деп угуп,
Анык сөздү эми угуп,
Айып сенде деп угуп,
Чачыке сырын эми айтты.

Талыкпастан көп айтты.
Акун хандын долусу
Алгандыр куусун деп айтты.

Мен уктум эле укмуштан,
Акун хандын долусу
Жолоочу жолун тосту деп,
Жолго казан асты деп.
Кербендин жолун тосту деп,
Кериге казан асты деп.
Жанынан жайлуу эр таппай
Жаратканга жазды деп.
Жашка толгон кары күң
Жалгыз учуп качты деп.
Жандын баарын кыдырып.
Далай жерди басты деп.
Үргөнчтөн жакшы жар таппай
Түркмөндөн жайлуу бай таппай,
Калктын баарын сыдырып,
Хандын баарын кыдырып,
Элдин баарын сыдырып,
Эр издеп долу кыдырып,
Сийерине жер таппай,
Тийерине эр таппай,
Куулуп учуп куу болгон.
Жүргөн жери чуу болгон.
Учканы жума түн болгон.
Учуп жүрүп долу күң
Уруулуу журтка дүң болгон.
Ушул арапчы доолу азгырып,
Айчүрөк долу жазгырып,
Кушун алып кеткендир.
Үргөнчүнө жеткендир.
Арапчы долу алгандыр,
Акун ханга баргандыр.

148.
Жана кабар кеп уктум,
Жалганы жок деп уктум.
Жай билбеген долудан
Жабырлуу сөздү көп уктум.
Толтой менен Чынкожо
Айчүрөктү алам деп,
Айчүрөктү бербесе,
Айлына бүлүк салам деп,
Акундун шаары Үргөнчтү
Камап жатат деп уктум.
Четке чыккан адамды
Сабап жатат деп уктум.
Эли-журту Чүрөктөн
Жадап жатат деп уктум.

Уккан сөзүм ушул деп,
Айчүрөк алды кушун деп,
Эркелеп айтып бербейм деп,
Эки иттин жедим мушун деп,
Чачыке сүйлөп токтолду.
Айтып өттү окшомдуу.

Бул сөздү Бакай уккан соң
Заманасы козголду.
Бакай хан турду бакылдап,
Баштады сөздү шакылдап.
Чунактар, сөзүм уккун деп,
Басып келип жакындап.
Канымжан айтты калыс кеп,
Карынын сөзүн алыш деп.
Уккан сөздү айтпасаң
Уят болот таныш деп.

Чачыке айтты анык кеп
Сөзүндө жок танык деп.

Айчүрөк кушту алганы
Жалган эмес, анык деп.

Айчүрөк кайдан турсун деп,
Акунду арбак урсун деп.
Кайыптын кызы молтолуу
Кайдан сабыр кылсын деп.

Пейлинен Чүрөк жанды деп,
Периге кетип калды деп.
Көйкаптагы periге
Алда качан барды деп.
Айтпай жүрүп балдарга
Абыдан уят болдук деп.
Карыганда уят болгонум
Хан Бакай мага кордук деп.

Семетей менен Чүрөктү
Туула элек кезинде
Бел куда болгон эр Манас.
Бул сөз менин эсимде.
Алты жүз ала жорго айдап,
Алыскы жолго бел байлап,
Акун хандын алдына
Алмамбет барган кудалап.

Мунун арка жагынан.
Ниетинин агынан
Сүйүнчү кабар кеп угуп,
Чүрөктү тууду деп угуп,
Токсон буудан чаптырып,
Баарын семиз бактырып,
Мойнуна тумар тактырып,
Мооттон жабуу жаптырып,

149.
Бакайың бардым мал айдап,
Майын бузбай жай айдап.
Ошол жылы балдарым,
Манас өлгөн шор кайнап.
Абакең Бакай барганмын,
Сүйлөшүп сөзгө канганмын.
Кулагына Чүрөктүн
Сөйкөнү өзүм салганмын.

Айткан сөзүм жатка ал деп,
Эки чунак, аттан деп.
Семетейдин алдына
Тез аттанып, бат бар деп.

Тез аттанып баргын деп,
Чүрөктөн кабар салгын деп.
Сүйүнчүгө төрөңдөн
Өз бергенин алгын деп.
Бакай сүйлөп токтолду.
Бар кайраты козголду.
Анык жерин Күлүшкө
Айтып берди окшомдуу.

Эки камчы шарт уруш.
Чоролордо не туруш.
Чачыкеден кеп угуп,
Жараган сөздү эми угуп.
Авасынын шумкарын
Айчүрөк алды деп угуп,
Бакай хандан кеп угуп,
Баарысы ырас деп угуп,
Башында куда болгонбуз
Анысы ырас деп угуп.
Жөнөп калды чоролор
Ала-Көлгө аттанып.

Авасы Бакай айтканын
Эки чоро жатка алып,
Канчоро менен Күлчоро
Бара турсун жолуна.
Баштан аяк эшитип,
Байкагын сөздүн соңуна.

Семетейдин кеби бар.
Секин айтар эби бар.
Таң атканча уктабай,
Жантайып жерге ныктабай,
Ала-Көлдө жатканда,
Таң сөгүлүп атканда,
Таң намазын окуйм деп,
Даарат алып жуунуп,
Келтирип белин эр Семең
Кемер менен буунуп,
Окуп намаз болгон соң,
Бата кылып койгон соң.
Буурул атты сугарып,
Ооздугун чыгарып,
Отко коюп олтуруп,
Тас кардын чөпкө толтуруп,
Чоролор качан келет деп,
Кандай кабар берет деп,
Серепчилеп көз салып,
Секин сүйлөп сөз салып,
Ала-Көлдүн четинде
Карап турган кезинде,
Эрбеңдеген алыстан
Эки караан көрүндү.
Эр Семетей султандын
Көргөндө көөнү бөлүндү.

150.
Чодурайган чунактар
Чоролор келе жатат деп,
Коболоңдуу долудан
Кандай кабар айтат деп.
Жүрөгүм туйлап козголду
Сүйүнчүү жерим тартат деп,

Атка минип эрбейип,
Келе жаткан сербейип,
Эки чоро иним деп,
Көрө турган күнүм деп.
Эрегишкен душманга
Эркин сүйлөр тилим деп.

Дүрбү салып көзүнө
Карап турган кезинде.
Кандай кабар келет деп,
Санап турган кезинде,
Ак шумкарды табышып,
Анык кабар алышып.
Жетип келди султанга
Эки чоро жарышып.

Сүйүнчү төрөм, уккун деп,
Сүйүнүп үйдөн чыктым деп.
Долуга сөзүн тандырып,
Дуулап жатып чыктым деп.
Ак шумкар кушуң табылды
Абийриң ава, жабылды.
Ала турган колуктуң
Айчүрөк келип кабылды.

Үргөнчтүн ханы Акун хан
Кайының экен ава, деп,
Акундун кызы Айчүрөк
Айымың экен ава, деп.

Периден бүткөн бала экен,
Периштелүү жан экен.

Перини берген бактыңа
Сенин ишиң ак экен.

Кайыптан бүткөн бала экен,
Касиеттүү жан экен.
Кайыпты берген бактыңа
Кадимден ишиң ак экен.

Акундун кызы Айчүрөк
Ала турган чагы экен.
Авам султан кайындап,
Бара турган чагы экен.

Акундун кызы Айчүрөк
Ала турган колуктуң.
Перинин кызы Чүрөккө
Берсе Кудай болот оң.
Чачыкеге жолугуп,
Келген экен Кайнарга.
Кылган экен зыярат
Касиеттүү жайларга.

Чачыке жеңем урушуп,
Айткан экен долуга.
Атпай журтту кыдырган
Акун хандын чору деп,
Уяты жок шерменде
Ургачынын кору деп,
Учуп жүрүп кор болгон
Маңдайыңдын шору деп.

Айчүрөктү көргөндө
Айтпаган сөзү калбаптыр.
Аккууга кушуң салба деп,
Аны жөн мага зарлаптыр.

151.
Батаны Чүрөк билбесе,
Манасты көзгө илбесе,
Арбакты Чүрөк билбесе,
Абамды көзгө илбесе,
Өзү аяр молтолуу,
Жүрөк майлуу толтолуу.
Учуп жүргөн Айчүрөк
Убададан коркобу?
Атпай журтту кыдырып,
Ушунчалык жортобу?
Чүрөк менен урушкан
Чачыкенин чоркогу.

Атам Манас башында
Куда болгон Айчүрөк.
Кербен жолдо чубалып,
Була болгон Айчүрөк.
Кара-Сууну как жарып,
Балык болгон Айчүрөк.
Жакуттай сууда жалтылдап,
Жарык болгон Айчүрөк.
Кудалыгы ашкере
Анык болгон Айчүрөк.
Ала-Көлдөн куу болуп,
Кушуңду алган Айчүрөк.
Чачыкеге тарынып,
Тынчыңды алган Айчүрөк.
Таң атканча уктатпай
Уйкуңду алган Айчүрөк.

Мындан бардык Кайнарга
Даражалуу жайларга.
Калктын баарын жыйдырып,
Айтып сөзүм сыйдырып,
Сары хан, Бакай авамды
Сандыргалуу агамды.

Эрке катын Каныкей,
Чоң байбиче энемди,
Каракан кызы Канымжан
Кадырың билген жеңемди,
Баарысын алдым кашыма.
Бакайды алдым башына.

Ак шумкар колдон учту деп,
Алдырып койдук кушту деп,
Ак шумкарды куу алып,
Асман менен сызды деп,
Чачыкеге кеп айттык.
Жалган эмес деп айттык.
Таап бер деп шумкарды
Тартынбастан бек айттык.

Сары хан, Бакай карыя
Авамдын сөзүн уккан жок.
Чоң байбиче, Каныкей
Энемдин сөзүн уккан жок.
Жайлап айткан жакшы сөз
Чачыкеден чыккан жок.

Ургачыга чалдырдык,
Айткан сөзүн тандырдык.
Корлук болуп катындан
Колдон намыс алдырдык.
Чачыке долуң сабылып,
Нар буудандай чамынып,
Анча-мунча азапты
Калган экен сагынып,

152.
Тузум урган чунак деп,
Садага какчу улак деп,
Бузук кулдар айрөк деп,
Бул айтканың уят деп.

Арбак урган жетим деп,
Айтып турган бетин деп.
Бул айтканың кесир деп,
Чениң менен эсир деп.
Колуңдан келсе эки кул,
Чачыкени кетир деп.

Чачыке долу тилдеди.
Жайыңды ава, билбеди.
Айткан сөзгө кирбеди,
Туура сөзгө жүрбөдү.
Канчык иттей каңшылап,
Анча-мунча урбадым.
Кара жаным кашайып,
Чебер-чендүү күйбөдүм.

Шатемирдин долунун
Ардандык ава, сөзүнө.
Аябай жаза көрсөтүп,
Көрүнүп келдик көзүнө.
Карсылдатып токмоктоп,
Камчы салдык өзүнө.

Тамтайып танып тургандан
Тартынбадык ургандан.
Өкүрүп жатып ыйлады.
Өлгөнү жок курган жан.

Кайратты кабат жыйнадык
Камчы менен сыйладык.
Авамдын кушун тапкын деп,
Аябай уруп кыйнадык.

Мында да сырын айткан жок.
Бир сөзүнөн кайткан жок.
Шатемирдин Чачыке
Канымжандан кеп угуп,

Кара тумшук шордуу күң,
Каталык сенде деп угуп.
Сен айтпасаң мен айтам
Анык сөздү эми угуп.
Атаңдан калган кушуңду
Айчүрөк алды деп угуп.

Көргөнүңдү көчүрбөй,
Укканыңды учурбай,
Ак шумкар алган Чүрөктү
Айтып бер деп жашырбай.
Каракан кызы Канымжан
Кашында сайрап тургандан,
Канчоро менен Күлчоро
Карсылдатып ургандан,
Кара жанын какшатып,
Канчалык жабыр кылгандан,
Арманын айтып муңканды.
Айтып берди шумкарды.

Онтоп жатып кеп айтты,
Ойлонуп сырын көп айтты.
Атаңдан калган кушуңду
Айчүрөк алды деп айтты.
Жаман сөздөн көп айтты.
Ушул жалап күң алды деп айтты.
Каршы сөздөн көп айтты.
Ушул кары күң алды деп айтты.
Жана кабар көп айтты.
Жалганы жок деп айтты.

153.
Толтой менен Чынкожо
Айчүрктү алам деп,
Кары күңдү бербесе,
Калкына бүлүк салам деп,
Акундун шаары Үргөнчтү
Камап жатат деп айтты.
Четке чыккан мал болсо
Талап жатат деп уктум.
Дыйканга эгин айдатпай
Чарбага жайлоо жайлатпай,
Саратанда көчмөндү
Салкынга бээ байлатпай,
Дыйкандар эгин сугарбай,
Тышка бада чыгарбай,
Камап жатат деп уктум.
Таалайы жок күң үчүн
Талап жатат деп уктум.
Үргөнчтүн калкы Чүрөктөн
Жадап жатат деп уктум.

Ушул сөздү укканда,
Долудан бул сөз чыкканда,
Карыган Бакай авакем,
Каныш айым энекем
Ок жыландай октолуп,
Ордунан турду козголуп.
Ушул сөзү ырас деп,
Турган жок Бакай токтолуп.

## МАЗМУНУ


Тоголок Молдонун акындык, манасчылык – жалпы эле чыгармачылык жүзү «Семетейде» көрүнөт . . . 3
Варианттын айрым өзгөчөлүктөрү . . . 12
**СЕМЕТЕЙ**
ИНВ. №9 (Араб арибинде) . . . 31
Жомок башы . . . 33
Манастын көз жумар алдындагы сөзү (Керээзи) . . . 34
Манасты акыреттик сапарга узатуу . . . 36
Каныкейдин арманы (кошогу) . . . 38
Каныкей Манаска күмбөз салдырганы . . . 40
Каныкей Манаска аш бергени . . . 43
Ашка чакыруу . . . 47
Бакайдын жардыгы . . . 50
Кабарчылардын кат алып жөнөшкөнү . . . 53
Ашка Үрбү, Кошой, Көкчөнүн Көчүп келиши . . . 60
Коноктордун келиши . . . 62
Аш башкарганга Үрбүнүн Шайланышы. Конок алуу салтанаты . . . 66
Ашка мал сою. Каныкейдин кошогу . . . 73
Аштын шаан-шөкөттөрү . . . 85
Балбан күрөш . . . 89
Эр эңиш . . . 91
Эр сайыш . . . 92
Төө чечмей . . . 96
Таз сүзүш . . . 97
Жылаңач чабышуу . . . 98
Жамбы атыш . . . 98
Акын, шайыр, ырчылардын өнөрү . . . 100
Тамак тартуу . . . 101
Ат чабыш . . . 104
Ырчыуул менен Бозуулдун Каныкейге арачыга барганы . . . 113

Каныкейдин Көбөш хандан чабылганы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 123
Кырымга бараткан жолдо . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 133
Семетейдин бала чагы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 141
Каныкей Семетейге элин, жерин, тегин, чегин жана Манаска тиешелүү мүлктөрүн айтканы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 148
ИНВ. №10 (Араб арибинде) . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 152
Семетейдин Таласка келиши . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 182
Семетейдин Таласка көчүп келиши . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 234
Калмакка качкан чоролорду Семетейдин кырганы . . . . . . . . . . . . . 256
ИНВ. №11 (Араб арибинде) . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 270
Чынкожонун Семетейден ат сураткaны. Эртиш менен Токонун Күлчоро менен Канчородон таяк жеп кайтканы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 278
Чынкожо нойгут элин Опол тоого көчүрүп барып, жедигердин Эр Толтой менен дос болгону . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 302
Семетейден өч алуу максатында Чынкожо менен Толтой кеңешип, Ахун хан кызы Айчүрөктү тартып алмак болушканы . . . . . . . . . . . . 315
Чынкожо менен Толтойдун зордугу. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 323
Айчүрөктүн учушу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 345
Акшумкардын дайыны . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 399

*Көркөм-адабий басылма*

**СЕМЕТЕЙ**

Баатырдык эпос
**Тоголок Молдонун варианты боюнча**

Түзгөн *О. Сооронов*
Корректору *О. Сооронов*
Компьютерде терген *С. Егембердиева*
Компьютердик калыпка салган *Б. Өмүров*

Басууга 05.06.2017-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 84х52 $^{1}/_{8}$. Офсет кагазы.
Көлөмү 52,5 б.т. Нускасы 500. Заказ № 1638.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек шаары, Горький к., 1